КЫРГЫЗ УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту

Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

Кыргыз филология факультети

**Жаманкулова Гүлжамал Төлөгөновна**

# КЫРГЫЗДАРДЫН ЖАНА КЫРГЫЗ ЖАЗУУСУНУН ТАРЫХЫ

(*Байыркы замандан б.з. X к. чейин*)

# I

***Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылына арналат***

«УЛУУ ТООЛОР»
БИШКЕК – 2014

УДК 94(47)
ББК 63.3(2Ки)
Ж 26

КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият
институтунун Окумуштуулар кеңеши тарабынан басмага
сунуш кылынган

*Адис редактор:* филол.илим.доктору, проф. **К.Токтоналиев**
*Редактор:* **Айгүл Узакова**
*Пикир айткандар:*
филол.илим. доктору, проф. **А.Абдувалиев,**
филол.илим.доктору **Т.Токоев,**
филол.илим. канд., доцент **Б.Жайлообаев**
Илимий кызматкер **К. Акынбаев**

**Жаманкулова Г.Т.**

Ж 26 **Кыргыздардын жана кыргыз жазуусунун тарыхы** *(байыркы замандан б.з. X чейин)*. I китеп. – Б.: «Улуу тоолор», 2014. – 452 б.

ISBN 978-9967-12-381-6

Бул эмгекте кыргыздардын жана кыргыз жазуусунун байыркы замандан баштап б.з. X кылымына чейинки тарыхы камтылган. Кыргыздардын тарыхы алтай доору, хунн доору жана түрк доору менен байланышта каралып, түрк тилдүү элдердин ичинде алган орду, алар менен карым-катышы, кыргыз мамлекеттүүлүгү, өз алдынчалыгы, көчмөн турмушу, каада-салты ж.б. кеңири баяндалат. Түрк тилдүү элдердин ичинен кыргыздардын эң байыркы эл экендигине басым жасалып, динлиндер, усундар менен байланышы, Енисей кыргыздары менен Тянь-Шань кыргыздарынын карым-катышы талданат. Байыркы түрк рун жазуусу, бул жазуунун V кылымда енисейлик кыргыздарга тиешелүү болгондугу, Енисей жазуулары менен Таластан, Венгриядан табылган жазуулардын тектештиги тууралуу сөз болот. Байыркы кыргыздардын оозеки сүйлөшүү тилинин азыркы сары уйгурлардын жана фуюй кыргыздарынын элдик сүйлөшүү тилинде сакталгандыгы баяндалат.

Китеп окумуштууларга, окутуучуларга, аспиранттарга жана кыргыз тарыхына, кыргыз жазуусунун тарыхына, дегеле түрк элдеринин тарыхына кызыккандарга арналат.

**Ж 0503020911-14**

**УДК 94(47)**
**ББК 63.3(2Ки)**

ISBN 978-9967-12-381-6

© Жаманкулова Г.Т., 2014
© КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2014

## КИРИШ СӨЗ

Кыргыздар – байыркы эл. Бул азыркы учурда эч деле жаңылык болбой калды. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы боюнча эмгектер жарыяланып, кыргыз тарыхы мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутулуп келет. Ошондой болсо дагы кыргыздардын байыркы тарыхы жана байыркы жазууларынын тарыхы боюнча актай барактар, маалыматтарда так эместиктер, талаш маселелер али да болсо арбын.

Байыркы кыргыздардын тарыхын азыркы Кыргыз Республикасынын территориясы менен эле чектөөгө болбойт. Байыркы кыргыздардын Тянь-Шандагы тарыхы да жазма булактарда толук жана ырааттуу баяндалган эмес. Тарыхый жазма булактар, археологиялык материалдар, жазма эстеликтер көбүнчө Енисейдеги кыргыздар тууралуу маалыматтарды камтыйт.

Кыргыздардын тарыхый жазма булактарда адегенде байыркы гяньгунь, андан соң хягас аталып, кыргыз уруусунун түрк тилдүү болуп түзүлүүсүнө чейинки тарыхы, алардын башка уруулар менен карым-катышы ары татаал жана кызыктуу.

Кыргыздардын тарыхый жазма булактарда чагылдырылган мезгилинен баштап кыргыздардын жазма тарыхы башталат. Бирок ага чейинки кыргыздар, Енисейдин Миң-Суу ойдуңунда алардын уруу катары түптөлүшү, динлиндер менен байланышы, хунн доорундагы кыргыздар, кыргыз урууларынын түрк тилдүү болуп түзүлүүсү, алардын ээлеген территориясы, жашоо турмушу, башка коңшу уруулар менен байланышы ж.б. бүгүнкү күнгө чейин илимий иликтөөлөргө дале болсо муктаж.

Мына ушул маселелер жана I–V кк. кыргыздар, алардын адегенде сяньбилер, кийин жужандар менен карым-катышы тууралуу да бул эмгекте сөз болот.

Сунуш кылынып жаткан эмгекте кыргыздардын түрк доорундагы түркүттөр жана түрктөр менен алакасы, кыргыз элинин көз карандысыздык үчүн күрөшү, кыргыздардын түрк доорундагы коомдо ээлеген орду тууралуу да кеңири сөз болот.

Эмгекте енисей эстеликтери жана андагы жазуулар каралат. Бул жазуунун адегенде кыргыздарда пайда болуп, кийин башка урууларга тарагандыгы, орхон-енисей жазуусу енисей жазуусунун кийинки өркүндөтүлгөн формасы экендиги белгиленет. Ошондой эле Енисей, Талас жана Венгр жазууларынын тектеш экендиги, демек, булар бири-бири менен карым-катышта изилденүүсү зарыл экендиги айтылат.

Аталган эмгекте орхон-енисей жазма эстеликтеринде баяндалган кыргыздар, алардын түрктөр менен согушу жана өз жеринин бүтүндүгү, көз карандыксыздыкта жашоо үчүн күрөшү жөнүндө кеңири сөз козголот. Кыргыздар менен уйгурлардын согушу, кыргыздардын жеңиши жана Кыргыз улуу державасынын орношу – кыргыздардын пассионардык көтөрүлүүсүнүн жеткен чеги болгон. Мында кыргыздын баатыры Йаглакар хандын ролу өтө чоң болгондугу белгиленет. Кыргыздар Борбордук Азияда бардык түрк урууларынын үстүнөн үстөмдүк кылып турушкан. Бул мезгил В.В.Бартольд тарабынан «Кыргыз улуу державасы» («Кыргызское великодержавие») деп аталган.

840–945-жылдарда Кыргыз каганатынын тушунда байыркы кыргыз элинин калыптанышы менен бирге эле, алардын байыркы элдик тили түзүлгөн. Ал тектеш уруулук диалектилерден турган орхон-енисей графикасына негизделген жазма адабий тил болгон. Б.М.Юнусалиев бул мезгилди байыркы кыргыз тилинин доору деп атаган, ал эми жазма үлгүлөрү катары енисей эстеликтерин көрсөткөн.

Кыргыздардын Тянь-Шандагы тарыхы, тянь-шандык кыргыздар тууралуу окумуштуулардын гипотезалары, алардын енисей кыргыздары менен байланышы да татаал жана талаш-тартыштуу маселелерден. Бул тууралуу окумуштуулардын пи-

кирлери ар түрдүү. Ошондуктан бул чиеленишкен маселе да бул эмгекте каралат жана автор тарыхый маалыматтарды, илимий иликтөөлөрдү, гипотезаларды ж.б. материалдарды эске алуу менен бул маселе боюнча өз пикирин билдирет.

Кыргыздардын түрк тилдүү уруу болуп түзүлүүсү, бара-бара күчтүү мамлекет болуп, Борбордук Азиядагы гегемон өлкөгө айланышы оңой менен боло койгон эмес. Бул узак убакытты, кыргыздардан өжөрлүктү, экономикалык, саясий жактан такшалууну, дипломатиялык мамилелерди түзө билүүнү, керектүү жерде катуу сокку ура билүүнү да талап кылган. Натыйжада, кыргыздар адбан күчтүү, өз алдынчалыгын, көз карандысыздыгын коргой алган, эркиндикти сүйгөн баатыр эл катары тарыхта калды.

Кыргыздар узак мезгилдин ичинде темирден мыкты курал-жарак жасап жана аларды согушта чеберлик менен колдоно алган, ушул өнөрү менен башка өлкөлөргө атагы чыккан жоокер эл болгон. Андан тышкары кыргыздардын негизги кесипчилиги малчылык жана дыйканчылык болгондугу маалым. Мына ушулар жөнүндө жана кыргыз коому, кыргыздардын башкаруучулары, карапайым эл, кыргыздардын аңчылыгы, соода жүргүзүшү, жоокердик турмушу, каада-салттары, адаттары, жашаган турак-жайлары, тамак-ашы ж.б. тууралуу аталган эмгекте кеңири сөз козголот.

Кыргыздар өздөрүнүн эр жүрөктүүлүгү, баатырдыгы, эркиндикти сүйүүсү, өз эркиндигин коргой алуусу менен байыркы замандан бери ушул күнгө чейин этнос катары жоголбой, өз алдынча мамлекет болуп жашап келе жатат. Мындан ары да кыргыз деген атты, кыргыз тилин жоготпой, эгемендүүлүктү сактап, көз карандысыз Кыргыз мамлекетин муундан муунга өткөрүп берүү – азыркы муундун парзы.

## УЛУУ КӨЧТҮН ИЗДЕРИ

Тоолуу Алтай байыркы мезгилден бери эле Сибирь менен Борбордук Азияны байланыштырып келген жана байыркы түрк элдеринин көчмөн турмушунда маанилүү роль ойногон. Алтай аркылуу Евразиянын этногенезинде чоң роль ойногон ар түрдүү уруулардын жана элдердин кыймылынын эң маанилүү артерияларынын бири өткөн[1]. Улуу сүрөтчү Н.К.Рерих өзүнүн экспедициялык дептеринде Алтай – элдердин улуу көчү (великое переселение) маселесине келгенде эң маанилүү пункттардын бири болуп эсептелерин белгилеген. Ал: «Укмуштуу бейиттер» деп аталган чоң таштар сыйыштырып коюлган бейиттер, аскадагы жазуулар – булардын бардыгы мурунку эң бир маанилүү доорго – тээ алыскы түштүк чыгыштан, бир жерде мөңгүлүү тоолордон, бир жерде ээн талаалардан сүрүлүп келген эл селдей каптап, Европаны толтурууга жана таптакыр өзгөртүүгө жыйналган доорго алпарат»,[2] – деген. Н.К.Рерихтин пикири боюнча: «Тарыхка чейинки (байыркы) жана тарыхый жактан алганда Алтай ачылбаган кенч болуп саналат» (39 б.). Ал Алтайда өзүнүн тарыхый издерин калтырган уруулардын арыштары жөнүндө баалуу маалыматтарды айткан.

Ошентип, Алтайдагы тарыхый издер эң байыркы уруулар жөнүндө маанилүү маалыматтарды камтыйт. Бул тууралуу Л.В.Шапошникова: «Уруулардын издеринин эң байыркылары **палеолитте** (*белгилеген – Г.Ж.*), эң кийинкиси XVII–XVIII кылымдарда үн катты», – дейт[3]. Алар – петроглифтер, менгир-

---

[1] *Л.В. Шапошникова.* От Алтая до Гималая. Международный Центр Рерихов. – М.: Мастер банк, 1998, 34-б.

[2] Аталган эмгекте, 39-б.

[3] *Л.В.Шапошникова.* Аталган эмгекте, 39-б.

лер, балбалдар (бабы[1]) (кишинин таштан жасалган тулкусу), дөбөлөр («курганы»[2]). Эстеликтер ташта, жерде жана тилде сакталып калган.

Бул эстеликтер, албетте, жалгыз гана Алтайга тиешелүү эмес. Кочурлин өрөөнүндөгү каралжын аскага тик мүйүздүү текелердин сүрөтү чегилген (49). Бири-бирине окшош мындай эстеликтер Алтайдан башка жерлерде да бар. Маселен, жогоркудай петроглифтерди Н.К.Рерих Индиядан, Синьцзяндан (Кытай), андан кийин Монголиядан көргөн. Бири-бирин стили жагынан, аткаруу техникасы жагынан кайталаган петроглифтер тектеш элдердин кандайдыр бир жалпы жолу, багыты тууралуу кабар берет.

Мындай эстеликтер Чүй өрөөнүндө да кездешет. Мисалы, ушундай эле эки метрлик менгир же моло таш (стела[3]) Чүй чоң даңгыр жолунун 381-*км*де кездешет. Анын тулкусунун жогору жагын – ташка чегилген баш түзөт[4]. Ал салаңдап турган асканын алдында жүзүн күн чыгышты көздөй буруп турат. Моло таштын арткы бетинде – сүрөттөр: грифон[5] жана аттын денеси, бугунун мүйүзү бар кандайдыр бир таң каларлык жаныбар. Ушул эле жерде таштын бетине кылыч оюлуп жасалган. Мындай оюлуп түшүрүлгөн сүрөттү скиф доорундагы көчмөндөр жасашкан. Моло таштын артында салаңдап турган аскада дагы сүрөттөр, бирок алар башкача: балаты сымал мүйүздүү бугулар, эликтер, койлор, арабалар (колесницы)[6], адамдар. Бул тууралуу Л.В.Шапошникова: «Мүмкүн, булар-

---

[1] **Баба** I 5. ... **каменная баба**, балбал таш, таш киши. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И. – Б., 2012, 74-б.

[2] **КУРГАН** *м.* 1. дөбө, коргон (байыркы мүрзөнүн дөбө болуп үйүлүп калган топурагы). Русско-кыргызский словарь. К–О. – Бишкек, 2012, 163-б.

[3] **Стела** *ж* моло таш, эстелик таш. Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я. – Бишкек, 2012, 253-б.

[4] Аталган эмгекте, 47-б.

[5] **ГРИФ** I *м.* 1. миф. гриф. (байыркы мифологияда башы бүркүттүн башындай, денеси арстандын денесиндей болгон чоң нерсе). Караңыз: К.К.Юдахин. Орусча-кыргызча сөздүк. – Ф.,1957, 143-б.

[6] **КОЛЕСНИЦЫ** *ж. уст.* араба (байыркы убакытта согуштук максат үчүн колдонулган эки дөңгөлөктүү араба). Караңыз: *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк. – Ф., 1957, 288-б.

ды чоң даңгыр жолдун боюнда дөбөлөрдү, менгирлерди койгон баягы эле мурунку көчмөндөр калтыргандыр. Уруулардын арышы... Булар канча эле? Скифтер, гунндар, түрктөр. Алар Чүй даңгыр жолу менен биринин артынан бири көптөгөн кылымдар бою өтүп турган», – дейт (51-б.). Демек, элдердин улуу көчү кыймылына Кыргызстандын территориясы да күбө болгон.

Улуу көчтүн издери азыркы Казакстандын талааларында, Алтайда, Монголияда калган. Көчмөндөрдүн кыймылы тууралуу Н.К.Рерих: «Түштүк-орус талааларынан жана түндүк Кавказдан талаа областтары аркылуу Семипалатинск, Алтай, Монголияга түз сызык жүргүзгүлө, андан соң элдердин кыймылынын негизги артериясынан адашпас үчүн түз сызыкты андан ары түштүккө бургула»,– деген (51-б.). Бул көчмөндөрдүн издери Түштүк талааларда да кездешет. Н.К.Рерих улуу көчтүн издерин таамай аныктаган.

Бийик тоолорго ыктай жайгашкан бөксө тоолордогу Альпы шалбааларында Елангаш суусунун аймагында Борбордук Азия менен Түштүк Сибирдин маданияты кезиккен. Елангаш петроглифтери Новосибирск археологдору тарабынан ачылган. Анда мүйүзүнө күндү көтөргөн бугу окумуштуулардын көңүлүн өзгөчө бурган. Л.В.Шапошникова академик Окладниковдун мындай деп айтканын мисалга келтирет: «Космоско зымырылып учуп бараткан куш баштуу мифтик бугулар бул скульптуралык сүрөттөрдө (изваяние) куюлган коло дисктери сыяктуу күзгүлөр түшүрүлгөн сүрөттөр менен шөкөттөлгөн. Ар бир жаркыраган күзгү – күндү билдирет»(51). Н.К.Рерихтин маалыматы боюнча Монголия, Алтай жана Тибет жерлери менен өткөн көчмөндөрдө күн ыйык (культ) деп эсептелген. Ал эми академик Окладников Монголиянын жана Байкалдын ары жагындагы (Забайкалье) жаркыраган бугулардын («солнечная олень») тике эле бутактанган мүйүздөрүнөн өсүп чыккан күзгү-күндөр – байыркы Евразия көчмөндөрүндө бул ыйык жаныбардын космостук табиятын көрсөтүп турат деп белгилеген. Анда эмесе, сөз башынан болсун.

# БАЙЫРКЫ ЭЛДЕРДИН ТАЛАА ТУРМУШУ ЖАНА АЛАРГА КЫРГЫЗДАРДЫН КАТЫШЫ

Евразия талаа зоналарында жана ага жакын жайгашкан территорияларда дүйнөлүк тарыхта өзгөчө феномен – **талаа турмушу** («степной образ жизни») калыптанган. В.М.Массондун маалыматы боюнча бул талаа турмушу Молдавиядан Монголияга чейинки кеңири мейкиндикти ээлеген. Бул мезгилге дөңгөлөктүү жеңил арабанын («колесные экипажи») өнүгүшү, андан соң ат минүү («верховая езда») мүнөздүү болгон. Ал эми талаа мейкиндиктеринде өлүктүн көмүлгөндүгүн билдирген үймө топурактар көргө коюу жөрөлгөлөрүн далилдеп турат. Дөбөлөргө антропоморфтук[1] моло таштардын коюлушу жана бул моло таштардын көбүнчө жыгачтан экендиги алардын эң байыркылыгынан кабар берет[2].

Бул мезгилде материалдык маданий чөйрөдө бир катар эталондор калыпташа баштаган, алар бардык этностук жана локалдык варианттарда негизинен талаа турмушуна ылайыкталган. Маселен, В.М.Массон турак-үйдүн оңой чечилгендигин жана көчүп жүрүүгө ыңгайлуу болгондугун маалымдайт *(бул жерде кийизден жасалган боз үй жөнүндө сөз болуп жаткан болуу керек – Г.Ж.)*. Ошондой эле талаа элдери көчүп жүрүүгө ыңгайлуу болгон (жыгачтан, териден жасалган) идиштерди пайдаланышкан. Адамдар такасы жок жумшак бут кийимдерди *(маасы болуу керек – Г.Ж.),* ошондой эле куру бар шымдарды («шаровара») кийишкен. Кыскасы, В.М.Массон өзгөчө эстетикалык канондор жана эталондор, ошондой эле калыпташа баштаган менталитет дароо көз алдыга келерин айтат, күндөлүк турмуштагы динамизм жана инициативдүүлүк Л.Н.Гумилев белгилеген пассионардуулуктун өнүгүшүнө алып келерин белгилейт (81).

---

[1] **АНТРОПОМОРФИЗМ** *м.* антропоморфизм (адамдардын алгачкы оюнун формасы, бул кезде нерселерде, табияттын кубулуштарында, айбандарда адамдын касиеттери бар деп ойлошкон). *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк, 1957, 26-б.

[2] *В.М.Массон.* Древний Кыргызстан: Процессы культурогенеза и культурное наследие. – Б.: Илим, 2003, 81-б.

В.М.Массондун маалыматы боюнча Евразия талаа алкагындагы талаа турмушун баштан кечирген элдер жана уруулар өз жашоосунда **үч чоң тарыхый доорду** баштан кечирген: «Первая эпоха относится к III–II тыс. до н.э. – ко времени **палеометалла**» (82).

Палеометалл мезгилинде өзгөчө талаа турмушу калыпташа баштаган. Евразия талаасында жашоонун негизи – экстенсивдүү[1] көчмөн мал чарбачылыгы болгон. Ал мезгилде жаратылышты өздөрүнүн турмушуна ылайыкташтыруу деген болгон эмес. Адамдар мал чарбачылык менен байланышкан жашоо-турмушун жыл мезгилине жараша малды жаюуга ылайыктуу жерлерге көчүп-конуп жашоо менен өткөрүшкөн. В.М.Массон: «В эту пору как общая тенденция устанавливается скотоведческая доминанта в экономической системе с отчетливыми проявлениями его подвижных форм»(82), – дейт.

Жогоруда белгиленгендей, ал мезгилде жаратылышты өздөрүнүн турмушуна ылайыкташтыруу деген болгон эмес. Ошондой болсо да көчмөндөрдүн жашоо-тиричилиги жаратылышта өз изин калтырбай койгон эмес. Л.Н.Гумилев Евразия талааларында экстенсивдүү көчмөн мал чарбачылыгы болгондугун айтып, анда: «...изменение природы не должно было бы иметь места», – дейт (68). А чындыгында, талаа дөбөлөр («курганы») менен капталган, натыйжада талаанын рельефи[2] өзгөрүлгөн, үй айбанаттары жапайы туяктууларды сүрүп чыгарган, ошондой эле эң байыркы замандарда талааларда көп убакытка болбосо да тарyу талаалары пайда болгон. Примитивдүү дыйканчылык хунндар, түрктөр жана уйгурлар тарабынан практикаланган. Ошондой болсо дагы, Л.Н.Гумилев белгилегендей, «здесь видно постоянно возникающее стремление к бережнему преобразованию природы» (Этносфера, 1993, 68). Башкача айтканда, табигаттын мезгилине карата жана жер-

[1] **ЭКСТЕНСИВНЫЙ**, *-ая,-ое* экстенсивдүү (сапаты жагынан эмес, сан жагынан кеңейтүүгө багытталган; мисалы, дыйканчылыкта – жерди семиртпестен, жакшы иштетпестен, аянтын гана көбөйтүү). *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк, 1957, 971-б.

[2] **РЕЛЬЕФ** *м.* 1. (выпуклое изображение) рельеф (бир жалпак нерсенин үстүнө томпойтуп тартылган сүрөт). *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк, 1957, 733-б.

дин мал жаюуга ылайыктуулугуна карата көчмөндөр бир жерден экинчи жерге көчүп жашашкан.

**Талаа турмушундагы салттар жана кыргыздар.** Евразия талааларында маданий мурас («культурное наследие») блогу маанилүү кубулуш болгон. Полеометалл доорунда эле бул жерде талаа турмушунун өзгөчө түрү калыпташа баштаган. В.М.Массон **бул талаа турмушундагы салттар азыр да монгол, казак, башкыр, хакас, калмак ж.б. көптөгөн элдердин маданий турмушунда дагы эле кездешет деп белгилеген.** Археологиялык материалдардан улам белгилүү болгондой, жашоонун талаалык, андан соң көчмөндүк түрү материалдык маданиятта өзүнүн бир катар өзгөчө белгилерин жараткан. Буга оңой чечилип, көчүп жүрүүгө ыңгайлуу турак-үй (*боз үй – Г.Ж.*), материалы (өтө чоң эмес чакан териден же жыгачтан) жана формасы жагынан (дагара, поднос, буттары бар стол, шар формасындагы иштелип чыгарылган буюмдар, жалпак флягалар) атайын алып жүрүүгө ыңгайлуу идиштердин түрлөрү кирет (19).

Жогорудагы В.М.Массон мисалга келтирген элдердин тизмесине **кыргыздарды да кошууга болот, анткени талаа турмушундагы ошондой эле салттар казактарда, башкырларда ж.б. гана эмес, кыргыздардын турмушунда да кийинки мезгилдерге чейин эле сакталып келгендиги белгилүү.** Ушундан улам кыргыздардын жашоо турмушундагы мындай салттардын башаты эң байыркы замандарга, б.а., талаа турмушуна барып такаларын белгилеп кетүүгө болот.

**Маданий мурастын алгачкы катмары – коло доорунда.** Маданий мурастын алгачкы катмары Евразия талаа мейкиндиктеринде талаа турмушу бекем орногон мезгил – коло доoруна[1] туура келет.

Бул доордо маданият генезисинде («культурогенез») эң ири коомдук бирикмелер пайда болгон жана алар кеңири аймак-

---

[1] **КОЛО ДООРУ (Бронзовый век)** колодон жасалган эмгек куралдары жана буюмдар колдонула баштаган мезгил. Коло доору б.з.ч. 3-миң жылдыкта башталып, 2-миң жылдыкта өзүнүн гүлдөгөн мезгилине жетип, 1-миң жылдыктын башталышында бүткөн. Караңыз: *Б.Урстанбеков, Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. – Ф.: КСЭнин Башкы редакциясы, 1990, 84-б.

тарга таралган. Мындай ири бирикмелер тарабынан маданий стандарттар жана эталондор иштелип чыккан.

**Талаа турмушундагы маданий блоктор.** Мына ушундай макрозонада айрым бир маданий блоктор түзүлгөн. Бул тууралуу В.М.Массон: «Таковы, в принципе, комплексы ямного, катакомбного, срубного и адроновского типов»,– дейт (Массон,1998). Алардын арасынан андроновдук деп аталган маданий блок археологиялык комплексинин ачык-айкындыгы менен башкалардан айырмаланып турат. Е.Кузьмина бул типтеги эстеликтердин локалдуу варианты жетисуулук деген ат менен да белгилүү экендигин маалымдайт[1].

Мындай бирикмелерге, жогоруда белгилегендей, динамизм, инициативдүүлүк жана эң күчтүү жашоо потенциалы мүнөздүү болгон. Коло доорунда Жети-Сууда (Семиречье)[2], дегеле жалпы талаа зонасында табылган курал-жарактар согуштук элитанын жетектөөчү ролдо болгондугун айгинелейт. Согуштук аристократтык жол менен өнүгүү тенденциясы элитаны жогорку орунга көтөргөн. Мындай тенденциялардын жеткен чеги өзгөчө б.з.ч. экинчи миң жылдыктын биринчи жарымындагы коом болгон. Бул коомдо атка чегилген жеңил арабалар («взнузданными псалиями») колдонулган, алардан элита күмбөздөрү калган. В.Массон бул коом туралуу: «Это была олигархическое общество без четкого утверждения в специально-политической системе суперлидеров», – дейт (82-б.).

Престиждүү күмбөздөрүндөгү көргө коюу жөрөлгөлөрүнөн аталган динамикалык коомдо атка өзгөчө роль ыйгарылгандыгы ачык байкалат. Маселен, Жети-Сууда коло доорундагы табылган канжарларда аттардын сүрөттөрү болгон.

А.Н.Бернштам Арпа аймагынан (урочище[3]) табылган материалдар бул мезгилде мал чарбачылыгынын өнүккөндүгүн далилдеп турса, ал эми мындай эстеликтердин мейкиндик

---

[1] *Е.Е.Кузьмина.* Семиреченский вариант культуры эпохи поздней бронзы //КСИА. Вып. 122, 44–48-бб.

[2] Семиречье – Жети-Суу деп берилди.

[3] **УРОЧИЩЕ** *ср.* 1. (*«естественная граница»*) табигый чек болуучу өзөн (too) сыяктуулар; 2. (участок) айланага караганда өзгөчөлүгү бар жер (мисалы, талаада – токой). *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк, 1957, 900-б.

боюнча таралышы – бул мезгилде мал чарбачылыгынын түзүлүп калгандыгын көрсөтүп турат дейт. В.Массон белгилегендей, «В это время сложилась система скотоводства типа отгонного с сезонным выпасом в высокогорных районах» (В.Массон, 29-б.).

Орто Азиядагы көчмөн жана отурукташкан жашоонун традициялары чагылдырылган территориянын бири – Фергана болгон. Талаалык коло доордо жашаган уруулар Ферганага жана ага жакын жайгашкан райондорго чейин келишкен. Мисалы, Литвинский (1962) аталган райондун батышында андронов тибиндеги байыркы көрүстөн жайлары табылгандыгын маалымдайт[1]. Коло доорундагыдай маданиятка ээ болгон жылкычылар жана койчулар Түштүк Казакстанга да тараган.

Л.Н.Гумилевдун маалыматы боюнча жогорку палеолит («верхний палеолит») доорундагы адамдар эң мыкты аңчы болушкан, найзаларды, ошондой эле ыргытылуучу кыска найзаларды жасашкан, айбандардын терисинен кийимдерди кийишкен жана париждик импрессионисттерден кем эмес сүрөт тартышкан. Албетте, бүгүнкү күнгө чейин сакталбаган бул байыркы доорго мүнөздүү кандайдыр бир өзгөчөлүктөрдүн болгондугу да шексиз.

Ал эми б.з.ч. соңку неолит (поздний неолит) жана коло доору жөнүндө Л.Н.Гумилев мындай дейт: «Зато народы позднего неолита и бронзы (III–II тыс. до нашей эры) мы можем считать подобными историческим с большей долей вероятности. К сожалению, наши знания об этнических различиях в это время отрывочны и скудны настолько, что, базируясь на них, мы рискуем не отличить закономерности, которая нас в данный момент интересует, от локальных особенностей и, приняв частное за общее или наоборот, впасть в ошибку»[2].

Тарыхый жактан туура маалыматтарды – тарыхый доор (историческая эпоха), б.а., жазма булактар гана күбөлөйт. Жаз-

[1] Караңыз: Маалымат В.Массондун аталган эмгегинен алынды, 140-б.

[2] *Л.Н.Гумилев.* Этносфера. История людей и история природы. – М., «Экопрос», 1993, 42-б.

ма булактар этностордун тарыхын гана эмес, алардын ортосундагы мамилелерди, байланыштарды да чагылдырат (42).

Талаа турмушунун стандарттарынын калыпташуусу жана анын аякталышы менен анын ордун көчмөндөр жана атчандар ээлеген.

## АЛГАЧКЫ КӨЧМӨНДӨР ЖЕ НОМАДДАР ДООРУ, АГА БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗДАРДЫН ЖАНА КЫРГЫЗСТАНДЫН ТЕРРИТОРИЯСЫНЫН КАТЫШЫ

**Алгачкы көчмөндөр доору. Скиф маданияты.** Талаачылык коомдон номадизмге, б.а., атчан жана көчмөн мал чарбачылыгына болгон секирик экинчи доордо болгон. Бул доорду М.П.Грязнов **«алгачкы көчмөндөр»** («ранние кочевники») деп атаган. Ал эми В.Массон социологиялык жактан бул секирикти отурукташкан маданият зонасындагы шаардык революция менен салыштырган, мында урбанизмдин[1] жана эң биринчи цивилизациянын негиздери калыптанган (В.Массон, 1989).

В.Массон бул доордо маданият генезисинде (культурогенез) **маданияттын доордук тибинин** (*белгилеген – Г.Ж.*) калыптана баштагандыгын, салт боюнча, коомдун бул тибин толук сыпаттоонун келип чыгышы Геродотко барып такаларын айтып, аны «скифтик»[2] деп атоого болот дейт (2003, 82-б.).

Атчандардын пайда болушун, ошондой эле материалдык маданиятта да пайда болгон жаңылыктарды В.Массон скиф үчилтиги («скифтик триада»)[3] деп атайт. «Скифтик триада», окумуштуунун пикиринде, ушул доордун мүнөздүү белгиси

---

[1] **УРБАНИЗМ** *м.* 1. *см.* **урбанизация**; 2. урбанизм (буржуазиялык искусстводо жана адабиятта – капиталисттик шаардын турмушун мактаган формалисттик багыт). *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк. – Ф., 1957, 899-б.

[2] **СКИФТЕР (Скифы)** – б.з.ч. 7-к. – б.з. 3-к. Түндүк Кара деңиз боюн ж-а ага чектеш аймактарды мекендеген байыркы уруулар. Алар төрө С., көчмөн С., кошчу С., дыйкан С. деп бөлүнгөн. Б.з.ч. 4-к-да борбору Неаполь шаары болгон Скиф мамлекетин түзүшкөн. Б.з. 3-к-да С-ди готт уруулар бирикмеси талкалаган. *Б.Урстанбеков, Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. – Ф., КСЭнин Башкы редакциясы, 1990, 159-б.

[3] Скифская триада мындан ары скиф үчилтиги деп берилет.

болуп эсептелет. Булар – ат жабдыктары, атчандарга ылайыкталган курал-жарактар жана көркөм маданияттагы «скифтик-сибирдик айбанаттар стили» деген аталышка ээ болгон принципиалдуу жаңы кубулуш (83). Бул доор жөнүндөгү маалыматтар бизге археологиялык ачылыштар аркылуу гана белгилүү болгон.

Карл Ясперс тарыхтын башталышына кандай реалдуу окуялар түрткү болгон деген суроо коюп, анын бири – «использование *лошади* – но только в развитых великих культурах древности – для боевых колесниц, для верховой езды»,[1] – дейт.

Аттын колдонулушу эмнеге алып келген? Аттын колдонулушу материалдык маданиятта, коомдо болуп көрбөгөндөй жаңылыктарды алып келген. Карл Ясперс белгилегендей: «Это привело к тому, что человек оторвался от привычной почвы, **ему открылись дали и свобода передвижения, возможность создание новой, превосходящей прежнюю боевой техники; к появлению господствующего слоя** (*белгилеген – Г.Ж.*), способного приручить лошадь и подчинить ее своей воле, проявить личное мужество наездника и воина, оценить красоту животного» (72).

Ошентип жогоруда белгиленгендей, атчандардын пайда болушу менен материалдык маданиятта пайда болгон жаңылыктарды В.Массон скиф үчилтиги деп атаган.

**Скиф маданияты** – бул коло доорундагы малчылар коомунан (от пастушеских обществ) чарбачылык жана жашоо турмушу (бытие)[2] жагынан жаңы формага өтүшүнөн келип чыккан **атчан номаддардын маданияты,** скифтик деп аталган маданияттын доордук тиби. В.Массон маданияттын скифтик доорунун үч белгисин белгилеп көрсөтөт. Алар, биринчиден, карым-катнашууну ылдамдаткан атчандардын көчмө кыймылы, экинчиден, коомдо атчандардын куралдануу психологиясы менен байланышкан, милитаризмге ыктаган жаңы баа-

---

[1] *Карл Ясперс.* Смысл и назначение истории. – М., 1991, 72-б. Курсив – автордуку (Карл Ясперстики).

[2] **БЫТИЕ** *ср.* 1. *филос.* бытие (объективдүү чындык, реалдуулук); 2. турмуш (коомдук турмуш шарты); 3. *трад.-поэт. и высок.* жашоо, тиричилик. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И. – Бишкек, 2012, 173-б.

луулуктар жана жүрүм-турум ориентациялары, үчүнчүдөн, коомдогу динамизм жана энергияны чагылдырган көркөм түшүнүктөр жана эстетикалык ориентирлер.

**Сак регионалдык маданияты.** Алгачкы көчмөндөрдүн маданиятынын доордук тибинин локалдуу[1] көрүнүшүнүн түрү (формапроявление) да болгон. Бул жерде бир катар археологиялык жалпылыктары бар, деталдары ар түрдүү, бирок жалпы мүнөздүү белгилерге ээ болгон регионалдык типтеги маданиятты өзгөчө блок катары көрсөтүүгө болот. Маселен, В.Массон Орто Азия жана Казакстандын түштүк райондорунда **сак** деген ат менен регионалдык маданият жашагандыгын маалымдайт, ал: «вероятнее всего, именно сакской была и его этническая подоснова» (84), – дейт. Жазма булактардагы далилдерге таянган В.Массондун пикири боюнча Борбордук Азия регионунун түштүк алкагында жашаган эрте көчмөндөрдүн регионалдык типтеги маданиятына «сак маданияты» деген түшүнүктү колдонуу өзүн-өзү актайт.

Маданияттын бул региондук тибинде скиф үчилтигинен башка дагы кеңири таралган өлүктү коюудагы ырым-жырымдар бар. Мисалы, дөбө алдындагы чуңкурдун үстүн жабуу үчүн, кээде күмбөздү куруу үчүн да жыгач колдонулат, өлүктүн башын батышты каратып, чалкасынан жаткырышат (В.Массон, 84). Албетте, ал жерде скиф үчилтигинен башка да сак маданиятына чейинки маданиятты мурастаган жергиликтүү өзгөчөлүктөр болуу керек. Аны алып жүрүүчүлөр ар түрдүү этностук топтордон турушу мүмкүн, анткени менен чынында да алар көпчүлүк учурларда сак этносу менен ассимиляцияланып кетишкен (85).

Ошентип, А.Массон Азия мейкиндиктеринде, Орто Азия жана Казакстандын түштүк райондорунда сак этносунан турган коом болгондугун, т.а., Орто Азия менен Жети-Сууда өзүнө доордук, регионалдык жана спецификалык белгилерди камтыган бир катар маданий локалдуу түзүлүштүн жашагандыгын жана өнүккөндүгүн белгилеп, аны сак маданияты деген

---

[1] **ЛОКАЛЬНЫЙ**, -ая, -ое жердик (*белгилүү бир гана жерге таандык*). *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк. – Ф., 1957, 331-б.

регионалдык маданий тип катары карайт жана бул мезгилди **сак мезгили** («сакское время») деп атайт (85).

Сактар тууралуу башка булактарда да маалыматтар бар. Маселен, бардык жерден эле скифтерди көрө берген антик (античный[1]) авторлордон айырмаланып, официалдуу ахеменид булактарында сактар тууралуу айтылат. Кытай булактарында сактар *сэ* уруулары деп берилет.

Б.Урстанбеков. Т.Чороев сактар «б.з.ч. 1-миң жылдык – б.з. 1-к-нда Орто Азия, Казакстан Чыгыш Түркстан аймактарын мекендеген уруулар»[2] экендигин маалымдашат.

Ө. Осмонов б.з.ч. VIII–III кылымдарда байыркы перс клинопись[3] жазуулары боюнча азыркы Орто Азия менен Казакстан ээлеген жерлерде сактар деп аталган көптөгөн көчмөн уруулар жашап турушкандыгын, антик авторлордо алар скифтер деп, байыркы индиялык булактарда – турлар («древнеиндийские источники называют турами» – Ө.Осмонов), Кытай булактарында – сэ деп берилгендигин маалымдайт[4].

Тарыхый булактарда б.з.ч. VIII–VII кк. Түндүк Кара деңиздин алды (Северное Причерноморье), Казакстан, Орто Азия,

---

[1] **Антич/ный, -ая, -ое** 1. байыркы гректер... античный, антик, байыркы; ~ **ая философия** антик философиясы; ~ **ое искусство** антик искусствосу; ~ **ый театр** антик театры. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк. А–И. – Б., 2012, 56 б.; **Антик** – *antiques* – произведение античной скульптуры или его фрагмент. Караңыз: Словарь иностранных слов. Гос.изд во иностр. и нац. словарей. – М., 1954.

[2] *Б. Урстанбеков. Т.Чороевдин* сөздүгүндө сактар тууралуу төмөнкүдөй маалыматтар берилген: «С. союзуна яксарт, массагет, исседон, дай ж.б. уруулар бириккен. Б.з.ч. 6-к-дын аягы – 5-к-дын башында С-дын бир бөлүгүн Ахеменийлер каратып алган. ....Б.з.ч. 3-к-да сак урууларынын бир тобу байыркы көчмөн уруулардын кысымынан Парфияга басып кирип, Парфия падышалыгынын түзүлүшүндө кыйла роль ойногон (*кыскартылып берилди – Г.Ж.*). Караңыз: Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк.– Ф.: КСЭнин Башкы редакциясы, 1990, 154-б.

[3] **КЛИНОПИСЬ** *ж.филол.* клинопись (шынаа формалуу тамгалардан түзүлгөн байыркы жазуулардын бир түрү). *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк. – Ф., 1957, 283-б.

[4] *Ө. Осмонов.* История Кыргызстана (С древнейших времен до наших дней). – Б., 2012, 54-б.

Түштүк Сибирь жерлеринде байыркы көчмөндөрдүн – сактардын цивилизациясы болгондугу тууралуу маалыматтар бар. Алардын чыгыш-иран тилинде сүйлөшкөндүгү, европеид жана монголоид расасындагы элдердин курамынан турушкандыгы айтылат.

**Сак маданияты – Кыргызстанда (Чүйдө, Ысык-Көлдө) жана Жети-Сууда (б.з.ч. VI–III кк.).** Региондук сак тибиндеги маданияттын эталону катары түндүк Кыргызстандагы жана борбору Жети-Суу («с нуклеарным центром») болгон Казакстандын түштүк чыгышынан табылган эстеликтер болуп эсептелет. Сак коомунун саясий жана идеологиялык борбору Жети-Суу болгондугун Бесшатыр жана Ыссык аттуу суперлидерлердин күмбөздөрүнүн топтому (концентрациясы) далилдеп турат (85).

Бул жерде скиф үчилтигинин компоненттерин чагылдырган чуркап бараткан эчкилердин жана жырткычтардын сүрөттөрү бар шакек сымал тогоо («бляшка»[1]) жана жүгөндөрдүн бөлүктөрү сакталып калган. Сюжети боюнча «бугу таштар» деп аталган моло таштар жана Тыва, Монголия жана ага жакын областтардын сунуштаган коллекциялары эң байыркы Азия көчмөндөрү менен байланышкан артефактылардын кеңири таралгандыгын далилдеп турат. Аржана тосмосундагы датасы көрсөтүлгөн ушундай эле моло таштан анын эң эрте мезгили белгилүү болгон.

В.Массон ахеменид тексттеринде сак-тиграхауд аталышында кездешкен жети-суулук сактарды падышалык сактар («царские саки») деп, «сакский» деп аталган регионалдык типтеги маданиятты «ыссык маданияты» («ыссыкская культура») деп атоо туура болор эле деген пикирин айтат.

Жети-Суу сак дүйнөсүнүн маанилүү борбору болгондугун андагы археологиялык табылгалар да ырастап турат.

---

[1] **Бляшка** *ж уменьш. к* **бляха**. **Блях/а** *ж* 1. тогоо, төңөлүк, чагарак, таралга; ат жабдыктарын, мебелдерди (*эмеректерди – Г. Ж.*) коoздоодо колдонулуучу жука металл, купа, көрчөгө; 2. *уст.* (жазуусу же номери бар көкүрөккө тагылчу металл белги). Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк, А–И. – Б., 2012, 136-б.

Эң алгачкы («ранние вещи») буюмдардын анча чоң эмес кенчи Ысык-Көлдүн Түп аймагынан да табылган.

Чүй өрөөнүндө жана Ысык-Көлдүн жээктеринен бир нече бугу таштар табылган. Андагы таштарга бугулардын, камандардын жана башка жаныбарлардын сүрөттөрү, ошондой эле канжар жана жаанын контурлары түшүрүлгөн. В.Массондун байкоосу боюнча Борбордук Азиянын чок ортосунан табылган бугу таштарга караганда түндүк Кыргызстанда табылган бугу моло таштар жөнөкөйрөөк жана жупуну көрүнөт. Бирок, В.Массон алардын ушул типтеги материалдык маданий эстеликтерге кире тургандыгын белгилейт. Ал: «Эти ранние комплексы восходят к VII, если даже не к VIII в. до н.э.» – дейт (В.Массон, 100-б.). Мындай фактылар байыркы көчмөндөр түндүк Кыргызстандын территориясында буркан-шаркандуу турмуш кечиргендигин айтып турат. Балким, алардын арасында ошол заманда эле кыргыздар да болгон чыгар?

Жети-Суулук сак тобундагы алдыңкы орунда турган (лидирующие) күмбөздөр[1] – элита күмбөздөрү. Курулушу жана жумшалган каражаты жагынан аларды монументалдуу архитектура эстеликтеринин катарына кошууга болот. Мындай дөбөлөр (курганы) топ-топ болуп жайгашкан. Мисалы, Бесшатыр некрополу Иле дарыясынын оң жээгинде жайгашкан, анда 31 дөбө бар, эң ирисинин диаметри 101 м, бийиктиги 17 м. Эң жогорку бөлүгүндө диаметри 12 м келген түздөлгөн аянтча бар, В.Массон, мүмкүн, бул жерде моло таш болгондур деп божомолдойт (101-б.).

В.Массондун маалыматы боюнча грек жана байыркы иран тексттеринде, болжол менен **Жети Суууда жашаган түштүк сактар төбөсү бийик баш кийимдерди[2] кийишкен** (*белгилеген –*

---

[1] **ГРОБНИЦА** *ж.* күмбөз. Караңыз: *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк. – Б., 1957, 143-б.

[2] Төбөсү шоңшогой шапка (*калпак – Г.Ж.*) тууралуу маалымат Ө.Осмоновдун эмгегинде кездешет. Б.з.ч. VI–V кылымдарда Орто Азиядагы сактар ири эки уруулук биримдикке (союзга) биригишкен. Бул биримдик байыркы перс булактарында – сак-тиграхауд, байыркы грек булактарында – сак-ортокарибант деп аталган, котормосу – «шоңшогой шапкелүү сактар» («саки в остроконечных шапках»). Ө.Осмонов. Аталган эмгекте, 2012, 54-б.

*Г.Ж.*). Ал: «Именно такой высокой шапкой изображен на бисутунском рельефе сакский вождь Скунха», – дейт. Конус образдуу, алтын жиптер менен саймаланган сый жана күндөлүк варианттардагы мына ушундай баш кийимдер байларга тиешелүү сак күмбөздөрүнөн табылган. В.Массон азыркы кыргыздардын калпагынын башатын мына ушул калпакка алпарып такайт: **«Вполне вероятно, что как общая идея высокого головного убора с парадным и бытовым вариантами как функционально удобного имеет прямое продолжение и что к этой традиции восходят современные головные уборы кыргызов»** (В.Массон, 30) (*белгилеген – Г.Ж.*).

Кыргыздын калпагы, анын тарыхый башаты тууралуу В.Массондун мындай пикири – кыргыз элинин тарыхын изилдөөчүлөр үчүн абдан баалуу маалымат. Ушунун өзү эле кыргыз тарыхында дагы көптөгөн актай барактар бар экендигин, кыргыздардын тарыхы дагы тереңден изилденүүгө муктаж экендигин айгинелеп турат. Кыргыздар эзелтеден бери эле (сак коомунда эле) баш кийим катары колдонулган калпакты ушул күнгө чейин сактап, күндөлүк турмушта дагы эле пайдаланып келатышкандыгы – бул өзүнчө сөз кылууга арзый турган маанилүү тема.

Сак борборунун бир кыйла бөлүгү Ысык-Көлдүн жээгинде жайгашкан. Тарыхый булактар аны суу астында жүргүзүлгөн археологиялык табылгалар далилдеп тургандыгын белгилешет. Мындай табылгалардын ичинде алгачкы көчмөндөрдүн «ооздук», «псалии»[1] жана курал-жарак буюмдары болгон (Массон, 104).

Г.В. Коробкованын трасологиялык баасы боюнча металлургия менен байланышкан көптөгөн таштан иштелип чыгарылуучу буюмдардын да мааниси чоң.

**В.Массон суунун (Ысык-Көл) астына сак коомунун маанилүү борбору кеткендигин, бул болсо көрүстөндөргө коюлган эстеликтерден улам белгилүү болгондугун маалымдайт (104).**

---

[1] **ПСАЛИИ** – часть древнего уздечного набора, пара стержней, прикреплявщихся к концам удил для закрепления их во рту верхового коня. Делались из металла, реже из кости. Караңыз: Советский энциклопедический словарь. – М., Изд. «Советская энциклопедия», 1980.

Б.з.ч. VI–III кылымдарда Жети-Суу жана Тянь-Шань райондору сак уруулары тарабынан кеңири өздөштүрүлгөндүгү аталган территориядан табылган байыркы көрүстөндөрдөн улам белгилүү болгон. Көрлөр жыгач (плаха)[1] менен жабылган, айрым учурда гана бул максатта таш плиталар колдонулган.

Сак регионалдык тибиндеги маданияттын дагы бир тобу Тянь-Шань жана Алтайдагы байыркы көрлөр эсептелет. Мындай байыркы көрүстөндөргө Кетмен-Төбө некрополу дагы кирет (В.Массон). Сак тибиндеги эстеликтер Фергана өрөөнүнүн түштүгүнөн (Алай), ошондой эле Өзгөн районунан да табылган (Винник, 1977). Мына ушундай археологиялык табылгалар сак коомунун Кыргызстандын территориясында кеңири жайылгандыгын көрсөтүп турат.

Жогоруда белгилеп кеткендей, Кытай булактарында сактар *сэ* уруулары деп берилген. Мына ушул тууралуу Н.А. Аристов кызыктуу ойлорун ортого салат. Сэ же сактарды айрым окумуштуулар арийлер деп эсептешет, айрымдары түрк урууларына кошот (27). Н.А.Аристовдун пикири боюнча сэлер же сактар – кангүйлөр[2] (түрктөр коңшулары болуп эсептелет) менен уруулаш. Батыш Тянь-Шандагы турган орду боюнча сэлер эң байыркы заманда Согду жана Бактрия арийлеринин түндүк жана чыгыш жагындагы коңшулары болушкан, алар арийлер аркылуу Мидия жана Персиядагы батыш ирандыктарга, ирандыктар аркылуу кангүйлөргө жана Аму-Дарыянын түндүгүндөгү көчмөндөргө белгилүү болгон.

Н.А.Аристов турган жери боюнча батыш Тянь-Шандын адам кыйындык менен жетүүгө туура келген жерлеринде (бардык жагынан адам оңой өтө албай турган тоо кыркалары менен курчалган Нарын суусунун төмөнкү бөлүгү) жашаган каракыргыздар же саяк уруулары мына ушул сэ же сак уруулары-

---

[1] **Плаха** *ж.* 1. (кусок бревна) коло, колонун жарындысы; 2. дөңгөч, жыгач жаздык. Орусча-кыргызча сөздүк. П–Р. – Бишкек, 2012, 105-б.

[2] **КАНГҮЙ**, Кангха (**Кангюй**) – Байыркы Орто Азиядагы мамлекеттик бирикме. Арал деңизинин боюн, Аму-Дарыя м-н Сыр-Дарыянын аралыгындагы бир катар жерлерди, Хорезм, Ташкен, Талас суусуна чейинки Түндүк Теңир-Тоо аймактарын камтыган. Караңыз: *Б.Урстанбеков, Т.Чороев.* Аталган сөздүктө, 72-б.

нын урук-тукуму болуу керек деген оюн мындайча билдирет: **«По близости имен и по обитанию в наиболее мало доступных местностях западного Тяньшаня (в нижней части бассейна Нарына, окруженной со всех сторон трудно проходимыми хребтами) является ныне вероятным потомством сэ или саков каракыргызский род или племя саяк, который, вместе с родом ичкилик, считается кыргызами за род чуждого происхождения»** (*белгилеген – Г.Ж.*) – дейт (Н.А.Аристов, 27).

Биз мындай абдан баалуу пикирлерди, божомолдорду эч бир себеби жок эле четке кага албайбыз. Тескерисинче, байыркы кыргыздар жана алардын азыркы кыргыздар менен байланышы тууралуу кандай маалыматтар, божомолдоолор болбосун изилдөө иштеринде көңүлгө алынуусу зарыл. Ал эми кыргыздардын байыркы мезгилден берки тарыхын изилдеген окумуштуулардын жогорудагыдай гипотезалары да кыргыз тарыхы үчүн баалуу болуп эсептелет.

Албетте, Н.А.Аристовдун жогорудагы божомол пикири дагы кылдат изилденүүгө, такталууга муктаж. Бул гипотезасы аркылуу Н.А.Аристов батыш Тянь-Шандагы байыркы кыргыздардын тарыхы менен азыркысынын ортосундагы байланышты изилдөө иштерине жем таштап койду.

Сак регионалдык тибиндеги өзгөчө бир территориялык топту Аралдын чыгыш жээктериндеги (Восточное Приаралье) эстеликтер да түзөт.

**Маданий мурастын экинчи катмары – алгачкы көчмөндөрдүн доорунда. Сак-усун маданий мурасы Кыргызстанда жана Түштүк Казакстанда.** Маданий мурастын экинчи катмары – алгачкы көчмөндөрдүн дооруна туура келет. Бул мезгилде Кыргызстанда жана ага ыкташа жайгашкан Түштүк Казакстанда сак-усун деп аталган маданий мурас калыптанган. Бул катмардын бир катар белгилери Азиянын талаа зонасындагы көптөгөн элдерге, ошондой эле Миң-Суу ойдуңуна мүнөздүү болгон. Бул жерлердеги сак-усун деп аталган маданий мурас археологиялык систематика боюнча тагар маданиятынын локалдуу көрүнүшү катары каралат (В.Массон, 29–30).

Ошентип, сак-усун деп аталган маданий мурастын издери Кыргызстандын территориясында да болгон. Б.Урстанбеков,

Т.Чороев Сак-усун көрүстөндөрү б.з.ч. 1-миң жылдыктын 2-жарымы – б.з. алгачкы кылымдарына таандык мүрзөлөр Аламүдүн жана Ала-Арча сууларынын аралыгында (Фрунзенин[1] түштүк чет-жакасы) жайгашкандыгы тууралуу маалымат беришет. Сак жана усун уруу аксакалдарынын сөөгү коюлган дөбө мүрзөлөрдүн тобу түндүктөн түштүккө карай тизилип жатат. Бул мүрзөлөрдүн бийиктиги 3–12 *м*, диаметри 40–80 *м*. Чоң дөбөлүү мүрзөлөрдүн айланасында кедейлердин чакан дөбө мүрзөлөрү жайгашкан (Аталган эмгекте, 154).

В.Массон сак-усун деп аталган маданий мурас катмарынын анын бардык блокторунда көрүнүшү – жалаң гана байыркы Кыргызстан үчүн эмес, дегеле талаа зонасындагы көптөгөн элдер үчүн мааниси чоң болгондугун белгилейт. Ушул мезгилде номаддардын туруктуу жашоо образы бардык көрүнүштөрү менен – чарбачылык, тиричилик жана жүрүм-турум сфераларында калыптанган. Ал эми маданият чөйрөсүндө килем токууда иштелип чыккан оймо-чиймелүү көркөм орнамент салынган кийиздерден башталган шайкеш тизмектер көзгө урунат.

Сак доорунда бийик тоолуу райондор кеңири өздөштүрүлгөн. Жети-Суудагы колодон жасалган айбанаттардын сөлөкөттөрүнүн арасында бийик тоолордо жашаган топоз кездешет, ал байыркы көчмөндөрдүн башка бир да маданиятта кездешпейт (30).

**Көчмөн империянын Усун коомунда жаралышы. IX–X кылымдарда кыргыздардын дал ушул жолду басып өткөндүгү.** В.Массондун пикири боюнча сак жана өзгөчө усун саясий мурастары эң эле маанилүү. Ал: **«В усуньском обществе шло формирование структуры принципиально нового типа политической организации, близкой по параметрам кочевой империи хунну. Этот новый тип политической системы евразийских степей можно именовать кочевой империей»** (*белгилеген – Г.Ж.*), – дейт (30). Ошентип, көчмөн империя деп аталган жаңы типтеги саясий уюмдун жаралышы мына ушул усун коомунда пайда болуп, калыптана баштаган.

[1] Мурунку – Фрунзе, азыркы – Бишкек. Сөздүктө Фрунзе деп берилген, анткени аталган сөздүк 1990-жылы мурунку Фрунзеде жарык көргөн.

В.Массон IX–X кылымдарда кыргыздардын дал ушул жолду басып өткөндүгүн мындайча белгилейт: «Тот же путь развития мы видим и в киргизском обществе IX–X веков, так удачно названного В.В. Бартольдом «эпохой великодержавия» (*белгилеген – Г.Ж.*) (30).

Бул – IX-X кылымдардагы Кыргыз улуу державасына окумуштуу тарабынан берилген эң жогорку баа. Кыргыз коомунун мына ушундай улуу жолду басып өткөндүгү – алардын көчмөндөрдүн алдыңкы катарында жүргөн, ал түгүл өз учурунда улуу империяны түзгөн баатыр элдерден болгондугун далилдеп турат.

**Алгачкы көчмөндөрдүн Памирдеги эстеликтери.** Алгачкы көчмөндөрдүн Памирдеги эстеликтери бир аз өзгөчөрөөк. Бул жерге скиф үчилтигинин эрте келгендиги Тамды көрүстөнүнүн казындыларынан улам белгилүү болгон (Бернштам, 1952, Литвинский, 1972). Бирок В.Массон бул жерде өлүктү коюу ырым-жырымы сак дүйнөсүнөн айырмаланарын белгилейт.

**Талаа турмушу жана алгачкы көчмөндөр турмушунун коомдун өнүгүшүндөгү ролу жана мааниси.** Алгачкы көчмөндөрдүн доору талаа турмушу менен жашаган коомдун өнүгүшүндөгү эң маанилүү чек болгон. В.Массон белгилегендей, болуп жаткан өзгөрүүлөр социологиялык жактан бул коомду социалдык-саясий системанын даражасына алып чыккан, бул отурукташкан цивилизацияда «алгачкы мамлекеттер» деп аталган. Бирок, мындан айырмаланып, «коомду башкаруунун жаңы сапаттагы абалына жетишкен бүтүндөй бир машина калыптанган эмес» (86).

Талаа жашоо образы, андан соң көчмөн жашоо образы материалдык маданиятта бир катар өзгөчө белгилерди жаратkандыгы археологиялык материалдар аркылуу белгилүү болгон. Маселен, биз жогоруда белгилеп кеткендей, жеңил тигилип жана жыйылууга ыңгайлуу үйлөр, көчүүгө жеңил, спецификалык материалдан (териден жана жыгачтан) жасалган идиш-аяктар, ошондой эле спецификалык кийимдер – такасы жок бут кийимдер, шаровара жана престиждүү белгилик мүнөзү бар курлар (*мындай буюмдар, кийимдер кыргыздарда*

*азыркы учурда да бар. Мисалы, боз үй, маасы, чанач, жыгачтан жасалган идиш-аяктар ж.б. – Г. Ж.*).

Мына ушул мезгилде өзгөчө эстетикалык моделдер жана канондор иштелип чыккан жана булар скиф-сибирь айбанаттар стили (скифо-сибирский звериный стиль) деген ат менен тарыхта өчкүс болуп сакталып калган шедеврлерде чагылдырылган.

Көчмөн номаддардын чөйрөсүндө эң башкы лидерлердин феномениниин бөлүнүп чыгышы жана калыптанышы – инновация болгон. Натыйжада, элиталык структурадагы кардиналдуу өзгөрүүлөрдөн улам аларда башкаруучу катмар пайда болгон, грек тилдүү авторлор аны төрөлөр («цари»)[1] деп аташкан (Массон, 1994).

Бул мезгилден археологдор тарабынан ординардуу эмес күмбөздөр табылган, алардын ординардуу эместиги – монументалдуу масштабдуулугунда, ошондой эле курмандык чалууларда, анын ичинде адамды курмандык чалуу да бар (87). Ошондой эле күмбөздөрдөн эң бийик чеберчиликте аткарылган көркөм буюмдар, өзгөчө алтындан жасалган буюмдар табылган. Булар жөн гана утилитардык буюмдар эмес, өзгөчө барктуу (престиждүү) буюмдар болгон. В.Массон алтын буюмдар жарык, от, күн түшүнүктөрү менен бир семантикалык катарда тургандыгын белгилейт (86). Престиждүү күмбөздөрдө катардагы жана параддык куралдардын жолуккандыгы – анда көмүлгөн башчылардын (лидерлердин) согушка тиешелүүлүгүн далилдеп турат.

Ал эми социалдык жактан өзгөрүүлөр маданияттагы өзгөчө катмарды – элиталык субкультураны жараткан. Бул коло доорундагы маданиятка караганда сапаттык жактан жаңы көрүнүш эле. Кадыр-барктуу (престиждүү) объекттерди (курал-жарактар, күндөлүк турмушта колдонулуучу буюмдар ж.б.) жасап чыгаруу социалдык заказ болгон, бул – искусство менен көркөм кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүнө алып келген (В.Массон, 87 б.).

---

[1] **Царь** *м.* 1. падыша; 2. *перен.чего* ээ, төрө, ата. Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я. – Б., 2012, 574-б.

# БАЙЫРКЫ КӨЧМӨНДӨР ДООРУ. КЫРГЫЗДАР БАЙЫРКЫ КӨЧМӨНДӨР ДООРУНДА

**Байыркы көчмөндөр доору.** Кийинки тарыхый доор **(үчүнчү доор) байыркы көчмөндөр** («древние кочевники») деген термин менен аталып, ал абдан ири жана күчтүү саясий түзүлүш катары калыптанат жана ал көчмөн империясы деген аталышка ээ болот. Бул үчүнчү доордо эбегейсиз аскердик-саясий түзүлүштөр калыптанат. Мындай биримдик – сюнну-хунну державасы болгон. Ал эми монгол дооруна чейин аскердик-саясий жактан эң мыкты ийгиликтерге жеткен күчтүү держава – Түрк каганаты болгон. Аталган коомдук түзүлүштөрдү, жогоруда белгилегендей, «көчмөн империя» (Г.Е.Марков, 1976) деп аташат (Массон, 90).

**Көчмөн империясы – малчылык менен жашаган көчмөн уруулардын аскердик-саясий жактан борбордоштурулган биримдиги** (*белгилеген – Г.Ж.*). В.Массон бул тууралуу: «Социологически древние кочевые империи являются аналогом древним цивилизациям и первым государствам в зоне оседлых культур», – дейт (В.Массон, 96–97-бб.).

Алардын ээлеген жерлери масштабдуулугу менен айырмаланган. В.Массондун белгилөөсү боюнча мындай империянын коомдук структурасы – көп катмарлуу болгон. Жогорку катмардагы үч биримдиктеги куралдуу күчү бар: оң жана сол канат жана шанүй (шанъюй[1]) башында турган борбор. Куралдуу күчтү уюштурууда он башылык принцип колдонулган. Мында монархиялык абсолютизм орногон тенденция ачык көрүнөт. В.Массондун пикири боюнча бул «Байыркы Чыгыштын дүйнөлүк социологиялык аналогу болгон, бирок ага окшош эмес болгондуктан башка терминологияны колдонууга туура келет» (90).

Көчмөн империянын өнүгүшүндөгү негизги кадам – түрк державасындагы рун жазуусунун жаралышы болгон. В.Мас-

[1] Орус тилиндеги адабияттарда *шаньюй*, «Ханзунун» кыргызча котормосунда *теңиркут*, кыргыз тилинде *шанүй* (*Б.Урстанбеков, Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк, 1990, 199-б.) деп берилген. Биз *шанүй* деп бердик.

сондун белгилөөсү боюнча: «Она реализовала тенденции к бюрократическому самоуправлению верховной власти и кодификации ее программ и деяний» (91). Рун жазуулары – көчмөн империясындагы тарыхый окуяларды чагылдырган жазма эстеликтер катары да өтө баалуу.

Албетте, көчмөн империяларды кыйроого алып келген алсыз жактары да болгон. Бул, жазма булактарда белгиленгендей, биринчи иретте такты мурастоо маселесинде байкалган. Мында легитимдүү линиянын жоктугу – башкаруучу катмарда династия аралык талаш-тартышты жараткан. Экинчиден, өнүккөн бюрократиялык административдик аппараттын жоктугу көчмөн империянын дагы бир алсыз жагы болгон. Баш ийдирилген жана кол алдындагы элдерден салык алууну иретке салуу гана биринчи планга чыгып (бул отурукташкан алкактагы мамлекеттерден өздөштүрүлгөн), ал эми уюштуруучулук-чарбалык жана административдик башкаруу системасын түзүү эске алынбаган.

Ошого карабастан, В.Массон белгилегендей (91), көчмөн империя, өзгөчө алгачкы мезгилдерде, башкаларын айтпаганда да, талаалыктарга мүнөздүү пассионардуулуктун колоссалдуу потенциалына ээ болуу менен дүйнөлүк тарыхта зор мааниге ээ көрүнүш болгон.

**Кыргыздар – Борбордук Азиядагы байыркы көчмөн элдерден.** Борбордук Азиядагы көчмөн элдердин тарыхы али толук ачыла элек. Мындан мурунку өтүп кеткен 5 миң жылдыкта («за пять ушедших в прошлое тысячелетий») Азия материгинин ички бөлүгүндөгү учу-кыйырсыз талааларында жана тоолуу өрөөндөрүндө өздөрүнүн үйүр-үйүр малдары менен көчмөн уруулардын канча толкуну өтпөдү (Ю.С.Худяков. Сабля, 2003, 11). Алардан айрым жоокерлердин же алардын башчыларынын күмбөздөрүнүн үстүндө калган таш эстеликтердеги, монумент моло таштарда тартылган сүрөттөрдөн (изображение)[1], чегилген жазуулардан башка эч кандай из калган эмес.

---

[1] **Изображение** *ср.* 2. сүрөт, келбет. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И. – Б., 2012, 706-б.

Кыргыздар – Борбордук Азиядагы байыркы көчмөн элдердин бири. Кыргыздар бул жерде катардагы гана элдин бири эмес, көчмөн элдердин ичинен байыркы жана орто кылымдардагы Борбордук Азиянын согуштук, саясий жана этномаданий тарыхында маанилүү роль ойногон эл болгон (Ю.С. Худяков. Сабля, 22).

**Борбордук Азиядагы көчмөн элдердин турмушу. Кыргыздар.** Борбордук Азиядагы көчмөн элдердин тарыхынын башталышында эле алардын турмушунда согуш чоң роль ойногон. Ар бир көчмөн уруу жашоо үчүн көптөгөн душмандардан коргонуп жана башкаларга кол салып келген. Көчмөн коомунда колундагы курал менен мал-жанды коргоо же кууп кетүү үчүн кол салуу – адаттагы көрүнүш болуп саналган. Согуш жана талап-тоноочулук – ар бир этностун жашоосун камсыз кылган мыйзамченемдүүлүккө айланган[1]. «Согуш» деген сөз байыркы арийлердин – индоирандыктардын өлүү тилинде «борьба за захват коров» дегенди түшүндүргөн[2].

Борбордук Азияда жашаган кыргыздар да жашоо үчүн көптөгөн душмандардан коргонуп жана башка көчмөндөр сыяктуу эле колундагы курал-жарагы менен мал-жанды кууп кетип, башка уруулар менен кошо эле көчмөн турмушту баштан кечирип келишкен.

**Ордолордун түзүлүшү.** Адегенде өз урусун тышкы душмандардан коргоо үчүн согуштук уюмдар түзүлгөн. Кийинчерээк мындай уюмдар уруулук уюмдан жогору көтөрүлүп, ар кыл уруулардын аскерлеринен[3] турган ордолорго[4] айланган. Бара-бара көчмөндөр коомунда согуш кызматындагы ак сөөк-

---

[1] *Ю. С. Худяков.* Сабля багыра. 22-б.

[2] *О. Шрадер.* Индоевропейцы. СПб., 1913.

[3] *Ю. С. Худяковдо* воин деп берилген. **ВОИН** *м.* черүү, аскер. Караңыз: *К.К.Юдахин.* Русско-киргизский словарь. – Ф., 1957, 91-б.

[4] **ОРДО** – түрк элдеринде орто кылымдарда уруу төбөлүнүн, кол башчынын, бектин ж-а хандын (кагандын) көчмө же туруктуу байтакчысы, борбору. Көчмө О. коштун ортосундагы ыңгайлуу жерге тигилген он эки канат же андан да чоң боз үйдөн же алтын сайма ак чатырдан турган. Мындай О. алыскы аймактарга жасалган жортуулдарга ж-а журт которууларга ылайыкталган. Ал эми туруктуу О. мамлекеттердин байтактысы ка-

төр уруучулук ак сөөктөрдү сүрүп чыгарып, алдыңкы жетекчилик орунду ээлеген.

**Уруулардын биригүүсү. Көчмөн империясынын пайда болушу.** Уруулардын өз ара биригип, бара-бара территорияны түзүшөрү тууралуу Ф.Энгельс мындай деген: «Союз родственных племен становится повсюду необходимостью, а вскоре становится необходимым даже и слияние их и тем самым слияние отдельных племенных территорий в одну общую территорию всего народа»[1].

Ошентип, уруулардын өз ара биригүүсү жүргөн. Бул айрым уруулар жашаган территориялардын да биригүүсүнө, бара-бара мамлекеттин түзүлүшүнө алып келген.

Дегеле көчмөндөрдүн согуш ишиндеги эң жеткен бийиктиги – күчтүү мамлекеттин пайда болушу жана көчмөн империясынын түзүлүшү болуп эсептелген. Мындай империянын тышкы саясаты – бүткүл көчмөн этносторду[2] өзүнүн бийлигинин астына бириктирүү, ошондой эле отурукташкан, дыйканчылык менен жашаган элдерди багындыруу, баш ийдирүү болгон (Ю.С.Худяков, Сабля, 21).

Бирок, согушту уюштурган жана үстөмдүк жүргүзгөн этнос дайыма болуп туруучу согуштардын жүрүшүндө кырылып, азайып, кол алдындагы башка урууларга аралашып кетип турган. Ю.С.Худяковдун белгилөөсү боюнча (22) мамлекет кыйрагандан кийин айрым учурда мындай этностун дүйнөлүк тарых аренасынан да такыр жок болуп кеткен учурлары көп эле учурайт. Көчмөндөр империясы канчалык кең аймакты ээлеп, элдер канчалык көп баш ийдирилсе, андай империя ошончолук тез кыйраган жана башка көчмөн мамлекетке орун бошотуп турган.

---

тары саясий жактан маанилүү шаарлардын биринде орун алган. Кээде түрк урууларынын О-су чоң калаанын чеке белине курулган. Караңыз: *Б.Урстанбеков, Т.Чороев.* Кыскача энциклопедиялык сөздүк. – Ф.: КСЭнин Башкы редакциясы, 1990, 134-б.

[1] *К.Маркс, Ф.Энгельс.* Соч., т. XVI, ч. I , 139–140-бб.

[2] **ЭТНОС** (*греч.* Ethnos – группа, племя, народ) – межпоколенная группа людей, объединенная длительным совместным проживанием на определенной территории, общими языком, культурой и самосознанием. Караңыз: Всемирная энциклопедия. Философия. – М., Минск, 2001, 1279-б.

**Этнос тууралуу.** Этнос демекчи… Этнос жөнүндө кеп кылып жатып, этносту аныктай турган бир да реалдуу белги жок дейт Л.Н.Гумилев. Тили, этностун келип чыгышы, каада-салттар, материалдык маданият, идеология кээде этносту аныктоочу момент катары келсе, кээде андай эмес. Л.Н.Гумилев этнос тууралуу: «Вынести за скобку мы можем только одно – признание каждой особи: «мы такие-то, а все прочие – другие». ...Этнос – коллектив особей, противопоставляющий себя всем прочим коллективам. Этнос более или менее устойчив, хотя возникает и изчезает в историческом времени»,[1] – дейт.

Л.Н.Гумилев жаңы этностун жаралышы жана калыптанышында төмөнкүдөй өзгөчөлүк бар экендигин белгилейт: анча көп эмес адамдардын тобунун айлананы этностук жана жаратылышы жагынан өзгөртүү үчүн бир максаттуу активдүү иш-аракети, болгондо да бул иш-аракет ошол аракеттенүүчү субъект үчүн өтө опурталдуу болушу мүмкүн, бирок ошого карабастан алдыга койгон максат өзүнүн жанынан да артык көрүнөт. Мындай импульс өтө бийик же орто жөндөмдүүлүк, б.а., талант менен байланыштуу. Мындай касиетке ээ адамдар өз жанынан топтун кызыкчылыгын жогору коюшат жана салттык инерцияны бузуп, жаңы этностордун жаралышына түрткү болушат. Л.Н.Гумилев: «Это качество, по сути, антиистинкт» (Этносфера... 31), – дейт, ал аны пассионардуулук (*лат.* passio – страсть) деген жаңы термин менен атайт.

Ошентип, этнос – бул популяция[2] эмес. Этнос, Л.Н.Гумилев айткандай, бул – система «состоящая не только из особей, разнообразных как генетически, так и функционально, но и из продуктов их деятельности в течение многих поколений: техники, антропогенного ландшафта и культурной традиции»[3].

---

[1] *Л.Н.Гумилев.* Этносфера. История людей и история природы. – М., 1993, 41-б.

[2] «Популяция – это совокупность особей одного вида, населяющая в течение ряда поколений определенную территорию, внутри которой осуществляется свободное скрещивание и которое в то же время отделена от соседних популяций некоторой степенью изоляции». *Л.Н.Гумилев.* «Этногенез и биосфера Земли. – М., 2004, 228-б.

[3] *Л.Н.Гумилев.* Этногенез и биосфера Земли. – М., 2004, 229-б.

**Пассионарлар.** Л.Н.Гумилев пассионардуулук тууралуу: «новый термин – пассионарность (от лат. passio), исключив из содержания его животные инстинкты и капризы, служащие симптомами разболтанной психики, а равно душевные болезни, потому что хотя пассионарность, конечно, уклонение от видовой нормы, но отнюдь не патологическое» (Этносфера... 121), – дейт.

Дээрлик бардык адамдарда пассионардуулук болот, «но в чрезвычайно разных дозах. Она проявляется в различных качествах: властолюбии, гордости, тщеславии, алчности, зависти и т.п., которые с равной легкостью порождают подвиги и преступления, созидание и разрушение, благо и зло, но не оставляют места равнодушию» (Этносфера... 121).

Алардагы жалпылык – бизди кызыктырган маселе боюнча – айлананы жаратылыш жана этностук жагынан өзгөртүүгө болгон жөндөмдүүлүк жана аны ишке ашырууга умтулуу. Л.Н.Гумилев бул тууралуу: «общим моментом являетя ... способность и стремление к изменению окружения» (Этносфера... 120), – дейт.

Пассионарлар өздөрүнүн алдына койгон максаты үчүн, ал максат иллюзиялуу болсо да, өзүн да, башка адамдарды да курмандыкка чалууга даяр. Бул ошол этностун көтөрүлүшүнө, эң бийик жеңиштерге жетишине алып келет. Мына ушундай адамдар турмуштун агымын башка нукка буруп, тарыхка жана географияга өзгөртүү киргизишет, аттары тарыхта калат.

Айрым адамдар жаралышынан эле эң күчтүү энергияга ээ болушат. Алар адамдарды артынан ээрчитүүгө, айлана-чөйрөнү, коомдук өнүгүүнүн нугун өзгөртүүгө жөндөмдүү. Мисалга, мындай адамдарга А.Македонский, Наполеон ж.б. кирет. Булар – пассионарлар.

**Этностун көтөрүлүшү жана төмөндөөсү.** Л.Н.Гумилев этностордун көтөрүлүү, динамикалык жактан бийиктикке жетүү жана кайра төмөндөө фазалары болорун белгилейт. Ал кайсы этнос болбосун, анын динамикалык жагынан көтөрүлүшүнүн белгиси – «...способность возникшей популяции к так называемым «сверхнапряжениям», которые проявляются либо в преобразовании природы, либо в миграциях, тоже связанных

с изменением ландшафта на вновь освоенных территориях, либо в повышенной, интеллектуальной, военной, организационно-государственной, торговой и т.п. деятельности» (Л.Н.Гумилев, 112), – дейт.

Бирок мындай көтөрүлүүнүн артында төмөндөө, жеңилүү да бар. Бул тууралуу Л.Н.Гумилев: «История любого этноса укладывалась в колыбель описанной схемы (толчок – подъем – перегрев – упадок – затухание), а отдельные зигзаги учитывались пропорционально их значению» (Этносфера… 31), – дейт. Л.Н.Гумилевдун пикиринде тарыхый жактан алып караганда этностун көтөрүлүшү жана төмөндөшү этногенездин[1] фазаларына туура келет дейт (Этносфера... 44).

Адегенде этностун түзүлүү, калыпка келүүсү инкубациялык мезгилде (период) жүрөт. Бул этностун пайда болушуна алып келүүчү «башталыш механизми» болуп эсептелет. Бирок, бардык учурда эле этнос жарала бербейт, айрым учурда сырткы күчтөрдүн таасири менен бул түзүлүү үзгүлтүккө учурайт.

Кандайдыр бир учурда тарыхый аренада бат өнүккөн жана өзүнүн этностук жүзүн жана коомдогу ролун (самосознание) («мы и не мы», «мы и другие») түшүнгөн адамдардын группасы, же консорция пайда болот. Ал белгилүү бир мезгилде социалдык формага ээ болот да, тарыхый аренага чыгат жана территориялык жактан экспансиясын баштайт. Этносоциалдык системанын бир формага келиши инкубициялык мезгилдин (период) аякташын билдирет. Түзүлгөн этнос же жок болот, же көп жашайт. Бул мезгил пассионардык көтөрүлүү, акматикалык фаза, төмөндөө (надлом), инерция жана обскурацияны[2] башынан өткөрөт. Л.Н.Гумилев бул тууралуу: «Этот период, как в случае с ландшафтами, включает в себе явный пассионарный подьем, акматичекую фазу, фазы надлома, инерции и обскурации» (Этногенез... 215), – дейт.

---

[1] **Этногенез** – локальный вариант внутривидовой эволюции, определяющийся сочетанием исторического и хорономического (ландшафтного) факторов. Караңыз: *Л.Н.Гумилев*. Аталган эмгекте, 44-б.

[2] «Фаза обскурации, во время которой нет забот ни о культуре, ни о ландшафте». *Л.Н.Гумилев.* Этногенез… 214-б.

Бул – этностук популяцияда пассионарийлердин проценти аркылуу аныкталган этностордун жаш-курагы («возраст этносов») менен байланыштуу. Алардын саны белгилүү бир чекке чейин өсөт – система күчөйт, чыңалат, анын чегинен ашып кеткенде пассионардуулук өзүн-өзү жок кылат, б.а., пассионарлар бири-бирин кырышат, андан ары пассионардуулуктун төмөндөшү жүрөт. Мындай энергетикалык төмөндөөдөн (надлом) соң «наступает длинный период инерции[1], когда упорядочивается хозяйство, расширяется образованность и царит законность. Но неубывающая энтропия[2] ведет этнос к распаду» (Л.Н.Гумилев, Этносфера... 31).

Көчмөндөрдүн тарыхында мына ушундай көрүнүш орун алган, б.а., этностордун башын бириктирип, согушту уюштурган жана үстөмдүк жүргүзгөн этнос көтөрүлүүнүн эң бир бийиктигине жеткен, бирок согуш процессинде алар алсырап, кырылып, азайып, жеңилип, бара-бара кол алдындагы башка урууларга аралашып кетип турган. Айрым этностук группалар кыйрап жок болуп, айрымдары башка коңшуларга аралашып кетип, реликтилик этносторго айланышкан.

**Этнос – биосферанын фрагменти катары.** Л.Н.Гумилев биосферадагы биохимиялык энергия жана анын адамдарга тийгизген таасири тууралуу ой жоруйт. Л.Н.Гумилевдун эмгегинде этнос – биосферанын[3] фрагменти катары каралат. Ал: «Этнос – это феномен биосферы, и все попытки истолковать его через социальные законы развития общества приводили к абсурду», – дейт (Этносфера... 29).

Ал эми ар бир адам – этностун мүчөсү. Этнос географиялык жактан тигил же бул региондун биоценозуна кирет, биоценоз – Жер планетасынын биосферасынын фрагменти. Жер болсо Галактика жана Метагалактика бөлүгү болгон Күн системасынын курамына кирет. Ошентип, адамдардын бардыгы

---

[1] **Инерци/я** *ж.* 1. физ. инерция (сырткы күч мурдагы бир калыптуу абалын өзгөртмөйүнчө, нерсенин тынч абалда болуу өзгөчөлүгү). Орусча-кыргызча сөздүк. А–И. – Б., 2012, 721-б.

[2] **ЭНТРОПИЯ** (*греч.* en – в, tropia – поворот, превращение). Всемирная энциклопедия. Философия. – М., Минск, 2001, 1263-б.

[3] **БИОСФЕРА** (*греч.* bios – жизнь, sphaira – шар) – область жизни на земле. Караңыз: Всемирная энциклопедия. Философия. – М., 2001, 112-б.

аалам менен карым-катышта, «но путем иерархической совместимости макромира с микромиром, от которого людей отделяют клетки их тела, молекулы, атомы и субатомные частицы» (Этносфера… 30).

Ошентип, адам жаратылыш, табият аалам менен тыгыз карым-катышта. Аларды бири-биринен бөлүп кароого болбойт. Ушундан улам, биосферадагы биохимиялык энергия да биосферанын фрагменти болгон этносторго, алардын иш-аракеттерине түздөн-түз таасирин тийгизет.

**Көчмөн империянын кыйроосу.** Н.Я.Бичуринде Орто Азияда илгертен эле башкаруунун үлүштүк (удельный[1]) системасы үстөмдүк кылып тургандыгы айтылат, «т.е. государство делилось на мелкие владения, которые в свою очередь, то сливались, то снова дробились, и преобразовались в новые государства»[2]. Мына ушундай жаңы түзүлгөн мамлекеттин башында, жогоруда белгилегендей, согушту уюштурган жана көч- мөндөргө үстөмдүк жүргүзгөн этнос турган.

Бара-бара мамлекеттердин өнөр жайынын өнүгүшү, армияларын аткыч курал менен куралдандыруу – номаддардын атчан армиясынын күчүн кетирген, көчмөн элдер менен отурукташкан, дыйканчылык менен жашаган мамлекеттердин ортосундагы согуштун чечкиндүү өзгөрүшүнө алып келген, аскердик күчтөр алсыраган. Бул процесс акырындык менен көчмөн мамлекеттердин кыйроосуна алып келген.

**Кыргыздар – көчмөндөрдүн тарыхында.** Ошентип, кыргыздардын тарыхы байыркы элдердин ичиндеги этнос катары көчмөндөрдүн тарыхы менен түздөн-түз байланышта. Кыргыздардын тарыхында да, жогоруда айтылгандай, инкубациялык мезгил, пассионардык чыңалуу жана көтөрүлүү, көтөрүлүүнүн эң бийик чегине жетүү, анан төмөндөө сыяктуу көрүнүштөр болгон, б.а., жогоруда айтылган схема кыргыз элинин тарыхында да орун алган. Бирок төмөндөө дегенде – кыргыздардын этнос катары жоюлуп кетишин эмес, каганат катары гана

---

[1] **Удел** 2 *м. ист.* князь тукумуна тиешелүү энчи, үлүш; 3. менчик мүлк. Орусча кыргызча сөздүк. С–Я. – Б., 2012, 456-б.

[2] *Н.Я.Бичурин.* Собрание сведений… Алматы, 1998, I.

жоюлгандыгын эске алуу керек. Кыргыз каганаты жоюлган менен Кыргыз мамлекеттүүлүгү сакталып калган.

Кыргыздар Борбордук Азиялык күчтүү көчмөн мамлекет («держава») болгон хунндар, сяньбилер, жужандар, байыркы түрктөр, уйгурлар, кидандар[1], наймандар, монголдор менен көп кылымдар бою айыгышкан согуштарда өздөрүнүн көз карандысыздыгын коргошкон жана кыргыздарга вассал абалында болгон кыштымдарга[2] үстөмдүгүн сактап калуу үчүн күрөшүшкөн.

**Кыргыз каганаты.** Кыргыздар да Кыргыз улуу мамлекетин, Кыргыз каганатын түзүшкөн. Бул тууралуу Ю.С.Худяков мындай дейт: «Кыргызы стали на короткий период великодержавия единственным за всю средневековую историю Центральной Азии господствующим этносом в кочевом мире, пришедшим в степные просторы из южной Сибири» (*белгилеген – Г.Ж.*) (Сабля, 23).

Белгилеп кетүүчү нерсе, биз жогоруда белгилегендей, мына ушундай этностордун ичинен кыргыздар айрым этностук группалар сыяктуу кыйрап жок болуп кетпей, мамлекеттүүлүгүн сактап калышкан. Бул тууралуу: «И после крушения Кыргызского каганата **они смогли, в отличие от многих других, более многочисленных кочевых этносов, сохранить свою государственность, военную организацию и базу оружейного ремесла, вплоть до нового времени**» (*белгилеген – Г.Ж.*), – деп белгилейт Ю.С.Худяков (23).

---

[1] *Б.Урстанбеков* жана *Т.Чороевде* «кидансы» кыргызча *кытаңдар* деп берилген. Караңыз: Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. – Ф., 1990, 161-б. Биз *кидандар* деп бердик.

[2] Кыштымдар – уруунун аты.

Кыштымдар тууралуу *Б.Урстанбеков жана Т.Чороевдин* эмгегинде мындай маалымат берилген: **КЫШТЫМДАР (кыштымы)** – 15–18-к-дын башында Саян-Алтайдагы жана Түштүк Сибирдин башка аймактарындагы түрк элдеринин ж.б. уруулардын этносоциалдык аталышы. Караңыз: Китепте: Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. – Ф., 1990, КСЭнин Башкы редакциясы, 108-б.

Жогорку маалыматта 15–18-к-дын башындагы уруулар тууралуу маалымат берилген. Бирок кыштымдар көчмөндөр доорунда эле жашашкан жана аларды кыргыздар кул абалында кармашкан.

Демек, кыргыздардын көптөгөн башка этностордон (жоюлуп кеткен, же реликт катары сакталган ж.б.) айырмаланып, каганат жоюлгандан кийин да мамлекеттүүлүгүн, аскер базасын, курал-жарактарын кийинки жаңы мезгилге чейин сактап калышы – кыргыздардын өз элинин көз карандысыздыгы, жеринин бүтүндүгү үчүн жанын аябаган баатыр, кийинки келечек муундарга кам көргөн даанышман, адамзаттагы баалуу сапаттарды (эли-жерин сүйүү, патриоттуулук, биримдүүлүк, баатырдык, камкордук ж.б.) бийик туткан эл болгондугунан кабар берет.

Кыргыз өлкөсүнүн азыркы учурда эгемендүү мамлекет экендиги, мамлекетибиздин өнүгүүнүн демократиялык жолуна түшүшү, сөз эркиндигине ээ болушу, кыргыздардын эркиндикте жашоону сүйүүсү жана монополиялык бийликке жан-дили менен каршы турушу ж.б. – кыргыздардын кылымдардан кылымдарга өтүп келе жаткан каалоосу жана умтулуусу, аздектеген баалуулуктары болуп эсептелет.

## МИҢ-СУУ (МИНУСИНСК) ОЙДУҢУНДАГЫ БАЙЫРКЫ МАЛЧЫЛАР ЖАНА (ЦЗЯНЬ-КУНДАР) КЫРГЫЗДАР

**Байыркы кыргыздардын жазма тарыхынын башталышы. Байыркы кыргыз урууларынын түзүлүү башаты.** Байыркы кыргыз урууларынын түзүлүү процесси кайсы мезгилден жана кайсы жерден башталган деген суроо туулат.

Байыркы кыргыздардын уруу катары түзүлүү тарыхы эң байыркы замандарда жатат. А.Н.Бернштам өзүнүн эмгегинде[1] байыркы кыргыздардын уруу катары түзүлүү тарыхына сереп салып: «Мы выделяем процессы, во-первых, становления кыргызских племен на базе племен первобытнообщинного строя[2], во-вторых, обособление древних кыргыз из динлин-

[1] *А.Н.Бернштам.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. Т. II. – Б. 1998,159-б.; Караңыз: *И.Бичурин.* Собрание сведений о народах обитавших в Средней Азии в древние времена.Спб,1851, ч.1. *А.Н.Бернштамда И.Бичурин деп берилгени сакталды – Г.Ж.*

[2] Алгачкы общиналык коом доорундагы мамилелер Енисей кыргыздары үчүн, ошондой эле Кыргызстандагы уруулар үчүн биздин замандын биринчи миң жылдыгынын башында аяктаган. *А.Н.Бернштам*, Избр.тр., II, 1998, 158-б.

ского слоя и, в-третьих, процесс становления народности на базе сложения первой формы классовых отношений VI–VIII вв.[1] (*белгилеген – Г.Ж.*)», – дейт (1998, 158).

Ошентип, кыргыздардын уруу катары түзүлө башташы алгачкы общиналык коомдук түзүлүштүн базасында эле башталган. А.Н.Бернштам кыргыз деген уруулардын пайда болушун Жогорку Енисейде жашаган малчы уруулардын (скотоводческие племена) пайда болушу жана өнүгүшү менен байланыштырат, б.а., ал кыргыз уруулары мына ушул байыркы малчы-уруулардын пайда болушунун жана өнүгүшүнүн базасында келип чыккан дейт (170).

Ал эми эзелтеден бери малчыларга ыңгайлуу болгон Миң-Суу (Минусинск), Алтай, Монголия жана Тыва жерлерин байыркы замандарда кандай уруулар мекендеген?

Байыркы кыргыздар тууралуу маалыматтар жазма тарыхый булактарда б.з.ч. 201-жылдан баштап учурайт. Кытай жазма булактарында ал цзянь-кунь же гегунь[2] деген ат менен кездешет. В.В.Бартольд: «Известие о событиях 201 г. до нашей эры должно быть признано первым по времени известием о *киргизах*» (курсив В.В.Бартольддуку), – дейт (Киргизы, Ф., 1927).

Жогорудагы маалыматтардан көрүнүп тургандай, кыргыздардын мамлекетинин болгондугу кытай жазма булактарында 201-жылы гана катталган. Демек, 201-жылы кыргыздардын (цзянь-кундардын) мамлекети катталса, анда алар ага чейин эле жашашкан.

А.Н.Бернштам уруулардын түзүлүүсү алардын атынын тарыхый аренада пайда болушунан мурун жараларын, бул жагдай толугу менен кыргыздарга тиешелүү экендигин белгилейт. Ал: «Конец третьего века до н.э. лишь, очевидно, этап их истории, впервые запечетленный письменными источниками, а не точная дата их появления» (159) – дейт.

---

[1] Кул ээлөөчүлүк доордогу мамилелер Кыргызстан үчүн V–VIII кк., «и доходит до X в. у кыргыз на Енисее». *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 158-б.

[2] *А.Н.Бернштам.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. Т. II. – Б. 1998,159-б.; *И.Бичурин.* Собрание сведений о народах обитавших в Средней Азии в древние времена. Спб,1851, ч.1, 17-б.

Б.з.ч. 201-жылы кыргыздар Жогорку Енисейде жашашкан. Мындай маалымат дээрлик бардык тарыхый булактарда кездешет. Мисалы, А.Н.Бернштам тарыхый жазма жана археологиялык материалдар боюнча Ортоңку жана Жогорку Енисейде жайгашкан цзянь-кунь (*байыркы кыргыздар – Г.Ж.*) уруулары малчылар (скотоводы) жана ушул аймактын (край[1]) аборигендери[2] болушкандыгын маалымдайт. Демек, кыргыздар тарыхка катталган мезгилде Енисейдин жергиликтүү тургундары болушкан.

А.Н.Бернштам: «они явились в результате какого-то сложного исторического процесса, на базе которого к III веку до н.э. уже сложились кыргызские племена» (159), – дейт. Бул бизди кыргыздардын уруу катары түзүлгөн, чарбасы, маданияты түзүлгөн ата-мекенинин эң байыркы тарыхына кайрылууга түртөт. Бирок, бул маселени изилдөө «уводит нас в глубокую древность, к той поре, когда история фиксирует на Енисее начало сложения скотоведческого хозяйства» (1998, 159).

Ошентип, кыргыздардын уруу катары түзүлүү башаты, алардын чарбасынын, маданиятынын түзүлүү башаты Енисейдеги мал чарбачылыгынын түзүлүү мезгили менен байланыштырылат.

Н.А.Аристов дагы: «...есть достаточные данные пологать, что не только хунны и тукиюесцы, но также уйгуры и **кыргызы существовали в очень отдаленные, можно сказать доисторические времена, задолго до владычества в Монголии не только тукиюесцев, но и хуннов»** (*белгилеген – Г.Ж.*) (139), – деген. Демек, Н.А.Аристовдун пикири боюнча да байыркы кыргыздар хунндарга чейин эле, эң эле байыркы доорлордо жашашкан.

Кыргыз урууларынын калыптануу процесси узак убакытта жана өтө зор территорияда өткөндүгүн айтып келип, С.Абрамзон: «Азыркы изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү **кыргыз урууларынын кубар заң ата-бабаларынын жаратылышында эң ба-**

---

[1] **Край** *м.* 3. өлкө, эл, журт, жак, аймак. Орусча-кыргызча сөздүк. К–О. – Б., 2001, 127-б.

[2] **АБОРИГЕН** *м.* абориген (*жергиликтүү адам*). *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк. 1957, 13-б.

**йыркы сак жана усун, динлин жана гунн уруулук союздары менен байланышы бар деген жыйынтыкка келишти»** (*белгилеген – Г.Ж.*), – дейт (295).

Төмөндө биз – кыргыздардын уруу катары түзүлүүсүнүн башаты болгон Енисейдеги мал чарбачылыгынын пайда болуу мезгилине кайрылабыз.

**Енисейдеги мал чарбачылыгынын пайда болушу. Кыргыз урууларынын түзүлүү башаты.** Ошентип, б.з.ч. III кылымда, кыргыздар жазма тарыхка катталган мезгилде алар цзян-кунь уруусу катары белгилүү болушкан жана Жогорку Енисейде жашашкан. Ал эми Енисейдеги кыргыздардын байыркы тарыхы эң байыркы мезгилге, малчылардын пайда болуу мезгилине барып такалат, т.а., байыркы кыргыздардын уруу катары түзүлүү, чарба жана маданиятынын түптөлүү башаты – бизди эң байыркы мезгилдерге – Енисейдеги мал чарбачылыгынын түзүлө баштаган мезгилине алып барат.

Ал эми мал чарбачылыгынын башаты тээ байыркы афанасьевдик доордо жатат. А.Н.Бернштам: **«...истоки сложения кыргызских племен, история кыргызского народа должны начинаться по археологическим памятникам с афанасьевской культуры, с анализа динлинского этногенеза, на базе которого и возникает древнее кыргызское общество»** (*белгилеген – Г.Ж.*) – дейт (1998, 169).

Мындай маалыматтар кыргыз уруусунун түзүлүү мезгили афанасьев маданиятынын эстеликтеринен башталарын кабарлайт. Анткени, Енисейдеги мал чарбачылыгы да мына ушул мезгилде түзүлө баштаган.

Ал эми афанасьев маданияты качан жана кайсы жерде пайда болгон?

**Афанасьев маданияты. Байыркы кыргыздардын уруу катары түзүлүү башаты.** А.Н.Бернштам С.Теплоухов[1] сунуш кылган археологиялык эстеликтердин классификациясына таянып, Енисейдеги мал чарбасынын байыркы издерин б.з.ч.

---

[1] *С.Теплоухов.* Древние погребения в Минусинском крае. МЭ, т. III, в.2. А.Н.Бернштамдын белгилөөсү боюнча С.Теплоуховдун классификациясы бардык советтик жана чет өлкөлүк окумуштуулар тарабынан кабыл алынган. Караңыз: А.Н.Бернштамдын аталган китебинин 160-бети.

экинчи миң жылдыкка алып барат: «Древнейшие следы скотоводство на Енисее относятся ко времени II тысячелетия до н.э.» (Избр.тр., II, 1998,159). Бул жерде археологдор тарабынан афанасьевдик деген атка ээ болгон маданият ачылган. Аталган маданият Миң-Суудан алыс эмес жайгашкан Афанасьев тоосунун аты менен аталып калган, анткени ал жерден ушул типтеги биринчи эстеликтер табылган.

А.Н.Бернштамдын кыргыздардын байыркы тарыхы афанасьев маданиятынын археологиялык эстеликтеринен башталат деген версиясына таянып, биз кыргыздардын байыркы тарыхы да дал ушул мезгилден башталат деп айта алабыз. Тактап айтканда, **байыркы кыргыздардын уруу катары түзүлүүсүнүн башталышы, башаты б.з. чейинки экинчи миң жылдыкта, Енисейдеги афанасьевдик маданияттын эстеликтеринен башталат.** Демек, афанасьевдик маданияттын байыркы кыргыздарга түздөн-түз тиешеси бар.

Афанасьевдик маданият анча чоң эмес, кээ бирлери таш плиталар менен тегерете капталган бир кишилик күмбөздөрү менен белгилүү. Мындай көрүстөндөрдө өлүк менен кошо тиги дүйнөдө керек деп эсептелген анын анчалык көп эмес буюмдары, тамак-аштын калдыктары да болгон. Мына ушул типтеги мүрзөлөр адатта 20–25 үймө дөбөлөрдүн топтомунан турат, аларды жердин үстүнөн бир аз гана өйдө чыгып турган тегерете коюлган таштардан улам араң ажыратууга болот. Мындан башка дагы мүрзөлөрдө коллективдик көргө коюу кездешет, андай мүрзөлөрдө, албетте, бир үй-бүлөгө тиешелүү бир нече өлгөн адамдардын сөөктөрү коюлган (1998, 160).

А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча бул мезгилдеги чарбанын инвентары[1] абдан эле жарды болгон. Алар – керамика, оттук таш (кремень)[2], сөөктөр жана жез, жапайы жана үй айбандарынын сөөктөрү. Кол өнөрчүлүк абдан примитивдүү болгон. Металлдын колдонулушу начар болгон, металл ката-

---

[1] **ИНВЕНТАРЬ** *м.* инвентарь (чарбанын, мекеменин, ишкананын, жеке адамдын буюмдары, мал-мүлктөрү). *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк. – Ф., 1957, 254-б.

[2] **КРЕМЕНЬ** *м. мин.* оттук таш, чакмак таш. *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк. 307-б.

ры калай кошулбаган жез колдонулган, мунун өзү адамдардын колонун жасалышы менен таанyштыгы жоктугун айтып турат. Эмгек шаймандары таштан жана сөөктөн жасалган. Ал эми жез, негизинен, зер буюмдарды (украшения) жасоо үчүн керектелген.

Бул доордогу идиштердин формалары карапа өндүрүшүнүн жаңы гана башталгандыгын көрсөтөт[1]. Идиштердин формалары абдан эле жөнөкөй, көбүнчө түбү томпойгон карапалар, бийик жумуртка формасындагы идиштер болгон, ал эми банка же ваза түрүндөгү идиштер сейрек кездешкен. Керамика өз-өзүнчө чоподон чапталып жасалган тасмалардан кол менен иштелген. Примитивдүү чопо тасмалардан жабыштырылып жасалган идиштер текши эмес болгон (1998,160).

Афанасьевдик маданияттын эң маанилүү фактысы – **адамдардын айбандарды колго үйрөтүүсү, т.а., бакма кылуусу, бул адабияттарда мал чарбачылыгынын генезиси катары каралат**[2] (*белгилеген – Г.Ж.*). Афанасьевдик типтеги байыркы көрүстөндөрдөн үй айбандарынан койдун, буканын, аттын сөөктөрү табылган. Алардын сүтүн пайдаланышкандыгы тууралуу маалыматтар жок. А.Н.Бернштамдын пикири боюнча, бул жаныбарларды алардын этин пайдалануу үчүн асырашкан.

Албетте, жапайы айбандарга да аңчылык кылышкан. А.Н.Бернштам: «Примитивное скотоводство сочеталось с охотой на косулю, дикого быка, бурундука, лисицу, изюбря, а также птиц», – деп белгилейт. Ошондой эле балыктын сөөгүнүн, анын ичинде чортон балыктын да ошондой эле балык кармоочу кайырмактын табылышы – балыкчылыктын маанилүү роль ойногондугун көрсөтүп турат (1998, 161).

Малчылыктын келип чыгышы тууралуу А.Н.Бернштам мындай дейт: көрүстөндөрдөн табылган маданий кубулуштардын мүнөзү «говорит о том, что здесь, мы имеем дело с воз-

---

[1] *С. Теплоухов.* Древние погребения в Минусинском крае. 62-б.

[2] *Г. Сосновский.* К истории скотоводства в Сибири. В сб. «Проблемы происхождения, эволюции и породообразования домашних животных». – М.–Л., т. 1, 1940, стр. 139; *С. Теплоухов.* Древние погребения в Минусинском крае. МЭ, т. III, 68–69-б.

никновением скотоводства из охоты, причем последняя была связана с сравнительно оседлым образом жизни»[1].

Отурукташкан жашоонун болгондугу балыкчылыктан жана көрүстөн курулуштарынын негизинде археологдор реконструкциялаган үйлөрдүн мүнөзүнөн көрүнүп турат. Негизинен жер тамдар, жыгачтан салынган курулуштар, же дубалы жыгач менен бекемделген ошол эле жер тамдар.

Тарыхый маалыматтар боюнча мал чарбачылыгынын келип чыгышы «знаменует собой начало сложения патрилокального брака и патриархальной семьи. Она является базой для разрушения старого патрилокального рода»[2]. А.Н.Бернштам: «Видимо здесь, в афанасьевской культуре, датируемой археологами 2500–2000 гг. до н.э., мы имеем дело с началом этого процесса, который, по мнению Ф. Энгельса, явился одной из самых больших революций, когда-либо пережитых человечеством»,[3] – дейт.

Ошентип, афанасьевдик маданият археологдор тарабынан б.з.ч. 2500–2000-жж. деп белгиленет жана Миң-Суу ойдуңуна мүнөздүү деп эсептелет. Ушуга окшош эстеликтер дагы Алтайда гана кездешет, ал эми чектеш райондордо мындай эстеликтер дээрлик жок.

Ошентип, А.Н.Бернштам археологдордун маалыматтарына, археологиялык эстеликтердин классификациясына жана байыркы мезгилдеги мал чарбачылыгынын келип чыгышы боюнча атайын жазылган эмгектерге таянып, Енисейдеги мал чарбачылыгынын байыркы издери б.з.ч. экинчи миң жылдыкта («II тысячелетия до н.э.») деп берген.

Ю.С.Худяков да өзүнүн эмгегинде эң байыркы малчылар тууралуу кеп кылат. Ал: «В незапамятные времена, пять тысячелетий назад, минусинские степи, горные долины Алтая, просторы Монголии и Тувы (*автордо Тува деп берилген – Г.Ж.*) заселили племена древних скотоводов», – дейт. Тарыхта бул

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 161-б.; Бул тууралуу А.Золотарева жана Левиндин макалаларын караңыз: К вопросу о древности и происхождении оленеводства. Жыйнакта: «Пробемы ПЭПОЖ», 1. – Л., 1940.

[2] История СССР… ч. 1, 144-б.

[3] *А.Н.Бернштам.* Аталган китепте, 1998,161-б.

байыркы малчы көчмөндөрдүн **афанасьевдик маданияты** деген ат менен белгилүү экендигин маалымдайт.

Ю.С.Худяковдун сүрөттөөсү боюнча алар узун бойлуу европеоид[1] түспөлүндөгү (сары чачтуу, көк көздүү), малчылыкты кесип кылган көчмөн адамдар болушкан, айрымдар аларды Европадан Азияга чексиз талаалар аркылуу б.з.ч. IV миң жылдыкта («в IV тысячелетии до нашей эры») көчүп келген байыркы европалык элдер, тохарлар дешсе, кытай летописинде алар жөнүндөгү маалыматтар **динлиндер** деген ат менен сакталган (Сабля багыра, 24).

Бул маалыматта динлиндердин афанасьевдик маданият деген ат менен белгилүү болгон байыркы доордо эле жашашкандыгы болжолдонот.

Ю.С.Худяковдун маалыматы боюнча алар металлды өндүрүүнү билишкен, жезден кылыч жана бычактарды, алтындан, күмүштөн жана метеорит жезинен зер буюмдарды («украшения») жасашкан. Күмбөздөргө таш плиталардан коргондорду курушкан (Худ., 24).

Жогорудагы маалыматтар бири-биринен бир аз айырмаланып тургандыгын байкоого болот. Ю.С.Худяковдун маалыматында афанасьевдик маданият мезгилиндеги адамдар жезден гана эмес күмүштөн жана метеорит жезинен да зер буюмдарды жасашкандыгы, ошондой эле жезден кылыч жана бычактарды жасашкандыгы айтылат.

Ал эми А.Н.Бернштамда бул мезгилде жасалгалардын күмүштөн жана алтындан жасалгандыгы айтылбайт, бирок зер буюмдардын жезден жасалгандыгы белгиленет. Ал: «В данном случае, путь ознакомления человека с металлом целиком и полностью соответствует аналогичным явлениям во всем мире. Везде открытие меди, а затем бронзы, ровно как впоследствии железа, начиналось с ковки этих металлов и изготовления предметов украшения, лишь затем, при более тщательном знакомстве с этими материалами, человек приходил к изготовлению орудий труда и внедрял в производство технику литья» (160), – дейт.

---

[1] **Европеоид** *м. антроп.* европеоид. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И. – Б., 2012, 512-б.

Жогоруда, афанасьевдик маданиятта металл катары калай кошулбаган жез колдонулгандыгы, мунун өзү адамдардын колонун жасалышы менен тааныштыгы жоктугун айтып тургандыгы, эмгек шаймандары таштан жана сөөктөн жасалгандыгы, ал эми жез, негизинен, жасалгаларды жасоо үчүн керектелгендиги айтылган эле (1998,160). Биздин оюбузча, мына ушул маалыматтар реалдуу болуу керек.

В.В.Радлов түштүк Сибирдеги жана кыргыз талааларындагы байыркы дөбөлөрдү казуу иштеринин жыйынтыктары боюнча байыркы күмбөздөрдү үч доорго бөлгөн: 1) коло жана жез; 2) байыркы темир; 3) жаңы темир.

Эң биринчи байыркы доордогу бейиттерде темир буюмдар болгон эмес, экинчи байыркы темир доорунда темир буюмдар кездешкен, бирок алар коло жана жез буюмдарынын формаларын сакташкан. Байыркы темир доорун В.В.Радлов кагастардын (*байыркы кыргыздардын – Г.Ж.*) дооруна тиешелүү деп, ал эми коло доорун енисей остяктарынын бабаларынын дооруна тиешелүү деп болжолдойт, анткени ал енисейликтерди динлиндердин жана кытай маалыматтарындагы помалардын тукуму деп эсептеген. Жаңы темир доорун В.В.Радлов «пологает принадлежащими кыргызам и современным им племенам»[1].

Мындай маалыматтар аталган доорлордун байыркы кыргыздарга да тиешеси бар экендигин көрсөтүп турат. Енисейликтердин бабалары катары саналган динлиндер менен да байыркы кыргыздардын тыгыз байланышы бар. Булар тууралуу өз учурунда сөз болот.

Аталган классификацияда коло же жез доору бир берилип, бул доордо енисейлик остяктардын бабалары динлиндер жана помалар болгондугу айтылат. Бирок, бул мезгилдерди дагы ичинен экиге бөлүп, адегенде жез доору, андан соң коло доору деп бөлсө туура болчудай. Эмне үчүн адегенде жез деп бөлүп берүү туура болорун А.Н.Бернштамдын эмгегиндеги

[1] Маалымат *Н.А.Аристовдун* эмгегинен алынды Караңыз: Усуни и кыргызы… – Б., 2001, 198–199-бб. Н.А.Аристов бул маалыматтарды берүүдө төмөнкү эмгектерге таянган: «Аборигены Сибири» в «Живописание России», т. XI, 1884 г., стр. 6–30; Aus Sibirien, B II, s.s.75, 100, 101, 121, 129, 130, 136, 139.

маалыматтар эле ырастап турат. Окумуштуунун эмгегине таянып, адегенде мал чарбачылыгынын түзүлө баштаган доору – афанасьевдик доордо шаймандардын таштан жана сөөктөн жасалгандыгы, ал эми жасалгалардын негизинен жезден жасалгандыгы, ал эми колону иштетүү кийинчирээк өнүккөндүгү тууралуу маалыматтар жогоруда берилген эле. Ошондой эле адегенде жездин ачылышы, андан соң коло, анан темирдин ачылышы болгондугун жана алардан адегенде зер буюмдар жасалып, бара-бара үйгө керектүү буюмдар, курал-жарактар жасалгандыгын А.Н.Бернштам өзүнүн эмгегинде көрсөткөн. Жездин ордуна колону иштетүү жана андан буюмдарды жасоо кийинки андроновдук доордо өнүккөн.

Ошентип, байыркы мал чарбачылыгынын башаты афанасьевдик доордон башталат деген жыйынтык пикирге келүү менен бул мезгилде жезди иштетүү жана андан буюмдарды жасоо өнүккөн деп айта алабыз.

Жогоруда айтылган А.Н.Бернштамдын Енисейдеги кыргыздар малчылар болушкан, алардын баштапкы тарыхын эң байыркы мал чарбасынын башталышы менен байланышта кароо керек деген божомол пикири бизди б.з.чейинки экинчи миң жылдыкка алып барды.

А.Н.Бернштамдын мындай пикири тууралуу Ю.С.Худяков: «Анын (*А.Н.Бернштамдын – Г.Ж.*) божомолуна ылайык, кыргыздардын тарыхы тээ б.з. чейинки IV жылдыкка (*Ю.С. Худяковдо ушундай берилгени сакталды*), Енесай менен Теңир-Тоо жалпы бир этномаданий чөлкөм болуп турган алыскы доорлорго барып тогошот. Маданий жактан алардын «эң окшош» белгилери «андроновдук мезгилге» туура келет», – деген[1].

Ю.С.Худяков изилдөөлөрдө археологиялык табылгаларды кеңири колдонуу тажрыйбасын алгач ирет А.Н.Бернштам баштагандыгын белгилейт. Көрүнүп тургандай, Ю.С.Худяков А.Н. Бернштамдын маалыматында кыргыздардын тарыхы б.з.ч. IV миң жылдыкта болгон деп берилген дейт. Бирок А.Н. Бернштамда мал чарбачылыгынын байыркы издери б.з.ч. экинчи

---

[1] *Ю.С.Худяков.* Енисей кыргыздарынын тарыхы. Китепте: Кыргыздар. – Б., 1993, 1, 231-б.

миң жылдыкка (II тысячелетия до н.э.) тиешелүү деп берилген (Аталган эмгекте, 1998, 160).

Ошентип, Афанасьевдик маданияттын эң маанилүү фактысы – адамдардын айбандарды колго үйрөтүүсү, т.а., бакма кылуусу, бул адабияттарда мал чарбачылыгынын генезиси катары каралат[1].

**Байыркы кыргыздар – Афанасьевдик маданият эстеликтеринде.** Ошентип, жогорудагы маалыматтар байыркы кыргыздардын байыркы тарыхын Енисейдеги байыркы мал чарбачылыгынын келип чыгуу тарыхы менен тыгыз байланышта кароонун зарылдыгын белгилейт. Демек, бул мезгилдеги афанасьевдик маданиятка мүнөздүү көрүнүштөр кыргыз урууларын түзө баштаган топторго да мүнөздүү болгон десек жаңылышпайбыз.

Эгерде кыргыздар ошол мезгилде уруу катары түзүлө баштаган десек, анда кыргыздар дагы примитивдүү малчылыкты аңчылык менен айкалыштырышкан. Ал эми көрүстөндөрдөн балык кармоочу кайырмактын табылышы – бул учурда балык уулоочулуктун маанилүү роль ойногондугун көрсөтүп турат жана отурукташкан жашоонун болгондугунан кабар берет. Бул, негизинен, жер тамдар болгон. Айрым учурларда алардын дубалдары жыгач менен бекемделген.

Бул мезгилдеги маданий эстеликтер эмгек шаймандарынын негизинен таштан жана сөөктөн жасалгандыгын маалымдайт. Андан башка керамика, оттук таш, сөөктөр жана жез, жапайы жана үй айбандарынын сөөктөрү пайдаланылган. Зер буюмдар негизинен жезден жасалган. Коло менен тааныштыгы болгон эмес.

Ю.С.Худяковдун афанасьевдик маданият эстеликтери боюнча адамдар узун бойлуу европеоид түспөлүндөгү, малчылыкты кесип кылган көчмөн адамдар болгон деген маалыматынын дагы байыркы кыргыздарга мүнөздүү экендигин белгилөө керек. Байыркы кыргыздардын (цзянь-кундардын) да бойлору узун, көздөрү көк, чачтары сары болгон. Бирок,

---

[1] *Г.Сосновский.* К истории скотоводства в Сибири. В сб. «Проблемы происхождения, эволюции и породообразования домашних животных», т. 1. – М.–Л., 1940, 139-б.; *С.Теплоухов.* Древние погребения в Минусинском крае. МЭ, т. III, 68–69-бб.

Ю.С.Худяков алар кытай летописинде динлиндер деп берилгендигин айтат. Ал эми динлиндер менен кыргыздардын урук-урку аралашып кеткендиги тууралуу бардык жазма булактарда айтылат. Динлиндер менен байыркы кыргыздардын байланышы тууралуу учурунда сөз болот.

Ошентип, кыргыздар афанасьевдик мезгилде уруу катары түзүлө баштаган. Чарбасы жана маданияты түптөлө баштаган. Енисейдеги мал чарбачылыгынын түзүлүү мезгили да Афанасьевдик маданияттан башталат.

**Андроновдук маданияттын эстеликтери жана байыркы кыргыздар. Андроновдук маданият Кыргызстанда.** Кийин археологдор тарабынан ушундай эле типтеги маданият ачылган[1]. Ал мезгили боюнча б.з.ч. 1500–1000-жж. камтып, андроновдук маданият деп аталган. Анткени ушул типтеги эстеликтер биринчи жолу Миң-Суу ойдуңунда Ачин районундагы Андронов кыштагында табылган.

Эгерде, жогорудагы кыргыздардын уруу катары түзүлүүсү Енисейдеги мал чарбачылыгынын башталышы менен байланыштырылганын эске алсак, анда андроновдук маданияттын кыргыздарга да тиешеси бар. Демек, андроновдук маданиятка мүнөздүү көрүнүштөрдүн бардыгын байыркы кыргыздар баштарынан өткөрүшкөн.

Жогоруда белгиленгендей, А.Н.Бернштам кыргыздардын байыркы тарыхы эң эле алыскы доорлордон башталарын, ошондой эле Энесай (Ю.С.Худяковдо Энесай деп берилгени сакталды) менен Теңир-Тоолуктардын «маданий жактан «эң окшош» белгилери «андроновдук мезгилге» туура келерин белгилеген», – дейт Ю.С.Худяков (231).

Андроновдук маданияттын өзгөчөлүгү – анын эң кеңири тарагандыгы. Ал Енисейден батышка карай Хорезмге чейин жеткен[2]. А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча андроновдук маданияттын эстеликтери Обь, Алтай, Борбордук жана Чы-

---

[1] *С. Толстов.* Хорезмская экспедиция 1939 г. КСИИМК, вып. VI. – М. Л., 1940, 70 и сл. Культуры кельтеминарская и отчасти тазабагьябская. Древности Верхнего Хорезма. ВДИ, № 1, 1941.

[2] *А. Н. Бернштам.* Аталган эмгек, т. II, 163; *М.Грязнов.* Погребения бронзовой эпохи в Западном Казахстане. Сб. «Казахи». Материалы Окисар, вып. 11. – Л., 1927.

гыш Казакстанда жана Арал деңизинин жанында кездешет. Андроновдук типтеги буюмдар Түндүк Тянь-Шандын алдындагы жерлерде, Ысык-Көлдө, Сокулук райондорунда да учурайт[1].

Андроновдук маданияттын Кыргызстандын территориясында болгондугу өзүнчө сөз козгоого, изилдөөгө муктаж маселелерден.

Андроновдук маданият – миң-суулуктардын чарбачылык жана социалдык түзүлүшүнүн кийинки этабы болуп эсептелет. Бул типтеги байыркы көрүстөндөр мезгили боюнча мурунку көрүстөндөрдөй эле, б.а. мүрзөнүн тегерегиндеги тосмолор шакек же тик бурчтук түрүндөгү таштардан курулган. Байыркы көрлөр айрым учурларда анча чоң эмес үймө топурактардан да турган. «Погребения сгруппированы в могильники до 12 штук в каждом. Неглубокая могильная яма отделена срубом или каменными плитами в виде ящика. Положение покойника на боку, скорченное» (А.Н. Бернштам, 1998, 162).

Андроновдук маданият афанасьевдик маданиятка караганда бир топ өнүккөн маданият деп эсептелет. Керамиканын формалары абдан бай, жасалышы жагынан сапаттуу жана кооздолушу жагынан ар түрдүү экендиги көңүлдү өзүнө бурат. Идиштердин формалары да эң мыкты. Идиштердин түбү жалпак экендиги «свидетельствуют о гладком поле жилища и устройстве постоянного очага» (1998, 162).

Жездин ордуна адамдар коло эритүүнү үйрөнүшкөн. Колонун сапатын бара-бара жакшыртуу аркылуу акырындык менен зер буюмдарды жасоодон эмгек шаймандарын куюп жасоого өтө башташкан. Колодон алар куралдарды (тоо тектерин уруп жаруучу салбырак («вислообушные»[2]) балталар, бычак же кылыч, найзанын темир учу, керки-чотторду ж.б. жана эмгек шаймандарын – шибегелерди, орокторду жасашкан.

Металлдан буюмдарды жасоонун техникасы – куюп жасоо болгон. Бул доордо металлургиялык өндүрүш өнүккөн.

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгекте,1998,163-б.; *А.Н.Бернштам.* Археологический очерк Северной Киргизии. – Фрунзе, 1941, 20-б.

[2] **Висл/ый**, **-ая**, **-ое** салбыраган, салбырак. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И, 2012, 219-б.;

**Обушок** *м* 2. (тоо тектерин уруп жаруучу курал). Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2012, 538-б.

Муну химиялык анализдер менен аныкталган колонун курамы, же таштан куюлган формалар жана жасалган буюмдардын түрлөрү көрсөтүп турат. Ошондой эле эң терең жер астындагы жез, калай жана алтын кендерин казып алуу иштери далилдейт (163).

Андронов тибиндеги маданияттын эң маанилүүсү – бул, албетте, мал **чарбачылыгынын өнүгүшү, ошондой эле кол соко менен айдаган дыйканчылык**[1] (*белгилеген – Г.Ж.*) болгон. Археологдор тарабынан ачылган бардык көрүстөндөрдө жалаң гана үй айбандарынын сөөктөрү (кой, бука, ат) табылган. Ошол мезгилге таандык турак-жайларда[2] жапайы айбандардын сөөктөрүнө караганда үй айбандарынын сөөктөрү басымдуулук кылат. А.Н.Бернштамдын пикири боюнча жапайы айбандарга болгон аңчылык бул мезгилде экинчи планга калган. Анткени адамдар үй айбандарынын этин тамак үчүн колдонуудан тышкары, алардын жүнүнөн кездемелерди жасаганды үйрөнүшкөн.

Андроновдук маданиятта отуруктуулуктун өнүгүшү көрүстөндөрдөгү курулуштардын мүнөзүнөн жана алардын жашаган турак-жайларын изилдөөдөн улам белгилүү болгон, бул дыйканчылыктын келип чыгышына шарт түзгөн. Дыйканчылык мал багуунун муктаждыктарынан – жем-чөп даярдоодон улам келип чыккандыгы шексиз, муну жер айдоо куралдарынан бир кыйла көп сандагы ороктордун кеңири жайылышы көрсөтүп турат (163).

Бул доордо коомдогу патриархалдык мамилелер андан ары өнүккөн жана бекемделген. Өз алдынча патриархалдык үй-бүлөнүн келип чыгышы – мүлктүк теңсиздикти жараткандыгы көрүстөндөрдөгү буюмдардын инвентарынан белгилүү болгон. Көрүстөндөрдү байдыкы жана кедейдики деп ажыратууга болот. А.Н.Бернштамдын белгилөөсү боюнча патриархалдык үй-бүлө менен катар эле бир түрдүү же тектеш уруулардан турган уруулук союздар түзүлө баштаган.

---

[1] *А.Н.Бернштамда* мотыжное земледелие деп берилген (163-б.). **Мотыга** I *ж* 1. кол соко (жер айдоонун эң жөнөкөй эмгек куралы); 2. кетмен. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2012, 318-б.

[2] *А.Н.Бернштамда* **поселение** деп берилет. Аталган эмгекте, 163-б.

Аталган доордо мал чарбачылыгынын өнүгүшүнүн жана байлыкты көбөйтүүнүн түздөн-түз жолу согуш болгон. Согуштардын болушу ар кандай куралдарды жасоону талап кылган. Эми согуш куралдары эмгек шаймандарынан таптакыр бөлүнүп чыккан (164).

Ошентип, андроновдук маданият деп аталган мезгилде адамдар отурукташып жашашкан, мал чарбачылыгы бекем орун алып, дыйканчылык аңчылык менен айкалышкан. Патриархалдык үй-бүлөнүн пайда болушу менен мүлктүк теңсиздик пайда болгон. Патриархалдык үй-бүлө менен катар эле биринчи уруулук союздар түзүлө баштаган. Согуш – малды жана байлыкты көбөйтүүнүн каражаты болгон. Натыйжада, согушка керектүү курал-жарактардын жасалышы активдешкен. Металлды иштетүү өркүндөтүлгөн.

Демек, байыркы кыргыздардын эзелки тарыхы мына ушул каралган доорлор менен байланыштуу, алардын ичинен, так-тап айтсак, байыркы кыргыздардын тарыхы афанасьевдик маданияттын эстеликтеринен башталып кийинки доорлордо уланат.

Андроновдук маданият тууралуу Ю.С.Худяков төмөндөгүлөрдү маалымдайт. Б.з.ч. экинчи миң жылдыктын ортосунда Миң-Суу талааларына батыштан байыркы арийлер кирип келишкен. Алар кош атка чегилген жеңил согуштук арабаларда жүрүшкөн, жебесинин учу колодон жасалган жаа, коло баштуу найзалар, согуштук айбалта жана кылыч менен куралданышкан. Алар күнгө жана отко сыйынышкан жана өлгөн кишилерди өрттөшкөн. Булар Уралдан Түштүк Сибирге, Синьцзянга жана Орто Азияга чейинки аябагандай кең талааларды ээлеп турушкан. Илимде бул андроновдук маданият деген ат менен белгилүү болгон[1].

Жогорудагы маалыматтарда бул мезгилде коло арбын колдонулгандыгы айтылган. В.В.Радлов коло доорун енисейлик остяктардын бабаларынын дооруна тиешелүү деп болжолдойт. Ал эми энисейлик остяктардын бабалары динлиндер болуп эсептелет.

[1] *Е.Е.Кузьмина.* Откуда пришли андоарии? – М., 1994, 189–194-б.; *Ю.С. Худяков.* Аталган эмгекте, 26.

В.В.Радлов енисейликтерди динлиндердин жана кытай маалыматтарындагы помалардын тукуму деп эсептеген. Динлиндердин Енисейди жердеп тургандыгы белгилүү. Ал эми динлиндер менен кыргыздардын байланышы тууралуу учурунда сөз болот.

Андронов маданияты мезгилинде адамдардын отко сыйынышкандыгы жана өлгөн адамдарды өрттөө жөрөлгөсү болгондугу алардын диний ишенимдеринен кабар берет. Андронов маданиятындагы өлгөн адамды өрттөө жөрөлгөсү байыркы кыргыздарда сакталгандыгы тарыхый жазма булактар аркылуу белгилүү.

Ошентип, жогорку маалыматтар динлиндердин афанасьевдик жана андроновдук маданияттардын тушунда Миң-Сууда жашап турушкандыгын кабарлайт. Байыркы кыргыздардын уруу катары түзүлүүсүнүн башаты афанасьевдик маданияттан башталып, кийинки андроновдук маданияттын тушунда уланган. Кыргыздардын да динлиндер сыяктуу бойлору узун, чачтары сары, көздөрү көк болгон. Бирок тарыхта жалпы жонунан эле динлиндер деген ат катталып калган.

А.Н.Бернштам айткан Энесай (*китептегидей берилди – Г.Ж.*) менен Теңир-Тоолуктардын «маданий жактан «эң окшош» белгилери «андронов мезгилине» туура келсе, ал эми «жергиликтүү айырмачылыктары скиф доорунда күч алат. Бул мезгилде Энесай менен Теңир-Тоодо чынында эле улку-бурку (*«улку-бурку» деген кыргызча котормосу сакталды – Г.Ж.*) тектеш бир гана раса болгон, аны биз динлиндер урку[1] (*котормодо ушундай берилген – Г. Ж.*) десек да болот»[2].

Биз бул жерде урук-урку аралашкан тектеш бир гана раса болгон дегенде, сөз динлиндер менен кошо кыргыздар жөнүндө да болуп жатат деп түшүнөбүз, анткени, жогоруда белгилегендей, байыркы кыргыздар менен динлиндердин урук-урку аралашып кеткендиги тууралуу дээрлик бардык жазма булактарда айтылат (бул этномаданий биримдик тууралуу учурунда сөз

---

[1] Эмгекте бул этномаданий биримдик гунндардын аламан жапырыгынан апааты чыккандыгы айтылат. Караңыз: *Ю.С.Худяков.* Енисей кыргыздарынын тарыхы. *Китепте:* Кыргыздар. 1, 231-б. Которгон: Э.Нурушев.,

[2] Мисал Ю.С.Худяковдун эмгегинен келтирилди. Аталган эмгекте, 231-б.

козголот). **Кыргыздардын энесайлык жана теңир-тоолук болуп эки тарамга ажырашы да ушул мезгилге туура келет** (*белгиленген – Г. Ж.*) (232).

Андронов маданиятынан кийин анын ордун карасук маданияты ээлеген. Карасук маданияты «чыгыш» ориентациясында болгон.

**Карасук маданияты.** А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча б.з.ч. биринчи миң жылдыктын башталышы менен Миң-Суу талааларындагы маданияттын мүнөзү жана анын өнүгүшү өзгөрө баштайт, бул Карасук тибиндеги эстеликтерде даана байкалат. Мындай эстеликтер Миң-Суу ойдуңундагы Карасук районундагы Батеней кыштагында табылгандыктан, бул маданият тарыхта карасук маданияты деп аталган. Карасук маданияты Андронов маданиятынан келип чыккан.

Карасук тибиндеги мүрзөлөр андронов эстеликтериндегидей эле инвентарды камтыйт. Бирок инвентарь жасалуу техникасынын жана коолдолушунун мыктылыгы менен өзгөчөлөнгөн. Бул мезгилде колону иштетүү чеберчилиги өркүндөгөн. Бычактын ар кандай түрлөрүн жасоо өзгөчө орунга чыккан. Бычактын саптарына тотемдердин – айбандардын тулкусу (фигура) түшүрүлгөн, бул колодон жасалган буюмдардын мыктылыгын айкындап турат (1998,164,).

Мына ушул карасук маданияты мезгилинде эле «айбанаттар стилинин» белгилери байкала баштаган. Муну бычактын сабына түшүрүлгөн айбанаттардын (тотем) сүрөттөрү көрсөтүп турат. Карасук маданияты мезгилинде башталган «айбанаттар стилиндеги» сүрөттөр кийинки тагар маданиятынын мезгилинде өркүндөгөн жана өзгөчө искусство катарында тарыхтан орун алган.

**Карасук маданияты: кыргыздын эн тамгалары. Байыркы кыргыз түрк жазуусунун пайда болуу башаты.** Карасук маданиятынын маанилүү этабы болуп – карасуктардын чарбасынын өнүгүшүндө малдын эти гана тамак катары колдонулбастан, анын сүтү да тамак катары пайдаланылгандыгы болуп саналат. Эт берүүчү мал – кой болгон, аны көбөйтүү адамдардын маанилүү иштеринен болуп калган. А.Н.Бернштам белгилегендей, кой «ошол эле учурда культтук жаныбар болуп калган, бул бүткүл жер бетиндеги жашоонун булагы катары күндүн

культу менен көбүнчө айкалыштырылган, анын, таш бетине чегилген сүрөттөрүнүн табылышы менен күбөлөнөт»[1].

Бул мезгилде аял – ыйык образга айланат, муну аялдын (белге чейинки же бүт бойдон) сүрөтү түшүрүлгөн таш монументтерден улам билүүгө болот. Мындай көрүнүштү А.Н.Бернштам адамдардын сүттү колдоно башташы менен байланыштырат: «С женьшиной было связано здесь, видимо, и открытие ею молочного использования скота» (165). Аялдын образынын биринчи планга чыгышы анын тукумду улантуучу энелик ролу менен да байланыштуу болуу керек.

Эттин жана сүттүн молдугу, чарбанын өнүгүшү, албетте, элдин көбөйүшүнө сөзсүз таасирин тийгизген. Ошол эле учурда малдын көбөйүшү менен эн тамгаларынын келип чыгышы да байланыштырылат. А.Н.Бернштам: **«С укреплением роли отдельной патриархальной семьи и ее собственности связано появление тамг – знаков собственности»**[2] (*белгилеген – Г.Ж.*), – дейт.

Ошентип, патриархалдык үй-бүлөнүн бекемделиши менен алар топтогон байлык да көбөйгөн. Байлык – көп сандаган мал менен өлчөнгөн. Өзгөчө койду көбөйтүшкөн. Ар бир үй-бүлө өз малын башкалардан айырмалоо үчүн эн тамгаларын коюшкан. Бул – зарылдыктан улам келип чыккан көрүнүш болгон.

Мына ушул эн тамгалардын пайда болушу – жазуунун келип чыгышынын башаты болуп саналат. Эн тамгаларын коюу – тамгалардын келип чыгышына түрткү болгон.

Динлиндердин Миң-Сууда жашашкандыгы маалым. Ал эми динлиндер менен байыркы кыргыздардын урук-урку аралашып, бул жерде бир типтеги раса – бойлору узун, көздөрү көк, чачтары сары, ак жуумал адамдар жашашкандыгы да маалымат булактарында айтылат. Узак мезгил ичинде кыргыздар мына ушул динлин этногенезинин базасында өз алдынча уруу катары түзүлүшкөн (А.Н.Бернштам. Избр. тр., II, 1998, 169).

---

[1] *А. Н. Бернштам.* Аталган китеп, 1998, 165-б.; *С.Киселев.* Семантика орнамента карасукских стел. Известия. ГАИМК, вып. 100, 1933, 280-б. ж.б.

[2] *А. Н. Бернштам* бул пикирин айтууда төмөнкү эмгекке таянат: *М.Грязнов.* История СССР… 1-б., 152-б.

Демек, байыркы кыргыздардын ушул узак мезгил ичинде – өз алдынча уруу катары түзүлүү процесси мына ушул Миң-Суу аймагында өткөн жана бул процесс афанасьевдик маданияттан башталып, андроновдук, карасуктук маданияттарда уланган. Алар негизинен мал чарбасы менен кесиптенишкен. Мал чарбасынын өнүгүшү – малдын көбөйүшүнө алып келген. Жогоруда белгиленгендей, байлык мал менен өлчөнгөн. Бул мезгилде патриархалдык үй-бүлөнүн бекемделиши менен колунда малы көп үй-бүлө аларды башкалардан айырмалоо үчүн эн тамгаларын коюшкан. Малга эн тамгалары бул мезгилде аталган аймакта уруу болуп түзүлүп калган (афанасьев мезгилинен бери уруу болуп түзүлө баштаган) кыргыздар тарабынан да коюлган десек жаңылышпайбыз. **Мындан кыргыз түрк жазуусунун башаты – мына ушул кыргыздар тарабынан коюлган эн тамгалардан башталат** деген жыйынтык чыгарабыз.

Эмне үчүн кыргыздар тарабынан коюлган деп жатабыз?

Биз жогоруда андроновдук маданияттын эң кеңири аймактарга тарагандыгын айткан элек. Ал эми карасук маданияты негизинен Миң-Суу талааларына гана таралгандыгы менен өзгөчөлөнөт[1]. Карасук этабынын мурун андроновдук маданият ээлеген жерлерден бөлүнүп калышы – маданий байланыштардын борбордук салмагынын чыгышка көчүшү менен байланыштуу болгон (1998, 166).

**Жогоруда карасук маданиятынын өзгөчөлүгү – анын Миң-Суу аймагына гана таралгандыгы деп белгиленет. Ал эми Миң-Сууда динлиндер, ошондой эле уруу катары түзүлүп жаткан байыркы кыргыздар жашашкан. Маалымат булактарында динлиндер менен кыргыздардын урук-урку аралашып кеткендиги айтылат. Динлин этногенезисинин базасында узак мезгилдин ичинде кыргыздар уруу катары түзүлүшкөн. Демек, алар тарыхта «кыргыз» деген ат менен белгилүү болгонго чейин эле ушул жерди жердешкен жана ал жерде малчы-көчмөндөр болушкан. Малга эн тамгалары ушул малчы-көчмөндөр та-**

[1] Мындан тышкары, А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча, карасук тибиндеги буюмдар батышта Томскиден алыс эмес жерде, чыгышта жана түштүктө Тува республикасында (*А. Н.Бернштамда Тува деп берилгени сакталды – Г. Ж.*), Селенга өзөнүндө жана Кытайда кездешет (166).

**рабынан коюлган. Бул малчы-көчмөндөр тарых барактарында динлиндер деген ат менен гана эскерилип келген[1]. Бирок, ал жерде афанасьевдик маданият мезгилинен бери эле уруу катары түзүлө баштаган кыргыздар (малчы-көчмөндөр) да жашашкан. Ушундан улам карасук доорундагы малга коюлган эн тамгаларды – кыргыздардыкы деп эсептесек болот.**

Эн тамгалары тууралуу сөз болгондо «Кыргыздар» деген китептеги төмөнкү маалыматты мисалга келтире кетебиз: «Элдин санжырасында айтылгандай, адегенде **сак, хун** (*китепте хун деп берилгени сакталды – Г.Ж.*) **доорунда эле кыргыздардын хандарынын, бектеринин, байларынын, уруктарынын, урууларынын жеке эн тамгалары болгон** (*белгилеген – Г.Ж.*). Бара-бара Энесай доорунда эн белгини (тамганы) Орто Азия жана Сибирдин кыргыздарынын уруулары түгөл күткөн. Эн белги, төрт түлүк малдын кулагына, санына басылган. Бабалар уулдарына энчи бөлүп берсе, энин кошо ыйгарган. Малга коюлган эн белгилер мындайча: шара тилик эн, жырык эн, сырга эн, тешик эн, бакан эн, чолок эн, оюк эн ж.б.» (Кыргыздар.Тарых. Маданият, XII том, 2011, 92–93).

Аталган эмгекте: **«Кыргыз урууларынын тамгасы биротоло калыптанганда, береги эн белгилер тамга атына көчкөн», – деп айтылат** (*белгилеген – Г.Ж.*) **(93).** Бул маалымат биздин жогорудагы оюбузду бекемдеп турат. Бул эн тамгалардын пайда болушу карасук маданиятынын тушунда болгондугун белгилөө керек.

Ю.С.Худяков карасук маданиятынын урууларын малчы-көчмөндөр деп берет. Ю.С.Худяков алардын согуштук арабаларда гана эмес, атта да шамдагай жүрүшкөндүгүн, мал багышкандыгын, кен өндүрүшкөндүгүн, металл эритишкендигин, керамикадан идиштерди жасашкандыгын маалымдайт.

---

[1] Кыргыздардын кытай жазмаларында катталган мезгилине чейинки тарыхы жазма булактарда эскерилбей калган. Бирок, бул – кыргыздардын мурунку тарыхы жок дегендик эмес. Кыргыздардын мурунку тарыхы болгон. Мурунку тарыхысыз, б.з.ч. 201-жылы кытай жазма булактарында биринчи жолу байыркы кыргыздар жана алардын жашаган жери тууралуу маалымат жок жерден пайда боло калмак эмес. Кыргыздын байыркы тарыхынын башатын, жогоруда айтылгандай, тээ афанасьевдик маданияттан баштап издөө керек.

Алар өлгөндөрдү тосмолордон жана плиталардан турган таш ящиктерде көмүшкөн. «Карасукские кочевники умело воевали с многочисленными и воинственными кочевыми племенами, покорившими всю Центральную Азию»[1].

Бул маалыматтар байыркы кыргыздарга да тиешелүү. Булар тууралуу өз учурунда кеңири айтылат.

**Тагар (Миң-Суу дөбө) маданияты жана кыргыздар.** Карасук этабынын белгилениши менен андроновдук уруулук союздун таркашы Миң-Суу ойдуңунан батышка карай скиф маданиятынын калыптанышы, чыгышка карай (эки кылым кийин) – хунн маданиятынын калыптанышы менен байланыштуу. Белгилүү бир деңгээлде Миң-Суу өрөөнү өзүнүн жайгашкан орду, маданият жана чарбасынын өнүгүү мүнөзү боюнча бир топ убакытка нейтралдуу тилке болуп турган, ошол мезгилде анда миң-суу дөбө (минусинская курганная), же дагы бир терминология боюнча тагар маданияты өнүгүүгө ээ болгон. А.Н.Бернштамдын эмгегинде дөбө маданияты (курганная культура) деп берилген.

Бул учурда Алтайда жана Жети-Сууда жашоо-турмушка темир кеңири кирсе, ал эми Миң-Сууда коло үстөмдүк кылып турган. Миң-Суулуктарга скифтик батыш маданиятынын күчтүү таасири тийген. А.Н.Бернштам бул тууралуу: «Минусинцы испытывают на себе влияние скифской западной культуры и лишь с включением их в систему великой гуннской державы снова занимают, вместе с ними, ведущее положение в историческом процессе этих районов» **(1998, 166)**, – дейт.

Миң-Суулук тагар маданияты[2] эң эле шаан-шөкөттүү, ошону менен катар эле бул жердеги коло доорунун өнүгүшүнүн акыркы этабы болуп эсептелет. Тагар маданиятынын карасук маданиятынын артынан ырааттуу өнүккөндүгүн археологдор б.з.чейинки VIII кылымдагы өткөөл типтеги көрүстөндөрдөн жана андагы таш плиталардан жасалган анча чоң эмес

---

[1] *Ю. С. Худяков.* Сабля багыра. 2003, 26-б.

[2] *А. Н. Бернштам.* Аталган эмгекте, 1998, 166-б.; *С.Теплоухов.* Опыт классификации древних металлических культур Минусинского края. МЭ, т. IV, в. 2., 1929, 45-б.; *С.Киселев* тагар маданияты деп атайт: Тагарская культура. Труды РАНИОН, т. IV. – М., 1928.

көрүстөнгө кырынан коюлган тосмолордон улам аныкташкан (А.Н.Бернштам, 1998,166).

Миң-Суу дөбө же тагар маданиятын окумуштуулар бир нече тепкичке бөлүшөт[1].

1. Эң байыркысы – анча бийик эмес тегерете таш тосмолор менен тосулган эстеликтер б.з.ч. VII–V кылымдарга тиешелүү деп саналат. Мындай тосмонун бурчтарында чоң таштар кырынан коюлган.

2. Коллективдүү жана жалгыз көрүстөндөрү бар айрым учурда өтө бийик дөбөлөр б.з.ч. V–III кылымдарга тиешелүү. Бул мезгилдеги дөбөлөрдө темирдин бар экендиги катталган.

3. Чоң көлөмдөгү тегерете таш тосмолор менен тосулган чоң көлөмдөгү жалгыз көрүстөндөр б.з.ч. II–I кылымдарга тиешелүү, андагы өлүктү коюу камераларынан[2] 100гө чейинки сөөктөр табылган. Муну менен катар эле аларда өлүктү өрттөө жөрөлгөсү болгон. Темир буюмдар мында кеңири жайылган. Бул үчүнчү этаптагы эстеликтер Миң-Суу аймагынын маданиятындагы чукул өзгөрүүлөр менен жана андан кийинки таштык[3] тибиндеги көрүстөндөр менен тыгыз байланыштуу.

Тагар маданияты доорунда мал чарбачылыгы абдан өнүккөн. Бул мезгилде адамдар аттарды, койлорду, эчкилерди асырашкан, бул мүрзөлөрдөн табылган буюмдардан жана көрүстөндөрдөгү тосмолордогу жана аска бетиндеги сүрөттөрдөн улам белгилүү болгон. Тагар маданиятынын үчүнчү этабында төөлөр болгон деп болжолдонот. Бул М.Грязновдун жана С.Теплоуховдун эмгектеринде маалымдалат[4].

---

[1] *Г.Сосновский.* История СССР… т. 1, ч.II, 413-б.; *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгекте, 166–167-бб.

[2] **Камера** *ж.* 1. камера, бөлмө, үжүрө. 2. *тех.* камера (кандайдыр бир механизмдин көңдөй жери). Орусча-кыргызча сөздүк. К–О. – Б., 2012, 16-б.

[3] **ТАШТЫК МАДАНИЯТЫ** (Таштыкская культура) – Ортоңку Эне-Сайдагы (*сөздүктөгү жазылганы сакталды – Г. Ж.*) темир кылымына таандык археологиялык маданият. Б.з.ч. 1-б.з. 5-к-н камтыйт. *Б.Урстанбеков, Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. – Ф.: КСЭнин Башкы редакциясы, 1990, 169-б.

[4] *А.Н.Бернштам.* К вопросу о классовом расслоении. ПИМК, 1933, № 7–8, 46-б.; *М.Грязнов.* Боярская писаница. ПИМК, № 7–8, 41; *С.Теплоухов.* Опыт классификации древних металлических культур Минусинского края. МЭ, IV т., в. 2, 1929, 53-б.

Аттар бул мезгилде оор салмактуу (тяжеловесный) жана жеңил (легкий) деп бөлүнгөндүгү археологдор тарабынан аныкталган. Ал мезгилдеги өтө эле маанилүү нерсе – үй айбандарынын жабдыктары менен, мисалы, жүгөндөр жана аттын каамыты ж.б. менен тартылган чекме сүрөттөрүнүн сакталып калгандыгы. Атка минүү үчүн ээр колдонулган, бирок үзөңгүсү ал убакта болгон эмес (А.Н.Бернштам, 1998, 167).

Малды унаа күчү катары пайдалануу чарбанын андан аркы өнүгүшүнө алып келген, бирок дыйканчылыкта соко менен жерди иштетүүдө ат колдонула элек эле. Жерди кол соко (мотыга[1]) менен айдашкан, муну жерди кол соко менен иштетип жаткан адамдын сакталып калган сүрөтү (изображение) далилдеп турат (167).

Тагар маданиятынын үчүнчү этабына дөбөлөрдүн түндүккө карай, Красноярск жакты көздөй жайылышы мүнөздүү. Малды унаа катары пайдалануу, талааны кой багууга ылайыкташтыруу – миң-суулуктарга мал чарбасын андан ары кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн. Мал чарбачылыгынын өнүккөндүгүнө карабастан миң-суулуктар балык уулашкан, ошону менен катар эле дыйканчылык кылышкан. Ошондуктан миң-суулуктардын турмушу жарым отурукташкан мүнөздө болгон (1998, 168). Муну жыгачтан кыркылып жасалган турак-жайлар («деревянные срубные постройки») далилдеп турат[2].

Бул мезгилде коло куюп иштетүү өндүрүшү көрүнүктүү орунда турган. Колодон жасалган ар түрдүү эмгек шаймандары, ар түрдүү зер буюмдар б.з.ч. VII–I кылымдарга тиешелүү. Өндүрүштүн мындай ыкчам өнүгүшү, А.Н.Бернштам белгилегендей, Миң-Суудагы кен байлыктардын молдугунда эле. Тагар маданиятынын үчүнчү этабында колонун ордун темир ээлей баштаган.

Ю.С.Худяковдун эмгегинде (27) тагар маданиятынын өкүлдөрү европеоиддер экендиги, алардын бою бийик, көздөрү көк, чачтары сары болгондугу, Енисей ойдуңунда жашаган миң

[1] **Мотыга** I *ж* 1. кол соко (жер айдоонун эң жөнөкөй эмгек куралы); 2. кетмен. *Караңыз:* Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2012, 318-б.

[2] *М.Грязнов.* Боярская писаница. ПИМК, 7–8, 41–43-бб.

жылда алардан тосмолору жана плитадан бийик столбалары бар көптөгөн дөбөлөр («курганы») калгандыгы айтылат. Алардан коло буюмдар, кылычтар, бычактар, жебелер ж.б. скифтик айбанаттар стилиндеги жаныбарлардын сүрөттөрү калган.

Мал чарбачылыгынын күчтүү өнүгүшү мына ушул маданият эстеликтеринен даана байкалган. Бул мезгилде малды унаа күчү катары да пайдалана баштаткан. Малды унаа катары пайдалануу, талаадагы кургак райондорду кой багууга ылайыкташтыруу – миң-суулуктарга мал-чарба аймагын андан ары кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн.

Енисейдеги малчы-көчмөндөр байыркы кыргыздар болгондуктан, тагар маданиятына мүнөздүү көрүнүштөр кыргыздарга да тиешелүү. Демек, кыргыздар бул мезгилде жарым көчмөн, жарым отурукташкан жашоо турмуш өткөрүшкөн. Негизинен мал чарбачылыгы менен кесиптенишкен, аны менен кошо эле алардын дыйканчылыгы да болгон, балык уулашкан. Малды унаа күчү катары пайдалана баштаткан.

Ошентип, тагар маданияты көчмөндөрдүн жашоосундагы маанилүү этап болгон.

**Айбанаттар стили – Миң-Суода (байыркы кыргыздарда).** Колону куюп жасоо өндүрүшү буюмдарды кооздоо өнөрү менен тыгыз байланышта өнүккөн. Курал-жарактарга (канжар, ай балта ж.б.), ошондой эле кийимдердин айрым бөлүктөрүнө да чагарак (бляха), таралга (пряжка[1]) айбанаттардын сүрөттөрү түшүрүлгөн[2]. Ошентип, «айбанаттар стили» деген өзүнчө атка ээ болгон өзгөчө өнөр пайда болгон. Анын башталышы карасук маданиятында эле байкалган.

Айбанаттар стилине Б.Урстанбеков жана Т.Чороев[3] төмөнкүдөй аныктама беришет: **«Айбанаттар стили (Звериный стиль)** – байыркы адамдардын сүрөт өнөрүнө мүнөздүү болгон өзгөчө бир стилди белгилөөчү **шарттуу термин** (*белгилеген – Г.Ж.*). А. с. коло доорунда пайда болуп, темир доорунда ж-а

---

[1] **Пряжка** I *ж* 1. (застежка) таралга. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк, П–Р. – Б., 2012, 483-б.

[2] *А.Н.Бернштам.* Аталган китепте, 168-б.

[3] Сөздүктө Т.Чороев деп берилгенин сактадык, бул автордун башка эмгектеринде Т.Чоротегин деп да берилип жүрөт.

алгачкы таптык мамлекеттерде бир кыйла өнүккөн. Бул стиль орто кылымдардагы кол өнөрчүлөрдүн жасаган буюмдарында (уздардын ойгон оюулары менен сайган саймаларында) сакталып калган. Тотемизмге байланыштуу адегенде бул стилде тартылган жаныбарлардын сүрөтү кийинчерээк оюунун шарттуу бир тарамына айланып кеткени м-н символдук өзгөчөлүктөрү боюнча кайсы жаныбар чагылдырылып жатканын таасын аныктай алууга болот. Бул стилге таандык үлгүлөр Кыргызстандын аймагындагы аска беттеринде тартылган сүрөттөрдө, айрым археологиялык эстеликтерде кезигет» (Аталган эмгекте, 9-б.).

«Айбанаттар стили» искусствосу адамдын идеологиялык түшүнүктөрүнүн системасы менен байланыштуу болгон, б.а., адам өзүнүн келип чыгышын тигил же бул айбанат (тотем) менен байланыштырып, анын турпатынан (изображение) магиялык күчтү көргөн (168).

А.Н.Бернштам «Золотая диадема[1] из шаманского погребения на р. Каргалинке» деген эмгегинде миң-суулуктардын айбанаттарды тартуу техникасы жана мүнөзү скиф[2] маданияты менен тыгыз байланыштуу болгондугун маалымдайт[3]. Өзгөчө бул байланыш экинчи жана үчүнчү этаптардагы эстеликтерден байкалат. А.Н.Бернштам: «В самом деле, в это время (V–I вв. до н.э.) по соседству с Енисеем, на Алтае и далее на запад, мы имеем дело с уже сложившейся культурой ранних кочевников, характерной своим искусством «звериного стиля» – дейт[4].

[1] **Диадема** *ж* диадема, таажы. *Караңыз:* Орусча-кыргызча сөздүк. А–И. – Б., 2012, 440-б.

[2] **СКИФТЕР (Скифы)** – б.з. ч. 7-к. – б.з.ч. 3-к. Түндүк Кара деңиз боюн ж-а ага чектеш аймактарды мекендеген байыркы уруулар. Алар төрө С., кошчу С., дыйкан С. деп бөлүнгөн. Б.з.ч. 4-к-да борбору Неаполь шаары болгон Скиф мамлекетин түзүшкөн. Б.з. 3-к-нда С-ди гот уруулар бирикмеси талкалаган. *Б.Урстанбеков* жана *Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. – Ф., КСЭнин Башкы редакциясы, 1990, 159-б.

[3] Караңыз: *Б.Н.Бернштам.* Золотая диадема из шаманского погребения на р. Каргалинке. КСИИМК, вып. V, 1940.

[4] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 168-б. Автор бул пикирин айтууда төмөнкү эмгекке таянат: *М.Артамонов.* История СССР… ч. 1, 239-б.

Ошондуктан алар менен катар жашаган миң-суулуктарга мына ушундай күчтүү уруулук союздун таасири, «айбанаттар стилиндеги» искусствонун таасири тийгендиги шексиз. Ошондой эле скиф маданиятына, өзгөчө искусство жагына, миң-суулуктар да белгилүү өлчөмдө таасирин тийгизген деп айтууга болот, анткени миң-суулуктарда айбанаттардын сүрөттөрү карасук мезгилинде эле пайда болгон (168).

Азиянын территориясында Миң-Суу – айбанаттар стилиндеги искусствонун түзүлүшүнүн (сложения) эң байыркы борбору болуп эсептелет. Мындай пикирди А.Н.Бернштам (Избр.тр., II, 1998, 168), М.Коверн (M.Govern) айтышат. А.Н.Бернштам бул тууралуу мындай дейт: **«в сложении соответствующих сюжетов Центральной Азии и Северного Китая немалое значение имели древние минусинцы** (*белгилеген – Г. Ж.*), а впоследствии и жители Алтая» (1998, 168).

Ошентип, миң-суулуктар айбанаттар стилиндеги искусствонун өнүгүшүнө белгилүү бир деңгээлде өз салымдарын кошкон.

Айбанаттар стилиндеги искусство, албетте, Миң-Ссуда жашаган байыркы кыргыздарга сөзсүз таасирин тийгизгендиги шексиз. Аларда коло куюу техникасы мыкты өнүккөн. Кыргыздар темирден курал-жарактарды жана ат жабдыктарын жасап, бүткүл түштүк Сибирдин калкын жабдып тургандыгы дээрлик бардык маалымат булактарында[1] айтылат. Андан тышкары айыл чарбасына жана үй муктаждыктарына тийиштүү буюмдарды да жасашкан (Ө.Караев. 1993, 110-б.). Кыргыздарда зергерчилик өнөрү да болгон (А.Н.Бернштам. Избр.тр., 287). Албетте, кыргыздар жасаган буюмдарда айбанаттар стилиндеги сүрөттөр (жаныбарлар, канаттуулар, балыктар ж.б.)[2] болгон.

---

[1] *Ө.Караев.* Китепте: Кыргыздар. I, 1993; *Ю.С.Худяков,* 1993, 156-б. ж.б.

[2] *Ө.Караев* мына ушундай сүрөттөр С.В.Киселев, Л.А.Евтюхова тарабынан табылган идиштерде болгондугун маалымдайт. Алардын арасында алтын жалатылган табактар, арасында өсүмдүк орнаменти жана тири шумдуктуу жандыктардын турпаты чөгөрүлгөн идиштер, тири шумдуктуу жаныбарлардын, куштардын жана балыктардын сүрөтү чегеленип, башка да асемдер түшүрүлүп, кемер курларды, ат жабдыктарды коoздоо үчүн колодон, күмүштөн, алтындан тогоо жасалган. Караңыз. *Ө. Караев.* Китепте: Кыргыздар. I, 1993,111-б.

Ошондой эле кыргыздардын тотемдүүлүгү тууралуу маалымат Гардизинин кыргыздар жөнүндөгү маалыматында айтылат (А.Н.Бернштам. Избр.тр., II, 227).

Демек, айбанаттар стилиндеги искусство кыргыздарга түздөн-түз тиешелүү болгон.

**Маданий биримдик.** Скиф доорунда Миң-Суудагы жана Алтайдагы маданий кубулуштардын жалпылыгына карабастан, негизги маданий жана саясий байланыштар түштүк-чыгышка карай кеткен. Енисейге мүнөздүү болгон кубулуштарга жана маданиятка окшош издер Тыва жана Монголия тарапка алып барган, Байкалдын ары жагындагы (Забайкалье) районду да камтыган жана Кытайга чейин жеткен[1].

Бул байланыштар карасук доорунда эле башталып, абдан кеңири аймакты ээлеген. А.Н.Бернштам бул тууралуу: «Намечается некое единство культурных связей с вышеназванными районами, ограниченное на западе меридианом Томска, на востоке, к северу от Байкала, меридианом Иркутска. На север эта культура доходит до параллели Красноярска, на юге – спускается на параллель Улан-Батора и, даже, Пекина» – дейт (1998, 169).

Мына ушул жогоруда аталган райондордо маданий биримдиктин болушу «совпадает с ареалом распространения длинноголового расового типа с долихопрозопическим лицом, узким горбатым носом и выдающимся затылком»[2]. Булар динлиндер эле.

**Миң-Суудагы афанасьев, андронов, тагар маданияттарынын базасында байыркы «кыргыздардын» этностук кубулуш катары пайда болушу.** Бул аталган маданиятка тиешелүү эстеликтерде байыркы кыргыздарга тиешелүү маалыматтар сакталып калган.

Ошентип, Кытай жазмаларында кыргыздар тууралуу маалымат биринчи жолу катталган мезгилде, тактап айтканда,

---

[1] *А. Н. Бернштам.* Аталган эмгекте, 169-б. Автор төмөнкү эмгекке таянат: *Г.Сосновский.* Ранние кочевники Забайкалья. КСИИМК, 8, 1940.

[2] *А. Н. Бернштам.* Аталган эмгекте, 169; *Г.Грумм-Гржимайло.* Белокурая раса в Средней Азии. Сб. «Потанину». Записки РГО по отделению этнографии, т. XXXIV. СПб., 1909.

б.з.ч. III кылымда кыргыздар, Енисей аймагындагы Миң-Суунун жогорку агымында жашашкан жана малчылык менен кесиптенишкен жарым отурукташкан көчмөн уруулар болушкан. Аларда коло куюу техникасы мыкты өнүккөн. Кыргыздар, негизинен, мал чарбачылыгы менен кесиптенишкен, андан тышкары, аларда дыйканчылык, аңчылык жана балык уулоочулук да болгон.

Биз төмөндө А.Н.Бернштамдын кыргыздар жана алардын келип чыгышы тууралуу ойлорун дал өзүндөй келтиребиз: «К III веку до н.э., т.е. к тому времени, когда впервые появляются племени «кыргыз», в китайской форме «цзянь-кунь», жившие тогда по верхнему течению р. Енисей, в районе Минусинского края, – мы имеем: полуоседлые пастушеские племена скотоводов, с высокоразвитой техникой бронзолитейного производства, занимающиеся земледелием, охотой и рыболовством» (169).

Миң-Суу аймагында жашагандардын маданияты б.з.ч. үчүнчү миң жылдыктын жарымынан берки чарбанын узак мезгилдеги өнүгүшүнүн жемиши экендигин жана бул динлиндерге таандык экендигин А.Н.Бернштам мындайча маалымдайт: «Культура насельников[1] Минусинского края явилась плодом длительного развития хозяйства с середины третьего тысячелетия до н.э. и принадлежала белокурому, длинноголовому типу населения, известного китайцам под имени динлин» (169), – дейт.

А.Н.Бернштам динлиндер менен кыргыздардын байланышы жана кыргыздардын келип чыгышы тууралуу пикирин келтирет. Анын пикири боюнча динлин этногенезинин базасында кыргыздар келип чыккан: «Ко времени, предшествующему связям динлин с Центральной Азией, динлины прошли длительную историю этногенеза, в который участвовали разнообразные, иногда далеко друг от друга территориально расположенные племенные компоненты. **На базе динлинского этногенеза произойдут те изменения, которые позволят вы-**

---

[1] **Населени/е** *ср* калк, эл-журт, эл. Кыргызча-орусча сөздүк. К–О. – Б., 2012, 394-б.

**кристаллизоваться новому этническому явлению – кыргызам»** (Избр.тр., II, 1998, 169).

А.Н.Бернштам мындай этнностук кубулуш «андан мурунку динлин этногенезинин түздөн-түз натыйжасы болуп саналган» (169), – дейт. Мына ушул динлин этногенезинин базасында мал чарбасынын пайдубалы түптөлгөн, маданияттын жана расалык типтин негизи салынган (динлин деген) жана бул тип кийин көпкө чейин кыргыз урууларын өзүнө тектеш түрк урууларынан айырмалап турган.

Мына ошондуктан, биз А.Н.Бернштамдын пикирин колдоп, кыргыз урууларынын түпкү башаты, кыргыз элинин тарыхы динлин этногенезин анализдөөдөн башталышы керек деп эсептейбиз, анткени динлин этногенезинин базасында байыркы кыргыз коому пайда болгон.

**Афанасьевдик маданияттан башталган мал чарбасынын түзүлө баштоосу менен байланышкан, этнос деген өзүнчө этносоциалдык формага ээ боло элек жана чөйрөгө өзүнчө этнос катары таанылa элек байыркы кыргыздардын байыркы тарыхынын башталыш мезгилин – «кыргыз» деген этностун пайда болуу алдындагы инкубациялык мезгили деп атасак болот.**

**Динлиндер – кимдер?** Динлиндер кытайлыктарды көк көздөрү, сары чачтары жана ак жуумалдыгы менен таң калтырышкан.

Енисейдеги мына ушундай типтеги калк жогоруда айтылган чарбанын жана маданияттын өнүгүшүнүн негизинде келип чыккан. Б.а., Миң-Суу ойдуңунун жашоочуларынын маданияты, жогоруда белгилегендей, «явилось плодом длительного развития хозяйства с середины третьего тысячелетия до н.э. и принадлежала белокурому, длинноголовому типу населения, известного китайцам под имени динлин» (1998, 169).

Ошентип, Миң-Суудагы маданият – узак мезгилдеги, б.з.ч. үчүнчү миң жылдыктын жарымынан берки чарбанын жана маданияттын натыйжасы болгон жана мына ушул маданият көк көздүү, сары чачтуу, ак жуумал динлиндерге таандык болгон.

Енисейдеги мал чарбачылыгынын башталышы, анын өнүгүшү, жогоруда айтылгандай, узак мезгилди камтыган, аймагы да абдан кеңири жайылган. Бул аймактарда маданий биримдик болгон. Ошол кеңири аймактарда башы сүйрү (длинноголовый), чачы сары, көзү көк, ак жуумал калк жашаган. Алар динлиндер деген ат менен белгилүү болгон.

**Динлиндер жана кыргыздар.** Ошентип, динлиндер Енисейдеги эң байыркы эл болуп саналат. Жазма булактарда кыргыз урууларынын мына ушул динлиндерден бөлүнүп чыккандыгы тууралуу маалыматтар бар. Ушуга байланыштуу биз А.Н.Бернштамдын мурунку бөлүмдөрдө келтирген пикирине кайрадан кайрылабыз: **«...истоки сложения кыргызских племен, история кыргызского народа должны начинаться по археологическим памятникам с афанасьевской культуры, с анализа динлинского этногенеза, на базе которого и возникает древнее кыргызское общество»**, – дейт (1998, 169).

Жогоруда белгиленгендей, кыргыздардын байыркы тарыхы боюнча жазма булактардын дээрлик бардыгында байыркы кыргыздар менен динлиндердин урук-тукуму аралашып кеткендиги тууралуу маалыматтар бар. Чындыгында, байыркы кыргыздардын сырткы түспөлү да ушул динлиндердей, көзү көк, чачы сары, ак жуумал болгон. Бул маалымат кыргыздардын эң байыркы эл экендигинен кабар берет. Булар тууралуу өз учурунда сөз болот.

Биз өзүбүздүн иликтөөбүздө кыргыз урууларынын түзүлүүсүнүн башаты тээ афанасьевдик доордон, т.а., байыркы кыргыздардын байыркы тарыхы афанасьевдик доордогу археологиялык эстеликтерден башталышы керек деген пикирди, ошондой эле динлин этногенезин анализдөөдөн баштоо керек деген пикирди, кыргыз коому узак мезгилдик чарбанын жана маданияттын өнүгүшүнүн жыйынтыгынан келип чыккан динлин этногенезинин базасында келип чыккан деген пикирди эске алабыз жана ага таянабыз. Анткени мындай маалыматтар жазма булактардан тышкары археологиялык материалдар менен бекемделет. Мисалы, Ю.С.Худяков мына ушундай көз караштагы окумуштуу А.Н.Бернштам жөнүндө мындай дейт: «Аталган маселенин түйүнүн чечүүдө археологиялык

табылга-таныктарды[1] кеңири колдонуу тажрыйбасын алгач ирет А.Н.Бернштам баштады». Бул жерде Ю.С.Худяков аталган маселенин түйүнүн чечүүдө деп кыргыздардын урук-уруулары жана жашаган жерлери тууралуу сөз болгонун айтып жатат.

Ошентип, байыркы кыргыздар жазма тарыхка кирген маалда, башкача айтканда, б.з.ч. III кылымда, кытайлыктарча «цзянь-кунь» деген ат менен аталып, Миң-Суу аймагында Енисей суусунун жогорку агымында жашап турушкан. Бул мезгилде алар Миң-Сууда жарым отурукташкан, жогорку деңгээлде өнүккөн коло куюп чыгаруучу өндүрүшү бар, негизги иши болгон мал чарбачылыгынан башка да дыйканчылык, аңчылык жана балыкчылык менен кесиптенишкен малчы-уруулар болушкан.

**Таштык маданияты – кыргыз маданиятына мүнөздүү.** Тагар маданиятынын андан ары өнүгүшү таштык маданиятында уланат. Бул тууралуу А.Н.Бернштам: «Этот процесс ... может быть более детально прослежен по памятникам материальной культуры, в частности, по материалам т.н. таштыкского культурного этапа, являющегося, дальнейшим развитием минусинской курганной (тагарской) культуры и относящегося ко времени **II в до н.э. – I–II вв. н. э. Очевидно, что эти памятники должны характеризовать культуры кыргызов этого времени**» (172), – дейт.

Окумуштуу өлүктү көргө коюунун конструкциясы, инвентарь, керамика – бардыгы тагар маданияты менен генетикалык байланышта экендигин белгилейт.

А.Н.Бернштамдын пикири боюнча таштык маданиятынын эстеликтери байыркы кыргыздардын маданияты тууралуу кабар берет (таштык маданияты тууралуу өзүнчө сөз козголот).

**Чаатас доорундагы кыргыз маданияты.** Чаатас доорундагы кыргыз маданияты хронологиялык жактан түз эле таштык маданиятынын соңунан башталат. Таралуу чөлкөмү жагынан да ал, негизинен, ошол эле аймакка туура келет. Бол-

---

[1] Котормодо «табылга-таныктарды» деп берилгени сакталды. Караңыз: *Ю.С.Худяков.* Енисей кыргыздарынын тарыхы. Китепте: Кыргыздар. I, 1993, 231-б., Которгон Э.Нурушев.

гону Ач-Маринин ойдуңу менен Саян өрөөнү гана анын таасиринен сырткары турат, анткени бул жерлерден таштык маданиятынын гана эстеликтери жолугат. Салыштырылып жаткан комплекстер негизинен көрүстөн эстеликтери болуп саналат[1].

**Хунндардын Миң-Сууну басып алышы. Кыргыздар – биринчи жолу кытай жазма булактарында.** Тарыхый жазма булактар боюнча б.з.ч. III кылымда бул жерди хунндар басып алышкан. Хунндар бүткүл Борбордук Азияны ээлешкен. Кыска убакыттын ичинде эле хунндар жаалардын жана алыска тийүүчү жебелердин жардамы менен биринин артынан улам бир урууларды жеңип отуруп, Алтай жана Тянь-Шандан Байкалга, Манчжурия, Кытай дубалдарына чейинки жерлерди басып алышкан. Хунндар дээрлик бардык көчмөн урууларды өздөрүнө багындырышкан. Ал түгүл алар Хань империясынын (Кытай) да үшүн алып турушкан. Хунндарга баш ийген уруулардын арасынан **б.з.ч. 201-жылы кытай жазмаларында кыргыздар эң биринчи жолу «гяньгунь» же «цзяньгунь» деген ат менен кезиккен[2].**

Ошентип, жазма булактарда, т.а., кытай жазмаларында б.з.ч. 201-жылы Миң-Суу ойдуңунда кыргыздардын жашагандыгы тууралуу маалымат катталып калган.

Ушундан баштап кыргыздар тарыхый булактарда кездеше баштаган. Бул тууралуу Ю.С.Худяков: «С этого времени кыргызы будут многократно поминаться в китайских, а позднее арабских, греческих, тибетских источниках, тюркских, уйгурских и собственно кыргызских надписях, русских исторических документах – на протяжении более двух тысяч лет древней, средневековой и новой истории», – дейт[3]. Кыргыздар эки миң жылдан ашык убакыт ичинде өзүнүн элинин эркиндиги, көз карандысыздыгы үчүн көптөгөн душмандар менен согушуп келишкен.

---

[1] *Ю. С. Худяков.* Енисей кыргыздарынын тарыхы. Китепте: Кыргыздар. I, 1993, 148-б.

[2] *Н. Я. Бичурин.* Собр.св. – М.–Л., 1951, ч.I, 50-б.; Аталган эмгек, Алматы, 1998, 358-б.

[3] *Ю. С. Худяков.* Сабля багыра. 2003, 28-б.

Тарыхый фактылар боюнча кыргыздар Саян тоолорунан түндүгүрөөктө, Миң-Суу ойдуңундагы талааларда, Енисей суусунун жээгинде жашашкан.

Миң-Суу ойдуңунда жүргүзүлгөн археологиялык казуулардан табылган буюмдар кыргыздардын жашаган территориясы тууралуу, ошондой эле жоокерчилик турмушу, алектенген иштери, колдонгон буюмдары, каада-салты, жашоо образы жөнүндө даректүү маалыматтарды берген.

Кыргыздар жөнүндөгү алгачкы маалымат тарыхый жазма булактарда хунндардын көчмөн империясы менен байланышта кездешет. Хунндар, алардын жашоо-турмушу, дүйнөнү дүңгүрөткөн согуштук жүрүштөрү, башка уруулар менен кошо кыргыз жерин басып алышы, байыркы кыргыз урууларынын хунн уруулук союзунда болушу, кыргыздардын хунндардын кошундары (аскерлери) менен, ошондой эле атактуу Модэнин жетекчилиги астында жасалган согуш жортуулдары ж.б. окуялардан байыркы кыргыздар тууралуу көптөгөн баалуу маалыматтарды алууга болот.

Бирок, адегенде алтай доору жана алтай тил биримдиги жөнүндө азыноолак сөз болмокчу.

## АЛТАЙ ДООРУ, АЛТАЙ ДООРУНДАГЫ ЖАЛПЫ ТИЛ БИРИМДИГИ

Окумуштуулардын пикири боюнча хунн доорунан мурун алтай доору болгон. Жогоруда сөз болгондой, Алтай эзелтеден бери эле байыркы көчмөндөрдүн улуу көчүнө күбө болуп келген.

Дегеле түрк тилдүү уруулардын, алардын тилинин башаты кайдан келип чыккан деген суроо туулбай койбойт. Булар тууралуу археологиялык жана тарыхый маалыматтар дээрлик жокко эсе болсо да, окумуштуулардын божомолдору, гипотезалары бул маселеге кандайдыр бир өз чыйырын салат.

Түрк тилдүү элдердин тарыхы жана алардын тилдеринин өнүгүү процесси бири-бири менен тыгыз байланыштуу. Окумуштуулардын пикири боюнча түрк тилдеринин башатында

алтай тилдери турган. Алтай доорундагы элдер жана алтай тил биримдиги тууралуу даректүү фактылар жок болсо да, изилдөөчүлөрдүн бул маселе жөнүндөгү гипотезалары бар. Эмки сөз мына ушул тууралуу.

Азия элдеринин тарыхы боюнча маалыматтардын, ошондой эле түрк, монгол, тунгус-манчжур тилдерин салыштырма-тарыхый жактан иликтөөлөрдүн (М.А.Кастрен,В.В.Бартольд, В.В.Радлов, П.М.Мелиоранский, С.Е.Малов, Б.Я.Владимирцов, Г.Рамстедт, В.Котвич, К.Гренбек ж.б.) натыйжасы – түрк тилдеринин өнүгүү процессиндеги (эң байыркы доордогу примитивдүү грамматикалык түзүлүштөгү тилдерден баштап азыркы мезгилге чейинки) алты негизги доорду (негизги тилдик жалпылыктары боюнча) аныктайт[1].

1. Алтай доору.
2. Хунн доору (б.з. V к. чейин).
3. Байыркы түрк доору (V–X кк.).
4. Орто түрк доору, же негизги түрк урууларынын тилдеринин өнүгүү жана калыптануу доору (X–XV кк.).
5. Жаңы түрк доору, же элдердин тилдеринин (языков народностей) өнүгүшү жана калыптанышы (XV–XIX кк.).
6. Эң жаңы доор (XX кылымдан башталат).

Мына ушул классификация түрк элдеринин жана анын тилдеринин жалпы өнүгүш эволюциясын толук чагылдырып турат.

**Бул эмгекте алтай, хунн жана байыркы түрк доору, ал доорлордогу кыргыздар, кыргыз жазуулары тууралуу сөз болмокчу.**

Эң байыркы доорлорго – алтай жана хунн доорлору кирет. Адегенде биз алтай дооруна токтололу.

Алтай доорундагы элдер жана алардын тилдери тууралуу так маалыматтар жок, анткени бул доор жөнүндө кабар бере турган эч кандай эстеликтер сакталган эмес. Муну Н.А. Баскаков да белгилейт, ал алтай жана андан кийинки гун доорлорунан ошол мезгилдин тилдик өзгөчөлүгүн мүнөздөгөн

[1] *Н.А.Баскаков.* Тюркские языки. – М.: Изд. Восточной литературы, 1960, 28-б.

анык тарыхый эстеликтер сакталып калбагандыгын маалымдайт[1].

Түрк тилдеринин өнүгүшүндөгү эң байыркы доорго **алтайлык тил биримдигинин доору** (*белгилеген – Г.Ж.*) кирет, анын хронологиялык чеги илимий жактан такталган эмес. Н.А. Баскаков белгилегендей, бул доордо (алтай доорунда) түрк тилдери монгол тилдеринен, ал эми монгол тилдери – тунгус-манчьжур тилдеринен али ажырай элек болчу[2].

Бул тууралуу академик Б.Я.Владимирцов мындай деген: «...монгол тили, түрк жана тунгус тилдеринин теги бир, аны шарттуу түрдө алтай тили деп атоого болот. Алтай тили белгисиз, бирок алтай тилинин өнүгүү процессинде келип чыккан алтай тилдери, б.а., монгол, түрк жана тунгус тилдери белгилүү»[3].

Б.Я.Владимирцов алтай тили деп аталган эң байыркы тилдин болгондугун, анын фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык белгилери азыркы түрк, монгол жана тунгус-манчьжур тилдеринде сакталгандыгын белгилейт (47-б.).

Мына ушул фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык белгилер боюнча алтай доору жана анын тили тууралуу маалыматтарды алууга болобу?

Мындай суроого жоопту Н.А.Баскаковдон табабыз. Окумуштуу алтай доорундагы тилдердин айрым бир белгилерине кийинки өлүү же жандуу тилдерде сакталып калган байыркы элементтерди калыбына келтирүү менен жана бизге жеткен байыркы этнонимдер аркылуу баа берүүгө болот дейт (*Аталган эмгекте, 27*). Ал Л.Лигетинин төмөнкүдөй пикирин мисалга келтирет: «О языках этой эпохи и некоторых их чертах мы можем судить только по гипотетически восстанавливаемым сравнительно-историческим методом древнейшим элементам в более поздних мертвых и современных живых языках, указывающим на более позднюю их дифференциацию на две

[1] *Н.А.Баскаков.* Алтайский язык. – М., 1958, 27-б.

[2] *Н.А.Баскаков.* Тюркские языки. – М., 1960, 28-б.

[3] *В.Я.Владимирцов.* Сравнительная грамматика монгольского письменного языка и халхаского наречия. – Л., 1929, 45-б.

крупные группы современных языков: тунгусо-манчьжурскую, с одной стороны, и тюрко-монгольскую, с другой»[1].

Азыркы тилдердин фактыларынан байкалгандай, бул тилдерди дифференциациялоочу[2] эң байыркы жана мүнөздүү белгилеринин бири – үнсүздөрдүн бири-бирине фонетикалык жактан туура келүүсү. Мисалы, тунгус тилиндеги *т* жана маньчжур тилиндеги *с и* нин алдына – түрк жана монгол тилдериндеги *ч ~ ш* үнсүздөрүнө туура келет[3].

Түрк тилдеринин өнүгүшүндө алтай доору кийин дифференциацияланып кеткен түрк, монгол жана тунгус-манчжур тилдери үчүн **жалпы тил биримдиктеги тил** (*белгилеген – Г. Ж.*) болгон. Кийин ал эки биримдиктеги – 1) түрк-монгол жана 2) тунгус-манчжур тилдери болуп бөлүнүп кеткен жана бул тилдердин ар бири өзүнө мүнөздүү фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык белгилерге ээ болушкан.

Биринчиси, түрк монгол тилдери – *ч ~ ш* (/*с*) тилдери же тилдердин түрк монгол группасы деп, экинчиси – *т*-тили же тилдердин тунгус-манчжур группасы деп аталган. Алтай доорунда тунгус-маньчжур тили толук бөлүнүп чыккан, ошондой эле түрк жана монгол тилдери боюнча айтсак, аларда эки өз алдынча тил катары дифференциялануу процесси жүргөн жана бул процесс аяктаган (Н.Баскаков, 30-б.).

Биринчиден, азыркы монгол тилдери көрсөткөндөй, экинчи жагынан бардык түрк тилдери көрсөткөндөй, монгол жана түрк тилдерин дифференциялоочу фонетикалык белгилер – монгол тилиндеги ротацизм жана ламбдаизм эсептелет, б.а., монгол тилиндеги *р* жана л үнсүздөрүнүн түрк тилдериндеги *з* жана *ш* үнсүздөрүнө шайкеш келиши, жана *р, л* нын айрым байыркы жана айрым азыркы түрк тилдеринде сакталышы, аларга байыркы булгар тили жана азыркы чуваш тилдери кирет[4].

---

[1] Караңыз: Маалымат *Н.А.Баскаковдун* «Тюркские языки» деген эмгегинен алынды. – М., 1960, 29-б.

[2] **ДИФФЕРЕНЦИАЦИЯ** *ж.* 1. дифференциация, дифференциациялоо (ажыратуу, тарамдоо, ажырымдоо, татаал нерсени жөнөкөй нерселерге ажыратуу). Караңыз: *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк, 1957, 164-б.

[3] Бул маалыматты Н.А.Баскаков Л.Лигетинин эмгегинен алган. Караңыз: *Н.А.Баскаков.* Аталган эмгекте, 29-б.

[4] *Н.А.Баскаков.* Тюркские языки, 1960, 30-б.

Демек, кийин дифференцияланып кеткен түрк-монгол жана тунгус-манчжур тилдеринде сакталып калган фонетикалык, лексикалык, грамматикалык белгилер боюнча салыштырма-тарыхый планда иликтөө иштеринин жүргүзүлүшү менен байыркы алтай тилдериндеги тилдик элементтердин аныкталышы зарыл. Бул – салыштырма-тарыхый багытта атайын изилдөөнү талап кылуучу чоң маселелердин бири.

## Алтаистика – илимий изилдөөлөрдө

Албетте, алтай тилдерин изилдөө боюнча түркологияда абдан жакшы иштер жүргүзүлгөн. Мисалы, англис жана иран тилдери боюнча адис Банг кийинчерээк манжу тили аркылуу алтаистикага өтүп, үзүрлүү эмгектенген. Париждик окумуштуу П.Пеллиот алтаистикага кытай тили жана маданияты аркылуу келген, ал уйгур тили боюнча иш жүргүзгөнү менен аны монгол тилдери, өзгөчө байыркы монгол тилдери көбүрөөк кызыктырган. Бангдын окуучулары А.фон Габен жана Абдуррашид Рахмати-Арат (Стамбул) да байыркы түрк тилдерин изилдешкен. Абдуррашид Рахмати-Арат азыркы түрк тилдерине, тектештирме түркологияга, анын ичинен тунгус жана алтаистикага, т.а., бул тилдердин генетикалык байланышына өтө кызыккан. А.фон Габендин окуучусу түрколог О.Прицак башка алтай тилдери жана чыгыштын тарыхы боюнча мыкты эмгектерди жараткан. Г.Дөрфер эски монгол тили жуан-чао-би-шунун синтаксисин, азыркы парсы тилиндеги алтай тилдеринен келген сөздөрдү изилдөөгө алган. Фин окумуштуулары урал тилдери боюнча иликтөөлөрдү жүргүзүшкөн. Анын ичинен Паасонен чуваш тилдери, Рясянен болсо түркология менен алтай тилдеринин тектештирме лингвистикасы боюнча эмгектенишкен (51-б.).

Алтай тилдери, анын ичинде монголистика боюнча салыштырма-тарыхый багытта изилдеген ири окумуштуулар катары Б.Я.Владимирцов[1], Г.Рамстедт[2] жана В.Котвич ж.б. эсеп-

[1] *Б.Я.Владимирцов.* Сравнительная грамматика монгольского письменного языка и халхаского наречия. – Л., 1929.

[2] *Г.И.Рамстедт.* Введение в алтайское языкознание, [II], перевод Л.С.Слоним, под.ред. Н.А.Баскакова. – М., 1957.

телет. Г.И.Рамстедттин алтай тилдери боюнча жазылган көптөгөн эмгектеринде (мисалы, чуваш тили) түркологиянын көп маселелери каралган. Г.И.Рамстедт – алтаистика, анын ичинде монголистика жана түркология боюнча белдүү адис.

Албетте, бул тизмени дагы узартууга болот. Маселен, булардын катарын Н.А.Баскаковдун «Алтайский язык»[1] деген эмгеги да толуктайт. Анда алтай тилинин изилдениши, алтай тилинин калыптанышы жана өнүгүшү, ошондой эле анын диалектилери кеңири талданган.

Алтай тилдери боюнча салыштырма тарыхый планда изилдөө иштерин жүргүзүү – түркологиядагы өтө олуттуу маселелерден. Азыркы алтай бүлөсүнө кирген тилдерди ар тараптан, т.а., фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык жактан салыштырып изилдеп, байыркы алтай тилдеринин элементтерин таап чыгуу, тарыхый-лингвистикалык аспектте изилдөө иштерин жүргүзүү – азыркы учурда актуалдуу бойдон калууда.

## Байыркы алтайлыктардын ата-конушу жөнүндө

Байыркы алтай доорунда алтай элдери кайсы жерлерде жашашкан жана коңшулары кимдер болгон деген суроо туулат. Төмөндө сөз ушул тууралуу болмокчу.

Жогоруда белгиленгендей, алтай доору, ошол доордо жашаган элдер, алардын тилдери тууралуу илимде так маалыматтар жок. Ошондуктан алтай доорундагы элдер жөнүндө ар кайсы булактарда кездешкен маалыматтардан улам алар тууралуу кандайдыр бир картинаны түзүүгө болот.

Алтай тобундагы элдердин ата-конушу жөнүндө маалыматтар К.Менгестин «Түрк элдери жана алардын тилдери» деген эмгегинде кездешет. Андагы маалымат боюнча алгач кытай жазма эстеликтери аркылуу тарыхка кирген **түрк уруулары ошол кезде Борбордук Азия талааларында,** болжолу, **азыркы Түндүк Монголияда жашап турушкан, бул аймак байыркы**

---

[1] Н.А.Баскаков. Алтайский язык. – М.: Изд-во АН СССР, 1958.

**алтайлык көчмөн элдердин ата конушунун бир бөлүгү болгон** (*белгилеген – Г.Ж.*)[1].

Бул маалыматтар байыркы алтайлыктардын бир бөлүгү түрк урууларына чейин Борбордук Азия талааларында, мүмкүн, азыркы Түндүк Монголияда жашап турушкандыгынан кабар берет.

Окумуштуу тил жагынан түрктөргө тектеш бул топко (алтай элдеринин тобу) хунндардын кирген-кирбегени белгисиз экендигин, бирок хунндар түрк же түрктөргө жакын болгон деп кароого жем таштаган этнографиялык маалыматтар бар экендигин кабарлайт (62). Мындай маалыматтардан улам К.Менгес **хунндарды алтайлык элдердин бир группасы болгон** (*белгилеген – Г.Ж.*) деп божомолдойт (63). Албетте, мындай пикирдин негизи бар.

Окумуштуунун пикири боюнча хунндардын көчмөн группаларын, же болбосо алтайлык элдердин топторун карап жатып, ошол уруулар тилдик, этностук жактан бир өңчөй болгон деп айтууга болбойт. Албетте, К.Менгестин бул пикирине толук кошулууга болот, алтайлык элдердин тобу болобу, же хунндардын көчмөн группалары болобу, алар ар кошкон уруулардан турган.

Түрк элдеринин миграциясы тууралуу сөз козгоп жатып, К.Менгес алтайлыктар жөнүндө учкай кеп козгойт. Түрк элдеринин миграцияларынын тарыхынан алардын чыккан жери Борбордук Азиянын көз жеткис талааларынын чыгыш бөлүгү болгондугу, түрк элдеринин батышка карай селдей агымы хунндардын империясын кытайлар талкалагандан кийин башталгандыгы белгилүү. К.Менгестин маалыматында байыркы алтай элдеринин миграцияга тиешеси жоктугу айтылат. Түрк урууларынын батышка карай агымы башталып, хунндар Жакынкы Чыгыш менен Рим империясын басып киргенге чейин түрк урууларынын, а балким, алтай урууларынын бири да батышка карай ат бастырып чыккан эмес. К.Менгес **хунндар козголгонго чейинки миң жылдыкта алтай тилдеринде сүйлөгөн элдердин эч кимиси, болжолдоп айтканда, чыгыш**

[1] *К.Э.Менгес.* Түрк элдери жана алардын тилдери. – Б., 2002, 62-б.

**узундуктун 90-меридианынан (бул чек Алтайдын түштүк-батыш чокулары, Лоб-Нор жана Кун-Лун тоо кыркасы аркылуу өтөт) батыш тарапка өткөн эмес** (*белгилеген – Г.Ж.*) деген жыйынтыкка келет. Бул чектин батыш тарабында индоевропа тилдеринде сүйлөгөн элдер, негизинен парсы, скиф жана белгисиз тилдерде сүйлөгөн башка калктар жашап, алар урал жана алтай тилдерин бөлүп турган. **Чыгыш узундуктун 90-меридианынын чыгыш тарабындагы Борбордук Азиянын бөксө тоолуу аймагын бүт бойдон алтай тилдеринде сүйлөгөн элдер ээлеген** (*белгилеген – Г.Ж.*)[1].

Бул маалымат алтай тилдеринде сүйлөгөн урууларды түрк элдеринин миграциясына чейин, т.а., хунндар козголгонго чейинки миң жылдыкта жогоруда аталган жерлерде жайгашкандыгынан кабар берет.

К.Менгес улуу миграцияга чейин түрк тилдери, негизинен, малчылык менен күн көргөн көчмөн уруулар менен алардын конфедерациясынын тили болгондугун жана бул элдер антропологиялык белгилери боюнча монгол расасынын борбордук азиялык тарамына таандык болгондугун маалымдайт. Алар Борбордук Азиянын чыгыш бөлүгүндөгү кургакчыл келген талаа тилкесинде монголдордун батыш жана түндүк жактагы жакын коңшусу катары жашашкан жана тарыхта белгилүү болгон илгерки замандарда монголдор аларды кытайлардан бөлүп турган. Батышта түрктөрдүн коңшусу Тарим бассейниндеги индоевропа тилдеринде сүйлөгөн элдер болгон, бирок аларды чөл мейкиндиги (Лоб чөлү) бөлүп турган; түндүк-батышта самоеддер менен энесайлыктар, түндүк менен түндүк-чыгышта тунгустар, чыгыш менен түштүктө монголдор, түштүк-батышта тибет-кытай тилинде сүйлөгөн элдер (тибеттиктер, тангуттар жана башкалар) болгон (110-б.).

Мындай маалыматтарга карабастан, К.Менгес түрк элдеринин алгачкы жашаган жерлерин тагыраак аныктоо мүмкүн эместигин, анткени көчмөн турмуш кечирген элдерде оңой аныктала турган чек ара болбой тургандыгын баса белгилейт.

---

[1] *К.Менгес.* Аталган эмгекте, 109-б.

Түрк элдеринин жашаган аймагы жөнүндөгү баянда алтай тилдеринде сүйлөгөн элдердин коңшулары тууралуу төмөнкүдөй маалыматтар бар. Маселен, «түрк элдери тарыхка киргенден баштап эле алтай тилдеринде сүйлөгөн элдер мекендеп келген аймактын түндүк-батыш жана батыш бөлүгүндө жашашкан. Тарыхый маалыматтарга караганда, бул аймактын түштүк-батыш тарабын (а мүмкүн, түштүгүн да) хунндар, түштүк-чыгышы менен чыгышын монголдор ээлеп турган. Монголдордун Хиңган тоолорунан өтүп азыркы Манчжурияга жеткени же бул жерди хунндар козголгонго чейин тунгус (манжу-тунгус) тилдеринде сүйлөгөн элдер мекендеп турганы азырынча анык эмес», – дейт К.Менгес (110).

Окумуштуу тунгус эли жөнүндө сөз кылып жатып, алардын эч бири Улуу миграциялардын эч кайсынысына негизги бөлүк катары катышпагандыгынын өзү эле алтай эли тарыхка кирген маалга, т.а., хунндар козголгон учурга чейин эле тунгустар башка алтай элдерине жакын жайгашкан аймактан көчүп кетсе керек деп болжолдойт. Калыбы, тунгустардын бул миграциясы башка алтай элдери уруу конфедерацияларына бирикkенге чейин эле болуп өткөн. Анткени тунгустардын Борбордук Азиянын талааларында жашагандыгын жана аларда көчмөн турмуштун болгондугун тастыктай турган маалыматтар жок. Ушундан улам К.Менгес тунгустар узак убакыттар бою Сибирдин тайгасында көчмөн турмуш кечирип, аң уулоо, балык уулоо жана бугу багуу менен күн көрүп келишкен деген ойго келет. Анын пикири боюнча тунгустардын жашаган жерлери Борбордук Азиянын талааларына жакын жайгашкан түндүк тараптагы, Байкал көлүнөн Амурдун бассейнине, андан ары Тынч океандын жээгине чейин созулуп жаткан жерлерди камтыган болуу керек. Калыбы, бийик тоолор менен чытырман токойлор тунгустарды талааларда жашаган башка алтайлык элдерден бөлүп жана коргоп турган. К.Менгестин пикиринде башка алтай тилдеринен байыркы учурларда эле бөлүнүп калгандыгын тунгус тилдеринен азыр да байкоого болот (К.Менгес, 110–111).

К.Менгестин тунгустар тууралуу жогорку маалыматы – байыркы алтай доорундагы алтай биримдигине кирген уруу жөнүндөгү баалуу маалымат. Анткени тунгус тили – алтай тилдеринин эң архаикалык тиби деп эсептелет.

## Алтай тилдеринин тобу, алтай тилдеринин башка тилдерге жакындыгы тууралуу гипотезалар

Алтай тилдеринин тобу дегенде биз кайсы тилдерди түшүнөбүз? Алтай тилдеринин башка кайсы тилдер менен генетикалык байланышы бар? Кеп учугу ушул жөнүндө.

Байыркы алтай доорундагы алтай тилдери тууралуу такталган илимий даректердин жок экендиги жогоруда айтылды. Байыркы алтайлыктардын өзөгүн түзгөн алгачкы тайпалар улам ажырымдалып, бара-бара бири-биринен айырмаланып отуруп, анан бир нече топту түзүшкөндүгү, ошого жараша алардын тили да бир нече топко бөлүнгөндүгү тууралуу маалымат К.Менгестин эмгегинде кездешет.

Ал алтай тилдеринин тобуна төмөнкү төрт чоң топту кошот:

1. Хунн[1] тобу. Бул топ алтай элдери мекендеген аймактын түштүк-батыш жана батыш тараптарында болгон. Колдо бар маалыматтарга таянып, К.Менгес аларды алтайлык элдер, волгалык булгарлар[2] менен азыркы чуваштардын ата-бабалары деп эсептейт.

2. Түрк тобу. Бул топ адегенде түндүк-батыш жана батыш тарапта болгон.

3. Монгол тобу, борбордо жана түштүк-чыгышта болгон.

4. Тунгус тобу, түндүк жана түндүк-чыгышта болгон (111-б.).

Көрүнүп тургандай, К. Менгес хунндарды да алтай тилдеринин тобуна кошот, анткени ал, жогоруда белгилегендей, хунндарды алтайлык элдердин бир группасы деп эсептейт.

Ушул эле эмгегинде К.Менгес жогорку маалыматтарга толуктоолорду киргизет. Бул толуктоосунда[3] алтай тилдеринин бүлөсүнө алты тилдик топ кирет, алардын үчөө: түрк, монгол, тунгус тилдери – ички топту түзсө, калган үчөө: корей, япон, рю-ку тилдери – тышкы топту түзөт (11-б.).

К.Менгес алтай тилдеринин эң архаикалык тиби – тунгус тилдери болуп эсептелерин жана бул тил алтай тилдеринин

---

[1] К. Менгесте «гунн» деп берилген.

[2] Автордун «булгарлар» деп бергени сакталды.

[3] К.Менгес аталган китептин 10–15-беттерине «Экинчи басылышына кириш сөз жана кошумчалар» деген темада толуктоолор киргизген. Караңыз: Түрк элдери жана алардын тилдери. – Б., 2000, 10-15-бб.

эволюциялык жашын аныктоодо эң мыкты түп нуска болуп берерин маалымдайт. Булардын ичинен түрк тилдери – эң кийинки эволюциялык тип, ал эми монгол тилдери, түрк тилдерине салыштырмалуу архаикалык тил болгону менен, тунгус тилдерине караганда өнүгүүнүн бир топ этаптарын басып өткөн тил болуп эсептелет (111 б.).

Алтайлыктардын өзөгүн түзгөн алгачкы тайпалар бөлүнүп, бири-биринен айырмаланып отуруп, кийинчирээк жогоруда айтылган төрт топко айланып кеткенге чейин алар Борбордук Азиянын талааларын мекендешкен деп болжолдойт К.Менгес. Окумуштуунун пикири боюнча «алтай тилдери» деген термин да өзүн-өзү толук актайт, анткени ал Алтай тоолорунун айланасында (терминдин кеңири маанисинде Алтайдын айланасындагы түштүккө карай созулуп жаткан талааларда) сүйлөнгөн тилдердин тобун билдирет. Бул терминди көптөгөн уруулар чыккан Алтай же Алтай-Саян тоо системасы катары түшүнүү жаңылыштык болмок, аны түз маанисинде эмес, жогоруда айтылган кенен маанисинде түшүнсөк, алтай жана алтайлык деген терминдер колдонгонго абдан ыңгайлуу дейт К.Менгес.

Окумуштуунун бул пикирине толук кошулууга болот. К.Менгес алгачкы алтай тобунун мекендеген жери батышыраак тарапта болушу мүмкүн деген божомолдун маанилүү себептери бар деп эсептейт, анткени алтай тилдеринин урал жана индоевропа тилдери менен болгон карым-катышы ушундай пикирге түртөт[1].

Ошентип, жогоруда келтирилген маалыматтар алтай доорундагы алтай тил биримдигиндеги элдердин жашаган территориясы жөнүндө, адегенде ал биримдиктин негизин түзгөн уруулар бара-бара бөлүнүп, бирин-биринен айырмаланып отуруп, кийин бир нече топторду түзүшкөндүгү жана алардын кайсы топтор экендиги тууралуу маалымдайт.

К.Менгес мурда корей жана япон тилдери алтай тилдеринин бүлөсүнө жакын болушу ыктымал деген ойдо болгон. Кийин ал бул оюнан баш тартып, корей-алтай изоглассаларына

[1] *К.Менгес.* Аталган эмгекте, 111-б.

караганда япон-алтай изоглассалары (синтаксисте эле эмес) көбүрөөк экендигин мойнуна алат. Япон-алтай изоглассалары корей-алтай изоглассаларынан сан жагынан көбүрөөк жана алардан такыр эле айырмалуу. Ал эми Рамстедт корей тилдерин алтай тилдерине жакын тил катары санап, ал эми япон тилин андан таптакыр чыгарып таштаган эле (11-б.).

Рой Эндрю Миллер япон тилинин алтай тилдери менен тектеш экендигин илимий жактан далилдеген[1]. Бул Рю-Кю аралдарынын диалектилерине да тиешелүү. Алардын япон тили менен тектеш экендиги Хаттори Широ тарабынан да ырасталган (К.Менгес, 11-б.). Ошентип, корей, япон, рю-ку тилдери алтай тилдеринин тышкы тобун түзөт.

Алтай тилдери урал, индоевропа жана дравид тил топтору ж.б. менен да генетикалык байланышта.

Алтай тилдерин изилдөөдө түрколог, академик В.В.Радлов көп эмгек сиңирген. Ал Алтайда 1859-жылдан 1971-жылга чейин жашап, орус, немец, француз тилдеринде 21 эмгекти жарыкка чыгарган. Анын ошол эмгектери, ошондой эле XIX кылымдын ортосуна таандык «Образцы народной литературы тюркских племен» деген эмгеги – тилдик эстелик катары өтө баалуу.

Алтай жана урал тилдери тектеш тилдер деп эсептелет. Урал жана алтай тилдеринин узакка созулган, ургаалдуу карым-катыштары алтай элдери мекендеп келген аймактын батыш тарабында, т.а., Тянь-Шань менен Уралдын же Волганын ортосундагы чек аралары болбогон мейкин талааларда болгон. К.Менгес муну: «прото-урал жана прото-алтай өзөк урууларынын симбиозу, прото-урал-алтай тилдүү байыркы элдин тукумдары деп айтар элем»,[2] – дейт.

Урал-алтай теориясынын автору деп эсептелген окумуштуу М.А.Кастрен эң биринчи жолу Алтайга (1846–1849-жж.) лингвистикалык максатта саякат менен барган. Бирок ал хакас тили боюнча изилдөөлөрдү жүргүзгөн.

Фин окумуштуулары негизинен алтай тилдерине караганда урал тилдеринин маселелерин изилдешкен. Бирок алтай

---

[1] *Р.Э.Миллер.* Япон тили жана башка алтай тилдери. – Чикаго, 1971.
[2] *К.Менгес.* Аталган эмгекте, 112-б.

тилинин урал-алтай тилдери менен типологиялык жактан окшоштугун Ф.И.Табберт-Страленберг иликтөөгө алган[1].

Ф.И.Табберт-Страленберг XVIII кылымда түрк тилдерин салыштырып изилдөө боюнча эң ири адис болгон. Ал урал-алтай теориясын, т.а., урал (угро-фин жана самоед) жана алтай (түрк, монгол жана тунгус-манчжур) тилдеринин тектештиги жөнүндөгү теорияны жараткан.

Ф.И.Табберт-Страленберг эң биринчилерден болуп урал-алтай тилдерин классификациялаган. Ал ошону менен катар эле түрк тилдерин да алгачкылардан болуп классификациялаган окумуштуу[2]. Ал эми Рясянен Волга түрк тилдери менен фин-угор тилдеринин ортосундагы карым-катышты иликтеген.

Индоевропа жана алтай элдеринин карым-катышы тууралуу К.Менгестин эмгегинде кызыктуу маалыматтар орун алган. Анын божомолунда алардын байыркы карым-катышы үчүн Понто-Каспий талааларынын чыгыш бөлүгү ойдогудай жер болгон. Калыбы, бул биздин заманга чейинки экинчи миң жылдыктын биринчи жарымында индоевропа элдеринин улуу миграциясы башталып, алгачкы индоевропалык группалардын артынан каптап жөнөгөн прото-индо-ирандыктар менен бирге алтай тилдеринде сүйлөгөн элдерди Каспийдин чыгыш жагындагы «Туран» талааларынан Борбордук Азиянын тоолуу аймагына карай сүргөндөн кийин болгон. К.Менгестин божомолунда индоевропалык элдердин бул селдей каптаган миграциясынан улам Европанын, Жер Ортолук деңизи менен Кавказдын байыркы европеид (*автордо ушундай берилген – Г.Ж.*) тургундары Борбордук Азияга карай кетип, акырында Алтай аймагынын түндүк-батыш жана түндүк жактарына барып калышкан. Бул айтылган божомолду археологиялык табылгалар жана жаңы тарыхый климатологиянын маалыматтары да ырастап турат (112 б.).

Алтай тилинин индоевропа тилдери менен болгон карым-катыштары тууралуу сөз болгондо К.Менгес славян-алтай же

---

[1] Ф.И.Табберт-Страленберг – адегенде швед офицери, полтава туткуну, кийин эң ири Сибирь изилдөөчүсү.

[2] *Н.А.Баскаков.* Тюркские языки. 10-б.

иран-алтай карым-катышы менен эле чектөөгө болбойт, алардын айрымдары байыркы мезгилде болгондуктан, аны индоевропа тилдериндеги белгилүү бир тил менен байланыштырууга мүмкүн эмес деген пикирин айтат.

Алтай элдеринин байыркы ата-журту мурун батыш тарапта болгондугун алардын дравид тилдери менен байланышы да ырастайт. К.Менгес алтай тилдерин дравид тилдери – тамиль, канада, телугу, малаялам жана башка он беш тил менен жалпы фонетикалык кубулуштар, грамматикалык жана лексикалык окшоштуктар типологиялык жана генетикалык жактан байланыштырып турарын маалымдайт (112).

В.М.Иллич-Свитычтын гипотезасы боюнча алтай тили урал, дравид, индоевропа, семит-хамит жана картвель тилдеринин бүлөлөрү менен бирге генетикалык тектештигининин (родство) негизинде ностратикалык макросемья биримдигин түзүшкөн[1].

Алтай тили палеазиат тилдери менен жакындашат. Алтай тилинин нивх тили менен грамматикалык (атоочтук жана этиштик) жана лексикалык жактан окшоштугу алардын генетикалык жактан болбосо да, өз ара карым-катнашынын натыйжасында келип чыккан жакындык экендигин В.В.Панфилов белгилейт. А.П.Дульзон ушундай эле тилдик байланыштар кет-алтай тилдерине да мүнөздүү экендигин маалымдайт.

Ошондой эле лексикалык жана грамматикалык жактан окшоштуктар алтай тилдери менен (конкреттүү түрк тилдери менен) Американын индилеринин тилдеринин (сиу жана кечуа) ортосунда да байкалган.

Алтай тилинин бөлүнүп кеткендиги тууралуу маалыматтар ар түрдүү. Мисалы, И.Рамстедттин пикири боюнча байыркы алтай тили б.з.ч. II кылымдын башында таркап жок болгон. Ал эми В.Котвич алтай баба тилинин (праязык) биримдиги б.з.ч. биринчи миң жылдыктын башында бөлүнүп кеткендиги, Л.Лигети алтай баба тилинин (алтайский праязык) кыйрашы б.з.ч. экинчи миң жылдыкта же үчүнчү миң жылдыкта болгондугу тууралуу маалыматтарды беришет.

---

[1] *К.Менгес.* Аталган эмгекте, 11-б.

В.М.Иллич-Свитыч алтай биримдиги ностратикалык макросемьяга кирген беш тилдин ичинен алгачкылардан болуп кыйроого дуушар болгондугун кабарлайт. Ал эми азыркы илимий изилдөөлөр боюнча, маселен, О.П.Суник алтай баба тилинин (праязык) бөлүнүп жок болушу б.з.ч. он миңинчи жылдыкта болгон десе, С.А.Старостин б.з.ч. жетинчи миң жылдыкта болгон деп болжолдойт. Ошентип, бул боюнча так маалыматтар жок.

## ХУНН ДООРУ ЖАНА ХУНН ДООРУНДАГЫ КЫРГЫЗДАР

**Кыргыз элинин байыркы тарыхы тууралуу.** Кыргыз элинин байыркы тарыхы бар. Кыргыз эли – эң байыркы элдердин бири. Бул тууралуу талаш пикирлер жок. Кыргыздардын хунн доорунда жашагандыгы жазма тарыхый булактарда катталып калган. Ошондуктан хунн доорунда коомдук түзүлүшү кандай эле, убагында дүйнөнү дүңгүрөтүп, элдердин үшүн алган хунндар кимдер, алардын карамагында жашаган кыргыздар кандай жашоону баштан кечиришкен, алардын салт-санаасы, каада-салты кандай эле деген ж.б. суроолор туулат. Биз төмөндө хунн доору, ал убактагы кыргыздар тууралуу сөз козгомокчубуз.

Кыргыздардын тарыхы байыркы эки коомдук түзүлүш менен – хунн уруулук союзу жана сяньбилер (б.з.ч. II к.–б.з.V к.) менен, ошондой эле Түрк каганаты (б.з. VI–VIII кк.) менен тыгыз байланыштуу. Ошондуктан, кыргыздардын тарыхы жана этнографиясы хунн-сяньбилик жана түрктүк делген эки негизги этапка бөлүнөт (А.Н.Бернштам. 1998, 193). Биз буга Жужан доорун да кошууга болот деп айтар элек. Анткени Жужан хандыгы мезгилинде кыргыздар аталган каганаттын карамагында болгон.

Кыргыздардын байыркы тарыхы мына ушул уруулар – хунндар, сяньбилер, жужандар жана түрктөр менен байланыштуу. Ошондой эле кыргыздардын эң байыркы тарыхы динлиндер жана усундар менен да байланыштуу. Кыргыздардын

хунндардын карамагында, андан кийин сяньбилердин жана жужандардын тушунда алардын карамагында жашашкандыгы тууралуу даректүү маалыматтар бар. Ошондой эле байыркы кыргыздардын динлиндер менен урук-урку аралашып кеткендиги жөнүндө, Тянь-Шандык кыргыздардын байыркы бабалары усундар болгондугу тууралуу да гипотезалар бар. Ошондуктан биз байыркы кыргыздардын тарыхын сөз кылганыбызда аталган маселелерге кайрылбай коё албайбыз.

С.Абрамзон айрым изилдөөчүлөрдүн кыргыздарды «кыргыз» деген наам таандык болгон жерлерден гана издеп, жаңылып жаткандыгын айтып, мындай мамиле изилдөөчүлөрдү «сыйкырлагандай» ушул багытты гана көздөтүп, бул наамдан сырткары этностук топтор кыргыз этногенезине тиешеси жок катары изилденбей калгандыгын белгилейт.

С.Абрамзон бул маселени чечүүдө кыргыз элинин пайда болушуна катышышы ыктымал бардык урууларды, этностук топторду эсепке алуу менен тарыхый-конкреттүү мамиле жасоо керектигин эскертет[1].

Биз окумуштуунун мына ушул көз карашын колдойбуз жана кыргыздардын уруу катары түптөлүү мезгилинен баштап, хунн, түрк доорундагы мезгилин ошол доордогу уруулардын тарыхы менен тыгыз карым-катышта карайбыз. Кыргыздардын байыркы доордон баштап, «Кыргыз улуу державасына» чейинки басып өткөн тарыхый жолу алар менен канатташ жашаган жана өз мезгилинде үстөмдүк жүргүзгөн уруулардын тарыхы, тагдыры менен тыгыз байланышта, карым-катнашта өнүккөндүгү талашсыз.

А.Н.Бернштам да бул тууралуу мындай деген: «Кыргызы, как племенное образование гуннского периода, развиваются в тесных взаимоотношениях, во-первых, с гуннами и сяньби, во-вторых, с динлинами и, в-третьих, с усунями» (1998, 193).

Биз бул эмгегибизде байыркы кыргыздардын мына ушул уруулар менен – хунндар, сянбилер (бир аз), жужандар, динлиндер жана усундар менен байланышына да көңүлүбүздү бура-

---

[1] *С. Абрамзон.* Кыргыздардын этногенетикалык жана тарыхый маданий байланышы. Китепте: Кыргыздар. 2, 1993, 297-б.

быз. Андан соң, албетте, түрк доору жана түрк доорундагы кыргыздар тууралуу сөз болот.

Адегенде кеп – хунндар жана ага байланыштуу кыргыздар тууралуу.

**Хунндар.** Алтай доорунан кийинки мезгили боюнча эң байыркы доор – Хунн доору (б.з.ч. III к. – б.з. IV к.). Бул доор Хунн империясы деген ат менен белгилүү. **Хунн империясы эбегейсиз зор уруулук союздун** (*белгилеген – Г.Ж.*) түзүлүшү жана өнүгүшү менен мүнөздөлөт. Бул империя Борбордук Азиядан Чыгыш Европага чейинки территорияны ээлеп, көп сандаган түрк-монгол, тунгус-манчжур жана башка урууларды бириктирген. Алардын басымдуу бөлүгүн көбүнчө түрк-монгол тегиндеги уруулар түзгөн. Хунндар биздин доордун биринчи кылымдарында эле Чыгыш Европага кирип келишкен[1].

**Көчмөн хунндардын келип чыгышы.** Айрым изилдөөчүлөр хунн коому б.з.ч. XXIII кылымда эле болгондугун боолголошкон. Кытай жазмаларын атайын үйрөнүп чыккан изилдөөчү Хирт хунндардын келип чыгышы б.з.ч. XXIII жана XIX кылымдардын ортосунда болгон[2] деп эсептейт. Бирок А.Н.Бернштам Хиртте «жун» – «гунн» аттарынын келип чыгышы жөнүндөгү жана кийинчерээк хунн союзуна кошулган уруулар жөнүндөгү маселелер аралашып кеткендигин маалымдайт (1998, II, 332). Жундар ким болгон?

Көчмөн уруулар үч-төрт кылым бою өздөрүнүн көчмөн маданиятын өнүктүрүп, Кытайдан обочолонуп жашашкан. Бул карасук маданияты деп аталган доордун тушунда болгон. Кытай жазмаларында Кытайды айландыра жайгашкан уруулар гуньчжу, гуанжун, дивань, Ордосто – икюй, лэуфэн, Манчжурияда – дунху жана шаньжун деп берилген. Анда булар тууралуу: «Каждое (из поколений) было рассеяно по краям горных долин. Они имели предводителей и старейшин, часто собирались до 100 с лишним (семейств) жунов, но все не мог-

---

[1] *Н.А.Баскаков.* Тюркские языки. – М., 1960, 33-б.

[2] *А.Н.Бернштам* Хирттин төмөнкү эмгектерин мисалга келтирет: The History of China. New York. 1908, стр.13; Де Гроот (J.J.De Groot) да ушундай пикирде; Сал.: O.Franke. Beitr@ge aus Chinesischen Quellen zur Kenntnis der T#rkv†lker und Skythen Zentralasiens. Berlin, 1904, 4-б. ж.б.

ли соединиться», – деп айтылат[1]. Бул мезгилде аталган уруулар биригише албай өз алдынча жашашкан.

VI–V кылымдардан баштап көчмөндөрдүн Кытайга чабуулдуу кыймылы башталган. А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча: «Среди икюйских жунов было уже 25 «городов», т.е. укрепленных поселений (чэн). Китайская правительница Сюаньтайхэу находится в браке с одним из предводителей жунов. Эти факты связи жунов с Китаем, продолжающейся до III в. до н.э., и объясняют появление памятников типа Муянчэн и Наньшаньли, и сложение в чжоуской бронзе стиля Хуай» (334). Жундардын Кытай менен болгон байланышы б.з.ч. III кылымга чейин созулган.

Б.з.ч. 307-жылы кытай полководеци Улян линьху жана лэуфань урууларын талкалаган. Бирок көчмөндөр тараптан дайыма коркунуч болуп тургандыктан, Иньшандан баштап «Улуу Кытай дубалын» кура баштаган. Ошентип, Улуу Кытай дубалынын курулушу башталган. А.Н.Бернштам белгилегендей, «заканчивается первый этап разделения кочевников и земледельцев, тянувшийся тысячелетие» (1998, 336).

Ошентип, бир жагынан Цинь династиясынын тушунда (б.з.ч. 221–206-жж.) Кытайдын биригүүсү башталган. Экинчи жагынан – «достаточно созревшие классовые отношения у кочевников ведут к созданию их объединения, вначале в рамках военно-демократического строя» (А.Н.Бернштам, 1998, 336).

Ал эми мындай согуштук-демократиялык түзүлүш тууралуу Ф.Энгельс мындай деген: «Военоначальник, совет, народное собрание образуют органы развивающейся из родового строя военной демократии. Военной потому, что война и организация для войны становятся теперь нормальными функциями народной жизни» (Аталган эмгекте, 139–140-бб.).

А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча көчмөндөрдүн биригүүсүндө жундар башкы ролду аткарган. «Жун» деген этноним менен Борбордук Азиядагы уруулук союздун «хунн» деп аталышынын ортосунда түздөн-түз байланыш бар экендиги

---

[1] Маалымат *А.Н.Бернштамдан* алынды. Караңыз: Избранные труды... 1998, II, 335-б.; Аталган автор. Из истории гуннов в I в. до н.э. СВ, I, 53-б. Автор Шицзидеги материалдарга таянат, гл. 110.

ачык эле көрүнүп турат. Көчмөн жундардын күчүнүн консолидация[1] процессин «Улуу Кытай дубалынын» курула башташы тездеткен.

Ал эми Н.Я.Бичурин Хунну династиясынын негиздөөчүсү тууралуу мындай маалымат берет: «Китайские историки заметили только, что Шунь-вей, сын последнего государя из династии Хя, удалившийся в Монголию в 1764 году до Рождества Христова, почитается основателем первой монгольской династии Хунну» (Соб.св., I, 1998, 31).

III кылымдын башында хунндар Ортоңку падышачылыктын (Срединное царство) үрөйүн учуруп тургандан бир аз мурун кытайлык тарыхчылар монголдордун[2] хунну жана Дунху (*Н.Я.Бичуринде ушул жерде Дунху, башка жерлерде Дун-ху деп берилгени сакталды – Г.Ж.*) аттуу бир уруулаш (единоплеменный) эки үйдүн жогорку бийлигинин астында турушкандыгын билишкен. Хунндар, Могул-хандын үйү, Монголиянын батыш бөлүгүндө жайгашкан. Алардын ордосу Хангайдын астында (Орхонго жакын) орун алган. Ээлеген жерлери «от Калгана к северу за Байкал, к западу до Тарбагатайских гор» (Соб.св., I, 1998, 31) деп эсептелет.

Ал эми Дун-ху, Татархандын үйү, азиялык тарыхчылардын айтуусу боюнча, Монголиянын чыгышында бийлик жүргүзгөн. Алардын ордосу ушул өлкөнүн түйүндүү жеринде (Карцинь) жайгашкан. Ээлеген жерлери батышка карай Калганга чейин, түндүккө – Хинган тоо кыркаларына чейин созулган (Собр.св., I, 1998, 31).

Дун-хулар ээлеген жерлеринин ыңгайлуулугу жана күчү жагынан хунндардан артыкчылык кылганы менен эрдем-

---

[1] **КОНСОЛИДАЦИЯ** *ж.* 1. (*упрочение, укрупление*) консолидация, консолидациялоо (*чыңоо, бекитүү, топтоп чыңдоо, мыктылап чогултуу*). Караңыз: К.К.Юдахин. Орусча-кыргызча сөздүк, 1957, 296-б.

[2] *А.Көчкүнов:* «Монголиянын территориясынын тарыхый өнүгүшүн, этностук (улуттук) составынын узак тарыхый мезгил ичинде бир нече жолу өзгөрүшүн эске албай, байыркы тарыхый доордо жашап өткөн урууларды, элдерди Бичурин Монголияда өзү көргөн-билген элдердин эле өзү деп эсептеген. Натыйжада, гундар, сяньбилер, жуан-жуандар, түрк-тюгулар, уйгурлар жана башкалар Бичуриндин эмгектеринде монгол уруулары болуп калган» – дейт. Караңыз: А.Көчкүнов. «Н.Я.Бичурин. Енисей кыргыздары тууралуу». Китепте: Кыргыздар. I, 1993, 76-б.

сингендиктеринин айынан Х.Т. чейинки 209-жылы («пред Рождеством Христовым») хунндардын катуу соккусуна дуушар болушкан. Н.Я.Бичуриндин белгилөөсү боюнча бул эки үйдүн урпактары «взаимно возвышались и упадали[1], и сим образом[2] в двух линиях попеременно господствовали в Монголии тринадцать столетий» (Собр.св., I, 1998, 31).

Мына ушул мезгилдин ичинде Хунндардын Үйүнөн – Жужань, Дулга [Тукюэ], Ойхор [Хойху]; Дун-хулардын Үйүнөн – Ухуань, Сяньби, Кидань келип чыгышкан; Дун-ху Үйүнүн тукумдары («отраслями[3] Дома Дунху») деп Муюн жана Тоба эсептелген. «С падением Дома Кидань пресеклась первая монгольская династия Хунну, продолжавшаяся в родовых поколениях с 1864 года до Р.Х, до 1115 года по Р.Х. Место его, после краткого промежутка (31 года) заступил Дом Монгол, доныне продолжающийся в поколениях монгольских князей» (Соб.св., I, 1998, 31).

Ошентип, хунн уруулук союзу түзүлгөн жана ал узак мезгил бою бийлик жүргүзгөн улуу көчмөн империяга айланган. Ушул империянын карамагында байыркы кыргыздар да болгон. Тарыхый маалыматтардан улам кыргыздар хунндар менен кошо улуу жүрүштөргө катышкан деп айта алабыз. Анткени хунндар багындырган уруулардын аскерге жарамдуу бөлүгүн кошундарынын катарына кошуп алышкан.

Хунндардын тушунда байыркы кыргыздар көчмөн турмушту баштан кечирген.

Хунндардын күчөп турган мезгилинде байыркы кыргыздардын жашаган аймагы Гэгунь деп аталгандыгы кытай жазма булактарында жазылып калган. Ошол мезгилден баштап байыркы кыргыздардын жазма тарыхы башталган.

**Талаа көчмөндөрү (хунндар) жана Кытай (б.з.ч. III к. – б.з. III к.) тарыхый булактарда.** Л.Н.Гумилев б.з.ч. III кы-

---

[1] **Упадать** *несов.уст. то же, что* **падать**. Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я. – Б., 2012, 476-б.; **Падение** *ср* 1. *по знач.гл.* **падать** и **пасть**. 2. төмөндөө, кемүү, тартылуу, соолуу; 3. жеңилүү, багынуу. Орусча-кыргызча сөздүк. П–Р. – Б., 2012, 4-б.

[2] Китептегидей берилди: «...и сим образом...». Собр.св., I, 1998, 31-б.

[3] **Отрасл/ь** *ж* 1. *уст.* жаш бутак, ноода; 2. *уст.* урук, тукум. Орусча-кыргызча сөздүк. К–О. – Б., 2012, 694-б.

лымдан б.з. III кылымына чейин хунндардын Кытай менен катар жашагандыгы тууралуу маалымдайт: «С III в. до н.э. до конца III в.н.э. земледельческий Китай и Великая степь, населенная скотоводами-хуннами, существовали рядом» (Хунну. – М., 1960).

Л.Н.Гумилев белгилегендей, ар бир этнос «жил в своем ландшафте, но в совокупности с соседями входил в суперэтнические конструкции кочевой культуры и дальневосточной цивилизации. И та и другая были полиэтничны»[1]. Көчмөндөргө хунндардан башка да сяньбилер (байыркы монголдор), цяндар (көчмөн тибеттиктер), кичи юечжилер (малые юечжи), усундар, кыпчактар ж.б. уруулар кирген. Кытайда кытайлыктардан башка да «жили аборигены: жуны, ди, мань, и, юе, принадлежавшие по языку к тибетско-бирманской, тайской и малайской группам»[2].

Жалпы маданияты байланыштырган бул суперэтностордун жашоосунун узакка созулушу, Л.Н.Гумилев белгилегендей, «давала повод современникам рассматривать себя как «состояние»[3], но на самом деле это были медленно текшие процессы». Кытайлык суперэтностун мамлекетке бириГүүсү, ошондой эле таптык карама-каршылыктардын күчөшү жана б.з.ч. III кылымда антогонисттик абалга чейин жетиши калктын 60 %ин, ал эми бул империянын кулашы б.з. III кылымында калктын 80 %ин жок кылган (Этносфера… 1993, 213).

---

[1] *Л. Н. Гумилев.* Этносфера. История людей и история природы. – М., 1993, 213-б.

[2] *Л. Н. Гумилев* бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгекке таянат: *Е.В. Иванова.* Роль лингвистических данных при решении проблемы этногенеза (к проблеме этногенеза тайских народов). – «Доклады отделений и комиссий ВГО». Вып. 3. – Л., 1967.

[3] *Л. Н. Гумилев* этностор пайда болот, «проходят акматическую фазу», реликтке айланат жана жок болот дейт. Мына ушул процесс – этногенез – «направлен по ходу времени и необратим». Бир фазадан экинчи фазага өтүү, тактап айтканда «от становления к упадку, не требуется дополнительных затрат энергии, так как здесь достаточно инерции первоначального толчка. Это уже показывает, что этнос не «состояние» (тем более гражданское), а процесс». Караңыз: *Л.Н.Гумилев.* Этносфера, 1993, 209-б.; *Л.Н.Гумилев.* Этнос – как явление. «Доклады отделений и комиссий Географического общества СССР». – Л., 1967, № 1, 53–66-бб.

III кылымдын аягында ээн калган жана жакырланган өлкөнү Цзинь[1] династиясы бириктирген. Мурунку 50 млн. адамдын ордуна III кылымда 7,5 млн. адам гана калган. Кийин IV кылымда адамдын саны 16 млн. го чейин көбөйгөн (Л.Н.Гумилев, Этносфера... 1993, 213).

Талаада болсо уруулук түзүлүш өкүм сүргөн жана анын бузулушу акырындык менен жүрүп, бул көчмөндөргө чоң деле зыян келтирген эмес. Бирок талаанын кургашы I кылымда башталып, III кылымда чегине жетип, хунндардын айласын кетирген. Жайыт жерлеринин кыскарышы хунндарды жана сяньбилерди Хуаньхе жана Ляохе сууларына ыктоого аргасыз кылган жана аларды кытайлыктар менен байланышууга түрткөн. Жерлер ээн болгондуктан «правительство Цзинь допустило поселение на границе 400 тыс. кочевников и около 500 тыс. тибетцов разных племен» (Л.Н.Гумилев. Этносфера, 213). Көчмөндөр жер ээлөөчүлөрдүн эксплуатациясына жана чиновниктердин зомбулуктарына чыдашкан, бирок алар кийин «вернулись к соплеменникам и возглавили восстание, ставившее целью «оружием возвратить утраченные права»[2].

Хунндар менен Кытай өлкөсү жанаша жашаган. Алардын ортосунда маданий жана саясий байланыштар болгон. Албетте, бул мамилелерде ар тараптын өз кызыкчылыктары болгон жана бул кызыкчылыктар алардын ортосундагы мамилелердин бузулушуна алып келген.

**Хунндардын ээлеген территориясы.** Хунндардын ээлеген территориясы көчмөн жашоого ылайыктуу болгон. Ал жерлерге азыркы Ички жана Тышкы Монголия, Жунгария жана Түштүк Сибирь[3] кирген. Аларда эт, тери, аң териси ашыгы менен болгон, алар нанга жана кездемеге муктаж болушкан. Буларды аларга Кытайдан алмашуу жолу менен алуу оңой

---

[1] *Л. Н. Гумилевде* – Цзинь, «От античности...» аттуу эмгекте Цинь деп берилген.

[2] *Н. Я. Бичурин* (Иакинф). Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. Т.1, 2. – М.–Л.,1950.

[3] *Л. Н. Гумилевде* «Внутренняя и Внешняя Монголия, Джунгария и Южная Сибирь» деп берилген. Караңыз: Хунну. С. 88–89.

болгон. Бирок Цинь жана Хань династиясынын императорлоруна армиясын багуу керек эле, ошондуктан алар хунндар менен болгон сооданы өз колдоруна алышкан. Натыйжада, хунндар нан менен кездемени аз алып калышкан (88–89).

Буга хунндар согуш менен жооп беришкен. Б.з.ч. 152-жылы хунндар алмашуу базарын ачтырууга жетишишкен. Б.з.ч. 133-жылы кытайлыктар согушту кайрадан башташкан жана хунндарды түндүккө Гоби чөлүнө сүрүшкөн. Хунндарды багындыруу үчүн болгон согуш ишке ашкан эмес, б.з.ч. 90-жылы кытай экспедициялык армиясы талкаланган[1].

**Хунндар жана Кытай дубалы тууралуу.** Жогоруда белгилегендей, кытай суперэтносунун мамлекетке биригүүсү оңойго турган эмес.

Цинь династиясынын башкаруучусу Чжен (Цин-Шихуанди өзүн Цинь династиясынын биринчи императору деп атаган) Х.Т. чейинки[2] 221-жылы өлкөнүн ээлеген аймагын кеңейтүү максатында өзүнүн күчүн түштүккө багыттаган. Ал Кантонду басып алып, Индокытайдын чек арасына чейин жеткен. Бирок ушул маалда Кытайга түндүк тараптан коркунуч туулган. Монголиянын жапайы талааларында сюнну (хунн)[3] урууулары көчмөндөрдүн каардуу империясын түзүшкөн.

Тарыхый маалыматтар боюнча түндүктүк атчан варварлардан[4] (*хунндардан – Г.Ж.*) өлкөсүн коргоо үчүн Цин-Шихуанди өзүнөн мурунку башкаруучу (правитель)[5] тарабынан курула баштаган Кытай дубалын курууну уланткан. Натыйжа-

---

[1] *Л .Н.Гумилев.* Поиски вымышленного царства. – М., 1994, 105-б.

[2] Эмгекте до Р.Х. (до рождения Христа) деп берилген, кыргызча – Х.Т. чейин (Христостун туулганына чейинки) деп берилди.

[3] Тарыхый маалыматтарда байыркы хунндар – **сюнну** деп берилет. **Сюнну** – хунндардын бабалары деп эсептелет. Караңыз: От античности до средних веков, 93-б.

[4] **ВАРВАР** *м.* 1. *ист.* варвар (байыркы гректер жана римдиктер башка жердин кишилерин «варвар» деп аташкан). Орусча-кыргызча сөздүк, 1957, 65-б. «От античности до средних веков» деген эмгекте хунндарды варварлар деп беришкен. 80-б.

[5] Эмгекте правитель деп берилген. **ПРАВИТЕЛЬ** *м. уст.* өкмөт башчысы, башкаруучу, аким. *К.К.Юдахин.* Русско-киргизский словарь. 1957, 624-б.

да, Кытай дубалы Ляодун булуңунан Рихтгофен тоо кыркаларына чейин 3000 км ге жеткен, өлкөнүн түндүк тарабынан түштүккө карай созулган.

Ошентип, аталган өлкө башчысынын тушунда Кытай империясы өзүнүн азыркы аймагына ээ болгон. Цин-Шихуанди Кытайды бириктирип, улуу империяны курган. Натыйжада, ал Кытай мамлекетинин негиздөөчүсү, биринчи император катары тарыхта калган (От античности..., 80). Б.з.ч. 210-жылы Цин-Шихуанди каза болгон, төрт жылдан кийин Цинь династиясы өзүнүн бийлигин аяктаган[1].

Цинь династиясынын кулашына элдик көтөрүлүш себепкер болгон.

Бул тууралуу Л.Н.Гумилев мындай деген: «Народное восстание 206-г. до н.э. ликвидировало режим империи Цинь, и при династии Хань столь больших кровопролитий не происходило. Страна богатела...» (Этносфера... 73).

Ошентип, хунндар Кытай өлкөсүн титиретип, Кытайдагы кылым курулушу болгон Кытай дубалын курууга себепкер болушкан.

**Хунндардын Кытайга жортуулдары.** Хунндар «талаа империясы» деген ат менен белгилүү болушкан. Зор күчкө ээ болгон, «талаа империясы» деп аталган хунндар негизинен көчмөн түрк урууларынан турган. Алар Балхаш көлүнөн Манчжурия талааларына чейинки жерлерди көзөмөлдөшкөн жана жарым кылым бою айлана-тегерегиндегилерге коркунуч туудуруп келишкен. Жогоруда белгилегендей, алардан коргонуу үчүн Кытай бийлиги Улуу Кытай дубалын курган. Кытайлыктардын ушундай чеп менен коргонгондугуна карабастан, хунндар бул өлкөдөгү ырксыздыкты өз кызыкчылыктарына пайдаланышкан.

Тарыхый маалыматтарда Кытай императоруна каршы Хань династиясынын башкаруучусунун каршы чыккандыгы айтылат. Бул үчүн ал хунндарды (сюннуларды) жардамга чакырган. Хунндар алардын жардамы менен Кытайдын түндүк-батышындагы Ханси шаарын ээлешкен. Бирок ошол кездеги

[1] История человечества. 5500 лет. – М., АСТ, Астрель, 2002, 67-б.

император Лю Бан хунндарды четке сүрүп таштаган. Анткени менен Чзынь-Чен шаарында Лю Бандын өзүнүн жолу тосулуп, камалууда калган. Ошондо ал хунндардын башчысы менен сүйлөшүүлөрдү уюштуруп, ага кытай падышасынын кызын алып берүүгө убада кылган. Хунндар артка кайтышкан. Лю Бан убадасын аткарган[1].

К.Г.Менгестин маалыматында (64) хунндардын башчысы Мао-Дун (Мете) (*Модэ – Г.Ж.*) Кытайга казат жасап эле тим калбай, анын чет жакаларын бир нече убакытка басып алгандыгы айтылат.

Л.Н.Гумилевдун эмгегинде хунндардын Түндүк Кытайга жортуулу тууралуу маалымат орун алган. Ал хунндардын Кытайга жасаган жортуулу жөнүндө гана эмес, анын натыйжасы тууралуу да кеңири сөз козгогон. Бул маалымат боюнча 316-жылы 40 миң адамдан турган хунндар Түндүк Кытайды бүт бойдон, анын эки борбор шаары менен кошо, эки императорун, жыйналган байлыктарын басып алышкан. Ошол мезгилде кытайлыктар Кытайдын четиндеги Янцзы жээктерине куулган. Тропикалык джунглиде кытайлыктар мань уруусу менен аралашкан, ушундан улам алардын кебете-кешпири жана психикалык кулк-мүнөзү такыр өзгөрүлгөн. Анда этногенездин өзгөчө процесси жүрүп, натыйжада түштүк кытайлык этнос пайда болгон.

Ал эми өз мекенинде калышкан кытайлыктар хунндар менен аралашып кеткен. Хунндардан жана кытайлык кызкелиндерден төрөлгөн балдар талаа көчмөндөрүнүн үрп-адаттарын, салттарын унутушкан. «Воспитанные в дворцовых павильонах, они сохранили энергию и мужество, но утеряли ощущение своего, чувство локтя и императив[2] верности» (Этносфера..., 214). Ички чыр-чатактар аларды күчтөн тайдырган. Ал эми «внуки превратились в избалованных куртизанов, забавлявшихся людоедством и предательством близких»

---

[1] *От античности до Средних веков.* С 1800 года до Р.Х. – по 1942 год. Арт-Родник, 2001, 90-б. Аталган эмгекте ал падышанын кызы эмес, анын кызматчысы болуп чыккандыгы айтылат.

[2] **Императив** *м* 1. *книжн.* шек туудурбас талап, катуу буйрук. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И. – Б., 2012, 715-б.

(214). Эми хунндар басып алуучулук чабуулдарды жасамак тургай, коргонууда жеңиле башташкан.

350-жылы императордун кытайлык асыранды баласы тактын (престол) мураскерлери болуп эсептелген бир туугандарын өлтүрүп, бийликти өз колуна алып, өлкөдөгү бардык хунндарды кырууга буйрук берген. Бул буйрук ушунчалык ынтаалык менен аткарылып, ал түгүл көптөгөн сакалчан жана кочкор тумшук (горбоносых) кытайлар да жок болуп кетишкен. Бирок, зулумдун өзү да соо калган эмес.

Сяньби-муюндар (сяньбийцы-муюны) кытай аскерлерин талкалап, алардын башчысын өлүм жазасына тартышкан. Кытайлыктарга алардын санынын көптүгү да жардам бере алган эмес, «...они тоже потеряли традиции былой военной доблести вместе с национальной культурой» (Л.Н.Гумилев. Этносфера... 213–214).

Бирок, муюндарды да хунндардын тагдыры күтүп турган. Алар кытайлашып кетишкен жана талаалык табгачтар тарабынан жеңилген. Табгачтар адегенде өзүнүн тегерегине көчмөндөрдү чогултушкан, андан соң монолиттүү кытай калкы жашаган Хэнанды басып алышкан. V кылымдын аягында алар кытайлыктар менен аябай аралашып калышкан, ал түгүл алардын ханы императордун титулун алгандан кийин эне тилине, табгач кийимдерине жана уруу аттарына тыюу салган (214).

Кытайда Цинь династиясынын ордуна Хань династиясы орноп, Хань династиясынын бийлиги Кытайда эң узак мезгил – төрт кылым өкүм сүргөн. Хунндар Хань империясынын да үшүн алып турушкан. Алар Кытай менен узакка согушкан. К.Менгес: «Хань династиясы гунндарга каршы биздин замандын 22–220-жылдардын[1] арасында күрөш жүргүзгөн», – дейт (К.Менгес, 63).

**Хунндардын түрктүк теги тууралуу.** Албетте, хунндардын теги тууралуу ар кандай көз караштар, жоромолдор жашайт. Маселен, К.Менгестин эмгегинде эң алгач кытай жазмалары аркылуу тарыхка кирген түрк уруулары ошол кезде Борбордук Азия талааларында, болжол менен азыркы Түндүк Мон-

---

[1] *К.Менгесте* ушундай берилген: «...гунндарга каршы биздин замандын 22–220-жылдардын аралыгында...». Караңыз: 63-б.

голияда жашап турушкандыгы айтылат. Бул жерлер байыркы алтайлык көчмөн элдердин ата конушунун бир бөлүгү эле. К.Менгестин пикиринде тили жагынан түрктөргө тектеш бул топко (алтай элдеринин тобу) хунндардын[1] кирген кирбегени белгисиз, бирок хунндар түрктөр же түрктөргө жакын болгон деген пикирге жем таштаган этнографиялык материалдар бар.

Хунндардын теги жөнүндө сөз кылып жатып, К.Г.Менгес хунндарды алтайлык элдердин бир группасы деп эсептейт (62–63).

К.Менгес өз эмгегинде хунндардын көчмөн группаларын же алтайлык элдердин топторун карап жатып, ошол урууулар тилдик, этностук жактан бир өңчөй болгон деп айтууга болбойт дейт. Тарыхый изилдөөлөрдөн маалым болгондой, кутандар (Ляо) да, монголдор да, Алтын ордо же Чагатай улусу да тили, этностук курамы жагынан бир түрдүү болушкан эмес. К.Менгес монголдордун бабалары делген кутандардын эң жогорку бийлөөчү төбөлдөрүнүн ичинде да уйгур (Сяо) урууларынын таасири күчтүү эле дейт. Ошондой эле К.Менгес Борбордук Азиянын батышын, Батыш Түркстанды басып алып, өз империясын Кавказдан чыгыш Европага чейин кеңейткен «монголдордун» да көпчүлүгү түрктөр болгондугун, Монгол мамлекетинин мураскору катары калган Алтын Ордонун калкы да негизинен түрк тилдүүлөрдөн куралгандыгын маалымдайт. Биздин замандын IV кылымында То-Ба (байыркы түрк жазма эстеликтеринде – Табгач) деп аталган прото-монголдор менен кытай группаларынын ортосунда Кытайдын бийлиги үчүн күрөш жүрүп, анда табгачтар жеңген. К.Менгестин божомолунда бул жеңиште түрк уруулары чоң роль ойногон болуу керек, себеби алар 388-жылы бийликке келип, Вей династиясын негиздешкен.

Ал эми тили боюнча хунндар түрк болсо да, монгол болсо да, тунгус (бул күмөндүүрөөк) болсо да, же түрктөр менен мон-

---

[1] *В.В.Бартольддо, Л.Н.Гумилевдо, Э.Р.Тенишевде, Ю.С.Худяковдо, В.Плоскихде, Ө.Осмоновдо* – хунн, *А.Н.Бернштамда, К.Г.Менгесте* – гунн, *«Ханзу жазмаларында»* (кыргызча котормосунда) гун деп берилгенин өзүлөрүнүн эмгектериндегидей эле келтирдик. Биз өзүбүз баяндаганда хунн деп алдык.

голдорго орток уруулар болсо да, түрк тилинде сүйлөгөн топтор хунндардын согуштук жортуулдарына катышпай, курамына кирбей калышы мүмкүн эмес дейт К.Менгес (63).

Ошентип, хунндардын теги негизинен түрктүк болгон. Хунн союзуна кирген уруулар негизинен түрк тилдүү болушкан.

**Хунндар жана кыргыздар.** Жогоруда айтылган К.Менгестин «түрк тилинде сүйлөгөн топтор хунндардын согуштук жортуулдарына катышпай, курамына кирбей калышы мүмкүн эмес» деген пикири кыргыздар да хунндар менен кошо ошол доордогу окуяларга катышкан деп айтууга толук негиз берет. Анткени кытай жазма булактарындагы маалыматтар боюнча хунндар башка уруулар менен катар эле байыркы кыргыздарды да багындырган. Ал эми хунндарга көз каранды болгон бардык уруулар алардын курамына кирип, согуштук жортуулдарына да катышкан. Ошондуктан хунндар, өзгөчө Модэнин тушунда өтө күчтүү мамлекетке айланган.

Байыркы гэгунь-кыргыздар жөнүндөгү эң биринчи маалымат б.з.ч. 201-жылы, кытай летописи боюнча шанүй Модэ бир топ урууларды басып алгандыгы менен тарыхта калган, бул уруулардын ичинде кыргыздар жана динлиндер болгон[1].

Ошентип, атактуу Модэ[2] хунндарга башчылык кылып турганда кыргыздар алардын курамында болгон.

С.Сыдыков, К.Коңкобаевдердин окуу куралында кыргыздардын хунндардын бирикмесине киргендиги айтылат[3].

АН.Бернштам гегунь (байыркы кыргыздар) хунндар менен тыгыз байланышта болушкандыгын, алардын түндүк-батыш чегин түзгөндүгүн маалымдайт: «гегунь были тесно связаны с гуннами, представляя их северо-западный форпост[4], непосредственно соприкасаясь с динлинами» (194); «Гяньгунь өлкөсүнүн уруулары хунн союзунун түндүк бөлүгү болуп эсептелишкен жана «занимались земледелием и пастушеским

---

[1] *И.Бичурин.* Собрание сведений… ч.1,17-б.

[2] Айрым эмгектерде Маодунь же Мете деп, ал эми «Ханзу жазмаларынын» кыргызча котормосунда Бактуг деп берилген.

[3] *С.Сыдыков, К.Коңкобаев.* 2001-жыл, 128-б.

[4] **Форпост** *м* форпост, алдыңкы чек. Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я, 2012, 536-б.

скотоводством, являвшимся, по всей вероятности, главной формой производства» (352).

Мындай маалымат хунн доорунда кыргыздардын жашоосу жарым көчмөн болгондугун, алар негизинен мал чарбачылыгы менен, ошондой эле дыйканчылык менен жашашкандыгын айтып турат. Тарыхый маалыматтардын негизинде хунн доорундагы кыргыздардын социалдык түзүлүшү жана экономикалык жагдайы тууралуу А.Н.Бернштам мындай дейт: «Исторические свидетельства о кыргызах, древних гэгунь или «цзянь-кунь», позднейших «хягас» по китайским источникам и «кыргыз» по древнетюркским, дают возможность обрисовать социальный строй и экономику кыргыз «гегунь» гуннского периода. **Это были полуоседлые племена скотоводов-пастухов, занимавшихся земледелием»** (*белгилеген – Г.Ж.*) (1998, II, 200).

Окумуштуу бул археологиялык табылгалар менен тастыкталарын, таштык тибиндеги көрүстөндөрдөн табылган материалдардын негизинде Г.П.Сосновскийдин[1] гегундарга берген мүнөздөмөсүнө каршы пикирлер жок экендигин айтып, «за исключением того, что в области социальной нет оснований для этой эпохи предпологать генезис феодальных отношений», – дейт (200). Мындай маалымат хунн доорунда кыргыздарда феодалдык мамилелер жарала элек экендигин кабарлайт.

Хун дооруна чейин деле кыргыздар дыйканчылыгы болгон жарым отурукташкан малчылар (скотоводы пастухи) экендиктери тууралуу айтылган эле. Демек, хунн доорунда деле байыркы кыргыздар малчылык менен кесиптенишкен жана дыйканчылыгы бар жарым отурукташкан эл катары сүрөттөлөт.

Кыргыздардын хунндардын карамагында болгондугу тууралуу «Ханзу жазмаларында»: «Кийин Бактуг[2] түндүктө гунро, кутча, деңлең, кыргыз, сенле элдерин багындырган. Ошо-

---

[1] *Г. П. Сосновский.* «О находках Оглахтинского могильника». ПИМК, № 7–8, 1933.

[2] *«Ханзуда»* «Бактугдун тушунда» деген маалымат Модэнин хунндарга башчылык кылып турган учуруна туура келет. Ошондуктан Бактугду Модэнин кытайча аталышы деп түшүнүү керек.

ну менен гун ак сөөктөрү жана улуктары Бактуг теңиркутка эрекче[1] баш ийип, аны билги деп эсептешкен», – деп айтылган («Ханзу», 8).

Ошентип, хунндардын башчысы Модэнин башчылыгы астында жашаган байыркы кыргыздар тууралуу маалыматтар кытай жазма булактарында жазылып калган. Ошол мезгилден тартып кыргыздардын жазма тарыхы башталган. Албетте, жогоруда айтылгандай, кыргыздар хунндарга баш ийгенден баштап, башка уруулар менен кошо эле алардын бардык согуштук жүрүштөрүнө катышкан. Бирок бул тарыхта хунндардын жортуулу катары гана жазылып калган. Анткени бардык урууларды багындырып, башын бириктирип кармап тургандар – хунндар болгон, алардын башчысы Модэ болуп турганда алар абдан күчтөнүп, эбегейсиз зор аймактарды ээлеп турушкан.

**Хунндар – көп сандаган көчмөн уруулардан турган биримдик.** Кытай жазма булактарында, мисалы, «Ханзу жазмаларында»: «Хунндардын башкы теги – Шияховшунун урпактары болуп, зунуй деп аталган. Алар Таң яв, Йүй шүн замандарынан илгери тоолук нумдар (тоо рундары), хамюн, хунүк деп аталып, түндүктүн кең талаасында мал жайытына карап, көчүп-конуп жүргөн»,[2] – деп айтылат. Бул маалымат хунндардын малчылар болгондугун жана алардын көчмөн турмушта жашагандыгын кабарлайт.

«Ханзу жазмаларында» Зунуйдан түмгөнгө (*китепте ушундай берилгени сакталды – Г.Ж.*) чейинки миң жылдан ашуун мезгилден бери хунндар бирде толукшуп, бирде бириндеп, баштары бирикпей, бытыранды жашап келгендиги айтылат. Арадан далай заман өтүп кеткендиктен, алардын аркы ата-тек санжырасын аныктоого мүмкүн болбой келген. Бактугдун[3] (Модэ)

---

[1] Кыргызча котормосунда ушундай берилген. Которгон – Мамбеттурду Мамбетакун. 8-б.

[2] *«Ханзу жазмалары».* Тарыхый жазмалар. Сыма чиян (б.з.ч. 145-ж.) жазган бул китеп Хуаңдиден баштап Хан вудиге чейинки 3 миң жылдык тарыхты баяндайт. Шиңжаң эл басмасы, 2004, 3-б., которгон: Мамбеттурду Мамбетакун. Мисалга келтирилген текст котормодо кандай болсо, дал өзүндөй берилди.

[3] Башка тарыхый булактарда Модэ деп берилген.

тушуна келгенде хунндар күчтөнүп, түндүктөгү тайпалардын бардыгын багындырып, түштүктө Жуңго[1] менен үзөңгү кагыштырган. Ошондон тартып алардын ата-баба санжырасын, бийлик даражаларын кагазга түшүрүү мүмкүндүгү туулган («Ханзу», 6).

Жогорудагы маалыматта хунндардын башы бирикпей чачыранды жашап келишкендиги, кийин гана алардын башчысы Бактугдун тушунда күчтүү мамлекетке айланып, ал түгүл коңшусу – Кытай менен тең ата болуп тургандыгы, түндүктөгү жерлерди багындыргандыгы айтылат.

Совет мезгилиндеги окумуштуулар тарабынан хунндар жана хунн мезгили белгилүү бир тарыхый процесс этабындагы саясий түзүлүш катары каралат жана совет элдеринин этногенезисиндеги конкреттүү тарыхый ролу белгиленет. «Это был период, когда масса разрозненных кочевых племен, в том числе многочисленные обитатели восточной части Советского Союза, оказались включенными в гуннский союз, что способствовало их объединению и более быстрому историческому развитию» (А.Н.Бернштам. 1998, 325).

Ошентип, чачыранды көчмөн уруулар бирдиктүү бир союзга бириккен жана анда ар түрдүү этностордун салт-санаалары, маданияты, традициялары ж.б. бири-бирине сиңишкен. Бул тууралуу Ө. Осмонов: «Для империи хунн как государства разнородных этносов было характерно активное взаимопроникновение культур, обычаев, традиций нескольких древнетюркских народов и формирование единой языковой общности», – дейт (История Кыргызстана. Б., 1012, 88).

Э.Р.Тенишев хунн көчмөн эли Борбордук Азияда биздин заманга чейинки биринчи миң жылдыктын башында (в начале I тыс. до н.э.) монголоиддүү жергиликтүү уруулардан, ошондой эле түндүк кытайлык европеоиддик («северокитайских европеоидных племен» – Э.Тенишев) уруулардан куралгандыгын, биздин заманга чейинки III кылымдын аягында алар Монголия менен Байкалдын ары жагындагы (Забайкалье) талаа-түздөрдү мекендеп турушкандыгын маалымдайт (Гуннов язык. Китепте: Тюркские языки. – Б., 1997,52).

---

[1] Жуңго дегенди Кытай деп түшүнүү керек.

В.Плоскихте да ушундай эле маалымат берилет, б.а., б.з.ч. 1-миң жылдыкта Борбордук Азияда «вышел народ хунну, сложившийся из монголоидных аборигенов и европеоидных выходцев из Северного Китая (в Европе известны как гунны, в русской литературе как сюнну)»[1].

Ошентип, хунндар байыркы көптөгөн көчмөн уруулардын курамынан турган биримдик болгон. Алардын курамын көбүнчө монголоиддик жергиликтүү уруулар, ошондой эле европеоиддик түндүк кытайлыктар түзгөн.

**Хунндардын этностук курамы.** Хунндардын этностук жактан кимдерге тиешелүүлүгү боюнча окумуштуулар арасында кызуу талкуу болуп келген. Хунндар түрктөр же монголдор, финдер же славяндар деген пикирлер жашаган. Муну далилдөө үчүн окумуштуулар лингвистикалык, археологиялык жана антропологиялык маалыматтарды жана жазма булактарды мисалга келтиришкен. Натыйжада, хунндардын негизинен монголдук, түрктүк, финдик жана славяндык жаратылышы тууралуу теориялар пайда болгон. Биринчи теориянын өкүлдөрү окумуштуулар П.Паллас, Тунман, Ф.Бергман, И.Шмидт, И.Бэр, Н.Я.Бичурин, К.Нейман, У.Хоуорс болгон, белгилүү бир даражада А.Тьерри эмгектенген, экинчи теориянын – А.Ремюза, Ю.Клапрот, Ф.Мюллер, Жирар-де-Риалл, В.В.Радлов, Н.Аристов, Ф.Хирт, И. Брейлер, В.Панов. Л.Нидерле, Е.Паркер, Ф.Шварц болгон, белгилүү бир даражада А.Жардо, К.Риттер, Н.Толль эмгектенишкен, үчүнчү теориянын – М.Кастрен, Коскинен, Вивьен де-Сен Мартен ж.б., төртүнчү теориянын – Д.Венелин, А.Вельтман, А.Погодин ж.б. болушкан.

К.Г. Менгестин маалыматы боюнча кытайлар теги түрк экени күмөнсүз соңку алтайлык элдерди дайыма хунндар менен байланыштырган. Г.Моравжиктин «Византико Туркика» аттуу эмгегинин тиешелүү бөлүгүндө скиф жана хунн өңдүү этностор бир эле эл катары каралат (62). Күн батыш жазма булактарында, айрыкча Византия менен латын жазма булактарында хунндар скифтер менен окшоштурулат, алар «чы-

[1] *В. Плоских.* История Кыргызстана (с древнейших времен до начала IX в.). – Бишкек, 2006, 48-б.

гыштан келген алтайлык баскынчылар» (скифтер же хунндар) деп берилет[1].

К.Г. Менгес бул маселеде кытайдын историографиясы батыштын историографиясынан, дегеле башка историографиялардан жогору турарын белгилейт. Бирок анча-мынча тилдик фактылардан (маселен, кытай жазма эстеликтеринде хунндардыкы деген сөздөрдөн) башка бул болжолду тактаган далил жок дейт К.Менгес (63).

Кытайлыктар хунндарды түрк тегиндеги элдер менен жакындатышкан. Европалык окумуштуулар аларды кийинки убакка чейин эле түрктөр деп эсептешкен. Ал эми Орто Азия боюнча кытай адиси проф. Пельо (Pelliot) хунндардын монголизми жөнүндөгү мурунку теорияга жакындаткысы келген (В.В.Бартольд, 1996, 176).

Э.Р.Тенишев хунндар өзүлөрүнүн составына абдан көп этносторду жана тилдерди, анын ичинде түрктүк элементти да камтыгандыгын белгилейт. Окумуштуу хунндар жөнүндө төмөнкүдөй гипотезалар бар экендигин: хунндар – монгол, түрк, фин болушкан; түрктөрдөн жана монголдордон; монголдордон жана тунгустардан; түрктөрдөн, монголдордон, тунгустардан жана финдерден турушкан; саясий биримдикти түзүшкөн; энисейлик элдер болушкан; ирандыктарга киришкен ж.б. маалымдайт. Хунндарды, Э.Тенишевдин маалыматы боюнча, монголдорго, финдерге, славяндарга, венгрлерге, кавказ элдерине, түрк тилдүү булгарларга, түрктөргө киргизишет (Гуннов язык, 52–53).

Жогоруда белгиленгендей, хунн союзуна кыргыздар да кирген. Мындай маалымат С.Сыдыков жана К.Коңкобаевдин эмгегинде да айтылат.

---

[1] *К.Н.Менгес.* Түрк элдери жана алардын тилдери. – Б., 2002, 62-б.

## Хунндардын «түрк тилдүү» экендиги

Хунн уруулук союзу ар түрдүү уруулардан куралган. **Борбордук Азия, Түштүк Сибирь жана Орто Азиянын Чыгыш бөлүгүндө, б.а., хунндар басып алган жерлерде толуп жаткан түрк диалектилеринин жана наречиелеринин биригүү процесси жүргөн** (*белгилеген – Г.Ж.*) (1998, 325).

Бул процесс чыгыш хунн уруулук союзунда да уланган. А.Н.Бернштам бул тууралуу: «В восточногуннском племенном союзе происходил процесс дальнейшего формирования тюркских языков», – дейт.

Хунн урууларынын Хуян, Лань, Сюйбу ж.б. тибиндеги башкаруучу уруулары (булардан хунн шанүйлөрү чыккан) сөзсүз түрк тилдүү болушкан. Башкаруучу уруунун түрк тилдүү болгондугунан улам «была обеспечена «победа» тюркских языков среди этих племен, объединенный к тому же известной общностью экономики (преобладание кочевого скотоводства)» (А.Н.Бернштам, 1998, 325). Натыйжада, хунн империясынын чыгыш бөлүгүндөгү урууларынын арасына түрк тилдери абдан активдүүлүк менен тараган.

Хунндар багындырган айрым жерлерде жергиликтүү элдердин тилдери калган, мисалы, кытай тили, маньчжур тили. Бул тилдер хунндардын таасирине кабылган эмес. Ал эми этностук жактан бири-бирине жакын түрк тилдүү уруулардын, ошондой эле башкаруучу уруулардын жана уруктардын арасында диалектилердин жана наречиелердин жакындашуу процесси жүргөн. Ошондой эле хунн урууларын түзгөн бардык урууларда таптардын түзүлүү процесси жана мамлекеттик түзүлүштүн примитивдүү формалары абдан ылдамдык менен жүргөн (1998, 325).

Бул маалыматтар **хунн уруулук союзунда негизинен түрк тили активдүү колдонулгандыгын маалымдайт.** Аталган биримдикти башкаруучулар да түрк тилдүү болушкандыгы, сөзсүз, түрк тилдеринин кеңири жана активдүү таралышына шарт түзгөн. Натыйжада, түрк тилдүү тектеш уруулардын диалектилери жана наречиелеринин арасында биригүү процесси жүргөн.

## Хунн тили – байыркы түрк (древнетюркский) тили

Ошентип, хунн тилинде ар түрдүү уруулардан турган уруулук союздун башкаруучулары, ак сөөктөрү сүйлөгөн. Жогоруда айтылгандай, хунн тили – хунн союзун түзгөн ар кандай уруулардын түрдүү диалектилеринен жана наречиелеринен турган. Бул тууралуу А.Н.Бернштам: «Гуннский язык – язык господствующей племенной знати – был еще языком не дифференцированным[1]. Он включал в себя ряд элементов разных наречий и разнообразных диалектов племен, составлявших гуннский союз. Социальные условия гуннского племенного союза требовали создания какой-то единой лексики, которая могла бы и должна была обслуживать общие задачи и требования их социального строя и хозяйства», – дейт (1998, 195).

Кытай летопистеринде фрагментардык түрдө сакталып калган бир нече далилдерди иликтеп чыгып, Хирт, Панов, Ширатори ж.б. изилдөөчүлөр **хунн тилинин сөздүгү (словарь гуннского языка) негизинен байыркы түрк тилинде** (древнетюркский) (*белгилеген – Г.Ж.*) деген жыйынтыкка келишкен[2].

А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча мына ушул хунн тили усундарга жана гэгундарга (байыркы кыргыздарга) белгилүү болгон. Ал эми динлиндердин тили аларга түшүнүксүз болгон. Динлиндер ушул түшүнүксүз тили менен башка уруулардан кескин айырмаланып турган (1998, 195). Ушундан улам динлиндердин тили эң эле архаикалык деп болжолдонот (бул тууралуу динлиндер тууралуу сөз болгондо айтылат).

---

[1] **ДИФФЕРЕНЦИАЦИЯ** *ж.* 1. дифференциация, дифференциациялоо (*ажыратуу, тарамдоо, ажырымдоо, татаал нерселерди жөнөкөй элементтерге ажыратуу*). Караңыз: *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк. 1957, 164-б.

[2] *А.Н.Бернштам* бул пикирин айтууда төмөнкү эмгектерге таянат: *K.Schiratori.* Über die Spreche der Tunghi Stamme. Tokio, 1900, перепечатана в Известиях АН, 1902, т. XVII, № 2; *B.Munkachi.* Revue Orientale. 1903, IV, стр. 240–253; *Панов.* К истории народов Средней Азии. Сюнну (Хунну). Турецкое происхождение народов Сюнну (Хунну) китайских летописей. Владивосток, 1916; *К.Иностранцев.* Хунну и Гунны. ЛИЖВЯ ТТС, 1926, послесловие.

Ошентип, хунн уруулук союзундагы негизги колдонулган тил – байыркы түрк тили (древнетюркский) болгон. Хунн уруулук союзуна кирген кыргыздар да негизинен мына ушул түрк тилинде сүйлөшкөн.

## Байыркы түрк-хунн тили – байыркы түрк рун жазуусунун (кыргыз рун жазуусунун) башаты

Хунн тилинин байыркы түрктүк жаратылышын бир катар окумуштуулар белгилешет[1].

Хунн тилинин лингвистикалык мүнөздөмөсү материалдардын жетишсиздигинен улам фрагментардык мүнөзгө ээ. Э.Р.Тенишев гунн тилинин түрк тилдериндей экендигин маалымдайт (Аталган китепте, 52–53-бб.).

Фонетикалык жактан каткалаң жана жумшак тыбыштар: *p, *b, *k, *g, *t, *d. Сөздүн башында – *b, ортосунда жалаң – *p келген. Сөздүн аягына рун жана уйгур жазууларындагыдай[2] *d келген.

Ачык муун жана жабык муун болгон: CV, VC CVC: taŋ -ri, or-do, süg.

Үндүүлөр тууралуу Э.Р.Тенишев: «Действовала гармония гласных по ряду и губности» дейт: а-а, у-а, а-у, а-і, о-о, u-u, u-a, o-u-ÿ, ü-u.

Морфология жалпы түрктүк мүнөздө, б.а., сөздөрдүн морфологиялык тиби – агглютинативдик мүнөздө болгон.

Хунн тилинде атоочтор жана этиштер болгон жана рун жана байыркы уйгур эстеликтериндей эле грамматикалык категориялар аффикстерге ээ болушкан: «форма винительного падежа на -γ/-g, совпадающая с таковой в языках рунических и древне-

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 195-б.; *K.Schiratori.* Über die Spreche der Hiungme der Tunghu-Stamme. Tokio. 1900, перепечатана в Известиях АН, 1902, т. XVII, № 2; *B.Munkachi.* Revue Orientale, 1903, IV, 240–253-бб.; *Панов.* К истории народов Средней Азии. Сюнну (Хунну). Турецкое происхождение народов Сюнну (Хунну) китайских летописей. Владивосток, 1916; *К.Иностранцев.* Хунну и Гунны. ЛИЖВЯ ТТС, 1926, послесловие.

[2] *Э.Р.Тенишев* рун жана уйгур жазууларындай деп берген, бизди рун (кыргыз рун жазуусу) кызыктыргандыктан, көңүлдү ушул жакка бурабыз.

уйгурских памятников, прошедшее (перфектное) на -qan, встречающееся в кыпчакских и южносибирских языках» (53).

Сөз жасоо тууралуу маалыматтар жок.

Жогорку мисалдардан ошол мезгилде эле үндүүлөрдүн үндөшүүсү болгондугу ачык көрүнүп турат. Ачык муун, жабык муун, сөздөрдүн морфологиялык тиби агглютинативдик мүнөздө экендиги, атоочтордун жана этиштердин болушу – түрк тилдериндей.

Синтаксис боюнча: кайрадан калыбына келтирилген эки саптан башка байланыштуу тексттер дээрлик сакталган эмес.

Жөнөкөй сүйлөмдүн структурасы: субъект – объект – предикат түрүндө, б.а., түрк тилдерине мүнөздүү болгон. Мисалы: boquɣyɣ tutqan «схватили командующего» (башчысын туткан) (53). Бул дагы түрк тилдериндей, анын ичинде кыргыз тилинде да ушундай.

Кошмо сүйлөм тууралуу маалыматтар жок.

Хунн тилиндеги сөздөр түрк сөздөрүнө окшошот. Мисалы: хунн.:ch’eng-li – түрк.: taŋ//ri ’Небо’ (асман); qaɣan/ χaɣan верховный правитель’ (жогорку башчы); tägin/ tigin ’титул’ ж.б. (53).

Хунндардын түрк тилдүү экендиги алардын ысымдарынан да көрүнүп турат. Мисалы, Присктин (448-ж.) маалыматы боюнча Атилланын аялынын аты түркчө болгон. В.Банг боюнча түркчө *aryɣ-qan ’чистая/красивая княжна’, ал эми Атилланын аталаш агасынын (дядя) аты В.Банг боюнча түркчө *oj bars ’лиса’ (түлкү) (53).

Э.Р.Тенишев хунндардын лексикасынын рун жазууларына окшоштугу тууралуу: «Тюркская лексика хунну и гунну совпадает с той, что представлена в языках рунических и древнеуйгурских памятников», – дейт (53).

А.Н.Бернштам өзүнүн эмгегинде **рун жазууларын кыргыз рун жазуулары** (*белгилеген – Г.Ж.*) деп атаган[1]. Жогоруда Э.Р.Тенишевдин хунн жана гунн лексикасы рун жазуулары-

[1] Караңыз: А.Н.Бернштам түрк доорундагы кыргыздар жөнүндө айтып жатып: «Главным источником для этой эпохи следует считать **кыргызкие рунические надписи**» (*белгилеген – Г.Ж.*) – дейт. Избранные труды… II, 1998, 2000-б.

на окшош деген пикирине, ошондой эле А.Н.Бернштамдын рун жазууларын кыргыз рун жазуулары деп атаганына таянып, биз **хунн жазуулары кыргыз рун жазууларына окшош** деп айта алабыз. Бул маселе, албетте, илимий жактан терең изилдениши зарыл. Түрк рун жазуулары тууралуу өзүнчө сөз болот.

## Хунндар, гэгунь (байыркы кыргыздар), динлиндер жана усундар, алардын өз ара байланышы жана тилдеринин айырмачылыгы

**Хунн, гегунь жана динлиндердин байланышы.** Жогоруда айтылгандай, гегунь (байыркы кыргыздар) хунндар менен тыгыз байланышта болгон жана алардын түндүк-батыш чегин түзгөн «непосредственно соприкасаясь с динлинами» (А.Н. Бернштам, Избр.тр., II, 1998, 194). Динлиндер жөнүндөгү маалыматтар дайыма гэгундар менен байланышта берилет. Бирок, айрым бир толук эмес маалыматтарда алар гэгундар менен эмес, усундар жана сяньбилер менен союздаш болуп хунндарга каршы чыгышкандыгы айтылат. Мисалы, б.з.ч. биринчи кылымдын жетимишинчи жылдарында алар шанүй Хуанджинин башчылыгы (72-ж.) менен хунндарга кол салышып, абдан көп сандаган мал жана адамдарды олжолошкон[1]. Ушундай эле жортуулду динлиндер б.з.ч. 63-жылы жасашкан жана бир нече он миңдеген адамдарды алып кетишкен[2].

Мына ушундай маалыматтардан улам динлиндер өзүнчө автономдуулукка ээ болгон деген ой келет дейт А.Н.Бернштам, динлиндер мал чарбачылыгы менен алектенишкен жана хунндар менен кагылышуулардан кийин алардын чөйрөсүнөн көп сандаган кулдарды алып кетишкен.

**Динлиндердин жана кыргыздардын тарыхы хунн доорун-**

---

[1] *И.Бичурин.* Собрание сведений… 1-б., 3-б.; Бул маалыматты берүүдө *А.Н.Бернштам* төмөнкү маалыматка таянат: *De Groot.* Die Hunnen der vorchristlihen Zeit. Chinesische Urkunden zur Geschichte Asiens. Berlin-Leipzig. 1921–1926, 61-б.; Караңыз: *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 194-б.

[2] Жогоруда аталган эмгектерде.

**да.** Жогорку маалыматтардан хунн доорунда динлиндердин жана кыргыздардын тарыхы ар башка өнүгө баштагандыгы көрүнүп турат. Анын үстүнө А.Н.Бернштам белгилегендей: «Четкое территориальное противопоставление – динлинов на севере и гэгунь на западе (по соседству с динлинами) не позволяет отождествлят их»[1].

Ошондой болсо да тарыхый жазма булактардагы тарыхый фактылар жана археологиялык маалыматтар динлин коомунун чарбасы хунндардыкына окшош экендигин маалымдайт, б.а. динлин коомунун чарбасы «шло по линии создания у них скотоводческого хояйства, т.е. оно приближалось по типу к хозяйству гуннов»[2].

**Хунн тили – байыркы түрк тили.** Биз жогоруда хунндардын тили байыркы түрк тили экендигин жана ал рун жазууларына окшош экендигин, буга байланыштуу кыргыздардын жазуулары тууралуу айткан элек. Башкача айтканда, хунндардын лексикасы айрым наречиелердин жана диалектилердин тилдик «текшиленүүсүнүн» жыйынтыгы болуп эсептелет. А.Н. Бернштам хунн лексикасы тууралуу: «Эта лексика, являющаяся результатом языковой «нивелировки» отдельных наречий и диалектов, была известна усуням и гэгунь. Язык же динлинов был им непонятен» (А.Н.Берштам, 195), – дейт. Демек, хунн тили кыргыздарга жана усундарга белгилүү болгон.

**Динлиндердин тили.** Ал эми динлиндердин тили башкача болгон, ал башка уруулардын тилинен кескин айырмаланган.

Б.з.III кылымынын булактарында чыгыш динлиндердин тили «походит на крик птиц или селезня»[3] деп айтылат. Динлиндердин тилин канаттуу куштун жана кайырманын (селе-

---

[1] Бул маалыматты берүүдө А.Н.Бернштам (Избр.тр., 194) бул эмгектерге таянат: *Ed.Chavannes.* Les paus d'Occident d'arpes Wei-Lio. T'oung Pao, сер. 11, vol. IV, 1905, 560-б.; *F.Hirth.* Nachworte zur Inschrift des Tonjuquq. ATIM, 1889. 41-б.

[2] *С.Теплоухов.* Опыт классификации древних металлических культур Минусинского края. МЭ, т. IV, в. 2, Л., 1929; *С.Киселов.* Разложение и феодализм на Енисее. Известия ГАИМК, в. 65, 1933.

[3] ВСТК, 339, л. 5б; *Ed.Chavannes.* Les paus d'Occident d'arpes Wei-Lio. T'oung Pao, сер. 11, vol. IV, 1905, 560-б.; *А.Н.Бернштам* Аталган эмгекте, 194-б.

зень[1]) кыйкырыгына салыштыруудан улам окумуштуулар анын архаикалык экендигин белгилешет. Мисалы, А.Н.Бернштам: «Эта сравнение языка динлин с криком птиц и селезня, как будто совпадает с первым впечатлением, какое создается при восприятии языка яфетической стадии спирантной группы. Спирантная группа, одна из наиболее архаических в ряду яфетических языков, возможно и была представлена языком динлинов» (195), – дейт.

Бул маалыматтар динлиндердин жана кыргыздардын байыркы тарыхы бири-бирине байланыштуу болгонуна карабастан, хунн доорунда жайгашкан территориялары жана тилдери ар башка болгондугунан кабар берет.

**Усундар – түрк тилдүү.** Усундар андан да батышта (гэгундардын түштүк-батышында) жайгашкан. Бул тууралуу А.Н.Бернштам: «Еще более западным (по отношению к гэгунь юго- западным) образованием были усуни», – дейт (Избр. тр., II, 1998, 194). Усундар тарыхта хунн шанүйү Модэ менен байланыштуу берилет, мисалы, 176-жылы Модэ кытай императоруна мындай деп кабарлаган: «Усундар хунндар тарабынан талкалангандан кийин, хунн аскерлеринин курамына кошулушту жана «бир үйдү түзүштү»[2].

Демек, хунн доорунда усундар хунндар менен бир кыйла жакын болушкан, б.а., хунндардын басып алуусунан кийин алардын курамына кошулуп, «бир үйдү» түзүшкөн. Мунун өзү усундардын түрк тилдүү экендигин айтып турат. К.Шираторинин изилдөөлөрү да усундардын түрк тилдүү экендигин белгилейт[3].

А.Н.Бернштам бардык уруулардан: гэгунь, динлин жана усундардын ичинен акыркылары (усундар) хунндар менен тыгыз байланышта болгондугун белгилейт.

---

[1] **Селезень** *м* кайырма, эркек өрдөк. Кыргызча-орусча сөздүк, С–Я, 1012, 68-б.

[2] Собрание сведений… 1851, ч.1, 23, 76–77-бб.

[3] *А.Н.Бернштам* бул маалыматында (194) төмөнкү эмгекке таянат: *K.Schiratori.* Über den Wu-sun-St@mme in Centralasien. RO, Ser. III, Vol. 2–3, 1902, 134-б.

**Байыркы кыргыздар (гэгунь (хягастар) – түрк тилдүү.** Гэгунь (хягастар), т.а. байыркы кыргыздар да түрк тилдүү болушкан. Мындай маалымат А.Н.Бернштамдын (Аталган эмгеги, 194), В.В.Бартольддун, андан тышкары Ж.Маркварттын, П.Пеллиоттун, Ф.Хирттин эмгектеринде айтылат[1].

**Хунн доорундагы гэгунь, усун урууларынын түрктөшүүсү.** Ошентип, гэгунь жана усундардын тили түрк тилдүү болгон, ал эми динлиндердин тили алардан кескин өзгөчөлөнгөн. Бул хунн доорунда гэгун жана усундарда түрктөшүү процесси жүргөндүгүн айтып турат.

**Динлин группасы. Динлин, гэгун, усундардагы жалпы стадиалык белгилер.** Ак жуумал усундар дагы динлиндердин уруусунун группасына[2] кирген. Түштүк сибирдик динлиндер менен усундардын саясий тарыхында жалпы моменттер болгон «благодаря исторической связанности динлин и усуней с гуннами и сяньбийцами» (195). Кийин усундар кыргыздардын этногенезине катышкан.

Ошондуктан енисей кыргыздарында жана тянь-шандык кыргыздарда динлин-усун стадиясындагы ак жуумал, көк көз, сары чач ж.б. европеоиддик («европеоидные» – А.Н.Бернштам) белгилер (бул тууралуу XVI–XIX кылымдардагы булактарда да айтылат, бул арабдар жана перстер тарабынан X кылымда эле белгиленген) калган. Байыркы кыргыздар көк көз, сары чач, ак жуумал болушкан.

Бул категорияга бома уруулары да кирген, анткени алар дагы динлин катмарынын өкүлдөрү болгон жана Енисей ойдуңунда жашашкан (195).

---

[1] Бул боюнча маалыматтар *Макварттын* жана *Хирттин* төмөнкү эмгектеринде кеңири берилген: J.Marquartt. Über das Volkstum der Komanen. – W.Bang, *J.Marquartt.* Ostt#rkische Dialektshudien. AKGWG, Bd. 13, № 1, 1914, 67-б.; *В.Бартольд.* Рецензия на труд Ж.Маркварта. Русский исторический журнал, № 7; *P.Pelliot.* A propas des Comans, 15-б.; *F.Hirth.* Nachwote zur Inschrift des Tonjuquq. ATIM. 1889, 41-б. Караңыз: *А.Н.Бернштам.* Избранные труды... II, 1998, 194-б.

[2] Динлин группасы, А.Н.Бернштамдын пикири боюнча: «это китайское представление о племенах, имеющих некоторые общие, *стадиальные* черты быта, хозяйства и культуры» (Избр.тр., 1998, II, 195).

Ошентип, динлин, гэгунь (хягас) жана усундарды алардын турмушундагы, чарбасындагы жана маданиятындагы жалпы **стадиялык белгилер** байланыштырып турган жана алар уруулардын динлин группасын түзүшкөн. Ошондой эле алар, т.а., уруулардын динлин катмары узак мезгил бою Енисей ойдуңунда жашашкан жана алардын негизги чарбасы – малчарбачылык болгон.

**Динлин, гэгунь, усундардагы жалпы стадиялык белгилердин бузулушу.** Чарбанын формасынын өзгөрүшү, б.а. көчмөн мал чарбасынын өнүгүшү (бул адамдын организминин структурасынын өзгөрүшүнө, мисалы, адамдын бою, пигментация ж.б. алып келген), социалдык түзүлүштүн өзгөрүшү (башка расалык типтер менен аралашуу ж.б.) – ак жүздүү расанын чыгыш сибирь расасына алмашуусуна алып келген (А.Н.Бернштам,198).

Ошентип, кыргыз урууларынын түрктөшүүсү хунн доорунда башталган.

## Кыргыз урууларынын түрк тилдүү болуп түзүлүүсү

Кыргыз урууларынын түрк тилдүү болуп түзүлүүсү хунн доорунда эле башталган. Ал эки багытта жүргөн. А.Н.Бернштам: «Образование тюркоязычного племени кыргызов началась еще в гуннскую эпоху и шло по двум линиям: во-первых, по линии автохтонного развития языка («тюркизация») в силу единства развития экономики и социального строя и, во-вторых, в силу общности развития языка вообще на базе общих политических и экономических связей гуннского племенного союза и сяньбийцев с динлинами («отюречивание») (1998, 197).

Хунн союзундагы экономикалык өнүгүүнүн жана социалдык түзүлүштүн биримдиги андагы уруулардын арасында түрк тилинин өнүгүшүн шарттаган. **Хунн союзундагы саясий жана экономикалык биримдик, тилдик жалпылык – түрк тилдеринин өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн.**

Бул процесс б.з. VI–IX кк. түрк доорунда – кыргыздар – түрк уруулардын бир группасы жана түрк элдеринин бири болуп бир түргө келгенде аяктаган (А.Н.Бернштам, 1998, 197).

## Хунндар. Шанүй Модэ. Кыргыздар

**Хунндар тарыхый булактарда.** Тарыхый маалыматтарда Борбордук Азиядан чыккан хунн уруулары 160–170-жылдары Волга менен Танаистин (Дон) ортосунан учурайт. Хунндар жөнүндөгү алгачкы жазма түрүндөгү кабар Птолемейдин Географиясынан (171-ж.) кездешет, анда аларды байыркы автор хунндар деп атайт. Ошондон бери алар бирде хунндар, бирде гундар деп аталып келет. Хунндар Карпаттан Амурга чейинки Борбордук Азиянын талааларында жайгашкан көп сандаган уруулардан турган көчмөн эл болушкан[1].

Кытай жылнаамаларынын маалыматтарына жана археологиялык казуулардан табылган материалдарга ылайык гунн уруулук союзуна кирген көчмөн уруулардын пайда болушу төмөнкүдөй болгон.

Кытай жазма булактарына таянып, А.Н.Бернштам б.з.ч. I миң жылдыкта Борбордук Азиянын жана Түндүк Азиянын территорияларында, ошону менен бирге Миң-Суу ойдуңунда жана Алтайда биринчи көчмөн малчылардын коомдору («скотоведческие общества») пайда болгондугун маалымдайт. Археологиялык маалыматтар боюнча Миң-Суу ойдуңунда пайда болгон жана өнүгүүгө ээ болгон мал чарбачылыгы (скотоводство) дыйканчылык менен тыгыз байланышта болгон, ал эми монгол талааларында хунн коому «в качестве подсобного промысла знало не столько земледелие, сколько охоту» (1998, 332).

Ал эми Түндүк, Орто жана Борбордук Азиянын башка райондорунда коомдун кандай өнүккөндүгүн көрсөткөн бирдиктүү материалдык археологиялык табылгалардын тизмеги жок экендиги А.Н.Бернштам тарабынан белгиленет. Алтайда мал чарбачылыгынын болгондугу бир катар дөбөлөрдү казуу жу-

[1] От античности до средних веков. ТВИ, Арт-Родник, 2002, 162-б.

муштарынан табылган буюмдар аркылуу белгилүү болгон. Ал эми Казакстан жана Монголия аймактары боюнча анча-мынча жана айрым учурларда чачкын материалдар гана кездешет (1998, 332).

К.Менгес хунндар жөнүндөгү маалыматтар б.з.ч. III кылымдан башталарын маалымдайт. Болжол менен б.з.ч. III кылымдын аягында азыркы түндүк Монголиянын кеңири талааларындагы хунндардын бирикмеси күчөп, Түндүк жактан каптаган баскынчыларга каршы Улуу Кытай дубалын кура баштаган Син (*Цинь – Г.Ж.*) династиясын чочулатып турган. Гунндардын казаттарынан улам Син династиясы бийлик башына отурган. Бул окуялар б.з.ч. 206- б.з. 6-жылдары өткөн (Менгес, 63).

Л.Н.Гумилевдо: «Так хунны жили в современной Монголии, как Внутренней, так и Внешней», – деген маалымат бар. Бирок, б.з. 93-жылына чейин алар «не занимали западной Джунгарии» (Д.Н.Гумилев, Этносфера... 270).

**Шанүй Тумань жана Модэ.** Н.Я.Бичуриндин маалыматы боюнча Дун-ху үйү күчүнө келип турган эле. Юечжы үйү да гүлдөп турган. Хунндардын шанүйү Тумань (айрым жазма булактарда Тумынь деп берилет) деп аталган. Тумань Цинь үйүнө каршы туруштук бере албай, натыйжада, хунндар түндүккө көчүп барышкан.

Арадан он жыл өткөндөн кийин полководец Мын Тьхянь каза болгон. Уделдик княздар Цинь үйүнө каршы көтөрүлүшкөн. Бул окуялар Н.Я.Бичуринде мындайча берилген: «Срединное царство пришло в смятение, и гарнизоны из преступников, поставленные Домом Цинь по границе все разошлись. После сего хунны почувствовали льготу; мало по малу опять перешли на южную сторону Желтой реки, и вступили в прежние межи с Срединным царством» (Собр. св., 1998, I, 46-б.).

Хунн шанүйүнүн Модэ[1] аттуу мураскору болгон. Кийин шанүйдүн Яньчжы аттуу сүйгөнүнөн кичүү уулу төрөлгөн. Шанүй

---

[1] Н.Я.Бичурин төмөнкүдөй түшүндүрмө берет: «Текстте – *Мао-дунь. Лю Бо-чжуан* пишет: Мао-дунь выговаривается *Мо-дэ. Ган-му* 201 год до Р.Х. – Модэ близко к монгольскому слову Модо, лес». Караңыз: *Н.Я.Бичурин.* Собрание сведений, I. – Алматы, 1998, 46-б.

улуусун четтетип, кичүүсүн такка көтөрүүнү каалаган. Ошондуктан ал Модэни Юечжыга барымтага (заложник[1]) берген. Модэ Юечжыга кетери менен Шанүй аларга кол салган. Юечжы Модэни өлтүргүсү келген, бирок Модэ анын аргымагын уурдап минип, үйүнө качып кеткен. Шанүй анын мындай азаматтыгын баалап, анын башкаруусуна 10 000 атчан аскер[2] берген.

**Шанүй Модэ.** Модэ ышкырган жаанын жебесин («свистунка»)[3] жасаган жана аны менен өзүнүн адамдарын машыктыра баштаган. Ал ышкырган жебе менен машыгып жатып аялын, минген атын, ал түгүл атасын, ошондой эле өзүнө баш ийбеген карыяларды (старейшины) да жаа менен атып таштаган жана өзүн Шанүй (шаньюй) деп жарыялаган[4]. Мындан анын аябагандай таш боор адам экендиги көрүнүп турат.

Модэ такка отурган маалда Дун-ху күчүндө эле жана гүлдөп турган мезгили болчу. Модэнин атасын өлтүргөндүгүн угуп, Дун-ху ага өзүнүн өкүлүн жиберген, анын өкүлү Модэге Дун-ху «желает получить тысячелийного коня[5], оставшегося после Туманя» – деген кабар менен келген. Модэ өзүнүн жогорку даражалуу төрөлөрүн (вельможи[6]) чакырып кеңеш сураган. Алар хунндарда ат – байлык (сокровище) болуп саналат, ошондуктан атты берүүгө болбойт деп кеңеш беришкен. Бирок Модэ

---

[1] **ЗАЛОЖНИК** *м.* заложник, башы барымтага кармалган киши. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк. – М., 1957, 211 б.

[2] *Н. Я. Бичурин* мындай түшүндүрмө берет: «Т.е. дал ему в удел 10 т. юрт, или семейств». Караңыз: Н.Я.Бичурин. Собрание сведений. I. – Алматы, 1998, 46-б.

[3] *Н. Я. Бичурин:* «Хань Чжао пишет: свистункою называется стрела, на полете производящая свист». Караңыз: Аталган автор. Собр. св., I. – Алматы, 1998, 47-б.

[4] *Н. Я. Бичурин* бул окуянын качан болгондугу тууралуу мындай дейт: «Сюй-гуан пишет: это случилось в 1-ое лето Эр-ши (т.е. второго колена, в 209 году до Р.Х.)» Караңыз: Н.Я.Бичурин. – Алматы, I, 1998, 47-б.

[5] *Н. Я. Бичуринде:* «На кит. *Цянь-ли-ма,* «что знач. тысячелийный конь, т.е. могущий пробегать по 1000 ли в день» – деген түшүндүрмө берилген. Собр. св. – Алматы, I, 1998, 47-б.

[6] **Вельможа** *м.* 1. *уст.* вельможа, төрө. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И.– Б., 2012, 191-б.

кошуна жашап туруп, алардан бир атты аяган жарабайт деп, атты кармата берген (Собр. св., I, 1998, 47).

Дун-ху Модэ менден коркот деген ойдо калган, кийин ал андан анын сүйүктүү Яньчжыларынын бирин суратып, өкүлүн дагы жиберген. Модэ өзүнүн акылдаштарынан дагы кеңеш сураган. Алар кыжырлануу менен Дун-ху уятсыз адам экен, ага каршы согуш жарыялоо керек дешкен. Бирок Модэ коңшу адамдардан аябаш керек деп, ага өзүнүн сүйүктүү Яньчжысын берген.

Дун-хунун башкаруучусу буга мактанып, көтөрүлүп, эми алардан жер сураган. Хуннулардын жер ээликтеринде Дун-худан батышты карай 1 000 *ли* эл жашабаган жер тилкеси бар эле. Анда чек аранын эки жагында кароол күзөттөрү гана болгон. Дун-ху Модэге өзүнүн өкүлүн дагы жиберип, ушул жердин хуннуларга ыңгайсыз экенин белгилеп, бул жерди алгысы келгендигин айттырган (Собр.св., 1998, I, 48).

Модэ өзүнүн акылдаш жакын адамдарын чакырып, дагы кеңеш курган. Алар бул жер ылайыксыз жер, берсе да болот, бербесе да болот дешкен. Анда Модэ өтө эле каардануу менен мындай деген: **«земля есть основание государства; как можно отдавать ее?»** (*белгилеген – Г.Ж.*) (Собр.св., 1998,I, 48)

Модэ жерди бериш керек деп кеңеш бергендердин башын алдырткан. Андан соң ал чыгышка барып, күтүлбөгөн жерден Дун-хуга кол салган. Дун-ху мурун Модэни тоотпогондуктан, алдын ала сактанган эмес. Модэ өзүнүн аскерлери менен келип, Дун-ху үйүн жок кылган, анын жарандарын (подданный[1]), малын жана мүлкүн басып алган.

Модэнин андан аркы иштери Н.Я.Бичуринде мындайча баяндалат. Кайра келери менен ал батышта Юечжыларга сокку урган жана аларды кууп чыккан, түштүктө Ордостун башчылары – Лэуфань жана Байянды багындырып алган, «и произвел поиски на Ян и Дай; обратно взял все земли, отнятые у хуннов полководцем Мын Тьхянь, и вступил с Домом Хань в грани-

[1] **Подданный** *м.* 1. гражданин, букара (бир мамлекеттин карамагындагы); 2. *уст.* (бирөөгө) көз каранды, эрксиз, (бирөөнүн) кол алдындагы (бийлигиндеги) адам, букара. Орусча-кыргызча сөздүк, П–Р. – Б., 2012, 151-б.

цы в Ордосе, при Чао-на и Луши; после сего снова произвел поиски на Янь и Дай. – В сие время войска Дома Хань были в борьбе с Хян-юй; Срединное царство изнемогло под тяжестью войны»[1].

Мындай кырдаал Модэнин күчтөнүп алуусуна мүмкүнчүлүк берген. Анын 300 миң аскери болгон.

Шунь-вэйден Туманга чейин – миң жыл ичинде Хунну үйү бирде көтөрүлүп, бирде ылдыйлап, бирде бөлүнүп, бирде чачылган, ошондуктан алардагы мурунтан бери келаткан бирөөдөн экинчи бирөөгө өтүүчү мураска ээ болуу тартибин аныктоо мүмкүн эмес болгон (Собр.св., I, 1998, 48). Хунну үйү Модэнин тушунда өтө эле күчтөнгөн жана көтөрүлгөн.

**Хунндар шанүй Модэнин тушунда.** Хунндардын өтө күч алып турган чагы биздин замандын 174–207-жылдарына, Модэ (Мао-Дун (Мете)[2] хунндарга башчылык кылып турган маалга туура келет. Н.Я.Бичуринде: «При Модэ Дом Хуннов чрезвычайно усилился и возвысился; покорив все кочевые племена на севере, на юге он сделался равным Срединному Двору», – деп жазылган (Собр.св., I, 1998, 48).

Бул маалыматтан Модэнин абдан күчтөнүп, бүт көчмөн урууларды багынтып, Кытай менен тең ата болуп тургандыгы ачык көрүнүп турат.

Модэнин жеңиштүү жүрүштөрү А.Н.Бернштамдын эмгегинде да баяндалат. Анда Модэнин башчылыгы менен хунндар дунхуларды жана юечжыларды жеңгендиги, 204-жылы Кытайга кирип барышкандыгы, андан соң динлиндерди багындырышканы (хунндардын түндүк чегиндеги Түштүк Сибирдеги уруулар) жана азыркы Жунгарияны ээлешкендиги маалымданат.

Модэ хунндардын башкаруу системасына реформа киргизген. Бул реформа боюнча 24 класстык башкаруу системасы, төрт жогорку кызмат оруну (чыгыш жана батыш чжуки-княздар, чыгыш жана батыш лули-княздар) болгон, ошондой эле

[1] *Хян-юй,* ошол эле *Хан-цзи,* Хань династиясынын негиздөөчүсү Лю Бандын каршылашы. Караңыз: *Собр. сведений.* – Алматы, 1998, 48-б.

[2] *Менгесте* – Мао-Дун (Мете), башка эмгектерде (*Н.А.Аристов, А.Н.Бернштам,*) Модэ деп берилет. Биз Модэ деп бердик.

үч урууга – хуянь, лань, сюйбу урууларына жер бөлүп берген. Модэнин тушунда хунн көчмөн коомунда айылдык көчмөн бирикмелери (сельская кочевая община) пайда болгон, алардын башында башчылары – «старосталар» турган жана бул бийлик мураска берилген (А.Н.Бернштам, 1998, II, 363).

Булар археологиялык материалдар менен тастыкталат. Мисалы, А.Н.Бернштам белгилүү бир жерге тиешелүү, обочолонуп турган бейиттер (мисалы, «Ильмовая падь»), жалпы бейиттердин ичинде уруу көрүстөндөрүнө туура келген айрым, башкалардан бөлүнүп турган мүрзөлөрдүн группасы, ошондой эле эски шаарлардын орду алгачкы общиналык коомдун кыйроо мезгилине туура келерин белгилейт. Окумуштуунун пикиринде алар «типично для периода разложения первобытного общества – эпохи сельских общин, когда ремесло еще не отделилось от общины, т.е. еще не возникло второе общественное разделение труда» (363).

Ошентип, Модэнин бийлиги хунндарда алгачкы общиналык коомдун кыйроо мезгилине туш келген эле.

Моденин тушунда мураска калтыруу укугу байыркы уруулук традициянын негизинде келип чыккан. «Модэ – представитель той старой племенной знати, подобно франкской, которая, как указывает Ф.Энгельс, в большинстве своем погибла при переселении народов. Совет старейшин только подтвердил права узурпатора. Подтвердил постольку, поскольку шаньюй выполнял требования народа. Нарастание противоречий приводит к уничтожению наследственности шаньюя и к возобновлении выборности», – дейт А.Н.Бернштам (363).

Кайрадан Модэнин башкаруу учуруна келсек, Модэ б.з.ч. 197- жана 176-жылдары Кытайга эки согуштук жортуул (поход) уюштурган. Натыйжада, Хань династиясы хунндарга салык төлөп турушкан жана хунндар Кытай менен «тынчтык жана туугандык» (мир и родства) келишимин түзүшкөн, бул, албетте, Модэнин кытай падышасынын кызына (царевна) үйлөнүүсү менен бекемделген. Кытайлыктар хунндарды жибек жана дыйканчылык өндүрүш продуктылары менен камсыз кылып турууга милдеттүү болушкан (363).

Модэ хунн урууларынын ханы катары Шан-Жу деген титул алган. К.Менгестин маалыматы боюнча бул титул Борбордук Азиянын Чыгыш тараптагы тоолорун мекендеген алтайлык көчмөндөр бирикмесинин өткөндөгү миң жылдан берки эң бийик наамы болгон (К.Менгес, 63). Бул Модэнин жана ал башчылык кылган хунн урууларынын жылдызы жанып, даңкы далайга кеткендигин күбөлөндүрүп турат.

**Модэ тууралуу тарыхый эскертүүлөр.** Тарыхый маалыматтарда шанүй Модэнин аты түрк элдеринин келип чыгышы жөнүндөгү ылакаптардагы башкы карман Огуз хан менен байланыштырылат[1].

Бичуриндин эмгегинде «Тарыхый эскертүүлөр» деген жерде Модэ тууралуу мындайча маалымат берилет (Собр.св., 1998, I, 58). Азиялык тарыхый маалыматтарда Кара-хандын уулу Огуз-хан деген ат менен белгилүү болгон. Хондемирдин жазганы боюнча Каракумга көчүп барган («кочевавший») Кара-хан уулунун жаңы динди кабыл алганын угуп, аны өлтүрүү максатында ага каршы согуш менен жөнөгөн. Бирок бул кабарды Огуз-ханга анын динчил аялы (правоверная жена) жеткирген. Согушта Кара-хан каза болгон, ал эми Огуз-хан атасынын тагын ээлеп калган. Ал 73 жыл падышалык кылган. Бул мезгилдин ичинде ал бүткүл Түркстанды багындырган.

Абюль-кази-хан өзүнүн түрк урууларынын тарыхында «также представляет Огуз-хана образцом правоверия». Анын жазганы боюнча Огуз-хандын атасы Кара-хан уулун жаңы динди кабыл алгандыгы үчүн өлтүрүүнү чечкен. Огуз-хан аңчылыкта жүргөндө ал көп сандаган аскерлери менен ага кол салган. Бирок Кара-хан согушта жеңилип, качып бара жатканда жаанын огунан каза болгон. Огуз-хан өзүн хан деп жарыялаган. Андан аркы окуялар мындайча баяндалат: «во-первых, пошел (*Огуз-хан – Г.Ж.*) войною на Татар-хана [Дунху], который кочевал близ границы Китая и победил его; потом покорил Китайскую империю, город Чжурчжут и Тангутское царство; после сего завоевал все владения, лежащие от Монголии

---

[1] Караңыз: *А.Н.Бернштам,* Аталган эмгекте, 1998, I, 363: *Н.Я.Бичурин*. Собр. св. – Алматы, 1998, I, 58-б.

на юг до Индии, на запад до Каспийского моря» (Н.Я.Бичурин, Собр.св., Алматы, I, 1998, 57).

Н.Я.Бичурин бул жерде аталган энчилүү аттардын окшош эместигине карабастан, Огуз-хан деген ат менен берилген шанүй Модэнин тарыхый очерки жана мезгили боюнча негизги окуялардын ырааттуу берилиши туура деп эсептейт. Анын пикири боюнча, өзгөчө Абюль-кази-ханда туура берилген. Кытай жазмаларында да Модэ чыгыш монголдорун багындырган; андан соң «подчинил себе Китай и Тангут, и потом покорил весь Тюркистан от Хами до Каспийского моря» (Н.Я. Бичурин. Собр. св., Алматы, I, 1998, 58).

Көрүнүп тургандай, шанүй Модэ Огуз-Хан деген ат менен да белгилүү болгон.

**Шанүй Модэ жана кыргыздар.** Ошентип, хунндар Борбордук Азиядагы бардык элдердин үшүн алып турган эң күчтүү империя болгон. Алар Орто Азияда юечжилерди талкалап, аларды батышка кууп, андан соң биринин артынан улам бир урууларды багындырып, башка көчмөн уруулар менен кошо кыргыздарды да баш ийдирген.

Тарыхый маалыматтарда белгиленгендей, усундар менен Кытайдын ортосунда болжол менен Чыгыш Тянь-Шань жана Батыш Монголиянын территориясында жайгашкан Кыргыз (Гяньгунь) жерлерин б.з.ч. 201-жылы атагы алыска кеткен шанүй Модэ башында турган хунндар басып алган. Мына ушул жылдан баштап байыркы кыргыздар Модэ башчылык кылган хунндардын курамына кирген.

Шанүй Модэ б.з.ч. 174-жылы каза болгон. Бул мезгилге чейин ал жетектеген хунндарга «подчинились народы, жившие на просторах от Забайкалья до Тянь-Шаня, от сибирской тайги и до границ Китая»[1]. Бул мезгил – хунндардын аябагандай зор аймакты ээлеп, күчүнө кирип, гүлдөп турган мезгили болгон. Ушул мезгил аралыгында байыркы кыргыздар да хунндар менен тагдырлаш болушкан.

**Хунндар, усундар жана байыркы кыргыздар.** Тарыхый жазма булактарда хунндардын «үч падышачылыкты» багынткандыгы тууралуу маалыматтар бар. Алар төмөнкүдөй.

---

[1] *Кыргызы.* Исторические предания и легенды.Түзүүчүлөр: А.Газиев, С.А.Арыстанова, В.М.Плоских. – Б., 2003, 27-б.

Хунндардын падышачылык кылып турган өкүлдөрүнүн бири батышты көздөй усундардын ээлеп турган жери аркылуу коңшулаш өлкөнү көздөй жылган. Усундардын өлкөсү жайгашкан жердин борбору бул эмгекте бир кыйла так аныкталган, анын борбору Ысык-Көлдүн түштүгүндөгү жер, батышта ал Фергана менен чектешкен, чыгышта Эби-Нор көлүнөн чыгышка жана Шихо шаарынан батышка карай кеткен жерлер (В.В.Бартольд, 178-б.).

В.В.Бартольддун эмгегинде усундар хунндардын жакындап келе жатканын угуп, аларга каршы 8000 адамдан турган кошунду жибергендиги, бул кошунду хунндар усундардын жеринде эмес, андан ары чыгыш жакта талкалагандыгы айтылат. Усундарды жеңген соң, хунндар түндүккө – угэ элине каршы, андан ары батышка – гянгунь (*байыркы кыргыз – Г.Ж.*) элине каршы, ал жерден түндүккө – динлин элине каршы жөнөшкөн. Бул «үч падышалыкты» багынткандан кийин хунндар тез-тез эле усундарга каршы аскерлерин жөнөтүп, дайыма жеңип турушкан. Хунндардын башчысы бир канча убакыт Гяньгундардын өлкөсүндө жашап, андан кийин усундардын батыштагы коңшулары кангүй[1] менен союз түзгөн, булардын ээлеген жерлери Фергананын түндүк-батышына чейин жеткен (В.В. Бартольд, 179-б.).

Ошентип, бул тарыхый маалыматта хунндардын усундар, динлиндер менен катар байыркы кыргыздарга кол салгандыгы жана аларды жеңип алгандыгы айтылат, б.а. байыркы кыргыздар жогоруда аталган белгилүү уруулардын катарында болот. Мындан кыргыздардын «үч падышачылыктын» бири болгондугун, демек, катардагы эле жөнөкөй уруулардан эмес, хунндар эсептеше турган алдыңкы катарда турган уруулардан экендигин билүүгө болот. Тарыхый маалыматтарда хунндардын башчысы да бир канча убакыт Гяньгундардын, б.а. байыркы кыргыздардын өлкөсүндө жашагандыгы маалымданат. Бул маалымат да кыргыздар жашаган жердин маанилүүлүгүн билдирет жана байыркы кыргыздардын өз мезги-

---

[1] <Азыркы транскрипция – канцзюй.> Караңыз: *В.В.Бартольд.* Аталган эмгекте, 178-б.

линдеги күчтүү уруулардын бири болгондугунан кабар берип турат.

**Хунндарда бийлик кандай болгон?** Хунндардын чыгыш бөлүгүндө борбордоштурулган бийлик өкүм сүргөн. Л.Н.Гумилев: «Для всех народов восточной половины степи было характерно наличие сильной централизованной власти. Только этим схожи между собой родовая империя Хунну и орда Жужань, Вечный эль орхонских тюрок и уйгурская теократия с манихейской церковью, стоявшей выше хана», – дейт (Этносфера... 274).

Батышта конфедерациялардын тизмеги (цепь конфедераций) – уруулук союздар болгон, алардын акыркысы – дурбен-ойрот союзу (дурбен-ойратский союз) – борбордоштурулбаган союздун классикалык мисалы болуп саналат (Этносфера... 274).

Ошентип, чыгыштагы жана батыштагы бийлик бири-биринен айырмаланган. Мунун себеби эмнеде?

**Чыгыштагы жана батыштагы бийлик, алардын айырмасы.** Чыгышта жана Батышта бийликтин мындай бири-биринен айырмалуу болушунун да себеби бар. Л.Г.Гумилев бул уруулардын жайгашкан жерлери менен байланыштуу деп эсептейт. Маселен, кышында Түндүк Монголиянын территориясынын үстү антициклондун борборуна туура келет, натыйжада кышкы жаан-чачындар («зимние осадки») дээрлик жокко эсе болот. Жайында Борбордук Азиянын талаалары инсоляциянын[1] негизинде аябай ысыйт, ал эми полярдык абанын агымы Монголиянын түндүгүнө кетет. «В размытую таким образом барическую депрессию вторгается влажный воздух, и в эти месяцы здесь выпадает до 90% осадков в виде летних дождей»[2].

Ал эми Алтай менен Тарбагатайда тескерисинче: кышы карлуу, жайы болсо аябай кургак болгондуктан, талаадагы чөптөр куурап кетет (Этносфера... 275).

---

[1] **Инсоляция** *ж. физ.* инсоляция (жердин үстүн күндүн радиациясы менен шоолалантуу). Орусча-кыргызча сөздүк. А–И. – Б., 2012, 723-б.

[2] *Э. М. Мурзаев.* Народная республика Монголия. – М., 1952.

Мындай жерлердин жана андагы аба ырайынын бири-биринен өзгөчөлүктөрү бул жерлерде жашаган элдердин жашоо образына, чарба жүргүзүүнүн ыкмаларына сөзсүз таасир эткен.

Маселен, Чыгышта мал дайыма талаада жайылган, мындай шартта малчылар бири-бири менен дайыма жолугушуп, натыйжада, дайыма тыгыз байланышта болушкан жана бул адат катары калыптанган, ошондой эле бүткүл өлкөнүн масштабында координациялоо мүмкүнчүлүгү түзүлгөн.

Ал эми Тянь-Шандын жана Тарбагатай тоолорунун этектеринде жашаган көчмөндөр жайында малдарын жайлоого – тоодогу жайыттарга алып кетишкен. Тоолордогу жайлоолорго баруу үчүн ар бири бөлөк-бөлөк урууларга тийиштүү болгон кууш өрөөндөр аркылуу өтүшү керек болгон, ошондой эле жайында мал жайыла турган альпылык шалбаалар да өз-өзүнчө урууларга тиешелүү эле. Мына ушундан улам бул жерлерде чарба жүргүзүүнүн башкалардан обочолонгон ыкмалары пайда болгон. Мунун өзү саясий түзүлүштүн мүнөзүнө да таасир эткен, б.а. хандыктардын ордуна мындай жерлерде уруулук союздар түзүлгөн (Этносфера, 275).

Демек, чыгыштагы жана батыштагы бийликтин бири-биринен айырмачылыгы алардын жер шарттарына байланыштуу болгон.

**Көчмөндөрдүн жашоосундагы жалпылык.** Мына ушундай монголдук жана тянь-шандык региондордун өзгөчөлүктөрүнө карабастан, алардын чарбачылык жашоосунда жана саясий турмушунда өтө маанилүү жалпылык болгон, ал – тоо жана талаа ландшафттарынын[1] айкалышуусу.

Маселен, токой менен капталган тоо кыркалары көчмөн чарба үчүн абдан маанилүү болгон (Собр.сведений, 1, 2, М.,–Л., 1950;). Сөңгөк (древесина[2]) – арабаларды, боз үйлөрдү, жааларды жасоо үчүн, ал эми тоолордо жашаган бүркүттүн чалгын

---

[1] **ЛАНДШАФТ** *м.* ландшафт (*жер бетинин жалпы көрүнүшү*); **горные ландшафты** тоо ландшафттары. Караңыз: *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк, 1957, 320-б.

[2] **Древесина** *ж.* 1. сөңгөк (жыгачтын кабык жана ички өзөгүнөн башка катуу бөлүгү); 2. *собир.* устун, тактай, жыгач (жалпы эле жыгач материалдар). Орусча-кыргызча сөздүк. А–И. – Б., 2012, 439-б.

канаттары жебе жасоо үчүн пайдаланылган. Кышында кар калың түшүп, шыбыргактап жааган кардан улам тезек жагууга жарабай калганда, токойдогу сынган бутак-сутактар отун катары керектелген, ошондой эле токой кышкы бороон-чапкында эң сонун далдаа боло алган.

Тоо кыркаларынын стратегиялык пункт катары мааниси да чоң болгон, ал жерге аялдар жана балдар жашынган, душман да капчыгайга жол көрсөтүүчү адамсыз өтө алган эмес[1].

Көрүнүп тургандай, көчмөндөр үчүн тоонун мааниси абдан чоң болгон. Өзгөчө душмандардан коргонууда тоо чоң роль ойногондугу шексиз. Чындыгында тоо – аялдар, бала-чакалар үчүн абдан ишеничтүү далдаа болгондугу ачык көрүнүп турат. Ушундан улам көчмөндөрдүн жашаган жерлеринде тоолордун болушу – алардын күнүмдүк жашоосу үчүн да, жоокердик турмушу үчүн да маанилүү болгон деген жыйынтыкка келүүгө болот.

Бул тууралуу Л.Н.Гумилев мындай деген: «Без горного леса кочевники не имели средств для создания сильных держав с каким бы то ни было политическим строем» (Этносфера... 276). Тоолор көчмөндөрдү бир жагынан душмандардан коргогон, экинчи жагынан, малчы-көчмөндөрдүн жашоосу үчүн ыңгайлуу да болгон.

## Гэгунь (Кыргыз) мамлекети биринчи жолу жазма булактарда

Жогоруда айтылгандай, Кыргыз мамлекети тарыхта хунндар менен байланышта учурайт. Хунндар башка көчмөн уруулар менен катар эле байыркы кыргыздарды багынтып алган. Н.А.Аристов Бичуриндин эмгегине таянып, бул окуя Х.Т. чейинки 209–201-жж. болгон дейт, б.а., теңиркут Модэ багындырган түндүк территориялардын ичинде Динлин менен катар жайгашкан Гэгунь деген байыркы кыргыздардын жери да бар эле (Аристов, 143).

---

[1] *Л.Н.Гумилев.* Древние тюрки. – М., «Наука», 1967; *Л.Н.Гумилев.* Этносфера. История людей и история природы. – М.: «Экопрос», 1993, 276-б.

Мындай маалымат Бичуринде да бар. Анда: «…на севере они покорили владения Хуньюй, Кюеше, Динлин, Гэгунь и Цайли», – деп жазылган («Собр.сведений», Алматы, I, 1998 51-б.).

Ошентип, хунндар кыргыз жерлерин да багындырган, бул тууралуу кытай жазма булактарында жазылып калган.

Ушундан баштап, хунндар менен байланышкан кыргыздардын жазма тарыхы башталган.

Хунндар Борбордук Азияда юечжилер менен тирешип, аларды талкалап, батышка кууп таштаткан эле. Мына ушул юечжилер кимдер эле?

**Хунндар жана юечжилер.** Эзелтеден бери эле кыргыздардын коңшулары катары хунндар, усундар, динлиндер, ошондой эле Чыгыш Түркстандагы индоевропалык урууларга кирген юечжилер жана тохарлар эсептелип келген (Ө.Осмонов, 87). Борбордук Азияда юечжилер хунндар менен теңтайлашып турган уруу болгон.

Ю.С.Худяков Борбордук Азияда көчмөндөрдүн үстүнөн башчылык кылуу үчүн эки көчмөн держава – хунндар жана юечжилер бири-бири менен салгылашып турушкандыгын, Модэ башында турган хунндар юечжилердин урууларын талкалагандыгын баяндайт. Юечжилер жеңилип, батышка кетишкен.

Ө.Осмоновдун маалыматы боюнча Чыгыш Түркстандан хунндар сүрүп чыгарган юечжилер (тохарлар) б.з.ч. II кылымда Сыр-Дарыянын ары жагында жайгашкан сактардын жерлерин басып алышкан. Бирок алар Теңир-Тоого жана Ферганага бекем отурукташа алышкан эмес. Ошондуктан алар сактар менен союздаш болуп биригип, Орто Азиядагы Греко-Бактриялык падышачылыкты басып алышкан (62).

Ошентип, тарыхый маалыматтар боюнча юечжилер хунндар тарабынан талкаланып, батышка кетүүгө аргасыз болушкан. Андан соң хунндардын негизги душманы динлиндер болуп калган. Б.з.ч. I кылымда динлиндер түндүктөн хунндардын жерлерине кол сала башташкан. Натыйжада, хунндар каршылашкан эки ордого бөлүнгөн (Сабля, 30).

**Хунндардын ич ара согушу.** Биз жогоруда хунндардын кытайлыктар менен согушуна токтолгон элек. Б.з.ч.72-жылы кайрадан кытайлыктардын хунндарга баштаган чабуулунда дипломатия жолу колдонулган, б.а., «китайцы сумели внести раскол в кочевые племена и поднять против Хунну их соседей: джунгарских усуней, саянских динлинов и хинганских ухуаней» (Л.Н.Гумилев. Поиски вымышленного царства, 1994, 105). Б.з.ч. 58-жылы хунндардын арасында келип чыккан уруу аралык согуш Кытайдын жеңишин жеңилдеткен. Такка талапкер болгон адам Кытай менен союз түзгөн, калгандары курман болушкан. Б.з.ч. 52-жылы хунндар Кытайдын жогорку бийлигин таанышкан (Л.Н.Гумилев. Поиски... 1994, 105).

**Хунн мамлекетинин түндүк, түштүк болуп экиге бөлүнүшү.** К.Г.Менгес өзүнүн эмгегинде кытайлар хунн группаларынын ич ара ынтымагын бузууга жетишкендигин, натыйжада Хань династиясы сурак жүргүзгөнчө эле Хунн мамлекети түндүк, түштүк делип экиге бөлүнүп калгандыгын маалымдайт (64).

Б.з.ч. I кылымдын ортосунда хунн мамлекети экиге бөлүнгөнүн, анын түштүк группасын – шанүй Хуханье (кийин алар Кытайдын жарандыгын алышкан), ал эми түндүк группасын – Чжи-Чжи башкаргандыгын Ө. Осмонов маалымдайт[1].

А.Н.Бернштамдын маалыматында жылы так көрсөтүлөт: б.з.ч. 55-жылы хунндар экиге бөлүнүп, батыш ордонун башчысы – Хуханье (58–31-жж.) түндүк ордонуку – Чжи-чи болгон (372).

**Хунндар жана кыргыздар.** Кыргыздар хунн уруулук союзунда болушкан. Хунндардын башчысы байыркы кыргыздардын жерине өз ордосун жайгаштыргандыгы маалымат булактарында орун алган. Карамагындагы уруулардын аскерге жараган адамдары хунндардын армиясын күчтөндүрүп тургандыгы тууралуу да жогоруда айтылган. Демек, согушчан, эр жүрөк, атта шамдагай кыргыз жоокерлери да башка уруулар менен кошо хунндардын кошундарынын катарын толуктап турган.

[1] *О.Осмонов.* История Кыргызстана (С древнейших времен до наших дней). – Б., 2012, 65-б.

Жогоруда айтылгандай, хунндар байыркы Кыргыз жеринде өз ордосун жайгаштырган. Бул качан болгон? Эмки сөз ушулар жөнүндө.

**Түштүк хунндардын башчысы**[1] **– Хуханье.** Хуханьенин мезгилинде Кытай менен өз-ара тынчтык мамиле орногон. Хунн башчыларынын ичинен Хуханье биринчи болуп 51-жылы кытай императоруна барып, Кытайдын түндүк чек арасын коргоо боюнча өз жардамын сунуш кылган. Хунндардын аксакалдар кеңеши Кытайдын кол алдында болуу сунушуна каршы болушкан[2].

Кытайда да хунндар менен союзга кирүүгө жана аларга түндүк чек араны кайтартууга каршы пикирлер айтылган. Хуханьенин сунушуна макул болууну каалаган император Юаньдиге (б.з.ч. 33-жылы) полководецтердин бири баяндоо кат («докладная записка» – А.Н.Бернштам) жиберген. Ал катта мындай маалыматтар болгон. Чек араларда жашаган кулдар жана эрксиз аялдардын бардыгы качууну ойлошот, алар хунндарда жашоо көңүлдүү деп ойлошот. Алар сакчылардын кыраакылыгына карабастан кээде чек араны ашып кетишет. Талоончулар, уурулар жана башка кылмышкерлер болбоду дегенде чек арадан ары түндүккө качып жашырынышат, ал эми ал жактан аларды табуу мүмкүн эмес.

Мындай кат император Юаньдини ынандырат, ошондуктан ал Хуханьенин сунушун четке кагат. Кытайдын башкаруучу чөйрөсүндө хунндар, негизинен, кытай элинин эксплуатацияланган катмарынын, өзгөчө кулдардын союздаштары деген түшүнүк пайда болгон.

А.Н.Бернштам мына ушундай маалыматтардан улам хунн уруулук союзунун ичинде эксплуатация өнүкпөгөндүгүн айтып: «Социально экономический строй кочевников был в большей степени первобытнообщинным (на этапе разложения), чем классовым» (373), – дейт.

Ал эми түндүк ордодогулар жана алардын башчысы Чжи-Чжинин кадамдары жана андан аркы тагдыры кандай болгон?

---

[1] *А. Н. Бернштамда:* «Во главе западной орды стоял Хуханье (51–31 гг.)» деп берилген. Караңыз: Избр.тр., II, 1998, 372-б.

[2] **Подданство** *ср.* граждандык, букаралык. Орусча-кыргызча сөздүк. П–Р. –Б., 2012, 151-б.; *А.Н.Бернштам.* 1998, 372-б.

## Шанүй Чжичжи жана кыргыздар

**Түндүк ордо башчысы – Чжи-Чжи[1] жана анын Жети-Суудагы жана Енисейдеги кыргыздарды жеңиши.** Ал эми түндүк ордонун башында турган шанүй Чжи-Чжи мурунку хунн державасын кайрадан калыбына келтирүү аракетин көрө баштаган.

А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча (Избр.тр., 373) түндүк ордонун башчысы Чжи-Чжи Хуханье менен болгон ийгиликсиз кармаштан кийин Орхондун жээктеринен Чыгыш Түркстанга кетип калган жана ал мезгилде Кобдо, Тарбагатай жана Семипалатинск райондорунда жашаган байыркы уйгурлар менен байланыш түзүүгө аракет кылган.

Чыгыш Түркстанда ал өзүн шанүй деп жарыялаган көтөрүлүшчү Илимдин аскерлери менен кагылышкан. Чжи-Чжи **Жети-Суудагы (Семиречьеде) жана Енисейдеги кыргыздарды жеңип алууга жетишкен** (*белгилеген – Г.Ж.*), ал эми түндүктө динлиндерди талкалаган: «В Восточном Туркестане он столкнулся с войсками повстанца Илиму, объявившего себя шаньюем. Чжи-Чжи удалось победить киргизов Семиречья и Энисея, на севере – разбить динлинов» (373).

Кытай менен келишим ага эч кандай көзгө көрүнөрлүк деле пайда алып келген эмес. Усундар менен болгон согуш ийгиликсиз аяктаган.

Ал эми Хуханьенин Кытай менен болгон келишиминин чыңдалышы Чжи-Чжинин кыжырын келтирген. Ал кытай элчисин (посланник) өлтүрүп, усундарга каршы бирге күрөшкөн кангүйлөр менен союз түзгөн.

Ошентип, батышта Чжи-Чжинин күчтөнүшү жана ага Тянь-Шань жана Жети-Суу урууларынын көз карандылыгы кытайлыктарды түндүк хунндарды талкалоо үчүн жүрүш жасоого түрткөн, анткени алардын батышта күч алуусу мурун жолго коюлуп калган соода жолдорунун жок болушуна алып келмек. Ошондуктан Чэнь Тан жана Гань Янь-шоунун жетек-

---

[1] Шанүй Чжи-Чжи авторлордо ар кандай берилген: Чжи-Чжи, Чжичжы, Чжичжы, Чжичжи ж.б. Биз авторлордун бергендерин өзгөртпөстөн келтирдик.

чилиги менен кытайлык аскерлер хунндарды талкалап, Чжи-Чжини өлтүрүшкөн. Натыйжада, түндүк хунндардын бир бөлүгү чыгыш ордонун составына кирип, калган бөлүгү батышта калган (А.Н.Бернштам, 373).

**Шанүй Чжичжи жана анын кыргыздарды багындырышы (Х.Т.ч. 49-ж.).** Шанүй Чжичжинин (*Н.А.Аристовдо Чжичжи деп берилгени сакталды – Г.Ж.*) кыргыздарга жасаган жортуулу Н.А.Аристовдо мындайча берилген.

Чжичжинин армиясы Борбордук Азиянын батышында жайгашкан гяньгунь-кыргыздардын жерине жүрүшкө чыккан жана гяньгундарды багындырган. Бул окуя Х.Т. чейинки 49-жылы болгон[1].

А.Н.Бернштамда б.з.ч. I кылымдын жарымында түндүк ордонун башчысы Чжи-Чжи «снова разбивает гэгунь и динлинов», – деп берилген (Избр.тр., II, 1998,193).

Н.Я.Бичуринде: «Впоследствии Чжичжы Шаньюй (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*), покорив Гяньгунь, утвердил здесь свое пребывание, в 7000 ли от орды восточного Шаньюя на запад, в 5000 от Чешы на север; почему владетели сей страны впоследствии ошибочно Хягас называли Гйегу и Гйегйесы», – деп берилген[2].

Н.Я.Бичуринде кыргыздардын ээлеген территориясы чыгыш хунндардын ордосунан 7000 ли, Чешыдан түндүккө карай 5000 ли жайгашкандыгы, аны кандай аташкандыгы так берилген.

«Ханзуда» бул окуя мындайча баяндалат. Кийин Кутуюш[3] теңиркут[4] кыргыздарга чабуул жасаган. Ал кезде чыгыш жагы Теңиркуттун ордосунан 7 миң чакырым алыста, түштүк жагы Каңкылга 5 миң чакырым келет болчу. Ошондо Кутуюш ал жерди борбор кылып турган экен. Ошондуктан кийинки урпактар ээ болгон ал жер кыргыз деп аталып, андан бара бара кыгу, кыргыс деп айтылыптыр. Ошондо эли 100 миң, жетик

---

[1] *Н. А. Аристов,* 143; «Собр.сведений», I, 77.

[2] *Н. Я. Бичурин.* Собрание сведений. – Алматы, I, 1998, 359-б.

[3] Чжичжы кытай жазма булактарынын кыргызча котормосунда Кутуюш деп берилген.

[4] *«Ханзуда»* шаньюй – теңиркут деп берилет.

жоокери 80 миң экен. Уйгурлардын батыш-түндүк жагына чейин аралыгы 3 миң чакырым болуп, түштүк жагы Термел тоосуна такалып турган. Жергеси жайдын күнү суу-сөөлдүү болуп, кыштын күнү кар көп жатат экен. Адамдары кабелтең, жээрде чачтуу, ак жүздүү, көзү көк келгендиктен, кара чачтуулары нишаналуу эмес деп каралат экен. Кара көздүүлөрү ошол Ли линдин (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) тукумунан экен. Эрлер аз, ургаачылары көп болгон. Алар сөйкө салынышат. Элдик каадасы ачык-айрым болот[1].

Жогорку маалыматтарда шанүй Чжичжынын байыркы кыргыз жергесин басып алгандыгы айтылат. Ошону менен кошо эле кыргыз жергесинин кайсыл жерде жайгашкандыгы, кыргыз жеринин кандай аталгандыгы, элинин саны, кошунунун саны, жашаган жеринин климаты, элдеринин кебете-кешпири, каада-салты тууралуу да баалуу маалыматтар камтылган.

Ошентип, хунндардын шанүйү Чжичжы кыргыз жерин басып алган соң, ал жерге өзүнүн ордосун жайгаштырган.

Бирок, мына ушул тарыхта катталып калган кыргыз жергесинин жайгашкан орду окумуштуулар тарабынан ар түрдүүчө чечмеленип келген (бул тууралуу да өзүнчө сөз болот).

Хунн шанүйү Чжичжынын андан аркы жүрүштөрү ийгиликсиз аяктаган. Өзү аскерлери менен батыш Тянь-Шандагы Талас өрөөнүнө келаткан жерде каза болгон.

**Хунндардын Батышка карай кыймылы.** Хунндардын түндүк жана түштүк болуп бөлүнүшүнөн баштап – хунндардын Батышка карай кыймылы башталган. А.Н.Бернштамдын эмгегинде: «Еще со времен Дегиня считалось, что с этого момента северные гунны двинулись в Европу», – деп айтылат (373). Ушундай маалыматтардан соң Н.Толль хунндардын чыгыштан батышка карай кыймылын көрсөтүүчү тарыхый карта түзгөн. Ф.Хирт Модэден Атиллага чейинки санжыраны (родословная) түзүүгө ынтааланган, хунн шанүйлөрүнүн аттарын венгр хроникаларынан (венгрлердин ата-бабалары жөнүндөгү «Иоанна из Туроца» хроникасынан) табууга аракеттенген (374).

[1] *«Ханзу жазмалары»*. «Шиңжаң» эл басмасы, 2004, 293-б.

Ошентип, хунндардын батышка карай кыймылы башталган. Бирок түндүк хунндар Монголия талааларынан жана Орто Азиядан такыр жок болуп кетишкен эмес, б.з. I кылымынын аягында алар бир катар уруулар менен, алардын ичинде сяньбилер менен кагылышкан. Ошол эле мезгилде батышта да хунндар жөнүндө маалыматтар пайда болгон (Птолемей, II к.).

А.Н.Бернштамдын пикири боюнча хунндардын кайсы бир бөлүгүнүн Батышка Чыгыштан биринчи жолу келиши алардын түштүк жана түндүк болуп бөлүнүшкөнү менен байланыштуу. Кийин түндүк хунндарды сяньбилер талкалаган соң, алардын батышка карай кыймылынын экинчи толкуну башталган. Ал эми хунн ордолорунун акыркы бөлүктөрү Батышка алардын Чыгыштагы күч-кубатынын кыйроосунан кийин – III кылымда кетишкен.

**Элдердин Улуу көчүнүн башталышы.** Хунндардын Чыгыштан Батышка кыймылы тууралуу А.Н.Бернштам: «Поскольку подъем кочевников южнорусских степей был обьязан, в частности, движению гуннов с Востока, т.е. Средней Азии, постольку среднеазиатский этап истории гуннов имеет для нас особо важное значение. **Фактически с Чжи-Чжи шаньюя, т.е. с 55 г. до н.э., начинается «Великое переселение народов», а усиление гуннов за счет союза племенами Средней Азии обеспечило возможность их дальнейшего движения на Запад»** (*белгилеген – Г.Ж.*), – дейт (375).

## Сяньби, хунндар жана кыргыздар. Хунн империясынын кыйрашы. Хунндардын батышка көчүүсүнүн күчөшү

Кытайлыктар хунн урууларынын ынтымагын ич ара бузууга дайыма аракет кылып келишкен. Бул үчүн алар Сяньби урууларын пайдаланышкан.

**Хунндар жана Сяньби. Кыргыздар. Хунн империясынын кыйрашы.** Сяньбилердин хунндарды басып алышы К. Менгестин эмгегинде кеңири баяндалган. Андагы маалымат боюнча кытайлыктар хунндарга каршы күрөштө үчүнчү бир топ-

ту – Сяньбини пайдаланышкан. Сяньби[1] түндүктөгү талаалардын чыгыш бөлүгүндөгү уруулардын конгломераты[2] эле, алар хунндардын түндүгүндө, түндүк-чыгышында (Чыгыш Монголияда, Манчжурияда) жашашкан. Проф. Пеллиот аларды кийинки монгол урууларынын уюткусу деп атаган.

К.Менгестин маалыматы боюнча «б.з.ч. II кылымдын жарымында хунндарды Сиян-би басып алган. 216-жылы (Хан династиясынын акыркы маалы) Түштүк Хунн мамлекети жоюлган, бул кезде хунндардын күчү биротоло кайткан[3].

Сяньбилер тууралуу маалыматтар Ю.С.Худяковдо төмөндөгүчө берилген. Б.з. II кылымынын жарымында[4] сяньби деген ат менен белгилүү болгон көчмөн уруулары тарабынан хунндардын империясы кыйроого туш болуп, сяньби башчысы Таньшихуй хуннардын Борбордук Азиядагы мурунку ээлеген жерлерин бүт бойдон, усундардын Тянь-Шандагы жерлерине чейин басып алган. Ю.С.Худяковдун пикири боюнча, **алардын вассалдарынын[5] арасында байыркы кыргыздардын**

---

[1] Сянь-билер авторлордо ар башкача берилгени (сиянби, сяньби, сяньби ж.б.) сакталды.

[2] **КОНГЛОМЕРАТ** *м.* конгломерат (1. ар түрдүү нерселердин же бөлүктөрдүн системасыз, баш-аламан кошундусу). Караңыз: *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк. – М., 1957, 294.

[3] *К. Менгестин* маалыматы боюнча, хунндардын кубаты аста-аста солгундай баштаган кезде эле (мурунку Хан династиясынын бүтүшү, б.з. I кылымы) кээ бир хунн уруулары азыркы Түштүк Казакстандын талааларына оогон. Бул учу-кыйырсыз кенен жайыттуу Евразиянын мейкиндиктеринде алар ошол аймакта үстөмдүк кылган элдер менен кыйыр карым-катнаш жасап турушкан. Алар, Менгестин божомолунда, европеид (*автордо ушундай берилген – Г.Ж.*) (болжолу, түндүк-чыгыш кавказдыктарга, теги боюнча азыркы түндүк-батыш Кавказдагы черкес-кабарда тобуна жакынырак) болгон (64-б.).

[4] *К.Менгес* «б.з.ч. II кылымдын жарымында (*белгилеген – Г. Ж.*) хунндарды сиянби басып алган (64-б.)» десе, *Ю.С.Худяков* «в середине II века нашей эры (*белгилеген – Г. Ж.*) сяньбийский вождь Таньшихуай подчинил все бывшие хуннские владения в Центральной Азии вплоть до земель усуней на Тянь Шане» – дейт (Сабля… 45). Караңыз: бул авторлордо сяньбилердин хунндарды басып алуу мезгили ар башкача берилген.

[5] **ВАССАЛ** *м.* вассал (1. *ист.* өзүнөн бир кыйла ири феодалга көз каранды болуп, ага ар түрдүү салымдар төлөп туруучу ири жер ээси – феодал; 2. көз каранды, башка бир адамдын же мамлекеттин кол алдында көз каранды болгон). *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк. 1957, 65-б. Биз вассал деп бердик.

**болушу толук мүмкүн.** Кыска мөөнөттөгү сяньби (*Ю.С.Худяковдо сяньби деп берилген – Г.Ж.*) бийлиги кыргыздардын согуштук иштерине көрүнүктүү таасирин деле тийгизе алган эмес (Сабля, 45).

Бул мисалдан көрүнүп тургандай, Ю.С.Худяков бул мезгилде кыргыздар сяньбилерге баш ийип турушкандыгын болжолдойт.

В.Плоских Ыраакы Чыгышта сяньби күчтөнүп, б.з. I кылымынын аягында Хунну империясына өтө катуу сокку ургандыгын баяндайт. В.Плоских сяньбилер тарабынан Түндүк падышачылыгы («Северное царство») жок кылынгандыгын, 100 000 чамалуу үй-бүлө сяньби деген элдик атты кабыл алышканын, «и, вероятно, оставшись на обжитых землях, вошли в число предков современных бурят и монголов», – дейт. Бирок, түндүк хунндардын кыйла бөлүгү өздөрүнүн көз карандысыздыгын сактоону каалап, батышка кетишкен жана Волга бойлорунда жана Уралда жайгашышкан (53).

Ал эми Ө. Осмонов б.з. I кылымынын ортосунда хунндардын мамлекети эки бөлүккө ажырагандыгын, хунндардын түштүк группасын шанүй Хуханье (кийин алар Кытайдын жарандыгын алышкан), ал эми түндүк группаны шанүй Чжи-Чжи башкаргандыгын маалымдайт. Түндүк хунндар орто азиялык башка уруулар менен биригип алып, көз карандысыздыгын сактап, батышка көчүп кетишкен. Кийин алар Казакстан жана Орто Азия тарапка жылышкан (65).

Тарыхый эмгектердеги маалыматтарда (От античности… 93) Хань династиясынын Борбордук Азияга жасаган жүрүштөрү Сюнну империясын жок кылгандыгы, Х.Т. чейинки 44-жылы хунндар чыгыш жана батыш бутактарга бөлүнүп, чыгыш бутагы Монголияга, батыш бутагы азыркы Казакстандын территориясына жайгашкандыгы, кытайлыктардын куугунтугу батыш хунндарды (сюннуларды) андан ары Батышка карай сүргөндүгү маалымданат.

Хань династиясынын кийинки өкүлдөрүнүн маалында түштүк хунндары кытайларга вассал болуп, түндүк хунндары күнкорсуз калган (64).

Жогорудагы маалыматтарда сяньбилердин соккусунан хунндар жапа чегип, бир бөлүгү батышка бет алып, бир бөлүгү

Кытайга багынып, алардын жарандыгын алышкандыгы баяндалат. Бирок, аталган эмгектерде бул окуялардын мазмуну бир болгону менен сяньбилердин хунндарды басып алган мезгили ж.б. маалыматтар ар түрдүү берилген.

Ошентип, сяньбилер хунндарды баш ийдирип, алардын ээлеген жерлерин басып алышкан. Сяньбилерге баш ийген уруулардын арасында кыргыздар да болгон.

Бирок, сяньбилердин державасы кыска мөөнөттүү болгон, ал сяньби башчысы Таньшихуй каза болгондон кийин таркап кеткен.

**Хунндардын батышка көчүүсү.** К.Менгестин маалыматы боюнча Сян-биден (*К. Менгесте ушундай берилген – Г.Ж.*) талкаланган түндүк хунндардын бир тобу өз башчысы (Шан-Жу) менен батышка бет алып, б.з.ч. I кылымда батыш тараптагы хунн урууларына келип кошулган, ал эми биздин замандын I кылымында хунндардын батыш тарапка көчүүсү күчөгөн (64).

Хань династиясынын аскер башчысы Ван-Као биздин замандын I кылымында казат жасаган соң Тарим дайрасынын бассейни (азыркы Чыгыш Түркстан же Синьцзянь) Кытайдын кол алдында калган. Кытайга күнкор болгусу келбеген хунн группалары Тянь-Шань тоолорунун түндүгүнө ооп кетишкен. Кийин Хан династиясынын акыркы жылдарында Кытайдан оомат качат. Ошондо хунндар Борбордук Азиянын Тарим бассейнинен жана ага жанаша жерлерден кытайларды сүрүп чыгарып, өз ата-журтун кайра алышкан (Менгес, 64).

Ушуга келгенде кытай жазма эстеликтеринде хунндар жөнүндө кабар үзүлөт. Кайрадан IV кылымдын жарымынан кийин гана Батыштын жазма эстеликтеринен маалым болот: хунндар батыш өлкөлөрүнө, айрыкча Рим империясына коркунуч туудура баштаганда алар кытайлар сыяктуу эле хунндардан кабардар боло башташат (65).

**Хунндардын андан аркы тагдыры.** Э.Тенишевдин маалыматы боюнча биздин замандын II кылымында хунндардын бир бөлүгү Кытайдын протекторатына өтөт, бул хунндардын түштүк династиясынын түзүлүшүн шарттаган. Ал эми түндүк хунндар батышка жылып, Урал жанындагы угралар (угра) жана сарматтар менен аралашып, II–III кылымдарда Европада гунндар

деген ат менен белгилүү болгон жаңы көчмөн бирикмени түзүшкөн. Э.Тенишев хунн маданияты скифтик-сарматтык жалпы белгилерди да өзүнө камтырын белгилейт (52).

Б.з. 370-жылы гунндар Волга түздүктөрүндө пайда болушуп, Түндүк Кара деңиздин алдындагы (Причерноморье) остготтордун уруулук союзун талкалап, Истрге (Дунай) өтүшкөн. Эми Рим империясына алар гунндар деген ат менен таанылган (От античности... 93). Бул тууралуу учурунда сөз козголот.

## Хунндардын жеңиштери жана жеңилиши. Тарыхтагы ролу

**Хунндардын жеңиштеринин себеби эмнеде? Ага кыргыздардын катышы барбы?** Ю.С.Худяковдун маалыматы боюнча, хунндардын жеңиштеринин себеби – ошол мезгилдеги дистанциялык согушта колдонулган курал – күчтүү, алыска тийүүчү, чагылдыргыч («рефлектирующий»), татаал составдуу жаа жана учуна темир кийгизилген жебе; борбордоштурулган согуштук-административдик система; согуштук жетекчинин эң биринчи талабы менен жоого каршы согушка кирүүгө даяр турган бардык эркектерден түзүлгөн согуштук отряддар; ошондой эле көптөгөн кармаштарда иштелип чыккан чачылма стройдогу[1] атчан салгылашуунун тактикасы болгон (Сабля, 43).

Хунндар алыска тийүүчү татаал составдуу жааны колдонушуп, дистанциялык согушта өзүнүн душмандарын биринин артынан бирин жеңип отурушкан. Алар жарадар болгон, качууга бет алган душмандарды биротоло талкалап, согушту аяктоо үчүн гана жакынкы салгылашууга киришкен.

Хунндар ошондой эле өздөрү багындырган уруулардын согушка жарамдуу бөлүгүн өз армиясынын курамына алып турушкан. Ю. С. Худяковдун маалыматы боюнча Чыгыш-Тянда

[1] **РАССЫПНЫМ СТРОЕМ** *воен. уст.* чачылма строй менен (боецтерди анча чоң эмес топторго бөлгөн же бириндетип орундаштырган строй). К.К.Юдахин. Орусча-кыргызча сөздүк. 1957, 719-б.

гяньгундарды (байыркы кыргыздарды) багындыруу үчүн болгон согушка хунндар менен кошо вассал көчмөн урууларды да катышкан. Ал эми кыргыздар хунндарга багынгандан кийин алардын аскерлеринин курамында болуу менен андан кийинки бардык жортуулдарга катышышкан. Шанүй Модэнин тушунда курамында кыргыздар болгон хунндар өтө күчтүү империяга айланышкан. Мындан хунндардын улуу жеңиштерине кыргыздардын да тиешеси болгон деп айтууга болот.

Хунндардын жеңишинин дагы бир себебин Л.Н.Гумилев мындан көрөт. Л.Н.Гумилевдун сөзүн дал өзүндөй беребиз: «Надо отдать должное уму и такту хуннов, табгачей и тюрок. Они относились к окрестным народам как к равным, пусть даже непохожим на них. Идеологии периферийного варварства они не создали. И благодаря этому при неравенстве сил они устояли в вековой борьбе и победили, утвердив как принцип не истребление соседей, а удержание своей территории – родины – и своей культурно-исторической традиции – отечества. И потому они просуществовали свои 1500 лет и оставили в наследство монголам и русским непокоренную Великую степь» (Древняя Русь и великая степь. – М., «Мысль», 1993, 386). Мына ушул согуштарга хунндардын союзунда болгон байыркы кыргыздар (гяньгундар) да катышкан.

Бирок, биз жогоруда белгилегендей, хунндардын тарыхы ушуну менен бүтпөйт. Алардын кийинки тагдыры жөнүндөгү сөз дагы уланат.

**Хунн империясынын алсыз жактары.** Албетте, хунн империясынын алсыз жактары да болгон. Мисалы, бул тууралуу А.Н. Бернштамда: «Вместе с тем, гуннский племенной союз в целом не имел еще прочной экономической базы и был весьма слаб в военно-административном отношении. Он даже не достиг той ступени, на которой находились империи рабовладельческого или средневековых периодов Кира и Александра Великого или Цезаря и Карла Великого», – деп айтылат (1998, 325).

Чындыгында, хунн империясында аскердик административдик борбордун өнүкпөгөндүгүн, ошондой эле экономикалык базанын бекем жана мыкты эместигинин себептеринин бири – алардын бир жерден экинчи жерге көчүп жүрүшкөндүк-

төрү, бир жерде туруктуу жайгашпагандыгы деп айтууга болот. Көчмөн жашоодон улам аларда туруктуу административдик борбор болгон эмес, кайсы жерге барышса, ошол жерде өздөрүнүн убактылуу ордолорун орнотушкан. Көчмөндүү жашоо турмушу жана согуштун дайыма болуп турушу экономиканын өнүгүшүнө шарт түзө алган эмес.

**Хунндардын тарыхтагы ролу жана кыргыздар. Түрк тилдүү элдердин түзүлүшү.** Тарыхый жактан алып караганда хунндардын жеңиштүү жүрүштөрү эң сонун шарттарда болгон. Анткени бул мезгилде кул ээлөөчүлүк мамилелердин бузулушу жана өндүрүштүн кул ээлөөчүлүк системасынын узакка созулган кризиси күчөп турган. Мына ушундай шарттарда хунндардын жеңиштери «было едва ли не главным толчком, определившим крушение рабовладельческого строя и генезис феодальных отношений» (А.Н.Бернштам, 1998, 330). Ошол жеңиштердин актысы[1] жана салыктардын (дань)[2] белгилениши менен феодалдык көз карандылыктын примитивдүү формалары жаралган. Бул кулдарды эксплуатациялоого караганда прогрессивдүү көрүнүш болгон (330).

Европалык окумуштуулар бул «жаңылланууну» германдыктарга таандык кылышкан. Бирок А.Н.Бернштам бул жаңылланууда хунндардын уруулук союзу көрүнүктүү роль ойногондугун белгилейт: «Мы считаем, что эта роль была выполнена прежде всего племенами, объединенными в гуннском племенном союзе» (330). Көчмөн уруулардан турган хунн уруулук союзунда кыргыздар да болгон.

Ошентип, хунн уруулук союзу кул ээлөөчүлүк түзүлүштүн бузулушуна жана феодалдык мамилелердин примитивдүү формаларынын жаралышына өз салымын кошкон. Мындай тарыхый чоң миссияны аткарууга хунндардын уруулук союзуна кирген байыркы кыргыздардын дагы үлүшү бар деп айтсак жаңылышпайбыз.

Хунндардын союзунун Орто Азиядагы көчмөн уруулардын биригишинде мааниси абдан чоң. Ошондой эле хунндар-

---

[1] **Акт** *м.* 1. (*действие, событие*) акт (аракет, окуя). Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк, 20-б.

[2] **Дань** *ж. ист.* алым, алман. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И, 2012, 148-б.

дын союзу айрым элдердин түзүлүүсү үчүн (сложение) кыртыш да болуп берген.

Бул тууралуу А.Н.Бернштам мындай деген: «Гуннский племенной союз в Средней Азии играл еще и ту положительную роль, что он способствовал объединению кочевых племен Средней Азии и подготовлял сложение таких народностей, как киргизы, казахи, в известной мере и туркмены» (331).

Бул жерде хунн доорунда, т.а., хунн доорунун тарыхка катталган мезгилинде эле байыркы кыргыздар Гэгунь (кыргыз деген сөздүн кытайча аталышы) деген ат менен өзүнчө байыркы мамлекет катары да, цзянь-кунь деген ат менен уруу катары да белгилүү болушкандыгын белгилөө керек. Тактап айтканда, бул жерде байыркы кыргыздардын уруу катары түзүлүүсүнүн башаты б.з.ч. экинчи миң жылдыкта (II тысячелетие) эле Енисей аймагында малчылардын түзүлүү мезгили менен, б.а., афанасьевдик маданият эстеликтери менен байланыштуулугун эске алсак, анда хунн уруулук союзу кыргыз, казак, белгилүү бир даражада түркмөн сыяктуу **түрк тилдүү элдердин түзүлүүсү үчүн кыртыш болгон** деп түшүнүү керек.

Ошентип, Орто Азиядагы хунн союзу көчмөндөрдүн биригүүсүндө зор роль ойногон. Ошондой эле, А.Н.Бернштам белгилегендей, түрк тилдүү элдердин түзүлүүсүнө база болгон.

**Хунн империясынын доору – байыркы кыргыздардын тарыхындагы абдан маанилүү этап.** Хунн доору аркылуу биз байыркы кыргыздардын тарыхтагы орду жана көчмөн уруулардын арасындагы ролу тууралуу төмөнкүдөй негизги өзөктүү тарыхый билимдерге ээ болобуз:

1) Хунндардын тушунда Гэгунь деген ат менен белгилүү болгон байыркы Кыргыз мамлекетинин болгондугу жана кыргыздардын гянгунь, цзянькун деген ат менен уруу катары да белгилүү болушкандыгы кытай жазмаларында катталып калган. Мына ошондон баштап кыргыздардын жазуу жүзүндөгү тарыхы башталат.

2) Хунндардын тарыхы, жашоо турмушу аркылуу биз ошол доордогу байыркы кыргыздар тууралуу даректүү маалыматтарга кененирээк ээ болобуз.

3) Башка уруулар менен кошо эле Хунн уруулук союзуна кирген байыркы кыргыздар да хунндар катышкан тарыхый окуяларга катышкан. Хунндардын күчтүү империяга айланышына башка уруулар менен кошо эле байыркы кыргыздардын да салымы бар.

4) Хунндардын курамында болуу менен бирге байыркы кыргыздар да кул ээлөөчүлүк мамилелердин бузулуу процессине, жаңы феодалдык мамилелердин примитивдүү формаларынын жаралышына катышкан, б.а., байыркы кыргыздар хунн уруулук союзуна кирген башка уруулар менен кошо жогоруда айтылган «жаңылануугa» катышкан.

**Хунндар жана тарых, кыргыздар.** Л.Н.Гумилев Европадагы элдердин улуу көчү жөнүндө мындай дейт: «Весьма распространено мнение, что Великое переселение народов в Европе произошло вследствие наступление на них кочевых гуннов из Заволжья». Бирок ал мындай пикирди туура эмес деп эсептейт: «Однако ознакомление с датами событий позволяет это мнение отвергнуть полностью»[1].

Хунну – азыркы Монголияда б.з.ч. IV кылымдан эрте пайда болгон көчмөн держава болгон. Түрк тилдүү хунндар «будучи обществом доклассовым, создали державу, основанную на «господстве над народами». Начиная с 209 г. до н.э. по 97 год до н.э. держава Хунну растет и разбивает лучшие силы могучего Китая, а после этого победившее Хунну неуклонно слабеет, а разбитый Китай без боя становится господином положения, т.е. победа не пошла хуннам впрок» – дейт Л.Н.Гумилев (Этногенез... 221).

Л.Н.Гумилев Хунну, Германия жана Элладанын тарыхтын аренасына чыккан моменттери дайыма жаркын жана көрүнүктүү дейт, ал: «Все три этноса прошли фазу пассионарного подъема  и вступили в фазу перегрева (акматическую) за период около 250–300 лет. Хунну – от создания родовой державы в 209 г. до н.э. до 46 г.н.э. – распада на Северную и Южную державы», – дейт (Древняя Русь и Великая степь, 1993, 385).

---

[1] *Л.Н.Гумилев.* Этногенез и биосфера земли. – М., 2004, 221-б.

Ошентип, Хунну державасы 250–300 жыл аралыгында пассионардык көтөрүлүүнү (подьем) жана акматикалык фазаны[1] башынан өткөргөн.

Л.Н.Гумилев белгилегендей, «в фазе перегрева хунны, составлявшие с сяньби единую суперэтническую систему, с 46 по 181 г. хотя и воевали между собой, но одерживали победы над всеми соседями: империей Хань, усунями, динлинами и аланами»[2].

Хунндар б.з. биринчи кылымында Кытайдын бийлигинен кутулушкан, бирок алар төрт бутакка бөлүнүп калышкан. Бири – эркиндикти сүйгөн жана башкаларга баш ийгиси келбеген, күчтүү бутагы туш тараптан жабыла каптаган душмандардан четтеп, 155–158-жылдары Улуу талаанын (Великая степь) батыш жагына жашырынган (Л.Н.Гумилев. Этногенез... 221). Ошенип, хунндардын андан аркы тарыхы уланат. Бул тууралуу учурунда сөз кылабыз.

Ошентип, тарыхта ар кандай уруулардын биримдигинен турган көчмөндөр – хунндар күчтүү, эр жүрөк, тайманбас, согушчан, эч нерседен кайра тартпаган өжөр, ырайымсыз, «жапайы» атчан жоокерлер катары калган.

Тарыхта хунн доору «элдердин улуу көчү доору» («эпоха великого переселение народов») деп аталган. Бул мезгилде Евразиянын этностук картасы түп тамырынан бери өзгөргөн.

Жогоруда белгилегендей, хунндар негизинен түрк тилдүү элдер болгон. Алар миңдеген жылдар үстөмдүк кылып келген сактардын, скифтердин, сарматтардын бийлигин токтоткон. Бул тууралуу тарыхый булактарда: «С давлением гуннов, наряду с тюркоязычностью, связан и процесс наиболее сильного проникновения монголоидных элементов в среду в основном европеоидного автохтонного населения Средней Азии, Казахстана, Восточной Европы»,[3] – деп айтылат.

---

[1] Акматическая фаза – «когда этнос предельно активен, а давление на ландшафт уменьшено». *Л.Н.Гумилев.* Этногенез... – М., 2004, 214-б.

[2] Кийин хунндар пассионардык төмөндөөнү (надлом) да башынан өткөрүшкөн. Бул тууралуу *Л.Н.Гумилев* мындай дейт: «...В фазе надлома, которая в Азии была осложнена Великой засухой III в., происходит распад степной империи на мелкие химерные государства». Караңыз: Древняя Русь и Великая степь. – М., 1993, 385-б.

[3] *Кыргызы.* Исторические предания и легенды... 2003, 27-б.

Мына ушул процесске хунндардын биримдигине кирген кыргыздар да катышкан.

Ошентип, хунндар Борбордук Азиядагы бардык элдердин жүрөгүнүн үшүн алып турган эң күчтүү держава болгон. Алар Борбордук Азияда юэчжилерди талкалап, аларды батышка куушкан, андан башка көптөгөн көчмөн урууларды багындырышкан.

**Хунндар жана Гэгунь.** Ошентип, жогоруда айтылгандай, хунндар биздин доорго чейинки 209–201-жылдары кытай жазма булактары боюнча бир катар урууларды басып алышкан, алардын ичинде Гэгунь (байыркы кыргыздар) да бар эле (бул тууралуу сөз болот).

Хунндардын башчысы Модэ болгон. Хунндар Модэнин башчылыгы менен Байкалдын талаа-түздөрүнөн Тянь-Шанга, Сибирь тайгасынан Кытайга чейинки жерлерди ээлешкен. Модэ б.з.чейинки 174-жылы каза болгон.

**Хунндар жана Кытай.** Биз мурда белгилегендей, хунндардын тарыхы Кытай тарыхы менен тыгыз байланыштуу. Хунндар күчөп турган маалында Кытай менен теңтайлашып турган. Бул тууралуу А.Н.Бернштам Кытай императору Вэньдинин хунн шанүйүнө мындай деп жазганын мисалга келтирет: «Хань и Хунну суть два смежные и равные государства» (Избр.тр., 410).

Хунн шанүйүнө кытайлык падыша кызын (царевна) коштоп келген Янь өлкөсүндө туулган Чжунхин Юе мындай деген: «Хунндар сан жагынан Кытайдын бир областына тең келе албайт. Бирок алар (*хунндар – Г. Ж.*) абдан күчтүү, анткени алардын кийимдери жана ичкен тамак-аштары мыкты, бул жагынан алар Кытайга көз каранды эмес» (Собр. сведений, Алматы, 1998, I, 58).

Бул мисалда кытайлык Чжунхин Юе хунндар сан жагынан Кытайдын бир областына да тең келе албастыгына карабастан, алардын күчтүү экендигин моюнга алган. Ал мунун себептеринин бири катары – хунндардын кийиминин жана тамагынын мыктылыгы деп эсептеген. Бул дагы кошумча болушу мүмкүн, бирок негизинен хунндардын эр көкүрөк, баатыр эл болгондугун белгилөө зарыл.

Андан ары хунн шанүйүнө кытайлык Чжунхин Юе мындай деген экен: «Ныне, Шаньюй, ты изменяешь обычаи, и любишь китайские вещи. Если Китай употребит только 1/10 своих вещей, то до единого хунна будут на стороне Дома Хань»[1] (Собр. сведений, Алматы, 1998, I, 58). Ошондуктан «Кытайдан жибек жана кагаз (бумажные ткани) кездемелерди алсаңар, аларды тикендүү өсүмдүктөрдү аралай чуркап, тыткыла, муну менен андай кийимдер бышыктыгы жагынан териден жана жүндөн (шерсть) жасалган кийимдерге жетпей тургандыгын көрсөткүлө. Кытайдан тамак-аш алсаңар, аны жебегиле, муну менен алардан сыр жана сүттү жогору баалай турганыңарды көрсөткүлө» (Собр. сведений, Алматы, 1998, 58) – деген.

Чжунхин Юе Шанүйдүн акылдаштарына «научил завести книги, чтобы по числу обложить податью народ, скот и имущество» (58).

Хунндар бир гана Кытайды толугу менен багындыра алган эмес. Алар Кытай менен узакка созулган согуш жүргүзгөн. Акырында хунндар жеңилип, бир бөлүгү аларга багынып, бир бөлүгү батышка жылган.

**Хунн коому. Хунн союзунун тарыхтагы ролу жана мааниси.** С.П.Толстов хунн коому – кул ээлөөчүлүк коом болгондугун айткан[2]. Ал эми А.Н.Бернштам хунн коомунун патриархалдуу-уруулук коом болгондугун белгилейт. Ал: «В нем складывались отношения господства и подчинения», – дейт (410). А.Н.Бернштамдын пикири боюнча: «Гунны знали рабство, не затронувшее еще основы их общественного строя настолько, чтобы быть базой рабовладельческого государства. Ведущими оставались патриархальные отношения, хотя и на стадии распада» (410).

Борбордук Азия жана Орто Азияда хунндардын союзунун мааниси жана ролу төмөнкүдө болгон: бул коом алгачкы об-

---

[1] Вэй-Ша-о мындай деп жазган «зн. что если десятая часть китайских вещей поступит в земли хуннов, то хунны передадутся Дому Хань». Собрание сведений… – Алматы, 1998, I, 58-б.

[2] *С. П. Толстов.* Генезис феодализма в кочевых скотоведческих обществах. ИГАИМК, вып. 103.

щиналык коомдук түзүлүштүн кыйроосунун жана таптык коомдун жетилүү чегинде турган өткөөл типтеги коом болгон (А.Н. Бернштам, 411).

Л.Н.Гумилев түрк тилдүү хунндар «будучи обществом доклассовым, создали державу, основанную на «господстве над народами», – дейт (Этногенез... М., 2004, 221).

Борбордук Азия жана Орто Азиянын шарттарында хунндардын ролу абдан зор болгон. Хунн уруулук союзунун кыртышында биринчи иретте түрк тилдүү элдердин түзүлүшү жана калыптанышы үчүн ыңгайлуу жагдай түзүлгөн. А.Н.Бернштам: «Политическое и военное могущество гуннов в течение столетий содействовало ассимиляции этнически различных племен тюркоязычными племенами», – дейт (411).

**Хунндардын маданияты.** Көчмөн хунндар отурукташып жашаган элдерден маданий жактан бир кыйла артта болгон. Бирок хунндарга алар басып алган элдердин прогрессивдүү таасири тийген. Муну хунн бейиттеринен табылган буюмдар далилдейт. Маселен, хунн күмбөздөрүнөн кайсы жерден согуш туткундары алынып келинсе, ошол өлкөлөрдүн кол өнөрчүлүгү таасир эткен буюмдар чыккан. Бул процессти чагылдырган археологиялык фактылар көп.

Мындай көрүнүш Борбордук Азиялык хунндарга да мүнөздүү, аларга өзгөчө Кытай маданиятынын күчтүү таасири тийген. Ал эми Орто Азиялык хунндардын маданиятына өзгөчө дыйканчылык оазистери – Фергана, Ташкент, ал гана эмес Согду да күчтүү таасир эткен.

Ар кандай уруулардын курамынан турган хунндардын маданияты тууралуу Л.Н.Гумилев мындай деген: «Хунны за тот же срок (ал мурунку сүйлөмдө б.з.ч. 209-жылдан б.з. 48-жылга чейинки мезгилди көрсөткөн эле) сделали для культуры больше, чем французы» (Этногенез... 222).

**Хунндар жана гунндар тууралуу.** Э.Р.Тенишев хунндар жана гунндарды чаташтырбоо керектигин белгилейт. «Элдердин улуу көчү» доорунан баштап окумуштуу аларды хунндар эмес гунндар (ага чейин хунндар деп атаган эле) деп атоонун зарылдыгын белгилейт.

Л.Н.Гумилев да ушундай пикирди айтат. Ал б.з. I кылымында Кытайдын бийлигинен бошонгон гунндардын эркиндикти сүйгөн жана ал үчүн күрөшүүдөн кайтпаган бөлүгү 155-158-жылдары Волга-Урал сууларынын ортосунда жайгашкан угралар менен аралашып, 200 жыл ичинде чыгыш европалык этноско айланган «который во избежание путаницы принято называть гуннами» – дейт (Этногенез... 221).

Эми алар «хунндар» эмес, «гунндар» деген ат менен белгилүү боло башташкан. Гунндардын андан аркы тарыхына өтүүдөн мурун, азиялык хунндардын адаттары, салттары жөнүндө, ошондой эле алар зор жеңиштерге кандайча жетишкен деген суроонун тегерегинде сөз козгойлу.

## Хунндардын адаттары, салттары

Хунндар тууралуу «Ханзу жазмаларында» төмөнкүдөй маалымат берилет. Гундар (*китепте гундар деп берилгени сакталды – Г.Ж.*) малдан жылкы, уйду көбүрөөк колдонуп, эрекчерээктери (*эмгекте ушундай берилген – Г.Ж.*), төө, эшек, качыр, кулан сыяктуулар болгон. Алар суу-чөп кууп, конуш которгон. Шаар салып отурукташпаган, эгин экпеген. Ошентсе да өзүнө таан (*таандык болуу керек – Г.Ж.*) уруусу болгон. Алардын жазуусу-сызуусу жок, сөз менен бүтүмгө келишкен. өспүрүмдөрү койго минип, жебе менен чымчык, чычкан атып машыккан, эр жете келгенде түлкү, коён уулаган, жигит-жаландары четинен жаа тартып, соот кийген. Салт боюнча, жайчылыкта мал багып, уу уулап күн өткөргөн, капсалаң учур болгондо бардык адам урушка жаттыгып, жортуул жасаган. Бул алардын сөөгүнө бүткөн адаты болгон. Алар алыстан жаа тартып, таяганда (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) кылыч, найза шилтешет. Урушта оңуту келсе чабуул коёт, оңтойсуз болсо чегинет. Качуудан арданбайт. Пайданы көргөндө адеп ийбаны унутат. Эл башынан тартып кара аламанга чейин эт жеп, териден кийим киет, тон жамынып, кийиз төшөнөт («Ханзу», Тарыхый жазмалар, 3).

Кытайлык падыша кызын коштоп келген Чжунхин Юе хунндар тууралуу мындай деген: хунндар малдын эти менен

тамактанышат, сүтүн ичишет, терилеринен кийим кийишет, малы чөп жейт, суу ичет; мезгилге жараша бир жерден экинчи жерге көчүп жүрүшөт, «в скудное время упражняются в конном стрелянии из лука, а во время приволья веселятся, и ни чем не заботятся. Законы их легки и удобоисполнимы. Государь с чинами просто обращается, и управляет целым государством как одним человеком. По смерти отца и братьев берут за себя жен их из опасности, чтобы не пресекся род; и посему хотя есть кровосмешение у хуннов, но роды не прекращаются» (Собр.св., Алматы, 1998, I, 59).

Жогоруда, «Ханзу жазмаларында» хунндардын шаар салып отурукташпагандыгы, эгин экпегендиги айтылган эле. Ал эми Чжунхин Юе өздөрүн тамак жана кийим менен камсыз кылуу үчүн «народ (*хунндар – Г.Ж.*) упражняется в земледелии и шелководстве; строит города, чтобы обезопасить себя, почему при неурожае он не имеет времени заниматься воинскими упражнениями; при урожае заботится о своем состоянии», – дейт (Собр. св., Алматы, I, 1998, 59).

Бул маалыматтар кытайлык падыша кызын коштоп келип, хунндардын жашоосун көрүп калган Чжунхин Юе тарабынан айтылган.

Н.Я.Бичурин мураска өткөн мамлекеттик чиндерди сыпаттайт. Алар: 1) Чыгыш жана Батыш Чжуки князь[1]; 2) Чыгыш жана Батыш Лули-князь[2]; 3) Чыгыш жана Батыш улуу жол башчы (предводитель); 4) Чыгыш жана Батыш улуу Дуюй; 5) Чыгыш жана Батыш улуу Данху; 6) Чыгыш жана Батыш улуу Гуду-Хеу. Хунндарда даанышман («мудрый») Чжуки деп аталат. Тактын мураскору да дайыма Чыгыш Чжуки князы

---

[1] Кытайча *Хянь-ван.* Н.Я.Бичурин мындай дейт: «Хотя здесь слова *Восточный и Западный* заимствованы от стран света, но вместе с тем содержить в себе смысл слов *Старший и Младший.* И в Монголии, так и в Китае, левая сторона считается старшею. [Левая или восточная сторона. Восточной стороной считается левая, потому что кочевник садится на юг, в какую сторону обращен и вход в юрту; у китайцев ныне почетной стороной считается южная, но в древности восточная, и китайцы садились лицом на восток]». Караңыз: Н.Я.Бичурин. Собрание сведений... – Алматы, 1998, I, 49-б.

[2] *Лули* монг. сөзү, мааниси белгисиз. Собр.св. – Алматы,1998, I, 49-б.

болот. Чыгыш жана Батыш Чжуки княздарынан Данхуга чейин жогоркуларынын 10 миң, төмөнкүлөрүнүн бир нече миң атчан аскерлери болот. Бардыгы 24 аксакалдар (старейшины)[1], алар жалпысынан «темники»[2] деп аталышат. «Вельможи вообще суть наследственные сановники». Хуянь, Лань жана кийин Сюйбу үч атактуу үй болуп эсептелет[3].

Чыгыш жана Батыш Чжуки князь жана Чыгыш жана Батыш Лули-княздар абдан күчтүү жер ээлери (владетели) катары эсептелишкен. Ал эми Чыгыш жана Батыш Гуду-Хеу башкарууда алардын жардамчысы болушкан. 24 аксакалдын ар бири ишти жакшыртуу үчүн миң башы, жүз башы, он башыларды коюшкан. Төмөнкүлөрү өзүлөрүнө Ду-юй, Данху жана Цзюйкюелерди коюшкан (Собр.св., I, 1998, 50).

Н. А. Аристов «Цян-Хан-шуга» таянып, хунндардын салт-санааларын, адаттарын, мыйзамдарын төмөнкүчө баяндайт: хунндарда 24 «темник»[4] (он миң адамдын башчысы) болгон, алар миң башы (тысячник), жүз башы (сотник), он башыларды (десятник) шайлай алган. «Темниктер» ар кандай титулдарды алып жүрүшкөн. «Старшим между ними почитался восточный чжуки князь, обыкновенно предназначавшийся наследовать царствующему шаньюю. Десять главных темников были всегда из князей шаньюева дома, остальные из посторонних. Должности темников и главных вельмож были вообще наследственны»[5].

«Ханзуда» ушул эле маалымат: «Гундар сол билге кан, оң билге кан, сол кол кан, оң кол кан, сол баш сардар, аң (*оң болуу керек – Г. Ж.*) баш сардар, сол баш жасоол, оң баш

---

[1] **СТАРЕЙШИНА** *м. ист.* карыя, ак сакал (уруучулук коомдун башчысы). Караңыз: *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк, 1957, 824-б.

[2] *Н.Я.Бичуринде:* «На кит. *Вань-ки*, что зн[ачит] 10 000 конницы» деген түшүндүрмө берилген. Караңыз: Аталган эмгектин 49-бети, I, Алматы, 1998.

[3] *Н.Я.Бичуринде* мындай деп айтылат: *Хуянь* жана *Сюйбу* дайыма Шанүй менен туугандык мамиледе («брачное родство») болгон. Сюйбу мамлекеттик сот кызматын аркалаган. Андан ары: «П.И. Обычай брать для Хана девиц постоянно из одних домов сохраняем был и в Чингис-хановом доме. П.И.» – деп айтылат. Караңыз: *Собр.св.* – Алматы, 1998, I, 49-б.

[4] *Н. А. Аристовдо* «темник» деп берилген, ошол боюнча алдык.

[5] *Н. А. Аристов.* Аталган эмгекте, 25-б.

жасоол, сол ага даңка, оң ага даңка, сол кутбек, оң кутбек дарадаларын[1] тургузган. Гундар «Билге» (даанышман) ны «Дукей» деген. Ошого көбүнөсе мураскор кантегин сол кол дукей кан болуп дайындалган. Оң-сол билге кандардан тартып даңкаларга чейин ирилери бир түмөн (он сан), кичирээктери бир канча миң сарбаз кармаган 24 атаман дайындалып, жалпысынан «түмөн башы» делген. Улуктардын мансап мартабасы атадан балага мурас болуп жалгашкан» (*китептеги маалыматтар эч өзгөртүүсүз берилди – Г. Ж.*) (7), – деп берилген.

«Ханзуда» сол кол кандар жана сардарлар чыгыш жактан, оң канат кандар жана сардардар батыш жактан орун алган болуп, Шаңжүн аймагына туташып, чыгыш ныптасы Ватгак, Чавшендер менен чектешкен. Оң канат кандар жана сардарлар батыш жактан орун алган болуп, Шаңжүң аймагынын батышы менен туташып, нүкүс, тиек, кыяндар менен ирегелеш олтурган. Теңиркуттун ордосу Дайжүн, Йүнжуң аймактарынын орто тушунда болгон деп айтылат. Ар бир тайпа өзүнүн менчик жеринде чүйгүн от, тунук суу кубалап көчүп жүрүшкөн. Кандар ичинде оң-сол билге кандар менен оң-сол кол кандардын ээлиги эң чоң болгон. Оң-сол кут бектер теңиркуттун күндөлүк бийлик жүргүзүшүнө көмөктөшкөн. 24 атаман өзүнө караштуу журттардын миң башы, жүз башы, он башы, кичи кан, бөлүн (вазир), төрө, жасоол, даңка, сака сыяктуу мансаптагыларды өздөрү коюшкан (*китепте кандай болсо, дал ошондой берилди – Г.Ж.*) (7-б.).

Хунндардын каада-салты Н.Я.Бичуринде мындайча баяндалат: «В первой луне нового года старейшины не в большом числе съезжаются в храм при Шаньюевой орде. В пятой луне все собираются в Лун-чен, где приносят жертву своим предкам, небу, земле и духам. Осенью, как лошади разжиреют, все съезжаются обходить лес, причем производят поверку людей и скота. ...Дни уважаются первые в месяце под названиями *Сюй* и *Сы*, в первый раз в месяце встретившиеся под сими буквами» (Собр. св., I, 1998, 50).

---

[1] Китепте кандай болсо, дал ошондой берилди, бирок «даражалары» болуу керек. 6-б.

Ал эми ушул маалымат Н.А.Аристовдо: күзүндө «когда лошади были при телах», съезд[1] чакан токойдун (роща) жанында өтчү, чакан токойдун айланасына тегерек жасап («делая круги вокруг рощи»), талаа жана түшүм кудайларына курмандык чалышчу, андан соң адамдарды жана айбандарды карап чыгышчу жана алык-салык жыйноочу дептерине алардын санын түшүрүшчү деп берилген[2].

«Ханзуда»: «Жаңы жылдын нооруз айында (жаңы жылдын башы) хунндун журт башчылары теңиркут ордосунда чакан жыйын куруп, түлөө өткөрүшкөн. 5-айда Улуу балык (Лоңчың) шаарында чоң мааараке өткөрүп, ата-бабалардын урматына, көк жана жер-суугa, арбактарга сыйынган. Жылкы жал алган күздө түлөө токоюна келип, (дейлин чуктерек) мал-жандын саны алынган» (7).

Хунндардын мыйзамдары катаал болгон. Мисалы: «Извлекшему острое оружие и фут[3] – смерть, за похищение конфискуется семейство, за легкие преступления надрезывается лицо, а за важные – смерть». Сот иштери он күндөн ашкан эмес. Мамлекеттеги камалган кишилер бир нече ондоп саналган. Шанүй эртең менен чыгып келе жаткан күнгө, кечкурун – айга ийилип таазим кылган. Ал жүзүн түндүккө буруп, сол жакта[4] отурган (Собр.св., I, 1998, 50).

«Ханзуда»: «Алардын эрежесинде: бирөөнө шамшар шилтеп, закымдаган жери эки карыштай болсо, ага өлүм жазасы берилген. Уурулук кылгандардын мал-мүлкү барымтага алынган. Жеңилирээк кылмыш өткөргөндөрдүн кызыл ашыгы чагылган, кылмышы оорлору өлүмгө буйрулган. Абактыга жатуу он күндөн ашпаган. Бүт элде абактыга түшкөндөр бир канча адамга жетпеген. Теңиркут таңкы маалда ар күнү ордосунан

---

[1] *Н. А. Аристовдо* съезд деп берилген, 26-б.

[2] *Н. А. Аристов.* Аталган эмгекте, 25-б.; *Иакинф.* I, 16-б.

[3] Иакинфте «футом называется военное железное орудие, имевшие вид палки, длиною около $1^1/_2$ фута и короче». Маалымат *Н.А.Аристовдун* эмгегинен алынды. Караңыз: Аталган эмгектин 26-бети.

[4] Иакинфте сол жак улуу («считается старшею») деп эсептелген (о.Иакинф).

чыгып, көтөрүлүп келе жаткан күнгө, түндөсү айга тооп кылган. Отурганда улуулар төрдө солдон баштап түндүктү бетке алып отурушкан. Алар мезгилдин 5-, 6-күндөрүн кайырлуу күн эсептешкен» (8), – деп жазылган.

Өлгөн адамды[1] табытта көмүшөт, ички жана тышкы табыт колдонулат, «облачение из золотой и серебрянной парчи и меховое; но обсаженных деревьями кладбищ и траурного одеяния не имеют. Из приближенных вельмож и наложниц соумирающих бывает от ста до нескольких сот человек» (Собр.св., I, 1998, 50).

«Ханзуда»: «Өлгөн адамды кош кабат табытка салып жерлешкен, мүрзөгө алтын, күмүш кийим-кечеги кошо көмүлгөн, мүрдө башына белги дарак бекитилбеген, аза кийимин кийишпеген»(8), – деп айтылат. Ошондой эле «Теңиркут (*шанүй деген мааниде – Г. Ж.*) ааламдан өткөндө анын жакын жоролору жана токолу болуп, ондогон, кээде 100 чакты адам бирге жерленген» (8).

Хунндар иштерди айдын жана жылдыздардын жайгашуусуна карай жасашкан. Ай толгон учурда согушка аттанышкан, ай кемигенде («при ущербе луны») артка чегинишкен. Согушта ким душмандын башын кыя чапса, ага бир кубок[2] вино жана алынган олжонун баары берилген, ошондуктан согушта ар ким өз керт башынын пайдасын көздөгөн. Колго түшкөн эркектер жана аялдар кул болушкан. Жоону көргөндө кучактап кармап калуу үчүн чебердик менен азгырып, келтирип алууга аракет кылышкан: «почему, завидев неприятеля, устремляются за корыстью подобно стае птиц; а когда бывают разбиты, то подобно черепице рассыпаются, подобно облакам рассеиваются». Ким согушта өлтүрүлгөн кишини алып келсе, ал анын бардык мүлкүн алган (Собр. св., I, 1998, 51; Н. А. Аристов. Аталган эмгекте, 26-б.).

Ушул эле маалыматтар «Ханзуда»: хунндар жортуулга чыгаарда жылдызына бал ачкан. Ай толгондо чабуул коюп, ай кемтик кезинде чегинген. Урушта жоонун башын кесип келсе,

---

[1] Бул жерде Хандарды көмүү жөрөлгөсү айтылат. Караңыз: *Собр.св.*, I, 1998, 50-б.

[2] **КУБОК** *м.* кубок (стакан) формасындагы металл идиш. *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк. 1957, 314-б.

бир чөйчөк шарап менен сыйланган. Ар кимдин жоодон түшүргөн олжосу өзүнө калган, колго түшкөн жоо кул болгон. Ошого бардык адам өз пайдалары үчүн чамынган, алар жоого бекинип туруп чабуул койгонго маш болгон. Жоону көргөндө пайдага умтулуп ылачындай тийишкен, жеңилмей болгондо таандай тараган. Чабышта каза болгон жоросунун сөөгүн алып келгендерге анын мал-мүлкү берилген (8).

Н.Я.Бичуринде **кийин** («впоследствии») алар Хуньюй, Кюеше, Динлин, Гэгунь жана Цайли жерлерин багындырышкандыгы, ошондуктан аксакалдар жана төрөлөр (вельможи) шанүй Модэге баш ийип, аны даанышман (мудрый)[1] деп аташкандыгы айтылат. Андан ары Хан үйүнүн башка иштери баяндалат: «В сие время, 201, Дом Хань только что утвердил спокойствие в Срединном государстве, и перевел князя Хань Синь в Дай с пребыванием Ма-и» (Собр.св., I, 1998, 50).

Жогоруда көрүнүп тургандай, шанүй Модэнин **кийин** (*белгилеген – Г.Ж.*) Хуньюй, Кюеше, Динлин, Гэгунь жана Цайли жерлерин багындырып, аксакалдар жана төрөлөр шанүй Модэге баш ийип, Модэнин атак-даңкка ээ болуп турган мезгили баяндалгандан кийин, «в сие время, 201 ....» деп андан аркы Хань үйүндөгү окуялар баяндала баштайт. Демек, мындан жогорку баяндарда хунндардын баяны тарыхка кирген 201-жылдан мурунку мезгил камтылган деп жыйынтык чыгарууга болот. Бул тууралуу А.Н.Бернштам да кеп кылган (булар тууралуу өз учурунда сөз кылабыз).

«Ханзуда» дагы: «Кийин (*белгилеген – Г. Ж.*) Бактуг түндүктө гунро, кутча деңлең, кыргыз, сенле элдерин багындырган. Ошону менен гун ак сөөктөрү (*китепте гун деп берилген – Г. Ж.*) жана улуктары Бактуг теңиркутка эрекче баш ийип, аны билги деп эсептешкен» (8), – деген маалымат бар. Мында да хунндардын жогоруда аталган элдерди **кийин** багындырганы баяндалат.

Н.А.Аристовдо хунндар малдын этин жеп, сүтүн ичишкендиги, териден кийим кийишкендиги, берекесиз, жарыбаган убакта атчан жаа атууга машыгышып, ал эми бейпил,

---

[1] *Н.Я.Бичуринде:* «Кит. Хянь. *Мудрый* заключает в себе значение слов: способнейший, образованнейший и добродетельнейший». Караңыз: Собр. св., I, 1998, 51-б.

берекелүү учурда эч нерсени ойлобостон көңүл ачышкандыгы маалымдалат.

Падыша чиндер[1] менен жөнөкөй мамиледе болгон, «он управляет целым государством, как одним человеком. По смерти отца и братьев берут за себя жен их, из опасности, чтобы не пресекся род» (Н.А.Аристов, 26). Н.А.Аристов бул маалыматты берүүдө Н.Я.Бичуринге таянгандыгы көрүнүп турат.

Ө.Осмонов кыргыздар хунндардан саясий тажрыйбаны (кыргыздар орто кылымда байыркы салт боюнча үч группага – оң жана сол канат, ичкилик тобуна бөлүнүшкөн), ошондой эле согуштук башкарууну үйрөнүшкөн дейт. Окумуштуу: «Оказавшись на политической орбите хунн, кыргызы выступили на их стороне в военных действиях против Китайской империи», – дейт (Аталган китепте, 88).

Жогорудагы жазма булактардагы хунндар жөнүндөгү маалыматтар бири-бирине толуктоо жана тактоо киргизип тургандыктан, мүмкүн болушунча толугураак берилди. Мына ушундай согушчан мүнөздүү хунндар менен гяньгундар (байыркы кыргыздар) бир мезгилде чогуу жашоо турмушун баштан кечиришкен жана бири-бири менен саясий, маданий жактан карым-катышта болушкан. Эр жүрөк, тайманбас, баатыр мүнөз байыркы кыргыздар хунндардын кошундарынын курамында согуштук жортуулдарга катышып, алдыңкы катарда жүрүшкөн.

Ошентип, кыргыздар Хунн империясынын карамагында болуу менен алардын бардык согуштук жашоосунда чогуу болушкан. Кыргыздар хунндардын согуштагы жеңиштерине салым кошушкан, жеңилүүлөрүнө күбө болушкан. Демек, хунндар жөнүндөгү баяндалган маалыматтарды кыргыздарга да тиешелүү маалыматтар деп, хунндар катышкан окуяларга кыргыздар да катышкан деп айтууга негиз бар. Ал эми хунндардын салт-санаалары байыркы кыргыздарга таасир эткенби, канчалык деңгээлде таасир эткен, аларды кыргыздар тууралуу сөз кылганда байкоого болот.

---

1 **ЧИН** *м. уст.* 1. (мамлекеттик, согуштук жана граждандык кызматчылардын кызматтык даражасы). *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк, 1957, 949-б.

# ГУННДАР I–V КЫЛЫМДАРДА

## Батыш Гунн союзу

Хунндардын кийинки тарыхы кандай болгон? Эмки сөз ушул тууралуу болмокчу.

К.Менгестин маалыматында IV кылымдын жарымынан кийин Батыштын жазма эстеликтеринде хунндар «гунндар» деген ат менен кайрадан маалым болот (К.Менгес, 65).

**Батыш хунндардын Батышка бет алышы.** Тарыхый маалыматтарда кытайлыктардын кысымы аркасында батыш хунндар (сюннулар) Батышка бет алышкан. Хунн-көчмөндөр Батышта малга ылайыктуу жайыттарды издөөгө аргасыз болушкан. Б.з.ч. 370-жылы алар Волга талааларында (равнина) пайда болушкан. 375-жылы хунндар Түндүк Кара деңиздин алдында (Причерноморьеде) остготтордун союзун талкалашкан. Тарыхта 375 деген дата хунндардын официалдуу «дебюту» катары жазылып калган (От античности... 162).

IV кылымдын аягында хунндар Истрден (Дунай) өтүшкөн. Эми Рим империясына алар гунндар деген ат менен белгилүү болушкан (От античности... 93).

Ошентип, алар гунндар деген ат менен кайрадан белгилүү болуп, Европа элдеринин үшүн алышкан. Биз да алардын Европадагы тарыхын гунндар деген ат менен маалымдайбыз.

Тарыхый маалыматтарда гунндардын Европада пайда болушу тууралуу ар кандай маалыматтар орун алган. Төмөндө сөз мына ушулар тууралуу болмокчу.

**Гунндар – маалымат булактарында.** Байыркы «гунн» деген аттын эскерилиши Чыгыш Европанын аймактарында абдан сейрек жана талаштуу маселе экендиги маалым.

Гунндар тууралуу Птолемейдин эскерүүлөрү маанилүү. Гунндар жөнүндөгү эң биринчи жазуу түрүндөгү маалымат Птолемейдин Географиясында (172-ж.) кездешет, автор аларды хунндар деп атайт (От античности... 162). Птолемей гунндардын 175–182-жылдары Борисфен жээктеринде жашагандыгын эскерген.

«Гунн» деген этнонимдин Чыгыш Европада пайда болушу жаңы доордун биринчи кылымдарында гунндардын Чыгыш

Европага жасаган биринчи кыймылы менен байланыштырылат (А.Н.Бернштам, Избр. т., I, 1998, 413).

Тарыхый булактарда Борбордук Азиядан чыгышкан бул уруулардын 160–170-жылдары Волга менен Танаистин ортосунан (Дон) көрүнүшкөндүгү айтылат[1].

А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча Россиянын түштүгү үчүн «гунн» деген уруулук аталыш биринчи жолу Дионис Периегеттин эмгегинде эскертилген, бул б.з. 160-жылдарына тиешелүү. Ошондон баштап гунн деген ат IV–V кк. чейин да, андан кийинки авторлордо да кездешкен. Жогоруда айтылгандай, Кл. Птолемейдин эмгегинде гunndар 175–182-жж., ал эми Шафариктин эмгегинде III–IV кк. эскерилет. Армян тарыхчылары Дербент тосмосу (Дербентская стена) Кытай тосмосу сыяктуу көчмөндөрдөн коргонуу үчүн салынгандыгын белгилешкен (А.Н.Бернштам, 413).

Дээрлик кийинки эки кылым бою алар жөнүндө олуттуу маалыматтар деле болгон эмес.

Гунндар жөнүндөгү реалдуу маалыматтар IV–V кк. антик авторлордо орун алган. Мисалы, IV к. автору Филосторгий: «Унны, вероятно, тот народ, который древние называли неврами, они жили у Рипэйских гор, из которых катит свои воды Танаид, изливающийся в Мэотийское озеро»,[2] – деген.

Скифтердин замандаштары жана коңшулары катары гунндарды Дионисий да эскерген: «Первые – скифы, которые населяют побережье возле Кронийского моря по устью Каспийского моря; потом – унны[3], а за ними каспийцы»[4].

V кылымдын аягында жазылган «Жаңы тарыхта» европалык гунндардын пайда болушу жөнүндө Зосим мындай де-

---

[1] От античности до средних веков. – М.: Арт-Родник, 2002, 162-б.

[2] *А. Н. Бернштам.* Аталган эмгекте, 413-б.; Бул маалыматтарды берүүдө автор төмөнкү эмгектерге таянат: СК, вып. 2, СПб, 1900, стр.741.

[3] Гунндарды адегенде унндар деп аташкан.

[4] *А. Н. Бернштам* бул маалыматтарды берүүдө төмөнкү эмгектерге таянат (414): СК, I, 1, стр. 186. Гунндар жана алардын Рим империясы менен байланышын төмөнкү эмгектен караңыз: *Эдуард Гиббон.* История упадка и разрушение Римской империи. – М., Русск. пер., 1885, III–IV (о гуннах), V (об аварах).

ген маалымат берген: «Алар унндар деп аталышкан. Иродоттун сөзү менен айтканда алар Истрдин жээгинде жашашкан, же Европага Азиядан көчүп келишкен». Зосим гунндар жөнүндө дагы мындай маалымат келтирет: «Я нашел и такое известие, что киммерийский Боспор, занесенный илом из Танаида, дал им возможность перейти сухим путем из Азии в Европу»[1].

V кылымдын автору Приск Панийский өзүнүн гунндарга болгон сапарын баяндап жатып, баяндамасынын башында аларды «падышалык скифтер» («царские скифы»)[2] деп атаган.

Бул маалыматтарда европалык гунндардын жашаган жери, каяктан келишкендиги тууралуу ар кандай ой-пикирлер орун алган. Алардын арасында гунндардын Азиядан келишкендиги тууралуу маалыматтар бизди абдан кызыктырат.

А.Н.Бернштам гунндар жөнүндөгү маалыматтар латын адабиятында IV кылымдын акыркы чейрегинде кездешерин, алар Авзонийде «каардуу гунндар» катары сүрөттөлсө, Аврелий Виктордо (IV к. экинчи жарымы) аландар менен бирге (Франкияда жана Дакияда) берилгендигин баяндайт. Аммиан Марцелин (IV к. аягы) байыркы эстеликтер гунн уруусун аз билгендигин, алар Мэотий сазынын ары жагында Муз океанынын (Ледовитый океан) түбүндө жашашкандыгын жана жапайычылыктын чегинен ашып кетишкендигин маалымдайт (Аталган эмгекте, 414; СК, II, вып. 2, 315, 318, 337-бб.).

Жогорку маалыматтарда гунндардын каардуу, жапайы эл экендиги жана кайсы жерде жашашкандыктары маалымданат, ал эми алардын азиялык гунндар менен байланышы тууралуу маалымат жок.

Гунндар тууралуу эскерүүлөр Амвросий (IV к.), Пруденций (IV–V кылымдын башы), Евсевий жана Иеронимде (IV–V кк.) бар. Клавдий Клавдиан (IV–V кк.): «Этот народ (гун-

---

[1] *А. Н. Бернштам.* Аталган эмгекте, 414-б.; Бул маалыматтарды берүүдө автор төмөнкү эмгекке таянат: СК, I, вып. 3, СПб, стр. 800–801.

[2] *А. Н. Бернштам.* Аталган эмгекте, 414-б.; СК, I, вып. 3, СПб, стр. 801; Караңыз: *Сказания Приска Панийского* в переводе Г. С. Дестуниса. Уч. зап. 2-го отд. Акад.наук, кн. 7, вып. 1, СПб., 1861, стр. 19, прим.5.

ны – А.Б.) живет в крайнем востоке Скифии за ледяным Танаисом», – деген. Ал эми Орозий (V к. биринчи жарымы) хunndардын, скифтердин жана гандарилердин (гандариды) ортосунда – Кавказ тоолору бар экендигин айткан (Аталган эмгекте, 414; СК, II, вып. 2, 350, 367, 368).

Орозий гунндар готтор менен кагылышканга чейин, «на 13-м году царствования императора Валента, были «долгое время отрезаны неприступными горами», – деп жазат (Ошондо, 404).

Бул маалыматтар гунндар Азиядан массалык түрдө көчүп келгенге чейин эле, б.а., 371-жылга чейин эле жашап турушкандыгын көрсөтүп турат.

**371-жылга чейин эле Чыгыш Европадагы көчмөндөр союзунун түзүлүшү.** Чыгыш Европалык гунн уруулук союзунун келип чыгышы илимий адабияттарда тактала элек. А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча 371-жылга чейин Азиядан көчмөндөр массалык түрдө агылып келгенге чейин эле гунндар деген ат менен Чыгыш Европада көчмөндөрдүн союзу (кийин аварлар) түзүлө баштаган.

Гунндардын басып алууларына чейин эле Чыгыш Европада алан жана гот – эки ири уруулук союз болгон. Алар Чыгыш Европадагы көпчүлүк урууларды бириктирип турган, бирок алар Волга боюндагы (Поволжья) жана Урал алдындагы (Приуралья) мал чарбачылык менен алектенген урууларды курамына кошушкан эмес. Ал малчылар аңчылык кылган уруулардан айырмаланышкан. Бул Урал алдындагы жана Кама дарыясынын алдындагы («Прикамья») аймактардан табылган түштүктүн маданияты менен байланыштыруучу археологиялык табылгалардан улам белгилүү болгон[1]. А.Н.Бернштам: «Вероятно, из этой среды и составилась значительная часть «автохтонов» восточноевропейских гуннов, которые в совокупности с более южными племенами[2], с остатками того же разбитого аланского союза, а также вместе с азиатскими гуннами (в свою очередь смешавшимися с среднеазиатскими племенами и не представляющими чистых «монгольских» гуннов), составили западногуннский племенной союз» (420), – дейт.

---

[1] Материалы и исследования по археологии СССР. I. – М.–Л., 1940.

[2] Окумуштуу гот жана алан союзу Чыгыш Европанын бардык калкын камтыган эмес дейт.

Ушундай маалыматтардын негизинде эки версия жаралат: анын бири – гунндардын жергиликтүү уруулардан келип чыгышы («местное происхождение»), булар эң байыркы мезгилде, т.а., анча көп эмес сандагы гунндар түштүк орус талааларына («просачивались в южнорусские степи») өтүп келишкен мезгилде жергиликтүү элдер менен ассимиляция болушкан, ошондуктан обочолонгон этностук бүтүндүк («обособленное этническое целое») катары эмес, жергиликтүү уруулар катары кабыл алынган. Экинчи версия – эң кийинки, б.а., IV кылымда чыгыш гунндарынын массалык түрдө кирип келиши менен байланыштырылган.

А.Н.Бернштам: «Связь с Востоком, с азиатскими гуннами, выражалась в том, что часть гуннов после распада гуннского племенного объединения на Востоке двинулась на Запад, отношения с которым через яньцай или аланья (аланов) поддерживались с сравнительно древних времен», – дейт (420).

Гунндар деген ат менен уруулар союзунун түзүлүшү тууралуу А.Н.Бернштам мындай дейт: «...можно предпологать, что образование союза кочевников, известного под именем гуннов, в дальнейшем аваров (для Азии гунно-эфталитов), объединение их на юге Восточной Европы было процессом автохтонным, в котором возникновение местного объединения кочевых племен сочеталось с нашествием кочевников гуннов с Востока, причем нашествие с Востока не положило начало гуннскому периоду на Западе, а лишь ускорило процесс образования племенных союзов Восточной Европы, и восточные гунны дали имя этому новому племенному объединению», – дейт (415).

Демек, Чыгыш Европанын түштүгүндө гунндар деген ат менен уруулук союздун түзүлүшү автохтондуу процесс болгон. Жергиликтүү уруулар менен Чыгыштан агылып келген гунндардын биримдиги Батыштагы гунн доорунун башталышы болгон деп айтууга болбойт, бул биримдик гунн уруулук союзунун түзүлүшүн тездеткен жана бул уруулук союз гунндардын атынан атала баштаган.

Ошентип, гунн уруулук союзу жергиликтүү уруулардан жана Чыгыштан келген уруулардан турган. Бирок, алардын

тарыхы Батышка азиялык көчмөндөрдүн келиши менен, болжол менен IV кылымдын аягынан башталат. Гунн көчмөндөрүнүн түзүлүүсү бара-бара ири көчмөн бirimдигине айланат.

**Батыштагы гунндар – көчмөндөр.** Батышта гунндардын пайда болуу этабында алардын көчмөн эл экендиги маалымданат. Алар тууралуу төмөндөгүдөй маалыматтар бар: алар кыйын жумуштан качпайт. Аңчылык менен тамак таап жешет, отту пайдаланышпайт, тамак даярдашпайт: «они питаются кореньями полевых трав и полусырым мясом всякого скота, которое кладут между своими бедрами и лошадиными спинами и скоро нагревают парением»[1].

Мындан алардын аңчылык менен кесиптенишкенин белгилөөгө болот. Бара-бара алар мал күтө башташкан. Дыйканчылык аларда болгон эмес, б.а. алар буурсунга колдорун тийгизген эмес, алар сөздүн толук маанисиндеги көчмөндөр болушкан.

Ошентип, гунндар аңчылык жана малчылык менен күн көрүшкөн. Алардын туруктуу жашаган жерлери, б.а. туруктуу жашоо образы болгон эмес. Алар бүт өмүрүн өткөргөн өздөрүнүн боз үйлөрү менен ар кайсы жерде көчүп-конуп жашашкан. Аялдары кийим токуп, бала төрөп, эр жеткенге чейин багышкан. Алардын эч кимиси өздөрүнүн ата-мекени кайда экендигин айта алмак эмес, анткени алардын бойго бүткөн жери бир жерде, төрөлгөн жери башка жерде, бала кези, ошондой эле өспүрүм кездери жана кийинки жашаган жактары ар башка жерлер болгон (417).

**Гунндар – атчандар.** Гунндардын жашоосунда ат абдан чоң мааниге ээ болгон. Ат гунндар үчүн байланыштын гана каражаты эмес, андан да чоң роль аткарган. Бул тууралуу: «они не могут даже твердо стоять на ногах, они живут и спят на лошадях»,[2] – деп айтылат.

[1] Бул маалыматты берүүдө А.Н.Бернштам Аммиан Марцелиндин (IV к.) маалыматына таянат. Аммиан Марцелин 353–378-жж. окуяларды, б.а. батыш гунндардын пайда болуу доорун баяндап жатып, алар тууралуу эң биринчи маалыматтарды берген. Бул маалыматтарды А.Н.Бернштам өзүнүн китебинде мисалга келтирет. Караңыз: *А.Н.Бернштамдын* аталган китебинин 416-бети.

[2] *А. Н. Бернштам* бул цитатаны Зосимден алган. Караңыз: СК. II, вып. 2, стр. 373.

Ал түгүл маалымат булактарында гунндардын жөө уруштарда начар согушушкандыгы, ал эми атчан кармаштарда каармандыкты көрсөтүшөрү белгиленет. Аммиан Марцелиндин баяндамасы боюнча гунндар «плохо действуют в пеших стычках; но зато как бы приросшие к своим выносливым, но безобразным на вид лошаденкам, и иногда сидя на них по-женски, они исполняют на них все обычные свои дела: на них каждый из этого племени ночует и днюет, покупает и продает, ест и пьет и, прогнувшись к узкой шее своей скотины, погружается в глубокий сон с разнообразными сновидениями». Ал түгүл абдан маанилүү иштерди да ат үстүндө талкуулашкан. А.Н.Бернштам: «все сообща советуются в том же обычном положении (т.е. сидя верхом)», – дейт (1998, 418).

Көрүнүп тургандай, гунндардын жашоосун атсыз элестетүү мүмкүн эмес эле. Алар ат үстүндө жашоо турмушун өткөрүшкөн, б.а., ат үстүндө согушушкан, ат үстүндө тамактанышкан, ат үстүндө укташкан, ат үстүндө кеңешме курушкан, ат үстүндө ойлонушкан ж.б. Атка абдан көнүп калгандыктан, алар жөө согуштарга көнүшкөн эмес, ошондуктан алар жөө согушка жеткирбей ат менен душмандарын талкалоого аракет кылышкан.

**Боз үй – гунндардын турак-жайы.** Ушул эле баяндамада гунндардын жашаган турак-жайларын табуу мүмкүн эмес экендиги айтылат, анткени алар туруктуу турак-жай курушкан эмес, «они никогда не прикрываются никакими строениями и питают к ним отвращение как к гробницам, отрешенным от обычного людского обихода». Алар тоолордо жана токойдо көчүп-конуп жүрүшкөн жана суукту, ачкачылыкты жана чаңкоону баштан өткөрүүгө кичинесинен эле көнүшкөн. «На чужбине они не входят в жилище за исключением разве крайней необходимости: у них даже не считается безопасным находиться под кровлей»[1].

Бул мисалдардан гунндардын көчүп-конуп жүрүшкөн накта көчмөндөр экендиктери көрүнүп турат. Алар көчүп-конуп жүрүүгө ыңгайлуу боз үйлөрдө жашашкан: «...кочуют по раз-

[1] *А. Н. Бернштам* бул маалыматтарды берүүдө төмөнкү эмгекке таянат: СК, II, вып. 2, стр. 373.

ным местам, как будто вечные беглецы, с кибитками[1], в которых они проводят жизнь» (417).

**Гунндардын кийимдери.** Гунндар боз кендирден жасалган (холщовые) же токой чычкандарынын терилеринен тигилген кийимдерди кийишкен. Баштарына кыйшык шапкаларды кийип, буттарын эчкинин терилери менен жабышкан. Эч бир калыпка салынбай жасалган бут кийимдер эркин кадам жасоодо ыңгайсыз болгон, ошондон улам да алар жөө согуштарда начар кыймылдашкан.

**Гунндар – каардуу согушчан жоокерлер.** Гунндар кичинесинен атка көнүшкөн атчандар, мыкты жаа аткычтар болушкан. Алар Чыгыш элдерине мүнөздүү үлгүдө (восточный лад) куралданышкан, мисалы: «вместо треугольного наконечника стрелы использовали острие с одним или двумя концами» (От античности... 163).

Аларды каардуу согушчан жоокерлер деп атоого болот, алыстан алар найзанын учундагы мизинин ордуна өзгөчө бир ыкмада жасалган учу сөөк ыргытма найзаны колдонушкан, ал эми жакындан салгылашууда кылычты пайдаланышкан, алар канжардан буйтоо менен душмандарына аркан ыргытып, аркан менен ороп-чырмоо аркылуу аттан түшүрүшкөн, же жөө кетип калуусуна бөгөт коюшкан.

Алар бир падышага баш ийишкен эмес, «они довольствуются случайным предводительством знатнейших и сокрушают все, что попадается на пути». Алардын кандай согушкандыктары А.Н.Бернштамда абдан даана сыпатталат: «Иногда, под угрозой нападения, они вступают в битвы клинообразным строем с свирепыми криками. Будучи чрезвычайно легки на подъем, они иногда неожиданно и нарочно рассыпаются в разные стороны и рыщут нестройными толпами, разнося смерть на широкое пространство; вследствие их необычайной быстроты не случается, чтобы они напали на укрепления или грабили неприятельский лагерь» (417).

Бул мисалдардан алардын согушка абдан машыккандыктары, душмандын шаштысын кетирип, үрөйүн учуруп, кор-

---

[1] **КИБИТКА** *ж.* 1. (*жилище*) боз үй. *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк. 1957, 279-б.

кунуч туудурушкандыгы, ошол эле учурда баш аламандыкка жол беришпегендиктери айкын көрүнүп турат.

Тарыхый эмгекте (От античности...) маалымдалгандай, гунндарга жыгач ээр токум, камчы жана аркан гана керек болгон. Ушундай жеңил куралданышкан көчмөндөр тамак ичүүгө да токтолбостон жүздөгөн чакырымдарды ат үстүндө эч козголбой өткөрүшкөн. Легенда боюнча гунндар «пили на скаку кровь собственных лошадей из небольшого надреза на шее, спали в седлах и благодаря всему этому двигались безостановочно» (163). Бул тууралуу жогоруда да айтылган эле.

Гунндар улам жаңы жерлерди ушунчалык тездик менен багындырышкан. Алар улам алдыга илгерилеген сайын өзүлөрүнө башка элдерди багындырышкан, аларды өз катарына кошушкан.

**Гунндардын мүнөзү.** Аммиан Марцелиндин баяндамасында гунндар убактылуу элдешүүдө (в перемирии) ишенимсиз жана туруксуз, «быстро увлекаются всяким дуновеньем новой надежды и во всем пологаются на свою необузданную храбрость», – дейт. «Подобно неразумным животным, они не имеют никакого понятия о чести и бесчестии; они уклончивы и темны в речах, когда не связаны с уважением к религии; они пылают неудержимой страстью к золоту и до такой степени непостоянны и вспыльчивы, что иногда в одинь и тот же день без всякого подстрекательства изменяют своим союзникам и снова примиряются без всякого посредничества»[1].

**Гунн коому. Гунндарда аңчылыктын жана мал чарбачылыгынын өнүгүшү. Гунн уруулук союзунун түзүлүшү.** Жогорудагы маалыматтар гунн коомунун алгачкы мезгилинде аларда уруулук биримдик болгондугунан кабар берет. Алар адегенде аңчылык менен кесиптенишкен, бара-бара мал күтө башташкан[2].

---

[1] *А. Н. Бернштам.* Аталган эмгекте, 417-б. Автор бул маалыматтарды берүүдө төмөнкү эмгектерге таянган: СК, II, 2, стр. 337–339; *Ю.А.Кулаковский.* Аммиан Марцелин. История. Пер. с латинского, Киев, 1908, вып. 3, стр. 236–239.

[2] *А. Н. Бернштам* бул тууралуу: «Гуннское общество первого периода представляло собой племенное объединение, экономической базой существования которого являлись охота и скотоводство» (Избр.тр., II. 1998, 417) – дейт.

Биринчи мезгилдеги гунн коомуна алгачкы общиналык коомдук түзүлүш мүнөздүү болгон: «в это время патриархальный род и патриархальная семья уже заступили место материнского рода», – дейт (418).

Бара-бара гунндардын жашоо-турмушунда мал чарбачылыгы басымдуулук кыла баштаган, ошондуктан аларда жерлерди кеңейтүүнүн зарылдыгы пайда болгон. Бул тууралуу А.Н.Бернштам: «Потребность в охотничьих угодьях и пастбищах была непосредственным экономическим стимулом их первичного движения», – дейт (417).

Ошентип, жаңы территорияларды ээлөө – гунндарда зарылдыктан улам келип чыккан. Малдын көбөйүшү менен аларга жайыт керек болгон. Мына ушул зарылдык аларды башка элдердин жерлерин басып алууга түрткөн. Бул тууралуу маалымат булактарында жазылып калган. Мына ушул маалыматтарда гунндарды жаңы территорияларды басып алууга түрткөн эки себеп көрсөтүлөт. Биринчиси: мал жайыттарын кеңейтүү; экинчиси – аңчылык кылуу үчүн жаңы территорияларды багынтуу.

Ошентип, гунндарда мал чарбачылыгынын жана аңчылыктын өнүгүшү – жаңы жерлерди басып алууну талап кылган. Мындай экономикалык кызыкчылык – уруулардын биригишине, бул болсо көчмөн уруулардан турган туруктуу уюмдун түзүлүшүнө алып келген. Аларда башчылар пайда болгон. Ошентип, гунн уруулук союзу түзүлгөн.

А.Н.Бернштам бул тууралуу: «Развитие объединения скотоводства обеспечивает создание большого кочевого союза», – дейт (418). Гунндардын эң биринчи башчысы Баламбер (же Валамир) болгон жана анын башчылыгы менен гунндар аландарды, кийин 370–371-жылдары готторду жеңишкен.

**Гунндар Атиллага чейин. Гунндардын аландарды жеңиши.** Гунндардын союзунун бекемделиши жана өнүгүшү менен алардын тарыхынын экинчи доору башталат. Гунндардын аландарды жеңип алуусу (370-жылдарда) – алардын зоболосунун көтөрүлүшү менен коштолот. Бул алардын башчысы Валамирдин аты менен байланыштуу (419).

Тарыхый булактарда, маселен, Аммиан Марцеллиндин баяндоосунда, аландар көчмөндөр катары сүрөттөлөт. Көп жагынан алар гунндарга окшош болушкан. Дегиндин божомолдоосу боюнча аландар Чжи-Чжинин жетекчилиги[1] менен Европага кирип келишкен түндүк гунндар тарабынан талкаланган; Дегинь биздин замандын башталышында Яика жээгинен келишкен гунндар «яньцай» деп аталган батыштагы коңшуларды жеңип алышкан, алар мурун эле Птолемей тарабынан эскерилген болчу жана аландар катары таанымал эле дейт[2].

Ошентип, аландар негизинен гунндарга окшош болушкан, бирок алар мүнөзү жана жашоо образы жагынан гунндардан өзгөчөлөнүшкөн: «с более мягким и культурным образом жизни» (Ошондо, 341). Аландардын гунндардан билимдүүлүгү, жашоо образы жана сырткы кебетелери жагынан өзгөчөлөнүшкөндүгү башка адабияттарда да бар[3]. Айрым авторлор алардын гунндардан антропологиялык жактан да айырмачылыгын белгилешкен.

Аландар тууралуу дагы мындай маалыматтар бар: «Они (аланы) не имели никакого понятия о рабстве, будучи все одинаково благородного происхождения» (419; СК, II, вып. 2, стр. 342).

Аландар согушта да гунндардан кем калышкан эмес. Бирок аландар дыйканчылыкты билишкен.

Гунндардын аландарды жеңиши – гунндардын, б.а., жергиликтүү уруулар менен азиялык көчмөндөрдүн биримдиги менен урулган соккунун жыйынтыгы (419). Гунндар ушул эле мезгилде (балким, аландар менен союздаш болуп) Боспор падышачылыгын да талкалашкан[4].

---

[1] Башка маалыматтарда Чжи-Чжи колго түшүп каза болгон эле.

[2] Караңыз: *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгекте, 419; Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгекке таянат: Deguines. Histoire Generaie des Huns, I, ч. 2, 1756, стр. 278–279.

[3] Аталган эмгекте, 449-б.; *Иордан.* Цит. По М.Стасюлевич. История средних веков в ее писателях и исследованиях новейших ученых. СПб., 1885, ч. I, стр. 239–240.

[4] *А. Н. Бернштам.* Аталган эмгекте, 419-б.; *В. Ф. Гайдукевич.* Боспорное царство. – Л., 1949, 478-б.

Ошентип, жергиликтүү уруулар менен азиялык көчмөндөрдүн биримдигинен түзүлгөн гунн союзу бекемделген жана алардын Европадагы алгачкы жеңиштери башталган.

Аландар гунндарга окшоп көчмөн болушкан, алар жеңилген соң, жарымы гунн ордосуна кирип, калгандары түштүккө, Түндүк Кавказга жылышкан, алардын households издери сабирлерде, азыркы мезгилге чейин осетин урууларынын арасында, мүмкүн, дигорлордо «тохарларда» (*автордо в дигорах «тохарах»* – *Г.Ж.*) сакталган деген маалымат бар (А.Н.Бернштам, 423).

**Батыш гунн союзуна кимдер кирген?** Батыш гунн союзу курамына абдан көп урууларды камтыган. Маселен, А.Н.Бернштам: «в состав западного гуннского объединения входили древние птолемеевские «хуни» и «хоны» Кавказа. Имела место бесспорная связь между гуннским образованием и предшествующим скифо-сарматским», – дейт. Ошондой эле, «в образовании большого объединения гуннского типа несомненную роль сыграли вступившие в гуннский союз охотничьи и пастушеские племена Поволжья и даже Приуралья» (420).

Бул маалыматтар Батыш гунн союзунун территориясы кеңири аймакты ээлегендигин көрсөтүп турат.

**Гунндардын автохтондук жаратылышы.** А.Н.Бернштам гунн уруулук союзуна автохтондуу уруулар катышкандыгын белгилейт. Анын пикири боюнча Азиялык көчмөндөрдүн агымы канчалык өлчөмдө болбосун, «не оно определило возникновение гуннского образования на Западе» (422). Антропологдор жана лингвисттер да изилдөөлөрүндө гунндардын автохтондук жаратылышын далилдөөгө аракет кылышат. Алардын пикиринде «антропологический тип не является показателем для утверждения о миграции кочевников из Азии, так как, например, антропологические данные тюркской «расы» настолько разнородны, что говорить о каком-либо расовом единстве западных и восточных тюрок не приходиться»[1].

Маселен, гунндар менен аландардын ортосундагы айырмачылык – алардын ар башка этностук группаларга таандык-

[1] *Т.Трофимова.* Этногенез татар Поволжья в свете данных антропологии. – М., 1949; *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгекте, 422-б.

тыгында гана эмес, алардын ар башка социалдык-экономикалык түзүлүштө жашашкандыгында да болгон. Гунндар талаа райондорунан чыгышкан жана алар аңчылар жана малчылар болушкан. Ал эми аландар «были скотоводами пастушеского типа (т.е. знали земледелие)» (422).

Айрым окумуштуулар (Ам. Тьерри жана Ю.Клапрот) Чыгыш Европада гунндар урал жана угро-фин элдери менен аралашкан соң, финдик антропологиялык өзгөчөлүккө ээ болушкандыгын айтышат. Батыш гунн уруулук союзунда токой-талаа тилкесиндеги аңчылардын-малчылардын жаңы уруулук түзүлүштөрүнүн пайда болгондугун эсепке алуу керек. Бул Ю.Клапрот үчүн – угро-фин элдери. А.Н.Бернштам үчүн бул «совокупность этнически разнообразных племен, по социальному строю сравнительно сходных с аналогичными племенами Центральной Азии в эпоху сложения там гуннского племенного союза» (422).

Ошентип, гунн уруулук союзу жергиликтүү көчмөн уруулардан (азиялык уруулардын биринчи кыймылында келишкен гунндар да жергиликтүү уруулар менен аралашып, ассимиляцияланышып кетишкен) жана массалык түрдө агылып келген азиялык көчмөн гунн урууларынын биримдигинен турган күчтүү союзга айланган.

**Гунндардын готторду жеңиши.** Гунндар Чыгыш Европанын түштүк райондорун карай жылышкан, ал жерлер малга жайыт үчүн ыңгайлуу болгондугу гунндарды кызыктырган. Бул территориянын батыштагы чеги Днепр болгон. Мына ушул жерде 371-жылы гунндардын готтор[1] менен кагылышы болгон (А.Н.Бернштам, Аталган эмгекте, 424).

Тарыхый маалыматтарда 174-жылы Кавказга жакын жерде болушкандыгы жана аландарды багындырышкандыгы, алар

---

[1] Готтор III кылымдын ортосунда Дунай суусунун төмөнкү агымында римдиктер менен кагылышкан жана алар тарабынан Кара деңиздин жээктерине пираттык кол салуулар болгон. 269-жылы алар остготторго (башчысы – Эрманарих, булар Түндүк Кара Деңиздин алдындагы кеңири областтарды басып алышкан) жана вестготторго (алардын көпчүлүгү Балканга көчүп барышкан) бөлүнгөн. Караңыз: Китепте: *История человечества.* – М.: АСТ, Астрель, 2002,146-б.

менен биримдикте Түндүк Кара деңиздин алдында (Причерноморье) гот падышалыгын (королевство) талкалашкандыгы айтылат. Бул дата алардын официалдуу дебюту катары тарыхта калган. Аммиан Марцелин бул тууралуу мындай эпитеттерди колдонгон: «нежданная атака», «внезапный шквал» обрушившихся на Империю «потоков гуннов, племен, лишь упоминающихся старинных текстах» (От античности... 162).

Айрым маалыматтарда бул дата 375-жылы деп да берилген. Мисалы, «История человечества» деген эмгекте[1] готтор 375-жылы Борбордук Азиянын талааларынан батышка карай жылып келаткан көчмөн-гунндар тарабынан сокку алышкандыгы маалымданат. Андагы маалымат боюнча гунндар коңшулары Кытай империясынын кысымы астында батыштан малга жайыт жер («плодородные пастбища») издөөгө аргасыз болушкан.

Адегенде гунндар остготтор менен кагылышкан.

Готтор көпчүлүк маалымат булактарында скифтер деп аталып, Германарихтин мезгилинде көп урууларга бийлик жүргүзүп турушкан. Алар Борисфенде, т.а., Днепрде жашаган урууларга да үстөмдүк кылышкан. Германарихтин учурунда «были обществом, стоявшим на ступени формирования классовых отношений варварского «полугосударства» (К.Маркс). Аларда уруулук коом ыдырап, кул күчү кеңири колдонула баштаган. Кулдардын күчү негизинен дыйканчылыкта пайдаланылган (А.Н.Бернштам, 423).

Гунндардын остготтор менен кагылышы гунндардын жеңиши менен аяктаган. Айрым авторлор (мисалы, Иордан) гунндардын готторду жеңиши Германарихтин өлүмү менен байланыштуу деп эсептешет. Ал эми А.Н.Бернштам алардын жеңилишин абдан ачык эле көрүнүп калган уруулук түзүлүшүнүн бузулушунан жана алардын күчүнүн гунндардыкына тең келе албагандыгынан көрөт.

Андан соң гунндар вестготтор менен Днестрдин (Истра) жээктеринде кагылышкан. Бул жерден вестготторго кыйратуучу сокку урулган. Алар талкаланып, экиге бөлүнгөн. Атана-

[1] История человечества. – М., АСТ, Астрель, 2002,146-б.

рих башында турган бир бөлүгү Карпатка сүрүлгөн. Фритигерн башында турган экинчи бөлүгү Римден калканч издешкен.

Ошентип, гунндар остготторду жеңип, ал эми аларга баш ийбеген вестготторду батышка сүрүшкөн. Ошол мезгилде гунндардын күчөп турган кези эле. Тарыхый булактарда алардын Фракияга кирип барышкандыгы тууралуу да айтылат. Маселен, А.Н.Бернштам Филосторгийдин мындай маалыматын мисалга келтирет: «...перейдя через замерзшую реку (Истр – *А.Б.*), одни из гуннов вторглись своими полчищами в Римскую землю и, пройдя по всей Фракии, разграбили всю Европу»[1]. Гунндар далай мамлекеттердин үшүн алып, атагы алыска кеткен.

**Гунндар – Европадагы биринчи монголоид тибиндеги көчмөн түрк элдери.** Албетте, азыркы учурда гунндар түрк элдери катары белгилүү жана алар тууралуу маалыматтар арбын. Бирок ал кезде, т.а., IV–V кылымдарда гунндар европалыктарды өздөрүнүн адаттан тыш кебетелери менен таң калтырышкан.

Гунндар Европага кирип келген эң биринчи монголоид тибиндеги көчмөн эл болгон. Гунндардын европалыктарга окшобогон ритуалдуу шрамдар менен капталган монголоид тибиндеги чоң («крупный») беттери алардын үрөйүн учурган, «гладко выбритые, они ничем не походили на косматых, уже привычных германцев». Европалыктар үчүн баарынан коркунучтуусу гунндардын салты болгон: алар чабуул жасоого тоскоол болгон карыяларды жана оорулууларды өлтүрүшкөн, ал эми өлгөн адамдардын денелерин жерге көмбөстөн, өрттөшкөн (От античности... 163).

**Гунн ордосунун таркашы.** Уальд жетектеген гунндар готтор менен салгылашууда ийгиликтерге жетишкен.

Бирок Уальддын тушунда гунн ордосу тарап жок болгон. Гунндар аябагандай зор территорияны жана көп сандаган урууларды басып алышкан. Биринин артынан бири келген жеңиштер менен катар эле ээленген жерлерди тескөө жана багынган урууларды башкаруу, тартипке келтирүү оңой эмес болчу.

---

[1] Караңыз: *А.Н.Бернштам.* Аталган китепте, 424; СК, I, вып. 3, стр. 742.

Бул тууралуу А.Н.Бернштам: «Все это, вместе взятое, препятствовало закреплению достигнутых успехов» (425), – дейт. Ал гунндардын аябагандай зор жеңиштери тапты түзүүчү (классообразующий) процесстердин күчөшүнө алып келгендигин белгилейт.

Мындай учурдан Чыгыш Рим империясы пайдаланган. Рим империясынын чегиндеги гунндар Феодосийдин башчылыгы менен талкаланган. Гунндардын башчысы Уальд качып кеткен, аскерлердин негизги бөлүгү кулга айланган. Айрымдары арзан баага сатылган, башкалары кул катары таркатылган же вассалдык абалда калган (425).

Бирок гунндардагы мындай абал убактылуу гана көрүнүш болгон. Гунндарга негизинен Чыгыш Рим империясынын айылкыштактарындагы жашоочулары союздаш болгон. Анткени Рим империясынын аймагында да эркиндикти эңсеген элдер көп эле.

**Ругила. Гунндардын кайрадан биригиши.** Гунн ордосунун үчүнчү этабы батыш гунндардын тарыхындагы маанилүү этап. Бул гунндардын башчысы Руя (Руа) же Ругиланын аты менен байланыштуу.

Ругила таркап жок болуп кеткен гунн биримдигин кайра түзүүгө аракеттенген. Руя (Руа) «Истрде жайланышкан жана римдиктер менен союзга кирген амилзур, итимар, тоносурларга жана да башка элдердин аскерлерине каршы согушууну чечкендигин» Приск Панийский маалымдайт[1]. Ал согушкан уруулар мурун Кара деңиздин түндүк жээктеринде жашашкан жана гунндардын тарыхынын биринчи этабында гунн ордосуна киришкен деп болжолдонот (426).

Ругила Рим империясы менен Уальддын тушунда үзүлүп калган байланышты улантууну көздөгөн. Ал өз учурунда Рим империясы менен элчилик аркылуу байланышып турган. Бул максатта ал Константинополго Исланы бир эмес эки ирет жибергендиги айтылат, ал кайтканда аны менен кошо Сангилах да келген. Мына ушундай карым-катнашууларга карабастан гунндар менен Рим империясы бирдиктүү келишимге келе алышкан эмес.

---

[1] *Г.С.Дестунис.* Сказания Приска Панийского. Уч. Зап., II, Отд. Ак. Наук, кн. VII, вып. I, СПб., 1861, стр.18.

Рим империясы менен Ругиланын ортосундагы келишпестиктерден улам душман тарабына өтүп кеткендерди (перебежчики[1]) кайтаруу кечиктирилген жана кайтарылып берилген эмес.

Ошондой болсо да Ругила гунн урууларын бириктирүүгө жетишкен. Ал негизинен талаанын чыгыш жагындагы урууларды бириктирген.

Натыйжада, ал Дунайдан өтүп Паннонияны ээлеген. Ал күчтөнүп алгандан кийин душман тарапка өтүп кеткендерди кайтарып берүү талабын, ошондой эле чек арада эркин жана тең укуктуу соода кылууну, жылдык салыкты 700 фунт алтынга көбөйтүү талабын койгон[2].

Бирок ал максатына толук жеткен эмес. Эми анын ишин улантуучулар – анын бир тууганынын балдары Бледа жана Атилла болгон.

Алардын тагдыры кандай уланган?

Эгерде II этап – гunndардын көтөрүлүшү жаңы жерлерди басып алуу, готтордун үстүнөн бийлик жүргүзүү менен байланыштуу болсо, III этапта алардын көтөрүлүшү жана жеңиши «основаны на «синтезе» – союзе восставших рабов и колонов Римской империи с завоевателями» (А.Н.Бернштам, 426). Башкача айтканда, Рим империясындагы көтөрүлгөн кулдардын жана колондордун[3] басып алуучулар (гунндар) менен болгон биримдиги – алардын жеңишин камсыз кылган.

Бул жеңишти жетектеген ким болгон? Төмөндө сөз мына ушул жөнүндө.

## Атилла

**Бледа жана Атилла.** Ругила каза болгондон кийин, 433-жылы анын бийлигин Ругиланын бир тууганы Мундзуктун балдары Бледа жана Атилла мураскашкан.

[1] **Перебежчик** *м* 1. чек арадан качып өткөн киши; 2. душман тарапка качып өткөн аскер адам. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк. П–Р, 2012, 34-б.

[2] *Н. Толль.* Скифы и гунны. 73-б; *А.Н.Бернштам,* Аталган эмгекте, 426-б.

[3] **КОЛОН** *м* колон (1. Байыркы Римде: чоң жер ээлеринен арендага жер алган дыйкан). Русско-кыргызский словарь, К–О. –Б., төрт томдук, II том, 2012, 75-б.

V кылымдын башында гunndардын державасынын биримдүүлүгү Атилланын атасы Мундзук жана атасынын бир тууганы Ругила тарабынан түзүлгөн чыныгы мамлекеттик система тарабынан камсыз кылынган (От античности..., 163). Бул система көп жагынан Сасанилердин династиясынын моделине таянылган эле. Ал эми бул модель менен гунндар аларга (гунндарга) кошулуп, аралашып кетишкен перстерге тектеш алан уруулары аркылуу тааныш болушкан эле.

Алардын салттарында жана ритуалдарында чыгыштагы укугу чектелбеген кожоюнга жасалган ызат кылуунун белгилери бар эле. Мисалы, башкаруучунун бутунун түбүнө чекесин жерге тийгизип жыгылуу – сөзсүз аткарылуучу каада-салтка айланган. Ошондой эле башкаруучунун бешенесиндеги таажы толук бийликтин символун билдирген (От античности..., 163). Демек, бул каада-салттар чыгыш гунндары аркылуу келгендиги шексиз.

Гунн падышачылыгында бийлик мурас катары берилген. Гунндардын чиновниктерин штатын римдик Орест башкарган. Орест тарабынан киргизилген жаңы эрежелер эски уруулук структуранын бузулушуна алып келген.

Иордандын маалыматында Бледа жана Атилла бир туугандар эмес, бир туугандардын балдары (двоюродные) деп берилет. Иордан бийликтин эки ачалуулугу Бледанын өлүмүнө алып келгендигин, Бледанын өлүмү табигый эмес, боордошун өлтүрүүчүлүктүн (братоубийство) натыйжасы экендигин белгилейт[1].

Башка тарыхый маалыматтарда да Атилла 434-жылы бир тууганы Бледа менен бирге гунндарга башчылык кылгандыгы, бирок кийинчерээк 445-жылы Атилла бийликти жалгыз жүргүзүү үчүн Бледаны жок кылгандыгы айтылат[2].

Бледа жана Атилланын алгачкы 8 жылдык бийлиги тууралуу маалыматтар белгисиз. 445-жылдан баштап Атилла гунндардын жападан жалгыз жетекчиси болуп калат.

---

[1] Караңыз: *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгекте, 427; *Иордан.* Цит-по Стасюлевич. История средних веков в ее писателях и исследованиях новейших ученых. СПб., ч.I, 421-б.

[2] *От античности до средних веков.* Арт-Родник. – М., 2002, 162-б.

**Атилла.** Атилла туулган мезгилде (395-жыл) гунндардын бийлигинин таасири Понт Эвксинскийден Чыгыш Альпыга чейин жеткен.

Атилланын башчылыгы астында согушчан атчандардан турган ордолор болгон. Жогоруда белгиленгендей, Борбордук Азиядан чыгышкан бул уруулар 160–170-жылдары Волга менен Танаистин ортосунан (Дон) көрүнүшкөн эле (От античности... 162).

Атилла падыша катары өз мамлекетине борбор жасоону каалаган. Ал борбордо походдук[1] лагерден тышкары жыгачтан жасалган сарай жана ал түгүл таштан жасалган мончолор (термы)[2] болгон, анын материалы Рим империясынан алынып келинген. Атилланын ээлеген жерлеринин чек аралары көбүнчө алардын кезектеги басып алуучулук жортуулдарынын натыйжаларына байланыштуу болгон, бирок алардын бардыгы Паннонияда (азыркы Венгрия жана Румыния) жайгашкан стабилдүү борбордун айланасында топтолушкан.

**Гунндар – адегенде Римдин союздаштары, кийин – душмандары.** Гунндар римдиктерде жийиркенүү сезимин пайда кылганы менен, бир далайга чейин аларды коркунучтуу душман катары кабыл алышкан эмес. Чыгыш Рим империясынын императорлору алар менен достук мамилени сактоого аракет кылышкан, анткени негизги душман менен согушууда алардын жардамы тийип калар деген ойдо болушкан. Мындай душман алар үчүн Балкан районунда жайгашкан вестгот уруулары болгон.

Батыш Рим империясы германдыктардын улам-улам кайталанган басып кирүүлөрүнөн улам жапа чегип турушкан, бирок алар гунндар тарабынан коркунучту сезишкен эмес. Император Валентиниан III нүн полководеци, падыша сарайын-

---

[1] **ПОХОД** I *м.* 1. *воен.* поход (согуштук тапшырманы аткаруу үчүн аскердик же согуш кемелеринин жолго чыгышы); 2. *перен.* жүрүш (*уюмдашкан түрдө чыгуу, мис., прогулга каршы*); **крестовые походы** *ист.* крестовый походдор. Караңыз: *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк. – Ф., 1957, 620-б.

[2] **Термы** *мн.* 1. *ист.* термы (байыркы Римде коомдук мончо). Орусча-кыргызча сөздүк, С–Я. – Б., төрт томдук, IV том, 2012, 350-б.

дагы Рим гвардиясынын командири Аэций Империянын Галлиядагы бийлигин сактоого бардык мүмкүнчүлүктөрүн жумшап турган. Ал жаш кезинде гунндарга барымтага кармалган киши болгондуктан, алардын башчылары менен жакшы мамилени сактоого жетише алган. Ал вестготторго каршы (427), франктарга каршы (428), бургундарга каршы (430) күрөшүүдө гунндардан жардам сураган. Ал эми өзү гунндарга Паннонияда алардын авторитетинин бекемделишине жардам берем деп убада кылган (От античности... 164).

Ошентип, Атилланын алгачкы 15 жыл ичинде башкаруу мезгилинде ал жалаң гана Чыгыш Рим империясынын тынчын алган. Алардын байлыгы жана чек арасынын корголбогондугу аны кызыктырган.

Албетте, Атилла римдиктер менен дипломатиялык мамилелерди уланткан.

422-жылы Марг шаарынын епископу алардын «падышалык күмбөздөрүн» талап-тоногондугу гунндардын кыжырын кайнаткан. Гунндар Рим империясынан алар тарапка өтүп кеткендерди (перебежчики) кайтарып берүүсүн суранышкан. Бирок бул сураныч аткарылган эмес. Тарыхый булактарда гунндардын Истрден өтүп, Виминакияны талкалашкандыгына ушул түрткү болгон деп айтылат (А.Н.Бернштам, 427).

Бул мезгилде гунндар Рим империясындагы шаарлардын плебейлеринин көтөрүлүшүнө таяна алышкан (А.Н.Бернштам, 427). Натыйжада, гунндар тарабынан Марг шаары алынган.

Атилла римдиктерден алар тарабына өтүп кеткендерди кайрып берүүсүн экинчи ирет өтүнгөн. Бирок Феодосий (младший) бул өтүнүчтү аткаруудан баш тарткан. Натыйжада гунндар Иллирик жана Фракияны талкалашкан. Тез аранын ичинде конфликтти жөнгө салуу үчүн Империя тарабынан Одесса (азыркы Варна) шаарына Сенатор жана Феодул деген элчилер (посланниктер) жиберилген. Бирок бул дипломатиялык сүйлөшүүлөр гунндардын күтүүсүз басып кирүүлөрүн бир азга гана токтоткону болбосо, эч деле натыйжа берген эмес. Арадан көп өтпөй эле Херсонесте согуш болгон.

Андан соң римдиктер үчүн абдан оор шарттары бар тынчтык келишими түзүлгөн. Бул келишим боюнча римдиктер бир

жолу берилүүчү 6000 литр алтын (литров золота) жана жыл сайын 2100 литр алтын; ар бир качып кеткен римдик согуш туткуну (кул) үчүн 12 алтын монета берүүгө, же аны гунндарга кайра кайтарып берүүгө; андан тышкары Империя гунндарга алар тарапка өтүп кетишкендерди кайтарып берүүгө жана андан ары да кайтарып турууга милдеттүү болушкан (А.Н.Бернштам, Аталган эмгекте, 428).

Ошентип, гунндар римдиктерден согуш туткундарын – кол өнөрчүлөрдү, колондорду, кулдарды бошотууну талап кылышкан, римдиктер буга макул болушкан. Ал эми салыктарды төлөп туруу үчүн алар жергиликтүү калктан чогултуучу алыксалыкты көбөйтүшкөн.

**Атилланын күчү эмнеде эле?** Атилла, жогоруда белгилengendей, Римдеги согуш туткундарын бошотуп, өзүнүн тегерегине чогултууга, бириктирүүгө умтулган. Атилла качкындарды кайтарып берүүнү суранып, Римге элчилерди биринин артынан бирин жөнөтүп турган. Мындан анын гунн урууларын кайрадан бириктирүүгө жасаган өзгөчө аракети ачык эле көрүнүп турат. Бул тууралуу А.Н.Бернштам: «Вождь гуннов, однако, чувствовал, что для успеха его военных операций необходима консолидация сил, и прибегал к самым жестоким мерам для сохранения единства кочевого объединения», – дейт (429).

Анын согуш туткундарын бошотуу аракети Римдеги карапайым калктын Атилла менен союздаш болуусуна алып келген. Ушундан улам, бир жагынан Атилланын элдин боштондугу үчүн күрөшкөн каарман катары тарыхта калышы дагы объективдүү экендигин белгилөөгө болот.

Ошентип, Атилланын күчү – душмандарынын тылында союздаштарынын болгондугунда эле. Бул союздаштар – Римдин карапайым эли болгон. Алар Рим империясына көз каранды элдер, т.а., кулдар, мурунку «варварлар», дегеле бийликке көз каранды жана наараз болгон карапайым калк болгон. «В союзе с восставшими рабами и колонами, да и вообще со всей зависимой массой населения, он сумел создать новое объединение и успешно продвинулся на запад» (А.Н. Бернштам. Аталган эмгекте, 428).

Натыйжада, Атилла гунндар менен бирге Рим империясына наразы болгон жана ага көз каранды болгон кулдар, колондор жана дегеле империяга наразы болгон жалпы калкты бириктирүүгө жетишкен жана империяга каршы көтөрүлүүнү уюштурган. Алар Батышка карай жылышкан.

**Гунндардын жеңиштери...** 443-жылы гунндар Константинополго, 448-жылы Македонияга кирип келишкен, Фермопилге чейин жетишкен. Бардык ири шаарларды талап-тоношкон.

Мына ушул жылдары Атилла башкарган гунндар абдан күчтүү болуп турушкан эле. 449-жылы Атиллага Чыгыш Рим империясынын императору Феодосий II нин атынан жиберилген римдик элчиликтин курамында Приск Панийский да болгон. Алар Атилланын лагерине барышкан. Приск Панийский көргөндөрүн мындайча баяндаган: лагерде ар түрдүү элдердин өкүлдөрү болгон, алар гунн, гот жана латын тилдеринде сүйлөшкөн. Ага лагерден грек тилинде сүйлөгөн адам кайрылган. Ал Виникаумдук соодагер экен. Ал адам гунндарга колго түшкөнүн, кул болуп жүрүп, бирок кийин аскердеги жакшы кызматы үчүн бошонгондугун айтып берген. Ал өзүнүн гунндарда жашаган мезгилин: гунндар олжону тең бөлүшкөнүн, согуш бүткөндөн кийин татыктуу жашоо болгонун айтып мактанган. Гунндарда ар ким өзүнүн жасаган эмгегине жараша татыктуу бааланган. Ал эми римдиктерде андай эмес, тектүүлүгүнө жараша бөлүнгөн.

Бул маалыматтар боюнча Атилланын аскерлеринин курамын ар түркүн элдер түзгөн жана алар ар башка тилдерде сүйлөшкөн. Ошондуктан гунндарды конкреттүү түрдө тигил же бул элдерден турган деп айтуу мүмкүн эмес эле.

**Атилла Батышта.** Бара-бара Атилланын стратегиясы өзгөргөн. Алар Балкан райондорун талап-тоношкон жана Батышка карай жыла башташкан. Адегенде территорияларды ээлөө анын максатына кирген эмес. Ошол мезгилде 451-жылы Валентиниан III нүн бир тууганы Гонория агасынан өч алуу максатында (агасы анын көңүлдөшүн өлтүрүп койгон эле) гунндардын башчысына өзүнүн колун сунуш кылган. Мындай сунуштан пайдаланып, Атилла өзүнүн аскерлерин Батышка багыттаган. Бирок ал алдын ала Галлияда көтөрүлүшкөн багауд-

дардын башчысынын колдоосуна ээ болору тууралуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн жана готторго каршы вандалдар менен союз түзгөн.

451-жылы Атилла Маурице районунда Рейнден өтөт. Алар барган жерлерин талап-тоноп, басып алган жерлерине жакырлыкты алып келишкен. Атилла «Бич Божий», «Молот вселенной» деген ат менен атагы чыккан. Гунндар мыкаачылык менен Тревдин тегерегиндеги айылдарды талкалашкан жана Мецти өрттөп жиберишкен. Бул 451-жылдын 7-апрелинде болгон. Алар Парижге чейин келишкен (От античности... 164–165).

**Гунндардын талкаланышы.** Бирок 451-жылы гунндар талкаланган. Атилла Орлеанга бурулган, мүмкүн, ээлеген да болуу керек деп болжолдонот. Бирок, Батыш Рим империясынын Аэций командалык кылган аскерлери тарабынан (ал Италиядан шашылыш түрдө келген) гунндар шаардан сүрүп чыгарылган. Гунндар артка чегинишкен. Рим армиясы вестготтордун королу Теодориканын аскердик бөлүктөрү менен бирге алардын артынан түшүп кубалаганды токтотушкан эмес жана гунндарды Шампанинин жанында кууп жетишкен. Мына ушул жерде Труага жакын, Каталаун талааларында 20-июнда кан төгүлгөн кармаш болгон жана гунндар толугу менен кыйроого учураган. Бир нече жылда өтө күчтүү державаны түзгөн Атилла Галлияда бир азга гана кармалган (От античности... 162).

Ошентип, Атилланын армиясы Галлиянын Каталаун талаасында 451-жылы римдиктер жана германдыктар тарабынан талкаланган. Бул дата (451-жыл) тарыхта байыркы менен орто кылымдын ортосундагы чек болуп калган.

**Атилланын акыркы жортуулдары.** Каталаун талаасында жеңилгенден кийин Атилла Паннонияга кайрылып келген жана ал бул жеңилүүнү убактылуу гана жеңилүү деп эсептеген. Ал кайрадан өзүнүн мурункудай эле күчтүү экендигин далилдөө үчүн 452-жылы Италияга жортуулга чыккан. Алар Түндүк жарым аралын мыкаачылык менен талап-тоношкон. Гунндар «вторгаются в Аквилею (все ее жители вывезены в Паннонию), затем в Падую, Мантую, Виченцу, Верону, Брешу

и Бергам». Атилла Римге гана тийген эмес, бирок аларга абдан оор салык салган. Бул салыкты Папа Лев II төлөгөн. Андан соң Дунай районундагы император Марциандын чабуулдарына кабатыр болгон Атилла шашылыш түрдө Чыгышка жөнөп кеткен (От античности… 165).

Бул мисалдан Атилланын бир жерде согушуп жаткан жеринен шашылыш түрдө экинчи жерге кеткендигин, демек, бир эле убакта ал ар кайсы жерде болуп жаткан согуштарга башчылык кылып тургандыгын билүүгө болот.

Атилла Паннонияга кайрылып келер менен 453-жылы каза болгон. Анын уулдары Эллак жана Эрнак мурасты ээлөө үчүн күрөшүшкөн.

**Гунн союзунун таркап жок болушу.** Ошентип, германдыктардын жана башка коңшу уруулардын күчү менен Атилла түзгөн гунндардын империясы кыйраган. Козголоң чыгарууга умтулган анын уулу Эллак да 454-жылы каза болгон. Жетекчиси жок калган гунндар тарап кетишкен. Айрымдары Чыгыш Рим империясынын аскерлерине кызмат өтөөгө киришкен жана Түштүк Дунайда отурукташып калышкан, башкалары Римге көз каранды болуу менен Чыгыш Паннонияда жашоону улантышкан. Гунндардын айрым бөлүктөрү Түндүк Кара Деңиздин алдындагы талааларга барып, андагы башка урууларга кошулуп, болгар урууларынын союзун түзүшкөн. Гунндар жөнүндөгү акыркы эскерүүлөр Зенондун башкаруу мезгилинде (474–491) кездешет (От античности…, 165).

**Гунндардын жеңилиши тууралуу.** Атилла башында турган Гунн державасынын таркалып жок болушу менен гунн уруулук союзу өзүнүн жашоосун аяктаган.

Гунндар жеңилген. Атилланын жүрүштөрү улам бир территорияларды камтып, абдан масштабдуу болгондугунан жана аларга багынган ар кошкон уруулардын көптүгүнөн бир эле учурда аларды башкаруу жана согуштук жүрүштөргө жетекчилик кылуу өтө оор болгон. Бул Атилланын жеңилишинин бирден бир себеби болгон.

Гунндардын жеңилиши тууралуу А.Н.Бернштам мындай дейт: «Неудача Атиллы объясняется слишком большим размахом его походов и невозможностью в пределах огромной территории сдержать под единым руководством огромную

массу племен, социально и этнически с гуннами не связанных» (432).

**Гунндардын андан аркы тагдыры.** Ошентип, гунн союзу таркап кеткен. Бирок гунн деген ат тарыхтан көпкө чейин өчпөйт. Эми ал үстөмдүк кылуучу уруу катары эмес, жетекчилик кылуучу көчмөн уруу катары белгилүү болушкан.

Батышта гунндардын талкаланышы көчмөндөрдүн жаңы толкунун жараткан, б.а., Чыгыш Европанын түштүгүндө жаңы уруулук түзүлүштөрдүн көтөрүлүшүнө алып келген. Жаңы түзүлүштөр, мисалы, гунн-кидариттер, гунн-акатирлер, гунн-аварлар деген ысымдагы уруулук түзүлүштөр пайда болгон. Согуштун ориентациясы өзгөргөн. Негизги толуктоочу күч Чыгыштан (эфталиттер) болсо, ал эми гунндар Кавказга жана Каспийдин ары жагына согуштук жортуулдарды жасашкан[1].

V кылымда батыш гунндар эфталиттер менен союз түзүшкөн. Ал эми VI кылымда айрым гана тарыхчылардын эң кийинки эмгектеринде анда-санда анахронизм катарында гана кездешпесе, гунн деген термин тарых барактарынан жок болгон. Эми ошол эле гунн коомунун урандыларынан, б.а., гунн урууларынын калдыктарынан, мурунку гунн уруулук союзуна кирген уруулардын эсебинен ошол эле көчмөндөрдүн тарыхый жактан уландысы катарында көчмөндөрдүн жаңы уюму – аварлар пайда болгон (А.Н.Бернштам, 1998, II, 435).

**Гунн коому – Атилланын тушунда.** Атилланын доорунда гунн коому калыпка салынган таптык коом болгон эмес. Бирок гунндар таптык мамилени билишкен. Анткени Приск тарабынан гунндар кул жумшагандыгы бир нече жолу эскертилет. Мисалы, Атилланын аялынын жанында көптөгөн күңдөр болгон: «...вокруг царицы стояло множество рабов: рабыни, сидя на полу против нее, испещряли[2] разными красками полотняные покрывала, носимые варварами поверх одежды, для красы»[3].

---

[1] *А. Н. Бернштам.* Аталган эмгекте, 1998, 435-б.

[2] **Испещрить** *сов. что* жыбыратып салуу, жыбырыган майда нерселерге толтуруп жиберүү. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И, 2012, 737-б.

[3] *А. Н. Бернштам.* Аталган эмгекте, 430-б.; Автор бул маалыматты төмөнкү эмгектен мисалга келтирет: *Г.С.Дестунис.* Сказания Приска Панийского. Уч. Зап., II, Отд. Ак. Наук, кн. VII, вып. I. СПБ., 1861, 60-б.

Атилланын тушунда гунндарда мүлккө болгон айырмачылыктар күчөгөн. Мисалы, Приск Атилланын өзүнчө кан-сарайы (дворец-ставка), аялынын өзүнчө кан-сарайы болгондугун белгилейт. Атилланын дагы бир аялы айылдын старшинасы[1] болгондугу маалымданат. Гунндар үйлөрүндө кул жумшаган.

Гунндардын негизги чарбасы – мал чарбачылык болгон. Дыйканчылык жергиликтүү славян элдеринин арасында кеңири өнүккөндүгүнө карабастан, гунндар жерди иштетишкен эмес. Дыйканчылык өндүрүш продуктылары гунн союзуна кирген уруулардан (бул уруулар негизинен байыркы славян уруулары болгон) салык катары алынып турган.

Ошентип, гунн доорунда кулдар жана кул ээлөөчүлөр деген таптык ажырым болсо да, мүлккө болгон дифференциалуу көрүнүш орун алса да, гунн коому дагы эле өзүнүн примитивдүү формаларын сактаган. Атилла кул ээлөөчүлөрдүн кызыкчылыктарын коргоочу катарында эмес, биринчи кезекте патриархалдык уруулук мамиле сакталган малчылык менен күн көрүшкөн уруулардын кызыкчылыктарын коргогон адам катары сүрөттөлгөн (431). Мисалы, Иорданда «Любя войну Атилла был уверен в деле, тверд в совете, снисходителен к просьбам и благосклонен тем, кого однажды принял под свое покровительство»,[2] – деп айтылат.

**Атилла – гунн.** Иордан Аттилланы чыныгы гунн деп эсептейт. Ал эми гунндар башка уруулардын (маселен, аландардан) антропологиялык жактан айырмаланып турушат. Муну өзгөчө Аммиан Марцеллин белгилеген. Бул пикирлерди А.Н. Бернштам коштоп келип, Атилланын жыгач идиштен тамак ичкендигин, дегеле анын аракеттеринде патриархалдык-уруулук түзүлүштө жашаган малчылардын көчмөн турмушундагы салттар ачык эле көрүнүп тургандыгын айтат (431).

Ошентип, Атилла гунн урууларынан чыккан, Батышта гунн урууларынын союзун түзгөн жана аны жетектеген, гунн

---

[1] **Старшина** *м.* 1. старшина (кенже командирлердеги эң жогорку наам, аскер-деңиз флотунда сержантка барабар наам. Ошондой эле ушул наамдагы адамдар). Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я. – Б., 2012, 246-б.

[2] *Иордан.* Цит. по М.Стасюлевич. История средних веков в ее писателях и исследованиях новейших ученых. СПб., 1885, ч. 1, стр. 241.

урууларынын көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн түрк тилдүү баатыр болгон.

**Атилла – легенда.** Атилланын аты тарыхта калат. Мисалы, француздар Атилланы кан ичкич желмогуздун так эле өзү, Парижди кокусунан гана, тагдырдын жазмышы менен талап-тонобой калган деп эсептешет экен. Ал эми германдыктарда Нибелунга жөнүндөгү эпостун башкы каарманы катары калган (От античности, 165).

## Этногенез. Гунндар жана тарых. Кыргыздар.

Л.Н.Гумилев эгерде этностор «социалдык категория болсо, анда алар бирдей, окшош социалдык шарттарда пайда болушмак», – дейт. А чындыгында «пусковые моменты этногенезов, там, где можно их проследить на строгом фактическом материале, совпадает по времени и распологаются в регионах, вытянутых либо по меридианам, либо по параллелям, либо под углом к ним, но всегда как сплошная полоса» (Этногенез... 218) – дейт.

Ландшафттын мүнөзүнө жана элдердин кесибине карабастан белгилүү бир доордо мына ушундай тилкеде «внезапно начинает происходить этническая перестройка – сложение новых этносов из субстратов, т.е. этносов старых. Последние при этом ломаются и разваливаются, а новые развиваются весьма активно» (218). Хунндардын жеңилгенден кийин ар жакка таркап, бир бөлүгү батышка жылып, натыйжада Чыгыш Европада мурунку «хунндардын» ордуна «гунн» союзунун пайда болушун жана пассионардык көтөрүлүүсүн (подъем) ушул көз караштан карап көрөбүз.

Ошентип, хунндардын азиялык тарыхы андан ары уланган. Алар жеңилүүгө учурагандан кийин төрт бөлүккө бөлүнүп таркап кетишкен. Алардын эч кимге көз каранды болгусу келбеген, эркиндикти сүйгөн, күчтүү бөлүгү батышка жылган эле.

Бул тууралуу Л.Н.Гумилев б.з.ч. I кылымда Кытайдын бийлигинен бошонгон гунндардын бир бөлүгү Волга-Урал сууларынын ортосундагы угралар менен аралашып, 200 жыл ичинде чыгыш европалык этноско айланышкан жана аларды азиялык хунндар менен чаташтырбоо үчүн гунндар деп аташкан дейт (Этногенез... 221).

Ошентип, мурунку кыйраган, туш тарапка тарап кеткен хунндардын бир бөлүгү батышка жылып, жергиликтүү элдер менен аралашып, алардын ордуна 200 жыл ичинде «гунндар» деген ат менен чыгыш европалык этнос пайда болгон.

Гунндардын этнос катары пайда болуу, калыптануу процесси мурунку бөлүмдөрдө айтылган.

Кыскасы, «За III–IV вв. гунны победили алан, «истомив их бесконечной войной», и только в V в. перешли Карпаты и попали в долину Дуная, причем часть их – акациры – осталась в родных степях на Дону и Волге» (Этногенез... 221).

Л.Н.Гумилев «активность гуннов имела место на три века позже» (Этногенез... 221), – дейт. Жогоруда айтылгандай, гунндардын кайра көтөрүлүүсүнө чейин көп мезгил өткөн. Мына ушул мезгилдин ичинде мурунку «хунн» урууларынын ордуна жаңы чыгыш европалык «гунн» уруулары келип чыккан.

Гунндардын Чыгыш Европада кайра көтөрүлүүсү жана алардын жеңиштери кандай шартта болгон?

Л.Н.Гумилев белгилегендей, гунндардын Азиядан батышка көчүүсү массалык түрдө деле болгон эмес. Готтор болсо гунндарга караганда ала көөдөн жана тажрыйбасыз (легкомысленны и наивны) болгондуктан, согушта жеңилип калышкан, натыйжада Кара деңиздин жанындагы өлкөсүн жоготушкан.

Гунндар Дондон өтүшүп, 371-жылы аландарды жеңип, IV кылымдын аягында росомондордун жардамы менен готторду жеңип, 420-жылдарда Паннонияны ээлешкен.

Гунн ордосунун түштүк талааларда турушканы жарым кылымдан аз мезгилге эле туура келет экен. Анын үстүнө гунндардын саны өтө деле көп болгон эмес[1]. Мына ошондой болсо да гунндар жеңиштерге ээ болушкан. Гунндардын мындай көтөрүлүүсүнө (подъем) кандай себептер болгон?

Мунун себептеринин бири: гунндар ошол эле өздөрү багындырган аландар, росомондор, остготтор ж.б. жергиликтүү уруулардын жардамы менен согушушкан. Л.Н.Гумилев: «Если все жители Восточной Европы были перебиты, то откуда бы гун-

---

[1] *Л. Н. Гумилев.* Некоторые вопросы истории // Вестник древней истории. 1960, № 4.

нам взять людей для войны с Римской империей и Ираном?» (Этногенез... 222), – дейт.

Ошондой эле дагы төмөнкүдөй факторду да эсепке алуу керек. Гунндардын ийгиликтери «совпали с кульминацией временного усыхания степи[1], подорвав аланское земледелие и тем самым ослабившего военную силу алан» (222). Алан жериндеги кургакчылык дыйканчылыкка да зыян келтирген жана алан аскерлеринин да алын кетирген. Ал эми гунндар кургакчылыкка көнүп калышкандыктан, андан жапа чегишкен эмес. Мына ушул алан жериндеги куракчылык «обусловило их победу на войне, которая велась ими с 160 по 370 г. без решающих успехов» (222). Ошентип, гунндар жеңиштерге жетишип, тегерегиндеги элдердин үшүн алып турушкан.

Бирок, мындай көтөрүлүүнүн аягында басаңдоо (фаза надлома[2]) да бар.

Качан гана кургакчылык мезгили аяктаганда гунндардын артыкчылыгы да түгөнгөн. IV кылымда талаадагы күчтөрдүн өз ара карым-катышы кайрадан мурунку калыбына келген, бирок, гунндардын ордун болгарлар, ал эми аландардын ордун – хазарлар ээлеген.

Л.Н.Гумилев: «И, наконец, самое главное: гунны, как и азиатские хунны, не были молодым народам» (222), – дейт. Алардын тарыхы б.з.ч. 209-жылы бийлик башына келген башчы Модэ баштаган улуу реформалардан башталып, хунн державасы анын негизделген мезгилинен бери, т.а., б.з.ч. 209-жылдан – б.з. 48-жылга, ордунан тайыганга чейин 257 жыл жашаган.

Ошентип, гунндар жеңилишкен. Жыйынтыгында, чыгыш элдери батышта германдыктар, чыгышта болгарлар менен болгон согушта жеңилишип, натыйжада алар саясий жана этностук маанисин жоготушкан. Бул тууралуу Л.Н.Гумилев: «Судьба гуннов – яркий пример того, что любой этнический процесс может быть нарушен политическими коллизиями, которые невозможно предугадать. Гунны могли бы выиграть бит-

---

[1] *Л. Н. Гумилев.* Истоки ритма кочевой культуры // Народы Азии и Африки. 1968, № 3.

[2] «Фаза надлома, когда антропогенное давление максимально и деструктивно». *Л.Н.Гумилев.* Этногенез… 214-б.

ву с гепидами при Недао в 453-г. и разгромить сарагуров (болгар) в 453-г. Тогда в Восточной Европе уже в V в. создалось бы сильное государство. Но так как этого не случилось, то многочисленные местные этносы вернули себе самостоятельность» дейт (Этносфера... 375). Ошентип, гунндардын жеңилиши көп сандаган этностордун өз алдынчалыкка ээ болушуна алып келген.

**Мына ушундай тарыхый процесске Азиядан гунндар менен кошо эркиндикти сүйгөн, көз карандысыздыкта жашоону каалаган кыргыздар да келиши мүмкүн эле жана алар Европадагы жергиликтүү уруулар менен аралашып, жаңы гунн уруулук союзунун курамында да болушу, ошондой эле гунндардын жортуулдарына да катышышы толугу менен мүмкүн.**

**Гунндардын жеңиштеринин тарыхый мааниси.** Гунндардын басып алууларынын тарыхый мааниси чоң экендигин башка окумуштуулар да белгилешет. Мисалы бул тууралуу А.Н.Бернштам мындай дейт: «Гуннское нашествие разбудило варварские «запасы» племен, сломивших Рим, и в этом заключается всемирно-историческое значение гуннского похода на Запад, в этом заключается всемирно-историческая роль Атиллы» (Аталган эмгекте, 433).

Албетте, батыш европалык адабияттарда гунндардын басып алуучулук жүрүштөрү европалык цивилизацияны кыйратуучу кыймыл катары каралган. Гунндар болсо жапайылар, талоончулар катары сүрөттөлгөн. Мисалы, Е.Томпсон гунндарды «паразиттик мородерлор» деп атап, алардын тарыхтагы прогрессивдүү ролун танган. Ал Батыш Европанын өнүгүүсүн гунндар токтотушкан деп эсептеген[1].

Бирок, мындай сыпаттоолор чындыкка туура келбегендиги М.И.Артамонов, А.Д.Удальцов, Б.А.Рыбаков жана П.Н.Третьяковдун эмгектеринде айтылат. А.Н.Бернштам дагы гунндардын тарыхтагы прогрессивдүү ролун бир нече макалаларында, докладдарында белгилеген[2].

---

[1] *Е.А.Томпсондун* бул пикири А.Н.Бернштамдын эмгегинен алынды. Караңыз: Аталган эмгекте, 433-б.

[2] *А. Н. Бернштам.* Из истории гуннов I в. до н.э. СВ. I. ж.б. эмгектеринде.

А.Н.Бернштам гунндар талоончул отряддар болбогондугун белгилейт. Ал: «Они (*гунндар – Г.Ж.*) стояли несравненно выше многих европейских племен и по своему социальному строю, и по своей культуре», – дейт (Аталган эмгекте, 433).

П.Н.Третьяковдун пикири боюнча гунндар готторду талкалоо менен славян урууларын готтордун үстөмдүгүнөн бошоткон жана өздөрү скиф-сарматтык жана байыркы славян маданиятын кабыл алышкан[1].

Ошону менен бирге эле гунндар батыш европалык урууларга маданий жактан таасир этишкен. Бул археологиялык материалдардын негизинде батыш окумуштуулары тарабынан да белгиленген. Анын үстүнө гунндардын турак-жай курулуштары, кийимдери жана ичкен тамактары Приск тарабынан жазылып калтырылган эле.

Гунн уруулук союзунда таптакыр жаңы коомдук мамилелердин элементтери жаралган, т.а., феодалдык тартиптин түзүлүшүнүн алгачкы өбөлгөлөрү пайда болгон.

А.Н.Бернштам гунн уруулук союзу Батыш Европага Азия маданиятынын элементтерин алып келгендигин, ал гана эмес түштүк орус талааларынын маданиятын, алар менен катар эле Орто Азиянын байыркы мамлекеттик түзүлүшүнүн белгилерин (черты), ал гана түгүл, мүмкүн, Кытай маданиятын дагы ала келгендигин белгилейт (433).

Гунн союзунун дүйнөлүк мааниси муну менен гана чектелбейт. Гунн союзунун бүткүл дүйнөлүк тарыхый ролу: «он мобилизовал всю варварскую периферию рабовладельческой системы Средиземноморья и Причерноморья и подготовил разгром не только Римской империи, но и античных центров Причерноморья, исчерпавших к этому периоду внутренние возможности своего развития. Гунны, в значительной степени определившие падение античности, были, прежде всего, теми варварами, которые, по определению Ф.Энгельса, «вдохнули новую жизненную силу умиравшей Европе...»[2].

---

[1] *П. Н. Третьяков.* Восточнославянские племена. – М.–Л., 1948, 65-б.

[2] *А. Н. Бернштам.* Аталган эмгекте, 433-б.; *К.Маркс и Ф.Энгельс.* Соч., т.XVI, ч. I, стр. 132; *В.Ф.Гайдукевич* Кара деңиздин алдындагы антик борборлорго карата ушундай пикирде. Караңыз: Боспорное царство, стр. 383.

Ошентип, гунндар жана анын жортуулдарынын тарыхый ролу зор.

**Гунндар жана Евроазиянын этностук картасы.** Жогоруда белгилегендей, тарыхта гунн доору «элдердин улуу көчү» доору («эпоха великого переселение народов») деп аталган.

Гунн доорунда Евроазиянын этникалык картасы түп тамырынан бери өзгөргөн. Алар миңдеген жылдар үстөмдүк кылып келген сактардын, скифтердин, сарматтардын бийлигин токтоткон. «С давлением гуннов, наряду с тюркоязычностью, связан и процесс наиболее сильного проникновения монголоидных элементов в среду в основном европеоидного автохтонного населения Средней Азии, Казахстана, Восточной Европы»[1].

## ХУННДАР,<br>ГУННДАР ЖАНА КЫРГЫЗДАР

Тарыхта хунн доорундагы байыркы кыргыздардын Енисейдеги жашаган жерлери жана жашоо турмушу жөнүндөгү маалыматтар хунндар жөнүндөгү баяндарда сакталып калган. Ал эми гунндардын Европадагы мезгилинде кыргыздар тууралуу маалыматтар дээрлик жок. Ошого карабастан, батышка агылып келген азиялык гунндардын курамында кыргыздар да болушу толук ыктымал деп эсептейбиз. Бирок бул тууралуу даректүү маалыматтар жок болгондуктан, гунндардын Европадагы мезгилиндеги кыргыздар тууралуу сөз козгой албайбыз.

Төмөндө биз хунн доорундагы Енисейлик кыргыздар жөнүндө кеп кылмакчыбыз.

Хунн доорунда кыргыздар кайда жашашкан, кандай жашоону баштан кечиришкен? Төмөндө сөз учугу мына ушулар тууралуу болмокчу.

---

[1] *Кыргызы*. Исторические предания и легенды. Составители: А.Газиев, С.А.Арыстанова, В.Плоских. – Б., 2003, 27-28-бб.

## Хунн доорундагы кыргыздар

Гунндардын тушундагы байыркы кыргыздар тууралуу сөз болгондо, б.з.ч. 201-жылдан башталган хунндардын тушундагы байыркы кыргыздар тууралуу сөз болмокчу.

Жазма булактардагы Миң-Суудагы дөбө маданиятынын (курганная культура) аякташы менен енисей коомундагы жаңы доордун тарыхый өнүгүүсү башталган. Мүлктүк теңсиздик (муну Миң-Суудагы дөбө маданиятына тиешелүү көрлөрдөн табылган буюмдар чагылдырат), мал чарбачылыгынын өнүгүшү, коло куюучу усталардын бөлүнүп чыгышы, алмашуунун өнүгүшү («развитие обмена») – мына ушулардын бардыгы уруулук түзүлүштүн негиздеринин – общиналык эмгектин бузулушуна алып келген (А.Н.Бернштам. 170).

Эң биринчиден, «эндогамность»[1], б.а., мурда башка уруулар менен нике кыюуга тыюу салынган адат жоюлууга дуушар болгон. Ошондой эле малды коргоого байланышкан согуштардын өрчүшү, ушундан улам, сөзсүз, согуш туткундарынын келип чыгышы жана алардын арасында аялдардын («наложницы») болушу – ар кандай расалык типтердин аралашуусуна, ошондой эле алардын тилинин, маданиятынын ж.б. аралашуусуна алып келген. Байыркы мезгилден бери байкалып келаткан алмашуунун (обмен) күч алышы, ошондон улам келип чыккан Борбордук Азиядагы коньюктуралар, б.а., карасук доорунан берки енисейликтер байланышкан тармактар («области») аралашуу процессин тездетип, Енисейдеги элдердин этностук курамынын кескин өзгөрүшүнө алып келген (1998, 170).

Гунндардын, андан кийинки сяньбилердин уруулук союздарынын ролу жана алардын енисейлик уруулар менен болгон өз ара катнашы мына ушундай жагымдуу шарттарга туура келген. Мына ушундай шарттарда жана ушундай уруулардын арасында кыргыздар да жашаган.

---

[1] **Эндогамия** *ж. этн.* эндогамия (өз уруусунда, өз тукумунда, өз кастасында ж.б. гана үйлөнүү же турмушка чыгуу салты, үрп-адаты). Орусча-кыргызча сөздүк, С–Я. – Б., 2012, 669-б.

**Байыркы кыргыздар жана тарых.** Азыр биз кытай жазма булактарына таянып, анда жазылып калган маалыматтар боюнча байыркы эл экендигибизди таанып калдык. Бирок кытай жазма булактары байыркы мезгилдеги бардык эле окуяларды кагазга тизмелей беришкен эмес экен. Кытайлык жазгычтар байыркы мезгилдеги буркан-шаркан түшкөн, бүткүл элдин назарын бурган тарыхый окуяларды гана тизмелеп, ал эми тынчтыкта, бейпил турмушта жашаган элдердин турмушун кагазга түшүрүшкөн эмес. Байыркы кыргыз элинин да тынч, көчмөн турмушту башынын өткөргөн мезгилдери кытай жазма булактарына түшпөй калган.

Муну Д.Н.Гумилев белгилейт. Ал: «Внимание летописцев привлекали преимущественно грандиозные, из ряда вон выходящие события. Обыденное их не интересовало. Поэтому те местности, где не возникали агрессивные державы, где не организовывались походы и где не сооружались огромные дворцы или храмы, выпадали из их поля зрения. То, что кочевники ежегодно повторяли свои маршруты от колодца к колодцу и отгоняли волков от стад и табунов, историки древнего мира считали настолько очевидным, что не находили нужным это фиксировать» (Этносфера... 277).

Д.Н.Гумилевдун бул пикири байыркы кыргыздарга да тиешелүү деп ойлойбуз. Мунун өзү хунн доорундагы байыркы кыргыздардын байыркы тарыхы хунндардын тарыхына байланыштуу гана бизге үзүл-кесил жеткендигин айтып турат.

Ал эми дүйнөнү дүңгүрөтүп, элди дүрбөлөңгө салган хунндардын тарыхы (б.з.ч.III к. баштап) кытай жазмаларында кеңири орун алган. Хунндар багындырган элдердин арасында кыргыздар болгон жана алар тууралуу маалыматтар да кытай жазма булактарында жазылып калган.

Хунндардын тарыхы байыркы кыргыздардын тарыхын билүүгө түздөн-түз жардам берет. Анткени, хунндар жоокерлерин өздөрүнө багынган уруулардын аскерге жарактуу адамдары менен толуктап турган. Демек, байыркы кыргыздар хунндар менен кошо алардын согуштарына катышкан.

Ошентип, биз байыркы кыргыздардын жашоо турмушун хунндардын тарыхы аркылуу да биле алабыз. Анткени кыр-

гыздар хунндар менен бирге тарыхый маанилүү окуяларды баштан кечиришкен. Мисалга алсак, алар хунндар менен бирге ошол мезгилдеги орчундуу окуяларга катышышкан, жортуулдарга барышкан, алар менен кошо жеңиштердин салтанаттарын көрүшкөн, жеңилүүнүн кыйынчылыктарын бирге тартышкан. Алар менен аралашып кетишкен. Салт-санаалары бири-бирине жугушкан. Жашоо шарттары, жеген тамактары бири-бирине окшошкон. Ошондуктан хунндардын тарыхы кыргыздарды тарыхын билүүдө абдан чоң мааниге ээ.

Төмөндө биз кыргыз деген этнонимдин жазма булактарда берилишин карап көрөлү.

## БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗДАР – ЭҢ АЛГАЧКЫ ТАРЫХЫЙ ЖАЗМА БУЛАКТАРДА. БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТИНИН (ГЭГУНЬ, ГЯНЬГУНЬ) АТАЛЫШЫ

**Гэгунь, Гяньгунь.** Жогоруда айтылгандай, тарыхый булактарда кыргыздар жөнүндөгү эң биринчи маалымат хунндар менен байланышта кезигет. Болгондо да хунндар жөнүндөгү алгачкы маалыматтар менен байланышта берилет. Төмөндө сөз – мына ушул жөнүндө, т.а., хунн доорундагы кыргыздар жөнүндө.

Монголдук мезгилге чейин Орто Азиянын чыгыш бөлүгүнүн тарыхы кытай жазмаларында сакталып калган. В.В.Бартольддун маалыматы боюнча официалдуу кытай историографиясынын мезгил боюнча алгачкы эстелиги «Кытай тарыхынын атасы» деп эсептелген Сымя Цяндын «Тарыхый жазуу дептери» болуп саналат, ал өзүнүн бул эмгегин биздин доорго чейинки 99-жылы аяктаган.

Сымя Цяндын «Тарыхый жазуу дептеринде» биринчи көчмөн империясын түзгөн хунндардын тарыхы баяндалган. Бул убакта кытайлардын түндүктөгү коңшусу Орто Азиянын тарыхында эң биринчи көчмөн империяны түзгөн хунндар эле.

Сымя Цяндын аталган эмгегинде кыргыздар бир нече жолу эскерилген. Андагы маалыматтар боюнча кыргыздардын б.з.ч.

201-жылы өз мамлекети болгон. Хунндар түндүктө б.з.ч. Гэгунь[1] (де Гроттун транскрипциясы боюнча Kik-k'un) падышачылыгын өздөрүнө каратып алган.

Н.Я.Бичуринде: «1. Хаканьсы. Хагас. [Кыргызы] *Хагас* есть древнее государство Гяньгунь. Оно лежит от Хами на запад, от харашара на север, подле Белых гор. Иные называют сие государство *Гйюву* и *Гйегу*» – деп берилген (Алматы, I, 1998, 358).

А.Н.Бернштамдын эмгегинде «кыргыз» деген этнонимдин эң байыркы (древнейшее) эскерилиши кытайдын Шицзи текстинде кездешет деп берилет. Аталган текcттин хунн шанүйү Мао-Тундун жүрүштөрүн баяндаган жеринде: «...затем на севере они (гунны) покорили владения Хуньюй, Цзюй-ши, Динлин, Гэгунь и Цайли. Ввиду этого гуннские старейшины (дачень) и благородные (Гуй жень) повиновались Мао-Туню шаньюю и признали его мудрым», – деп жазылган[2].

Бул «Ханзуда» мындайча берилет: «Кийин Бактуг түндүктө гунро, кутча, деңлең, кыргыз, сенле элдерин багындырган. Ошону менен хунн ак сөөктөрү жана улуктары Бактуг теңиркутка эрекчэ баш ийип, аны билги деп эсептешкен» («Ханзу», 8).

Ошентип, дээрлик бардык адабияттарда байыркы кыргыздардын тарыхка катталган мезгили хунндардын жоортуулдары менен байланышкан. Алардын башчысы Модэ башка жерлер менен кошо Гэгунь өлкөсүн да багындырып алган.

Кытайлыктардын өздөрү, ошондой эле европалык окумуштуулар да бул транскрипцияны башка транскрипция менен, кыргыз деген сөздү билдирүү үчүн пайдаланылып келген транскрипцияга жакындатышат, ошондуктан В.В.Бартольддун пикири боюнча б.з.ч. 201-жылдагы окуялар жөнүндөгү маалыматтар мезгили боюнча кыргыздар жөнүндө биринчи маалымат деп таанылууга тийиш (177).

Бирок, мына ушул дата боюнча окумуштуулардын башка божомолдору да учурайт.

---

[1] <Азыркы транскрипциясы – Цзянькунью.> Караңыз: *В.В.Бартольд.* Аталган эмгекте, 177-б.

[2] Караңыз: *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгектин 170-бети.

Маселен, А.Н.Бернштам, жогоруда Шицзи текстинен келтирилген үзүндүдөн, б.а., хунндардын аталган жерлерди ээлегендиги жана алардын шанүйүн акылман деп эсептешкени айтылгандан кийин «ушул мезгилде» деп 201-жыл көрсөтүлүп, андан ары башка окуялар мындайча сүрөттөлөт дейт: «Далее говорится «...в это время» (указывается 201 г.) и затем идет изложение уже других событий, не имеющих отношение к нашей теме» (170).

А.Н.Бернштам: «Судя по месту, которое занимает вышецитированный отрывок в тексте Шицзи, событие может быть датировано в 201 годом», – дейт. Ал жазма адабияттарда «кыргыз» деген терминдин байыркы гэгунь деген формасында берилиши мына ушул көрсөтүлгөн 201-жылга тиешелүү деген пикир туруктуу орун алып калгандыгын белгилеп: «Однако это не совсем точно», – дейт (170).

А.Н.Бернштамдын ою боюнча текстте бул дата «следует за этим местом повествования и собственно связана с действительности гуннов уже в пределах Северного Китая». Ошондуктан жогорудагы окуялар 201-жылы болгон деп айтуу толук ишенимдүү эмес. «Если оно относится не к 201 г., то, во всяком случае, не раньше 209 г., так как 209 г. датирует события, предшествующие тем, которые нами сейчас разбираются[1]. Таким образом, осторожней будет сказать, что первое упоминание о кыргызах относится ко времени от 209 г. до н.э.» (1998, 170–171).

Н.А.Аристов да байыркы кыргыздар гегунь деген ат менен белгилүү болуп, жазма тарыхка түшкөн мезгилин 201–209-жж. деп көрсөтөт.

Тактап айтканда, Н.А.Аристовдун эмгегинде кыргыздар жана алардын өлкөсү жөнүндөгү байыркы эскертүү Х.Т. чейинки 209–201-жылдарга таандык экендиги айтылат. Бул мезгилде хунндардын шанүйү (шаньюй)[2] Модэнин түндүктөгү ээле-

---

[1] **Разбира/ться** *несов.* 1. *см.* **разобратся**; 2. бөлүктөргө ажыроо, ажырап кетүү; 3. жөн-жайын жакшы билүү, жакшы түшүнүү. Орусча-кыргызча сөздүк, П–Р, 2012, 507-б.

[1] Шаньюй – хунндардын башчысы. Орус тилиндеги адабияттарда шаньюй, «Ханзу жазмаларында» (которулуп, кыргызча жарык көргөн) – те-

ген жерлеринин ичинде Динлин менен катар эле Гэгунь да аталат[1].

Л.Н.Гумилев: «Хуннская держава» просуществовала от момента основания – 209 г.до н.э. до момента смещения – 48 г.н.э. – 257 лет. ... Их история последовательно прослеживается от великих реформ их вождя Модэ, захватившего власть путем отцеубийства в 209 г. до н.э.» (Этногенез… 222) – дейт. Кыргыздардын тарыхы да мына ушул хунндардын тарыхка катталган, шанүй Модэ башкарган мезгилинен башталат.

Кытай тексттеринде хунндардын кыргыз жерлерин басып алган датасы так көрсөтүлгөн эмес, бирок жогорку маалыматтардан улам **Гэгунь жергесинде жашаган байыркы кыргыздардын тарыхка катталган мезгили б.з.ч. 209-ж.** деп болжолдонот. Чындыгында мына ушул версия чындыкка жакын болуу керек.

Ошентип, кыргыздардын эң байыркы эл экендиги, алардын б.з.ч. 209-жылы эле өз мамлекети болгондугу кытай жазма булактарында катталып калган. Мына ушундан баштап кыргыздардын жазуу жүзүндөгү тарыхы башталат.

Бирок бул, албетте, жогоруда белгиленгендей, кыргыздар ушул мезгилден баштап пайда болгон дегенди билдирбейт, тарыхый булактарда берилип жүргөндөй хунндар 201-жылы Гэгунь падышачылыгын каратып алгандыгы, же бул айрым авторлор болжолдогондой, 209-жылы болгондугу гана факты катары жазылып калган.

Муну кагазга түшкөн жагынан гана байыркы кыргыздар жөнүндөгү биринчи маалымат деп тануу керек. Кыргыздар бул мезгилде уруулар катары белгилүү болушкан. Кыргыздар ага чейин эле жашап келишкен. Жогоруда, миң-суулук енисейликтерде мал чарбачылыгынын пайда болушу, калыптанышы жана өнүгүшү тууралуу сөз болгондо, алар мына ошол кыргыз урууларынын калыптанышына кыртыш, база болуп бергендиги тууралуу сөз козгогонбуз.

---

ңиркут, кыргыз тилинде шанүй (*Б.Урстанбеков, Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. – Ф., 1990, 194-б.) деп берилет. Биз шанүй деп алдык.

[1] *Н.А.Аристов,* 144; *Шотт,* 432, 437, 473.

А.Н.Бернштам да бул тууралуу «Несомненно, что образование племени всегда предшествует появлению его имени на исторической арене. Это положение в полной мере относится, и к кыргызам. **Конец третьего века до н.э. лишь, очевидно, этап их истории,** (*белгилеген – Г.Ж.*) **впервые запечетленный письменными источниками, а не точная дата их появления»**,[1]– деген.

«Улуу хандардын тарыхында» (б.з.ч. 206 – б.з. 26-жылдар) кыргыздар тууралуу маалыматтар көбүрөөк, бирок географиялык маалыматтар көп деле эмес экендигин В.В.Бартольд белгилейт (бул эмгектин автору Бань Гу биздин замандын 92-жылы дүйнөдөн кайткан). Мындагы маалыматтарда б.з.ч. I кылымдын экинчи жарымындагы окуялар жөнүндөгү баянда кыргыздар гянь-гунь (Цзянькунь) деген ат менен эске алынган (Шаваннда *Kien koen*, Гротто *Kin-k'un*) (В.В.Бартольд, Избр., 178).

В.В. Бартольддун маалыматы боюнча бул транскрипцияны башкача түшүндүрүүгө да аракет кылып көрүшкөн; азыр көрүнүп тургандай, кийинчерээк *Гянь*[2] формасынын биринчи муунунан «Кем» дарыясынын атынын берилишин, ал эми экинчисинен – «Орхон» дарыясынын атынын берилишин көрүшкөн, ошондуктан кытайлыктар Енисей менен Орхондун ортосундагы аймакты ушундай деп аташкан деген пикир болгон (В.В. Бартольд, 177-б.).

В.В.Бартольд Енисей, чындыгында эле, түрк элдеринде дайыма эле «Кем» деп аталышка ээ болгондугун, бирок кытайлыктар бул сөздү кыргыз деген сөздүн биринчи бөлүгүн берген сөз менен эмес, башка иероглиф менен беришкендигин, ал эми экинчи бөлүгү, чындыгында эле Орхон суусунун аты берилген иероглиф менен берилгендигин айтып, ушундан улам кыргыз элинин аталышынан кытайлыктар аяккы мурунчул тыбышты угушкан дейт (178).

А.Н.Бернштам динлин жана гегунь деген аталыштарды талдап жатып, түндүк урууларына енисей уруулары да кире-

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. – Б., II, 1998, 159-б.

[2] < Азыркы транскрипция – Цзянь.> Караңыз: *В.В.Бартольд,* 177-б.

рин, алардын арасында гегунь же цзянь-кунь уруулары да аталгандыгын, бул аталыш Енисей менен Орхондун эң байыркы аттарынын транскрипциялары экендигин белгилейт (1998, 171).

Н.А.Аристов «Таң-Шудагы» маалыматтарга таянып Гюйву, Ге-гу, Гагяс, Хагас, Хакянсы деген атоолор бир эле өлкөнүн жана элдин атын билдирерин, бул – Гянь-Гунь деген байыркы мамлекет экендигин маалымдайт. «Таң-Шуда» бул мамлекеттин Гэгунь деп аталгандыгы тууралуу маалымат жок, бирок окумуштуу: «...но это кажется весьма вероятным по сравнению с Ге-гу и с Гянь-Гунь. Из этих имен, видимо, представляют только различные китайские транскрипции слова кыргыз: ге-гу (Kje-ku, kje-kou, ki-ku ж.б.), где не достает в средине отсутствующего в китайском языке звука р и окончание з или с; в гегяс (kje-kia-sze) и в кагаз (kiu-kja-sze, ha-ka-sze) не хватает только р»[1] – дейт.

Н.А.Аристовдун пикири боюнча Гянь-Гунь, Гянь-Гянь, Гегунь (Gan-koun Kien-kien Kjan-kuen) деген аталыш «...кажутся удвоением имени орошающей страну реки Енисея Кем (Kjan): доказательством, что местное население некогда называло страну Кем-кемчик по рекам, соединение которых образует Енисей, может служить название этой реки у Рашид-эддина Кем-кемджиют; у китайцев такое двойное имя могло выходить Кань-кань, Гянь-гянь, Гянь-гунь, Ге-гунь» (Аристов, 144).

Ал эми монгол династиясынын тарыхын камтыган «Юаньшыда» кыргыз деген ат анын чыныгы аталышына жакындап келет – ки-ли-киз (ki-li-ki-sze), мында р л га алмашып айтылат. Бул мезгилде кытайлыктар монгол жана түрк аттары менен жакындан тааныш болуп калышкан эле (Аристов, 473).

Ошентип кыргыздардын алгачкы аталышында ар түрдүүлүк орун алган. Бирок, бул жогоруда көрүнүп тургандай, кыргыз деген бир эле сөздүн кытайча ар кандай аталышы болгон.

Бул тууралуу А.Көчкүнов мындай дейт: «...кытай тарыхый булактарында бир эле элдин аты бир нече түрдө (транс-

---

[1] *Н.А.Аристов,* 144; Шотт, 432, 437, 473.

крипцияда) берилиши окумуштуулар үчүн кыйынчылыктарды туудурууда. Мисалы, Енисей кыргыздары Гяньгунь (Цзяньгунь), Гэгу, Цигу (кигу), йегу, хакас, Хаканьсы, кликицзы ...деген аттар менен берилген." Мына ушуга карабастан тарыхчылар мүмкүнчүлүгүнүн жетишинче өткөн доордун тарыхын калыбына келтирүү жаатында аракеттенишүүдө»[1].

Кыргыз деген сөздүн аталышындагы мындай ар түрдүүлүк окумуштуулардын эмгектеринде андан ары да уланып, ал түгүл аталган сөздүн мааниси бурмаланганга чейин жеткен. Аталган маселе өзүнчө дискуссияны жараткан. Бул тууралуу кийинчерээк сөз болот. Азыркы сөз – кыргыздар жазма тарыхка кирген учурда кайсы жерде жашашкандыгы тууралуу.

Байыркы гяньгундар (байыркы кыргыздар) б.з.ч. III кылымда каерде жашашкан жана ал жерде кандайча пайда болушкан?

**Байыркы кыргыздардын жашаган жери тууралуу окумуштуулардын пикирлери.** Окумуштуулардын арасында (гяньгундардын) кыргыздардын б.з.ч. III кылымда ээлеген территориясы, кайсы жерде жайгашкандыгы жөнүндөгү маалыматтар ар кандай чечмеленип келет. Төмөндө сөз мына ушул жөнүндө.

Кытай жазма булактарында кыргыздар жашаган мамлекет биринчи жолу аталган жана анын кайсы жерде жайгашкандыгы тууралуу маалымат берилген.

Н.Я.Бичуринде: «*Хагас* есть древнее государство Гяньгунь. Оно лежит от Хами на запад, от Харашара на север, подле Белых гор. Иные называют сие государство *Гюйву* и *Гйегу*. Жители перемешались с динлинами[2]. Владение Хагас некогда составляло западные пределы хуннов», – деп берилген[3].

---

[1] *А. Көчкөнов.* Бичурин Енисей кыргыздары тууралуу. Китепте: Кыргыздар, I, 1993, 76-б.

[2] *Н. Я. Бичуринде* мындай түшүндүрмө берилген: «Динлины были монгольского происхождения. Они занимали южные земли Иркутской губернии, где находилась столица хагасов, и ныне коренные жители суть тюркмонголы». Собрание сведений. – Алматы, 1998, I, 358-б.

[3] *Н. Я. Бичурин.* Собрание сведений. – Алматы, 1998, I, 358-б. Бул цитата Н.Я.Бичуринден мындан мурун кыргыздардын жашаган жеринин аталышы тууралуу сөз болгондо келтирилген. Азыр байыркы кыргыздардын жашаган территориясы тууралуу сөз болгондо ошол эле мисал кайрадан келтирилди.

Мында Гяньгунь өлкөсүнүн жайгашкан жери, алардын коңшусу динлиндер экендиги жана Хагастын хунндардын батышында экендиги айтылган.

Эгерде Хагас хунндардын батышында болсо, ал эми хунндар кайсы жерде жашашкан?

А.Н.Бернштам кытай жазма булактарына, археологиялык казуулардан табылган материалдарга таянып, б.з.ч. I миң жылдыкта «На территории Центральной, и отчасти Северной Азии, в частности в Минусинской котловине и на Алтае, возникают первые кочевые скотоводческие общества», – дейт.

Хунндар Карпаттан Амурга чейинки Борбордук Азиянын талааларында жайгашкан көп сандаган уруулардан турган көчмөн эл болушкан[1].

«Ханзу жазмаларында»: «Гундардын башкы теги – Шияховшунун урпактары болуп, зунуй деп аталган. Алар Таң яв, Йүй шүн замандарынан илгери тоолук нумдар (тоо рундары), хамюн, хунүк деп аталып, түндүктүн кең талаасында мал жайытына карап көчүп-конуп жүргөн»[2] – деп айтылат.

Н.Я.Бичуринде: «В начале третьего столетия[3], когда Хунны сильно потрясли Срединное царство, китайцы узнали, что монголы незадолго пред тем временем находились под верховною властью двух единоплеменных домов, Хунну и Дунху. Хунну, по азиатским историкам Дом Могул-хана, царствовал **в западной половине Монголии** (*белгилеген – Г. Ж.*); орда его стояла под Хангаем (близ Орхона); // владения его прости-

---

[1] От античности до средних веков. ТВИ., Арт-Родник, 2002, 162-б.

[2] *«Ханзу жазмалары».* Тарыхый жазмалар. Сыма чиян (б. з. ч. 145-? (*Эмгекте ушундай суроо белгиси коюлган – Г. Ж.*) бул китеп аты аңызга айланган Хуаңдиден баштап Хан вудиге чейинки 3 миң жылдык тарыхты баяндаган өнөргөлүү чыгарма болуп, б. з. ч. 104 жылдан 91-жылга чейинки аралыкта жазылып бүткөн. Шиңжаң эл басмасы, 2004, 3-б. Которгон: Мамбеттурду Мамбетакун. Мисалга келтирилген текст котормодо кандай болсо, дал өзүндөй берилди. Китепте б з ч деп араларына чекит (.) белгиси коюлбай берилген.

[3] **Столети/е** *ср* 1. (срок) жүз жыл, жүз жылдык, кылым. Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я. 2012, 265-б.

рались от Калгана к северу за Байкал, к западу до Тарбагатайских гор»[1].

Бул маалымат боюнча үчүнчү жүз жылдыктын башында кытайлыктар алган маалымат боюнча Хуннулар (Могул-хан үйү) Монголиянын батыш бөлүгүндө (жарымында) бийлик жүргүзүп турушкан. Алардын ордосу Хангайдын алдында (Орхонго жакын) жайгашкан. Ээлеген жерлери Калгандан түндүккө Байкалдын сыртына карай, батышка Тарбагатай тоолоруна чейин созулган.

Ал эми байыркы кыргыздар хунндардын ээлеген жерлеринин батыш жагында турушкан. Кыргыздардын жергеси тууралуу «Ханзуда» мындай маалымат орун алган: «Кыргыздар. Кадыресе байыркы кыргыз мамлекети. Жергеси – Эвирголдун батышы, Агнинин түндүк жагы, теңир-тоо (Алатоо) өңүрлөрүндөгү чөлкөмдөр. Алар мурда жүву, жегу деп да аталып келген. Диңлиңдердин аралашма уругу бар. Хунндардын батыш жагында турушат» (*китептегидей берилди – Г. Ж.*) (292–293).

«Ханзудагы» маалыматта кыргыздардын жери Теңир-Тоо чөлкөмүндө экендиги айтылат. Теңир-Тоо – Орто Азиянын чыгышы менен Борбордук Азиянын батышын камтыган тоо системасы жана аймак[2].

Ошентип, байыркы кыргыздардын жери хунндардын батыш чектеринде жайгашкан.

**Кийин** (*белгилеген – Г. Ж.*) байыркы кыргыздардын жерине шаңүй Чжичжы өзүнүн ордосун жайгаштырган. Бул тууралуу жогоруда айтылган эле. Мына ушул маалыматты дагы бир жолу келтиребиз. Анткени мында байыркы кыргыз жергесинин жайгашкан территориясы тууралуу маалымат берил-

---

[1] *Н. Я. Бичурин.* Собрание сведений. Алматы, I, 1998, 30-б.

[2] **ТЕҢИР-ТОО (Тянь-Шань, Притяньшанье)** – Орто Азиянын чыгышы м-н Борбордук Азиянын батышын камтыган тоо системасы ж-а аймак. Т.-Т. Кытай даректеринде кытай тилине ылайыкташтырылып «Тянь-Шань» («Асман мелжиген тоо») деп берилген. Азыркы европалык басма сөздө, адабияттарда ж-а карталарда да «Тянь-Шань» деп аталат. *Б.Урстанбеков, Т.Чороев,* Кыскача энциклопедиялык сөздүк. – Ф., КСЭнин Башкы редакциясы, 1990, 170-б.

ген: **«Впоследствии** (*белгилеген – Г. Ж.*) Чжичжы Шаньюй, покорив Гяньгунь, утвердил здесь свое пребывание, в 7000 ли от орды восточного Шаньюя на запад, в 5000 от Чешы на север; почему владетели сей страны впоследствии ошибочно Хягас называли Гйегу и Гйегйесы. Народонаселение простиралось до нескольких сот тысяч[1]; строевого войска 80000. Прямо на юго-восток до хойхуской орды считалось 3000 ли[2], на юг простирались до гор Таньман[3] (Собр.сведений, Алматы, 1998, I, 359).

Бул маалымат кыргыздардын жашаган жери тууралуу толук маалыматты камтыйт. Бирок бул маалымат – байыркы кыргыздардын тарыхка кирген мезгилиндеги эмес, андан кийинки маалымат.

Бирок окумуштуулар байыркы кыргыздардын жашаган жергесин ар түрдүүчө чечмелешет. Мисалга, алгачкы кыргыздардын жашаган жерин айрым окумуштуулар Енисейде, айрымдары Түндүк-Батыш Монголиядагы Кыргыз-Нур деген көлдүн аймагында дешсе, кээ бир окумуштуулар Тянь-Шандан түндүккө карай кеткен Боро Хоро тоо кыркаларынын («окрестностях хребта») жана Дзотасын Элисун чөлүнүн («пустыни») айланасында дешкен.

Көпчүлүк окумуштуулар байыркы кыргыздардын жашаган жери жөнүндө маалымат берүүдө кийинки шанүй Чжичжынын жүрүштөрү менен байланыштуу маалыматтарга (б.з.ч. 49-ж.), б.а. Чжичжы шанүйү өзүнүн ордосун байыркы кыргыз жерине жайгаштырган маалыматка таянышкандыгы көрүнүп турат.

В.В.Бартольд кытай жазмаларындагы маалыматтарга таянып Гяньгундун (*байыркы кыргыздардын – Г. Ж.*) өлкөсү хунндардын борборунан батыш жактагы (Орхондогу же Толдогу)

---

[1] *Н. Я. Бичуринде* «надобно разуметь семейств» деген түшүндүрмө берилет (1998, I, 359).

[2] Орхонго жакын Хангай тоолорунда. Караңыз: *Н.Я.Бичурин.* Аталган эмгекте. – Алматы, I , 1998, 359-б.

[3] *Н. Я. Бичурин таньмань* сөзү азыркы *Танну* деген сөзгө үндөшөт (созвучно) дейт. Танну – Алтайдан Чыгышка карай – Косоголго чейин созулган тоо кыркалары, байыркы заманда хагястардын түштүк чек арасын түзгөн (I, 1998, I, 359).

7000 ли жерде (ал убакта *ли* үчтөн бир чакырымга барабар болгон) жана Чеши же Гусу аймагынан түндүк жактагы 5000 ли жерде, б.а., азыркы Турфан шаары турган Кытай Түркстанынын чыгыш бөлүгүндөгү аймакта болгондугун маалымдайт[1].

Окумуштуу б.з.ч. 201-жылдагы окуяларда кыргыздардын жашаган жери тууралуу көп деле маалымат жок экендигин, ошондой болсо дагы алардын коңшусу катары динлиндер (Tigling) аталаарын (аларды «енисейлик остяктардын» бабалары дешет) белгилейт. **В.В.Бартольд мына ушундан улам кыргыздар Енисейде жашаган деп болжолдоого болот деп эсептейт** (178). В.В.Бартольддун божомолу боюнча: «киргизы были отуреченными енисейскими остяками и вели войны со своими родичами, сохранившими свой прежний язык»[2].

В.В.Бартольд **кийин** (*белгилеген – Г. Ж.*) мусулман географтары тарабынан Турфанга жакын жерден түндүккө карай Енисейдеги кыргыздардын өлкөсүнө кеткен жол да сүрөттөлгөндүгүн, эгерде кытайлар көрсөткөн аралык чындыкка жакын болсо, анда **кыргыздар ал убакта Енисейде гана эмес, азыр Кыргыз-Нор көлү турган жерден түштүгүрөөк жакта жашашкандыгын белгилейт.** Көлдүн эмне үчүн мындайча аталып калгандыгы тууралуу азырынча маалымат жок дейт В.В. Бартольд (1996,179 б.).

Ө.Караев гяньгундар, сыягы, ал кезде Саян тоо кыркасынан түштүгүрөөктө, азыркы Түндүк-Батыш Монголия аймагында ушул кезге чейин Кыргыз-Нур деп аталып жүргөн көлгө жакын жашап турушса керек дейт[3].

Ө.Караевдин маалыматында б.з.ч. I кылымдын башталышында хунндар Хакас-Минусин ойдуңун басып алган кезде бул жерде тагар маданиятынын эстеликтерин калтырган динлин уруусу жашаган деп болжолдонот. **Хунндардын 150 жылга созулган бийлигинин тушунда Хакас-Минусин ойдуңунда гяньгунь уруусу пайда болот, ал бул жакка хунндардын кысымы астында жер которуп келген же болбосо күчкө салып көчү-**

---

[1] *В.В.Бартольд.* Кыргыздар, 1996, II, 129-б.

[2] Аталган эмгекте, 1996, 183.

[3] *О.Караев.* Китепте: «Кыргыздар», I том, 107-б.

**рүлгөн болуш керек** (*белгилеген – Г.Ж.*). Ошол мезгилден тарта Гянь (б.а. Кем-Енисей) дарыясы агып өткөн Хакас-Минусин ойдуңу гяньгунь уруусу байырлаган аймактын ортолугу болуп калган. Бул жерде динлиндер менен гяньгундардын урук-урку аралашып, натыйжада калктын жаңы түрү келип чыккан. Чачы сары, көгүш көздүү динлиндер монголтейиндеги (*Ю.С.Худяковдо ушундай берилген – Г.Ж.*) түрк тилдүү гяньгундарга кошулуп кеткен[1].

Ошентип, Ө.Караев кыргыздардын Енисейде пайда болушун хунндардын доору менен байланыштырат.

Гяньгундардын (байыркы кыргыздардын) Борбордук Азияда хунндардын түндүгүндө жашашкандыгы, алардын жери Ордостогу хунн шанүйүнүн мурунку ордосунан батышка карай 7000 ли аралыкта жана Чыгыш Түрстандагы Чеши территориясынан түндүккө карай 5000 ли аралыкта жайгашкандыгын Ю.С.Худяков да баяндайт (Сабля, 32).

Ю.С.Худяков бир топ мезгилге чейин хунндар байыркы кыргыздарды Түндүк Батыш Монголиянын территориясында, Кыргыз-Нур көлүнүн районунда багындырышкан, ал жактан түндүккө Саян тоо кыркаларынын ары жагына, Енисей өрөөнүнө сүрүп чыгарышкан, ал жерден кыргыздар динлиндер менен аралашып жаңы элди түзүшкөн, алар жашаган мезгилден таштык маданиятынын эстеликтери, таш-дөбө-склептер[2], топурак мүрзөлөр, өлгөндү эске салуучу таш мололор, аскадагы чекме сүрөттөр, колодон, темирден, керамикадан, жыгачтан жана сөөктөн жасалган көптөгөн буюмдар калган[3] деп эсептелинип келгендигин маалымдайт (Сабля, 28).

Бирок Ю.С.Худяков аталган эстеликтер орто кылымдардагы кыргыз дөбөлөрүнөн (курганы) аябай эле айырмаланарын айтып, мунун өзү кыргыздардын Енисейге көчүү мезгили жөнүндөгү көнүмүш түшүнүккө шек туудурат дейт. Ал байыр-

---

[1] *Ө. Караев* бул маалыматты берүүдө Л.А.Евтюхованын эмгегине таянат: (*Л.А.Евтюхова.* Южная Сибирь в древности. «По следам древних культур». – М., 1954, 199-б.

[2] **СКЛЕП** – *м.* склеп (өлүк салынган табыт сакталуучу жер астындагы үй). Караңыз: *К.К.Юдахин*. 1957, 781-б.

[3] *С. В. Киселев*. Древняя история Южной Сибири // Материалы и исследования по археологии СССР. М.–Л., 1949, № 9, с. 264–265; *Л.Кызласов.* История Южной Сибири в средние века. – М., 1964, с. 15-17.

кы кыргыздар Енисейге Жужандардын тушунда көчүп келишкен деп маалымдайт.

Л.А.Боровкова гяньгундардын жери чыгыш Тянь-Шандан түндүккө карай Боро-Хоро тоо кыркаларынын жана Дзосотын-Элисун чөлүнүн айланасында деп эсептейт[1]. Ю.С.Худяков Л.А.Боровкованын бул версиясын чындыкка жакыныраак деп табат (Сабля, 32). Мындан да түндүгүрөөктө динлиндер жайгашкан.

Окумуштуу В.В.Плоских өзүнүн окуу китебинде хунндар б.з.ч. 49-жылы кайрадан кыргыздардын ээлеген жерине жүрүшкө чыккандыгын жана аларды багындыргандыгын маалымдап, кыргыздардын жайгашкан жери тууралуу: «Центр их расселения был в 7000 ли к западу от ставки хуннов в Хингае (Северная Монголия) и в 5000 ли к северу от Турфанского оазиса (Восточный Туркестан). Расстояние указывают (ли – 500 м.), что древнекыргызские земли находились тогда в Восточном Тянь-Шане у хребта Боро-Хоро. Есть немало свидетельств и в пользу того, что местами расселения кыргызов могли быть так же районы Западной Монголии (озеро Кыргыз-Нур)»[2], – дейт окумуштуу.

Ө.Осмонов өзүнүн окуу китебинде кээ бир окумуштуулар байыркы кыргыздардын жашаган территориясы Енисей, кай бирлери азыркы Түндүк-Батыш Монголиядагы Хыргыз-Нур (Кыргыз көлү) району деп эсептеп келишкендигин, өзгөчө акыркы көз караш Кыргызстандын тарыхында эң бир приоритеттүү экендигин маалымдайт[3].

Ошондой болсо да окумуштуулардын арасында мындан башка да божомол пикирлер жашайт.

**Миң-Суу (Минусинск) кыргыздардын экинчи, жаңы мекениби?** Айрым окумуштуулардын эмгектеринде Миң-Суу кыргыздардын жаңы, экинчи мекени деп берилет.

---

[1] *Б. А. Боровкова.* Запад Центральной Азии во II в. до н.э. VII в.н.э. – М., 1989. с. 62. *Л.А.Евтюхова.* Южная Сибирь в древности. «По следам древних культур». –М., 1954, 199-б.

[2] *В.В.Плоских.* История Кыргызстана (с древнейших времен до начала IX в.). – Б., 2006, 63-б.

[3] *О. Осмонов.* История Кыргызстана (С древнейших времен до наших дней). Учебник для высших учебных заведений. – Б., 1012, 87.

Ю.С.Худяков байыркы кыргыздар адегенде Тянь-Шанда жашап, Енисейге кийин жужандардын тушунда келишкендигин маалымдайт. Ю.С.Худяковдун пикири боюнча Миң-Суу – кыргыздардын экинчи мекени.

Ө.Караев гяньгундардын Хакас-Минусин ойдуңунда хунндардын тушунда пайда болгондугун маалымдайт. Окумуштуу байыркы гяньгунь уруусу Минусин ойдуңуна **хунндардын кысымы астында жер которуп келген же болбосо күчкө салып көчүрүлгөн болуш керек** деп божомолдойт. Бирок алар Миң-Суу ойдуңуна кайсы жерден көчүрүлүп келгендиги тууралуу аталган эмгегинде айтылбайт.

Ө.Осмонов б.з.ч. I кылымдын ортосунда хунндардын башчысы Чжичжи кыргыздарды багынтып, өзүнүн аскерлерин кыргыздын эр жүрөк аскерлери менен чыңдап алып, алардын жардамы менен Енисейдеги азыркы Минусин районунда жашаган урууларды багындыргандыгын, мына **ошол мезгилде кыргыздардын негизги бөлүгү («основной костяк») өздөрүнүн жаңы мекенинде туруп калышкандыгын** маалымдайт (2012, 87).

В.В.Плоскихтин окуу китебиндеги маалымат боюнча **б.з.ч. I кылымдын ортосунда кыргыздардын бир бөлүгү биринчи жолу Борбордук Азиядан өзүнүн жаңы мекенине кирип келишкен** (2006, 63). Бул дагы шанүй Чжичжинин өзүнүн аскерлерин байыркы кыргыздардын отряддары менен чыңдап алып, Ортоңку Енисейдеги Минусин ойдуңуна кирип келиши менен байланыштырылат.

Ошентип, жогорудагы окумуштуулардын маалыматтары боюнча Енисей кыргыздардын жаңы мекени катары берилген. Аталган окумуштуулардын пикирлери боюнча байыркы кыргыздар Енисейге өз каалоолору менен эмес, саясий окуянын негизинде көчүрүлүп келип, ошол жерде туруп калышкан, ошондуктан Енисей – байыркы кыргыздардын жаңы, экинчи мекени катары берилет. Төмөндө байыркы кыргыздардын Енисейге көчүрүлүп келингендиги тууралуу ой-жорууларга көңүл бурсак.

**Байыркы кыргыздардын Енисейге көчүрүлүп келгендиги тууралуу божомолдор.** Адегенде байыркы кыргыздардын Енисейге көчүрүлүп келгендиги тууралуу маалыматтарды карап

көрөлү. Жогоруда Ө.Караевдин байыркы кыргыздардын Енисейге гунндардын кысымы астында жер которуп келгендиги же болбосо күчкө салып көчүрүлүп келгендиги тууралуу маалыматы берилген эле.

В.В.Плоскихтин окуу китебинде байыркы кыргыздардын Енисейге келиши төмөнкүчө баяндалат. Шаньюй Чжичжи кыргыздарды багынтып алгандан кийин, өзүнүн аскерлерин кыргыздардын отряддары менен күчтөнтүп алып, Ортоңку Енисейдеги Минусин ойдуңунда жашаган динлиндерге кол салган. Б.з.ч. I кылымдын ортосунда кыргыздардын бир бөлүгү биринчи жолу **Борбордук Азиядан** өзүнүн жаңы мекенине кирип келишкен. Бирок хунндардын Ортоңку Енисейдеги бийлиги көпкө созулган эмес. Көп өтпөй хунндар азыркы Кыргызстандын территориясына көчүшкөн жана Талас өрөөнүндө туруп калышкан. Бул жерден алар кытай аскерлери (войско)[1] тарабынан кыйратуучу соккуга дуушар болушкан жана жеңилишкен. Шанүй Чжичжи колго түшкөн жана өлтүрүлгөн (63).

Ө.Осмонов да ушундай пикирде. Башкача айтканда, б.з.ч. I кылымдын ортосунда хунндардын башчысы Чжичжи өзүнүн аскерлерин кыргыздын эр жүрөк аскерлери менен чыңдап алып, Енисейдеги Минусин районунда жашаган урууларды багындырган. Мына ошол мезгилде кыргыздардын негизги бөлүгү («основной костяк») өздөрүнүн жаңы мекенинде туруп калышкан. Хунндар Енисейде көп кармалбастан, азыркы Кыргызстандын территориясына келип, Талас өрөөнүнө отурукташкан. Б.з.ч. 36-жылы кытайлыктар хунндарга кыйратуучу сокку урушкан. Чжичжи туткунга түшкөн жана өлтүрүлгөн (Аталган эмгекте, 87).

«Восточные авторы о кыргызах»[2] деген эмгекте динлиндер деген сөзгө түшүндүрмө берилген. Анда кыргыздардын Миң-Сууга Түндүк-Батыш Монголиядан келишкендиги маалымдалган: «Динлины – древнее население Центральной Азии,

---

[1] **ВОЙСКО** *ср.* войско, аскер. *К.К.Юдахин.* Русско-киргизский словарь, 1997, 91-б.

[2] Восточные авторы о кыргызах. Сб./Сост,. введ. и комм. О. Караева. – Б., «Кыргызстан», 1994, 11-б.

в том числе Минусинской котловины. Часть их ассимилировали кыргызы, **пришедшие из северо западной Монголии**».

Ошентип, жогорудагы маалыматтарда байыркы кыргыздардын Енисейге жер которуп келишкендиги жана ошол жерде отурукташып калышкандыгы айтылат. Көпчүлүк авторлордо кыргыздардын Енисейге келип отурукташып калуусу хунндар менен байланыштуу берилген. Айрым авторлордо алардын кайдан көчүрүлүп келишкендиги тууралуу да маалымат орун алган. Маселен, В.В.Плоских б.з.ч. I кылымдын ортосунда кыргыздардын бир бөлүгү биринчи жолу **Борбордук Азиядан** өзүнүн жаңы мекенине кирип келишкендигин маалымдаса, Ө.Караев түзгөн «Восточные авторы о кыргызах» деген эмгекте кыргыздардын Миң-Сууга Түндүк-Батыш Монголиядан келишкендиги баяндалат (11-б.).

Ошентип, хунндардын доорунда байыркы кыргыздар Енисейдин жогорку жагында жашап турушкан. Жогорудагы маалыматтардан көрүнүп тургандай, айрым окумуштуулар алардын бул жерге көчүрүлүп келгендигин айтышып, Миң-Сууну алардын жаңы мекени катары карашат.

Бирок, байыркы кыргыздардын мекени тууралуу ой-пикирлер бирдей эмес. Кыргыздардын байыркы тарыхы боюнча изилдөөлөрдө мындан башка пикирлер да жашайт. Айрым окумуштуулардын пикиринде кыргыздар Енисейдин эң байыркы калкы болуп эсептелет. Маселен, окумуштуулардын арасында байыркы кыргыздардын эзелтеден Енисейде, т.а., Миң-Сууда жашашкандыктары тууралуу божомолдор бар.

**Байыркы кыргыздардын теги – Енисейдеги байыркы малчылар.** Байыркы кыргыздардын жашаган территориясы тууралуу А.Н.Бернштамдын пикирин мурунку бөлүмдөрдө айткан элек. Анын пикири боюнча кыргыз урууларынын түзүлүшү Миң-Суу ойдуңундагы малчылардын түзүлүшү, өнүгүшү менен байланышкан узак мезгилди камтыйт. Ошол жерде жашаган малчылардын базасында кыргыз уруулары түзүлгөн. Бул кыргыз коомунун пайда болушун шарттаган.

А.Н.Бернштамдын версиясы боюнча, байыркы кыргыздар Енисейдеги байыркы малчылардын (скотоводы) базасында, Енисейдеги байыркы мал чарбачылыгынын пайда болу-

шу, түптөлүшү, өнүгүшү менен байланышкан узак убакыттын ичинде уруу катары түптөлүшкөн.

В.В.Бартольд да байыркы кыргыздар Енисейде жашашкан деп болжолдойт (бул тууралуу айтылган эле). Ал байыркы кыргыздардын коңшусу катары динлиндер (Tigling) аталарын белгилеп, алар «енисейлик остяктардын» бабалары деп эсептелерин айтып, мына ушундан улам кыргыздар Енисейде жашаган деп болжолдоого болот деп эсептейт[1].

Биз мына ушундай пикирлерге таянып, байыркы кыргыздар Енисейде хунндарга чейин эле жашап турушкан деген пикирге кошулабыз (бул маселеге дагы кайрылабыз).

**Кыргыздар Енисейде жана...** В.В.Бартольд байыркы кыргыздар **ал убакта Енисейде гана эмес, азыр Кыргыз-Нор көлү турган жерден түштүгүрөөк жакта жашашкан** деген божомол пикир айткан. Окумуштуунун мындай пикирге келишине – **кийин** (*белгилеген – Г.Ж.*) мусулман географтары тарабынан Турфанга жакын жерден түндүккө карай Енисейдеги кыргыздардын өлкөсүнө кеткен жол да сүрөттөлгөндүгү себеп болгон. Ал ошондой эле кытайлар көрсөткөн аралык чындыкка жакын болсо **байыркы кыргыздар Кыргыз-Нор көлү турган жерден түштүгүрөөк жакта жашашкан** дейт (178).

Ошентип, В.В.Бартольддун пикиринде, байыркы кыргыздар Енисейде гана эмес, Кыргыз-Нур көлү турган жерден түштүгүрөөк жакта да жашап турушкан. Окумуштуунун мындай пикирге келишине **кийинки** (*белгилеген – Г. Ж.*) материалдар себеп болгон.

Бичуринде: «Хунну, по азиатским историкам Дом Могуллхана, царствовал в западной половине Монголии; орда его стояла под Хангаем (близ Орхона); // владения его простирались от Калгана к северу за Байкал, к западу до Тарбагатайских гор»,[2] – деп берилген. Ал эми тарыхый булактарда гяньгундардын хунндардын батыш жагында турушкандыгы маалымданган.

Байыркы кыргыздардын аталган жерлерде жашап турушкандыгын тарыхый материалдар ырастап турат. Бирок, ба-

---

[1] *В. В. Бартольд.* 1996, 178.

[2] *Н. Я. Бичурин.* Собрание сведений. – Алматы, I, 1998, 30-б.

йыркы кыргыздардын ал жерлерде качантан баштап жашап турушкандыгы дагы тактоону талап кылат.

Эми дагы башка суроолор туулат. Енисей кыргыздары менен Тянь-Шань кыргыздарынын кандай байланышы болгон?

Бул тууралуу дагы окумуштуулар арасында пикирлер, божомолдор бар. Төмөндө сөз мына ушулар тууралуу.

## Енисей жана Тянь-Шань кыргыздары тууралуу ар кандай пикирлер

**Енисей жана Тянь-Шань кыргыздары тууралуу.** С.Абрамзон да кыргыз элинин жаралыш тарыхы Борбордук Азиянын этностук тарыхындагы талаш-тартышы көп өтө татаал аспектилерден экендигин белгилейт. Окумуштуу XVIII кылымдын экинчи жарымынан баштап бул маселе орус, батыш европа, чыгыш тарыхчыларынын, географтарынын жана хронисттеринин көңүлүнүн борборун ээлегендигин, кыргыздардын этностук тарыхын ар тараптуу изилдөөдө толгон-токой гипотезалар жаралып, ой-жоруулар жана божомолдор айтылып жаткандыгын маалымдайт[1].

Мына ушундай талаштуу маселенин көңүл чордонунда болушу, С.Абрамзон белгилегендей, «кыргыз» деген бирдей наам менен тарыхый булактарда эки этностук коомчулуктун: бири байыркы кезде – Түштүк Сибирде, Енесай боюнда, экинчиси кийинчирээк – Орто Азиянын чыгыш бөлүгүндө, Тянь-Шань жана Памир-Алай тоолорунда орун алганы жана да башка себептер менен түшүндүрүлөт (294).

А.Көчкүнов кыргыз элинин келип чыгышынын 16-кылымга чейинки тарыхы бир топ себептердин натыйжасында көңүлдөгүдөй чечилбей, ошол себептен бүгүнкү күндө окумуштуулардын арасында талаш-тартыштарды туудуруп келе жаткандыгын белгилеген. Ал: «Талаштын негизги маселелеринин бири – Енисей дарыясынын жогорку жагында, Минусин (муну

[1] *С. Абрамзон.* Кыргыздардын этногенетикалык жана тарыхый маданий байланышы. Китепте: Кыргыздар. 2, 1993, 294-б.

кыргызча Миӊ-Суу деп айтып жүрүшөт) өрөөнүндө биздин заманга чейин III–II кылымдарда кытай тарыхый булактары боюнча белгилүү болгон «кыргыз» деген аттын жана бул ат менен бара-бара аталган географиялык чөлкөмдө түзүлгөн элдин Тянь-Шань тоо кыркаларында бир кыйла замандан кийин пайда болгон кыргыздар менен (башкача айтканда биз менен) түздөн-түз байланышы барбы же жокпу деген суроонун тегерегинде сөз болуп жатат. Белгилей турган нерсе бул илимий маселе нары оор, нары татаал»[1], – деген.

Окумуштуунун бул пикири азыр деле актуалдуу. Бирок бул жерде окумуштуунун «Тянь-Шань тоо кыркаларында **бир кыйла замандан кийин пайда болгон кыргыздар**» (*белгилеген – Г. Ж.*) деген пикири да тактоону талап кылат.

Энесай[2] жана Тянь-Шань кыргыздарынын түпкү теги жайындагы маселе окумуштууларды көптөн бери эле көйгөйгө салып келаткандыгын Ю.Худяков да белгилейт. Ал акыркы жылдардагы талаш-тартыштар Энесайлык жана Теңир-Toолук кыргыздардын өз ара катышы, алардын урук-урку жагынын белгилүү байланыштары бар экени козголуп келаткан маселенин маанисин кашкайтып көрсөттү дейт.

Ю.Худяков кыргыз тарыхын изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү азыркы кыргыздардын урук-урку жагынан ошол Енесай боюн тургун кылган эзелки кыргыздардын урпагы дешерин маалымдайт.

Байыркы кыргыздардын Енисейде жашашкандыктары маалым. Бирок, кыргыздардын түпкү мекени тууралуу пикирлер, ошондой эле Енисей жана Тянь-Шань кыргыздары жана алардын карым-катышы тууралуу пикирлер ар түрдүү.

**С.Абрамзон кыргыз элинин этногенезин жана этностук тарыхын изилдөөдөгү багыттар жөнүндө.** Кыргыз элинин этногенезин жана этностук тарыхын изилдөөдө үч багыт пайда

---

[1] *А. Көчкүнов.* Н.Я.Бичурин Енисей кыргыздары тууралуу. Китепте: Кыргыздар, 1993, I , 72-б.

[2] *Ю. С. Худяковдо* Энесей деп берилгени сакталды. Караңыз: Енисей кыргыздарынын тарыхы: Энесай жана Теңир-Тоо. Китепте: Кыргыздар, 1993, I, 229-б.

болгондугун С.Абрамзон белгилеген (294–295-бб.). Биринчиси – окумуштуу А.Н.Бернштамдын кыргыздар Тянь- Шанга 1300–1400-жылга созулган (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) мезгил ичинде көп этаптуу көчүп келгендиги жөнүндө гипотезасы. Бул гипотеза монголдор басып алганга чейин эле кыргыздар Тянь-Шанда жашап турушкан деген ойду жактоочуларды жараткан.

Кыргыздар Тянь-Шанда, Памир-Алай тоолорунда байыртадан эле жашап турушкан деген көз караштагылардын багыты да А.Н.Бернштамдын гипотезасына жакындашат. Н.Я. Бичурин, Ч.Ч.Валиханов, Н.А.Аристовдор мына ушундай көз караншта болушкан. Бул багытты кийинки кездерде А.Х.Маргулан кеңири өнүктүргөн. Анын пикиринде Тянь-Шань тарапка көчүп келаткан айрым күчтүү топтор бул жерде жашаган элге да кыргыз деген наамын беришкен.

Экинчи көз караш – кыргыздардын негизги бөлүгү байыртадан бери эле ушул жерде жашаган деген пикир. Бирок кыргыздардын автохтондуулугу же негизги бөлүгү жашаган дегендин далили жок, анткен менен бул ой айрым бир теорияларга таянуу менен азыр да жашап келатат жана маселенин бул багыты Кыргызстандын айрым тарыхчыларына белгилүү таасир көрсөтүүдө дейт С.Абрамзон (295).

Үчүнчүсү – кыргыз этносу «Енисей-Иртыш дарыяларынын аралыгынан» эки-үч этаптуу көчүп келген жана бул кийинчерээк болгон, көчүп келүү 300–400 жылга созулган деген көз караш. Бул К.И.Петровдун изилдөөсүнөн улам келип чыккан.

Ошентип, кыргыздардын Тянь-Шандагы тарыхы боюнча бүгүнкү күнгө чейин бирдей көз караш жок. Айрым кыргыз тарыхчылары бул чиеленишкен татаал маселеде экинчи көз карашты карманышат.

Бул татаал маселеде биздин көз карашыбыз биринчи багытка туура келет жана төмөндө мына ушул көз карашты талдоого алмакчыбыз.

**Н.А.Аристовдун версиясы. Усундар – тянь-шандык кара кыргыздардын бабалары.** Енисейлик кыргыздар менен тяньшандык кыргыздардын бир мезгилде бир эл болгондугу жана алардын б.з.ч. III кылымына чейин экиге бөлүнүп, бир бөлүгү

Енисейде калып, кытайлар усундар деп атаган экинчи бөлүгү батыш Тянь-Шанга кетишкендиги тууралуу Н.А.Аристовдун мындай деп айтканын Ө.Осмонов өзүнүн эмгегинде мисалга келтирет:»...различные исторические, этнографические и другие данные ... побуждают пологать, что наличность на Енисее с древнейших времен до XVIII столетия народа того же имени, языка, наружности и обычаев, как тянь-шанские кыргызы составляли некогда один народ, разделившийся ранее III века до н.э. на две части, из которых одна осталась на Енисее до XVIII столетия, а другая, которые китайцы назвали усунями, подалась на юг ... в Западный Тянь-Шань»[1].

Байыркы кыргыздардын батыш Тянь-Шанда жашап турушкандыгы тууралуу Н.А.Аристовдун өзүнүн версиясы бар. Ал усундарды байыркы кыргыздардын бабалары деп эсептейт жана алардын батыш Тянь-Шанга көчүп келип туруп калышкандыгын маалымдайт.

Н.А.Аристов адегенде Монголиянын батыш жагында жашап турушкан усундар юечжилердин коңшусу болгондугун, кийин усундардын Гуньмосу чачыранды элин жыйнап, батыш Тянь-Шанга кетишкен юечжилердин артынан ал жерге барып жайгашып калышкандыгын баяндайт. Н.А.Аристовдун пикири боюнча усундар – батыш тянь-шандык кара кыргыздардын бабалары болуп эсептелет (Н.А.Аристовдун аталган эмгегинде. Бул тууралуу өзүнчө сөз болот).

**А.Н.Бернштамдын версиясы. Хунндар жана байыркы кыргыздар – Тянь-Шанда.** А.Н.Бернштамдын пикири боюнча цянькундар (байыркы кыргыздар) Тянь-Шанда да жашашкан. А.Н.Бернштам Енисейде байыркы малчылардын пайда болушу, калыптанышы жана өнүгүшү кыргыз урууларынын түзүлүүсүнө база болуп бергендигин жана бул процесс бир катар доорлорду башынан кечиргендигин маалымдоо менен бирге эле, цзянь-кундардын Тянь-Шань райондорунда да болгондугун маалымдайт. Мындай пикирди айтууда ал төмөндөгүдөй аргументтерди келтирет.

---

[1] Маалымат *Ө.Осмоновдун* окуу китебинен алынды. Караңыз: История Кыргызстана (С древнейших времен до наших дней). – Б., 2012, 88-б.

Б.з.ч. 49-жылы Кытайга кызмат өтөгүсү келбеген түндүк хунн шанүйү Чжи-Чжи (*А.Н.Бернштамда Чжи-Чжи деп берилген – Г. Ж.*) өзүнүн бийлигинин астында бириктирүү максатында түндүк урууларга, ошондой эле усундарга каршы согушка аттанган. Кытай булактары боюнча, усундарга каршы согуштун себеби – алар шанүй Чжи-Чжинин аларга союз түзүү үчүн жиберген элчисин өлтүрүп коюшканынан улам келип чыккан.

Усундардын сегиз миң атчандардан турган аскерлери аларды Чжи-Чжинин кыйратуучу соккусунан сактап кала алган эмес. Усундарды талкалаган соң, Чжи-Чжи түндүккө (б.а.Тянь-Шандан түндүккө) бурулуп, Уге урууларын (угралар, уйгурлар) талкалаган жана өзүнө баш ийдирген. Чжи-Чжи өзүнүн жортуулдарын динлиндерге каршы согуш менен аяктаган. Чжи-Чжинин бул жеңиштери түндүк хунндардын согуштук күч-кубатын абдан чыңдаган, анткени анын карамагына уге, гегунь (*байыркы кыргыздар – Г. Ж.*) жана динлиндердин аскерлери кошулган. Ушундан соң гана түндүк хунндар усундарга каршы согуш баштаган (А.Н.Бернштам, 175).

Ошентип, байыркы кыргыздар Чжи-Чжинин аскерлерине кошулуп, согуштарга катышышкан.

Н.Я.Бичуринде «Впоследствии Чжи-Чжи Шаньюй, покорив Гяньгунь, утвердил здесь свое пребывание, в 7000 ли от орды восточного Шаньюя на запад, в 5000 от Чешы на север; почему владетели сей страны впоследствии ошибочно Хягас называли Гйегу и Гйегйесы. Народонаселение простиралось до нескольких сот тысяч[1]; строевого войска 8000» (Собр.св., Алматы, 1998, I, 359-б.).

А.Н.Бернштам ошол мезгилдеги кытай булактары боюнча мындайча маалымат берет: «Чжи-чжи основывает среди племен цзянь-кунь, находящихся, по координатам китайского источника того времени, от ставки шаньюя (имеется в виду ставка шаньюев в Монголии, в районе Хангая) на 7000 ли на запад (следует понимать северо запад) и племен чеши на 5000

---

[1] *Н. Я. Бичурин* мындай түшүндүрмө берет: «надобно разуметь семейств». Аталган эмгекте. – Алматы, 1998, I, 359-б.

ли на север (чеши – это восточная часть современного Синьцзяна)»[1].

А.Н.Бернштам бул координаттар Енисейге эмес, бир топ эле батышка алып барарын белгилейт. Ал кайсы жер эле?

А.Н.Бернштам аны мындайча чечмелейт. Чжи-Чжи усундарды жеңгенден кийин, түндүккө бет алган. Тактап айтканда, ал түндүк Кыргызстандан Балхашты көздөй, угелерди талкалаган жерге келген. Угелер Или өрөөнү жайгашкан райондо, Заили же Жунгар Алатоосунда (*А.Н.Бернштамда Алатау деп берилген – Г. Ж.*) жашашкан болуу керек деп болжолдойт окумуштуу. «От племени уге на западе он разбивает войска цзян-кунь» (Аталган эмгекте, II, 1998, Б.,176).

Бул маалыматтар окуя Енисейде болбогондугун ачык-айкын айтып турат дейт А.Н.Бернштам. Анын пикири боюнча «Скорее всего здесь речь идет о Северном Прибалхашье» (1998, II, 176). Чжи-Чжи согушту динлиндерге кол салуу менен аяктайт. А.Н.Бернштамдын пикири боюнча ушул райондогу түндүк уруулар динлиндер деп аталышы мүмкүн, анткени кытайлыктар түндүктөгү бардык урууларды динлиндер деп аташкан. Мына ушундай талдоодон соң, А.Н.Бернштам бул жерде сөз Тянь-Шанга ыкташкан («тяготеющий») жерлерде жашаган кыргыздар тууралуу болуп жатат деген ойго келет. Ал: «...таким образом, **речь идет о части кыргыз, обитавших в районах, тяготеющих к Тянь-Шаню и его отрогам. Среди этих западных цзянь-кунь и утвердил Чжи-Чжи свою ставку»** (1998, 176), – дейт.

Ошентип, бул маалыматтар боюнча б.з.ч. 49-жылы байыркы батыш цзянь-кундарынын (байыркы кыргыздардын) бир бөлүгү Тянь-Шанга ыкташкан («тяготеющий») райондордо жашап турушкан.

Ошол жерден ал экинчи жолу түштүккө усундарга каршы согушууга аттанган. Ал жерден кангүй уруулук союзунун четжакаларында тынчтыкты сактоо максатында Таласка жарып

---

[1] *А. Н. Бернштам.* Аталган эмгекте, 176-б. Маалыматты берүүдө автор төмөнкү эмгекке таянат: Цяньханьшу, гл. 84б, л. 5а.

кирип барган. Кангүй түндүк хунндарды кангүйлөрдүн жана усундардын жерлеринин ортосуна буфер[1] түзүүгө чакырган.

Мына ушул жерден А.Н.Бернштам дагы бир фактыны мисалга келтирет. Биз аны сөзмө-сөз келтирели: «Когда кангюй отправили к Чжи-Чжи посольство в его ставку среди цзянькунь, и попросили оказать помощь, то Чжи-Чжи ответил согласием и «последовал со своим войском на запад к кангюй» (1998, 176; Собр.св., ч.I, 77). «Поход от цзянь-куня на усуней свидетельствует, что **племена древних кыргыз были в его войсках, и они достигли северного Притяньшаня и р. Талас. Этот поход был зимой 47–46 гг. до нашей эры»** (*белгилеген – Г. Ж.*) (1998, II,176).

Бул маалымат байыркы кыргыздардын хунндардын кошунунда болушкандыгын жана алар түндүк Тянь-Шандын алдына жана Талас суусуна жетишкендигин, ал эми бул согуш б.з.ч. 47–46-жж. болгондугун так айтып турат. Андан кийинки окуялар төмөнкүчө өнүгөт.

Ушундан кийин Чжи-Чжинин ордосу жогорку Талас («верхний Талас» – А.Б.) болуп калат. Ушул жерде Чжи-Чжи аскерлери менен б.з.ч. 36-жылы кытай полководецтери Чэнь Тан жана Гань Янь-Шоу тарабынан талкаланган (1998, II, 176)[2].

Демек, Чжи-Чжи жогорку Таласты өзүнүн ордосу кылат. Мына ушул жерде Чжи-Чжи өзүнүн аскерлери менен кошо кытай аскерлери тарабынан талкаланат. Албетте, Чжи-Чжинин аскерлеринин арасында байыркы кыргыздар да болгон.

Бул тарыхый окуя өзүнүн издерин калтырган. Кийин Талас өрөөнүндө табылган башкалардан айырмаланган катакомбалардагы[3] көргө коюу – мына ушул окуялар менен байланыштуу болгондугун көрсөткөн.

---

[1] **БУФЕР** *м.* буфер (2. *перен*. кагылышуудан сактоо үчүн эки нерсенин ортосуна коюлган нерсе). Орусча кыргызча сөздүк. А–И, 2012, 61-б.

[2] Бул маалыматты берүүдө *А.Н.Бернштам* төмөнкү эмгекке таянат: Цяньханьшу, гл. 70, л. 9а.

[3] **Катакомбы** *мн.* (*ед.* **катакомба** *ж.*) катакомба жер астында жасалган узун коридор. Кыргызча-орусча сөздүк. К–О, 2012, 275-б.

Ошентип, б.з.ч. 47-жылы түндүк хунндар менен кошо цзянь-кунь деп аталган байыркы кыргыз урууларынын кандайдыр бир бөлүгү биринчи жолу Тянь-Шань райондоруна кирип келишкен. Бул тууралуу А.Н.Бернштам: «Таким образом, 47 г. до н.э. является первой бесспорной датой проникновения какой-то части племен цзянь-кунь, вместе с северными гуннами на территорию Тянь-Шаня», – дейт (1998, II, 176).

А.Н.Бернштам ошондогу окуялар цзянь-кундардын бир бөлүгүнүн батышта калып жашап калуусуна себепкер болгондугун айтып, бул пикирин кытай маалымат булактары менен бекемдейт. Ал бул окуяларды «отмечает и китайский источник первой трети III века Вэйлио» – дейт (1998, II, 177).

Демек, жогорку маалыматтардан улам, б.з.ч. 47-ж. – цзянь-кундардын (байыркы кыргыздардын) кайсы бир бөлүгүнүн түндүк хунндар менен бирге биринчи жолу Тянь-Шанга кирип келиши деп белгилөөгө болот. Мына ушул окуялардан байыркы кыргыздардын (цзянь-кундардын) кандайдыр бир бөлүгүнүн ушул жерде калып жашап калышын шарттаган деген версиянын кытай жазма булактары менен бекемделиши да бул пикирдин чындык экенинен күмөн туудурбайт.

Албетте, мындай маалымат окумуштуулардын арасында ар кандай пикир, талаш-тартыш жараткан. Булар тууралуу А.Н.Бернштам мындай дейт: «Это показание Вэйлио, повторенное и китайской энциклопедией Вэнсяньтункао, известного китайского ученого Ма Дуань-линя, вызвало большой спор среди ученых, частью признавших, частью отвергавших правильность этого сообщения»[1].

Мына ушундай тарыхый булактарга таянып жана түндүк хунндардын б.з.ч. жүрүштөрүнүн маршруттарын анализдеп келип, А.Н.Бернштам булардын баары **«позволяют нам определенно предпологать наличие цзянь-кунь где-то в районе Тянь-Шаня»** деген жыйынтыкка келет. А.Н.Бернштам цзянь-кундардын аталган жерлерде б.з.ч. I кылымында гана болбостон, III кылымда да сакталгандыгын маалымдайт: «Видимо, они (*цзянь-куны – Г. Ж.*) были не только в I в. до н.э., но и сохра-

---

[1] *А. Н. Бернштам* төмөнкү эмгекке таянат: Вэнсяньтункао, 339, л. 5а.

нились еще и в III веке, ибо Вэйлио, источник, независимый от Цяньханьшу, снова говорит о западных цзянь-кунь» (А.Н. Бернштам, II, 177).

Мына ушул маалыматтардан улам А.Н.Бернштам төмөнкүдөй жыйынтыктарга келет: Биринчиден цзян-кундар (байыркы кыргыздар) өзүнүн тегерегиндеги уруулар менен гана эмес, түндүк хунндар менен да аралашкан (смешение); экинчиден, байыркы кыргыздар эки бутакка бөлүнүшкөн, биринчи чоң бөлүгү Енисейде калган (алардын базасында VI–X кк. кыргыз мамлекети түзүлгөн), ал эми экинчи бөлүгү Тянь-Шандын алдындагы райондордо жайгашып калышкан жана алар азыркы Кыргызстандын территориясына келишкен кыргыздардын биринчи бөлүгү болгон. А.Н.Бернштам алар **«явились первой частью кыргызских заселенцев на территории современной Киргизии»** дейт (1998, II, 177).

А.Н.Бернштам мындай жыйынтыктарга тарыхый жазма булактарга таянып, тарыхый маалыматтарды, б.а. хунндардын ошол мезгилдеги согуштук жүрүштөрүн, алардын маршруттарын талдап, ошондой эле археологиялык маалыматтарга таянып, андан соң ушундай жыйынтыктарга келген.

Ошентип, жогорудагы маалыматтар байыркы кыргыздардын Тянь-Шанда да жашашкандыгын ырастайт. А.Н.Бернштамдын версиясы боюнча хунндардын тарыхы баяндалган жазма булактарда байыркы кыргыздардын бир бөлүгү Тянь-Шанга ыкташкан жерлерде жашап турушкан жана б.з.ч. 47-жылы цзянь-кундардын кайсы бир бөлүгү хунндар менен кошо Тянь-Шандын территориясына келишкен жана ошол жерде жашап калышкан.

Ошентип, байыркы кыргыздар б.з.ч. 47-жылы эле Тянь-Шань территориясына келип жашап калышкан.

**Жыйынтык.** Жыйынтыктап айтканда, хунндардын заманында б.з.ч. 201–209-жылдары кыргыздардын жазма тарыхы башталган. Бул мезгилде кыргыздар байыркы Енисейдин жогорку агымындагы жерлерде жашап турушкан. Кыргыздардын бир бөлүгү Тянь-Шанга ыкташкан райондордо жашашкан. Бул гун шанүйү Чжичжынын башчылыгы менен 49-жылы

хунндардын ал жерди басып алышы менен жазма булактарга катталып калган. Шанүй Чжичжы бул жерде, б.а., батыш цзянькундардын (байыркы кыргыздардын) арасына өзүнүн ордосун орноткон. Анда кыргыздар жашаган территория биринчи жолу так берилген. Тактап айтканда, б.з.ч. 47-жылы кыргыздар уруулары хунндардын аскерлерине кошулуп, Тянь-Шандын территориясына кирип келишкен жана ошол жерде жашап калышкан. Бул – Тянь-Шанга келип жашап калган биринчи кыргыздар болгон. Кыргыздардын (цянь-кундардын) аталган жерлерде б.з.ч. I кылымында гана болбостон, III кылымда да сакталгандыгы тууралуу маалыматтар бар.

Мындай көз караштарга Анвар Байтурдун пикири үндөшөт.

**Анвар Байтур байыркы Тянь-Шань кыргыздары тууралуу.** Анвар Байтур: «Көптөгөн байыркы тарыхый маалыматтарда Тянь-Шань кыргыз урууларынын эң түпкү ата-бабалары жаңы эранын I кылымдарынан баштап бул райондо жашагандыгы тилге алынат», – деп белгилейт. Ал аны мындайча түшүндүрөт. Жаңы эранын 91-жылы Хан империясы аскер жиберип, Эне-Сай (*автор ушундай берген – Г. Ж.*) кыргыздарына бийлик жүргүзүп жаткан уннуларды (*хуннулар – Г. Ж.*) Алтай тоолорунун батыш тарабында талкалаган. Ошону менен уннулар бул жерден конуш оодарып, азыркы Иле, Талас өзөндөрү жана Ысык-Көлдүн жээктеринде жашаган уйсундардын (*усундар болуу керек – Г. Ж.*) журтуна качкан[1]. Бул маалыматтарды берүүдө окумуштуу кытай жазма булактарындагы материалдарга таянган.

Анвар Байтур кытай жазма булактарына таянып, Эне-Сайдагы кээ бир кыргыз уруулары уннуларды ээрчип, кээ бир уруулар болсо уннуларды кубалап, Тянь-Шань тоолорунун айланасына келген болуу керек деп болжолдойт. Алар бул райондо жашаган уйсун, теленгит сыяктуу уруулар менен узак заманда аралашып, алардын кээ бир урууларын өзүнө асси-

---

[1] *Анвар Байтур.* Тянь-Шань кыргыздары. Китепте: Кыргыздар. – Б., I, 1993, 264-б. Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгектерге таянган: кийинки Хан жылнаамасы, Юан-ан шежиреси.

миляция кылган болуу керек. Мунун анык далили уйсун жана теленгит урууларынын кийинки кыргыз урууларынын ичиндеги чоң уруулар болуп эсептелгендиги болот дейт Анвар Байтур (Тянь-Шань кыргыздары. Китепте: Кыргыздар. I, 264).

Анвар Байтурдун пикири боюнча Жаңы эранын 1-кылымдарында, мындайча айтканда, кыргыз уруулар бирикмеси түзүлгөн соң айрыкча жаңы эранын 5-кылымдарынын аягы, 6-кылымдарынын башында Эне-Сай кыргыз каганаты курулган соң анын таасири түрк тайпаларынын ичинде эң чоң орунга ээ болгон. Ошондуктан бул доордо Тянь-Шань, Памир тоолорунун айланасы жана Орто Азия райондорунда жашаган бир канча түрк уруулары кыргыздарга ассимиляция болуп, кыргыз уруулары деп эсептелген, булардын ичинде коңурат, кыпчак, саксын деген уруулар бар. Коңурат уруусу – адепки убакыттарда Тянь-Шандын айланасында жашаган огуз тайпасынын бир бөлүгү болгон[1].

Хансуча байыркы маалыматтарга караганда огуздар адепки убакыттарда Комулдун башы, Кара шаардын (Кенгит) түндүк тараптары, Бугда тоосунун (Тянь-Шань тоосунун деген сөз. Адегенде «Бугда» деген сөздөн келген мааниси «теңир» деген сөз. Ошондуктан «Тянь-Шань» жана «Теңир тоо» деп да аталат) айланасында кыргыздар менен бирге жашаган[2].

Анвар Байтурдун мындай маалыматтары да – кыргыздардын байыркы тарыхы, өзгөчө тянь-шандык кыргыздардын байыркы тарыхы, енисей кыргыздары менен тянь-шандык кыргыздардын байланышы, карым-катышы ж.б. тууралуу баалуу маалыматтар.

Ошентип, жаңы замандын 91-жылы Кытай империясынын аскерлери хунндарды Алтайдын батышында талкалаган соң, алардан качкан хунндар менен кошо кыргыздар Тян-Шань райондоруна келип туруп калышкан жана ал жердеги айрым урууларды өзүнө ассимиляция кылышкан.

---

[1] *Анвар Байтур* бул маалыматтарды төмөнкү эмгекке таянып жазган: Муктасар тарых кавми түрки.1-т., 44-б.

[2] *Анвар Байтур* бул маалыматтарды төмөнкү эмгекке таянып жазган: Сүй жылнаамасы, Төөлөстөр. Китепте: Кыргыздар, I,1993, 264–265.

Жогорудагы маалыматтар кытай жазма булактарынан алынгандыгын окумуштуулар баса белгилешет жана кытай булактарына шилтеме беришет.

**Башка булактар.** Б.Урстанбеков жана Т.Чороев түзгөн «Кыргыз тарыхы» боюнча кыскача энциклопедиялык сөздүктө[1] Чжичжи шанүй тууралуу маалымат берилген. Анда б.з.ч. 49-жылы Чжичжи шанүй бийлик үчүн күрөшүн улантып, жаңы жерлерге жортуул жасагандыгы жана гяньгундарды (түндүк-батыш Монголия), динлиндерди (Саян тоолору) каратып алгандыгы айтылат. Чжичжи шанүй Теңир-Тоо аймагын ээлеп алуу үчүн усундарга каршы Кангүй мамлекети менен (азыркы түндүк-чыгыш Казакстан) келишим түзгөн. Чжичжи шанүйдүн усундарга каршы жортуулу жолдо аскерлери суукка кайыгып кырылып калгандыктан (3 миң аскери менен Кангүй мамлекетине жеткен) ишке ашпай калган. Чжичжи шанүй баштаган кангүй-хунну аскерлери усундардын байтактысы – Чигу шаарын (Ысык-Көл боюнда) өзүнө каратып алган. Ал Талас шаарына чеп курдурган (194).

**С. Абрамзондун Тянь-Шандагы кыргыз эли тууралуу пикири.** С.Абрамзон, жогоруда айтылгандай, кыргыздардын Тянь-Шандагы тарыхы боюнча үч багытты белгилейт. Ошону менен бирге эле Тянь-Шандагы кыргыз элинин жаралышы жөнүндө мындай дейт: «Чындыгында, Кыргыз эли (*китепте баш тамга менен жазылган – Г. Ж.*) жергиликтүү жана көчүп келген элдердин этникалык тыгыз байланышынан жаралган. Анын башкы өзгөчөлүгү, айтылып жүргөндөй, «көп кырдуулугу» кыргыздардын этникалык тарыхы Борбордук Азиядагы, Түштүк Сибирдеги, Орто Азиядагы, азыркы Казакстандын чөл кеңдиктериндеги этникалык кубулуштардын ар түрдүү мүнөздөгү байланыштарынан барып жаралгандыгын эске албоо кыйын» (которгон – Токтобай Мүлкубатов) (295).

Биздин оюбузча, Тянь-Шандагы кыргыздардын байыркы жана кийинки тарыхы, алардын Енисей кыргыздары менен

---

[1] *Б. Урстанбеков, Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. – Ф.: КСЭ, 1990, 194-б.

болгон байланышы өзүнчө илимий иликтөөлөрдүн объектиси болуп, кылдат иликтөөлөргө алынышы зарыл. Ошондо гана Тянь-Шань кыргыздары тууралуу жогорку маалыматтар илимий жактан тастыкталып, аталган маселе боюнча жаралган көптөгөн суроолорго жооптор алынат деген ойдобуз.

А.Н.Бернштам: «История кыргыз и история Кыргызстана – по существу две разные исторические проблемы, связанные с разными видами источников» (*китептегидей берилди – Г. Ж.*) (Избр.тр., II, 1998, 11) – деген.

Биздин максатыбыз – Кыргызстандын тарыхын эмес, белгилүү бир мезгилдеги кыргыздардын жана алардын жазуусунун тарыхын иликтөө болгондуктан, мына ушул маселелерге тиешелүү маалыматтарга гана токтолобуз.

Албетте, биз жогоруда белгилегендей, Тянь-Шань кыргыздарынын байыркы тарыхы тууралуу мындан башка да пикирлер бар. Бул – кыргыздар Енисейге келгенге чейин Тянь-Шанда жашап турушкан, Енисейге кийин келишкен деген пикир. Төмөндө мына ушул көз караш тууралуу сөз болмокчу.

**С.Ю.Худяковдун пикири.** Ө.Осмонов «Хань Шу» эмгегинде («Хань династиянын тарыхы») байыркы кытай тарыхчысы Бань Гунун (б.з. I кылымы) мындай деп жазганын мисалга келтирет: «Хунн теңиркутунун ордосу кыргыздардан чыгышка карай 7 миң ли (ли – 500 м.)». Мына ушундай маалыматка таянып, Ю.С.Худяков, Л.А.Боровкова жана азыркы кыргыз тарыхчылары мындай деп эсептешет дейт Ө.Осмонов: «...прародиной кыргызов в I в. до н.э. был регион Восточного Теңир- Тоо – территория севернее теперешних городов Манас, Кара- Шаар в современном Восточном Туркестане, а также севернее горного хребта Боро-Хоро»[1].

С.Ю.Худяковдун пикири боюнча кыргыздар Енисейге кийин барышкан, башкача айтканда, кыргыздар Енисейге келгенге чейин Тянь-Шанда жашап турушкан. Окумуштуу кыргыздардын Енисейге келиши жужандардын (*автордо ушундай берилгени сакталды – Г. Ж.*) бийлигинин тушунда болгон деп эсептейт.

---

[1] Маалымат *Ө. Осмоновдун* «Кыргызстандын тарыхы» аттуу эмгегинен алынды. 87-б.

С.Ю.Худяковдун маалыматы боюнча кыргыздар Миң-Суу (Минусинск) талааларына өз каалоолору менен келишкен эмес. Б.з. V кылымынын башында иегу деген ат менен белгилүү болгон кыргыздарды жужандар басып алган. Алар Борбордук Азияда Жужан каганатын түзгөн байыркы монгол көчмөндөрү эле. Бул мезгилде кыргыздар гаогюйлук динлиндер уруусунун конфедерациясынын составында болушчу. Жужандарга каршы 150 жылдын ичинде динлиндер бир нече жолу көтөрүлүшкөн. Бирок жужандар динлиндерге каршы күрөштө өзүлөрүнө көз каранды абалда болгон Ашина уруусу башында турган түрк уруусун пайдаланышкан жана динлиндерди багындырышкан. Жужандар кол алдындагы урууларды алсыздандырыш үчүн байыркы Ашина түрктөрүн Алтай тоолоруна көчүрүшкөн. Алар ал жактан темир өндүрүп жиберип турушмак.

С.Ю.Худяковдун божомолу боюнча, мына ушул V кылымда жужандар кыргыздарды өзүлөрү багындырган Енисейдеги жерлерге жайгаштырган: «Вероятно, тогда же, в V веке жужани поселили кыргызов на вновь завоеванных землях на Енисее. Так кыргызы оказались в Минусинской котловине» (Сабля, 36).

Аларга башкаруучу (правитель) болуп байыркы Ашина уруусунан, жужандарга ишенимдүү вассал Цигу коюлган (36)».

Ошону менен көп кылымдарга созулган динлин-гяньгунь союзу бузулган. Кыргыздар ушул мезгилден баштап Абакан жана Енисей сууларынын ортосундагы жерлерде жашап калышкан.

С.Ю.Худяков аталган маалыматты мындай деп толуктайт: кыргыздар б.з. VI кылымынан тартып, Саян тоосунун түндүгүндөгү Ортоңку Энесай (*С. Ю. Худяков Энесай деп берген – Г.Ж.*) жерин байырлап турушкан.

Ошентип, кыргыздардын бул жерге келишин С.Ю.Худяков жужандардын бийлиги менен байланыштырат. Ал муну ак сөөк түрк будундарынын бири – Ашина уруусунун жазма санжырасы ырастайт дейт. Анда Надулу-Шаддын Цигу (кыргыз) аттуу бир тууганы «Афу жана Гянь сууларынын ортосунда (Абакан менен Енисейдин), азыркы Койбал талаасында падышалык кылгандыгы айтылат. Бул иш V кылымдын

этегинде – VI кылымдын башталышында, б.а., жужан каганы түрктөрдү «Алтай тоосунун түштүгүнө» көчүрүп келгенден кийин болушу мүмкүн[1].

Бирок жужандардын бийлиги көпкө созулган эмес, алар 150 жылдай гана бийликте турушкан. VI кылымдын жарымында жужандар түрктөр тарабынан талкаланып, натыйжада Улуу Түрк каганаты орногон.

Ошентип, жогоруда белгиленгендей, Ю.С.Худяковдун эмгегинде байыркы кыргыздардын Енисейге жужандардын тушунда келишкендиги айтылат. Анын пикири боюнча Енисей – байыркы кыргыздардын жаңы мекени. Ю.С.Худяков Енисейге чейин кыргыздардын сегиз кылым бою Чыгыш Тянь-Шандын түндүк жагындагы жерлерде жашашкандыгын маалымдайт. Бул жер – байыркы көчмөн маданиятынын, өнүккөн соода жолунун, дыйканчылык оазисинин[2] жана шаарларынын жери болгон дейт (37).

Албетте, ар бир окумуштуунун иликтөөлөрү, тигил же бул маселелер боюнча ойлору, божомолдору, версиялары жашоого толук укуктуу. Талаштан тактык жаралат дегендей, кыргыздар жана алардын жазуулары боюнча тарыхый булактар, илимий иликтөөлөр, археологиялык маалыматтар ж.б. ар кандай табылгалар окумуштуулар тарабынан кылдат иликтенип, акырында илимий жактан тастыкталган кыргыздардын байыркы жана андан кийинки тарыхы жазылып, бул боюнча актай барактар бара-бара жоюлат деген ойдобуз.

Албетте, кыргыздардын тянь-шандык тарыхы илимий жактан иликтениши, такталышы зарыл.

Кыргыздардын енисейлик жана тянь-шандык жалпылыгы тууралуу айтылган пикирлерге айрым окумуштуулар макул эмес. Төмөндө сөз мына ушул тууралуу болмокчу.

**Талаш-тартыштар, сын пикирлер.** А.Н.Бернштамдын Енисей кыргыздары менен тянь-шандык кыргыздардын бир мезгилде бир эл болгондугу жана алардын б.з.ч. III к. чейин

---

[1] *Ю. Худяков.* Енисей кыргыздарынын тарыхы. Китепте: Кыргыздар. 1993, I, 193-б.

[2] **Оазис** *м* 1. оазис (какшыган чөлдөгү көк жайык жер). Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2012, 489-б.

экиге бөлүнүп, бир бөлүгү Енисейде калып, кытайлар усундар деп атаган экинчи бөлүгү батыш Тянь-Шанга кетишкендиги тууралуу пикири (бул тууралуу жогоруда айтылган) ага карата каршы пикирди жараткан.

Мисалы, Ю.С.Худяков А.Н.Бернштамдын мындай пикирине кошулбайт. Ал: «Тээ эртеги темир доорунда, б.з. I миң жылдыгында Енесай менен Теңир-Тоону жердеген будуңдар этномаданий бир жалпылыкты түзгөн деп айтышкан Н.А.Аристовдун, А.Н.Бернштамдын жоромолдору айласыз эскирди», – дейт.

Ю.С.Худяков А.Н.Бернштамдын Борбордук Азиянын эзелки калкын бир бүтүн этнос катары карап, хунн, сяньби, жужан, түрк, уйгур будуңдарынын аламан жапырыктарынан экиге бөлүнүп, биздин замандагы I миң жылдыктын этегинде гана кыргыздардын бир жамаатынын Энесайдан Теңир-Тоого көчүп келиши менен «кайра кошулган» деп эсептегендигин, ошондой эле А.Н.Берншам кыргыздарды Орто Азияда реалдуу жашаган түрк тилдүү калк эмес, көбүнесе динлиндердин «абий көздүү, сары чачтуу» тукумдары катары сөз кылгандыгын айтып, анын бул пикирине кошулбайт.

Ю.С.Худяковдун пикиринде тарыхтагы динлиндер Энесайды да, Теңир-Тоону да дегеле байыр кылган эмес, Монголияда жашап, б.з. V кылымында гяньгундар менен «аралашып» кетишкен (Енисей кыргыздарынын тарыхы. Китепте: Кыргыздар. I, 1993, 236). Ю.С.Худяков бул тууралуу өзүнүн версиясын берген (*бул тууралуу жогоруда айтылд*ы).

Көрүнүп тургандай, аталган маселе боюнча окумуштуулардын ой жоруулары бирдей эмес, ар башка. Мунун өзү бул маселенин өтө татаалдыгын көрсөтүп турат. Аталган проблема ар тараптуу, кылдаттык менен терең изилденип чыгышы зарыл.

Н.А.Аристов жана А.Н.Бернштамдын ой жоруулары тууралуу Ю.С.Худяков өзүнүн пикирин билдирип жатып: «Андан калса алардын айткандары аталган маселеге тикелей байланышпайт, неге дегенде ошондогу гяньгунь-кыргыз деген ким болгондугун аныктап чыгуу кыйын», – дейт (Аталган эмгекте, 236).

Ырас эле, аталган маселе боюнча абдан көп нерселер бүдөмүк бойдон калууда. Анткени байыркы кыргыздар жөнүндөгү баяндарда так даталар аз, андагы жерлердин көпчүлүк атта-

ры азыркы учурдагы жерлердин аттарына дээрлик туура келбейт, ошондон улам ар башка пикирлер, божомолдор жана божомолдор…

Бирок дүйнөнү дүңгүрөткөн державалардын тарыхында кездешкен кыргыздар жөнүндөгү маалыматтардын, кыргыздардын тарыхын изилдеген окумуштуулардын иликтөөлөрүнүн жана археологиялык казууларда табылган материалдардын ж.б. негизинде байыркы кыргыздардын тарыхын жана кыргыз жазуусунун тарыхын таап, системалуу баяндап берүү менен бирге андан ары илимий иликтөөлөрдү улантуу керек.

**В.В. Плоских.** Бирок тарыхый маалыматтардан башка да булактар бар. В.В.Плоских бул тууралуу мындай дейт: «Вообще надо отметить, что исторические хроники крайне редко упоминают о кыргызах. А история древних кыргызов I–V вв. совсем не освещала в письменных источниках. Пробел восполняет археологические исследования. Они свидетельствуют, что местное енисейское население – европеоидные динлины – перемешались с пришельцами из Центральной Азии уже в I в.н.э.» (Аталган эмгекте, 64). Бул маалымат боюнча енисейлик европеоиддик динлиндер Борбордук Азиядан келген уруулар менен ассимиляцияланышып кетишкен.

Ошентип, аталган маселе боюнча бирдиктүү пикир жок.

Албетте, кыргыздардын байыркы тарыхын изилдөөгө алып, ал боюнча далилдүү факты-материалдарды мүмкүн болушунча өз мезгилине жараша мисалга келтирип, аталган маселе боюнча өз пикирлерин, гипотезаларын айтып, кагаз бетине түшүргөн окумуштуулардын эмгектери баалуу жана кыргыз тарыхын изилдеген окумуштуулар тарабынан эске алынууга тийиш. Ошондой болсо да буга чейинки болгон бардык маалыматтарга анализ жүргүзүп, андан ары аны улантып, тарыхый, археологиялык, этнографиялык, лингвистикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү жана кыргыздын байыркы жана кийинки тарыхындагы талаш-тартыштуу, башы ачыла элек маселелерге ачыктык, айкындык киргизүү, кыргыз тарыхынын актай барактарын азайтууга аракет кылуу – кыргыз окумуштууларынын алдындагы кечиктирилгис милдет. Бул жагынан активдүү аракеттер кыргыз илимпоздору тарабынан жасалат деген үмүттөбүз.

## ДАГЫ БИР ЖОЛУ КЫРГЫЗДАРДЫН ЭҢ БАЙЫРКЫЛЫГЫ ТУУРАЛУУ

**Кыргыздардын байыркылыгын билүүдө – түрк тилдеринин тарыхынын ролу.** В.В.Бартольд хунндар жөнүндө кеп козгоп жатып, ошо мезгилдеги кыргыздар тууралуу баалуу маалыматтарды берген. В.В. Бартольд кыргыздар Орто Азиянын эң байыркы элдеринин бири, болгондо да **Орто Азияда жашап жаткан элдердин ичинен тарыхта кыргыздардай аты эрте жолуккан бир да эл жок болуш керек** (*белгилеген – Г. Ж.*),[1] – деген.

Ю.С.Худяков бул (гяньгунь же цзяньгунь) – түрк бүлөсүнө кирген тилдерде сүйлөгөн элдердин ичинен учураган эң байыркы аталыш дейт. Окумуштуу: **«Название кыргызов древнее на несколько столетий, чем само слово «тюрки», по имени которых получила вся языковая семья»** (28), – дейт.

И.Бичурин, Ч.Валиханов, В.Радлов, С.Малов, М.Ауэзов, А.Н.Бернштам, С.Абрамзон сыяктуу окумуштуулардын эмгектеринен улам кыргыздардын Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин бирине кире тургандыгы адабияттарда маалым болду дейт А.Эркебаев. Ушул эле көз караш Б.Солтоноевдин, А.Байтурдун, О.Караевдин, В.Худяковдун, Т.Чоротегиндин эмгектеринде жана коллективдүү «Кыргызы и их предки», «История кыргызов и Кыргызстана» монографияларда жаңы далилдөөлөргө ээ болгондугун айтып: «К сожалению, **до сих пор не принимался во внимание или, во всяком случае, недостаточно учитывался другой существенный факт, подтверждающий древность происхождения киргизов»**,[2] – дейт. А.Эркебаевдин бул пикири азыр деле актуалдуу.

Айрым окумуштуулардын эмгектеринде байыркы кыргыздардын хунндардын заманына чейин эле жашашкандыгы тууралуу дагы пикирлер бар. С.Я.Худяков **кыргыз урууларынын хунндарга багынганга чейин эле Борбордук Азияда жашап**

---

[1] *В. В. Бартольд.* Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. Фонд «Сорос – Кыргызстан», Изд-во «Шам», 1996,176-б.

[2] *А.Эркебаев.* Малоизученные страницы истории киргизской литературы. – Б., 1999, 14-б.

**келишкендигин** (*белгилеген мен – Г.Ж.*) айткан. Бирок жазма булактарда  бул тууралуу эч кандай маалымат сакталган эмес (Сабля, 31).

Кыргыздардын байыркылыгын билүүдө түрк тилдеринин тарыхы, анын ичинде кыргыз тилинин орду жана алардын түрк урууларынын үч улуу көчү менен байланышын, карым-катышын салыштыруу да жардам берет.

В.В.Радлов түрк тилинин үч мезгил боюнча бутактанышын түрк урууларынын үч улуу көчү доорлору менен салыштырып, алардын бири-бири менен карым-катышын байкаган.

Алтай жана Саян тоолору жана аларга ыкташа жайгашкан жерлерде жашаган азыркы түрк уруулары (түштүк Алтайдагы кыргыз-казактарды жана сибирь татарларын кошпогондо) үч урууга  бөлүнөт (Н.А.Аристов, 137):

1) Алтайлыктар (орустарда – «калмыки») же теленгиттер жана телестер, кумандылар, «лебединцы». Н.А.Аристов: «Алтайцы говорят тюркским наречием, имеющим отпечаток глубокой древности, но в языке их много монгольских слов, совершенно впрочем, переработанных на тюркский лад», – дейт (137);

2) Экинчи топко төмөнкүлөр кирет: качындар, сагайлар жана кызылдар. Кыргыздар кетери менен анын Абакандагы жерлерин качындар жана сагайлар ээлешкен, алар мурун кыргыз жана телеут тилдеринин күчтүү таасири тийген наречиеде[1] сүйлөшкөн. Кызылдардын наречиеси качындарга жакын болгон. Н.А.Аристовдун маалыматы боюнча: «Наречие черневых татар стоит близко к алтайскому, но особенности их языка показывают, что это – самоедское племя, отуреченное кыргызами». Шор наречиеси сагайларга жакын ж.б. (138).

3) Саяндар (сойондор, сойоттор, монголдордо – урянхайлар). Саяндардын тили уйгурлардыкына жана якуттардыкына окшош. Алар өздөрүн Саяндын түндүгүндө жашаган теги самоеддерден турган уруулар сыяктуу эле тува же туба деп

---

[1] **НАРЕЧИЕ** – I *ср. линг.* наречие (бир улуттун элдик тилинин ичиндеги майда бутагы). Караңыз: *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк. 1957, 395-б.

аташат жана «стало быть представляют собою отуреченных самоедов» (Н.А.Аристов, 138).

Жогоруда белгилегендей, В.В.Радлов мына ушул аталган үч топтон анын үч доорго болгон катышын байкаган: «Когда мы сравним между собою языки вышеназванных тюркских племен, то видим ясно обозначающимися три периода разветвления тюркского языка, которые имеют очевидное соотношение к трем великим народным переселениям тюркских племен: я разумею хунну, тукию и уйгуров. Древнейшяя ветвь подвигавшихся с юга тюркских племен выказалась в языках алтайцев и телеутов, вторая, или **ветвь периода тукию – в языках кыргызов, сагайцев, шорцев и черневых татар** (*белгилеген – Г. Ж.*), и младшая, или ветвь уйгурского периода, – в языках сойонов, карагассов и якутов»[1].

Жогорудагы аталган уруулар тууралуу тарыхый маалыматтар өтө эле жарды болгондуктан, В.В.Радловдун ушул уруулардын үч тобу боюнча жүргүзүлгөн көп жылдык эмгегине таянып, Н.А.Аристов алтай-саян түрк урууларынын саны жана жашаган жери тууралуу маалыматтарды берген. Окумуштуунун пикири боюнча, аталган топторго бөлүү – бул уруулардын келип чыгышын, алардын мурунку тагдырын билүүгө жардам берет (138).

В.В.Радловдун жана Н.А.Аристовдун мындай иликтөөлөрү байыркы кыргыз элинин жана тилинин илгерки тагдырын, тарыхын, келип чыгышын аныктоого жардам бере турган булактардан болуп эсептелет.

Бирок Н.А.Аристов алтай-саян түрктөрүнүн белгилүү бир тарыхый доорлорго карата үч группага тармактанышына каршы. Ал: «Конечно, лингвистические и исторические данные дают достаточные основания почитать алтайцев прямыми потомками коренных тюрков, а вторую и третью группу – двумя от коренных тюрков ответвлениями, но, как увидим ниже, есть достаточные данные пологать, что не только хунны и тукиюесцы, но также уйгуры и **кыргызы существовали в очень**

---

[1] Маалымат Н.А.Аристовдун эмгегинен алынды. Караңыз: Аталган эмгектин 138-бети.

отдаленные, можно сказать доисторические времена, задолго до владычества в Монголии не только тукиюесцев, но и хуннов» (*белгилеген – Г. Ж.*) (Н.А.Аристов, 139). Бул пикир боюнча байыркы кыргыздар хунндардан да мурун жашашкан.

А.Н.Бернштам эң кийинки тарыхый жазма жана археологиялык материалдар боюнча ортоңку жана жогорку Енисейде жашашкан «племена цзянь-кунь[1] выступают как скотоводы, населявшие средний и верхний Енисей и являвшиеся аборигенами данного края. Совершенно очевидно, что они явились в результате какого-то сложного исторического процесса, на базе которого к III веку до н. э. уже сложились кыргызские племена», – дейт (1998, II, 159).

Мына ушунун өзү бизди кыргыздардын уруулары, чарбасы жана маданияты түзүлгөн байыркы ата мекенинин тарыхына кайрылууга аргасыз кылат дейт А.Н.Бернштам. Ал эми бул тарых «уводит нас в глубокую древность, к той поре, когда история фиксирует на Енисее начало сложения скотоводческого хозяйства» (II, 1998, 159).

Бул маалыматтар боюнча б.з.ч. III кылымда кыргыз уруулары уруу катары түзүлүп калган, ал эми алардын байыркы ата мекенинин тарыхы эң эле байыркы доорлорго – Енисейде мал чарбачылыгынын алгачкы түзүлүү мезгилине алып барат.

Енисейдеги байыркы малчылардын издери б.з.ч. 2-миң жылдыкка тиешелүү. Бул доор тарыхта афанасьев маданияты деген ат менен калган.

Мурунку бөлүмдөрдө Миң-Суу ойдуңуна мүнөздүү болгон афанасьев, андронов, карасук, тагар, таштык маданияттары тууралуу сөз кылганбыз. Таштык маданиятынын материал-

---

[1] Цзянь-кунь – кыргыздын кытайча берилиши. П.Пеллиот цзянь-кунь деген сөзгө төмөнкүдөй түшүндүрмө берген: цзянь-кунь – это монгольская форма передачи названия имени киргиз в единственном числе, известном китайцам через гуннов. P.Pelliot. Journal Asiatique, XV, стр. 137. Маалымат А.Н.Бернштамдын эмгегинен алынды. *А.Н.Бернштамдын* аталган эмгеги, II, 1998, 159-б.

[2] Караңыз: Маалымат *Ө.Осмоновдун* эмгегинен алынды. Аталган эмгек, 166–167-бб.

дык эстеликтери да байыркы кыргыздардын жашоо-турмушу тууралуу маалыматтарды камтыгандыгы айтылган.

«Ханзу жазмаларында» кыргыздардын жашаган жери тууралуу сөз болуп жатып («Жергеси – Эвирголдун батышы, Агнинин түндүк жагы, теңир тоо (Алатоо) өңүрлөрүндөгү чөлкөмдөр»), **«алар мурда жүву, жегу деп аталып келген»** деген маалымат берилет (*китептегидей берилди – Г. Ж.*) (292).

Бирок бул кайсы мезгилди камтый тургандыгы айтылбайт. Ошондой болсо да бул маалыматтан кыргыздардын жазма тарыхка киргенге чейин эле мурда жашагандыгы жана алар жүву, жегу болуп аталып келгендиги белгилүү болуп отурат.

Ошентип, байыркы кыргыздардын тарыхы хунндардан да мурунку мезгилдерге барат.

## Гяньгундардын (байыркы кыргыздардын) коңшусу – динлиндер

**Динлиндер – гяньгундардын коңшусу.** Гяньгундардын коңшусу динлиндер экендиги тарыхый булактарда дайыма белгиленип келет. Ал эми динлиндер кимдер? Алардын кыргыздар менен кандай-карым катышы бар? Төмөндө сөз – мына ушулар тууралуу.

Байыркы кыргыздар Енисейде жашагандыгы жана алардын коңшусу динлиндер болгондугу маалым. Мисалы, В.Плоских: «Динлинами китайские летописи называли европеоидные население **среднего течения реки Енисей и соседних территорий Южной Сибири.** Культура динлинов (VII–I вв. до н.э.) была близка к культуре саков Средней Азии. Впоследствии судьба этого народа тесно переплелась с гэгунями (варианты: *гянь-гунь, кигу, цигу*), как бесспорно установили ученые, китайцы называли древних *кыргызов*» (История Кыргызстана, 2006, 61) – дейт.

Тарыхый булактарда гяньгундардын коңшусу катары динлиндер аталып келет. Маселен, «Шы-цзи» аттуу эмгекте шанүй Модэнин тушунда хунндар абдан күчтөнүп, түндүктөгү бар-

дык көчмөн урууларын багындырышкандыгы баяндалат[1]. Дагы бир жеринде, хунндардын үрп-адаттарын сүрөттөгөндөн кийин, мындай деп айтылат: «Впоследствии на севере они покорили владения Хуньюй, Кьюеше, Динлин, Гэгунь и Цайли»[2].

Н.А.Аристовдун эмгегинде б.з.ч. 209–201-жылдарда шанүй Модэнин түндүктөгү ээлик кылган жерлеринин (владения) ичинде Динлин менен катар эле Гэгунь аталгандыгы тууралуу жогоруда сөз болгон эле. Мындай маалымат А.Н.Бернштамдын эмгегинде да бар (Изр.тр., II, 1998, 193).

В.В.Бартольд биздин доорго чейинки 201-жылдагы окуя жөнүндөгү баянда кыргыздардын жергеси жөнүндө, анын жашаган жайы жөнүндө эчтеке айтылбайт, а бирок кыргыздар менен бирге алардын коңшулары катары динлин эли аталган, муну «энисейлик остяктар» деп аталгандардын ата-бабалары деп эсептешкен дейт (Кыргыздар, Китепте: Кыргыздар. II, 128).

А.Н.Бернштамда Таншудагы маалыматка таянып: «гэгунь были тесно связаны с гуннами, представляя их северо-западный форпост, непосредственно соприкасаясь с динлинами», – дейт (194).

С.Худяковдун маалыматында жогоруда айтылган кыргыздардын биринчи сегиз жүз жылдык («на протяжении первых восьми столетий») тарыхында алар башка номаддардын – динлиндердин, усундардын, кангүйлөрдүн союздаштары болуп келишкендиги айтылат.

Ю.С.Худяков биздин замандын III кылымында кытай жазма булактарында гяньгундар (байыркы кыргыздар) кайрадан пайда болгондугун жана алар мурункудай эле өздөрүнүн баштапкы ээлеген жерлеринде жашашкандыгын белгилейт: «Они по-прежнему жили на своих старых землях к северу от восточных отрогов Тянь-Шаня, в 7000 ли западнее Ордоса и 5000 ли севернее владения Чеши, в 8000 ли восточнее ставки правителя государства Кангюй на реке Сыр-Дарье». Гяньгундар менен катар мурункудай эле алардын коңшулары динлиндер жашашкан (Сабля, 34).

---

[1] Собрание сведений, I, 14.

[2] Маалымат *Н.А.Аристовдун* эмгегинен алынды. Караңыз: Усуни и кыргызы… 2001, 128.

Ошентип, дээрлик бардык тарыхый булактарда динлиндер гяньгундардын (байыркы кыргыздардын) коңшусу катары баяндалат.

**Гяньгундар (байыркы кыргыздар) менен динлиндердин урук-урку аралашкандыгы тууралуу.** Байыркы кыргыздардын динлиндер менен аралашып кетишкендиги тууралуу маалымат байыркы кыргыздардын тарыхы жөнүндөгү булактарда кездешет.

Н.Я.Бичуринде: «Жители перемешались с динлинами»[1], – деп жазылган (Собр.св., Алматы, I, 1998, 358-б.).

«Ханзуда» кыргыздардын «тукумунда диңлиндердин (*эмгекте ушундай берилген – Г. Ж.*) аралашма уругу бар» деп айтылат («Ханзу», Жазмалардан жалпы баян. 2004, 335, 292).

Мындай маалыматтар башка булактарда да кездешет.

Ө.Караевдин маалыматы боюнча гунндардын 150 жылга созулган бийлигинин тушунда Хакас-Минусин ойдуңунда гяньгунь уруусу пайда болгон. Ошол мезгилден тарта Гянь (б.а., Кем-Енисей) дарыясы агып өткөн Хакас-Минусин ойдуңу гяньгунь уруусу байырлаган аймактын ортолугу болуп калган. Бул жерде динлиндер менен гяньгундардын урук-урку аралашып, натыйжада калктын жаңы түрү келип чыккан. Чачы сары, көгүш көздүү динлиндер монголтейиндеги түрк тилдүү гяньгундарга кошулуп кеткен[2].

Ө.Караев мындай аргындашкан түспөл тейи таштык маданиятынын тушундагы көрүстөн бет кептеринен таасын көрүнөт дейт. Андан кыйла кийин да кыргыздардын ошол эзелки динлиндерден келип чыккан издери табылган. Тан династиясынын жылнаамаларында кыргыз мамлекети Хагас деп аталган. Жылнааманын түшүндүрмөсү боюнча, бул термин кыр-

---

[1] *Н. Я. Бичурин* мындай түшүндүрмө берет: «Динлины были монгольского происхождения. Они занимали южные земли Иркутской губернии от Байкала до Енисея. На южных пределах Енисейской губернии, где находилась столица хягасов, и ныне коренные жители суть тюркмонголы». Караңыз: Собр.св., Алматы, 1998, I, 358-б.

[2] *Ө.Караев.* Байыркы түрк эстеликтери жана араб-перс авторлору кыргыздар жана Кыргызстан жөнүндө. Китепте: Кыргыздар. I, 1993, 107-б.; *Л.А.Евтюхова.* Южная Сибирь в древности. «По следам древних культур». – М., 1954, 199-б.

гыздардын атын уйгурлар бурмалап айтышкандан улам келип чыккан, кыргыздарды алар өң-түсүнө карап ушинтип аташкан, анткени кыргыздар сары чачтуу, кызыл жүздүү жана абай көздүү келишкен. Жылнаамада айтылгандай, алардын ата-бабалары «кыргут» же «кыркыс» деп аталышкан, мунун түп мааниси которгондо «кызылдар», «кызыл жүздүүлөр» дегенди билдирет. Ал эми алардын жердеген аймагы Кыргун (Цзянь-гунь) делинген (1993, 47-б).

Ө.Караев бул маалыматты Н.В.Кюнердин[1] эмгегине таянып маалымдайт.

Бул маалыматтар динлиндер менен кыргыздардын урук-урку аралашып кеткенин билдирип турат.

**Динлиндер жана байыркы кыргыздардын түспөлү.** Динлиндер узун бойлуу, ак жүздүү, көк көздүү жана өрттөй сары («огненнорыжие») чачтуу болушкан. Алар беттерин жана денелерин татуировкалашкан, куштун канатынан (перья) баш кийимдерди, териден жасалган кийимдерди кийишкен, көпкө чейин аттан түшпөй жүрө алышкан (Сабля, 31).

Алар баатыр жана согушчан мүнөздүү (воинственные) болгондуктан, айланасындагыларга дайыма коркунуч туудурушкан. Динлиндер хунндар жана сяньбилер менен согушуп келишкен (Сабля, 31).

Гяньгундардын (байыркы кыргыздардын) кызыл жүздүү, көк көздүү жана сары чачтуу болушу «Таң-Шуда» алардын динлиндер менен аралашып кетишкендиги менен түшүндүрүлгөн[2]. Н.А.Аристов эгерде кара көздүү кыргыздар бөлөк (чужие[3]) деп эсептелсе (Ли линдин урпактары), «...то динлины должны были походить на кыргызов», – дейт (148).

Бул тууралуу «Ханзуда» кыргыздардын «тукумунда диңлиндердин аралашма уругу бар» деп айтылат («Ханзу», Жазмалардан жалпы баян. 3004, 335, 292).

---

[1] *Ю.В.Кюнер.* Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока. 557-б.

[2] *Собрание сведений,* I, 443-б.; *Н.А.Аристов.* Аталган эмгекте, 148-б.

[3] **Чуж/ой, -ая, -ое** башканын, бирөөнүн, башканыкы, өзгөнүкү, бөлөктүкү; 3. чоочун, бөлөк, бөтөн. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк, С–Я. – Б., 2012, 615-б.

«Ханзуда»: «Кыргыздар жээрде чач, көк көз келишет. Алардын ичиндеги кара көздүү, кара чачтуулары Ли лиңдин (*китепте ушундай берилген – Г. Ж.*) тукумдары дешет. Бул баягы баш кол башчынын урпагынан болгон» – деп (370), дагы бир жеринде: «Булардын (кыргыздардын) адамдары олбурлуу, кабелтең келип, жээрде чачтуу, көк көздүү келет экен. Гай жайүн жазган «Батыш өрөөн эстелигинде»: «Кара чач, кара көздүүлөрдү Ли лиңдин тукумдары, ал киши (Ли лиң) башкы колбашчынын урпагынан болгон» деп жазылганы бар» деп айтылат (362). Ошондой эле «Ханзуда» «кыргыздарды кийин тийектер тили келбей чалайлатып Хуагас деп койгон, уйгурлар тилиндеги мааниси кызыл жүздүүлөр деген болот экен» деген маалымат бар (*маалыматтардын китептеги берилиши сакталды – Г. Ж.*) (399).

«Ханзудагы» маалымат боюнча Кайййуандын алгачкы жылдарында (713-жыл), ошондой эле Шуанзуңдун Кайййуан жылдарынын ортолорунда (730–740-жылдар) Анши тутугу Гай жияүн жазган «Батыш өңүр эстелиги» деген китепте мындай деп жазылган: «Кыргыз мамлекетиндегилер чачы кызыл, көзү көк болушат» (391).

Н.А.Аристовдун маалыматында IX кылымдын жарымында 841-жылы императордун буйругун аткаруу үчүн түзүлгөн баяндамада Хагас[1] жеринин тургундары узун бойлуу, кызыл жүздүү, көк көздүү деп берилет. Ал эми кара чачтуу, кара көздүүлөрү Ли Линдин тукумдары деп эсептелет[2].

С.Худяков динлиндердин жужан бийлигине каршы күрөшү жөнүндө сөз кылып жатып, «В течение полутора столетий они многократно восстовали против власти жужаньских правителей-каганов. ...Вероятно, именно в ходе совместных войн против иноплеменников гяньгуни могли войти в союз с динлинами и «перемешаться» с ними, как об этом повествуют китайские источники»[3], – дейт.

---

[1] Орус тилиндеги адабияттарда Хагас, кытай жазмаларында Хуагас деп берилген (Г.Ж.).

[2] *Н.А.Аристов.* Аталган эмгекте, 144-б.

[3] *Ю.С.Худяков.* Проблемы истории древних кыргызов. 80-б.; *Ю.С.Худяков.* Сабля Багыра. 2003, 36-б.

В.Плосских жергиликтүү енисей эли – европеоиддүү динлиндер – Борбордук Азиядан келишкен келгиндер (пришельцы) менен б.з. I кылымында эле аралашып кетишкендигин маалымдайт (64).

Ө. Осмоновдун окуу китебинде б.з. I–V кылымдарында динлиндердин жана хунндардын айрым бир бөлүктөрү кыргыздар менен ассимиляциялашып кетишкендиги маалымданат (90).

«Кыргыз тарыхы» аттуу кыска энциклопедиялык сөздүктө да динлиндердин Борбордук Азиянын жана Минусин ойдуңунун тургундары экендиги айтылып, «часть их ассимилировали кыргызы, пришедшие из северо-западной Монголии» – деп айтылат (11).

Ошентип, байыркы кыргыздардын динлиндер менен аралашып кетишкендиги дээрлик бардык жазма булактарда белгиленет.

Гяньгундардын баштапкы түспөлү – узун бойлуу, сары чачтуу, көк көздүү болгон. Алар динлиндер менен аралашып кетишкен, т.а., байыркы кыргыздардын тукумунда динлиндердин урук-урку болгон.

Ошентип, байыркы кыргыздар сырткы түспөлү жагынан динлиндерге окшош болушкан, алар дагы динлиндер сыяктуу денелерин жана беттерин татуировкалашкан.

Татуировкалоо салты да байыркы мезгилге таандык. Байыркы мезгилде мындай салт скиф урууларында болгон. Өлгөндөрдү өрттөө (кремациялоо) салты да динлиндерге да, байыркы кыргыздарга мүнөздүү көрүнүш болгон, алар оттун тазалыгына ишенишкен. Бул салттар дагы кыргыздардын байыркылыгынан кабар берет.

Кыргыздардын динлиндердин укум-тукуму (потомство) экендигин Л.Н.Гумилев да белгилейт. Ал монголдордун тушунда енисей кыргыздарынын Миң-Суу ойдуңунда жашашкандыгын мындайча баяндаган: **«Прямые потомки динлинов, енисейские кыргызы** (*белгилеген – Г. Ж.*), продолжали жить в

благодатной Минусинской котловине, занимаясь поливным земледелием и оседлым скотоводством. ...Они еще хранили богатое культурное наследие своих предков, но отказались от былой воинственности, толкнувшей их в IX в. на завоевание просторов Великой степи. Теперь к югу от них расположилось многочисленное монголькое племя ойратов»[1].

Ошентип, жогоруда айтылгандай, кыргыздар менен динлиндер ассимиляцияланып кетишкен. Бул маселе боюнча талаш-тартыштар деле жок.

Ушундан улам кыргыздар менен урук-тукуму аралашып кетишкен динлиндер кимдер, алардын теги ким ж.б. бир катар суроолор пайда болот. Төмөндө ушул суроолордун тегерегинде сөз козголот.

**Динлиндер кимдер?** Динлиндер жөнүндөгү байыркы эскерүү Н.А.Аристовдун маалыматы боюнча, Х.Т. чейинки 209–201-жж. тиешелүү. Бул байыркы кыргыздардын жазма тарыхынын башталышына туура келет. Демек, гяньгундар (байыркы кыргыздар) менен динлиндердин жазма тарыхынын башталышы бирдей. Шанүй Модэнин басып алган жерлеринин ичинде Гэгунь менен катар эле Динлин да саналат (Собр. сведений, 1, 17; Н.А.Аристов. Аталган эмгекте, 148).

Динлиндер андан кийин б.з.ч. 100-жылдарда эскерилет. Анда хунндар тарабынан динлиндерди башкаруу Вэй Люй аттуу полководецке өткөндүгү маалымданат. Б.з.ч. 49-жылы усундардын хунндарга кол салуусунан, ага кошумча болуп калың түшкөн кардан кийин мал кырылып, ачкачылыктан хунндар алсызданып турган кезде башка урууларга кошулуп динлиндер да хунндарга кол салган (Собр.сведений, 1, 61–64; Н.А.Аристов. Аталган эмгекте, 149).

Б.з.ч. 49-жылы шанүй Чжичжы Гяньгундун түндүгүндө жайгашкан Динлин жергесин багынткан. Ал эми «В 11 году после Р.Х. китайцы, при Ван Ман, собирались выставить против гуннов 300 т. человек и загнать их в Динлин» (Собр. све-

---

[1] *Л.Н.Гумилев.* Древняя Русь и Великая степь. – М., 1993, 387-б.

дений, 1, 100; Н.А.Аристов. 149). «В половине второго века после Р.Х. сяньбийский Таньшихай, между прочим, «...на севере остановил динлинов... и овладел всеми землями, бывшими под державою хуннов» (Собр. сведений, 1, 169)[1].

Динлин жергеси жөнүндө кеп кылып жатып, Дегинь анын абдан кең өлкө экендиги, кытайлыктар, мүмкүн, бул өлкөгө эки башка жол менен жетишкендиги, андан эки жер (владение)[2] жасашкандыгы тууралуу божомол оюн айтат. Дегинь дагы бир жерде Динлиндин жашоочулары «волосаты, имеют некоторое сходство с лошадьми, и даже скорее бегают, чем эти животные», – дейт (Собр. св., 1,443). Н.А.Аристов Шоттко таянып, динлиндердин тили жөнүндө: «Их язык будто бы похож на крик диких птиц», – дейт (Н.А.Аристов, 149).

Н.А.Аристовдун маалыматы боюнча жазма булактарда динлиндер тууралуу башка маалыматтар деле жолукпайт.

Ю.С.Худяков илгерки замандарда Минусин талааларын, Алтай тоолуу өрөөндөрүн, Монголия жана Тува (*китепте ушундай берилген – Г. Ж.*) мейкиндиктерин байыркы малчылардын уруулары келип ээлешкендигин, алар узун бойлуу, сары чачтуу, көк көздүү болушкандыгын маалымдайт (бул маалыматтар байыркы Миң-Суу көчмөндөрү деген бөлүкчөдө айтылган эле). Ю.С.Худяков айрым окумуштуулар аларды Европадан Азиянын чексиз талаалары аркылуу келишкен байыркы европалык элдер дешсе, айрым окумуштуулар аларды динлиндер дешкен дейт, булар жөнүндөгү кабар кытай летописттеринде сакталган. Бул мезгил тарыхта афанасьевдик маданият катары да белгилүү (Сабля, 24).

Жогорудагы маалымат динлиндердин эң эле байыркы элдерден экендигин айтып турат.

**Динлин деген сөз эмнени түшүндүрөт?** Клапроттун пикири боюнча «динлин» деген ат усундардын тили менен айткан-

---

[1] Маалыматтар Н.А.Аристовдун эмгегинен алынды. 148-149-бб.

[2] **Владение** *ср.* 2. кимдир бирөөнүн жеке менчигиндеги мүлкү жер-суу; 3. Башка өлкөгө (мамлекетке) караштуу аймак, карамагындагы жер (өлкө, калк). (*земельная собственность*) жер, территория (көбүнчө бир мамлекетке тиешелүү жер, территория). Орусча-кыргызча сөздүк. А–И. – Б., 2012, 224-б.

да «старец, старший» дегенди түшүндүрөт. Клапрот мындай пикирди айтууда эч кандай булактарды көрсөткөн эмес. Бул маалыматты Н.А.Аристов өзүнүн эмгегинде мисалга келтирет. Кытай булактарында бул сөз «почтенный старец» (бул дагы усундардын тилинде), ал эми Риттерде: «Их (динлинов) имя означало – почтенные старцы, как ходжа[1] по-тюркски» деп берилет (Н.А.Аристов.149).

Бирок Нейман мындай пикирлерге каршы өзүнүн оюн билдирет. Ал: «Мы не находим в своих источниках, чтобы динлин значило почтенный старец, и опасаемся, что тут кроется большое недоразумение. Во всяком случае ting не имеет никакого соотношения с немецким словом Ding».

Иакинфтин маалыматы боюнча «динлинами же называли туфаньцы (тибетцы) байлянских цянов, стало быть по этому известию, относящемуся к VII веку после Р.Х., имя динлинов употребляли и тибетцы»[2].

Н.А.Аристов мына ушундай маалыматтардан кийин мындай деген божомол оюн билдирет: **Динлин – теңгри деген түрк-монгол сөзүнүн кытайча транскрипциясы** (*белгилеген – Г. Ж.*). Ал эми теңгри деген сөз асман, асман периштелери (небесные духи), кудайлар: мүмкүн усундар (ошондой эле кагастар[3] жана гаогюйлар) чыгыш элдериндегидей эле ата-бабаларына урматтоо менен мамиле кылып жана аларды бакшылык кылган уруу катары периштелерге («приравнивая[4] их к духам») те-

---

[1] *Н.А.Аристов* ходжа тууралуу өзүнүн пикирин мындайча билдирет: «На самом деле ходжами у среднеазиатских мусульман называют потомков Магомета». Караңыз: *Н.А.Аристов.* Аталган эмгекте, 149-б. Н.А.Аристов бул пикирин билдирүүдө Вамберинин эмгегине таянат. Вамбери. «Das Turkenvoln», 1885, s. 380.

[2] Маалыматтар *Н.А.Аристовдун* эмгегинен алынды, Аталган эмгекте, 150–151-бб.

[3] Бул жерде кагас дегенди байыркы кыргыздар деп түшүнүү керек. *Н.А.Аристовдун* эмгегинде байыркы енисей кыргыздары ушундай деп берилет. Караңыз: «Сведение о быте древних кыргызов или кагасов…» Аталган эмгекте, 150-б.

[4] **Приравнять** *сов. кого что, к кому-чему* теңөө, теңештирүү; барабарлаштыруу, барабар кылуу. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк, П–Р. – Б., 2012, 399-б.

ңеп, өзүлөрү келип чыккан, жүзү, көзү жана чачы ачык түстөгү элдерди ушундай деп аташкандыр (Н.А.Аристов. 150).

Ошентип, динлин деген сөздүн эмнени билдире тургандыгы жөнүндөгү пикирлер бир түрдүү эмес.

## Байыркы кагастардын (кыргыздардын) жана динлиндердин теги тууралуу

**Динлиндер жана кагастар (байыркы кыргыздар) индоевропалык расага кирет деген гипотеза.** Клапрот жана Риттер динлиндер жана кагастарды индоевропалык расага[1] киришет деп божомолдошкон. Ал эми Кастрендин саякаты жана изилдөөлөрүнүн натыйжасында алыскы түндүк чыгышта угро-фин урууларынын таралышы аныкталган соң, индоевропалык гипотезага карама-каршы динлиндердин жана кагастардын ак жүздүү фин урууларына таандыктыгы жөнүндө жоромол жашай баштаган. Бул жоромол чындык катары кабыл алына баштаган, анткени фин-угралар (финно-угры) чудилердин түздөн-түз укум-тукумдары катары каралып, аларга болсо Уралдагы жана Алтайдагы байыркы кен казылган жерлер (рудные разработки[2]) жана алтын, күмүш жана жез же коло буюмдары табылган байыркы мүрзөлөр жана дөбөлөр (курганы) тиешелүү деп эсептелген[3].

Кастрен төрт жылдык изилдөөлөрүнүн негизинде «финнские, тюркские и самоедские племена образуют из себя одну сомкнутую группу, которая составляет соединительный член между желтою и белою расами», – деген. Ал: «отечеством тюрков и самоедов были Саяны и Алтай между верховьями Оби, Иртыша и Енисея», – дейт, ошондой эле «в этой же стра-

---

[1] **РАСА** *ж.* раса (түсүнө, башынын формасына, чачынын түсүнө, кебетесине ж.б. физикалык белгилерине карай адам баласынын шарттуу түрдө бөлүнгөн түркүмү). *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк. 1957,708-б.

[2] **РАЗРАБОТКА** *ж.* 3. *горн.* разработка, алып бүтүү (мис. кенди, чым көңдү); 4. (*место добычи чего-л.*) разработка (*кен казылып жаткан жер*). *К.К.Юдахин.* Русско-киргизский словарь. 1957, 704-б.

[3] *Эйхвальд.* «О чудских копях». «Труды восточного отделения И.р. Археологического общества», часть III, 1857, 1–102-бб.; *Н.А.Аристов.* Аталган эмгектин 198-бети.

не должно было быть и отечество финнов в силу их родства с тюрками и самоедами», – деген пикирин айткан. Кастрен кытайлыктар тарабынан айтылган Танну-оланын түндүгүндөгү ак-саргылынан келген эл фин[1] расасынан болот, анткени бардык мезгилдерде эле ачык түс фин расасынын мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп саналган дейт[2].

Н.А.Аристов Кастрендин бул пикирине өзүнүн эле кийинки пикири кайчы келерин белгилейт. Кастрен Енисейдеги байыркы дөбөлөр чудилерге б.а., фин элине таандык экендигин айтат, ошол эле учурда Финляндияда, Лапландияда, фин уруулары жайгашкан Россиянын түндүгүндө бир дагы ушуга окшогон эстеликтерди кездештирбегендигин белгилейт[3].

Ошентип, жогорудагы маалыматтар боюнча динлиндердин жана кагастардын (*байыркы кыргыздардын – Г. Ж.*) индоевропалык расага кире тургандыгы, динлиндердин жана кагастардын ак жүздүү фин урууларына таандыктыгы жана финдердин түрк жана самоеддер менен тектештиги тууралуу ж.б.у.с. пикирлер жашаган.

**В.В.Радлов – енисейликтердин теги тууралуу. Динлиндер – түрктөр. Енисейлик остяктар – динлиндердин жана помалардын укум-тукумдары.** В.В.Радлов 60-жылдарда түрк наречиелерин үйрөнүү үчүн жасаган кыдырууларында Енисейден Ысык-Көлгө чейинки аябагандай чоң аралыкта көптөгөн дөбөлөрдү (көрлөрдү) казуу жумуштарын жүргүзгөн. Мына ушул казуу жумуштарынын негизинде ал түштүк Сибирдеги жана кыргыз талааларындагы байыркы бейиттерди жана анын ичинен табылгандарды үч доорго бөлөт: 1. Коло же жез; 2. Байыркы темир; 3. Жаңы темир доорлору.

---

[1] **Финны** *мн.* (*ед.* **финн** *м* **финка** *ж*) финдер (Финляндия мамлекетинин негизги наамы, ошол улуттун өкүлдөрү). Орусча-кыргызча сөздүк.С–Я, 2012, 527-б.

[2] Маалымат *Н.А.Аристовдун* эмгегинен алынды, 198-б.; Н.А.Аристов Кастрендин төмөнкү эмгегине таянат: A.Castren's Kleinere Schriften, Leruns gegeben von Schiefren, St. Petersburg, 1862, s.s. 109, 119.

[3] *Н.А.Аристов* бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгекке таянат: «Магазин землеведения», изд. Фроловым, Москва, 1860, том VI, стр. 374. Караңыз: *Н.А.Аристов.* Аталган эмгекте, 198-б.

В.В.Радлов жаңы темир доорундагы бейиттерди кыргыздарга жана анын азыркы урууларына (современным им племенам), ал эми байыркы темир доорундагы бейиттерди – кагастардын мезгилине таандык деп эсептейт. В.В.Радловдун пикиринде коло доорундагы бейиттер енисейлик остяктардын бабаларына тиешелүү, демек муну динлиндерге тиешелүү деп түшүнүү керек.

В.В.Радлов динлиндерди түрк уруусунан деп эсептейт. Ал: «даже тюркское племя дин-лин беспокоит их, – хуннов в I веке до Р.Х., – с севера»[1], – деген.

В.В.Радлов өзүнүн изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын акыркы деп эсептебейт, ал бейиттерди казуу жумуштарын андан ары улантуунун зарылдыгын белгилейт. Ошондой болсо да енисейликтердин Сибирдин эң байыркы маданияттуу элдеринен («от древнейшего культурного народа Сибири») келип чыккандыгы чындыкка жакын дейт.

В.В.Радлов бул эң байыркы элдин ак саргыл фин расасындагы эл менен түбү бир экендигин жокко чыгарбайт, бирок ошону менен катар эле, Риттер болжолдогондой, айрым индогерман урууларынын, б.а., германдыктардын жана славяндардын Сибирге кирип барып, ал жерден белгилүү маданий мурастык өнүгүүгө ээ болгондугу, кийин түштүктөн каптап кирген ордолор тарабынан жок кылынгандыгы мүмкүн эмес деп айтууга болбойт дейт[2].

Ошентип, Радлов енисейликтердин Сибирдин эң байыркы маданияттуу элдеринен («от древнейшего культурного народа Сибири») келип чыккандыгы чындыкка жакын деп эсептейт. Коло доорундагы бейиттер енисейлик остяктардын бабаларына тиешелүү, ал эми енисейлик остяктар, т.а., енисейликтер динлиндердин жана помалардын укум-тукумдары деп эсептелинет.

**В.М.Флоринскийдин байыркы Сибирдин элдери арий расасында деген жобосу.** Енисейликтердин келип чыгышы туура-

---

[1] *В.В.Радлов.* К вопросу об уйгурах. 1893, 82-б.; Aus Sibirien, II, s.143.

[2] «Аборигены Сибири» в «Живописание России», т. XI, 1884 года, стр. 6–30; Aus Sibirien, B II, s.s. 75, 100, 101, 121, 129, 130, 136, 139; *Н.А.Аристов*. Аталган эмгек. 199-б.

луу окумуштуулардын пикирлери ар түрдүү. Мисалы, В.М.Флоринский байыркы Сибирдин маданияттуу элдери арий расасында болгон деген пикирде.

В. М.Флоринский Сибирдин коло доорундагы байыркы бейиттерден жана дөбөлөрдөн табылган предметтер менен Россиянын түндүк чыгышынан табылган материалдарды салыштырып, чоподон жасалган идиштердин, жез, коло предметтердин ж.б. формалары, орнаменттери көпчүлүк учурларда окшош экендигин белгилеген. В.М.Флоринскийдин пикири боюнча «...и вообще в культуре курганного населения значительное сходство, а во многих случаях почти тождество»[1].

Ал Сибирдин коло доорундагы маданияты арий расасынын түндүк бутагына кельттерге, германдыктарга, литвалыктарга жана славяндарга тиешелүү деп эсептейт. Алар Орто Азиядагы арийлердин мекенинен түндүккө жөнөп, Сибирге кирип барышкан, кельттер менен германдыктар батышка эртерээк көчүп кетишкен, ал эми славяндар «чыгыш мекенинде» көпкө чейин туруп калышкан, алардын бир бөлүгү «оставила Сибирь не раньше I–II века по Р.Х.»[2].

В.М.Флоринскийдин маалыматы боюнча бул мезгилде, т.а., арийлер Сибирь жергесинде жашап турушканда Сибирде монголдор да, татарлар да болгон эмес. Татарлардын түштүк Сибирге келишин Клапрот «относит приблизительно к эпохе около Р.Х.» Буга чейин Сибирдин түштүк аймагында жашаган, кытайлыктар тарабынан усундар жана динлиндер деген ат менен белгилүү болгон аксаргыл жана көгүш көздүү уруулар жөнүндөгү маалыматтар татарлардын келиши менен кытайлык хронографияда жок болот[3].

Ошентип, В. М. Флоринский байыркы Сибирдин маданияттуу элдери арий расасында болгон деген пикирде.

Бирок мындан башкача да пикирлер бар.

---

[1] «Археологический музей томского университета», Томск, 1888 года, «Предисловие», 153–154-бб.; *Н.А.Аристов.* 199-б.

[2] Караңыз: *Н.А.Аристов.* Аталган эмгекте, 199-б. Н.А.Аристов мезгилди Христостун туулганына карай эсептейт.

[3] Аталган эмгекте, 200-б.

**О. Иакинф, Клапрот – түрк, монгол уруулары жана динлиндер жөнүндө.** Сибирдин коло маданияты менен Россиянын түндүк-чыгышынын маданиятынын байланышы болушу мүмкүн, бирок бул маданияттын арий расасына тиешелүүлүгү негизсиз же жаңылыш деп эсептейт Н.А.Аристов. Анткени индоевропалыктардын эң биринчи мекенин: Бенфея – Кара Деңиздин түндүк-батышында, Пешель – Кавказ тоо кыркаларынын эңкейишинде, Пенка – Скандинавияда, Фр.Миллер – армян бөксө тоосунда, Шрадер – Волгада, Томашек – Дунайда ж.б. дешет.

Н.А.Аристовдун пикири боюнча бул аталган гипотезалардын ар биринин өзүнүн негиздери бар жана Абель Ремюза, Клапрот жана Риттердин гипотезалары өз убагында кандай кеңири таралган болсо, кийинкилер алардан кем эмес кеңири жайылган.

Анын үстүнө о. Иакинф (*Н. Аристовдо ушунда берилген – Г. Ж.*) дагы, Клапрот дагы түрк менен монголдорду Сибирь жергесине кийин келишкен деп ойлошкон эмес. Тескерисинче, о.Иакинф түрк менен монголдорду Енисей губерниясынын түштүк чегиндеги жергиликтүү жашоочулар деп эсептеген, ал эми динлиндерди монголдорго киргизген. Ал: **«Динлины были монгольского происхождения»**, – деген. Алар Байкалдан Енисейге чейинки Иркутск губерниясынын түштүгүндө жайгашкан жерлерди ээлешкен, ал эми **«на южных пределах Енисейской губернии, где находилась столица Хагасов, и ныне жители суть тюркомонголы»**, – дейт (Н.А.Аристов. 201, Собр. сведений, 1, «Предуведомление» и пр., стр. VII).

Ал эми Клапрот болсо түрктөрдү Алтайдын атам замандан берки тургундары деп эсептеген. Ал: «Их (народов тюркской расы) предки спустились с снежных гор Танну и Великого Алтая, кажется, после потопа и отсюда вскоре рассеялись на юго-восток и юго-запад т т.д.»[1]

Ошентип, түрк менен монголдорду о. Иакинф Енисей аймагынын түштүк чегиндеги жергиликтүү тургундары деп эсептеп, ал эми динлиндерди монгол тегиндеги эл деп, ал эми Клапрот түрктөрдү Алтайдын эзелки тургундары деп эсептейт.

[1] *Н. А. Аристов.* 201-б.; Tableadeux Historidues de l'Asie, p. 101;

**Байыркы Том көрүстөнүнөн табылган сүйрү баш сөөк. С.К.Кузнецовдун версиясы.** 1889-жылы жазында Томск университетинин китепканачысы С.К.Кузнецов томскилик байыркы көрүстөндү (Х.Т. чейинки V кылымдан кеч эмес мезгилде) казуу иштерин жүргүзүүдөн кийин бул мүрзөнүн финдик табияты жөнүндөгү гипотезаны четке кагат, ага мүрзөдө табылган сүйрү баш сөөк («длинноголовый[1] череп») негиз болот. Анын пикири боюнча булар кеңири таралган скиф урууларынын түндүктөгү өкүлдөрү – аргиппейлер жана июрктар, алар славян жана герман урууларынын эң түп аталары (родоначальник[2]) деп эсептелишет. Тагыраак айтканда, С.К.Кузнецов мындай дейт: «...всего проще и естественнее... видеть в (этом) могильнике усыпальницу одного из тех народов, к которым ходили финикийские и греческие караваны, т.е. аргиппеев или июрков Геродота, этих северных представителей широко распространенного скифского племени, которое современная нам историческая наука, опираясь на данные сравнительного языкознания (Fressl, Bonnell, Григорьев), считает родоначальником славянских и германских народностей»[3].

Кузнецов Том көрүстөнүнөн табылган баш сөөк боюнча – булар скиф урууларынын түндүктөгү өкүлдөрү – аргиппейлер жана июрктар болуп эсептелет, алар болсо славян жана герман элдеринин түп атасы деп саналышат дейт.

Том көрүстөнүнөн табылган баш сөөк боюнча да пикирлер бирдей эмес.

Мисалы, С.К.Кузнецовдун жогорку версиясына Н.А.Аристов макул эмес (202).

**Аргиппейлер – Геродоттун сүрөттөөсүндө.** Геродот боюнча (IV, 23) чыгыш скифтердин ары жагында, таштуу жана адырлуу өлкөдө, бийик тоонун этегинде жашап турушкан аргиппейлер туулганынан эле кашка баштуу («плешивы»), эркектери да,

---

[1] **Длинноголовый**, **-ая**, **-ое** шиш баш, соку баш. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И. – Б., 2012, 450-б. Биз *сүйрү баш* деп бердик.

[2] **Родоначальник** *м* 1. уруу башы, баш ата, түп ата. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк, П–Р, 2012, 625-б.

[3] *Н. А. Аристов.* Аталган эмгекте, 201-б.; «Труды томского общества естествоиспытателей», Томск, 1889 года, 228, 230-бб.

аялдары да чолок мурундуу («имели тупые носы»[1]) болушкан жана скифтерден айырмаланган өзгөчө тилде сүйлөшкөн.

Н.А.Аристовдун пикири боюнча Геродоттун сүрөттөөсү сырткы келбети боюнча индоевропалык урууларга такыр туура келбейт, бирок түрктөргө толугу менен туура келет. Томашек да ушундай пикирде[2].

**Аргиппейлер – түрктөр (динлиндер) (Н.А.Аристовдун версиясы).** Н.А.Аристов аргиппейлерди түрк дегенге негиз бар деп эсептейт. Ал: «Считать» аргиппеев за тюрков тем более оснований, что по рассказам аргиппеев, страна их примыкала к непроходимой горе, в которой обитают люди с козьими ногами; этих людей козьими ногами Томашек почитает за угро- самоедские племена[3], но, быть может, **скорее их можно считать за динлинов**, если верить китайским известиям о волосатости и лошадиных ногах последних» (202).

Ошентип, Н.А.Аристов аргиппейлерди түрк деп эсептейт, балким, алар динлиндер болушу керек деген божомолун айтат.

Ал эми июрктар тууралуу Н.А.Аристовдун пикири төмөнкүдөй: «Что касается июрков, то Томашек, мне кажется, достаточно убедительно, даже по имени, отождествляет их с югрою, предками мадьяров и остяков, соседившими с фиссагетами (вогулами)» (202).

Ошентип, Н.А.Аристов мындай деген жыйынтыкка келет: «Таким образом, ни по длинноголовости черепов могильника, ни по местообитаниям аргиппеев и июрков эти народы не могут быть признаны тем неселением, которое оставило томский могильник» (202).

Н.А.Аристов Енисейде, Саянда, Алтайдагы эң байыркы маданияттуу эл – динлиндер, динлиндер – ала элдин («предки пегого[4] народа») жана енисейлик остяктардын бабалары деген жыйынтык чыгарат (198, 202).

---

[1] **Тупонос/ый**, **-ая**, **-ое** 1. чолок мурун, томпок тумшук, жалпак тумшук. Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я. – Б., 2012, 427-б.

[2] *Н.А.Аристов* бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгекке таянат: Sitzingcerichte der Wiener Ackademie, CXVII Band, 1889, s. 63.

[3] Ошондо, s. 66.

[4] **Пегий -ая**, **-ое** ала (аттын түсү жөнүндө). Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк. П–Р, 2012, 28-б.

Көрүнүп тургандай, енисейликтердин теги тууралуу ар түрдүү гипотезалар бар.

**Байыркы кыргыздар жана алардын келип чыгышы Н.А.Аристовдун версиясында.** Динлиндердин «расасы» жөнүндөгү маселе, Н.А.Аристовдун пикири боюнча, «кажется, достигнуто на почве положительных данных, главным образом пока исторических, но подкрепляемых и многими другими. **На основании приведенных выше китайских известий кагасы или кыргызы произошли от смешения тюрков с динлинами»,**[1] – дейт.

Ошентип, Н.А.Аристов байыркы кыргыздар түрктөр менен динлиндердин аралашуусунан келип чыккан деген жыйынтыкка келет. Биз бул маселеге дагы кайрылабыз.

Жогорудагы маалыматтар боюнча Енисейдеги эң байыркы маданияттуу элдер – динлиндер болушкан. Алар ала элдин жана енисейлик остяктардын бабалары деп эсептелинет. Байыркы кыргыздар (кагастар) динлиндер менен коңшу жашашкан жана алар менен урук-тукуму аралашып кетишкен.

Байыркы кыргыздардын беттерин татуировкалашы, өлгөн кишинин сөөгүн өрттөп, анан бир жылдан кийин көмүү салттары да эң байыркы Енисейди жердеген урууларда кездешет. Мындай салт хунндарда жолукпайт. Ошондуктан байыркы кыргыздар хунндардан алда канча мурун жашаган эң эле байыркы элдерден болот десек жаңылышпайбыз.

**Байыркы кыргыздар менен динлиндердин урук-уркунун аралашуусу качан болгон?** Биз жогоруда белгилегендей, байыркы кыргыздар менен динлиндердин урук-урку аралашып кеткендиги жөнүндөгү маалыматтар дээрлик бардык жазма булактарда кездешет. Бул тууралуу талаш пикир деле жок. Бирок бул аралашуу кайсы мезгилге таандык, мына ушул жерден окумуштуулардын маалыматтарында ар түрдүүлүк байкалат.

Биздин оюбузча, мындай динлиндер менен кыргыздардын урук-уркунун аралашуусу биздин заманга чейинки мезгилдерге, эң байыркы замандарга таандык. «Ханзу жазмаларын-

---

[1] *Н.А.Аристов.* Аталган эмгекте, 202-б.

да» мындай кабар адегенде эле кыргыздар жөнүндөгү маалыматтарда берилет. Анда кыргыздардын кайсы жерде жашагандыгы маалымданат жана ошол эле жерде «кыргыздардын тукумунда динлиндердин уругу бар» деп айтылат. Андан соң ...» деп андан аркы маалыматтар берилет.

Бул маалыматта кыргыздар жөнүндөгү кабарлар биринчи жолу кагаз бетине түшкөн мезгилде эле кыргыздардын тукумунда дилиндердин уругу бар экендиги жазылган, демек, динлиндер жана кыргыздардын урук-уркунун аралашуусу кыргыздардын жазма тарыхы башталганга чейин эле болгон.

**Динлиндер – ала элдин бабалары.** Кытай жазма булактарында динлиндер жөнүндөгү эскертүүлөр Х.Т. кийинки[1] үчүнчү кылымдан баштап токтолот, анткени бул мезгилде Кытай Сибирден сяньбилер жана жужандар аркылуу бөлүнүп калган эле.

Бирок ошондон төрт жүз жыл өткөндөн кийин («через четыре столетия») ошол эле мурунку динлиндер жашаган жерлерде (мурунку хунндардын, андан кийин сяньбилер жашаган жерлердин түндүгүндө) сырткы келбети боюнча кагастарга (*байыркы кыргыздарга – Г. Ж.*) окшош, демек, көк көздүү, кызыл жүздүү жана аксаргыл, бирок тили боюнча кагастардан айырмаланган бир кыйла ала эл («пегий народ» – гюнма же пома) жашагандыгын VII кылымдын жарымында кытай тарыхы эскерет (Н.А.Аристов, 202).

Н.А.Аристовдун божомолунда бул ала эл (пегий народ) мурунку эле динлиндер, алар кийин кытайлыктарга башка ат менен белгилүү болгон болуу керек: «Очевидно этот пегий народ был теми же динлинами, но сделался известным китайцам под другим именем, которым сам себя, вероятно, не называл, как и именем динлинов, но назывался так соседями» (202).

Ошентип, Н.А.Аристовдун бул маалыматында мурунку эле динлиндердин кийин ала элдер деп аталгандыгы болжолдонот.

**Ала элдер.** Натыйжада, кытай жазма булактарында ала эл деген пайда болот. Жогоруда белгиленгендей, Н.А.Аристовдун божомолу боюнча ала элдер – мурунку динлиндер, б.а., динлиндер – ала элдердин бабалары болуп эсептелет.

[1] Х.Т. кийинки – Христос туулгандан кийинки деп окуу керек.

Кытай булактары боюнча ала элдер (пома) дыйканчылык кылышкан, аң уулоону жана балык кармаганды жакшы көрүшкөн. Чоподон жана жезден идиштерди колдонушкан, темир аз болгон. Дыйканчылык, ошондой эле чопону жана жезди, аз болсо да темирди иштетүү ала элдерге алардын бабалары – динлиндерден мурас катары калган болуу керек.

Н.А.Аристовдун пикири боюнча эгерде динлиндер дыйкандар жана кен казгычтар болгон болсо, анда аларга коло доорундагы енисей бейиттери, ошондой эле байыркы темир доорунун кайсы бир бөлүгү таандык. Демек, Саянда жана Алтайда, дегеле түштүк Сибирде байыркы издерин калтырган бир нече эл болсо, динлиндерди ошолордун бири деп эсептөөгө болот (Н.А.Аристов, 203).

Н.А.Аристовдун мындай версиясы ишенимдүү. Анткени автор тигил же бул ойду айтууда болгон фактыларды кылдат колдонуп, өз пикирлерин аргументтүү берүүгө аракет кылган.

«Ханзу жазмаларындагы» маалыматтарда ала эли – ала жылкылуулар деп берилген. Ала жылкылуулар кыргыздардын түндүк жагында жайгашкан, алардын жери Түндүк деңизге жакын болгон. Чаң анга (ордого) аралыгы 14 миң чакырым келет. Түрктөрдүн беш уруусу ошол жерге чейин барат. Алардын жоокери 30 миң, жылкысы 300 миң бар. Ал мамлекетти Иркин башкарат. Түрктөр менен айырмасы жок. Жаа, жебе, канжар сатышат. Жоокерлери бир жерге чогултуп алынбайт. Тартуу жана атак ыйгарбайт. Жылкылары ала болот, атактуу аттар чыгат. Бирок алар атка минишпейт. Сүтүн кымыз кылып ачытып ичишет. Алар дайыма кыргыздар менен чабышып турат. Түстөрү кыргызга окшойт, бирок тилдери окшобойт. Түрктөр темгилдүү жылкыны (чаар жылкыны) «ала» деп атайт, ошондон дагы бир аты «алалар эли» деп аталып калган («Ханзу», 367).

Бул маалыматта ала жылкылуулардын түрк элдеринен айырмасы жок экендиги, алардын сырткы түспөлүнүн динлиндерге (ошондой эле кыргыздарга да) окшош экендиги, бирок тилдери окшошпогондугу айтылат. Алардын кымыз жасап ичишери да кабарланат. Бирок алардын бабалары динлиндер болгон деген маалымат берилбейт.

**Кыштымдар.** XIII жүз жылдыктын («в начале XIII столетия») башталышында Джучи кыргыздарды, алар менен кошо эле мурунку динлиндер, андан кийин гюньма жашаган жерлердеги кыштымдарды багындырган. Н.А.Аристов кыштымдарды мурунку эле ала эл («пегий народ») деп түшүнүү керек дейт (202).

Буга бир топ далилдүү фактылар бар. Мисалы, Абулгазинин Муз океанынын (Ледовитый океан) жанындагы ала аттар жана Алакчын, б.а., ала шаар тууралуу билдирүүлөрү ушул эле кылымдын башына таандык. Ал эми Клапроттун төмөнкүдөй маалыматы жана түшүндүрмөсү бар: «по Матуаньлинью тукиюесцы владение Пома называли Ала, что значит на их языке пегий или пестрый. Еще через три с половиною века, в начале XVII столетия, русские находят, все почти в тех же местах, на севере от кыргызов, в числе их и кыштымов, «пегую орду» (202). Ал эми 1721-жылы томскийлик аскер башчысы («воевода»[1]) Мессершмидтке татарлар кыштымдарды «ала же ала-була ордо» («пегой или пестрой ордой») деп аташкандыгын кабарлайт, анткени алар адегенде ала-була түстө эле, бирок акырындык менен таптакыр өзгөрүлүүнүн («постепенного перерождения»[2]) натыйжасында алар ак болуп калышкан[3].

Ошентип, бул маалыматтар боюнча кыштымдарды мурунку эле ала элдер деп эсептөөгө болот.

**Енисейлик остяктар. Динлиндердин азыркы енисей-остяк жана кет урууулары менен байланышы.** Фишер ала ордо дегенди нарым остяктары деп түшүнүү керек деген пикирин билдирет. Н.А.Аристов болсо нарым остяктары эмес, енисей остяктары дейт: «приходиться заключить, что пегой ордой назывались не нарымские остяки, которые по дальности своей

---

[1] **Воевода** *м.* воевода (1. Ист. Байыркы Рустагы аскер башчысы, шаардын же округдун башкаруучусу). Орусча-кыргызча сөздүк, А–И. – Б., 2012, 236-б.

[2] **Перерождение** *ср по знач. гл.* **переродиться**; **Перероди/ться** *сов* 1. таптакыр өзгөрүп кетүү, жаңыдан жаралуу, башкача болуп калуу. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк. П–Р, 2012, 68-б.

[3] Маалыматтар *Н.А.Аристовдун* эмгегинен алынды. 202-б.

едва ли были кыргызскими кыштымами, а енисейские остяки, которые, со своими родичами аринами, ассанами или коттами, действительно были кыштымами» (202).

Ошентип, тарыхый маалыматтарда берилген динлиндердин жана ала же ала-була элдердин түздөн-түз тукумдары болуп енисейлик остяктар болуп саналат деген туура болуу керек дейт Н.А.Аристов ( 203-б.).

Профессор А.П.Богданов географиялык коомдун чыгыш-сибирь бөлүмү тарабынан жеткирилген остяктардын төрт баш сөөгүн изилдеген. Алардын бири хаин-тап уруусуна, экинчиси – таш коомуна тиешелүү урууга («подкаменному роду»), төртүнчүсү – енисей остяктарыныкыбы же башкабы белгисиз болгон.

Бирок, бул баш сөөктөр, балким, енисей остяктарыныкы болуу керек деген пикир да туулган. Мисалы, С.М.Чугунов аларды енисей остяктарынын баш сөөктөрү деп эсептейт. С.М.Чугунов краниологиялык[1] изилдөөлөрдөн кийин, остяктардын эки типте: сүйрү баштуу (длинноголовый) жана тоголок баштуу («круглоголовый») экендигин аныктаган. Бирок ал бул эки типтеги баш сөөктөр бири-бири менен жалпы белгилери менен байланышып тургандыгын белгилеген. Аларга төмөнкүлөр кирет: «малый подьем свода черепа, слабо развитые скулы, широкое лицо, широкое расстояние между глазами». С.М.Чуговдун пикири боюнча остяктардын физиономиясынын ар түрдүүлүгү «есть результат смешения этих двух типов, но преобладающим, так сказать, основным типом остяков считает он длинноголовый тип»[2].

С.М.Чуговдун изилдөөлөрү енисейлик эмес, обь остяктарына («обским остякам») тиешелүү болсо да, изилдөөнүн жыйынтыктары енисей остяктары үчүн абдан маанилүү болуп эсептелет дейт Н.А.Аристов.

---

[1] **Краниология** *ж* краниология (антропологиянын баш сөөктү иликтеген бөлүмү). Орусча-кыргызча сөздүк. – Б., К–О, 2012, 128-б.

[2] Маалымат *Н.А.Аристовдун* эмгегинен алынды. Аталган эмгекте, 2001, 204-б. Маалыматтарды берүүдө автор төмөнкү эмгектерге таянган: Отчет о заседании томского общества естествоиспытателей 24 февраля 1892 г. в «Сибирском вестнике», 1982 года, № 26 ; *Чугунов.* Антропологический очерк остяков Сургутского края. «Сибирский Вестник», 1890, №№ 85, 88.

Азыркы енисейликтер, кыргыздар сыяктуу эле, эчак эле чачындагы, көзүндөгү жана жүзүндөгү ачык түсүн жоготкону менен «продолжают по наружности и теперь резко отличаться от всех местных инородцев» (1998, 203). Бул тууралуу Л.К.Казановский мындай деген: «В настоящее время енисейцы, среди жителей западной Сибири, единственный народ, сохранивший длинноголовый тип черепа, и представляются каким-то выродком из всех окружающих их народов»[1].

Ошентип, тарыхый жана этнографиялык материалдарга таянып, окумуштуулар байыркы динлиндерди азыркы енисей-остяк уруулары, ошону менен бирге кет уруулары менен байланыштырышкан. Мисалы, Г.Грумм-Гржимайло: «Кеты – енисей-остяцкие племена, пережитки древних племен динлинов», – деген[2].

Рамстедт жана Кай Доннер енисей-остяктарынын динлиндер менен генетикалык байланышын көрсөтүшкөн[3].

Акад. Н.Я.Марр енисей-остяк уруулары стадиялык жактан («стадиально») хеттер (*кеттер – Г. Ж.*) жана шумерлер менен байланышта экендигин жана алар тилдердин яфестик группасынын аралчасын түзүшөрүн белгилеген[4].

А.Н.Бернштам Н.Я.Маррдын енисей-остяктар жөнүндөгү мындай жыйынтыгы абдан натыйжалуу дейт, анткени ал «показывает, что енисей-остяки, ретроспективно динлины, стадиально предшествуют образованиям тюркского типа, в частности кыргызам, подобно тому, как хетты стадиально предшествуют анатолийским туркам» (1998, 196).

**Енисей-остяктарынын тили менен байыркы кыргыз тилинин окшоштугу.** А.Н.Бернштам Кастрендин сөздүгү боюнча

---

[1] *Л.К. Ивановский* в протоколах казанского археологического съезда 1877 года («Труды археолог. съезда», вып. I, Казань, 1884 года, стр. LXI); Маалымат Н.А.Аристовдун эмгегинен алынды, 2001, 202–203-бб.

[2] *Г.Грумм-Гржимайло.* Белокурая раса в Средней Азии. *В.Богораз.* Кострен – исследователь полеазиатов. Сб. памяти М.А.Кострена. – Л., 1927, 94-б.; *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгекте, 196-б.

[3] Маалымат *А.Н.Бернштамдын* эмгегинен алынды. Караңыз: Аталган эмгектин 196-бети.

[4] *Н.Я.Марр.* От шумеров и хеттов к полеазиатам (по енисейско-остяцким материалам И.С.Анучина). ДАН-В, 1926.

айрым енисей-остяк жана кет терминдерине изилдөө жүргүзүп, анын айрымдарынын эквиваленттерин кыргыз күмбөздөрүнө коюлган эстеликтердеги тексттердин лексикасынан табышкандыгын маалымдайт. Тактап айтканда, енисей остяк жана кет терминдерине кыргыз терминдери дал келген учурлар кездешкен. Окумуштуунун пикири боюнча бул Н.Я.Маррдын «От шумеров и хеттов к полеазиатам» деген макаласындагы болжолду ырастайт. Н.Я.Марр тарабынан иштелип чыккан тыбыштардын алмашуу законуна ылайык (закон звуковых переходов) яфестик стадиядагы спиранттык группага караганда бир кыйла өнүккөн тилдерде алгачкы спиранттын түшүп, анын лабиалдуу ачык үндүү менен алмашышы көрүнүп турат[1]. Маселен,

ен.-ост.: xima, кет. hima – «бабушка»;

ен. ост.: xip, кет. кет. hipa – «дедушка», кырг. ара

кет.: haja – тетка

кет.: hiji hije «господин», «хозяин», hjiio (верховный владыка хягас именовался «ажо»). Кет.: hij – «лошадь», кырг. -at.

ен. ост.: tes – «камень» и кырг. tas; ен. -ост.: op – «отец» – кырг. ada[2] ж.б.

Биринчи мисалдарда мыйзамченемдүү түрдө алгачкы спиранттын түшүп, анын лабиалдуу ачык үндүү менен алмашышы көрүнүп турат. Кийинки мисалдарда башка типтеги фонетикалык мыйзамченемдүүлүк бар, бул атайын лингвистикалык изилдөөлөрдү талап кылат.

А.Н.Бернштам жогорудагы салыштыруулардан түрк тилдерине абсолюттук түрдө дал келген енисей остяк жана кет терминологияларын (мисалга: altun – «золото», kumus – «деньги» (түркчө «серебро»), qan – «князь» (түркчө «хан») ж.б. алып таштадык дейт. Окумуштуунун пикири боюнча бул сөздөр кийин кабыл алынган сөздөр болуу керек. Бирок, мындай сөздөрдүн ичинде жогоруда аталган тилдерге окшош, бирок кийин кабыл алынган сөзгө да кирбеген dörü – «волк» сыяктуу ж.б.у.с. сөздөр да кездешет (197). А.Н.Бернштам жогоруда

---

[1] *Н.Я.Марр.* Яфетическая теория. – Баку. 1927, 70-б.; *Н.Я.Марр*. Чуваши, яфетиды на Волге. Чебоксары. 1926.

[2] Мисалдар *А.Н.Бернштамдын* эмгегинен алынды, 1998, 196-б.

келтирилген көптөгөн материалдар боюнча акыркы жыйынтыктарды берүүгө болбойт, бирок буларды иш гипотезалары катары сунуш кылууга болот деген жыйынтыкка келет. Аталган маселелер боюнча атайын иликтөө иштерин жүргүзүү дагы алдыда десек жаңылышпайбыз.

**Түрк тилдеринин байыркы катмары.** Түрк тилдеринин байыркы катмары байыркы көчмөн-малчылардын тили катары жогоруда аталган бардык уруулук түзүлүштөргө, биринчиден, бул түзүлүштөрдүн саясий байланыштары боюнча, экинчиден, бул уруулардын арасында коңшу уруулардан алынган кулдар болгондугунан, үчүнчүдөн, экономикалык жана социалдык түзүлүштүн биримдиги шарттаган глоттогоникалык процесстин биримдигинен улам белгилүү болгон.

**Түрк тилдүү кыргыз урууларынын келип чыгышы. Кыргыздардын – динлин тилинин түрктөшүүсүндөгү ролу.** Түрк тилдүү кыргыз урууларынын келип чыгышы А.Н.Бернштамдын белгилөөсү боюнча хунн доорунда эле башталган жана ал эки багыт менен жүргөн: «во-первых, по линии автохтонного развития языка («тюркизация») в силу единства развития экономики и социального строя и, во-вторых, *в силу общности развития языка вообще на* базе общих политических и экономических связей гуннского племенного союза и сяньбийцев с динлинами («отюречивание»). Этот процесс имел свое завершение в т.н. тюркский период VI–IX вв. н.э., когда оформилась тюркоязычная группа племен и тюркский народ – кыргызы», (197).

Ошентип, жогорудагы маалыматтар байыркы кыргыздардын хунн доорунда эле түрктөшө баштагандыгын, бул түрктөшүү процесси абдан узак мезгилди камтып, түрк доорунда гана аягына чыккандыгын айгинелеп турат.

Адегенде динлиндердин тили түрк тилдүү хунндардын тилинен айырмаланып тургандыгы мурунку бөлүмдөрдө айтылган эле. А.Н.Бернштамдын пикири боюнча гегунь уруусу (байыркы кыргыздар) динлиндердин коңшусу болгондуктан, алар динлиндер менен тыгыз карым-катышта болушкан. Мына ошондуктан алар динлин тилинин түрктөшүүсүнө көмөкчү болушкан. Бул тууралуу А.Н.Бернштам мындай дейт: «...они

(*гегундар – Г.Ж.*) явились тем элементом, который способствовал формированию тюркоязычности динлинского языка, «тюркоподобие» которого без соответственно сходной социальной и экономической базы, конечно, было бы немыслимым» (197).

Ошентип, гегундар (байыркы кыргыздар) динлин тилинин түрктөшүүсүнө көмөктөш болгон.

**Байыркы кыргыздардын расогенези тууралуу.** Байыркы жазма булактарда кыргыздардын түспөлү ак жүздүү, көгүш көздүү жана сары чачтуу болгондугу айтылат. Ушундан улам айрым окумуштуулар динлиндерди же соңку (позднейших кыргыз) кыргыздарды «индогерман» тибинде дешсе, ал эми айрым окумуштуулар байыркы кыргыздарды славяндар менен тектеш (родственный) деп эсептешкен.

Жогорудагы ак жүздүү кыргыздардын түспөлү кандайча өзгөрүп кеткен?

Бул тууралуу А.Н.Бернштам оюн мындайча билдирет: «Белокурая раса (Homo Nordius) динлинов и усуней, частично сохранившаяся в кыргызах и вытесняемая т.н. восточносибирской расой, представляет собой закономерный процесс изменения расового типа на основе изменившихся исторических условий» (198).

Окумуштуунун пикири боюнча, чарбанын – көчмөн мал чарбасынын өнүгүшү жана көчмөндүүлүккө ыңгайлашкан эмгектин мүнөзү адамдын организминин структурасынын өзгөрүшүнө (адамдын бою, брахицефалдуулук[1], пигментация), тамагынын өзгөрүшүнө алып келет, бул болсо өз кезегинде адамдын физиологиялык, а мүмкүн морфологиялык өзгөчөлүгүнө таасир берет, социалдык түзүлүштүн өзгөрүшү, эндагамносттун бузулушу жана башка расадагы адамдар менен аралашуу (скрещение) – «вот та неразрывная сумма условий, которая должна учитываться при решении вопросов о смене белокурой расы восточносибирской» (198).

---

[1] **Брахицефал** *м. антроп.* брахицефал (тоголок баш адам; баш сөөгүн узун-туурасынан ченегенде болор-болбос гана айырмасы болгон киши). Орусча-кыргызча сөздүк. А–И. I т. – Б., 2012, 154-б.

Мына ушундай татаал процесс кандай шартта болгондугу тууралуу окумуштуулар эмне дейт?

«Видимо, от верхнего Енисея, по Туве, и до Байкала были расселены кыргызские племена» деп айтылат А.Н.Бернштамда. Алардан түндүккө карай динлиндер жашаган. Гэгундарды, динлиндерди хунндар басып алышкан. Мына ушул саясий окуядан баштап абдан кызыктуу этностук процесстер башталган. Бул тууралуу А.Н.Бернштамдын пикирин дал өзүндөй келтиребиз: «Увеличение связей гегунь с гуннами нарушило естественно, эндогамию, а это открыло возможности для заключения браков между представителями этнически разных племен. В результате произошло смешение двух разных типов, описание которых своеобрано зафиксировано китайскими источниками. Они говорят о кыргызах VI–IX вв. «Жители вообще рослы, с рыжими волосами, с румяным лицом и голубыми глазами. Черные волосы считались не хорошим признаком, а с карими глазами почитались потомками Ли Лина»[1].

Ошентип, кой көздүү (карие глаза) кыргыздар Ли Линдин тукуму деп эсептелген. Уламыштар боюнча кытайлыктар «связывали изменение расового типа древних кыргызов с Ли Лином, **на самом же деле речь идет о массовом смешении гегунь с центральноазиатскими племенами»** дейт А.Н.Бернштам (172).

Мына ушундан улам, А.Н.Бернштам белгилегендей, гегундар хунндар менен аралашканга чейин расасы жагынан динлиндерге кирген жана маданият жагынан да алардан айырмаланышкан эмес.

Ал эми б.з.ч. III к. аягында «они носили отличный[2] от динлин этноним – значит, были уже тогда в общем динлинском племенном союзе самостоятельным племенем» (172).

Автор бул оюн төмөнкүлөр менен бекемдейт. Окумуштуу-

---

[1] *А. Н. Бернштам.* Аталган эмгекте, 172-б. Автор төмөнкү эмгектерге таянат: Таншу; *И.Бичурин.* Собрание сведений… ч.1, стр. 443. Ушундай эле маалыматтарды Худуд ал-Алам кол жазмасы жана XI кылымдагы автор Гардизи баяндайт дейт автор.

[2] **Отличн/ый**, **-ая**, **-ое (отличен**, **на**, **-но)** *1.* башкалардан айырмаланып туруучу; башкача, өзгөчө. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк. К–О. – Б., 2012, 673-б.

нун пикиринде кытай булактарында белгиленген бул процесс материалдык маданияттын эстеликтеринде, анын ичинде миңсуу дөбө (тагар маданияты деп да айтылат) маданиятынын уландысы болгон таштык маданий этабынын (б.з.ч. II – б.з. I–II кк.) материалдарында байкалат (172).

**Таштык доорундагы гипс маскалар боюнча изилдөөлөр эмнени айтат? Ар түрдүү расалык типтердин аралашуусу.** Ошентип, А.Н.Бернштам өзүнүн кытай булактарына таянып айткан жогорудагы пикирин таштык маданий этабында табылган материалдар менен бекемдейт.

Бул өзгөчө аталган доордо табылган гипс маскаларынан байкалат. Ал жерде табылган жана андан бир топ кийинки б.з. III–V кк. көрүстөндөрдө табылган гипс маскалары түздөн-түз өлгөн адамдын бетине коюлган, бул маркумдун портретин сактоого жасалган аракет болсо керек деп болжолдонот. Эгерде мурунку маскалар түздөн-түз маркумдун бетине коюлуп, анын бети менен бет болуп калыпка салынып калса («накладывались непосредственно на лицо и на лице формировались»), кийинки бюст маскалар («бюстовые маски») өз алдынча жасалып, постаментке жайгаштырылган.

Бул маскаларды изилдөө төмөнкүдөй жыйынтыктарды берген. Баштапкы маскалардын мүнөзү жана боёктору миңсуу көрүстөндөрүндөгү краниологиялык материалдарга толугу менен туура келген сүйрү баштуу жана ак жүздүү типти берген, т.а., бул афанасьев доорунан башталган динлин тибин көз алдыга келтирген.

Мындан бир топ кийинки көрүстөндөрдөн табылган маскалар болсо «имеют уже приплюснутый нос, роскосые глаза, темную окраску» (173). Ошондой эле аралаш, тагыраак айтканда хунн-динлин тибин чагылдырган маскалар табылган.

С.Киселевдун маалыматы боюнча, маскалар физиономиясы боюнча үч группага бөлүнгөн: I. «Лица крупные, со слабо выраженной скуластостью, довольно полными губами, прямо поставленными глазами, прямыми носами с горбинкой; II. Лица крупные, более широкие, с полными губами, прямо поставленными глазами, прямыми носами; III. Лица более тонкие, удлиненные, со слабо выраженной скуластостью, тонкими гу-

бами, прямо поставленными глазами, умеренными подбородками и миниатюрными, слегка вздернутыми носами»[1].

Бул фактылардан, б.а., таштык маданиятынын материалдардан ар түрдүү (эң болбогондо – эки) расалык типтердин аралашуусун байкоого болот. Аралашуу процесси болсо Енисей районуна Борбордук Азиялык урууларлын кирип келишинен улам башталган. Хунндар аркылуу кытай маданияты да келген (174).

Мындай маалыматтар хунн доорунда эле башталган түрктөшүү таштыкмаданиятында улангандыгын айтып турат. Археологиялык табылгалар, т.а., ар башка типтеги маскалар уруулардын аралашуусун көрсөтүп турат.

**Динлиндер жана усундар.** Кыргыздардын этногенезине кийин усундардын да катышкандыгы окумуштуулар тарабынан белгиленет. К.Шираторинин изилдөөсү боюнча усундар түрк тилдүү деп эсептелет[2]. Ак жүздүү усундар динлин урууларынын группасына кирет. Бирок усундар түндүк «нордикалык» расага кирбейт, Т.Трофимовдун изилдөөсү боюнча усундар памир-ферганалык расалык типке кирет[3]. Дегеле динлин группасы дегенди тактап алуу керек. Мисалы, динлин деген терминди кандайдыр бир этностук жана расалык биримдик менен маанилеш катары карабаш керек дейт А.Н. Бернштам. Динлин группасындагы уруулар деген – жашоо турмушу, чарба жана маданияты боюнча жалпы стадиялуулук (баскычтуулук) бөтөнчөлүктөрү бар уруулар тууралуу кытайлыктардын түшүнүгү (представление) гана. А.Н.Бернштамдын пикири боюнча: «Южносибирские динлины и усуни имели общие моменты политической истории, благодаря исторической связанности динлин и усуней с гуннами и сяньбийцами» (195).

Демек, динлиндер жана усундар саясий тарыхында жалпы моменттери бар, хунндар, сяньбилер менен тарыхый байла-

---

[1] *С. Киселев.* Маски из древнейших Чаатас.Известия гос. музея им. Мартьянова, № 1, Минусинск, 1935, 5-б.

[2] *А. Н. Бернштам* К. Шираторинин төмөнкү эмгегине таянат: K.Schiratori. Über den Wu-sun-St@mme in Centralasien. RO, Ser. III, Vol, 2-3, 1902, 134-б.; *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгекте, 194-б.

[3] *Т. Трофимова.* Краниологический очерк татар Золотой Орды. Антропологический журнал. 1936, № 2, 183–185-бб.

нышы бар, жашоо-турмушу, чарбасы жана маданиятында жалпылыгы бар уруулар болуп эсептелет.

Усундар тууралуу «Ханзуда» мындай деп айтылат: «Усун – дабандын чыгыш түндүгүндө, аралыгы андан эки миң чакырым келе турган көчмөн эл. Мал артынан көчүп-конуп жүрүшөт. Гундар менен салт-санаасы окшош экен. Колунун саны бир канча Түмөн болуп, жоо жүрөк келишет экен. Усундар мурун гундарга багынган. Кийин каруусу жетилгенде, атактагы багынууну сактап, гун ордосуна кол бербес болуп алган» (*«Ханзуда» гун деп берилгени сакталды – Г. Ж.*) (38–39).

Бул маалыматта усундардын хунндардын карамагында болгондугу жана алар менен салт-санаасы окшош экендиги айтылат, бирок кийин алардан бөлүнүп, өз алдынча болуп кетишкен.

**Усундар жана кыргыздардын этногенези.** А.Н.Бернштам: «Впоследствии усуни участвовали в этногенезе[1] кыргыз»,– дейт. Ошондуктан енисейлик жана тянь- шандык кыргыздарда, XI–XIX кылымдардагы жазма булактарда сүрөттөлгөндөй, ошондой эле X кылымда арабдар менен перстер белгилегендей, «остались черты динлинско-усунской стадии, как белокурость, светлые глаза и т.п. европеоидные признаки» (195), – деген.

А.Н.Бернштам усундар кыргыздардын келип чыгышына катышкан деген пикир айтат. Ошондуктан X кылымда эле арабдар, перстер белгилегендей, енисейлик жана тянь-шандык кыргыздардын түспөлүндө динлин-усун стадиясындагы белгилер сакталып калган. Бул дагы гегунь, динлин, усундардын генетикалык байланышынан кабар берет.

**Оглахтин көрүстөнүндөгү табылгалар. Кыргыз-түрк урууларынын келип чыгышы.** Б.з. I кылымдарында бул жерге сяньбилер да келишкен. Бул, биринчиден, сакталып калган эстеликтерден улам белгилүү болсо, экинчиден, Оглахтин көрүстөнүндө эркек адамдардын жана аялдардын өрүлгөн чачтары табылган. Ал эми өрүлгөн чачтар Борбордук Азияда жалаң

[1] **Этногенез** *м* этногенез (элдин келип чыгышы). Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я. – Б., 2012, 678-б.

сяньбилерге гана мүнөздүү болгон, мындай адат кийин алардан кытайлыктарга өткөн. Өрүлгөн чачтар Оглахтин көрүстөнүнөн табылган. Бул хунндардын сяньбилер менен кагылышкан мезгилин көргөзөт. Андыктан бул эпизод б.з. I кылымдарына тиешелүү деп эсептелет. А.Н.Бернштам да Оглахтин көрүстөнү ошол мезгилге таандык деп болжолдойт (174).

Сяньбилер түндүккө 147–156-жылдардын ортосунда өтүшкөн. Сяньбилердин башчысы Таньшихуай[1] хунндардын территориясына өтүүгө ниеттенген «динлиндерди токтоткон». Бул мезгилде хунндар сянбийлер тарабынан талкаланып, хунндардын Монголиядагы бийлиги кулаган эле.

Байыркы кыргыздар жердеген Миң-Суу жергесин адегенде хунндардын, кийин сяньбилердин басып алышынан улам түндүктө, Ачинск-Красноярск районунда кийинки миңсуу дөбөлөрү пайда болгон[2].

Түштүк урууларынын кысымы астында динлиндердин бир бөлүгү түндүккө кетишкен деп болжолдонот. Ал эми байыркы кыргыздар өздөрүнүн жашаган жерлеринде калышкан, анткени бир нече кылым кийин алардын эстеликтери Енисейден, андан да түштүгүрөөктө, Тувадан (*А. Н. Бернштамда Тува деп берилген – Г. Ж.*) табылган. Бул тууралуу А.Н.Бернштам: «Очевидно, они не покидали своих мест и были включены в систему центральноазиатских держав. Следствие этого явилось то, что **они потеряли свой первоначальный расовый тип, изменили характер своей культуры** (*белгилеген – Г. Ж.*). Это документируется гипсовыми масками и находками в таштыкских могильниках, в частности, Оглахтинском», – дейт (174).

Динлиндер болсо түндүккө кетишкен, ошондуктан алар бул аралашууга, б.а., борбордук азиялык уруулар менен болгон аралашууга катышкан эмес, алардын этногенези башка жол менен өнүккөн, буга Сибирь элдеринин ичинен динлиндердин

---

[1] Айрым маалыматтарда Таншихай деп берилгени сакталды.

[2] Бул тууралуу төмөнкү эмгектерди караңыз: *А.Н.Бернштам*. Аталган эмгек, 174-б.; *В.Карцев.* Ладейское и Ермолаевское городища. Сб. «В честь Городцова». Труды РАНИОН, IV, 1928.

белгилери сакталган енисейлик остяктар көбү боло алат деген пикирде А.Н.Бернштам[1].

Ошентип, цзянь-кундардын (*байыркы кыргыздар – Г. Ж.*) борбордук азиялык уруулар – хунндар жана сяньбилер менен аралашуусунан улам кыргыз-түрк уруулары келип чыккан (174).

Оглахтин көрүстөнү, дегеле таштык тибиндеги эстеликтер А.Н.Бернштамдин болжолу боюнча, «относятся, вероятно, к тому же времени, но принадлежат пришлому населению, всего вероятнее, сяньбийцам, входящим в это время в контакты с местным населением. Результатом этого процесса и явился смешанный антропологический тип, демонстрирующий **скрещение динлинского и монгольского населения, давшего в результате тюркский этнический тип древних киргизов»**[2].

Ошентип, А.Н.Бернштамдын жыйынтыгы боюнча, байыркы кыргыздар адегенде динлиндер менен бир расада болушкан, т.а., алар ак жүздүү, көк көздүү, сары чачтуу болгон. Бирок, узак мезгил ичинде ар кандай саясий окуялар болгон. Кыргыздар жашаган аймакка адегенде хунндар, кийин сяньбилер басып киришкен жана узак мезгил бою бул жерлерде бийлик жүргүзүшү – алардын байыркы кыргыздар менен аралашуусуна алып келген. Ошентип, борбордук азиялык уруулардын таасири менен байыркы кыргыздардын алгачкы түспөлү өзгөрүүгө учураган. Натыйжада, кыргыз-түрк уруулары келип чыккан. Булар таштык доорундагы көрүстөндөрдөн табылган маскалар жана башка буюмдар аркылуу белгилүү болгон.

**Түндүк хунндар жана цзянь-кундар (кыргыздар).** Кытай маалымат булактары боюнча цзянь кундар (байыркы кыргыздар) конкреттүү түрдө өзүнүн тегерегиндегилер менен гана эмес, түндүк хунндар менен да аралашкандыгы тууралуу маалыматтар да бар. Мындай жыйынтыкка хунн шанүйү Чжи-чжинин жортуулдары менен байланышкан окуялар алып келген.

---

[1] Караңыз: *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгек, 174-б.; *С.Киселев.* Разложение рода и феодализма на Енисее. Извстия ГАИМК, 65, 26-б.

[2] Төмөнкү эмгектерди караңыз: *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгек, 175-б.; *С.Киселев.* Разложение рода и феодализм на Енисее. 25-б.; *С.Киселев.* Маски из древнейших чаатас. Минусинск. 1935.

Түндүк хунндардын б.з.ч. 47-жылкы жортуулдарына цзянь-кундар да катышкан. Мына ушул фактылар (А.Н.Бернштам, 177) байыркы кыргыздардын түндүк хунндар менен да аралашып кетишкендигин маалымдап турат.

Ошентип, цзянь-кундардын басымдуу бөлүгү Енисейде калган болсо, ал эми кандайдыр бир бөлүгү Тянь-Шань алдындагы жерлерге жайгашып калышкан.

**Динлиндердин тукумдары – енисей остяктары.** Ал эми динлиндердин тагдыры башкача өнүккөн. Алар хунндардын кысымы менен түндүккө кетишкен. Алардан тукумдары – енисей-остяктары болуп эсептелет.

Албетте, бул аралашуу (скрещение) боюнча материалдар, А.Н.Бернштам белгилегендей, жарды. Ошондой болсо да аталган маселе боюнча көп болбосо да конкреттүү материалдар бар экендиги да ырас.

Динлиндердин «расасы» жөнүндөгү маселе Н.А.Аристовдун пикири боюнча: «кажется, достигнуто на почве положительных данных, главным образом пока исторических, но подкрепляемых и многими другими». Н.А.Аристовдун версиясы боюнча кыргыздар түрктөр менен динлиндердин аралашуусунан келип чыккан. Ал динлиндердин Сибирдеги эң байыркы калк экендиги тууралуу кытай булактарына таянган өзүнүн аргументтүү пикирлерин келтирүү менен мындай жыйынтыкка келген: «На основании приведенных выше китайских известий **кагасы или кыргызы произошли от смешения тюрков с динлинами»** (*белгилеген – Г. Ж.*)[1].

Ошентип, жогоруда окумуштуулар ак жүздүү, көгүш көздүү, сары чачтуу, узун бойлуу, Сибирдин эң байыркы калкы деп эсептелген динлиндер менен бир расадагы байыркы кыргыздардын (цзянь-кундардын) кандайча өздөрүнүн баштапкы түспөлүн жоготуп, кийинки түспөлүнө ээ болушкандыгы тууралуу иликтөөлөрүн тарыхый окуялар, фактылар, археологиялык табылгалар, изилдөөлөрдүн жыйынтыктары, анализдери ж.б. менен аргументтүү берүүгө аракет кылышкан. Биз аларды эч кандай аргументсиз, жаңы табылгаларсыз, жаңы ачылыш жаса-

[1] *Н. А. Аристов.* Аталган эмгекте, 202-б.

бай туруп төгүнгө чыгара албайбыз. Тескерисинче, бул материалдар – кыргыздардын байыркы тарыхын изилдөөчүлөр үчүн баа жеткис материал.

Дегеле, аталган маселе – мындан ары дагы атайын изилдөөлөрдү талап кылган олуттуу проблемалардан. Кыргыз тарыхчылары тарабынан бул маселе мындан да тереңдеп изилденет го деген чоң ишеним бар.

**Кыргыздардын бабалары – динлиндер – түштүк Сибирдин байыркы маданияттуу эли.** Ошентип, динлиндер түштүк Сибирдеги эң байыркы эл болуп эсептелет. Динлиндер – кыргыздардын байыркы бабалары. Л.Н.Гумилевдун эмгегинде да динлиндер кыргыздардын бабалары деп айтылат (бул тууралуу айтылган).

Ошондой болсо да бул тууралуу Н.А.Аристов мындай дейт: «Предположения о том, что **именно динлины, предки кыргызов, были тот древний культурный народ южной Сибири, который оставил следы своего существования главным образом на Енисее, и о том, что народ этот принадлежал особой расе, отличной как от урало алтайской, так и от индоевропейской,** опираются пока на немногие и не вполне достаточные факты» (206).

Аталган маселе боюнча археологиялык, антропологиялык, этнографиялык жана лингвистикалык жактан даректүү жана толук изилдөөлөр керек деген Н.А.Аристовдун пикири бүгүнкү күндө да актуалдуу.

**Динлиндердин тили.** Биз мурунку бөлүмдөрдө айткандай, тарыхый маалыматтарда чыгыш динлиндердин тилин усундар «походит на крик птиц или селезня» дешкендиги айтылат. Бул тууралуу А.Н.Бернштам мындай деп айтканын дагы бир жолу мисалга келтиребиз: «Это сравнение языка динлин с криком птиц или селезня, как будто совпадает с первым впечатлением, какое создается при восприятии языка яфетической стадии спирантной группы. Спирантная группа, одна из наиболее архаических в ряду яфетических языков, возможно и была представлена языком динлинов», – дейт (195).

Ошентип, яфестик тилдердин катарында эң эле архаикалык деп эсептелген спиранттык группадагы тил, мүмкүн, дин-

линдердин тили болгон. Бул дагы динлиндердин эң эле байыркы эл экендигинен кабар берет.

**Кыргыздардын эң байыркы эл экендиги. Иликтөө иштеринин зарылдыгы.** Ошентип, байыркы кыргыздардын эң эле байыркы эл экендиги, ал түгүл хунндардын заманына чейин эле жашагандыктары, ал гана эмес Енисейдеги байыркы малчылардын жаралышы, өнүгүшү менен байланышкан узак мезгилдин ичинде уруу катары түптөлүшкөндүгү тууралуу жогорудагы окумуштуулардын гипотезалары байыркы кыргыздардын тарыхына кайрылганда көңүлдөн тышкары калбашы керек деп ойлойбуз.

Динлиндердин Сибирдеги эң байыркы маданияттуу өзгөчө расадагы элдерден экендиги тууралуу божомолдор да баалуу, анткени мына ошол динлиндер менен байыркы кыргыздардын урук-тукуму аралашып кеткендиги тууралуу маалыматтар дээрлик бардык жазма булактарда кездешет. Окумуштуулар тарабынан динлиндердин байыркы кыргыздардын бабалары деп эсептелиниши – кыргыздардын байыркы тарыхын изилдөөдө, тактоодо абдан маанилүү.

Ошондуктан динлиндер кимдер, алардын теги кандай болгон, байыркы кыргыздар менен байланышы ж.б., ошондой эле динлиндердин жана кыргыздардын кийинки тагдыры тууралуу берилген маалыматтар кандайдыр бир деңгээлде кыргыздардын тарыхына толуктоолорду киргизе алат деген ойдобуз.

Кыргыздардын байыркы тарыхына байланышкан окумуштуулардын буга чейинки илимий иликтөөлөрүн, табылгаларын, жыйынтыктарын жана гипотезаларын терең изилдеп, аларды ар тараптан андан ары улантып иликтөө – кыргыз окумуштууларынын алдындагы зарыл милдеттерден болуп саналат.

## ЛИ ЛИН БАЯНЫ ЖАНА БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗДАР

**Ли Лин жана анын кыргыздар менен байланышы.** Байыркы кыргыздардын кара көздүү, кара чачтуу болушу хунндарга колго түшкөн кытай полководеци Ли Лин менен байланыштырылат.

Н.Я.Бичуринде кыргыздардын кой көздүүлөрү Ли Линдин тукуму деп эсептелингендиги айтылат[1].

Мисалы, Н.А.Аристовдо Хагас жеринин жашоочулары бойлуу, кызыл жүздүү, көздөрү көк болушары, ал эми «черные глаза считались нехорошим признаком, а с карими глазами считались потомками Ли Лин» деп айтылат (144).

«Ханзуда» кыргыздардын кара чач, кара көздүүлөрү ошол Ли лиңдин тукумунан экен» деп жазылат (*Китепте Ли лиң деп берилгени сакталды – Г. Ж.*) (396). «Ханзудагы» маалымат боюнча Каййуандын алгачкы жылдарында (713-жыл), ошондой эле Шуанзуңдун Каййуан жылдарынын ортолорунда (730–740-жылдар) Анши тутугу Гай жияүн жазган «Батыш өңүр эстелиги» деген китепте мындай деп жазылган: «Кыргыз мамлекетиндегилер чачы кызыл, көзү көк, алардын ичиндеги кара чачтуулар Ли лиңдин урпагы болуп, байыртан өздөрүн баш жасоолдун кийинки урпактарыбыз деп келишет. Мунун жүйөөсү да бар. Азыр кыргыз деп аталгандары дагы эле түндүктөгү байыркы элдердин эски аталышы» (381).

**Ли Лин ким болгон?** Мына ушул Ли Лин деген ким жана кандай адам болгон, ал хунндарга кандайча колго түшкөн жана анын кыргыздарга кандай тиешеси бар? Төмөндө сөз – мына ушул жөнүндө.

Ли Лин кытай полководеци болгон. Бул мезгилдеги абал тууралуу Н.Я.Бичурин мындай маалымат берет. Кытай сарайы Даванды багынтып турганда, алардын атагы чыгып турган эле. Бул Тхай-чунун бийликке келгенинин 4-чү жайында (101) болгон. Цзюйдихэу Шанүй бийликке келгенде хунндарга баш ийбеген кытай элчилерин бошоткон, Лу Чун-го да башкалар менен кошо өлкөсүнө кайткан.

**Хунн-кытай кагылуушулары. Ли Лин жана анын колго түшүүсү.** Кийинки жылы (100) кытай Сарайы Шанүйгө[2] арналган бай белек-бечкектер менен Чжун-лан-гян Су Вуну аларга

---

[1] *Н. Я. Бичурин.* Байыркы мезгилде Орто Азияда жашаган элдер тууралуу маалыматтардын жыйнагы. Кыргызча котормосу. Которгондор: А.Түмөнбаев, А.Абилов. Китепте: Кыргыздар, I, 77-б.

[2] Кытай элчилерин бошоткондугуна ыраазы болгондугуна байланыштуу. Собр. св. – Б., 2012, 73-б.

жиберген. «Шаньюй тем более возгордился, и увеличил свой придворный церемониал, чего китайский Двор не ожидал от него. Шое-хэу Пхо-ну бежал от хуннов и возвратился в Китай: почему в следующем году, 99, китайский Двор отправил Эршыского полководца Гуан-ли в поход с 30 т. конницы. Он выступил из Цзю-цюань, напал на западного Чжуки-князя у Небесных гор, взял до 10 т. человек в плен и пошел обратно» (Собр. св. 2012, 73).

Хунндар көп күчү менен Эршыны курчап алышкан, анын болсо 7 000 адамы курман болуп, өзү арандан зорго кутулган. Кытай Сарайы Инь-гань Гян-гюнь Ао ну жиберген «он выступил из Си-хэ, и соединился с Цян-ну Ду-юй у гор Шойе, но ничего не получили» (Собр. св. 2012, I, Алматы, 74-б.).

Андан соң Н.Я.Бичуринде Ки-ду-юй Ли Лин 5 000 жөө жана атчан аскерлер менен жиберилгендиги айтылат.

Ошентип, Ли Лин 5 000 жөө жана атчан аскерлерден турган адамдары менен хунндарга жиберилген. «Он отошел от Сюйянь на север около 1 000, и, встретившись с Шаньюем, вступил в сражение с ним». Ли Лин Сюй-янды калтырып, Сюньги тоосуна жеткен. Хан ага 30 000 атчандарды каршы койгон. Хунндар алардын аз экендигин көрүп, лагерине бет алышкан. Ли Лин жана анын аскерлери хунндар менен бетме-бет салгылашкан. Хунндардын 10 миң адамы өлгөн. Хан айланасындагы жер-жерлерден 80 000 атчандарды чакырткан. Ли Лин түштүккө чегине баштаган. Бир нече күндүн ичинде ал дагы 3 000 ге жакын адамды өлтүргөн. Ли Лин чек арага алпарып камоого алган жатат деп ойлогон Хан. Бирок, хунндарга колго түшкөн офицер Ли Линге эч жактан келе турган жардамдын жок экендигин айтып койгон. Хан кол салууну күчөткөн. Кытайлыктар бардык жааларды сарпташкан. Ли Лин мындан ары хунндарга каршылык көрсөтүүнүн кажети жок экендигин көрүп, «приказал своим ратникам[1] спасаться, а он сам сдался хуннам». ... «Таким образом погиб

[1] **Ратник** *м.* 1. *уст. и высок.* (*воин*) аскер, черик, жоокер. Орусча-кыргызча сөздүк. – Б., 2012, 589-б.

корпус его, из которого не более 400 человек возвратилось на границу» (Собр. св., I, 1998, Алматы, 74-б.).

Н.Я.Бичуриндеги дагы бир маалымат боюнча Ли Лин Шанүй менен 10 күн салгылашкан жана ушул учурда ага анын үй-бүлөсү күнөөлөнүп, уруусу (род) жазага тартылгандыгы тууралуу кабар жеткен, ошондуктан ал аскерлерин чогултуп, хунндарга багынган. Кытайга миңдин ичинен бир же эки гана киши кайткан (75).

Бул маалыматтан Ли Лин 5 000 жөө жана атчан аскерлери менен хунндар менен согушуп, аларга туруштук берип тургандыгын, алардын 10 миң аскерин талкалап, бирок тамак-аш жана курал-жарактардын, ошондой эле колдун (аскерлердин) жетишсиздигинен, келе турган жардамдын жоктугунан жана өзүлөрүнүн арасындагы офицердин чыккынчылыгынан улам хунндардын курчоосунда калып, өзүнүн колго түшкөндүгү, аз гана сандагы адамдары чек арага жеткендиги белгилүү болду.

Ошентип, б.з.ч. 99-жылы хунндар кытай полководеци Ли Линдин армиясын талкалашкан. Көпкө чейин каршылык көрсөтүүдөн кийин, Ли Лин колго түшкөн. Ал хунндардын кызматына өткөн. Бул тууралуу Иакинфте: «Ли Лин хунндарда калды, ал «Хягас» (Тан династиясы учурундагы кыргыз деген сөздүн транскрипциясы) жерин ээликке алды, бул жерде анын укум-тукуму Чыңгыз-хандын убагына чейин падышачылык кылды», – деп айтылат[1]. Ли Лин хунндардын өлкөсүндө 74-жылы каза болгон.

Н.Я.Бичуринде ошондой эле мындай деп айтылат: «Хагас (*кыргыздар – Г. Ж.*) аймагы бир мезгилде хунндардын батыш чегин түзгөн. Хунндар ага багынып берген кытай кол башчысы Ли Линди батыш Чжуки князынын[2] даражасына көтөргөн, башка кытай аскер башчысы Вэй Люйди динлиндерге падыша койгон» (77).

---

[1] *Н.Я. Бичурин.* Собрание сведений, I, 51-б.

[2] Алар Хагастардын падышасы болуп коюлган. Ойхор империясын (Хойху) кыйратуучу анын тукумунан болгон. Караңыз: *Н.Я.Бичурин.* Байыркы мезгилде Орто Азияда жашаган элдер тууралуу маалыматтардын жыйнагы. Китепте: Кыргыздар, 1993, 1, 83-б.

Ошентип, Ли Лин – Кытай полководеци болгон. Ал хунндар менен болгон кармашта колго түшкөн жана хунн Шанүйү тарабынан байыркы кыргыздарга башчы болуп дайындалган. Ал бул жерде дээрлик 74-жылга чейин жашаган.

Ли Лин баяны «Ханзуда» мындайча берилет[1].

**Ли Лин «Ханзу» жазмаларында.** Б.з.ч 99-жылы Нейис сангуну 30 миң черүү менен Жыючуандан аттанып, Теңир тоо өңүрүндө гундардын оң билге канына чабуул койгон. Падыша Ли линди (*«Ханзуда» Ли лиң, Теңир тоо деп берилгени сакталды – Г. Ж.*) чакырып алып, аны Нейис сангунунун согуштук керек-жарак бөлүгүн башкартмай болгон. Ли лиң Нейис сангунунун керек-жарак ташыган тобу болуудан баш тарткан. Ал өз алдыбызча кол болуп, Ланган тоосунун түштүгүнө барып, теңиркуттун аскер күчүн бөлөлү деп суранган. Падышанын: «Жер майышкан кол аттандырдык, эми сага улоо кылгыдай миниш атты кайдан табам?» – деген суроосуна, «Мага ат бербей эле коюңуз, мен аз адам менен эле гун (*«Ханзуда» гун деп берилгени сакталды – Г. Ж.*) ордосунун ойронун чыгарам»,– деп жооп берген. Падыша макулдугун берген. Ли Лин 5 миң жөө черүүсүн баштап, Гаяндан аттанып, Шумкар тоосуна жетип, кош тиккен.

Ли лиң Шумкар тоосунда теңиркут (сатегу) менен беттешкен. 30 миң кишилик аттуу кол (*атчан кол болуу керек – Г. Ж.*) Ли линдин кошуунун курчоого алган. ....Ли лиң гундар менен кызыл-кыргын болуп чабышып, жебелер учуп, жоо боо түшүп кырылган. Гундар тоо таяна качкан. Теңиркут оңсолундагы элдерден 80 миң кол курап, Ли лиңге катуу чабуул койгон. Ли лиң түздүктү көздөй улам чегинип отурган. Ошентип, Ли лиң колунун дарманы кеткен. Гун чабандоздорунун саны көп болуп, «күнүнө нече он жолу чайкашка түшүп турган». Ошентсе да Хан кошууну жоонун эки миңден ашуун адамын жаралуу кылган жана чыгымга тушуктурган.

Кырдаалдын өздөрүнө ыңгайсыздыгын байкаган гундар чегинмей болуп турганда, Ли лиң колунун жоокер башчысынан

[1] Караңыз: «Ханзу жазмалары», 57–64-бб.

кордук көргөн гуанган деген кол кезер (*китепте ушундай берилген – Г. Ж.*) гундарга багынып, гун теңиркутуна Ли линдин абалын билдирген, б.а., Ли линдин кошунуна арттан келер көмөгү жок экендигин, ок жебеси түгөнгөндүгүн, эгерде кылдат мергендерди жиберип жебенин алдына алса, алардын жеңилерин маалымдаган. Гундар Ли лиң кошунуна чабуул койгон. Сай ичинде калган Ли лиң кошунуна гундар бийик кырдан жебени жамгырдай жаадырган. Хан кошуну жеңилген. Эми падышага кайсы бетим менен барамын деп Ли лиң гундарга багынган. Болгону 400дөй гана адам чек ара коргонуна жеткен.

Ли лиң гун элинде бир жылдан ашуун турганда падыша Жнва сангуну Гуңсун авну гундардын жерине жортуул жасап, Ли Линди куткарууга аттандырган. Бул жортуулдан эч майнап чыгаралбай кайткан Гунсуң авну падышага: «Колго түшкөн бир туткундун айтышынча, Ли Лиң теңиркутка Хан падышалыгы кошундарынан коргонуу аргасын үйрөтүп жатыптыр, ошого жараныңыз куру алакан кайтты», – деп айтып келет. Муну уккан падыша жарлык түшүрүп, Ли линдин энесин, аялын жана бала-бакырасын өлтүргөн (57–64). Ошентип, Ли линдин баяны «Ханзуда» кеңири баяндалган.

Н. Я. Бичуриндин маалыматында мамлекеттик чиндер бир беттен Ли Линди күнөөлөшкөн. Бир гана Сы-//ма Цянь Ли Линди коргогон, бирок император аны уккан эмес, «...указал, в замену смертной казни, сделать ему другое наказание» (Собр. св. 1998, I, Алматы, 74).

Кийинки кезде Хан падышалыгы хунндарга элчи жиберген. Ли Лин элчиге: «Мен Хан падышалыгынын 5 миң черүүсү (*аскери – Г. Ж.*) менен хунндарды тополоңго салдым. Соңунда көмөксүз калып жеңилдим, бүт үй ичимди кырып таштагыдай менин Хан падышалыгына кайсы жазыгым өттү?» – деп суроо салган. Анда элчи анын хунндарга уруш машын үйрөтүп жаткандыгы тууралуу кабар жеткендигин айткан. Анда Ли Лин: «Ал мен эмес, Лишүй», – деген.

«Ханзудагы» маалымат боюнча жамаатына залал келтирген Ли шүгө (*«Ханзуда» Лишүй, Ли шүй, Ли шү деп ар кандай берилип калган – Г. Ж.*) өчүккөн Ли лиң астыртан адам жибе-

рип, аны өлтүрткөн. Теңиркуттун эжеси Ли лиңдин көзүн тазаламак болгон. Теңиркут Ли линди түндүк жакка жашынтып, эжеси ааламдан өткөндөн кийин аны өз жанына алдырган. Ли лиңдин эрдигин баалап, ал кызын берген жана оң канат черүүнүн кандыгына көтөргөн. Ал эми «Вий лүнү деңлең (диңлиң) кандыгына көтөргөн» («Ханзу», 63–64).

Ошондой эле «Ханзуда»: «Гундар Хан сулаласынын багынган кол башчысы Ли лиңди аларга (*байыркы кыргыздарга – Г. Ж.*) оң кол баш кан кылып, Вий Лүйдү диңлиң каны кылып жиберген (395)» – деген маалымат бар.

**Ли Лин жана кыргыздар. Кыргыз-кытай туугандык мамилелер.** Мына ошентип, Ли Лин хунндарда калган, «получил во владение Хягас[1], где потомки его царствовали почти до времен Чингиз хана» (Н.Я.Бичурин, Собр.св., 1998, Алматы, 74-б.; В.В.Бартольд. Кыргыздар (тарыхый очерк). Китепте: Кыргыздар. II т, 130-б.). Н.Я.Бичуринде да Шанүй Ли Линди абдан сыйлагандыгы, ага өзүнүн кызын бергендиги айтылат (Аталган эмгек, 74-б.).

В.В.Бартольддун маалыматында: «Тан династиясынын тарыхынан кыргыз каганы деп эсептелген Ли Линдин тукуму гана белгилүү, ал 840-жылы уйгурлардын мамлекетин талкалап, 847-жылы өлгөн», – деп айтылат.

Тан династиясы Ли Линдин тукумуна таандык болгон соң, кыргыздардын каганы 841-жылдагы сүйлөшүүлөрдүн убагында Кытайды башкарып турган династиянын тууганы катары эсептелген (В.В.Бартольд, Аталган эмгек, Китепте: Кыргыздар, 2, 130).

Ошентип, Ли Лин байыркы кыргыз жерин башкарып турган. Ли Линдин урпактары кара чачтуу, кой көздүү болушкан. Жогоруда белгилегендей, ал Тан династиясынын тукумунан болгондуктан, Кытайды башкарып турган Тан династиясынын тууганы катары эсептелген. Бул, албетте, кыргыз-кытай мамилелерине өзүнүн оң таасирин тийгизген.

А.Н.Бернштам бул тууралуу мындай деген: «Белгилей кетчү нерсе: ошол кездеги кытай императордук ордосу Ли

---

[1] Тан династиясы учурундагы *кыргыз* деген сөздүн транскрипциясы.

Линдин укум-тукумунан болгондуктан, кытайлыктар менен кыргыздарды ымалаштырган. Ошол себептен улам кытай кан сарайынын кыргыздарга карата мамилеси бөлөк көчмөн элдерге караганда кыйла дурус болгон»[1].

А.Н.Бернштам Н.Бичуриндин эмгегине таянып, мындай мисал келтирет. Кытай императорлорунун бири Чжун-цзун кыргыз элчисин чакырып, мындай деген экен: «Силердин бийлик жүргүзгөн үй мени менен бир уруудан, ошондуктан мен аны бөлөк күнкорлордон ажырата баалайм (Н.Бичурин)».

Ушундай туугандык мамилеге карабастан кыргыздар кытай ордосуна чанда келишкен. Отуз үч жыл аралыгында (650–683-жж.) алар ордого эки гана жолу келишип, анан 13 жылга чейин Кытай чебине такыр жолобой коюшкан (А.Н.Бернштам, Кыргыздар. II, 263).

**Ли Лин кандай адам болгон?** Кыргыз урпактары тараган Ли Лин өзү кандай адам болгон?

«Ханзу жазмаларында» Ли Линдин жамдама аты Шав чиң деп берилген. Ал жаш кезинде Жиянжаң сарайынын жасоолу болуптур. Атка чебер, ары мерген, эл көңүлүнө жаккан, кичи пейил, журт алдында кадыры өтүмдүү болгон. Падыша баш бүтүкчү (*китепте ушундай берилгени сакталды – Г.Ж.*) Сымачияндан Ли Лин тууралуу сураганда, ал: «Ли Лин улууларды урматтаган, черүүлөрүн сыйлаган, эли үчүн эмгеги менен жер казган, кичи пейил, асыл мүнөз адам эле», – дейт (62).

Бул маалыматтар Ли Линдин Кытайдын кадыр-барктуу, журтуна кызматы өткөн, кишичиликтүү, ошондой эле өз ишинин устаты экендигинен кабар берет. Кой көздүү кыргыздар мына ушундай мыкты сапаттарга ээ болгон Ли Линден тараган экен.

«Ханзуда» Ли Лин гун элинде 20 канча жыл туруп, Жавди кандын Юанпиң 1-жылы (б.з.ч. 74-жылы) сыркоолоп, ааламдан өткөн деп жазылган (65).

[1] *А. Н. Бернштам.* Кыргыз мамлекетинин өз эркиндиги үчүн күрөшү. Китепте: «Кыргыздар». II, 263-б.

# БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗДАРДЫН ЧАРБАЧЫЛЫГЫ, ТОВАР АЛМАШУУСУ Ж.Б.

Миң-Суу ойдуңундагы эстеликтердин ичинен Оглахтин көрүстөнү – жаңы көрүнүш (явление), анткени анда Миң-Суу ойдуңундагы уруулардын маданиятынын мыйзамченемдүү өнүгүшүн бузган моменттери бар.

Мисалы, Миң-Суу көрүстөндөрүнө мүнөздүү эмес көрүнүшкө «мы относим структуру погребения без курганной насыпи, косы, способ погребения на деревянном помосте, значительный удельный вес китайской культуры, преобладание бытового инвентаря из дерева» (351). А.Н.Бернштам бул фактылар, Оглахтин көрүстөндөрүнүн эстеликтери б.з. II кылымында сяньбилердин түндүккө кирип келишин көрсөтөт «и, вероятно синхронен ранним чаатасам. **Уйбатские чаатасы, видимо, – результат скрещения местных племен с сяньбийскими, после чего произошло окончательное выделение из динлинского слоя кыргызских племен»** (*белгилеген – Г. Ж.*), – дейт (352).

Оглахтин тибиндеги көрүстөндөрдүн комплексин изилдөө менен Миң-Суу ойдуңу үчүн төмөнкүдөй маалыматтар алынган:

1. Мүрзөлөр, «судя по тканям», идентичным тканям Ноин-Улы, датируемым первыми веками н.э., относятся к периоду владычества в данном районе гуннов, и возможно, сяньбийцев, для которых Минусинская котловина, в древности называвшаяся страною гяньгунь (кыргыз), с населением динлинского происхождения, была их северной границей. **Скрещение племен Центральной Азии с динлинами дало первое кыргызское этническое объединение»** (*белгилеген – Г. Ж.*) (352).

Демек, б.з. I кылымында Борбордук Азия уруулары менен жергиликтүү элдердин аралашуусунан улам биринчи кыргыз этностук биримдиги келип чыккан.

2. Байыркы кыргыздар (гянгунь) хунндардын тушунда мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен кесиптенишкен. Бул тууралуу А.Н.Бернштам: «Племена страны гяньгунь являлись северной частью гуннского союза и **занимались земледелием и пастушеским скотоводством** (*белгилеген – Г. Ж.*), являющим-

ся, по всей вероятности, главной формой производства» (Избр. тр., II, 1998, Алматы, 352-б.), – дейт.

Ошондой эле бул мезгилде хунндар аркылуу динлиндер «вели торговлю с Китаем, откуда они получали ткани, зеркала и т.п. в обмен на продукты охоты, скотоводства и рыболовства. Динлины имели довольно развитые производства: керамическое, металлическое и другие» (352).

Бул маалыматтардын байыркы кыргыздарга да тиешеси бар деп эсептейбиз. Анткени алар кыргыз деген этностук биримдикке ээ боло электе эле ошол Миң-Суу ойдуңунда жашап турушкан. Алардын динлиндер менен аралашып кетишкени тууралуу маалыматтар дээрлик бардык жазма булактарда кездешет.

Демек, кыргыздарда, негизинен, мал чарбачылыгы жана дыйканчылык өндүрүштүн негизги формасы болгон. Андан тышкары алар аңчылык, балыкчылык менен да алектенишкен.

Кыргыздар Кытай менен соода жүргүзүшкөн, бул алмашуу формасында болгон: алардан кездемелерди, күзгүлөрдү алышкан, өздөрү мал чарбачылыкка, аңчылыкка жана балык уулоочулукка байланышкан буюмдарды өткөрүшкөн.

Андан тышкары кыргыздарда керамика, металл өндүрүшү өнүккөн.

Кыргыздардын чарбачылыгы, соодачылыгы, аңчылыгы, балыкчылыгы, металл иштетүүсү, кол өнөрчүлүгү ж.б. мезгил өткөн сайын өркүндөп жүрүп отурган. Булардын бардыгы түрк доорунда жана андан кийин өнүгүүнүн бийик деңгээлине көтөрүлгөн (бул тууралуу убагында айтылат).

## УСУНДАР – БАТЫШ ТЯНЬ-ШАНДЫК КЫРГЫЗДАРДЫН ЭҢ БАЙЫРКЫ БАБАЛАРЫБЫ?

*(Н. А. Аристовдун версиясы)*

**Н.А.Аристов – усундар жөнүндө.** Н.А.Аристовдун «Усундар жана кыргыздар же кара кыргыздар» деген эмгеги Батыш Тянь-Шандын элдеринин тарыхы жана жашоо-тиричилиги жөнүндө[1]. Н.А.Аристов өзүнүн бул эмгегинде тарыхый

жана географиялык маалыматтарды нукура булактардан алган жана ашыкча комментарийлерсиз, керектүү гана жерлерде негизги жыйынтыктарды берген[2].

Б.Д.Жамгырчинов аталган эмгек жөнүндө: «В деле изучения вопроса об этногенезе кыргызов труды Аристова и поныне представляют определенную ценность», – деген[3].

Н.А.Аристов Тянь-Шандын эки миң жылдык тарыхын, байыркы усундардан берки тарыхын иликтеп чыккан. Ал кыргыздар усундардын түздөн-түз тукумдары деп эсептейт. Ал кыргыздардын этногенези жөнүндө өзүнүн талаштуу, бирок көңүл буруугa арзырлык версиясын берген, тянь-шандык жана енисейлик кыргыздардын өз ара катышы жөнүндө гипотезасын, далай тарыхый фактыларга өзүнүн түшүндүрмөсүн берген, тарыхый доорлорго бөлүштүрүүнү сунуштаган, «которая была воспринята В.В.Бартольдом и принята в основе своей кыргызской историографией»[4].

Н.А.Аристов өзүнүн эмгегинде батыш Тянь-Шандын тарыхы жана анын элдери тууралуу европалык илимий адабияттарда кездешкен бардык материалдарды, европа тилдерине которулган чыгыш тарыхчыларынын эмгектерин чогулткан. Натыйжада, бул китепте Тянь-Шандын тарыхы жана анын элдери тууралуу Х.Т. чейинки II кылымдан башталган эң маанилүү маалыматтар орун алган.

Аталган эмгек эки бөлүктөн турат. Биринчи бөлүгүндө Тянь-Шандын эң байыркы жашоочулары болгон усундар жөнүндө бир топ толук маалыматтар орун алган. Н.А.Арис-

---

[1] Албетте, усундардын теги боюнча да окумуштуулардын пикирлери бирдей эмес болгондугун белгилүү керек. Мисалы, Ю.Клапрот усундардын сары чачтуу жана көгүш көздүү болгондугунан улам, усундар – чыгыш теги боюнча финдерден келип чыккан деп эсептеген. Н.Я.Бичурин мындай көз карашка кескин түрдө каршы чыккан. Караңыз: *Н.Я.Бичурин.* Собр.св., 1998, I. – Алматы, LXI.

[2] *В. Плоских.* Н.А.Аристов и его фундаментальный труд по истории кыргызов и Кыргызстана. Төмөнкү китептен караңыз: *Н.А.Аристов.* Усуни и кыргызы или кара-кыргызы. – Б., 2001, III б.

[3] *Б. Д. Джамгерчинов.* О прогрессивном значении вхождения Киргизии в состав России. – Ф., 1963, 68 б.

[4] *В. Плоских.* Аталган эмгекте. – Б., 2001, IV б.

тов азыркы батыш Тянь-Шанда жашаган кыргыздар же каракыргыздар (300 миң адам) усундардын тукумдары, эң жок дегенде Енисейде жашаган усундар менен бир уруулаш (единопленны) деген пикирди айтат. Китептин II бөлүгүндө Батыш Тянь-Шанда жашаган кыргыздар жөнүндөгү тарыхый жана географиялык очерктер IV кылымдан азыркы күнгө чейинки маалыматтарды камтыйт (6).

Н.А.Аристовдун маалыматында хунндардын доору, алардын Кытай менен өз ара мамилеси, ошол мезгилдеги усундар (*б.а., кыргыздардын бабалары – Г. Ж.*) ж.б. жөнүндө маалыматтар орун алган.

Алар кыскача төмөнкүдөй.

**Хунндар. Тан династиясы. Х.Т.чейинки III кылым.** Х.Т. чейинки III кылымда хунндардын күчөп турган мезгили болгон. Кытай өзүнө союздаштарды издей баштаган жана юечжилерге элчи жиберишкен. Тогуз кылымдык үлүштүк (удельный) доордон кийин бириккен Кытайда Х.Т. чейинки 202-жылдан баштап Хань династиясы бийлик жүргүзгөн. Хань династиянын негиздөөчүсү, биринчи император Гао-ди хунндар менен болгон натыйжасыз согуштан кийин, Х.Т. чейинки 198-жылы хунндардын шанүйү Модэге жыл сайын салык (дань) төлөп турууга милдеттенген. Салыкты төлөө кийинки башкаруучулардын мезгилинде да уланган. Ошондо да хунндар Кытай жерлерине тез-тез эле кол салып турушкан. Хань династиясынын төртүнчү императору мезгилинде гана Кытайдын ичинде тынчтык орногон, ошондой эле хунндар менен болгон согуш да ийгиликтүү боло баштаган, бирок алар адегенде чечүүчү күчкө ээ болгон эмес (9).

Кытай өкмөтү хунндарга каршы күрөштө өздөрүнө союздаш издей баштаган. Алар бул үчүн юечжилерди өздөрүнө тартууну көздөшкөн. Жердигинде юечжилер хунндар менен каршылаш болушкан, ал мезгилде алар азыркы Гансу провинциясы турган жерде жашашкан. Кытайлыктар юечжилердин хунндардын шанүйү Модэ тарабынан талкаланып, батышка кетишкендиги тууралуу кабардар эле.

Х.Т. чейинки 139-жылы кытай өкмөтү юечжилерге элчи Чжан Цянды жүздөй киши жана кызматчылары менен жөнөткөн. Чек арадан өткөндөн кийин Чжан-Цянь хунндар тарабынан кармалып, он жылдан кийин гана камактан качып чыккан. Ал юечжилерге келип, алардын хунндардан өч алууну да, кытайлар менен байланышууну да ойлошпогондугун билет. Юечжилер бул мезгилде Дахя өлкөсүндө жашашкан. Чжан Цянь эки жылдан кийин кайра өлкөсүнө кайтуу үчүн жолго чыгып, жолдон кайрадан хунндар тарабынан кармалган. Ал бир жылдан кийин качып чыгып, он үч жылдан кийин гана, 126-жылы Кытайга кайтып келген (Н.Аристов, 10; Собрание сведений, III б., 2, 3-бб.).

**Чжан Цяндын саякаты.** Чжан Цяндын саякатын кытай тарыхчылары батыш өлкөлөрүн (край) ачуу деп эсептешет жана Чжан Цянды кытайлык Колумб деп аташат. Анткени мурун батыш өлкөлөрүнүн чыгармалары Кытайга, кытай жибектери Персияга жана Европага далдалчылар аркылуу кокусунан жетип, ал эми бул мамлекеттер тууралуу Кытайга так маалыматтар жетпей жүргөн болсо, эми Чжан Цянь батыш Азия, Индия, ошондой эле Жер Ортолук деңизге чектеш болгон өлкөлөр жөнүндө Кытайга аныкталган маалыматтарды алып келген (10).

**Чжан Цяндын усундар тууралуу баяны.** Ошентип, Чжан Цянь Кытайдын императоруна абдан баалуу маалыматтарды берген. Бул маалымат боюнча Давандын түндүк-чыгыш жагында көчмөндөрдүн Усунь[1] деген жери болгон, алардын башкаруучусу гуньмо[2] деп аталган. Усундар Х.Т. чейинки эки жүзүнчү жылдарда Эцзинэ суусунун төмөнкү агымынан түндүккө карай коңшулары юечжилер менен бирге батыш Мон-

---

[1] *Н. А. Аристовдун* эмгеги боюнча усундарды эң байыркы кыргыздар деп түшүнүү керек. Караңыз: Н.А.Аристов. Аталган эмгек, 6-б.

[2] **ГУНЬМО** – б.з.ч. 2-1-к. Борбордук Теңир-Тоо м-н Жети-Сууну мекендеген усун уруулар союзунун башкаруучусуна берилүүчү наам. Г. наамы уулдарына мураска өткөн. Анын бийлигин аксакалдар кеңеши чектей алган. Г. титулу «күн бий» дегенди да түшүндүрөт. Караңыз: *Б. Урстанбеков, Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы. Кыскача энсиклопедиялык сөздүк. – Ф.: КСЭ, 1990, 38-б.

голиянын батыш бөлүгүн ээлеп турушкан. Хуннулардын батыш чектеринде («на западных хуннуских пределах») гуньмонун атасынын анча чоң эмес жери болгон. Мына ушул жерлерде, б.а., хуннулардын батыш чектеринде согушта гуньмонун атасы өлтүрүлгөн. Анын жаңы төрөлгөн баласын талаага таштшкан, аны карышкыр сүтү менен баккан. Бул мындайча баяндалат: «Птицы склевывали насекомых с его тела; волчица приходила кормить его своим молоком»[1]. Модэ баланы көрүп таң калган жана аны периште деп эсептеп, багып алган жана өзүнүн тарбиясына алган. Ал чоңойгондо аны аскерлердин башчысы кылган.

Ал согуштук жортуулдарда бир нече жолу баатырдыкты көрсөткөн, натыйжада Модэ ага атасынын жерин кайтарып берген жана батыш чек арадагы кароолдорго көзөмөл кылууну кайрадан ага тапшырган. Гуньмо өзүнүн элинин жашоотурмушун оңдоого камкордук көргөн, тегерегиндеги анча чоң эмес шаарларды багынткан. Шанүй Модэ каза болгондан кийин гуньмо өз эли менен бөлүнүп кеткен жана хунндардын ордосуна барып туруудан баш тарткан[2].

**Усундардын Тянь-Шанга келиши.** Бир нече жылдардан кийин, Гуньмо өз элинин чачыранды бөлүктөрүн жыйнап, алардын жашоо-турмушун калыбына келтиргенден кийин, усундар шанүйдүн жардамы менен батыш Тянь-Шанга кетип калышкан юечжилердин артынын жолго чыгышкан, ал жерден юечжилерди сүрүп чыгарып, алардын жерлерин ээлешкен, бул жерде юечжилердин калган бөлүгү менен жана алардан мурун бул өлкөнү ээлеп турган сэ (*сак элдери жөнүндө сөз болуп жатат – Г. Ж.*) элдери менен бир топ күчтөнүп алышкан (11).

Бул учурда, т.а., 129–127-жылдарда хунндар Кытай тарабынан чоң жеңилүүлөргө учурап, Ордосту кытайлыктарга алдырып, алсырап турган эле. Ушул маалда гуньмо хунндарга болгон көз карандылыктан чыгууну чечип, жыл сайын шанүй-

---

[1] Собрание сведений, 1950, I, 22–32; *Н.А.Аристов* Броссэнин котормосун мисалга келтирет: «ворон приносил мясо и волчица кормила его своими сосцами». Караңыз: Усуни и кыргызы или кара-кыргызы. 2001, 10-б.

[2] *Н.А.Аристов.* Аталган эмгекте, 11-б.

дүн сарайына барып туруу адатынан баш тарткан, бирок мамилелерди согуш абалына жеткирбөө үчүн хунндарга болгон номиналдык көз карандылыкты сактаган.

**Усун жана кытай мамилелери.** Кытайлыктар хунндарга каршы күрөштө усундарды пайдаланмакчы болушкан. Ал үчүн усундарды өзүнө тартуу керек эле. 124–121-жылдарда кытайлыктар батыш Монголияга басып киришкен, «а в 120 г. им передался, с 40 т. народа, начальствовавший над западными хуннами Хуньше-князь» (Собр. св. I, 37, 42-бб.; Н.А.Аристов, 12).

119-жылы кытайлык аскерлер кайрадан Гобиден түндүккө өтүшкөн. Андан кийин эки жактын тең жабыркашынан улам согуш токтоп калган. Ушул мезгилде баягы элчи болгон Чжан Цянь императорго мындай деп кат жолдогон: «Если в настоящее время богатыми подарками склонить гуньмо переселиться на Восток на бывшие земли Хуньше-князя и вступить в брачное родство с домом Хань, то можно надеяться успеха в том; а если успеем, то сим самым отсечем правую руку у хуннов. Когда же присоединим к себе Усунь, то в состоянии будем склонить в наше подданство Дахя и другие владения на Западе» (Н.А.Аристов, 12). Албетте, император макул болуп, тапшырманы анын өзүнө жүктөгөн.

Чжан Цяндын планы оңой эле ишке аша койгон эмес. Гуньмо Кытайдын вассалы болгусу келген эмес. Ушул мезгилде гуньмонун үй-бүлөсүндө мураскерликти талашып, балдарынын ортосунда карама-каршылыктар болуп жаткан эле. Натыйжада, усундардын жерлери ичинен үч бөлүккө бөлүнүп, гуньмо Чжан Цянь менен сүйлөшүүдө толук кандуу бийликке ээ боло алган эмес. Анын үстүнө усундар Хуньше-княздын жерлерине көчүүнү да каалашкан эмес. Ошондуктан, Гуньмо Чжан Цянга негизги маселелер боюнча жоопту берген эмес.

Чжан Цянь Кытайга келгенден кийин каза болгон. Чжан Цянга коштоочу болуп барган усундук элчи хунндардын күчүнүн кайтып калгандыгы, Кытайдын күчтүүлүгү тууралуу аныкталган маалыматты ала келген. Анын үстүнө бир жагынан

---

[1] Собрание сведений, I, 37–42-бб.

хунндардын усундарга кол сала тургандыгы тууралуу (Кытай менен байланышы үчүн) маалымат, экинчи жагынан кытайлык элчилеринин усундарды түштүк жагынан четтей өтүп батышка тез-тез катташы – кытайлыктар тарабынан да усундарга коркунучту туудурган.

**Гуньмо жана кытай падыша кызы.** Акырында гуньмо Кытай падыша кызына (царевна[1]) үйлөнүү сунушу менен Кытайга белектик аттар менен элчини жөнөткөн. Император чиндер (мамлекеттик мартабалуу кызматкерлер) менен кеңешип, сүйлөшүлгөн сыйды («сговорных даров»[2]) алгандан кийин гана ага падыша кызын берүүнү чечкен. Гуньмо сүйлөшүлгөн 1000 жылкыны жөнөткөн. 107-жылы «китайский двор отправил к нему в супруги, «в качестве царевны», княжну[3] из своего дома, дочь князя (гян-ду-ван) Гян, по имени Си-гюнь, одарив ее весьма щедро и назначив в ее свиту несколько сот чиновников, евнухов и прислуги[4].

Хунндар да гуньмого өздөрүнүн «княжнасын» жөнөтүшкөн, натыйжада ал – Гуньмонун улуу аялы, кытайлык падыша кызы (царевна) – кичүү аялы болгон.

«Хан-шуда» Гуньмонун картаң экендиги, кытай тилин билбегендиги айтылат. Гуньмонун кытайлык жубайы эригип, куса болуп отуруп, өзүнүн жашоосу жөнүндө жазган дептеринде гуньмо тууралуу: «Живет в круглой хижине, обтянутой войлоками. Питается мясом, пьет молоко»,[5] – деген маалымат болгон экен.

Бул маалыматтан усундардын боз үйдө жашап, эт жеп, кымыз ичкендиги ачык көрүнүп турат.

---

[1] *Н. А. Аристовдо* «царевна» деп берилет. Биз *падыша кызы* деп бердик.

[2] **Дар** *м* 1. сый, тартуу, соога. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И, 2012, 405-б.; Н.А.Аристовдо сый (дар) катары «божественные лошади должны были пройти с севера-запада» (12), – деп айтылат.

[3] Автордо *княжна* деп берилгени сакталды. Сөздүктө бул сөздүн мааниси мындайча берилген: **Княжна** *ж.* княздын кара далы кызы. Орусча-кыргызча сөздүк, К–О, 2012, 61-б.

[4] «Хань-шу» боюнча, Собр. сведений, III, 15, 16, 66-бб.

[5] *Н. А. Аристовдун* эмгегинен алынды.

Гуньмо 98-жылы каза болот, анын ордун улуу уулунун баласы Сэньцзу ээлейт[1]. Гуньмо картайып калган кезинде эле өзүнүн кытайлык аялынын Сэньцзуга турмушка чыгышын каалаган, бирок «падыша кызы» (царевна) бул сунушка макул болбой, кытай сарайына кайрылган. Алар падыша кызына элдин салты менен эсептешүүсүн өтүнүшкөн. Натыйжада, Гуньмо каза болгондон кийин Сэньцзу падыша кызына (Си-гюнга) үйлөнгөн[2].

**Гуньми титулу тууралуу.** «Хань-шу» боюнча «гуньмо есть титул владетеля, а имя его Легоями; после стали писать гуньми» деп берилет. Н.А.Аристовдун маалыматы боюнча VII кылымдагы жазуучу Янь Шигу мындай деп жазган: «Гуньмо есть собственно титул владетеля, а имя его Легоями: почему и пишут Гуньми, выговаривая от первого слова начальный слог *гунь,* а от второго последний слог *ми*. После сего слова Гуньми превращено в титул» (Н.А.Аристов, 14).

**Сэньцзу.** Жогоруда айтылгандай, Гуньмо каза болгондон кийин анын ордуна улуу уулунун баласы Сэньцзу отурган. «Хань-шуда» Сэньцзу деген ат тууралуу мындай деп айтылат: «Сэньцзу есть название достоинства; имя его Гюнь-сюйми» (Keun seume)[3].

Ошентип, Гюнь-сюйми падыша кызына үйлөнгөн.

**Гюнь-сюйми. Унгуйми. Усундук аскерлердин хунндарга кол салышы.** Гюнь-сюйми падыша кызынан (Сигюндан) кыздуу болгон. Сигюнь каза болгондон кийин кытай сарайы Гюнь-сюймиге князь Мэунун (Woo) небереси Гяй-ю падыша кызын («царевна») алып беришкен. Гюнь-сюйми каза болордо бийликти Далунун баласы (аталаш тууганы) Унгуймиге өткөрүп берип, андан кийинки бийликти хунн аялынын баласы Нимиге (Ne me)[4] өткөрүп берүүсүн аманат кылган (Собр. св., 68). Унгуйми Фейван деген ат алып, Гяй-ю падыша кызына үйлөнгөн (14).

Гуньмо менен Гюнь-сюйми кытайлыктар менен да, хунндар менен да мамилени бирдей сактап турууга аракет кылыш-

---

[1] *Н. А. Аристов.* Аталган эмгекте 13-б.; Собр. сведений, III, 29,30,20-бб.

[2] «Хань-шу» боюнча, *Собр. сведений,* III, 2, 30, 20-бб.

[3] *Н. А. Аристов.* Аталган эмгекте, 14-б.; *Собр.св.,* III, 68-б.

[4] Баласы кичине болгондуктан, ага бийликти өткөрүп бере алган эмес.

кан. Мисалы, «Шы-Цзи» боюнча Ли-гуан-линин Даванга экинчи жолку жүрүшүндө, Х.Т. чейинки 102–101-жылдарда «Сын неба отправил в Усунь посланника требовать войска для совокупного действия против Давани. Усуньский гуньмо выслал 2000 конницы, которая, высматривая обстоятельства обеих сторон, медлила своим походом» (Собр. св., III, 29, 30, 20-бб.; Н.А.Аристов, 13).

Ал эми Унгуйминин тушунда усундар ачык эле кытайлыктардын тарабына өтүшкөн. 80-жылы падыша кызы Гяй-ю хунндар Чешы (азыркы Турфан) тараптан усундарга кол салып жатат деп кабарлап, Кытайдан жардам сураган. 73-жылы Унгуйми жана Гяй-ю хунндардын усундарга бир нече жолу кол салып, Чеянвуши өлкөсүн ээлешкендигин, адамдарды туткунга түшүрүшкөндүгүн, алар Кытай менен мамилени үзүү, падыша кызын аларга берүү талабын коюп жатышкандыгын кабарлашкан. Гуньмо хунндарга бардык күчү менен сокку уруу максатында мамлекеттин жарымынан тандалган аскерлерди (анын ичинде 50 миң атчандары бар) даярдап койгондугун, буга кошумча жардам катары дагы аскерлер керек экендигин айтып жана ушул жагынан жардам берүүсүн суранып, Кытайга элчи жөнөткөн.

Кытай 71-жылы 160 000 атчандардан турган беш аскер башчысын жиберген, Усун аскерлерине Чан-Хой аттуу пристав жөнөтүлгөн. Ошого карабастан кытайлык аскер башчылары ийгиликке жетише алышкан эмес, анткени хунндар бардык жерде алардын астында артка чегинип жүрүп отурушкан. Усундук аскерлер болсо хунндардын эң башкы князддарынын биринин конушуна, батыш лули-князына киришип, шанүйдүн кайын атасын жана көптөгөн атактуу хунндарды, бардыгы болуп 40 миң адамды кармап кетишкен. 700 миң баш жылкы, букаларды, койлорду, эшек жана төөлөрдү олжолошкон (15).

**Хунндардын сууктан жана ачкачылыктан кырылышы.** Хуань-ди шанүй жооп катарында ушул эле жылдын кышында бир нече он миңдеген атчандары менен усундарга кол салган. Кайра кайткан жолдо, бир күндө түшкөн терең кардан (10 фут), сууктан жана ачкачылыктан аскерлердин он бөлүгү өз жерине кайтпай калган. Терең түшкөн кардан жана ачка-

чылыктан хунндардын жеринде адамдардын жана малдын үчтөн бири жок болгон (15).

Хунндардын башына түшкөн мындай оор кырсыктан пайдаланып, аларга туш тараптан – түндүктөн динлиндер, батыштан усундар ж.б. кол салып, малдарын тартып алып, кыйроого учуратышкан.

**Ними (Куан-ван («бешенный царь»). Уцзюту. Юань-гуйми. Бийлик үчүн күрөш. Улуу гуньми жана кичүү гуньми.** 60-жылдардын аягында Унгуйми каза болгон. Анын ордуна бийликке Гюнь-сюйминин хунн аялынын уулу Ними келген, ал Куанван («бешенный царь»)[1] деген атка ээ болгон. Ал жесир калган Гяй-юга үйлөнгөн. Экөөнүн мамилеси абдан жаман болгон. Гяй ю усундук принцти коштоп келген кытайлык элчилерди пайдаланмакчы болгон, б.а., ал элчилер менен сүйлөшүп алып, күйөөсүнүн өмүрүнө сол салууну уюштурган. Бирок бул ою ишке ашпай, жарадар болгон Куанван качып кутулган.

Анын баласы Сисэньсэу аскерлерди топтоп, Чигу шаарында элчилерди, падыша кызын курчап алган. Кытай өкмөтү өздөрүнүн элчилеринин күнөөсүн жууш үчүн аларды Кытайга алып келип, жазалаган (баштары алынган). Кытай тарабынан Куанванга дары-дармек, белек-бечкектер берилган, Гяй-юнун күнөөсүн аныктоо, тергөө үчүн сановник[2] Чжан Вун жиберилген, падыша кызы болсо күнөөсүн танган (Н.А.Аристов, 16)[3].

Мындай окуялардан Унгуйминин хунн аялынын баласы Уцзюту пайдаланган. Бул окуялар болуп жатканда ал түндүк тоолорго чыгып кеткен. Аяктан ал хунндардан ага жакында жардам келе тургандыгы жөнүндө кабарды таратып жиберген. Бул кабарга ишенген эл анын тегерегине топтоло баштаган. Капысынан ал Куанванга кол салып, аны өлтүрүп, өзүн гуйми (Н.А.Аристовдо гуйми деп берилген, 16-бет) деп жарыялаган.

---

[1] Wulie нин котормосу. Караңыз: *Н.А.Аристов.* Аталган эмгекте, 17-б.

[2] **Сановник** *м. уст.* чоң мартабалуу, жогорку мансаптуу, чоң мансапка (мартабага) ээ болгон адам; **городские ~и** шаардын чоң мартабалуу кишилери. Орусча-кыргызча сөздүк. – Б., С–Я, 1012, 22-б.

[3] Собр. св., III, 71, 72-б.

Бул учурда Кытай сарайы Унгуйминин кытайлык аялынын баласы Юань-гуймини такка көтөрүү үчүн 15 миң аскерди Дун-хуанга даярдап койгон болот. Бирок Уцзюту менен сүйлөшүүлөрдөн кийин чыңалып калган конфликт чыр-чатаксыз эле чечилген. Уцзюту сүйлөшүүлөрдө коюлган шартка макул болгон. Натыйжада, Юань-гуйми – улуу гуньми, Уцзюту кичүү гуньми болушкан. Аларга элди да, жерди да бөлүп беришкен, улуу гуньминин энчисине 60 миң, кичүүсүнө 40 миң бүлө же боз үй тийген (17).

Юань-гуйми каза болгондон кийин, анын ордуна уулу Синми – улуу гуньми болгон. Падыша кызы («царевна») 70 жашка чыккандан кийин өз өлкөсүнө – Кытайга кетүүнү суранган, ал өлкөсүнө келгенден кийин үч жылдан кийин каза болгон.

**Хунндар. Бийлик үчүн күрөш. Шанүй Чжичжы.** Ал эми бул мезгилде, Х.Т. чейинки жарым кылым мурун хунндарда да ич-ара талаш-тартыш болуп турган. Негизинен бул бийлик үчүн болгон чыр-чатак эле. 57-жылы хунндарда беш шанүй болгон. Бул ички тирешүүлөрдөн кийин алардын ичинен 53-жылы шанүй Чжичжы баарынан алдыга чыккан. Ал батышта бийлигин бекемдөө максаты менен 49-жылы усундарга багыт алган. Шанүй Чжичжы союздаш болуу сунушу менен кичүү гуньмиге элчи жиберген. Ал эми Уцзюту алардын Кытай менен болгон жаман мамилесин билгендиктен, элчини өлтүрүп, хунндарга каршы 8 миң атчандарды жиберген. Чжичжы бул аскерлерди талкалап, бирок кыймылын батышка улантпастан, түндүккө буруп, ырааты менен Уге, Гянь-Гунь жана динлиндерди багындырган. Бул үч падышачылыкты багынтып, андан соң Чжичжы бат-бат эле аскерлерин усундарга жиберип, дайыма жеңишке жетишип турган.

Бирок Чжичжы кайрадан Гобинин түндүк жагына өтүп кеткен Хуханье-шанүйдөн чочулап, усундар тарабынан кысымга учураган Кангүйдүн (Каньгюй) башчысынын (владетель)[1] чакыруусун кабыл алган. Ал бириккен күч менен усундарды басып алууну сунуш кылган. Чжичжы Кангүйгө жөнөгөн.

---

[1] **ВЛАДЕТЕЛЬ** *м.* ээ, ээлөөчү, ээлик кылуучу. Караңыз: *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк. 83-б.

Кангүйдүн башчысы бир нече миң төөлөрдү, эшектерди, аттарды алдыга утурлатып жиберген. Бирок Чжичжы бул сапарында (поход) суукТан көп адамдарынан ажыраган, Кангүйгө үч миң адамы гана келген. Натыйжада, алардын максаты ишке ашпай калган. 36-жылы Чыгыш Түркстандагы кытай башкаруучулары тарабынан Чжичжы жок кылынган.

**Усундардагы кош бийлик.** Усундарда Синми (Юань-гуйминин уулу) каза болгондон кийин анын ордуна уулу Цылими, ал эми Уцзюту каза болгондон кийин анын уулу Фули бийликке келишкен. Фули өзүнүн кичүү иниси тарабынан өлтүрүлгөн. Анын ордуна Фулинин уулу Аньжи кичүү гуньми болгон. Ал дагы ушундай эле жол менен өлтүрүлгөн.

Бул маалыматтар бийлик үчүн айыгышкан кармаш болгондугун жана бул күрөштө бир туугандар дагы бири-бирин аябастан өлтүрүүгө чейин барышкандыгын айтып турат.

Батыш өлкөсүнүн тарыхын түзүүчү адам Улуу Хандардын династиясы учурунда усундар эки бөлүккө бөлүнүп, эки гуньми башкарууга өткөндөн кийин «китайский двор много имел забот и ни одного года спокойно не проходило»,[1] – деп жазган.

В.В.Бартольддун белгилөөсү боюнча кытайлыктар улуу жана кичүү гуньмилердин ортосундагы күрөштө дайыма биринчисинин таламын талашышкан. Качан кичүү гуньми Аньлими кытай өкмөтүнүн макулдугу менен кулатылып, хунндар тарабынан өлтүрүлгөндөн кийин, анын ордуна кытай наместниги[2] коюлган. Улуу Гуньми болуп Цылиминин уулу Ичими болгон (Н.А.Аристов, 20)[3]. Бул мезгилдерде усундардын бийлигине кытай өкмөтү түздөн-түз кийлигишип турган.

**Усундар. II–V кк.** Тарыхый маалыматтар боюнча усундар II кылымда Кытайдан таптакыр бөлүнүп кетишкен[4].

II кылымдын ортосунан баштап, Кытайдын тарыхында анын батыш өлкөлөр менен болгон карым-катышында ачык эмес,

---

[1] Собр.св., III, 76-б.

[2] **Наместник** *м.* наместник (башкаруучу, өкүл; аким). Орусча-кыргызча сөздүк, 1012. – Бишкек, 376-б.

[3] Собр. Св., III, 74–76-бб.

[4] *Н. Я. Бичурин.* Собр. св., III, 108-б.

дүрбөлөңдүү мезгил башталган, ал V кылымга чейин созулган (В.В.Бартольд, 100-б.).

**Сяньбилер.** Хунндардын Монголиядагы ордун Сяньбилер ээлеген, В.В.Бартольддун божомолу боюнча алардын теги тунгустар деп эсептелет (В.В.Бартольд, 100). Сяньбилердин башчысы (владетель) Тан-Шихай (181-ж.) батышка карай усундардын жерлерине чейинки бардык жерлерди ээлеген. Ал эми башка сяньбилик династияга кирген Юйлюй IV кылымдын башында байыркы усундардын жерин басып алган (В.В.Бартольд,100; Н.Я.Бичурин, 193).

Мына ушул маалыматтар, б.а., «Цянь-Шу» деген китептеги усундардын, кангүйлөрдүн жана хунндардын тарыхы орус тилине о.Иакинф тарабынан толук, ал эми англис тилине – бөлүктөрү которулган. Н.А.Аристов өзүнүн маалыматтарында Иакинфтин «Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена» (СПб, 1851) деген эмгегине таянган.

Н.Я.Бичуринде Сяньбилер Дунху үйүнүн бир бутагы (отрасль) болгондугу айтылат. Алар Сяньби-шань тоосунун алдында өз алдынча жайгашкан жана аталган тоонун атын кабыл алышкан (Собр.св., 1998, Алматы, 152).

Н.Я.Бичуринде хунндар кетишкенден кийин сяньбилер күчөй баштагандыгы маалымданат. Алар хунндардын мурунку жерлерин ээлешкен. «Они имеют 100 000 войска, известны крепостью[1] телесных сил, возрастают в образовании». Сяньбилердин куралдары хунндардыкынан курчураак, аттары күчтүүрөөк деп айтылат (Собр.св., 1998, I, Алматы, 160).

**Жыйынтык.** Ошентип, Н.А.Аристовдун эмгегинде азыркы батыш Тянь-Шанда жашаган кыргыздардын эң байыркы бабалары усундар болгондугу айтылып, усундардын тарыхы толук берилген. Биз байыркы кыргыздар жөнүндө сөз кылганда Н.А.Аристовдун бул баалуу пикирин жана анын маалыматтарын кыйгай өтө албайбыз. Ошондуктан кыргыздардын эң байыркы бабалары деп эсептелген эң байыркы усун-

---

**Крепость** I *ж* 3. чыңдык, мыктылык; 4. кайраттуулук, муюшпагандык; 5. ишенимдүүлүк, ишеничтүүлүк; бектик; 6. катуулук, күчтүүлүк; 7. күчтүүлүк, коюулук. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк, К–О, 2012, 136-б.

дар (Н.А.Аристов) тууралуу, алардын хунндар менен, Кытай менен болгон байланышы, алакасы тууралуу жогоруда сөз кылдык.

Усундардын тарыхы андан ары уланат. Бирок биздин максатыбыз – кыргыздардын эң байыркы эл экендигин, конкреттүү учурда батыш тянь-шандык кыргыздардын бабалары усундар болгон деген версияны гана көрсөтүү. Окумуштуулардын мындай баалуу пикирлери кыргыздардын тарыхын изилдөөдө четте калбоого тийиш. Ал эми аларды толугу менен атайын иликтеп, жазып чыгуу – тарыхчылардын милдети.

**В. В. Бартольд усундар жөнүндө.** В.В.Бартольддун эмгегинде жогорудагы эле маалыматтар усундар деген тема менен берилет[1]. В.В.Бартольд усундарды өзүнчө уруу катары, кыргыздарды өзүнчө уруу катары карайт (175-беттен башталат).

В.В.Бартольд усундардын Ферганадан түндүк-чыгышка, кангүйлөр түндүк-батышка карай жайгашкандыгын маалымдаган, алардын ортосундагы чектери Жети-суу (Семиречье) менен Сыр-Дарыянын ортосундагы чек арага дал келген.

Окумуштуу өз эмгегинде белгилегендей, усундардын тилинен азыркы күнгө чейин кытай транскрипциясы боюнча гана сакталып калган жалаң гана жеке аттар жана титулдар жеткен. Анын ичинен көзгө урунганы – улам-улам кайталанып келген *-ми* мүчөсү[2].

**Усундардын түспөлү. Динлиндер жана кагастар (кыргыздар).** Б.з. VII кылымындагы кытай жазуучусу Шы-гунун усундардын сырткы түспөлү тууралуу мындай деп жазган: «Усуньцы обликом весьма отличны от других иностранцев западного края. Ныне тюрки с голубыми глазами и рыжими бородами, похожие на обезьян, суть потомки их»[3] (В.В.Бартольд, 96). Бул маалыматтан усундардын сырткы түспөлү байыркы кыргыздардай болгондугу көрүнүп турат.

---

[1] Караңыз: *В.В.Бартольд.* Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. //Усуни. – Б.,1996, 95–101-бб.

[2] *В.В.Бартольд.* Бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгекке таянат: Ю.А.Зуева. О языке усуней. К этнической истории усуней.

[3] <Янь Ши-гу>Бичурин. III, 65-б.

Тарыхый маалыматтарда динлиндердин, кагастардын (байыркы кыргыздардын) жана усундардын көк көздүү, кызыл жүздүү жана сары чачтуу экендиги айтылган: «Динлины, кагасы и усуни имели румяные лица, голубые глаза и рыжие волосы»[1].

Мына ушул маалыматтан да усундардын сырткы түспөлү динлиндердей жана кагастардай (байыркы кыргыздардай) экендиги ачык-айкын көрүнүп турат. Мунун өзү алардын тегинин бир экендигинен кабар берип турат. Ал эми динлиндер менен кагастардын урук-урку аралашып кеткендиги тууралуу маалыматтар дээрлик бардык жазма булактарда кездешет. Ошондой эле усундардын кыргыздардын этногенезине катышкандыгы тууралуу да окумуштуулардын пикирлери мурунку бөлүмдөрдө айтылган эле.

Н.А.Аристовдун кыргыз тарыхы, анын ичинде Тянь-Шань кыргыздарынын байыркы тарыхы үчүн жасаган көп жылдык иликтөө иштери баа жеткис. Бирок, бул маселе ошол боюнча калып калбай андан ары иликтенүүсү зарыл деп эсептейбиз.

Албетте, бул – кыргыздардын тарыхындагы чиеленишкен, өтө татаал жана олуттуу маселе. Буга кыргыз тарыхчылары, түркологдору ж.б. олуттуу карап, коюлган маселени ар тараптан кылдат изилдөөгө алышат жана бул боюнча өз ойлорун айтат деген үмүттөбүз.

**Усундардын чыгыш теги тууралуу көз караштар.** Усундардын чыгыш теги боюнча ар кандай көз караштар бар. Мурунку ориенталисттер – Абель Ремюза, Клапроттон баштап усундарды арийлер болгон дешсе, ал эми академик В.В.Радлов аларды түрктөр дейт[2].

А.Н.Бернштам К. Шираторинин изилдөөсүнө таянып: «Усуни, по всей вероятности, были тюркоязычны»,[3] – дейт.

Бул тууралуу бирдей пикир жок.

---

[1] *Н.А.Аристов.* Аталган эмгекте, 133-б. Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгекке таянат: A.Castren – Kleinere Schriften herausgeg von Schiefner, St. Pet., 1862, s. 120.

[2] К вопросу о уйгурах. 126-б.

[3] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 194-б. Автор бул пикирди айтууда төмөнкү эмгекке таянган: K.Schiratori. Über den Wu-sun-St@mme in Centralesien. RO, Ser. III, Vol. 2–3, 1902, 134-б.

**Усундардын конушу.** В. В. Бартольддун маалыматы боюнча усундардын конушу Жети-Суунун түзөң жерлерин ээлеген, климаты жаан-чачындуу жана суук болгон. Тоолорун ийне жалбырактуу токойлор ээлеген. Эли 120 000 бүлө же 630 000 жан деп эсептелген; усундар 188 800 адамдан турган аскерлерди чыгара алган. В.В.Бартольддун пикири боюнча алардын борбору, б.а., борбордук штабы Чигу, болжолу, Ысык-Көлдүн түштүк-чыгыш жээгинде жайгашкан, анткени кытайлыктардын маалыматында ал Аксудан (*эмгекте Аксу деп берилгени сакталды – Г. Ж.*) түндүк-батышка 610 ли, Ферғананын борборунан түндүк-чыгышка 2000 ли жана кангүй жерлеринин чек арасынан 5000 ли жерде деп берилет[1].

В.В.Бартольд азыркы мезгилде усундар сыяктуу көчмөн элдин курулуштарынын издерин табуу мүмкүн эмес дейт (В.В.Бартольд, 97). Мындай пикирди Н.А.Аристов да айткан. Ал: «Усуни, как чистые кочевники, совсем не занимавшиеся земледелием, оседлых поселений не имели», – дейт (28).

Айрым авторлор Ысык-Көлдүн айланасындагы жана анын тереңинде жаткан байыркы эстеликтерди усундарга таандык деп эсептешет (Дьячков, Урочище Кайсара, 12).

**Усундардын ордосу – Ысык-Көлдүн түндүк чыгышында жайгашкан Чигу шаарында.** «Россия империясынын географиялык-статистикалык сөздүгүндө»[2] кытайлык летописчилердин маалыматтары бар. Анда Чигу шаарынын Ысык-Көлдүн түндүк-чыгышында жайгашкан, «по всей вероятности при устье р. Тюба и предания об обрушившемся городе... относится... к развалинам Чигу. Единственные следы усуньского периода, найденные при устье Тюба, суть так называемые каменные бабы и грубые изваяния, отличающиеся однако типом, совершенно различным от калмыцкого и обыкновенного киргизского»,[1] – деп жазылган. Ысык-Көлдүн толкундары кезкезде усундарга тиешелүү деп эсептелген эмеректерди жээкке сүрүп таштайт. Ошондой буюмдардын ичинде абдан чоң жез казан (1842-ж.) болгон (Н.А.Аристов, 30).

---

[1] Караңыз: *Н.Я.Бичурин.* Собр.Св., III, 6-б.; «Топографический указатель», стр. 100; *Н.А.Аристов.* Аталган эмгекте, 29-б.

[2] Караңыз: *Н.А.Аристов.* Аталган эмгекте, 30-б.; СПб., 1865.

Усундардын шаары деп эсептелген Чигу шаары, Н.А.Аристовдун маалыматы боюнча, кытайлык падыша кызы тарабынан негизделген, бирок ал шаар көпкө турган эмес, кайра эле усундар тарабынан талкаланган. Усундардын башчыларына кытайлык падыша кыздарын күйөөгө берүү адаты токтогондон кийин бул шаар усундар тарабынан кыйратылган (28).

Кытайлык маалыматтарда дагы 107-жылдан кийин пайда болгон Чигу шаары Х.Т. чейинки 44- жана 36-жылдарда усундар тарабынан кыйратылгандыгы айтылат. Шанүй Чжичжы менен усундардын башчысы бир нече ирет согушкандан кийин, аларга (хунндарга) туруштук бере албастыгына көзү жетип, «опустошил на западе более 5000 ли своих земель и удалился со своими подданными на восток, так что когда Чжичжы прибыл в Чигу-чен, то нашел этот город совершенно разрушенным и всю страну опустошенною»[1].

Клапроттун маалыматы боюнча усундардын башчысы «обитал в Tchy Kou tching или городе Красной Долины, который находился близ восточного берега Янь-Хая или Соленого озера, называемого также Жехаем или Теплым морем»[2].

Клапроттун маалыматына таянып, Риттер усунь гуньмосунун резиденциясы кытайлыктарда Чи-гу-чен деп, б.а., кызыл өрөөндүн шаары («город красной долины») деп аталгандыгын, ал Янь-Хандан же Же-Хаядан, т.а., Ысык-Көлдөн чыгышка карай жайгашкандыгын маалымдаган.

Жогорку маалыматтарда Чигу шаары усундар тарабынан курулгандыгы жана хунндар тарабынан жеңиле баштаганда кайра эле өздөрү тарабынан кыйратылгандыгы айтылат. Бул шаар усундардын кытайлык аялдарына арналып курулгандыгы дагы белгиленет. Анткени алар көчмөн турмушка көнө беришкен эмес.

---

[1] *Н.А.Аристов,* 30; Н.А.Аристов бул маалыматты төмөнкү эмгектен алган: Спб, 1865 г.

[2] *Н.А.Аристов,* 31-б. Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгекке таянат: Historie generale de la China on annoles de set empire, tradites du Tong-Kien-kang-mou par ... de Moilla, Paris, t.III, 1763, p.163.

[3] *Н.А.Аристов,* 29; Собр.св., III, «Топографический указатель», 100-б.

Чигу шаарын суу каптап кеткендиги тууралуу да уламыштар жашайт.

**Чигу шаары тууралуу уламыштар.** Ар кандай металлдан жасалган буюмдардын табылышы, балык уулоочулар тарабынан таратылган суу алдындагы курулуштар жөнүндөгү имиштер, ошондой эле өзгөчө жер титирөөлөр, жер астындагы күчтөр аркылуу катастрофалардын кийин да болушу, мисалы, 1885–1887-жж. жер титирөөлөрдүн Пишпекти жана Верныйды, көптөгөн айыл-кыштактарды талкалашы – качандыр бир кезде жашаган Чигу шаары жөнүндөгү ачык эмес маалыматтар («представление») жүрүп отуруп Чигу шаарын суу каптап калган деген пикирдин калыптанышына алып келген. Мындай маалыматтар тарыхый булактарга да жазылып калган: «С конца II века до Р.Х. здесь (на Иссык-Куле) водворились усуни... основавшие на северо-восточной стороне озера город Чигу. Этот город был впоследствии был затоплен водой, и озеро до сих пор выбрасывает немало предметов домашней утвари усуней и строительных материалов от разрушенного города. После усуней в бассейн Иссык-Куля пришли гунны»[1].

Ошентип, жогорудагы маалыматтардан улам мындай жыйынтыктарга келүүгө болот. Усундардын башчысынын ордосу Чигу шаары болгон, бул шаар гуньмонун кытайлык аялы тарабынан курулган жана алар хунндар тарабынан жеңиле турган болгондо усундар тарабынан талкаланган. Албетте, жогоруда айтылгандай, Чигу шаарын суу каптап калгандыгы тууралуу уламыштар да жашайт.

Тарыхый маалыматтарда усундардын Тянь-Шандын жергиликтүү калкы болбогондугу, алар бул жерге Кытайдын түндүк-батыш жагынан келишкендиги айтылат. «Улуу Хандардын тарыхында: «усуньский владетель в одно время с Б.Юечжы кочевали около Дунь-хуан»,[2] – деп берилген. Чжан Цзяндын

---

[1] *Н.А.Аристов,* 31; Н.А.Аристов бул маалыматтарды төмөнкү эмгектерден алган: Труды Томского общества естествоиспытателей. Томск, 1889, стр. 55, реферат В.М.Флоринского «Двадцать три человеческих черепа томского археологического музея».

[2] *Н.Аристовдун* маалыматы боюнча область Дунь-хуан Х.Т. чейинки III кылымда негизделген. Караңыз: Аталган эмгекте, 125-б; Китепте: Б.Юечжи деп берилгени сакталды (Н.А.Аристов, 125-б.).

билдирүүсү боюнча усун гуньмосунун атасы «имел небольшое владение на западных хуннуских пределах» (Собр. св., III, 12). Булар усундар жөнүндө кеп болгондо айтылган эле.

Хунндардын батыш жагындагы жерлерде ал мезгилде Ордос жайгашкан. Болжол менен 214-жылдарда аны кытайлыктар тартып алган, хунндар түндүккө кетүүгө аргасыз болушкан. Бирок кийин, бир нече жылдардан соң ал жерди хунндар кайра кайтарып алышкан (Н.А.Аристов, 125).

Ошентип, усундар батыш Тянь-Шанга келип жашап калышкан.

**Ысык-Көлдөгү археологиялык табылгалар.** Ысык-Көлдүн тегерек четинен азыркы күнгө чейин байыркы эстеликтер табылууда. Жогоруда айтылгандай, бул жерге усундардан кийин хунндар келип жашашкан, ал эми X–XIV кылымдарда «здесь появились несторианские христиане». XV кылымдын башында өзүнүн аскерлери менен чыгышка Ботогал көлүнө чейин жүрүшкө чыккан Тамерлан көлдүн түштүк жээги менен өткөн (Аталган эмгек, 31).

Ысык-Көлдүн жээгинен ар түрдүү буюмдардын, адамдардын сөөктөрүнүн калдыктарынын, моло таштардын ж.б. көп учурагандыгы – бул жердин далай окуялардын күбөсү болуп, тарыхтын татаал табышмактуу сырларын ичине катып жаткандыгынан кабар берип турат. Алардын кайсы доорго, кайсы элге таандык экендигин тарыхый, археологиялык, этнографиялык жактан изилдеп чыгуу – илимпоздордун алдындагы чоң милдет.

**Усундар – көчмөндөр жана малчылар.** Тарых усундардын турмушу жөнүндөгү маалыматтарга жарды. Н.А.Аристов Чжан Цяндын эмгеги боюнча: «Усунь лежит почти в 2000 ли от Давани на севере-восток. Это кочевое владение, коего жители переходят со скотом с места на место. В обыкновениях сходствуют с хуннами. Усунь имеет несколько десятков тысяч войска, отважного в сражениях», – деп берген (Аталган эмгекте, 24; Собр.св., III, 5).

Батыш жерлерин (край) баяндаган Бан Гунун маалыматында (Х.Т. чейинки 79–34-жылдарга тиешелүү): «Народонаселение состоит из 120000 кибиток, 630000 душ; строевого войска 188800 челов.», – деп берилген (Н.А.Аристов, 24).

Ошол эле Бан Гуда усундардын дыйканчылык менен да, багбанчылык (бак өстүрүүчүлүк) менен да алектенишпегендиги, мал жайууга ылайыктуу ээн талаадагы чөпкө жана сууга карай бир жерден экинчи жерге мал жандыгы менен көчүп-конуп жүрүшкөндүгү айтылат. Адаттары хунндарга окшош. Аларда ат абдан көп болгон, алардын саны байларында 4000ден 5000ге чейин жеткен (Н.А.Аристов (24).

**Усундардын өлкөсүнүн жаратылышы.** Н.А.Аристов Бан Гунун усундардын өлкөсүнүн жаратылышы жөнүндөгү айткандары азыркы батыш Тянь-Шандын жайыттарына жалпы жонунан туура келерин маалымдайт (25).

Н.А.Аристов: «Бассейны Иссык-Куля, Нарына, Текеса и Кунгеса, по возвышенному своему уровнем моря положению (более 5000 футов), отличаются гораздо более влажным климатом и более холодною температурою, чем впадина Восточного Туркестана и киргизская степь, между которыми они лежат. Северные склоны гор покрыты здесь и ныне еловыми лесами. Земледелие и теперь существует с успехом только в наиболее низменных частях упомянутых местностей, страдая на более высоких местах от слишком влажного лета, поздних инеев в мае и июне и ранних холодов и снегов в августе и сентябре», – дейт (24–25-бб.).

Жогоруда айтылган жаратылыш жана климат азыркы батыш Тянь-Шандын жайыттарына туура келет.

**Усундар жана азыркы тянь-шандык кыргыздар.** Н.А. Аристов бул жерде жашаган кара-кыргыздар дагы эле көбүнчө аттарды асырашарын белгилеп, бул «и в настоящее время[1] вызывается свойством трав и глубиною снегов», – деп белгилейт. Ал кара-кыргыздар азыр деле (*Н.А.Аристов жашаган*

---

[1] Н.А.Аристов 1847-жылы туулган, каза болгон жылы белгисиз. Н.А. Аристов илим-изилдөө иштери менен пенсияга чыккандан кийин алектенген. Ал түрк элдеринин, анын ичинде кыргыз элинин тарыхын изилдеген, ал эми 1894, 1896-жылдары түрктөрдүн этностук тарыхы тууралуу «Живая старина» аттуу борбордук журналга абдан чоң эки макаласын жарыялаган. Караңыз: *В.Плоских.* Н.А.Аристовдун аталган китебинин баш сөзү. VII, VIII беттер; Н.А.Аристов «в настоящее время» дегенде мына ошол мезгилди түшүнүү керек.

*мезгил – Г. Ж.*) миндеген үйүр жылкыларга ээ экендигин маалымдайт. Мисалы, 1873-жылы Султанкулдун («у богинца Султанкула» – Н.А.Аристов) 10 миң баш жылкысы болгондугун айтат, буга ал кыргыздар менен кыргыз-казактардын ортосунда жерлерди бөлүштүрүү үчүн Текеске барганда көзүм жетти дейт (25).

Бул салыштыруулар байыркы усундардагы мал чарбачылыгы кийин кара-кыргыздарда сакталгандыгын айтып турат, б.а., кара кыргыздар кийин деле малчылык менен алектенишкен, малдын ичинен дагы эле көбүнчө аттарды асырашкан, байлардын үйүр-үйүр жылкылары болгон. Н.А.Аристов буларды эмгегинде усундардын кара кыргыздардын бабалары болгондугунун дагы бир мисалы катары келтирет.

Бан Гунун маалыматында: «Народ суров, алчен, вероломен, вообще склонен к хищничеству», – деп берилендигин маалымдайт Н.А.Аристов (24).

**Усундардын жашоо мүнөзү, каада-салттары хунндардыкындай жана кыргыздардыкындай.** Н.А.Аристов усундардын кытайлыктар сыпаттаган үрп-адаттарындагы катаалдык дегеле көчмөндөрдүн тагдырына мүнөздүү көрүнүш болгондугун белгилейт. Чындыгында көчмөн турмуш жана адегенде мал-жандыктын амандыгы үчүн, мал-жандыктарга ылайыктуу жайыт үчүн, бара-бара бийлик жана байлык үчүн болуп турган согуштар көчмөн элдердин кулк-мүнөзүндө катаалдыкты, тайманбастыкты, өжөрлүктү, шамдагайлыкты ж.б. жоокердик сапаттарды жараткандыгы шексиз. Бул сарайда бир калыпта жашаган кытайлыктар үчүн өөн жана орой көрүнгөндүгү да түшүнүктүү.

Тарыхый маалыматтарда усундардын каада-салттары хунндардыкына окшош экендиги белгиленет (Н.А.Аристов, 25). Бул тууралуу хунндар жөнүндө сөз болгондо айтылган. Каада-салттарынын дээрлик окшоштугу усундардын хунндар менен карым-катышынын абдан эле жакын болгондугунан кабар берип турат. Бул тууралуу усундардын тарыхы тууралуу баянда айтылган.

Бирок усундардын көчмөн жашоосу, жоокерлик турмушу, сырткы түспөлү (чачынын сарылыгы, өңүнүн актыгы, көзү-

нүн көктүгү), каада-салттары кыргыздардыкына да окшош экендигин белгилөө зарыл.

Усундар да, кыргыздар сыяктуу, малдын этин жешкен, сүтүн (кымыз) ичишкен жана териден кийим кийишкен.

Усундардын аймактарга, урууларга жана уруктарга («племена или роды») бөлүнүшү тууралуу тарыхый булактарда маалыматтар жок экендигин айтып, Н.А.Аристов «но существование у усуней родов ясно уже из того, что они нашли в западном Тяньшане (*эмгекте ушундай берилген – Г. Ж.*) остатки ранее их занимавших страну народов сэ и юечжей», – дейт (Аталган эмгекте, 27). Бичуринде: «...посему (*китепте ушундай берилген – Г. Ж.*) то между усунями находятся отрасли племен сэкского и юечжинского», – деп берилет (Собр. св., III, 65; Н.А.Аристов, 27).

Усундар Тянь-Шанга келгенде ал жерде жашаган сэлер жана юечжилер менен биригип күчтөнүп алышкандыгы тарыхый булактарда белгиленет.

**Усундардын курамы.** Усундарда дагы башка уруулардын болгондугун Чжан Цяндын төмөнкү маалыматынан билүүгө болот. Ал гуньмонун атасы ээлеген жери тууралуу «небольшое владение на западных хуннуских пределах» деп кабарлайт. Н.А.Аристовдун пикири боюнча «трудно допустить, чтобы небольшой народ, подвергшийся нашествию хуннов, а потом, вероятно, безначалию, увеличился в управление сына до 100 т. кибиток вследствие одного естественного размножения; скорее надо предположить, что гуньмо умножил число своих подданных подчинением других соседних и более или менее родственных племен, сохранявших в эпоху отца его независимость» (27).

Бул маалымат усундар коңшу жашаган же өздөрүнө тектеш урууларды багындыруунун эсебинен көбөйүшкөндүгүн маалымдайт.

**Жыйынтык.** Ошентип, усундар көчмөн элдерден болушкан. Чжан Цяндын докладын ачык-айкын түшүнүү үчүн Х.Т. чейинки эки жүзүнчү жылдары усундардын юечжылар менен коңшулаш болгондугун, Эцзинэ суусунун төмөнкү агымынан түндүккө карай батыш Монголиянын бир бөлүгүн ээлеп ту-

рушкандыгын эске алуу керек. Мына ушул жерде батыш хунн чектеринде («на западных хуннуских пределах»[1]) атасы күн бий (гуньмо) өлтүрүлгөн, анын баласы шанүй Модэ тарабынан багууга алынган. Чындыгында, усундар хунндар тарабынан талкаланып, башчысынан ажырап, саясий жактан жок болуунун алдында турган эле. Бирок, хунндардын сарайында тарбияланган, аларга берилген жана кызыкчылыктарын сыйлаган гуньмонун кызматы үчүн шанүй аны калган усундарга башчы кылып койгон, ошону менен бирге эле өзүнүн ээлеген жерлеринин батыш чек арасына аскер башчысы кылган (А.Н. Бернштам, 11).

Бир нече жылдардан кийин, усундардын гуньмосу өз элинин чачыранды бөлүктөрүн жыйнап, алардын жашоо-турмушун мурунку калыбына келтирген, усундар шанүйдүн макулдугу менен жана анын аскерлеринин жардамы менен батыш Тянь-Шанга кетип калышкан юечжилердин артынан ошол жерге (батыш Тянь-Шанга) келишип, бул жерден юечжилерди сүрүп чыгарышкан жана алардын жерлерин ээлешкен. Ал жерден юечжилердин калган бөлүгү менен жана алардан мурун бул өлкөнү ээлеп турган сэ (сак) элдери менен биригип, күчтөнүп алышкан. 129–127-жж. хунндар кытай тарабынан жеңилип, Ордостон айрылып (кытайлар тартып алган эле), алсызданып турган кезде гуньмо хунндарга болгон көз карандылыктан чыгууну чечкен жана мурун дайыма төлөп жүргөн жылдык салыктан жана сарайга – шанүйгө барып туруудан баш тарткан. Бирок, ачыктан-ачык душмандашуудан качып, хунндарга болгон номиналдуу көз карандылыкты сактаган (Н.А.Аристов, 11).

Усундарда дыйканчылык да, багбанчылык да болгон эмес, негизинен мал чарбачылыгы болгон. Алар малга ылайык суу жана жайыт издеп, көчүп-конуп жашашкан.

Биздин оюбузча Н.А.Аристовдун эмгеги кыргыз элинин тарыхы, географиясы, этнографиясы ж.б. боюнча баалуу факты-материалдарды камтыйт жана тянь-шандык кыргыздар-

---

[1] **Предел** *м* 1. чек, чек ара; 2. *мн* **пределы** айлана, чек, аймак; 3. *трад.-поэт.* (край, страна) журт, жер, мекен, мамлекет, өлкө; 4. *перен.* чек ара, чек, өлчөм, акыркы чек. Орусча-кыргызча сөздүк, П–Р, 2012, 336-б.

дын байыркы тарыхын иликтөөдө далай илимий изилдөөлөргө багыт бере алат.

Жогоруда белгилегендей, Н.А.Аристов да, В.В.Бартольд да байыркы кыргыздар жөнүндө эмгек жазууда Н.Я.Бичуриндин «Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена» (1851) деген эмгегине таянышкан[1].

**Усундар жана кыргыздар тууралуу А.Н.Бернштамдын версиясы.** А.Н.Бернштам Н.А.Аристовдун Тянь-Шандагы усун, кийин нушиби урууларын кыргыз салаалары деп эсептегендиги тууралуу: «Здесь мы снова возвращаемся к гипотезе Н.А. Аристова, который предпологал, что кыргызы на Тянь-Шане представлены были их ветвью – усунями, позднее – нушиби» дейт (I, 1998, 212).

А.Н.Бернштам кыргыздардын батыш бөлүгү өз алдынча болуп, усундарга тап душман болуп турганы белгилүү дейт. Ошондуктан ал усундарды кыргыз салаасы деп айтуу жаңылыштык деп эсептейт. Ал эми Н.А.Аристовдун нушиби союзун түзгөн урууларды кыргыз уруулары менен байланыштыргандыгы өтө маанилүү дейт. Ал Н.А.Аристовдо кыргыздын ассык жана кущу же кущук уруулары кытай булактарындагы «ассиги» жана «гэшу» уруулары менен байланыштырылгандыгын, ал эми «Таншуда», чындыгында эле, нушибинин беш уруусу саналып, анын арасында Асиге жана Гэшу да аталарын маалымдайт[2].

Ошентип, нушиби уруусу менен кыргыз урууларынын ортосунда кандайдыр бир этногенетикалык байланыш түзүлгөн. Нушиби уруусу түндүк Тянь-Шанга, өзгөчө Чу-Талас сууларынын аралыгына топтолушкан. Бирок А.Н.Бернштам нушиби уруусунун кийинки кыргыз уруулары менен гана эмес, мурунку усундар менен да байланышы бар дейт (213).

Тонукук жазуусунда: «В юртах усуньского союза мы остановились» деп жазылган. А.Н.Бернштам: «В.В.Радлов искал объяснения этому союзу на территории Китая, о котором в

---

[1] Караңыз: *Н.Я.Бичурин.* Собрание сведений.1851.

[2] *А.Н.Бернштам,* Аталган эмгекте, II, 1998, 213-б. Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгектерге таянат: Таншу, гл. 140б.; И.Бичурин. Собрание сведений... ч.1, стр. 356.

предшествующей строчке памятника шла речь», – дейт. Бирок, анын ою боюнча, бул туура эмес.

Эстеликтеги Тонукуктун билдирүүсү боюнча, түрк каганы (сөз Ильтерес жөнүндө болуп жатат) Шандун[1] деңизине чейин жетип, аяктан 33 шаарды талкалап, усун союзунун боз үйлөрүнө жетип, ал жерде калган, «а посему китайский каган стал врагом тюрок и каган «десятистрельных» (западных) тюрок стал врагом тюркского кагана». Ушундан улам, окумуштуу: «Очевидно, что захват юрта усуньского союза сделал врагом кагана западных тюрок, совершенно так же, как разгром 33 китайских городов привел в возмущение китайского императора», – дейт (А.Н.Бернштам, II, 1998, 213).

Бул жортуулдар мезгили боюнча VII кылымдын аягына VIII кылымдын башына туура келет деп болжолдонот, ал мезгилде Батыш түрк каганатында кытай полководеци Судифандын согуштук жортуулунан кийин өзүнүн автономдуулугун сактап калган нушиби уруусу бийлик жүргүзүп турган. Түрк жазма булактарында мына ушул нушиби уруулук союзу усунь союзунун боз үйү деп аталып калган. Ошондуктан нушиби уруусу менен усунь уруусунун ортосундагы белгилүү бир байланыш («известная связанность»[2]) таанылышы мүмкүн дейт А.Н.Бернштам. Усундар V кылымда эле өздөрүнүн автономдуулугун сактап турушкан, ал түгүл Ферганага элчи жиберип, кытай элчилерине жол көрсөтүүчүлөрдү (проводник) жана тилмечтерди берип турушкан, ошондуктан алардын аты көчмөн калктын арасында унутула элек болчу (213).

А.Н.Бернштамдын пикиринде эгерде биздин заманга чейинки биринчи кылымда эле батыш цзянь-кундардын (кыргыздардын) уруулары усундардын составына кошулса, анда цзянь-кундар алар менен VII кылымга чейин, усундар нушиби союзуна киргенге дейре жашашы толук мүмкүн, бул жерде байыркы кыргыз уруулары ассиги жана гэшу болуп бөлүнүп чыгышкан. Эгерде усун мезгилинде цянь-кундар автономдуу

---

[1] Ф. Хирт Шандун дегенде азыркы Шандун элет жерин эмес, Чжили деп түшүнүү керек дейт. Караңыз: *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгекте, 213-б.

[2] **Связанность** *ж* эркин эместик, жеңил эместик, кысылгандык, буулгандык, шыр эместик. Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я, 2012, 53-б.

болуп, түндүк гундар менен чогуу усун жана кангүй ортосунда тосмо (буфер) ролун аткарса, ал эми VI кылымда алар нушиби урууларынын бир бөлүгүн гана түзүп, ал эми азыркы кыргыз элинин составына «дошли лишь в качестве подразделений родов «костей» (соек)[1] ассык и кущу» (*эмгекте ушундай берилген – Г. Ж.*) (А.Н.Бернштам, I, 1998, 214).

Ошентип, А.Н.Бернштам усундарды кыргыздар эмес дейт, бирок, жогоруда ачык көрүнүп тургандай, байыркы заманда эле батыш цянькундардын (кыргыздардын) тобу усундарын тобуна кошулгандыгына жол берет, анда алар VII кылымда усундар нушиби уруусуна киргенге чейин өкүм сүрүшүп, бул маалда байыркы кыргыз уруулары деп аталып кеткен ассиги жана гэшу болуп таркалып кетишине да жол берет.

Бул божомолдор усундардын жана нушиби урууларынын кыргыз урууларына катышы, тиешеси бар экендигин танбайт. Дегеле Н.Аристовдун усундар – кыргыздардын бабалары деген версиясы дагы терең иликтенүүгө муктаж. Бул версияны четке кагуу оңой, бирок мындай баалуу маалыматка байланышкан тарыхый булактарды кылдат изилдеп чыгуунун зарылдыгы бар.

Ошондой эле А.Н.Бернштамдын байыркы кыргыздар нушиби уруусунун бир бөлүгүн түзүшү мүмкүн деген божомолу да иликтөөнү талап кылат. Анткени, тарыхый булактарда байыркы кыргыздардын Тянь-Шанда жашашкандыгы тууралуу маалыматтардын дээрлик жоктугу «показывает лишь то, что они не составляли здесь еще значительной массы населения и что собственно название кыргыз применялось к енисейской территории, в то время как тянь-шаньские кыргызы выступают здесь под другими именами» (212).

Чындыгында эле тарыхый жазма булактарда тянь-шандык кыргыздар тууралуу маалыматтар б.з.ч. мезгилде дээрлик катталбаган. Кыргыздар тууралуу маалыматтарда енисейлик кыргыздар гана аталган, ал эми тянь-шандык кыргыздар, А.Н. Бернштам белгилегендей, башка аттар менен аталган. Ошондуктан Н.А.Аристовдун усундар – батыш тянь-шандык кыргыздардын бабалары деген версиясы чындыкка толук жакындашат.

---

[1] Сөөк болуу керек.

## ЕНИСЕЙ – ТЯНЬ-ШАНЬ БАЙЛАНЫШЫ

А.Н.Бернштам: «История кыргыз уходит в глубокую древность, к IV тысячелетию до н.э. (*эмгектегидей берилди – Г. Ж.*), но эта предыстория племен Енисея может считаться эпохой становления лишь кыргызских племен», – дейт (Избр.тр., II, 1998, 311).

Мына ошондо жарала баштаган этностук элементтерден б.з.ч. 1-миң жылдыктын аягында гана биринчи кыргыз уруулары түзүлгөн. А.Н.Бернштам: «Уже с этого этапа намечаются связи кыргызских племен Енисея с Тянь-Шанем, нашедшие свое полное выражение в государстве кара-китаев в XII веке, когда Енисей и Тянь-Шань входили в одно государственное целое», – дейт (311).

Енисей менен Тянь-Шань бири-бири менен тарыхый жактан тыгыз байланышта өнүккөн.

Мисалы, коло доорунда түндүк кыргыздардын локалдуу өзгөчөлүгүнө карабастан, Енисейдеги, ал түгүл Алтайдагы эстеликтер менен синхрондуу окшоштуктары байкалган (А.Н. Бернштам). Мындан да жакын окшоштуктар андронов этабында болгондугу аныкталган.

Ошондой эле А.Н.Бернштам тарабынан Кыргызстандагы коло сырттан келген кубулуш эмес экендиги да белгиленет, «хотя и слагались под сильным влиянием казахстанского очага бронзы» (312).

Скиф доорунда локалдуу айырмачылыктар өөрчүй баштаган. Бирок, бул мезгилге Енисейде жана Тянь-Шанда динлин деп аталган ошол эле бир расалык типтин жашагандыгы мүнөздүү көрүнүш болгон. Мына ушул доордон баштап Енисей жана Тянь-Шань Борбордук Азиядагы саясий окуяларга тартылышкан.

Енисей – Тянь-Шань байланышы хунн доорунда да уланган. Б.з.ч. акыркы кылымдарда хunndar экономикага, коомдук түзүлүшкө, расалык жана этностук типке таасир этишкен. Борбордук азиялык державалар үчүн Енисей жана Тянь-Шань – эки фронт болгон. Хунндар енисейлик кыргыздарга да, усундарга каршы да бирдей эле согуштук жортуулдарды жасашкан. Мындай байланышты шанүй Чжи-чжинин түндүккө

жасаган жортуулу көрсөтүп турат. Мына ушундан баштап кыргыздарды эки бутакка: енисейлик жана тянь-шандык деп бөлө башташкан (312).

Сяньби урууларынын бийлиги мезгилинде, Борбордук Азиядагы тоба урууларынын үстөмдүгү кезинде деле ушундай абал болгон. Бир гана айырмасы – аталган уруулардын хунндар бийлик кылган Тянь-Шанга караганда енисей уруулары менен байланышы тыгыз болгон.

Жужандардын V кылымдагы Енисей менен Тянь-Шанга каршы согуштук жортуулу бул аймактардын андан аркы өнүгүү жолуна таасир эткен. Натыйжада, Енисейде көчмөн жашоо андан ары уланган болсо, ал эми Тянь-Шанда көчмөн жашоо менен катар эле отурукташкан элдердин согду маданияты өнүгүүгө ээ болгон (бул тууралуу өз учурунда айтылат).

Юебань уруулук союзунун жужандарга каршы согуштук жортуулдары алардын Жети-Сууга кирип келишин токтотткон. Натыйжада, Чүй өрөөнүндө согду колонизациясынын өнүгүшүнө жагымдуу шарт түзүлгөн.

Ошентип, Енисей менен Тянь-Шандагы өзгөчөлүктөр б.з. биринчи кылымдарында бир аз эле билине баштаган болсо, кийин алардын маданиятындагы айырмачылыктар бир кыйла сезилерлик болуп калган (312).

Енисей менен Тянь-Шандын айрым бир биригүү процессине Түрк каганаты таасир эткен (бул тууралуу сөз Түрк каганаты тууралуу маалыматтардан кийин улантылат).

Ошентип, Енисей жана Тянь-Шань байланышы дайыма болгон. Аларды саясий окуялар, көчмөндөргө мүнөздүү жашоо-тиричилиги, экономикасы, маданияты, салт-санаалары, ырым-жырымдары ж.б. бириктирип турган.

## КЫРГЫЗДАРДЫН АТАЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ

**Кыргыздардын цзянькунь (гяньгунь), гэгунь ж.б. аталышы.** Кыргыз урууларынын тарыхы кытай жазмаларында б.з.ч. 201-жылдан баштап эсептелинип келет. А.Н.Бернштам цзянькунь же гэгунь – кыргыз деген аттын кытай формасындагы транскрипциясы дейт (Избр.тр., II, 1998, 159).

В.В.Бартольд: «Б.з.ч. 201-жылдагы окуялар кыргыз жөнүндөгү мезгили боюнча эң биринчи кабар болуп эсептелет», – деген[1]. Ал б.з.ч. I кылымдын экинчи жарымындагы окуяларда кыргыздар *гяньгунь* деген ат менен эскерилерин белгилейт (В.В.Бартольд, Изб., 178-б.).

П.Пеллиот «цзянь-кун» это монгольская форма передачи названия имен киргиз в единственном числе, известном китайцам через гуннов», – дейт[2].

Демек, цзянь-кунь деген ат – кыргыз деген аттын монголчо айтылышы, ал хунндар аркылуу кытайлыктарга белгилүү болгон жана кытай жазма булактарына кытай транскрипциясы менен жазылган.

«Ханзу жазмаларында» мындай маалыматтар бар: «Кыргыздар батыш-түндүк жак чөлдөгү мамлекет эсептелет. Тегинде «жегу» деп жазылган. Дагы бир аталып жазылганы «жүву» болгон. Андан дагы «жиянкүн» делип жазылды. Ал эми «Тарыхый эстеликтерде» гекүн, «Ханнамада» гекүн болуп жазылып, айтылып келет» («Ханзу жазмалары», 361–362).

Н.Я.Бичуринде кыргыздардын жашаган жери төмөнкүдөй сыпатталат: «**Хакяньсы. Хагас.** [Кыргызы] *Хагас* – есть древнее государство Гяньгунь. Оно лежит от Хами на запад, от Харашара на север, подле Белых гор. Иные называют сие государство *Гюйву* и *Гйегу*»[3].

Н.А.Аристовдо кыргыздар жөнүндөгү эң байыркы эскертүү б.з.ч. 209–201-жылдарга туура келет, хунн шанүйү Модэ баш ийдирген түндүк жерлердин ичинде Динлин менен катар эле Гэгун да бар эле[4].

Ал эми Н.А.Аристовдун маалыматы боюнча Чжичжы шанүйү Х.Т. чейинки 49-жылы Гяньгунь деп аталган ошол эле жерди багындырган (Аталган эмгек, 2001, 143).

---

[1] *В. В. Бартольд.* Киргизы. – Фрунзе, 1927, 6-б.

[2] *P. Pelliot.* Journal Asiatiqie. XV, 137; *А.Н.Бернштам,* Избр.тр., II, 1998, 159-б.

[3] *Н. Я. Бичурин.* Собрание сведений… Алматы, I, 1998, 358-б.; Аталган автор. Кыргызчасы: «Байыркы мезгилде Орто Азияда жашаган элдер тууралуу маалыматтардын жыйнагы». Китепте: Кыргыздар. – Б., I том, 1993, 77-б.

[4] *Н.Н.А.Аристов.* Аталган эмгекте, 143-б.

Н.А.Аристов: «Это название одной и той же страны и народа, которые еще именовались Гюй-ву, Ге-гу, Гагяс, Хагас, Хакянсы, узнаем мы из описания этого владения в «Тан- шу», где сказано, что это древнее государство Гяньгунь», – дейт (Н.А.Аристов. Аталган эмгек, 2001, 143).

Н.А.Аристов кыргыз мамлекетинин аталышы тууралуу талдоо жүргүзөт. Тан-шуда бул мамлекеттин Гэгунь деген аты берилбейт, бирок Н.А.Аристов: «...но это кажется весьма вероятным по сравнению с Ге-гу и с Гянь-гунь. Из этих имен, видимо, представляют только различные китайские транскрипции слова кыргыз: гегу (kje-ku, kie-kou, ki-ku и пр.), где не достает в средине отсутствующего в китайском языке звука р и окончания з или с; в гегяс (kje-kia-sze) и в кагаз (kiu-kja-sze, ha-ka-sze) не хватает только р», – дейт. «Юань-шыда» (Монгол династиясынын тарыхы) кыргыз деген ат ки-ли-ки-з (ki-li-ki-sze) деп берилет («с заменою р посредством л»).

Н.А.Аристовдун пикиринде «Гянь-гунь, Гянь-гянь, Ге-гунь (Gan-koun, Kien-kien, Kjan-kuen) кажутся удвоением имени орошающей страну реки Енисея Кем (Kjan): доказательством, что местное население некогда называло страну Кем-кемчик по рекам, соединение которых образует Енисей, может служить название этой реки у Рашид-эддина Кем-кемджиют[1]; у китайцев такое двойное имя могло выходить Кань-кань, Гянь-гянь, Гянь-гунь, Ге-гунь».

Ошентип, Н.А.Аристов кыргыз деген сөздүн ар кандай аталышына талдоо жүргүзүп, анын чечмелөөгө аракет кылган.

К.Г.Менгестин маалыматы боюнча кытай жазмаларында кыргыздар адегенде *го-кун, гян-кун,* кийинчерээк *гя-ку, хо-гу* же *хе-гя-сзь* деген аттар менен берилген. Жашаган жери Минуса (Миң-Суу) деп көрсөтүлгөн[2].

Н.Я.Бичурин кийинчерээк шанүй Чжичжы мурунку эле жерде жашашкан Гяньгундарды багынтып, чыгыш Шанүй ордосунан 7000 ли батышка, Чешыдан түндүктү көздөй 5000 ли аралыгында туруп калгандыгын, кийин бул өлкөнүн башкаруучу-

---

[1] «Монголдордун тарыхы» Березиндин котормосунда. 1868, 112-б.

[2] *Г.К.Менгес.* 2000, 94-б.

лары Хагасты жаңылыш Гйегу жана Гйегйесы деп аташкандыгын маалымдайт (Н.Я.Бичурин. Собр. св., 1998, Алматы, 359).

Ю.Клапрот кытай тарыхчыларынын төмөнкүдөй маалыматын мисалга келтирет. Монголдордун учурунда кыргыз деп аталган эл Тань династиясынын убагында 618-жылдан 907-жылга чейин Ха-Кіаny деп аталган.

Ю.С.Худяковдун «Сабля багыра» эмгегинде байыркы кыргыздарды кыргыз-гяньгундар деп берет.

Жогорку маалыматтарда кыргыз деген аттын маалымат булактарында ар кандай берилиши орун алган.

**Кыргыздар эмне үчүн ар кандай аталган?** Жогоруда көрүнүп тургандай, кыргыздардын мамлекетинин аталышында ар түрдүүлүк орун алган. Бизге белгилүү болгондой, монголдук мезгилге чейинки Орто Азиянын чыгыш бөлүгүнүн тагдыры жөнүндө дээрлик бүт маалыматтары официалдуу кытай историографиясынан алынган, мында элдердин аты жана башка жеке аттар, энчилүү жана географиялык аттар, албетте, кытай иероглифтеринин (тамгасынын) айтылышы боюнча берилген.

Кытай тексттерин которгондо орус окумуштуулары адатта азыркы убактагы пекин наречиесиндеги иероглифтердин айтылышын жетекчиликке алышкан, ал эми батыш европалык окумуштуулар кытайдын адабий же «мандарин» деп аталган тилин колдонушкан (В.В.Бартольд. 1993, II, 126-б.).

Мындан тышкары кээ бир синологдор сөз болуп жаткан тарыхый эстелик таандык болгон мезгилде бул же тигил иероглиф кандай айтылгандыгын лингвистикалык маалыматтардын негизинде аныктоого аракеттенишкен (126-б.).

Ошентип, кыргыз мамлекети жана кыргыздар ар кандай аталган.

Бул окумуштууларда ар башка ой-жорууларды пайда кылган жана алардын ортосунда талаш-тартыштарды жараткан. Сөз мына ушул талаш-тартыштардын тегерегинде болмокчу.

**Кыргыздардын аталышы тууралуу талаш тартыштар: «Хакас» жана «Хагас» аталыштары.** Ю.С.Худяков Түштүк Сибирдин жана Борбордук Азиянын тарыхына, археологиясына арналган эмгектерде Миң-Суу (Минусинск – Ю.С.Худяков) ойдуңундагы талаалуу аймактарда жашап өткөн кыргыздардын

аты ар башкача аталып жүргөндүгүн белгилейт. Айрым изилдөөчүлөр тарабынан аталган аймакта жашагандар жазма даректерге ылайык «кыргыздар» деп берилсе, айрымдары тарабынан «байыркы хакастар», же «орто кылымдагы хакастар» деп аталган. Анткени кээ бир изилдөөчүлөрдүн ою боюнча кыргыздар «байыркы хакастардын» бар болгону бир гана салаасын, б.а., «династиялык ак сөөктөр тукумун» гана түзөт экен. Ошондой эле бул эки терминди бириктирип, «кыргыздар (хакастар)», «кыргыз-хакас» ж.б.у.с көрсөткөн эмгектер да бар[1].

Ю.С.Худяков эмне үчүн мындай пикирлер жаралган деген суроо коюп, ага жооп издейт. XVIII кылымдан тартып Европанын илимине орто кылымдардагы кытай жылнаамалары белгилүү боло баштаган жана алардын мазмуну «Ортолук Азиядагы» (*Ю.С.Худяковдо ушундай берилген – Г.Ж.*) көчмөн элдер жөнүндөгү тарыхый чыгармалардын негизин түзгөн. Дал ушул мезгилдерде ошол көчмөндөрдүн атын белгилеген кытай терминдери илимий лексикага кеңири кире баштаган. Алардын ичинде кийин деле Азия элдеринин тилинен ынанымдуу далилдер табылбагандыктан, ушул күнгө чейин баштапкы маанисинде айтылып, илимий адабияттарда кеңири колдонулуп келе жаткан сөздөр бар. Алар: динлиндер, юэчжи, сяньби, жуань-жуан, теле, сейяньто, яньмо, шивей, мохэ ж.б.[2]

Мына ушулардын катарына хягасы (сяцзясы) термини да кирет. Кытай жазмаларында, мисалы хань тексттеринде – цзянь-гунь, тан тексттеринде – ся-цзясы, юань тексттеринде – цзилицзисы деп берилген. Алар окумуштуулардын эмгектеринде да ар башкача берилип келген. Ю.Клапрот «Ha – Kia – sze», В.Шот – «Ha – Ka – sze», Н.Бичурин – «хагас», В.Радлов – «хакасс» деп жазган[3].

Ю.С.Худяков аталган терминдер бир этностун атын билдиреби же ар башка этносту түшүндүрөбү деген суроо коюп, мындай суроо В.Шоттун маалында эле, Енисей кыргыздары-

---

[1] *Ю.С.Худяков.* Енисей кыргыздарынын тарыхы.// Кыргыздар.І, 1993, 118-б.

[2] *Ю.Худяков.* Енисей кыргыздарынын тарыхы. «Кыргыз этноними жөнүндө». Китепте: «Кыргыздар», І том, 129-бет.

[3] Караңыз: Аталган эмгектин 119-бети.

нын тарыхы боюнча атайылап эмгек жазган учурда эле пайда болуп, «чыныгы кыргыздардын» пайдасына биротоло жана туура чечилгендигин айтат.

Н.Я.Бичурин «хагас» деген терминди киргизген, Сибирь археологиясында бир учурларда мына ушул термин колдонулган. Бул байыркы көрүстөндөрдүн, кенттердин ордун казган учурда табылган далилдерди тарыхый маалыматтар менен салыштырып изилдөө боюнча алгачкы аракеттер жүрүп жаткан мезгилде болгон. Бара-бара ал орус тилинде айтылышы жагынан жатыгыраак түргө келип, «хакас» болуп өзгөргөн.

Ю.С.Худяков кийин бул термин окумуштуулар менен публицисттердин, анын ичинде XX кылымдын биринчи он жылдыктарында «теги бөлөктөрдү» ажыратып бөлүүнү жактап күрөшүшкөн Сибирь областынын арасына тарагандыгын маалымдайт. Натыйжада, 20-жылдары бул термин Красноярский крайынын түштүгүндө, РСФСРдин составында турган азыркы Хакас автономиялуу республикасындагы жергиликтүү калктын атын билдирген этноним катары айтыла баштаган (Ю.С. Худяков, Аталган эмгекте, 120).

Аңгыча түрк тилиндеги рун жазмаларынын түп нускадагы тексттери табылып, чечмеленип жана которулуп, алардын кыргыздардын өздөрүнө, ошондой эле өткөн тарыхый доорлордо алар менен такай жоолашып келген түрктөргө жана уйгурларга таандык экени талашсыз далилдер менен тастыкталып калат. Руналык кол жазмалар Енисейде «хакастар» жашаган имиш деген доорлордо жалаң гана кыргыздар жайынан кабар кылган. Мунун өзү, албетте, хягас деген терминди «кыргыз» этнониминин кытайча жазылган бир түрү деп эсептөөгө негиз берген (Ю.С.Худяков, Аталган эмгекте, 121).

Ошого карабастан, бул маанилүү тыянак рун тексттеринин В.Радлов ишке ашырган немец тилиндеги котормосундай эле академиялык илимдин гана чөйрөсүндө калган. Ю.С.Худяков бул тууралуу: «Сибирдин түштүгүндө улуттук- мамлекеттик курулуш иштери башталган чакта кытайча «хагяс» деген сөздүн мааниси түрк тилиндеги «кыргыз» деген сөзгө төп келерин, ошол себептүү «хакас» термини өз алдынча маанини

туюнта албай тургандыгын буга чейин эле илимпоз изилдөөчүлөр кандыра далилдеп коюшкандыгына карабастан, бул термин реалдуу жаңы мазмунга өтүп, Минусин ойдуңундагы жергиликтүү калктын энчилүү аты болуп калды», – деген (121).

В. В. Бартольд буга кескин каршы чыккан. Ал ошол кезде, Совет мезгилиндеги илимдин тарыхында биринчи болуп кыргыздардын тарыхы боюнча очерктердин жыйнагын түзгөн эле.

«Хакас» жана «кыргыз» терминдеринин айырмасын ажыратып берүүгө Н.Н.Козьмин аракет кылган, бирок ал эмгегинде бир нече барактардан кийин аларды кайра бир уңгуга бириктирип койгон: «хакастар кийинчерээк кытай жылнаамаларында ки-ли-кидзе (т.а., кыргыз) деген ат менен белгилүү болушкан. Аска бетинде сакталып калган жазууларда алар өздөрүн «кыргыз» деп аташат. Хакас-кыргыз мамлекетинен башка да меркиттердин, наймандардын жана кераиттердин андан майдараак мамлекеттери болушу мүмкүн». Ю.С.Худяков белгилегендей, Н.Н.Козьминдин көз карашында өтө эле көп карама-каршылыктар болгон (121–122).

Бул маселе боюнча ар кандай пикирлердин жашашы андан аркы изилдөөлөргө өз таасирин тийгизбей койгон эмес.

«Кыргыз» жана «хакас» терминдерин ажыратып тактоого байланышкан талаш-тартыш маселелер боюнча 50-жылдардын башында С.Е.Малов, синолог Н.В.Кюнер да өз ойлорун айтышкан. С.Е.Малов кыргыздардын байыркы уйгурлар менен теңтайлашкан күчтүү Енисей мамлекетин түзгөн эл экендигин айткан. Бирок, «хакас» деген сөздүн мааниси тууралуу: «Ал «кыргыз» деген сөздүн кытайча жасалган түрүбү же мен божомол кылгандай көбүнчө «карагас» дегенге жакындашабы? Анткени хакас – карагас деп кытайлар ар кошкон элди кол алдында кармап турган кыргыз мамлекетин айтышы толук ыктымал эмеспи», – деген[1].

Окумуштуу бул терминдердин маанисин ажыратып берген эмес.

---

[1] Маалымат Ю.С.Худяковдун эмгегинен келтирилди. «Енисей кыргыздарынын тарыхы», Китепте: «Кыргыздар». 1993, I, 123-б.

Ал эми Н.Ю.Кюнер «хакас» терминин «кыргыз» этнонимине эквивалент деп эсептеген, анын пикири боюнча бул сөз уйгур тили аркылуу кытай тилине өтүп, «саргыч кызыл жүздүүлөр» деген маанини түшүндүрөт.

Кийин Н.Ю.Кюнер өзүнүн бул көз карашын азыраак өзгөрткөн. Ал хакастар менен кыргыздар XIII кылымдагы монгол доорунда бир эле элдин ар башка тайпасын билдире албай калган деген (Аталган эмгектин 124-б.).

Ошентип, бул маселе боюнча окумуштууларда ар кандай көз караштар жаралган (Л.В.Евтюхова, С.В.Киселев, Н.В.Кюннер, Н.Н.Козьмин, Л.П.Потапов ж.б.).

Ю.Худяков эмгегинде Л.П.Потаповдун «хакас» терминине байланышкан төмөнкүдөй пикирин мисалга келтирет: «Качиндердин күчтүү таасири астында болуп өткөн биримдешүүнүн жалпы процесси XIX кылымдын башталышында Минусин ойдуңундагы аймакта орустар минусин же абакан татарлары деп атаган чакан элдин түзүлүшүнө алып келди. Алар Хакас болуп Улуу Октябрь Социалисттик революциясынан кийин гана атала баштады»[1].

П.Потапов «хакас» деген атты 20-жылдардын башында жергиликтүү интеллигенциянын өкүлдөрү сунуш кылышкандыгын, алар азыркы Минусин же абакан татарлары кытай жылнаамаларында «хягас» деген ат менен катталып калган Саян-Алтай бөксө тоосундагы байыркы калктын тукумдары болот деген туура эмес түшүнүккө таянышкандыгын маалымдайт. Ошону менен катар эле «хакас» деген ат тарыхый жактан аныкталган жана сыпатталган наам боло албай тургандыгына карабастан, азыр ага каршы чыгуунун кажаты жоктугун, анткени ал акырындап отуруп калктын аң-сезимине сиңип, кабыл алынып кеткендигин эскерткен ( Ю.С.Худяков, 124).

Бул боюнча окумуштуулардын арасынан Л.Р.Кызласовдун пикири өзгөчөлөнүп турат. Л.Р.Кызласов орто кылымдардагы кытай жылнаамаларында «хакас» деген сөздүн түрдүүчө жазылган варианттары жолугат, бул сөз Ортоңку Енисейдеги көп тилдүү жана көп тектүү калктын жалпы аты

---

[2] Аталган эмгекте, 124-б.

болуп саналат; ага катарлаш ошол эле жазма даректерде «кыргыз» деген сөз да кездешет, бирок ал «байыркы хакастардын династиялык ак сөөктөр жамаатын» гана билдирет; бул «кыргыз» деген термин Енисейдин бүткүл калкынын жалпы аты боло алмак эмес, анткени анын составына тили бири-бирине окшобогон этностук ар түрдүү тайпалар жана уруулар (угор, самодий жана түркий) кирген; бул мамлекетте кыргыздар үстөмдүк абалды ээлеп турган, дал ушул себептен улам орхон түрктөрү – тюгулар, уйгурлар, ошондой эле батыштын жазма даректери ал уруулардын баарын жаңылыш түрдө кыргыздар деп атаган», – дейт.

Р.Л.Кызласов андан ары «хакас» деген сөз түпкүлүгүндө самодий тилине барып такаларын, биздин заманга ал «хаос» формасында жеткендигин, бул сөздүн тофалардын (хааш), тувалыктардын жана монгол дархаттардын (хаасут) уруулары менен тайпаларынын аттарында сакталып калгандыгын айтып, VI–XII кылымдардагы мамлекеттин жана элдин аты катары «хакас» деген сөздүн пайда болушу бул мамлекеттеги калктын арасында жергиликтүү уруулардын түрк тилдүү жаңы уюткусу түзүлгөндүгүн (буга кыргыздар да кирген) далилдейт деген пикирди айтат.

Р.Л.Кызласов мунун өзү «жалпы экономикалык базасы жана бирдиктүү адабий тили – Енисей жазуусу бар борборлошкон күчтүү мамлекеттин түзүлүшүн шарттаган; «байыркы хакастардын» «кыргыз» деп аталган уруусу гундардын ашина, уйгурлардын яглакар, кидандардын елюй сыяктанган башкаруучу урууларындай нерсе» деген. Мына ушундай ой-пикирин айтуу менен, Р.Л.Кызласов хакас жана кыргыз деген терминдерди өз ара чаташтыруу жана окшоштуруу, болбосо аларды бири-бири менен алмаштыруу – илимий жосун эмес. Ошондой эле мамлекеттин атын жазма даректерде катталган анын көпчүлүктү түзгөн эмгекчил калкынын аты менен эмес, башкаруучу ак сөөктөр уруусунун аты менен атаган да туура эмес деген жыйынтык чыгарган[1].

---

[1] Бул маалымат *Ю.С.Худяковдун* эмгегинен келтирилди. Енисей кыргыздарынын тарыхы. Китепте: Кыргыздар. 1993, I, 126-б.

Анын пикири боюнча бул мамлекетти VI–VII кылымдарда байыркы хакастар түзгөн жана алар жердеп турган, ошондуктан аны байыркы хакас мамлекети деп атоо керек экен.

Албетте, Л.Р.Кызласовдун мындай жыйынтыгы окумуштууларды кайдыгер калтырган эмес. Ө.Караев «хакас» деген терминдин байыркы жазма даректердин текстине күчкө салып жабыштырылгандыгын, байыркы жазма эстеликтер боюнча авторлордун ой-пикирлери ыгы жок бурмалангандыгын сындап чыккан.

Кытай тилинин фонетикасы боюнча белгилүү адис С.Е. Яхонтов аталган маселеге байланыштуу кытай терминдеринин маанисин чечмелеп, фонетикалык өзгөчөлүктөрүн талдоого алып, бул боюнча өзүнүн пикирин билдирген. Ал: «Хягасы» деген термин кыргыз деген сөздүн кытайча жазылышы болуп саналат: анын кытай санжыраларында айтылып жүргөн өзүнө тетелеш *гяньгун, гегу* ж.б.у.с. формалары ошол эле этнонимдин фонетикалык варианттарын (мисалы, *кыркур* же балким *кыркун, кыркут, кыргыз*) билдирет. «Хягасы» деген атоо тыбыштык жактан хакас деген сөздү түзө албайт (Ю.С.Худяков, 129-б.), – деген.

Бул мисалдан көрүнүп тургандай, С.Е.Яхонтов «хягас» терминин байыркы кыргыздардын пайдасына чечкен, б.а., «хягас» деген сөз кыргыз деген сөздүн кытайча айтылышы болуп саналат.

Ю.С.Худяков эмгегинде бул тууралуу Н.А.Сердобовдун ойлорун мисалга келтирет. Ал Л.Р.Кызласовдун кыргыздар жана «хакас» термини жөнүндөгү пикирлерине токтолуп, бул пикирлердин акыйкаттыктан алыс турганын айткан. Анын көз карашы боюнча бул эки термин тең бир этностун атын билдирген окшош сөздөр. Енисей кыргыздары азыркы хакас элинин составына гана эмес, ошондой эле тувалыктардын, ортоазиялык кыргыздардын, алтайлыктардын составына да этностук компонент болуп кирген, ошондуктан аларды «династиялык» ак сөөктөр тукумуна же «хакастарга» айлантуу жол берилгис иш (131).

Н.А.Сердобовдун пикиринде бул эки сөз тең бир эле этностун атын билдирген сөздөр.

Албетте, Л.Р.Кызласов мындай пикирлерге каяша жоопторду жазган, өзүнүн оюн далилдөөгө аракет жасаган. Бирок, окумуштуулардын кескин сынына кайрадан туш болгон.

Мисалы, Ө.Караев тарыхый маалыматтардын «хакастардыкы» болуп көрсөтүлүшүнө каршы чыккан, ал тарыхый маалыматтардын көпчүлүгү Орто Азияда жашап өткөн кыргыздарга тиешелүү экендигин белгилеген (Аталган эмгек, 133).

Ю.С.Худяков дагы Л.Р.Кызласовдун жогорудагы пикирлерине каршы өзүнүн аргументтерин келтирген. Ал тарыхый фактылардын бардыгы Енисейде өткөн доорлордо өздөрүн «хакас» деп атаган эл эч качан жашабагандыгын жана андай элди ошол кездеги жумурай-журттун эч кимиси угуп көрбөгөндүгүн күбөлөндүрүп тургандыгын тастыктайт. Бул тууралуу Ю.С.Худяков: «Хакас» деген сөздү орто кылымдардагы Енисейдин калкына көчүрүп барып, ага зордоп жалгаштыруу аракети тарыхты бутун башына каратып бурмалоо гана болуп саналат», – деген (Аталган эмгекте,143).

Ошентип, «хакас» жана «кыргыз» терминдеринин тегерегиндеги талаш-тартыштардын жыйынтыгында Енисейдин эзелки калкына карата колдонулган терминдердин баары «кыргыз» этнонимине туура келери, анын синонимдери болору аныкталган.

С.Абрамзон да «кыргыз» деген этноним тууралуу өзүнүн оюн төмөндөгүдөй билдирет. Кыргыз элинин түзүлүшүнө алып келген этностук процесстерди туура түшүнүүдө «кыргыз» этноними маселесин тигиндей же мындай трактовкалоо чоң мааниге ээ. Кыргыздардын «бурут» наамына байланыштуу этнонимдик тарыхына жана этимологиясына кийлигишпей туруп, бул жерде анын этностук мазмуну жөнүндө бир нече ой айтууга болот. Бирок бул ойлор өзүнүн жаралганынан бери белгилүү этностук мазмуну бар «кыргыз» этнонимин каалагандай пайдаланууга (мурда ошентишкен, азыр да кээ бир изилдөөчүлөр ошентет) жол бербейт (296).

**Кыргыздардын «хагас» деп аталышы.** Кытай тексттери менен тааныш болгондуктан, т.а., Н.Бичурин кытай жазмаларын орусчага которгон адам болгондуктан кыргыздарды «хагас» деп берген (Караңыз: «**Хакяньсы. Хагас.** *Хагас* есть древ-

нее государство Гяньгунь. ...Иные называют сие государство *Гюйву* и *Гйегу*» (Собр. св. 1998, Алматы, I, 358-б.).

Чет өлкөлүктөрдүн атын атоонун Кытайда кабыл алынган эрежесине ылайык, бул сөз Хакас (*Хагас – Г.Ж.*) деп айтылууга тийиш дейт Левшин[1].

Чындыгында, Кытайда такталып кабыл алынган эреже боюнча «Хакас» эмес, «Хагас» деп аталганы туура болуп эсептелет.

**Кыргыз мамлекетинин «Хагас» деп аталышы тууралуу падышалык жол-жобо.** Кыргыз деген сөздүн ар кандай аталышы Кытай мамлекетиндегилерди да тынчсыздандырган. Бул «Ханзу жазмаларында» орун алган кыргыздардын мамлекет атынын жазылышы тууралуу маалыматтарынан көрүнөт.

Мисалы, «Ханзу жазмаларында» Ли Дыйү макалаларында мындай деп жазылган:

### *«Падышалык жол-жобо*

Түшүнүк: кыргыз мамлекет атынын жазылышы мурда батыштагы бөтөн элдердин жазууларынан тыбыштап которулуп жазылып келген. Ошол себептүү котормодо кытайча жазуу менен жазылышы окшош болбой жүргөн. Акылдашуу менен (мындан ары) падышалык буйрук боюнча алардын (кыргыздардын) мамлекет башчысын мансапка койгонго Жа дан жайсаңдын «Чар тараптан баян» деген чыгармасында жазылганы боюнча «хагас» деп жазуу бекитилди»[2].

Ошентип, Миң-Суу ойдуңундагы талаалуу аймактарда жашап өткөн калктын аты ар башкача айтылып жүргөнү менен, алар – бир эле «кыргыз» деген сөздүн варианттары болуп эсептелгендиги такталган жана талаш-тартыштарга чекит коюлган.

---

[1] *Левшин.* Аталган эмгекте, 254-б.

[2] *«Ханзу жазмалары».* // Ли Дыйү макалалары. Бул китеп Ли дыйүнүн (787–849) кол жазмалары болуп, негизинен падышанын тапшырмасы боюнча жазылган каттардан жана башка түрдүү жазмалардан куралган. Которгон Кармыштегин Макелек Өмүрбай. Шиңжаң эл басмасы, 2004, 335-б.

## КЫРГЫЗДАР Б.З. I–V КЫЛЫМДАРЫНДА

### (Түрк дооруна чейинки кыргыздар тууралуу маалыматтар)

В.В.Бартольд биздин доордун биринчи беш кылымында кыргыз элинин тагдыры жөнүндө эч кандай маалымат жок болуш керек деген. Ал кыргыздар жөнүндө VI кылымга чейин, түрк огуздардын көчмөн империясы түзүлгөнгө чейин эч бир маалымат кезикпегендигин белгилейт.

А.Н.Бернштам б.з. II кылымынан кийин кыргыздар тууралуу гана эмес, динлиндер тууралуу да кытай булактарында цзянь-кундун батыш салаасы жөнүндө маалыматтардан тшкары эскерүүлөр жок деген (Аталган китепте, 1998, 178).

Бул мезгилдерде кыргыздардын борбордук азиялык уруулар менен аралашып кетишкендиги тууралуу маалыматтар бар. Айрым маалыматтар боюнча кыргыздар адегенде сяньбилердин, кийин жужандардын карамагында болушкан. Бирок, алардын кыргыздарга кандай таасир тийгизгендиги тууралуу жазма булактарда маалыматтар жокко эсе.

Ө.Осмонов I–V кылымдарда кыргыздар Теңир-Тоонун[1] чыгыш регионунда жайгашкандыгын маалымдайт. Окумуштуу кытай булактарына таянып, кыргыздар «...были соседями политического объединения тюркских племен теле (телес) и обитали «севернее Яньциня (Кара-Шаар), вблизи Ак-Тоо», а некоторая часть динлинов и хунну в этот период слилась, ассимилировалась с кыргызами», – дейт (90).

### Сяньбилер жана кыргыздар

В.В.Бартольд биздин доордун I кылымынын аягында хунн державасынын кулашы, бийликтин сяньби деген ат менен белгилүү болгон элге өтүшү жана анын кыргыздарга кандай таасир тийгизгендиги таптакыр белгисиз экендигин маалым-

[1] Теңир-Тоо (При Тяньшанье) – система горных цепей, начинающихся в Синьцзянь-Уйгурском автономном районе КНР и охватывающих с северо-востока территорию Кыргызстана, Юго Восточный Казахстан и северо-восточную часть Узбекистана. Караңыз: *Ө.Осмонов.* Аталган эмгекте, 33-б.

дайт. Ал сяньбини кийинки кезге чейин эле тунгустар деп эсептешчү дейт.

В.В.Бартольд проф. Пельо Ленинградда окуган лекциясында сяньби тили боюнча түзүлгөн кытай сөздүгүнө таянып, аларды түрк деп атагандыгын айтат, бирок В.В.Бартольд ал сөздүк жөнүндөгү маалыматтарды кезиктире албагандыгын эскертет.

V кылымда түзүлгөн «Кенже Хандардын тарыхында» (25-220) сяньбилердин падышасы Таньшихай тууралуу (181-жылы каза болгон) «түндүктө динлиндерди токтотуп, батышта усундарды жеңип, мурунку хунн державасынын карамагындагы жерлерди ээлеп алган», – деп айтылган (Аталган эмгек,180). Мындай маалымат Н.Я.Бичуринде да бар (Собр. св., Алматы, 1998, II, ).

«Кенже Хандардын тарыхындагы» жогорудагыдай маалыматка таянып В.В.Бартольд динлиндер менен кармаш жөнүндө сөз – Таньшихай динлиндердин түштүктөгү коңшулары кыргыздардын жерлерин ээлеп алган деп ойлоого алып келет дейт. Анткени: «В этой истории динлины иногда упоминаются там, где мы скорее ожидали встретить их южных соседей» (В.В.Бартольд, 181). Динлиндердин түштүк жагындагы коңшусу кыргыздар болгон.

Жогорудагы маалыматта сяньби падышасы Таньшихай мурунку хунндардын карамагындагы жерлерди ээлеп алгандыгы айтылат. Сяньбилер динлиндердин «токтотуп», ошондой эле аларга коңшу жашаган кыргыздардын жерин да ээлеп алышы толук мүмкүн. Ушундан улам кыргыздар хунндардан кийин сяньбилердин карамагында болгон деп жыйынтык чыгарууга болот. Сяньбилердин тушунда кыргыздардын алардын бийлиги астында болгондугун башка окумуштуулар да айтышат.

**Сяньбилер кимдер?** Н.Я.Бичуринде алар тууралуу жетишерлик маалыматтар бар. Мисалы, сяньбилер – Дунху үйүнүн бир бутагы (отрасль[1]), алар Сяньби-шань тоосунун алдында өз алдынча жайгашкандыктан, ушундай атка ээ болушкан.

[1] *Н. Я. Бичуринде* «боковая линия» деп берилет. Собр.св. – Алматы, I, 1998, 152-б.

Адегенде бытыранды болгон сяньбилер чыгыш Монголияга (азыркы анча чоң эмес Аохань, Найман жана Калька аймактары), Шара-Мурэни жеринин түштүк жагында (ал мезгилде кытайча Жао-лэ-шуй деп аталган) отурукташкан. Алар 93-жылдан баштап күчтөнө башташкан, ал эми 181-жылы алардын бийлиги кулаган («Они начали усиливаться с 93, упали в 181 году») (152).

Сяньбилер Хань династиясынын тушунда хунндар тарабынан (шанүй Модэ тарабынан) жеңилип, «и далеко уклонились за укрепленную линию в Ляо-Дунь». Алан ухуандар менен коңшу жашашкан.

Артка кайрылсак, убагында хунндар Гуан-ву [-ди]нин тушунда абдан күчтөнүшүп, өздөрүнө сяньбилерди жана ухуандарды кошуп алып, түндүк аймактарды талкалашкан, элдерди жана кызматкерлерди («чиновниктерди») өлтүрүшкөн жана колго түшүрүшкөн. Бир дагы жыл тынч өткөн эмес.

Түштүк хунндар Хан үйүнө багынып, түндүк хунндар жалгыз болуп алсызданып турушканда, «В двадцать пятое лето, 49, сяньбийцы открыли первое сообщение с Китаем через гонцов» (153). Андан соң алардын башчысы (башкы «старейшина») Бяньхэ башкалар менен бирге Цзи Юнга келип, Кытайга өзүнүн кызматын сунуш кылган жана алардан түндүк хунндарга кол салуу тапшырмасын алган (153).

Ошондон баштап Бяньхе жыл сайын түндүк хунндарга согуштук жортуулга чыгып, аларга кол салып, ал эми «по возвращении из похода являлся в Ляо-дун с головами убитых для получения награды за них» (153). Айрым сяньби башчылары да (Юйчеупынь жана Маньту) Кытайга өтүп кетишкен («поддались») (153).

Ошентип, сянбилер кытайлыктар менен сүйлөшүп алышып, хунндарга кол салып турушкан, акырында сянбилер аларды жеңишкен. Сяньбилердин хунндарды жеңгендиги Н.Я.Бичуринде мындайча баяндалат: «... в правление Юнюань, по распоряжению верховного вождя Дэу Хянь, западный пристав Гын Кхой напал на хуннов и разбил их. Северный Шаньюй бежал, 93, и сяньбийцы, пользуясь сим обстоятельством, заняли земли его. Оставшиеся роды хуннов, прос-

тиравшиеся до 100 000 кибиток, *сами приняли народное название Сяньби*»[1] (153–154).

Ушундан баштап сяньбилер күчөй баштаган. 97-жылы Ляодундагы сяньбилер Фей-жу-хянь шаарына кол салышкан. Н.Я.Бичуриндин эмгегинде сяньбилердин андан аркы согуштары кылдат жазылган. «Из ста двадцати родов сяньбийских каждый представил Двору заложника. После сего сянбийцы то отлагались, то покорялись, то воевали с хуннами и ухуанцами» деген маалымат берилет эмгекте (154). Ошентип, сяньбилер хунндар жана ухуандар менен согушуп турушкан, улам башка урууларды багындырууга аракеттенишкен.

**Таньшихай.** Сюань ди падышалык кылып турганда (147–167) сяньбилерде Таньшихай пайда болгон. Анын атасы Тулухэу мурун үч жыл хунндарда кызмат өтөп жүргөндө анын аялы уул төрөгөн. Тулухэу келери менен ага таң калган жана аны өлтүрмөкчү болгон. Бирок аялы анын жөн бала эместигин айткан. Анын айтуусу боюнча бир күнү күндүз келе жатса, чагылган чартылдап, күн күркүрөгөн; асманды караган убакта оозуна бир мөндүр түшкөн. Ал аны жутуп жиберген, көп өтпөй ал боюнда бар экендигин сезген, онунчу айда уул төрөгөн. Тулухэунун каарданганына карабай, аялы уулунун бөтөнчө болорун айтып, аны чоңойтуу керек деген. Тулухэ аялын укпай, баласын таштап койгон. Аялы үйүндөгүлөргө баланы жашыруун тарбиялоого буйрук кылып, уулуна Таньшихай[2] деген ат койгон. Ал 14–15-жашында акылы, баатырдыгы, күчтүүлүгү менен улуу муундагы аксакалдарды таң калтырган. Бир убактарда энесинин үйүнөн мал уурдалган. Таньшихай алардын артынан жетип барып, ууруларды тымтыракайын чыгарып кууп, алар тартып алган малды кайра алып келген. Ошондон баштап ал бардык муундардын[3] өкүлдөрүнүн урматтоосуна ээ болгон. Таньшихай талаш маселелерди чечүү үчүн мый-

---

[1] Монголиядагы Хунну Үйүнүн жогорку бийлиги токтотулат. Анын ордун Сяньби үйү ээлейт, ошондуктан монголдор буга чейин хунндар деп аталган жер эми сяньби деп атала баштайт. Собр.св. – Алматы, II, 1998, 154-б. Китепте курсив менен берилген.

[2] Түп нускада: Тхан-ши-хуай. Собр.св., Алматы, 1998, II, 157.

[3] **Поколени/е** *ср* 1. урук, тукум укум-тукум, насил, муун; 2. муундар; **молодое** ~ е жаш муундар. Орусча-кыргызча сөздүк. 2012, 215-б.

замдарды чыгарган жана аны эч ким бузган эмес. Ушундан кийин аны башчы (старейшина) кылып шайлашкан.

Ал Даньхань тоосунун алдында Чжочеу суусу жанында, Гао людан түндүккө карай 300 ли ден бир аз көбүрөөк жерде сарай курган. Анын көп сандаган атчандары болгон. Чыгыштагы жана батыштагы бардык башчылар (старейшины) ага баш ийишкен. «Почему он на юге грабил пограничные места, на севере остановил динлинов, на востоке отразил фуюй, на западе поразил усунь и **овладел всеми землями, бывшими под державою хуннов, от востока к западу на 14 000 ли, со всеми горами, реками и соляными озерами»** (*белгилеген – Г. Ж.*) (Собр. св., I, 1998, 157).

**Кыргыздар – Таньшихайдын тушунда.** Жогорку маалыматтан Таньшихайдын тушунда сяньбилер эбегейсиз бийликке ээ болгондугун билүүгө болот. Дал ушул башчынын тушунда мурунку хунндардын ээлеген жерлери бүт бойдон сяньбилердин карамагына өткөн. Алардын арасында динлиндер, усундар жана фуюйлар да болгон. Албетте, аталган уруулардын ичинде кыргыздар дагы болгондугу шексиз, анткени алар башка уруулар менен эриш-аркак жашашкан, ал эми динлиндер менен коңшу болушкан. Ошондуктан сяньби бийлигинин тушунда байыркы кыргыздар алардын карамагында болгон деп ишенимдүү эле айтууга болот.

Ошентип, хунндар тарыхый аренадан кетер менен сяньбилер алардын ордун ээлеген. «Они имеют 100 000 войска, известны крепостью телесных сил, возрастают в образовании. ...Бежавшие китайцы служат им советниками. У них оружие острое и лошади быстрее, нежели у хуннов» (Собр.св.,I, 1998,160).

Бул маалыматта сяньбилердин абдан күчтөнүп тургандыгы, алардын билими да, куралдары жана аттары да мурунку хунндардыкынан мыкты экендиги кабарланат. Качкан кытайлыктардын сяньбилерге кеңешчи болушкандыгы да белгиленет.

Ошентип, Таньшихайдын тушунда сяньбилер эбегейсиз бийликке ээ болуп, атагы таш жарып турган.

**Холянь ж.б.** Таньшихай Гуан-хонун башкаруу учурунда 40 жашында каза болгон. Анын ордуна уулу Холянь отурган.

Бирок ал атасындай эмес эле: «Был жаден, развратен, при решении дел пристрастен; почему половина народа отложилась от него» (162). Ал Бей-диге кол салган мезгилде каза болгон, анын уулу Цыньмянь кичине болгондуктан, агасынын баласы Куйту бийликке отурат. Кийин Цыньмянь чоңойгондо Куйту менен бийлик талашып, натыйжада эл экиге бөлүнүп калат (Собр. св.,162).

III кылымдын жарымында Сяньби үйү акырындык менен урай баштайт, анын урандыларынан эки күчтүү бутак (отрасль) – Муюн жана Тоба пайда болот.

Тоба уруусу жана анын кийинки тагдыры кандай болгон?

## Тоба уруусу.
## Көчмөндөрдө башталган ассимиляция

Тоба уруусу өзүнүн каршылаштарын хунн, муюн, ди, юйвынь[1] (татабдардын бабалары) жана кидандарды жеңгенден кийин «поддалось обоянию китайской културы»[2]. Тобалар түзгөн алгачкы феодалдык мамлекет 420-жылы бүт Түндүк Кытайды Вэй (286) деп аталган бир империяга бириктирген. «Это было первый шаг тобасского хана к компромиссу с китайским населением, составляющим абсолютное большинство его подданных» (218–219).

Кийин көчмөндөрдө башталган ассимиляция процессинин натыйжасында, т.а., IV кылымдын аягында тобалар өрүлгөн чачтарын кыркышкан, багынган эл менен байланыш алардын күчүн кетирген жана каада-салттарын бузган. Алар өз тилинде эмес, кытай тилдеринде сүйлөй башташкан. Алар тили жана кийими менен кошо «утратили степную доблесть и сплоченность, позволившие им некогда одержать победу, но все же не слились с китайским населением, которое упорно стремилось к воссозданию своего собственного государства» (Л.Н.Гумилев, 219).

А.Н.Бернштам Р.Гроуссеттин маалыматына таянып, IV кылымда Тоба көчмөндөрү Түндүк Кытайды басып алгандыгын,

---

[1] Китепте ушунда берилгени сакталды.

[2] *Л.Н.Гумилев.* Др.тюрки. – М., т. 1, (12 т.), 1999, 218-б.

муну менен Кытайдын көчмөндөр менен тааныштыгы мурункудан да күчөгөндүгүн маалымдайт.

А.Н.Бернштам бул мезгилде кыргыздар өз алдынча саясий жүзүн жоготуп, борбордук азиялык уруулардын курамында болгондугу тууралуу гипотеза жашагандыгын белгилейт.

**Кыргыздар Уебандын курамында.** Ал эми кыргыздардын батыш бутагы Жети-Суунун күчтүү уруулук союзу болгон юебандын (юебань – теги боюнча түндүк гундардан[1] чыккан) курамына кирген[2].

Кийин кыргыздар Жужан каганатынын курамына киришкен[3].

## Кыргыздар Жужан каганатынын тушунда

**Жужандардын ээлеген жерлери жерлери жана кыргыздар.** Хунндардын жана сяньбилердин ордуна Борбордук Азияда Жужан каганаты орногон[4].

Жужан каганаты Миң-Сууну багындырып турган. Мындай ойго А.Н.Бернштам төмөнкү ой жоруулардан кийин кел-

---

[1] Бул жерде түндүк хунндар жөнүндө сөз болгондо б.з. 87–91-жылдарындагы кытайлыктар менен союзга кирген сяньбийлер тарабынан талкаланган хунндар жөнүндө болуп жатат. А.Н.Бернштам ошол хунндар тууралуу «разгромлена сяньбийцами в союзе с китайскими войсками под предводительством Дэу Сяня и которая откочевала в Семиречье» – деген. А.Н.Бернштам бул пикирин билдирүүдө төмөнкү окумуштуулардын эмгектерине таянган: Хоуханьшу, гл. 119, Вэйшу, гл. 102, л. 7а; *Н.Я.Бичурин.* Собр.сведений... 1950, ч.III, стр. 163; Караңыз: *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгектин 178-бети.

[2] *А. Н. Бернштам.* Из истории гуннов I в.до н.э., СВ, 1, 1940, стр. 75.; А.Н.Бернштам. Избр.тр., II, 1998, 178-б.

[3] А. Н. Бернштамдын жана С.Толстовдун эмгектеринен бул жана жогорудагы маалыматтар тууралуу кеңири таанышууга болот: *А.Н.Бернштам.* История СССР... ч. III–IV, стр. 87; *С.Толстов.* Возникновение каганата жуань-жуаней. ИС, III, 1938.

[4] *А. Н.Бернштам* мындай түшүндүрмө берет: кытай маалыматтары боюнча б.з. IV к. башында Юйлюй ханынын тушунда Тоба уруусу өзүнүн бийлигин усундардын жерине орноткон. Бул тууралуу мындай деп айтылат: «Он (Юйлюй) на западе завоевал древние усуньские земли, на востоке покорил

ген. Жужан каганатынын түндүк чегин билүү абдан кыйын, бирок алтай урууларынын Жужан каганатына салык төлөп турушканынан, ошондой эле Алтай районунун батышында жужандар гао-гюй уруулары менен согушуп турушканынан улам чыгыш Кытай менен Минусин аймагы Жужан каганатына баш ийген деген жыйынтыкка келүүгө болот деген А.Н. Бернштам (Избр.труды, II, 1998, 178). Бул маалымат боюнча Миң-Суу гана эмес, чыгыш Кытай да Жужан каганатына баш ийген.

Жужандар батышка, Жети-Сууга кирүүгө аракет кылышкан, бирок андан майнап чыккан эмес, анткени ал жактан алар юебандардын катуу каршылыгына туш болушкан. «Это могло послужить причиной не столько западного, сколько северного распространения жужан. В таком случае Енисей, во всяком случае, Тува, находились под их политической властью» (178).

Бул маалыматтар жужандардын бийлигинин астында Енисейдин, Тыванын болгондугун көрсөтүп турат. Демек, бул жерде жашаган кыргыздар да Жужан каганатынын көзөмөлүндө болгон.

Жужандардын ээлеген жерлери жөнүндөгү маалыматтар кытай булактарында да кездешет. А.Н.Бернштам кытай маалымат булактарына таянып, Жужан мамлекетинин түндүктө Байкалга жетерин маалымдайт. Ошондой эле жужан кагандарынын бири Гешенгай Датандын ишмердүүлүгү баяндалганда, анын 430-жылы (башка версия боюнча 429-жылы) кайрадан Байкалга чейин жеткендиги тууралуу маалымат бар (А.Н. Бернштам, 1998, 178). Бул маалыматтар Жужан мамлекетинин түндүктө Байкалга жетерин тастыктайт.

---

все лежащие от Уге на запад». Чыгыш Туркестан жана Монголия, чамасы, Юйлюйдан мурун Тоба-ито тарабынан багындырылган болуу керек «который в 297 г. перешел на северную сторону песчанной степи для завоеваний, и покорил на западе более тридцати владений». *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгекте, 253-б. Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгектерге таянат: Саньгочжи и летопись Вэйшу.

Андан тышкары төмөнкү эмгекти караңыз: *Н.Я.Бичурин.* Соб.св. – Алматы, II, 1998, 253-б.

**Жужан ханы Хулюй жана кыргыздар.** Енисей кыргыздарын Жужан каганаты баш ийдиргендиги тууралуу маалымат Л.Н.Гумилевдо бар. Л.Н.Гумилев V кылымдын башында: «В степи от Хингана до Алтая безраздельно господствовал хан жужаней Шелунь, под прозванью[1] Дэудай – «стреляющий на скаку из лука», – дейт. Ал 410-жылы каза болгон, анын ордуна анын иниси Хулюй отурган. Хулюй хан болуп турганда ал «Тобаны тынч коюп, чыгышка көңүл буруп, андан енисей кыргыздарын (иегу) жана хэвейди (сибирлик кайсы бир урууну) өзүнө багындырган», – дейт Л.Н.Гумилев (223).

Окумуштуунун бул маалыматында жужандардын енисейлик кыргыздарды багындырып алгандыгы тууралуу маалымат так берилген.

Жужандардын Тянь-Шандагы ролу белгисиз, бирок кытай жазма булактары «жакынкы райондордогу жужандардын аракеттери жөнүндө кабарлайт». А.Н.Бернштам бул тууралуу мындай дейт: «Возможно, что напор жужан с востока и господство племенного союза юебань в Семиречье заставляет усуней отодвинуться в глубь Тянь-Шаня. Здесь они упоминаются еще в V веке» (253).

Бирок бул жерде жужандардын Тянь-Шанга келишкендиги тууралуу сөз жок.

Юебандар Жети-Сууда бийлик жүргүзүшкөн. Жужандардын Жети-Сууга киришине юбеандар тоскоолдук кылышкан.

Жужандардын бийлигинин тушундагы кыргыздар, алардын жоокердик турмушу, жашоо тиричилиги, жужандардын кыргыздарга тийгизген таасири ж.б. терең иликтенүүгө муктаж.

**Жужандар кимдер жана алар бийликке кандайча келишкен?** Окумуштуулар арасында жужандардын чыгыш теги тууралуу ар кандай пикирлер айтылып келген. Л.Н.Гумилев маселенин мындай коюлушун туура эмес деп эсептейт. Ал бул жерде алардын теги жөнүндө эмес, алардын түзүлүүсү (сло-

---

[1] **Прозвание** *ср* атыгып кеткен ысым, ылакап ат, конгон ат.; **Прозвать** *сов. кого-что* атыктыруу, ат коюу, атоо, атка кондуруу, ат берүү, наам берүү. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк. П–Р. – Б., 2012, 437-б.

жение[1]) тууралуу сөз болушу керек деп эсептейт. Анын пикири боюнча жужундардын эл катары этностук тамыры болгон эмес (220). Жужандардын келип чыгышы башкалардан бөтөнчө.

Тынчы жок дүрбөлөңдүү заманда ээринен оодарылып түшкөн жана көпчүлүктүн алдында бедели түшкөн адамдар көп болгон. IV кылымдын жарымында мындай адамдар аз эмес эле. Тоба ханынын ордосунда жана хунн шанүйүнүн борборунда кала албаган адамдар талаага качышкан. Талаага ошондой эле армиядагы каардуу кожоюндарынан качкан кулдар («невольники»[2]) – дезертирлер, кедейленген кыштактардан жакырлык менен күн өткөргөн дыйкандар качып барышкан. Алардагы жалпылык – тили эмес, дини да эмес, жакырчылыкка моюн сунган тагдыр болгон, мына ушул жакырчылык – аларды биригүүгө мажбур кылган (220–221).

**Югюлюй.** IV кылымдын 50-жылдарында Югюлюй деген бирөө, мурунку кул, сяньби атчан аскерлерде кызмат өтөгөн жана өлүмгө өкүм кылынган. Ал шаарга качып барган жана анын тегерегине жүздөгөн өзүнө окшогон качкындар чогулушкан. Алар коңшу көчмөндөр менен тил табышып, чогуу жашашкан (221).

Н.Я.Бичуринде жужандар тууралуу маалыматтарда «извлечено из северной истории; содержит продолжение времени с 391 до 556 года XII ханов», – деп айтылат (1998, 187).

Югюлюй Жуань-жуан деген ат менен атыгып кеткен. Ал эми Югюлюй тууралуу Н.Я.Бичуринде мындай маалымат орун алган. Шень-юань-динин[3] падышачылыгынын аяк ченинде [Юань Вей династиясынан мурунку Сяньби-Тоба үйүнөн] кыдырып жүрүүчү күзөтчүлөр өзүнүн аты-жөнүн билбеген бир кулду (невольник) кармап алышкан» (187). Анын кожоюну

---

[1] **Сложение** *ср* 1. по значению глагола **сложить** 2, 5, 8; **Сложить** *сов.* что 3. чогултуу, куроо, кураштыруу. Орусча-кыргызча сөздүк.С–Я, 2012, 133-б.

[2] **Невольник** *м* 1. кул; 2. *уст.* туткун, камактагы адам. Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2–12, 424-б.

[3] Түшүндүрмөдө мындай берилген: «Хан Гйефынь. [Гйефынь имел наименование Шэньюань-Хуан-ди, а Шэнь-аюнь ди было наименованием Тоба Ливэй]». Караңыз: Собр.св. – Алматы. 1999, I, 187-б.

ага Мугулюй деген ат койгон. Мугулюй[1] менен Югюлюй «айтканда окшош (үндөш); анын урпактары аны атоо үчүн биринчи атты кабыл алышкан». Мугулюй чоңоюп, кулчулуктан кутулуп, атчан аскерлерге киргизилген. Бирок Мол-ди падышасынын тушунда[2] кызмат өтөө мөөнөтүндө кетирген кемчилиги үчүн башын алууга өкүм кылынган. Бирок ал Гуанлюци капчыгайына качып кеткен. Ал жерден 100 качкынды чогултуп, Шуньтулин аймагында туруп калган.

**Гюйлухой ж.б.** Югюлюй каза болгон. Анын уулу Гюйлухой эр жүрөк жана күчтүү болуп чоңойгон. Ал биринчи болуп аймакты[3] чогултуп, ага Жеужань же Жужань деген ат койгон. Ошентип, Гюйлухой аймактын башчысы болгон. Ал Вэй жана Юань-вэй үйүнө жыл сайын аттарды, киш (соболь), суусардын терисинен салык берип турган. Кышында кумдуу талаанын («песчаной[4] степи») түштүк тарабына, жайында түндүк жагына көчкөн. Ал каза болгондон кийин, анын ордуна уулу Тунугуй, Тунугуй каза болгондо анын ордуна уулу Бади отурган. Башчылык мурас катары атадан балага өтүп турган (188).

Бади каза болгондо анын баласы Дисуюань такка отурган, ал каза болгондо аймак экиге бөлүнгөн. Дисуюандын улуу баласы Пихуба чыгыш жагында, экинчи уулу Выньгэди батыш жагында жашаган (Собр.св., 1998, 188).

Л.Н.Гумилевдун маалыматы боюнча Югюлюйдын мураскери Гюйлухой тоба хандары менен жакшы мамиле түзгөн жана аларга аттар, киштин жана суусардын терисинен салык берип турган. Анын ордосу Жужань деген атка ээ болгон. Жужандар Хинганга чейин бүткүл Халха боюнча көчүп жүрүшкөн, ал эми хандын ордосу Хангайдын алдында жайгашкан.

---

[1] *Н.Я.Бичуриндин* түшүндүрмөсү боюнча Мугулюй монгол сөзү, «но испорченное китайским голосовым переложением». Собр.св. – Алматы, II, 1998, 187-б.

[2] Бул падыша 345–361-жж. падышачылык кылган (*Собр.св.,* II, 1998, 187).

[3] *Н.Я.Бичуринде* «аймак» деп берилген (190).

[4] **Песчан/ый**, **-ая**, **-ое** кумдуу, кум менен капталган. Орусча-кыргызча сөздүк. П–Р. – Б., 2012, 85-б.

Жужандардын турмушу жана анын уюшулушу абдан примитивдүү болгондуктан, аларды уруулук уюм («родовая организация») деп айтууга да мүмкүн эмес эле. Согуштук жана административдик бирдик – миң адамдан турган полк болгон. Полк хан тарабынан шайланган башчыга («предводитель») баш ийген. Полкто жүз кишиге бирден – он туу болгон, ар бир тууга бирден жетекчи («начальник») коюлган. Жужандардын жазуусу болгон эмес; «в качестве орудий счета применялся овечий помет или деревяные бирки с засечками» (221). Жужандардын закондору согушка жана талап-тоноого ылайыкталган. Мисалы, эр жүрөктөргө олжонун чоң үлүшүн беришкен, коркокторду таяк менен урушкан. 200 жыл ичинде жужан ордосунда эч кандай прогресс болгон эмес, алардын күчү коңшуларын талап-тоноого кеткен (221).

**Жужандардын саясий тарыхы.** Н.Я.Бичурин «Ганмудан» төмөнкүдөй маалыматтарды келтирет. Жужандар адегенде уруудан урууга («из рода в род») Дай үйүнө (Вэй үйү мурун Дай деп аталчу) кызмат өтөшкөн. Цинь үйү Дай үйүн талкалагандан кийин, жужандар Лю Вэйченюга өтүп кетишкен. Вэй үйүндө Тоба-гуй такка отурганда гаогюй аймактары ага багынып беришкен. Жужандар гана аларга баш ийбей коюшкан. Тоба-гуй аларга каршы согушка аттанганда жужандар качышкан. Тоба-гуй аларды артынан кууп жөнөгөн. Наньчжуань-шань тоосунун алдында аларды талкалап, бардык муундарын Юнь-Чжунга которгон (Ганму, 391).

Юнь-Чжунда жайгашкан жужундардын ичинде Выньгэдинин баласы Хэдохан агасы менен, Шелунь, Хулюй жана башка туугандары да бар эле (Собр.св., 1998, 188).

**Шелунь.** 394-жылы атасын калтырып, Шелунь Хэдохань менен бирге бүт аймакты алып батышка кетишкен. Бирок, Чан-Сунь ‖ Фэй аларды кууп жетип, Хэдоханды өлтүргөн жана бүт аймакты кырып таштаган. Шелунь башкалар менен кошо Пихубага качкан. Пихуба аны түштүк чекке, өзүнүн ордосунан 500 ли алыс жайгаштырган жана өзүнүн төрт баласына аны кайтарып турууну тапшырган. Бирок, Шелунь өзүнүн жактоочулары менен кошулуп Пихубаны жана анын төрт баласын туткунга алып, башка балдарына да кол салып, аймак-

тарын тартып алган жана Гаогюй жана Хулюйдун (Шелундун кичүү иниси) аймактарына шашып жөнөгөн. Бир айдан кийин ал Пихубаны бошоткон. Анын балдарын да бошотуп атасына жөнөткөн. Анын оюнда – бардыгын чогултуп туруп анан аларды кыруу максаты бар эле. Ошондуктан ал тымызын аскер чогултуп, капысынан Пихубага кол салган жана аны өлтүргөн. Пихубанын Киба жана Ухе аттуу балдары башкалар менен кошулуп Дао-вуга өтүп кетишкен. Дао-ву Киба жана Ухени аскер башчысы кылып дайындаган жана аларга княздык даража («княжеские достоинства») берген (189). Шелунь Яо Хин[1] падышасы менен тынчтык жана туугандык келишим түзгөн.

Дао-ву Хо Тху аттуу полководецти Цяньфо жана Согуянь аймактарына кол салуу үчүн жөнөткөн. Шелунь Хо Тхунун армиясына жардам катары атчандарды жиберген, бирок Хо Тху аны талкалаган (189).

**Шелундун жортуулдары.** Шелунь андан ары эмне кылган? Н.Я.Бичуринде мындайча баяндалат: «Шелунь удалился за Песчанную степь на север, напал на гаогюйцев, и далеко прошел в их земли. Сим образом, покорив все гаогюйские аймаки, сделался сильным и страшным, и поселился при реке Жоло» (Собр. св., 189). Ошондо ал өзүнүн жактоочулары менен согуштук тартип орноткон. Мисалы, полк миң кишиден турган, алардын бир башчысы («предводитель») болгон. Жүз кишиде бир туу болгон, бир туудa бир башчы («начальник») болгон. Корккондунан артка чегингендерди таш менен башка урушкан, же таяк менен уруп өлтүрүшкөн. Жазуулары болгон эмес (190).

Жужандардын түндүк-батышында хунндардын кийинки укум-тукумдарына тиешелүү болгон абдан бай жерлер эле. Ошол муундун башчысы (Н.Я.Бичуринде «начальник» деп берилет) Жиабеги куралданып алып Йегынь[2] суусунун алдында

[1] «Яо Хин был второй государь из Тангутской династии Цинь, царствовавший в западной половине северного Китая». Ал такка 386-жылы отурган. Собр.св. – Алматы, II, 19б.98, 189-б. *Н.Я.Бичурин* бул маалыматты төмөнкү эмгектен келтирет: История Тибета и Хухэнора. Ч. I, 119-б. ж.б.

[2] Онгинь сөзү менен үндөш, Хангай түштүк тоо этегиндеги суунун аты. *Собр.св.,* 2012, II, 1998, 190.

Шелунга каршы согуш баштайт жана аны талкалайт, «но после Шелунь все покорил своей власти и принял наименование *могущественного»* (Собр.св.,190).

Бул маалыматтан адегенде Жиабеги баштаган хунндардын жужандарга кол салгандыгы жана аларды кыйраткандыгы, бирок Шелунь кайрадан аларды баш ийдиргендиги, натыйжада анын *«күчтүү, кудуреттүү»* деген атакка ээ болгондугу маалымданат.

Л.Н.Гумилевдо V кылымдын башында жужандар Дэудай («стреляющий из лука») деп аталган хан Шелундун башчылыгы менен Хингандан Алтайга чейинки талааларда үстөмдүк кылышкандыгы айтылат. Ал телес көчмөндөрүн жеңип, Иле өрөөнүндө отурукташкан ортоазиялык хунндар менен таймашкан. Алардын башчысы Жиабеги болгон. Онгин өзөнүндөгү (на р. Онгин) айыгышкан кармашта Жиабеги Шелунду талкалаган, бирок толугу менен Жужан державасын багындыра алган эмес жана «покорностью купил себе покой»[1].

Шелундун негизги максаты – жужан ханынын күчүнөн бир кыйла артыкчылык кылган Тоба-Вэй империясынын күчтөнүшүнө жол бербөө эле. Ал эми Кытайдын түштүгүндө дайыма болуп турган согуштар тоба-вэй императоруна бөлүнүп кеткен жарандарды («подданныйларды») биротоло жок кылууга тоскоол болгон, ошондуктан Шелунь тоба-вэй императоруна каршы болгон бардык күчтөрдү колдогон (222).

Жужандар чөптүн жана суунун молдугуна карай мал-жаны менен көчүп жүрүшкөн. «Владение их на запад простирались до Харашара, на Востоке до Чаосяни, на север от песчаной степи до Байкала, на юг до великой песчаной степи. Постоянное место их орды лежало против Дунь-Хуань и Чжан-йе на севере»[2] (Собр. св., Алматы, 1998, I, 190).

Бул маалыматтан жужандардын түндүккө карай кумдуу чөлдөн баштап Байкалга чейин ээлешкендиги айтылат. Жогоруда кытай жазма булактары боюнча А.Н.Бернштам ушул

---

[1] *Л.Н.Гумилев.* Др. тюрки, I т., 222-б.; *Н.Я.Бичурин.* Собр.св., 1950, т. II, 74-б.

[2] *Караңыз: Н.Я.Бичуринде* мындай түшүндүрмө берилет: «У Хангайских гор, в обыкновенном местопребывании сильных ханов». Собр.св. – Алматы, 1998, I, 190.

маалыматты мисалга келтирип, ошондон улам Енисей, кандай болбосун Тыва да жужандардын саясий бийлигинин астында болушкан деген жыйынтыкка келгендигин айткан элек. Н.Я.Бичуриндеги дал ушундай эле маалымат бул жыйынтыктын туура экендигин көрсөттү. Бирок, А.Н.Бернштам белгилегендей, жужандардын башчысы Гешенгай-хан Датандын тушунда эмес, Шелундун тушунда эле жужандар жогорудагы аталган жерлерди ээлешкен экен.

Жужандардын күтүүсүз кол салууларынан жана талап-тоноочулугунан улам кичине аймактар да («малые владения» – Собр. св.) запкы көрүшкөн жана аларга багынууга аргасыз болушкан. Кийин Шелунь Дэудай хан (кытайча: *Кхэ-хань*) деген титул[1] алган. «Дэдуай» деген Вэй династиясында[2] «на скаку стреляющий из лука» маанини билдирет (190). Ал эми хан деген сөз Вэй династиясынын тилинде император дегенди түшүндүргөн (Собр. св., Алматы, 1998, I,190).

**Кыргыздар – Гэжохай-хан Хулюйдун тушунда.** Шелунь 410-жылы каза болгон, анын ордуна анын иниси Хулюй отурган (Л.Н.Гумилев). Н.Я.Бичуринде Шелундун ордуна анын иниси Хулюй «Гэжогай-хан» деген ат менен (бул Вэй тилинде *Хан с прекрасными свойствами* дегенди түшүндүрөт) отурат деген маалымат берилет (191). Андан соң Булучжень хан, андан кийин анын ордуна Датань Гешенгай болгон. Андан кийин да жужандардын башчылары алмашып турган.

Хулюй өзүнүн бийликтеги кадамын башкача баштайт. Ал Тоба менен болгон каршылаштыкты токтотуп, өзүнүн жортуулун түндүккө багыттайт. Ал жактан ал енисей кыргыздарын багынтат. Бул тууралуу мындай деп айтылат: «Хулюй оставил в покое Тоба и обратился на север, где подчинил себе енисейских кыргызов (иегу) (*белгилеген – Г. Ж.*) и хэвей (какое-то сибирское племя)» (223).

---

[1] *Н.Я.Бичуринде* мындай түшүндүрмө берилет: «Шелунь есть имя хана. Он принял титул хана в 402 году. *Ганму.* 402». Караңыз: Собр. св. – Алматы, II, 1998, 190-б.

[3] Б.а.монголчо. Вэй династиясынын негиздөөчүсү сяньбийлик Тоба Гуй болгон. Караңыз: *Собр. св.* – Алматы, I, 1998, 190-б.

Ал эми бул окуя Н.Я.Бичуринде мындайча берилет: «**Хулюй на севере покорил владения Хэвэй и Йегу** (*белгилеген – Г.Ж.*), на востоке разбил аймак Пиличень» (Собр.св., Алматы, 1998, I, 191-б.).

Йегу – байыркы кыргыздар жашаган жердин аталышы. Бул окуя Н.Я.Бичуринде кайсы жылы болгондугу так айтылбайт, бирок окуянын 410-жылы болгондугу шексиз. Анткени Шелунь 410-жылы каза болгон, анын ордуна уулу Хулюй отурган. Ал өзүнүн жортуулун дароо эле түндүктөн баштаган. Андан соң дароо эле анын кайсы аймактарды багындыргандыгы айтылып, анын ичинде кыргыздардын жери (Йегу) биринчилерден болуп саналат. Ал эми андан кийин... деп 411-жылдагы окуялар баяндалат.

Демек, Хулюй хан өзүнүн жортуулун түндүккө бурган жана ал жактан кыргыздарды багындырган. Бул окуя 410-жылы болгон.

Кыргыздардын жужандарга баш ийүүгө аргасыз болгондугу кыргыз тарыхчылардын эмгектеринен да учурайт. Мисалы, Ө.Осмонов кыргыздар V кылымда телестер сыяктуу эле Түндүк Кытайдан агылып келген жуань-жуандарга (жужандар, б.а., аварлар) каршы күрөшүшкөндүгүн, бирок аларга баш ийүүгө аргасыз болушкандыгын маалымдайт (Аталган окуу китеби, 90).

Ошентип, жужандар саясий аренада күчтүү мамлекет катары белгилүү болгон жана кол алдында көптөгөн урууларды багындырып турган. Алардын ичинде Енисейде жашаган кыргыздар да болгон.

Мына ушул мезгилден баштап кыргыздар жужандардын бардык согуштук жортуулдарына катышкан деп айтууга болот. Анткени согушчан, эр жүрөк кыргыздар ал жортуулдарга катышпай кала алмак эмес. Жужандардын күчтүүлүгү да аларга багынган уруулардын эсебинен ашып-ташыгандыгы турган нерсе. Ошондуктан жужандар жөнүндөгү кийинки баяндардын кыргыздарга да тиешеси бар десек жаңылышпайбыз. Тактап айтканда, мындан кийинки окуяларга кыргыздар да жужандардын курамында катышышкан.

**Датань хан, гунндар жана юечжылар.** 414-жылы Хулюй ага каршы уюшулган кутумдуктун (заговор) курмандыгы болгон, ошол эле жылы тымызын келишимдин жетекчиси да курман болгон. Хулюйдун ордуна Шелундун бир ата өтүшкөн тууганы («двоюродной брат Шелуня) Датань хан болгон (Л.Н.Гумилев, 223). «Датань был сын Пухуня, младшего дяди Шелунева» (Собр. св., I, 998,192). Ал такка Мухань Гешенхай-хан (Вей династиясынын тилинде «*победоносный хан*» дегенди билдирет) деген ат менен (Аталган эмгекте, 192) отурган. Анын башкаруусунун башталышы – Кытай менен болгон согуш менен коштолгон, бирок жужандардын күтүүсүз кол салуулары, анын артынан жиберилген жазалоочу отряд (карательный отряд[1]) да жыйынтыксыз аяктаган. Абал мурункудай эле калган (Л.Н.Гумилев, 223).

418–419-жж. жужандар ортоазиялык хунндар жана юечжылар менен согушкан (Собр. св., 1950, т. I, с. 252). Жужандар Тарбагатайга кирип келишкен, ал жердегилердин үрөйүн учурушкан, натыйжада юечжылардын жол башчысы Цидоло (Кидара) жужандар менен коңшу болуудан качып, түштүккө өтүп кеткен жана Карши оазисинде жайгашкан Боло шаарын ээлеген. Кидардын (Цидолонун) согушта бир максатташ адамдары (соратниктери) – кидариттер тарыхта өздөрүнүн этностук аты менен эмес, жол башчысынан аты менен белгилүү болуп калган (Л.Н.Гумилев, 223).

**Жужандардын эң күчтүү мезгили.** 420-жыл жужандардын эң күчтүү болуп турган мезгили деп эсептелет. Л.Н.Гумилев бул жылды «кульминацией жужаньского могущества» деп белгилейт. Түндүк жана батыш урууларынын үстүнөн болгон оңой жеңиштер Жужанды Улуу талаага гегемон кылган. Бирок жужандар ушуну менен токтоп калган эмес. Алардын негизги душманы – Тоба-Вэй болгон. Жужан ханы Датань Тоба-Вэйдин күчтөнүшүнө жол бербөө үчүн колунан келгендин бардыгын жа-

[1] **Каратель /ный**, **-ая**, **-ое** жазалоо... **карательный отряд** жазалоо отряды, жазалоочу отряд (басып алынган территориянын ж.б. калкын, эмгекчилерин жазалоо үчүн түзүлгөн аскер-полициялык отряд). Орусча-кыргызча сөздүк, К–О, 2012, 25-б.

соого аракет кылган. **Жужандардын мына ушундай күчөп турган мезгилинде кыргыздар алардын курамында болгон.**

**Датань хандын жеңилиши.** 424-жылы Датань 60 миң атчан аскерлер менен Кытайга кирип барган жана «разграбил императорский загородный дворец» (Л.Н.Гумилев, 224). Бирок, жужандардын арасында тартиптин жоктугунан жана тоба аскерлеринин мыкты мобилизациясынан улам 425-жылы тобалыктар жужандарды Гобинин артына кууп салышкан. 430-жылы император Тай-у-ди (Тоба Дао) тарабынан жужандарды жок кылуу максатында аябагандай зор кошун талаага кирип келген, жужандар туш-тушка качып кутулушкан. Н.Я. Бичуриндин маалыматы боюнча ээсиз калган мал талаада тентип, эч ким аны караган эмес (193).

Датань батышка качып, ошол бойдон дайны белгисиз болгон. Телелер анын кишилерин өлтүрүшкөн (224). Л.Н.Бичуринде Тхай-вунун[1] бул согуштук жортуулу жөнүндө мындай деп айтылат: ... в шестой луне он остановился при реке Тхуюань-шуй, в 3 700 ли от Пьхин-чен (на запад), разделил войско для поисков над неприятелем. На восток доходили до Байкала, на запад до Чжан-йе-шуй, на север за хребет Янь-жаньшань; от востока к западу на 5 000, от юга к северу на 3 000 ли. Гаогюйцы убивали Датанаевых людей. До 300 000 человек покорились. Множество взято в плен; в добычу получено более миллиона голов лошадей и прочего скота» (194).

Тхай-ву өзүнүн лагеринен 1 000 ли ден ашыгыраак жерде чыгыш гаогюй муундары (поколение) адамдары, мал-салы менен Инипого көчүп баратышканын угуп, аларга башкы министри Ань Юанды жиберген, натыйжада бир нече жүз миңдеген Иниполук гаогюйлар ага багынышкан. Ошентип, Датань аймактары такыр алсызданып, ушундан улам Датань сыркоолоп, каза болгон (Собр. св., 194).

Мына ушундан кийин жужандардын күчү биротоло кайткан. Мурунку күчтүү держава алсызданган. Эми мындан ары мурункудай бийлигин жана байлыгын көбөйтүү үчүн согуш-

[1] Мин-юань падышасы каза болгондон кийин анын ордуна такка Тхай [-ву-ди] отурган. *Собр.св.*, 1998, I, 192-б.

тук жортуулдарга чыгууга ашыкпай, өздөрүнүн тынчтыкта жашоосун ойлонуу керек болгон.

**Жужандар Удинин тушунда.** Такка Датандын уулу Уди[1] отурган. Ал Чилянхан деген ат менен (Вэй династиясынын тилинде *«Божественный»* дегенди түшүндүрөт) белгилүү болгон.

Датандын уулу Уди күрөштү улантуудан баш тарткан жана Вэй империясына салык төлөп турган. Алардын ортосунда тынчтык өкүм сүргөн. Бирок бул тынчтык биринчи Уди тарабынан бузулган. Ал 437-жылы кол салууну уюштурган. Тоба хан ага жооп кылып Удиге каршы жортуул жасаган, бирок бул эч пайда алып келген эмес: жужандар капчыгайларга жашынып калышкандыктан, кошундар артына кайтууга мажбур болушкан (Л.Н.Гумилев, 224).

440-жылы тобалардын Хейси менен болгон согушунан пайдаланып, Уди жетектеген жужандар кайрадан чек арага каптап киришкен, бирок чек арада калтырылган көмөкчү отряд анын алдыда бара жаткан негизги аскердик күчүн колго түшүргөн. Жужандар кайрадан качышкан. Уди 445-жылы каза болгон. Бийлик анын баласы Тухечженге өткөн (224). Ал Чуло-хан деген ат менен (Бул Вэй династиясынын тилинде «*точно, правда*» дегенди түшүндүрөт) такка отурган (Собр.св., 1998, I, 196).

Ошентип, Удинин тушунда жужандар мурунку бийлигин бекемдөө максатында согуштук жортуулдарды уюштурушканы менен алар ийгиликсиз аяктап, алар коргонууга гана аргасыз болушкан. Алардын мурунку күчтүү, даңкы таш жарган мезгили кайрылгыс болуп кеткендиги ачык болуп калган.

**Тоба Вэй империясынын көтөрүлүүсү (возвышение).** Эми жужандар менен Тоба-Вэй империясынын ролу алмашкан, б.а., Тоба-Вэй империясы өзүнүн бийиктигине жеткен. Ал эми жужандар коргонууга гана мажбур болушкан. Тоба-Вэйдин кошундары талаага («в степь») басып киришкен, жужандар тоолорго жашынууга аргасыз болушкан. Чындыгында бул согуш эмес эле, жазалоочу отряддын жортуулдары («карательные походы») гана болуп калган (Л.В.Гумилев, 225).

---

[1] *Н. Я. Бичуринде:* Ганмуда бул окуялар 429-жылга тиешелүү болуп жазылган деп белгиленет. *Собр. св.* – Алматы, 1998, I, 194.

**Жужандардан теле урууларынын бөлүнүп кетиши. Мамлекеттик төңкөрүш.** Тухечжендин баласы жана мураскери Юйчен «Шеуло-бучжень-хан» деген ат менен (464–485) күрөштү улантууга аракет кылган, бирок 470-жылы талкаланган. Ал Тоба-Вэй империясынан тынчтыкта болууну өтүнгөн жана салык төлөп турган.

Жужандар эми жылдан жылга алсызданган. Эми Кытайга кол салуу – кол жетпей турган ишке айланган. Жужандардын талап-тоноосунун объектиси эми – кедей жана алсыз Батыш аймактары болуп калган. Алар мурунку союздаштары, тобалардан качып барышкан түштүк хунндарды жок кылып, Турфан өрөөнүн ээлешкен. 470-жылы Хотанды талап-тоношкон. Бирок, улам күчтөнүп бараткан эфталиттердин мамлекети жужандардын агрессиясына чек койгон. «Границей Жужани стал Тянь-Шань» (Л.Н.Гумилев, 225).

Жужан ханы Дэулунь (485–492) аябагандай каардуу киши болгон. Ал такка келери менен бир төрөнү (вельможа) уруусу менен жок кылгандыгы өлкөдө наразылыкты жараткан. Анын Кытайга кол салууга аракеттенгендиги да элге жаккан эмес. Анткени анын артынан кытайлыктардын кол салуусу сөзсүз болорун бардыгы жакшы түшүнүшкөн. Ал элге жакшылык алып келмек эмес.

Телелердин башчысы Афучжило ханга Кытайга кол салбоону көптөн-көп өтүнгөн, бирок анын далилдери ханга таасир этпегенин көргөн соң, ал бүт теле эли (кытай маалыматтары боюнча 100 түтүн) менен көтөрүлүшкө чыккан. Ошондон кийин Афучжило батышка Иртыш өрөөнүнө көчүп кеткен. Аяктан ал «Великий сын неба» деген титул алган[1], бул Жужан ханы менен тең катардагы титул болгон, натыйжада Л.Н.Гумилев белгилегендей: «чем отразил претензию на равное место с жужаньским ханом, война вспыхнула, как полымя» (225).

Ошентип, телелер менен жужандардын каршылаштыгы башталган. Албетте, бул жужандарга пайда алып келген эмес. Ансыз дагы алсызданып турган жужандарга өздөрүнүн ичинен

---

[1] *Н.Я.Бичурин.* Собрание сведений... т. I, 1950, с. 195.

чыккан душмандардын кереги жок болчу. Тилекке каршы, алардын душмандарына эми теле уруулары да кошулган.

490-жылы кытай кошундары телелер менен биригип чыгыштан талаага (степь) кирип барышкан жана «зажали Жужань в клещи. Жужаньские вельможи возложили всю ответственность на незадачливого хана и убили его (492)» (225).

Ошентип, мамлекеттик төңкөрүш болгон. Бул жужандардын тарыхындагы чоң бурулуш болгон. Алардын күчү таптакыр кайтып, Борбордук Азиядагы гегемондуулугун биротоло жоготкон.

**Азиядагы этногенез процесси. Түрк элинин түптөлө башташы.** Телелердин батышка бөлүнүп чыгышы – эң маанилүү окуя болуп эсептелген. Батышта мына ушул бытыранды көчмөндөр өздөрүнүн державасын түзүшкөн[1]. Азияда кайрадан этногенез процесси башталган. Бул тууралуу Л.Н.Гумилев мындай дейт: **«В это самое время в Алтайских горах сложились в народ тюрки (***белгилген – Г. Ж.***)**, в долину Брахмапутры – тибетцы, а в Китае началось возрождение, давшее великолепную средневековую культуру династий Суй и Тан. Античный период истории Восточной Азии заканчивался, и уродливый пережиток его – Жужань – должна была погибнуть» (225).

Жогоруда белгиленгендей, мына ушул мезгилде түрк эли түптөлө баштаган.

Телелердин бөлүнүп кетиши жана мамлекеттик төңкөрүштүн болушу Жужандардын тарыхындагы бурулуш учур болгон. Жужандар эми бийлик үчүн эмес, жашоо үчүн күрөшүүгө мажбур болушкан.

**Телеуттардын тарыхка кириши.** Телеуттар бул мезгилде гунн доорунун калдыгы болуп эсептелген Юебанды талкалашкан. Анын ордуна мамлекет курууга аракет кылышкан. Бул үчүн алар элди эки бөлүккө бөлүшкөн: түндүк башкаруучу Афучжило – Улуу император («Великий император») деген титул, ал эми түштүк башкаруучу – Мурастык падыша

---

[1] *Л.Н.Гумилев* батыш телелерди телеуттар деп (анткени алтай телеуттары алардын тукумдары болуп эсептелет), ал эми бытыранды чыгыш телелерди (советтик историографияда кабыл алынгандай) – телелер деп атоо туура деп эсептейт. Аталган китепте, 233-б.

(«Наследный государь») деген титул алышкан. Кытайлыктар бул мамлекетти Гаогюй деп аташкан, бул котормодо «высокая телега» дегенди түшүндүрөт. Мына ушул ат менен алар тарыхка киришкен (Л.Н.Гумилев, 226).

**Эфталиттер.** Гаогюй саясий жагынан кытай ориентациясында болгон. Л.Н.Гумилев 494-жылы «эфталиты расправились с Ираном и, обеспечив себе тыл, повернули на север» дейт (226). Эфталиттер тарабынан Гаогюй державасынын түштүк бөлүгү чагылгандай тез талкаланган, «Мурасчы падыша» өлтүрүлгөн, үй-бүлөсү колго түшүрүлгөн, эли туш тарапка тараган, бир бөлүгү жужандарга баш ийген, бир бөлүгү кытай аймактарына кетишкен. 496-жылы түндүк держава да бат эле багындырылган. Эфталиттер туткундардын арасынан Мивоту князды калган телеуттардын үстүнөн башчы койгон. Ошентип, Гаогюй эфталиттерге вассал болгон. Натыйжада, алар кытайлыктардын союздашына жана жужандардын душмандарына айланышкан.

**Дэулунь, Футу, Чеуну.** Юйчен хан каза болгондон кийин жужандарга анын ордуна уулу Дэулунь (Фугудун-хан деген ат менен) (*аттары өзгөртүүсүз берилди – Г. Ж.*) келген. Абдан каардуу хан болгон. Н.Я.Бичуриндеги маалымат боюнча бир атактуу төрө (вельможа) чын дили менен ага Вэй үйү менен тынчтык келишимин түзүүгө, «Ортолук мамлекетке» («Срединное государство») кол салбоого кеңеш берген. Бирок, Дэулунь каарданып, козголоң чыгарууга аракет кылды деген жалган жалаа менен «казнил его, и истребил род его в трех коленях» (198).

492-жылы «в шестнадцатое лето, 492, в восьмый месяц, Хяо-вынь отправил князя (Янь-пьхин-ван) И и (*китепте ушундай берилген – Г. Ж.*) старшего министра Лужуй с двенадцатью предводителями и 70 000 конницы для усмирения Дэулунья. В Дэулуневых владениях гаогюйский Афучжило с 100 000 своего народа ушел на запад, и объявил себя государем»[1]. Дэулунь менен анын агасы (атасынын агасы) Нагай аларды

---

[1] Т.а. көз карандысыз башкаруучу (владетель). Н.Я.Бичурин мындай түшүндүрмө берет: «Это и есть переход ойхоров [Хойху] с берегов Селенги к вершинам Иртыша». *Н.Я.Бичурин.* Собр. св. – Алматы, 1998, I, 198-б.

кууп жөнөшкөн. Дэулунь батышка, Суньги тоосунун түндүгүнө кеткен; Нагай «пошел от золотых гор». Афучжило Дэулунду талкалаган, ал эми Нагай ар бир кармашта жеңип отурган. Төрөлөрдүн (вельможа) суранычы менен Нагай «Хэуци Фуфа Кучже-хан» деген ат менен (*«Вожделенный хан»*) такка отурган. Ал каза болгондо анын ордун Футу «Тахань- хан» деген ат менен («Преемник») баласы ээлеген (Собр. св., 1998, I, 199).

Эфталиттер Гаочанды (497) басып алышкан. Турфан оазисиндеги Гаочан княздыгынын башкаруучусу, кытайлык Жу өзүнүн жарандарын («подданныйларын») Кытайга көчүрүүнү кытай өкмөтүнөн суранган. Бирок, буга гаочандыктар макул болгон эмес. Алар өз башкаруучусун өлтүрүп, жужандарга кошулуп кетишкен.

Тахань-хан өзүнүн башкаруусун Шы-пьхин[1] деп атаган. 506-жылы, Чжен-шынын башкаруусунун үчүнчү жайында ал Сарайга элчи катары Гэси-Улубуну тартуу (дар[2]) менен жиберген жана тынчтыкты калыбына келтирүүнү суранган. Бирок Сюань-ву [-ди][3] ага жооп берген эмес, министрлик тарабынын Улубуга мындай деп айттырган: «дальний предок жужаней Шелунь был отложившийся подданный Дома Вэй. В то время оказано ему снисхождение, и по трудным обстоятельствам допущено сношение чрез (*китепте ушундай берилген – Г. Ж.*) посольства. Ныне жужаньский Дом упал; и не в продолжительном времени потеряет свои земли. Добродетели Великого Вэй теперь выше Домов Чжеу и Хань. Покорив Чжун-юань [Срединная равнина или Китай (северный)], он предпологает водворить тишину по всей земле, и единственно потому пока не простирает[4] видов на север, что страна Гянь-нань[5] еще не покорена. Пред-

---

[1] Кытай сөзү: «успокоившийся». *Н.Я.Бичурин.* Собр. св. – Алматы, 1998, I, 199-б.

[2] **Дар** *м* 1. сый, тартуу соога. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И, 2012, 405-б.

[3] Юань Вей Үйүнүн жетинчи падышасы. *Собр. св.,* 1998, I, 199-б.

[4] **Простираться** *несов.* книжн. 1. жайылуу, созулуу, жайылып (созулуп) жатуу. Орусча-кыргызча сөздүк. П–Р, 2012, 465-б.

[5] *Н. Я. Бичурин* мындай түшүндүрмө берет: «в сем месте под страною Гянь-нань разумеется Южный Китай». Собр.св. – Алматы, 1998, I, 199-б.

ложение о восстановлении мира не совместно между нами» (Собр. св., Алматы, 1998, I, 199).

Тахань-хан 507-жылы, Юн-пьхиндин башкаруусунун биринчи жайында, Улубу аркылуу дагы кат жөнөтөт жана киштин терисин («соболий мех») тартуу кылат. Бирок, Сюань-ву кабыл албайт «а послал Футу, на основании прежнего условия, на запад воевать гаогюйцев (199)». Футу гаогюй падышасы Мивоту тарабынан өлтүрүлөт.

Такка анын уулу Чеуну «Дэуло-Фуба-Дэудай-хан» деген ат менен (Вэй династиясынын тилинде *«законодатель хан»* дегенди билдирет) отурат. Чеуну Жужанды сактап калуу үчүн бардык аракеттерди жумшаган. Ал телеуттарды талкалаган, бирок батышта согушту улантпастан, эфталиттер менен келишим түзгөн. Бул жужан хан кыздары (принцесса) менен эфталит төрөлөрүнүн (вельможа) ортосундагы нике менен бекемделген. Ошондой эле 518-жылы Кытай өкмөтү Турфан оазисинин элдерин Кытайга көчүрүү жөнүндөгү оюнан баш тартып, Гаочань княздыгын тааныган (Собр. св., 1998, I, 228).

Бул, албетте, жужандар үчүн чоң жетишкендик болгон.

Бирок ордонун ичиндеги биримдик бузулган. Жужандарга буддизм сүңгүп кирген. Буддизм баарына жага берген эмес. Натыйжада, хандын үйүндө да, кошунда да оппозиция жаралган. Мындай абал ички ыйкы-тыйкылыкка алып келген. Натыйжада, Чеуну өлтүрүлгөн, такка Чеунунун иниси Анахуань отурган.

**Анахуандын бийлиги жана Кытайга качуусу.** Анахуань такка отургандан он күн өткөн соң, анын алыс туугандарынын бири Силифа Шифа бир нече ондогон миң аскерлери менен кол салган жана талкалаган. Анахуандын апасын жана эки кичүү инисин өлтүргөн. Анахуандын агасы (атасынын агасы) Поломынь өзүнүн ишенген адамдарын (соратниктерин) чогултуп, Шифаны талкалаган. Шифа Манчжурияга дидеугань уруусуна качкан жана ал жакта өлтүрүлгөн. Поломынь болсо хан деген титул алган. 521-жылы ал көтөрүлүшкө чыккан телеуттар тарабынан талкаланган жана калган жаранда-

ры («подданныйлары») менен Кытайга көчүп кеткен (Л.Н.Гумилев, 227, Собр.св., 1999, I, 201).

Бул маалыматтарда жеңилүүгө туш болгондордун Кытайга кетип калышкандыгы айтылат. Бул, албетте, Кытай бийлигине абдан жаккан.

Ошентип, Кытай өз максатына жеткен: эки жужан ханы тең алардын колуна түшүп берген.

Мындай жаңжалдан телеуттар пайдаланышкан. Мивотунун кичүү иниси Ифу Гаогюй мамлекетин кайра калыбына келтирген жана «разбил в 521 г. жужаней Поломыня, загнав их в Китай». Ошол эле жылдын күзүндө Анахуандын ордунда турган иниси Синиф Кытайга качкан.

**Жужандар – малчы көчмөндөр. Анахуандын айткандары боюнча.** Жогоруда Анахуандын кичүү иниси менен түштүккө Вэй Сарайына качкандыгын айткан элек. Ал жактан «в десятой луне Мин-ди вошел в тронную Сянь-ян-дянь. Чиновники от пятого класса и выше, родственники императорского Дома, посланники от пограничных вассалов выстроились пред тронной. ...где Анахуань поставлен был ниже пограничных вассалов» (Собр. св., 201–202). Мындан Анахуандын даражасы канчалык деңгээлде түшүп калгандыгы көрүнүп турат.

Учурдан пайдаланып, Анахуань императорго кирүүнү суранат. Анын суранычы канааттандырылат. Анахуань императорго тизе бүгүп жүгүнүү менен мындай дейт: «происхождение предков вассала[1] принимает начало от Великого Дома Вэй». Андан ары Н.Я.Бичуринде: «Указом[2] сказано: я уже все знаю» деп айтылат. Демек, мындай маалымат императорго белгилүү. Анахуань «встав на ноги, продолжал говорить: «предки вассала занимались скотоводством, и перекочевывали, смотря по траве; после переселились на северную сторону песчанной степи» (Собр. св., 1998, I, 202).

---

[1] Анахуань вассал деп өзүн айтып жатат. Демек, «предки вассалов» дегенди Анахуандын бабалары деп түшүнүү керек.

[2] Императордун ар бир сөзү указ деп аталган. Мисалы, ал бир чыны чай ичем десе да, анын сөзүн: Указ: *Чыны чай* деп айтышкан (Собр. св., 1998, I, 202).

Бул маалыматтан жужандардын бабалары атактуу Вэй үйүнөн болорун, алардын малчы-көчмөндөр экендигин, алар мал жайытка ылайыктуу жерлерге көчүп-конуп жашап, кийин кумдуу талаанын түндүгүнө көчүп келишкендигин Анахуандын өзүнүн баяны аркылуу билебиз. Андан ары ал мындай дейт: «Предки вассала прежде из рода в род жили на севере». Бул дагы жужандардын жашаган аймагы тууралуу баалуу маалымат. Демек, жужандар талаанын түндүгүндө жайгашкан.

Анахуандын баяны боюнча **жужандардын жашоосу кыргыздардыкына окшош болгон.** Алар да малчы көчмөндөр, жайытка ылайыктуу жерлерге көчүп-конуп жашаган.

Негизинен, бардык эле көчмөндөрдүн жашоосу бирдей болгон. Алар уруу-уруу болуп көчмөндүү турмушту баштан өткөрүшкөн. Демек, алардын салт-санаалары да бири-бирине окшош. Ошондой эле түрк уруулары бири-бири менен карым-катнашта болгон. Аларда бийлик гана бир уруудан бир урууга, кийин бир мамлекеттен экинчи мамлекетке өтүп, башчылары гана алмашып турган. Кайсы мамлекет бийлик башына келсе, алардан каган шайланган жана ошолор бийлик үстөмдүгүн жүргүзүшкөн. Ал эми калган түрк уруулары алардын карамагында болгон.

Кытай бийлиги ылайыгына жараша түрктөрдүн саясий турмушуна кийлигишип турган, маселен, тигил же бул түрк каганына өзүнүн кызыкчылыгына карата жардам берген, же жеңилип колдоо жана далдоо издеген кагандарды жана анын адамдарын кабыл алган. Кытай бийлиги түрк империялары менен жакшы мамиле жасоого дайыма кызыкдар болгон жана негизинен ушул позицияны карманган.

**Анахуань жана аны Кытай бийлигинин колдоосу.** Ошентип, Анахуань императорго андан ары гаогюйлар жана алар менен болгон карама-каршылыктарын баяндайт. Ал: «предки вассала прежде из рода в род жили на севере; и хотя отделялись горами и речными переправами: но по временам свидетельствовать преданность и уважение не могли единственно потому, что гаогюйцы взбунтовались. Вассал по причине беспокойства в государстве, не имел досуга отправить посланника для засвидетельствования искренней преданности», – дейт

(202). Алар жакынкы өткөн жылдарда гана Гаогюйду баш ийдиришкенин, агасы падыша болгондугун, бирок кайрадан гаогюйлар кол салып, агасы өлтүрүлүп, андан соң өзү 10 күн падыша болгондугун, 10 күндөн кийин качып чыккандыгын «пологаясь на беспредельное милосердие государя, второпях налегке бежал из орды, и теперь прибег к подножию трона»,– (203) деп баяндап берет.

Ал эми жардам сурайт. Ал: «Прошу войск для возвращения в собственное государство, чтобы истребить мятежников и собрать рассеявшихся», – дейт (203). Ошондой эле ал жарандары (подданныйлар) менен такка кызмат кылууга жана жылдын төрт мезгили боюнча төлөнүүчү салыкты үзгүлтүккө учуратпай төлөөгө убада кылат.

Падыша «в непродолжительном времени облек Анахуаня в княжеское достоинство, и признал жужаньским государем; пожаловал ему одеяние, царский венец, права на почести, должные вассалу» (203). Бирок ордодо туруктуу падыша болбогондуктан, Анахуань өз элине кайтууну дайыма ойлогон. Мин-ди Анахуанды кайтаруу боюнча кеңеш чогулткан, алар карама-каршы эки пикирде болушкан. Жарымы жиберүү керек дешсе, жарымы ага каршы болушкан. Ошол мезгилде аскер башчысы Юань Ча министрлик кызматка отурган. Анахуань ага 100 лан алтын берген жана өз мекенине кайтууга уруксат алган.

521-жылы Анахуань ж.б. – бардыгы 54 киши коштошуу отпускасын (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) сурашкан. Падыша тарабынан Анахуанга абдан көп белек-бечкектер, курал-жарактар, төшөнчү, кийим-кечек, жибек кийимдер, тамак-аштар ж.б. берилген. Мисалы, 100 мүшөк кургатылган күрүч, 20 000 мүшөк таруу, 18 боз үй, 500 талаа аттары (степных лошадей), 200 төө, 5 000 кой ж.б. (Собр. св., 1998, I, 204).

Бул учурда, жогоруда айтылгандай, жужандарда Поломынь падыша бийлик кылып турган.

Мин-ди жужан ордосуна ал жактагы абалды билип келүү үчүн элчи жиберген. Ошондой эле Анахуанды вассал катары кабыл алуу үчүн Поломынь менен сүйлөшүүгө Цзюйжинди

жөнөткөн. Поломынь салкын кабыл алган, бирок Анахуанды кабыл алуу үчүн 2 000 аскерди анын алдынан тосуп чыгууга буйрук берген. Бирок Анахуань Цзюйжинден жужан ордосундагы абал тууралуу уккан соң, ал жакка кайтуу коопту экендигин билип, ал оюнан кайткан, эми Сарайдан борборго келүүнү суранган. Ал эми Поломынь болсо гаогюйлар тарабынан куулуп, 10 аймагы менен Лян-чжеуга келген «с предложением подданства. После сего несколько десятков тысяч жужанцев с общего согласия приняли Анахуаня Ки»[1] (205).

Жетинчи айда (в седьмой луне) Анахуань мындай маалымат берет: «после подданства его» жужандар эки кишини Шехунду жана Хэшини шайлашкан. Ушул айдын 26сында алар: «Государство пришло в большое волнение. Каждый род отдельно живет, и попеременно грабят друг друга» деген кабар менен келишкен. Азыркы учурда түндүктүк жашоочулар кошумча күчкө муктаж. Анахуань мына ушундай маалыматтарды берүү менен тынчтыкты сактоо жана толкуган элди калыбына келтирүү үчүн 10 000 тандалган аскер берүүнү суранган (205).

Аңгыча тогузунчу айда жужандардын акыркы падышасы Синиф Хуай-шо-чжень сепилине (крепость) жетип келген. Бул Гуйван деген ысымдагы Анахуандын агасы эле. Ал Анахуанды бошотууну жана аскер берүүнү суранган (Собр. св., 206).

Мамлекеттик сановниктердин бири императорго мындай маалымат берген. Анда Хэнь үйүндө (*китепте ушундай берилген – Г. Ж.*) түндүк жана түштүк шанүйлөр коюлгандыгы, ал эми Цзинь үйү чыгыш, батыш болуп аталгандыгы айтылат, «и все это было сделано для того, чтобы устранить трудные обстоятельства и оградить свое государство» (206).

Ал азыркы иштерди төмөнкүдөй планда карап чыктык дейт: «Как от крепости Хуан-шо-чжен на север земли хорошие, но нет гор; ключ Тужоси от Дунь-хуан на севере и Сихай-гюнь суть два укрепленные места династий Хань и Цзинь; там земли обширные, ровные, повсюду тучные, то пологаем

---

[1] «*Ки* есть имя Анахуанево». Собр. св., 1998, I, 205-б.

Анахуаня поместить на западе при Тужоси, Поломыня в Сихай-Гюнь. Пусть каждый из них, владея своим аймаком, собирает отделившихся, соединяет рассеявшихся» (Собр.св., 1998, I, 206).

Кытайлыктар Поломынды анын жактоочулары менен Кытайдын ичине, Сихайдын[1] алдына жайгаштырышкан. Анахуанды «который втерся в доверие, – за границей – к северу от Дунь-хуана» (Собр. св., 1998, I, 206).

Поломынь өзүнүн аймактары («со своим аймаком» – Н.Я.Бичурин) менен Идага качкан, анткени «три жены у Иды были родные сестры Поломыневы» (207). Бирок ал кармалган жана Ло-янга жөнөтүлгөн.

Л.Н.Гумилев Поломындын эфталиттерге качып, бирок кармалып, түрмөдө каза болгондугун маалымдайт (Др.тюрки, I, 229).

**Анахуандын түндүккө кетиши.** Анахуань болсо 522-жылы айдоо үчүн 10 000 мүшөк таруу сураган, кийинки 523-жылы аларда ачкачылык болгон. Бул кытай элин тоноого алып келген, т.а., «народ его вошел в пределы Китая, и произвел грабительства». Император сановник Юань-Фэуну «указал отправиться с бунчуком для успокоения». Бирок Анахуань аны кармап, «взял с собою; отнял 2 000 мешков хлеба, пограбил на несколько сот тысяч казенного и частного имущества, почтовых лошадей, волов и овец и пошел на север, а пред Юань Фэу извинился, и обратно отпустил его» (Собр.св.,1998, I, 207).

Албетте, алардын артынан куугун келген. Аскер башчысы Ли Чун жетектеген 100 000 атчан аскерлер аларды басып таштоо үчүн жөнөтүлгөн. «Ли Чун прошел более 3 000 ли за границею, и доходил до Байкала, но не мог догнать и возвратился» (Собр.св., 1950, т.I, 204).

Бул маалыматтар Анахуандын өзү көксөгөн мекенине кайткандыгын кабарлайт.

**Вэй империясынын бүлүнүшү.** Вэй империясы ылдамдык менен бүлүнө баштаган. Жыл сайын улам бир саясий жагдай болуп турган. Маселен, 496-жылы Батыш Маньчжурияны жоготушкан, түштүк Кытайда Лянь империясы активдеше

---

[1] Хухэнор көлү. *Собр.св.,* 1998, I, 206

баштаган жана башка сепилдер (крепость[1]) анын тарабына өтө башташкан. Ал эми 524-жылы өлкөнүн түндүгүндө Во-йе сепилинде көтөрүлүш чыккан. 525-жылдын жайында Анахуань бул көтөрүлүштү басууга бел байлаган. Император грамота[2] жиберүүгө указ берген. Цзюйжинь сыйлыктарды ар түрдүү буюмдар менен берген. Анахуань бул указдык буйрукту (повеление) таазим кылуу менен кабыл алган жана 100 000 аскери менен Вучуандан батышка Во-йеге барып, бат эле жеңишке жетишкен (Собр. св., 1998, I, 207). Л.Н.Гумилев айткандай, «За это он получил награду «разными вещами» и полное прощение» (230).

Бул маалыматтардан Анахуань менен Кытай бийлигинин мамилеси жакшы экендигин билүүгө болот. Албетте, Анахуандын сановник Юань-Фэуну кармап алып, аны тоноп, кайра андан кечирим сурап туруп, бошотуп жибергендигин жана Анахуандын түндүккө качып кеткендигин эки нерсе менен түшүндүрүүгө болот. Биринчиден, ошол жылдагы болгон – ачарчылык. Ошондон улам алар талап-тоноого аргасыз болгон болуу керек. Экинчиден, Анахуань өз жерине кайтууну дайыма көксөгөн. Бул анын улам-улам өз мекенине кайтууга уруксат берүүнү императордон суранганынан эле байкоого болот. Анахуандардын жеринде болгон ачарчылык мына ушул маселени чечүүгө түрткү болгон.

**Жужандар жана телеуттар.** Жужандар эми телеуттар менен жекеме-жеке калышкан. Жужандар телеуттарды талкалашкан. Ифу өзүнүн кичүү иниси Юегюй тарабынан өлтүрүлгөн. Юегюй согушту улантууну көздөгөн, бирок 534–537-жж. талкаланган. Ифунун баласы Биди «убил своего дядю и возглавил сопротивление». Бирок 540-жылы жужандар тарабынан кыйратылган. Ошентип, Гаогюй державасы жок болгон. Бул мезгилде Кытайда Вэй империясы чыгыш жана батыш болуп экиге бөлүнгөн жана бири-бири менен согушуп турушкан. «Тут

---

[1] **Крепость** || *ж* крепость, сепил, чеп. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2012, 136-б.

[2] **Грамота** *ж* 3. (официальный документ) грамота, жардык; 4. (письмо) кат. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И, 2012, 386-б.

Анахуань выступил как гегемон, ибо обе стороны заискивали перед ним» (Л.Н.Гумилев, 230).

**Анахуань – Чилянь-ту Бинфа-хан.** Н.Я.Бичуринде Анахуандын аймагы тынчтык заманда адамдар менен да, аттар менен да көбөйгөндүгү айтылат. Ошондуктан «Анахуань принял титул Чилянь-ту Бинфа-хана, что на языке династии Вэй значит *«останавливающий хан»*. Жогоруда белгиленгендей, анын Кытай бийлиги менен мамилеси жакшы болгон.

Анахуань Кытай бийлигинен өзүнүн улуу баласына кытай падыша кызынын колун сураган. «Почему Вынь-ди западного Дома Вэй, 535, дочь сановника Юань И, служившую во дворце, выдал в качестве Хуа-чжен царевны за Анахуанева брата Таханя, а дочь Анахуаневу взял в супруги себе, и польстил ему золотом и шелковыми тканями» (208). Ошондуктан, Анахуань алардын жерлерине кол салган эмес жана батыш Вэй үйү тарабында болгон. Ошол эле жылы чыгыш Вэй «выдал за Анахуаня княжну из своего Дома в качестве Лань-лин царевны»[1]. Мындай маалыматтарды узартып айта берүүгө болот.

Ошентип, бул келтирилген мисалдар Анахуандын Кытай бийлиги менен абдан жакшы мамиледе болгондугун жана бул мамилелер кыз алышуу, кыз беришүү менен бекемделгендигин айтып турат. Кытай бийлигинин Анахуань менен эсептешип, анын сөзүн эки кылбай аткаргандыктарын да байкоого болот. Батыш Вэй үйү да, чыгыш Вэй үйү да Анахуань менен жакшы мамиле түзүү үчүн биринчи кадамдарга барышкан, белек-бечкектерди берип турушкан. Албетте, мындай кадамдар Анахуань менен Кытай бийлигинин ортосундагы мамилелерге жагымдуу таасир тийгизген.

Анахуандын бийлиги бекемделип, ал дагы өзүнүн күчүн сезе баштаган. Анахуань «единовластвовал на севере и чрез меру усилился. Он начал высокомерно поступать и нарочито уменьшать должное уважение. Отправляя посланников с данью к Двору, он не подписывался вассалом» (Собр.св., 1998, I, 1998, 210).

---

[1] «Лань-лин – название уезда». Бул маалыматтарды Н.Я.Бичурин Ганмудан алган.

**Түркүттөрдүн күчөшү. Жужандардын жеңилиши.** Бирок, Анахуандын өмүрү күтүүсүздөн кыйылган. Бул учурда түркүттөр күчөй баштаган эле.

Тьхянь-баонун башкаруусунун үчүнчү жайында, 552-жылы Анахуандын аскерлери түркүттөр тарабынан талкаланган, Анахуань болсо өзүн-өзү өлтүргөн (Собр. св., 1998, I, 210).

Анахуандын мурасчылары Яньлочень, Анахуандын бир ата өтүшкөн тууганы Дынчжу Сыли жана анын уулу Куди элин чогултуп Ци Үйүнө[1] караштуу аймакка качып кетишкен. Калгандары Дынчжунун экинчи баласы Тйефаны башчы коюп алышкан. 553-жылы Ци Үйүнүн падышасы Вынь-сюань «препроводил Дынчжу и сына его Куди на север» (Собр.св., 1998, I, 211). Тйефа кидандар тарабынан өлтүрүлгөн. Дынчжуну төрөлөр (вельможи) өздөрүнүн падышасы кылып дайындашкан. Бирок ал старшина Афути тарабынан өлтүрүлгөн. Төрөлөр кайрадан Кудини падыша кылып алышкан. Ошол эле жылы жужандарга түркүттөр кол салган, Куди өзүнүн эли менен Ци Үйүнө качкан (211).

Ци Үйүнүн падышасы Вынь-сюань түндүккө түркүттөргө каршы жөнөгөн жана жужандарды кабыл алган; ал: «низвел их государя Куди, а государем поставил Яньлоченя, сына Анахуанева, снабдил съестными припасами и шелковыми тканями и лично преследовал тукюевцев до Шо-фан» (211).

Ошентип, жужандардын башчысы Анахуандын баласы Яньлочень болгон. Мындан кийин жужандар аларга дайыма салык төлөп турушкан.

Бирок, 554-жылы Яньлочень бөлүнүп кеткен («отложился»). Эми Вынь-сюань ага каршы чыккан жана аны талкалаган. Яньлочень баласы экөө түндүккө качкан.

Ошол мезгилде жужандар түркүттөр тарабынан бир нече жолу талкаланган «почему на второе лето Гун-ди, 555, из западного Дома Вэй в числе тысячи семейств бежали в Гуаньчжун. Тукюесцы, при силе своих войск и дружбе с западным

[1] «В начале 557 года в западном Доме Вэй Юйвынь Го, сын визиря Юйвынь Тхай, принял престол от своего малолетного государя. Сим образом первый основал северную династию Ци, а последний северную династию Чжеу». Караңыз: *Собр. св.* – Алматы, II, 1998, 211-б.

Домом Вэй, опасались, чтобы остатки жужаньцев, при помощи великой державы, опять не соединились, просили – в удовольствие им – казнить до единого жужанца. Вынь-ди из Дома Чжеу [надо: западный Дом Вэй] согласился; почему связали жужанцев более 3 000 человек и передали тукюескому посланнику, который за воротами Цинь-Мынь[1] отрубил им головы. Несовершеннолетние мужчины и следовавшие за князьями, т.е. служители, пощажены»[2] (212).

Ошентип, жужандар жеңилген. Жужандардын бийлиги көпкө созулган эмес. Жогоруда айтылгандай, VI кылымдын жарымында жужандар түркүттөр тарабынан талкаланып, натыйжада Улуу Түрк каганаты орногон (Худяков.).

Жужандардын доору тууралуу археологиялык маалыматтар жок. Монголиянын территориясында алардын ордосу («ставка») жайгашкан жерде да эстеликтер сакталбаган.

Ошентип, енисейлик кыргыздар адегенде сяньбилердин, андан соң жужандардын бийлиги астында болушкан.

## КЫРГЫЗДАРДЫН ЕНИСЕЙ КЫРГЫЗ-ТҮРК УРУУЛАРЫ ДЕП АТАЛА БАШТАШЫ (IV К.)

Кыргыздар мурунку гяньгундар деген атынын ордуна енисей кыргыз түрк уруулары деп качантан баштап атала баштаган?

Бул мезгилдеги кыргыздардын Енисей кыргыз-түрк уруулары деп атала башташы тууралуу А.Н.Бернштам өз эмгегинде мындай дейт. Б.з.ч. III к. – б.з. II кылымында, **хунндардын жана сяньбилердин доорунда «южная часть динлинских по происхождению племен цзянь-кунь смешалась с центральноазиатскими племенами, в результате чего произошли серьезные перемены в их культуре, расовом типе и, вероятно, языке, давшие в конечном итоге, к VI веку, тюрк-**

[1] Чань-андын борборунун чыгыш дарбазасы, азыр – Си-ань-фу. Караңыз: Собр св. – Алматы, 1998, II, 212-б.

[2] **Пощa/да** *ж* ырайым, кечирим, аёо, жан соога. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк, П–Р, 2012, 322-б.

**ские племена енисейских кыргызов»** (*белгилеген – Г. Ж.*) (А.Н.Бернштам, 1998, 177).

Бул маалымат боюнча б.з.ч. III к. – б.з. II кылымында кыргыздар борбордук азиялык уруулар менен аралашып, натыйжада алардын маданиятында, кебете-кешпиринде (расалык тибинде), тилинде маанилүү өзгөрүүлөр болгон жана ушундай өзгөрүүлөрдүн натыйжасында IV кылымда енисей кыргызтүрк уруулары («тюркские племена енисейских кыргызов») келип чыккан (бул тууралуу айтылган эле).

**В.В.Плоских байыркы кыргыз маданияты тууралуу.** В.В.Плоских байыркы кыргыздардын I–V кылымдардагы тарыхы жазма булактарда дээрлик чагылдырылбагандыгын, бул бөксөлүктү археологиялык изилдөөлөр толуктап турарын айтат. Ал: «Они (*археологиялык изилдөөлөр – Г. Ж.*) свидетельствуют, что местное енисейское население – **европоеидные динлины – перемещались с пришельцами из Центральной Азии уже в I веке нашей эры. И можно с уверенностью сказать, что в III–V вв. на Енисее складывается древнекыргызская культура** (В.В.Плоских. Аталган эмгекте, 2006, 64).

Окумуштуу Борбордук Азиялык келгиндер менен динлиндердин аралашып кетишкендиги, ал эми III–IV кк. Енисейде байыркы кыргыз маданияты калыптангандыгын маалымдайт. В.В.Плоских окуу китебинде бул пикирин археологиялык табылгалар менен бышыктайт (бул тууралуу төмөндө кеп болот). Бирок кыргыздардын кыргыз түрк уруулары деген ат менен аталышы тууралуу сөз кылбайт.

Жогорудагы маалыматтан кийин окумуштуу байыркы кыргыздардын маданияты тууралуу сөз кылат. ***Енисейдеги байыркы кыргыздар «...вели хозяйство, в котором сочеталось полукочевое скотоводство с земледелием»*** (*китепте курсив менен берилгени сакталды, ал эми кара шрифт менен белгилеген – Г. Ж.*). «Часть земель орошалось с помощью каналов. В горно-таежных районах было развито оленоводство и охота. Такое хозяйство предполагает разнообразие быта, типов жилища, одежды, вооружения, пищи, транспорта и др.» (64).

Демек, кыргыздар бул мезгилде жарым көчмөндүү мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен жашоосун өткөрүшкөн.

Кыргыздардын жерлери каналдардын жардамы менен сугарылган. Бул кыргыздардын дыйканчылык иштеринин дагы бир далили болуп саналат. Жарым көчмөндүү мал чарбачылыгы менен дыйканчылыктын катар жашашы алардын турмуш-тиричилигинин, т.а., кийимдеринин, тамак-аштарынын, жашаган үйлөрүнүн ж.б. ар түрдүү болушуна алып келген.

**Кыргыздардын жашаган турактары.** В.В.Плоских кыргыздардын жашаган турак-жайлары (жилища) үч типте болгондугун маалымдайт: «Юртообразные из кольев, вбитых в землю и обтянутых войлоком; деревянные дома с двухкаскатной крышей; каркасные шестиугольные постройки» (65).

Кыргыздардын боз үйдө жашашкандыгы белгилүү. Ал эми жыгачтан курулган үйлөр кыргыздарда дыйканчылык болгондугунан кабар берет.

Ошондой эле кыргыздардын жашаган жерлери ар түрдүү болгон: «Древние кыргызы жили на стоянках-летовках, в небольших поселках и в постоянных крупных поселениях» (65). Бул маалымат алардын жарым көчмөндүү жана отурукташкан жашоосун айтып турат.

**Өлүк коюу жөрөлгөсү.** В.В.Плоскихтин маалыматында өлүк коюу жөрөлгөсү жөнүндө да айтылат. Элдер жашаган жерге жанаша эле көрүстөндөр жайгашкан. Өлгөндөрдү өрттөшкөн, ал эми күлдөрүн жерге чуңкур (яма[1]) казып, ошого көмүшкөн. Ошондой эле аз эмес жүздөгөн адамдардын сөөктөрүн кеңири казылган уруулук мүрзөлөрдө – саганаларда (склеп[2]) көмүшкөн. Саганалар көлөмү боюнча жерге казылган анча чоң эмес чуңкурлардан кескин айырмаланган. Алардын көлөмү 9х9м болгон. В.В.Плоских ага «вел корилообразный вход» дейт. Сагананын каркасын устундан, дубалдарын жыгачтан жана таштан жасашкан. Аны бекем жоон жыгач тактай (накат[3]) менен жабышкан. Анын үстүнө топурак ташташкан. Мындай

---

[1] **Яма** *ж* 1. чуңкур, аң, аңгек; 2. ороо, чуңкур. Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я, 2012, 687-б.

[2] **Склеп** *м* сагана (өлүк салынган табыт сакталуучу жер астындагы жай). Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я, 1012, 103-б.

[3] **Накат** *м.* 4. накат (бир нерсенин үстүнө же астына катар төшөлгөн устун же тактай). Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2012, 365-б.

саганаларга бай адамдарды көмүшкөн. Алардын биринен 14 аттын, 58 уйдун, 25 койдун сөөктөрү табылган. Бул өлгөн адамдын кара ашына («тризна»[1]) гана арналган малдын сөөктөрү болгон (65). Саганалардагы маркумдардын бай экендиктерин алардын тери тондору, киштин терисинен жасалган баш кийимдер жана териден жасалган бут кийимдер билдирген. Маркумду өрттөгөндөн кийин күлүн чогултуп, баштыкка салып, өлгөн адамга окшоштуруп жасалган «куурчактын» кийимдерине салып коюшкан. Ал эми мындай «куурчактын» башы өлгөндөн кийин ачык түстүү боёк менен сүрөттөлгөн (изображение) гипстен жасалган бет кап («посмертными погребальными масками») менен алмаштырылган. Ортоңку Енисейдеги байыркы элдин келбети ишенимдүү жана таасын түшүрүлгөн мындай бет каптар, негизинен, европеоиддик болгон. Арасында анда-санда монголоиддик бет каптар да кездешкен (66).

Бул маалымат боюнча ошол доордо жашаган элдер, негизинен, европеоиддик болушкан. Бирок, анда-санда болсо да монголоиддик бет каптар да учураган.

**А.Н.Бернштам бюсттук маскалар жана жужандар тууралуу.** А.Н.Бернштамдын эмгегинде да ушул мезгилдерди чагылдыра турган археологиялык табылгалар бар экендигин маалымдалат. Маселен, гипстен жасалган бюсттук маскалар. Ал: «Плохо изучены для этой поры соответствующие памятники на Енисее. Здесь могут быть отмечены могилы, по типу напоминающие таштыкские и, как уже выше отмечалось, нового типа «бюстовые маски» из гипса», – дейт (178).

Бул бейиттерге чаатас тибиндеги көрүстөндөр жанаша жатат. Алардын үстү анча чоң эмес үйүлгөн шагыл таш менен жабылган, бийик таштар менен шакек жана тик бурчтук түрүндө айланта курчалган.

А.Н.Бернштам өлгөндөрдү коюу өтө сейрек экендигин, көбүнчө өлгөндөрдү өрттөшкөндүгүн маалымдайт, ошондой эле бюсттук маскалардын монголоиддик экендигин маалым-

---

[1] **Тризна** 3. кара аш жана аш берүү. Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я, 1012, 410-б.

дап, аны жужандар менен байланыштырат. Ал: «Резко выраженный монголоидный тип изображенных лиц на «бюстовых масках» с разрисованными (татуированными?) (*китепте ушундай берилген – Г. Ж.*) лицами вероятно и отражает тот монголоидный тип, который, возможно, имели жужане», – дейт (178).

Ал эми Чаатастын мүнөздүү өзгөчөлүгү «являются находки в могилах высоких черных сосудов с горловиной в виде раструба, сделанных из хорошего теста, и высокого обжиго[1]. Керамика грубая, с большой примесью дресвы[2], но высоким обжигом. Украшена она накольным, а чаще накладным с рубчиком орнаментом. Сосуд по центру тулова имеет пояс орнамента в виде ромбической сетки» (А.Н.Бернштам, 178).

Мындай идиштер («сосуды») Кытайда, Монголияда жана Сибирдин түндүгүндөгү дал ушуга окшогон бейиттерден табылган. Мындай буюмдардын жайылышын А.Н.Бернштам жужан доору менен байланыштырат, анткени бул жерлердин бардыгы Жужан каганатынын бийлиги астында болгон (179).

Бул маалыматтар жужандардын тушунда маскалардын монголоиддик боло баштаганын кабарлап турат.

**Кыргыз коому.** В.В.Плоских ошол мезгилдеги кыргыз коому жөнүндө мындай дейт: «Байыркы кыргыз коому алгачкы общиналык коомдук түзүлүштүн ыдыроо стадиясын башынан өткөрүп жаткан. Анын негизин «общинники»[3] – малчылар жана дыйкандар түзүшкөн. Алардын үстүндө артыкча укуктуу (привилегиялуу) ак сөөктөрдүн катмары өзгөчөлөнүп, бөлүнүп турган. Толугу менен укугу жок социалдык топ – кулдар болгон» (66–67).

---

[1] **А.Н.Бернштам** бул маалыматты алууда төмөнкү эмгектерге таянат: Л.Евтюхова. К вопросу о каменных курганах на Среднем Енисее. ТГИМ, вып. 8, 1938; *Л.Евтюхова и С.Киселев.* Чаатас у села Копены. ТГИМ, вып. 11, 1940.

[2] **Дресва** *ж.* күкүм, шагыл (таштардан, too тектеринен үбөлөнүп, күкүмдөнүп кетме, быркыранма). Орусча-кыргызча сөздүк, А–И, 2012, 495-б.

[3] **Общинники** *м. ист.* дыйкан, айылдык общинанын мүчөсү. Орусча-кыргызча сөздүк. 1012, 541 б.

Мына ушундай маалыматтардан соң, окумуштуу: **«Именно во Владении Кыргыз берет начало кыргызская государственность»** (*белгилеген – Г. Ж.*), – дейт (В,В,Плоских, 67). Ошентип, В.В.Плоскихтин маалыматы боюнча Кыргыз мамлекеттүүлүгү мына ошол мезгилден башталат.

**Кыргыздар III кылымда С.Ю.Худяковдун версиясы боюнча.** Ю.С.Худяковдун маалыматы боюнча кыргыздар жөнүндө маалымат кытай булактарында б.з. III кылымында кайрадан пайда болгон. Ю.С.Худяковдун маалыматында ошол мезгилде кыргыздардын жашап турган аймагы, элинин, аскерлеринин саны, кесипчилиги, соодачылыгы, коңшусу динлиндер экендиги, жужандардын динлиндер менен дайыма согушуп турушкандыгы жана Ашина тукумундагы түрк урууларынын жардамы менен динлиндерди убактылуу болсо да багындырып турушкандыгы, ошондой эле V кылымда жужандар кыргыздарды басып алышкандыгы айтылат. Окумуштуу жужандарга каршы согушта кыргыздар динлиндер менен аралашып кетишкен дейт. Ю.С.Худяков кыргыздардын дал ушул жужандардын бийлигинин тушунда Енисейге көчүрүлүп келишкендигин айтат. Анын бул пикири башка окумуштуулардын пикирлеринен айырмаланып турат.

Мисалы, кыргыздар дагы эле мурунку жерлеринде – Тянь-Шань тоо тармактарынан түндүккө карай («к северу от восточных отрогов Тянь-Шаня»), Ордостон 700 ли батышыраакта, Чеши аймагынан («владения») 500 ли түндүгүрөөктө, Кангүй мамлекетинин башчысынын ордосунан 800 ли чыгышыраакта, Сыр-Дарыя суусун бойлой жашашкан[1]. Кыргыздардын коңшусу динлиндер болгон. Бул учурда алар эки ордого бөлүнүп, Гаогюй деп аталган батыш динлиндер Тянь-Шанда калып, ал эми чыгыш динлиндер Байкалдан түштүгүрөөктө жайгашкан.

Ю.С.Худяков «Вэй Люэ» кытай булактарына таянып, кыргыздардын саны жүз элүү миң адамга жеткендигин, тандал-

---

[1] *Ю.С.Худяков.* Проблемы истории древних кыргызов (первоначальное расселение) // Этнографическое обозрение. 2001, № 5,78, 80-бб.

ган аскерлеринин саны отуз миң болгондугун маалымдайт. Бул маалымат боюнча алар мал багышкан, көчмөн турмушта жашашкан. Кыргыздардын аттары мыкты болгон (аттары «небесной породы» деп берилген). Жашаган жерлеринде көптөгөн киштер («соболей») болгон.

Чыгыш Тянь-Шанда жашаган кыргыздар көчмөн-малчылар болушкан. Аларга аң терилери (мех) Саян-Алтайдан соодагерлер аркылуу келип турган. Бул мезгилде Улуу жибек жолу деп аталган трансконтиненталдык магистраль иштей баштаган (Ю.С.Худяков. Сабля... 36).

Ю.С.Худяковдун маалыматында андан ары кыргыздар жазма булактарда Хами оазисинен батышка Харашар районунан түндүккө карай жайгашкан Тянь-Шань тоо системасынын кыркаларынын биринде – Ала-Тоолук кыргыздар деп кездеше баштайт.

Ю.С.Худяков б.з. V кылымында кыргыздарды байыркы монгол көчмөндөрү – жужандар басып алышкан деп маалымдайт.

Жужандарга каршы динлиндер дайыма көтөрүлүп, согушуп турушкан. Жужандар динлиндерге каршы ашина тукумундагы түрк уруусун жардамга чакырышып, динлиндерди убактылуу болсо да баш ийдирип турушкан.

Ю.С.Худяков кытай булактарына таянып, жужандарга каршы согушта гяньгундар динлиндер менен аралашып кетишкендигин белгилейт (Ю.С.Худяков. Проблемы истории древних кыргызов. 80).

Кол алдындагы урууларды алсыздандыруу үчүн жужандар Ашина тукумундагы түрктөрдү Алтай тоолоруна көчүргөн. Ал жактан алар жужандарга жез өндүрүп турушмак. Мына ушул мезгилде, Ю.С.Худяковдун божомолу боюнча, жужандар кыргыздарды өздөрү басып алган Енисейге көчүрүшкөн. Аларды жужандардын өтө ишенимдүү вассалы, байыркы түрктөрдүн атактуу ашина уруусунан – Цигу башкарып турган. Натыйжада, көп кылымдык динлин-гяньгунь союзу бузулган.

Ошентип, Ю.С.Худяков, кыргыздардын Енисейге көчүшүн кийинки мезгилге, т.а., жужандардын мезгилине алып келет.

Албетте, бул – кыргыздардын кандайча Енисейде пайда болгондугу тууралуу Ю.С.Худяковдун версиясы. Биз бул эмгекте мындан башка да Н.А.Аристовдун, А.Н.Бернштамдын версияларын келтиргенбиз жана ал боюнча өзүбүздүн оюбузду билдиргенбиз.

Жужандардын бийлиги көпкө созулган эмес, алар 150 жылдай гана бийликте турушкан. VI кылымдын жарымында жужандар түрктөр тарабынан талкаланып, натыйжада Түрк каганаты орногон.

Окумуштуу Енисейге чейин кыргыздар Тянь-Шанда жашашкан деген ойдо. Төмөндө ушул тууралуу сөз болмокчу.

**Енисейге чейин кыргыздардын Тянь-Шанда жашашкандыгы тууралуу Ю.С.Худяковдун версиясы.** Ю.С.Худяков кыргыздар Енисейде пайда болгонго чейин 8 кылым Чыгыш-Тянь-Шандын түндүгүндө жашашкандыгын маалымдайт.

Ю.С.Худяковдун маалыматы боюнча кыргыздар Тянь-Шанда жашап турушканда эле европеоид түспөлүндө болушкан. Европеоид уруулары (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) Миң-Суу ойдуңунда да жашашкан.

Ю.С.Худяков ошондой эле кыргыздар беттерине жана денелерине татуировка жасашкандыгын белгилейт. Мындай адат Алтайдагы байыркы скиф урууларында болгон. Кыргыздар өлгөн кишилерди өрттөшкөн. Ю.С.Худяковдун пикири боюнча мындай адат Енисейде да, Тянь-Шанда да жашаган кыргыздарда болгон. Ю.С.Худяков мындай окшош элементтердин болушу – кыргыз маданиятынын алар Чыгыш Тянь-Шанда жашап турганда эле түзүлө баштагандыгынан кабар берет дейт (Ю.С.Худяков, Сабля багыра, 38).

Ошентип, Ю.С.Худяков кыргыздар Енисейге көчүп келишкенге чейин 8 кылым бою Тянь-Шанда жашап турушкан жана жужандардын тушунда Енисейге көчүрүлгөн деген пикирди карманат.

Албетте, жогоруда каралгандай, байыркы кыргыздар жана алардын ээлеген территориясы, Енисейдеги кыргыздар, алардын Тянь-Шанда жашаган кыргыздар менен карым-катышы ж.б. тууралуу ар кандай версиялар, божомолдор бар. Кыргыз

илимпоздорунун алдыдагы милдети – тарыхый фактылар, археологиялык табылгалар, байыркы жазуулар боюнча лингвистикалык иликтөөлөрдүн жыйынтыктарына таянылган илимий версияны берүү.

## ТАШТЫК МАДАНИЯТЫ ЖАНА КЫРГЫЗДАР

Ошентип, байыркы кыргыздардын Енисейде жашашкандыгы тууралуу бардык эле жазма булактарда маалымдалат. Алардан Миң-Суу ойдуңунда таштык маданиятынын эстеликтери, таштан жасалган дөбө-саганалар («курганы-склепы»), топурак көрүстөндөр, эскерме моло таштар, аскалардагы чекме сүрөттөр, колодон, темирден, керамикадан, жыгачтан, сөөктөн жасалган көптөгөн предметтер калгандыгы да белгиленип келет.

А.Н.Бернштамдын пикири боюнча, таштык маданиятындагы эстеликтер ошол мезгилдеги кыргыздардын маданиятын мүнөздөйт.

**ТАШТЫК МАДАНИЯТЫ (Таштыкская культура)** (Б.Урстанбеков, Т.Чороев тарабынан түзүлгөн сөздүк боюнча) – Ортоңку Эне-Сайдагы темир кылымына таандык археологиялык маданият. Б.з.ч. 1 – б.з. 5-к-н камтыйт. Бул маданиятка таандык алгачкы мүрзө Түштүк Сибирдеги Таштык өзөнүнүн атынан аталган. Бул маданиятка тиешелүү эстеликтерге негизинен мүрзөлөр ж-а андагы буюмдар кирет. Т.м. таандык калк дыйканчылык жана мал чарбачылык м-н кесип кылышкан. Сугат өнүккөн, буурсун колдонулган, жылкы, кой, уй, бугу багышкан. Жоокерлери темир зоот кийишкен (Аталган сөздүк, 168-б.).

Түзүүчүлөрдүн маалыматы боюнча Таштык маданияты европеиддик (*сөздүктө ушундай берилген – Г. Ж.*) расанын да,

---

[1] С.В.Киселев. Древняя история Южной Сибири // Материалы и исследования по археологии СССР. – М., Л., 1949. № 9, 264–265-бб.; Л.Р. Кызласов. История Южной Сибири в средние века. – М., 1964, 15–17-бб.

монголоиддик расанын да белгилери бар байыркы кыргыздарга (гяньгунь) таандык болгон (168).

Бул маалымат кыргыздардын борбордук азиялык уруулар менен аралашып, монголоиддик түспөлгө да ээ боло баштакандыгынан кабар берет. Демек, ошол мезгилде кыргыздардын түспөлү европеоиддик[1] да, монголоиддик да болгон.

Таштык маданиятындагы эстеликтер – үстү жагынан анча байкалбаган чоң, бир кишилик мүрзөлөр. Мүрзөлөрдүн тереңдиги 1,5 *м* ден 4 *м* чейин, ичи жыгач менен мыктылап капталган, ал түгүл жыгач төшөлгөн учурлары да кездешет. Мындай мүрзөлөрдө адатта бир, айрым учурларда үчтөн өлүк көмүлгөн.

Таштык этабындагы эстеликтердин мүнөздүү өзгөчөлүгү – «частое наличие мумифицированных трупов с гипсовыми масками на лице»[2]. Маскалар көбүнчө боёлгон. Өлүктөрдүн жанында териден, чөптөн, кездемеден (көбүнчө кытай жибегинен) жасалган куурчактар коюлган. Ошондой эле керамикадан (иштелген техникасы боюнча миңсуу дөбө маданиятындагыдай, бирок мурун белгисиз болгон орнаменттери менен («арочный и спиральный») буюмдар бар. Ошондой эле таштык тибиндеги жыгачтан жасалган көптөгөн буюмдар өзгөчө эң ири Оглахтин көрүстөнүндө кездешет. А.Н.Бернштам мына ушул көрүстөндөгү материалдар аркылуу байыркы кыргыздардын жашоо-турмушундагы айрым белгилерди түзүп чыгууга болот («конструировать») деп эсептейт (173).

Бул доордо кыргыздарда дыйканчылык өнүгүүгө ээ болот, ошону менен бирге эле мал чарбачылыгы да өзүнүн маанисин жоготпой, отуруктакан чарба менен кошо жашоосун улантат. Кыргыздардын отуруктушуусунун мисалы катары калктын узак убакытка жашагандыгын билдирген абдан кеңири жайылган көрүстөн талаалары, мүрзөлөрдө жыгач курулуш-

---

[1] **Европеоидный**: **европеоидная раса** *антроп.* европеоид расасы. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И, 2012, 512-б.

[2] *С. Теплоухов.* Опыт классификации… 51-б.

тарды эске салган жыгач көтөрмөлөр («срубы»[1]), ошондой эле таруунун дандары жана кол соконун темир учтары («зерен проса и железные наконечники[2] мотыг») эсептелет (173). Анча мынча формада болсо да соко менен иштелген дыйканчылык да («плужное[3] земледелие») болгон деп болжолдонот.

Бул доордо мал чарбачылыгында негизинен кой багуу басымдуулук кылган. Эмгек куралдарын жана зер буюмдарды жасоодо темир кеңири колдонулган. Ошондой эле темирден жасалган үзөңгүлөр жана курал-жарактар кеңири тараган. Мындан тышкары кол өнөрчүлүгүнүн өнүгүшү жыгач, тери, жүндөн жасалган буюмдардан, абдан жука жасалган гипс маскаларынан көрүнгөн.

Аталган доордо алмашуу (обмен) үзгүлтүксүз болгон деп болжолдонот, бул кытай буюмдарынын (күзгү, монета, өзгөчө кездемелер) табылышынан белгилүү болгон (173).

Бул маалыматтар кыргыздарда дыйканчылык кадимкидей өнүгүүгө ээ болгондугун жана ошону менен катар эле мал чарбачылыгы да өнүккөндүгүн айтып турат. Мындай жашоо кыргыздардын кол өнөрчүлүгүнө да таасирин тийгизген. Тактап айтканда, темирден дыйканчылыкка керектүү шаймандар (мисалы, соконун темир миздери ж.б.) жасала баштаган. Албетте, товар алмашуу өнүккөн. Кыргыздар темирден, жүндөн, териден ж.б. жасалган буюмдарды кездемелерге, моноталарга ж.б. алмашышкан.

**I–IV кылымдардагы түрк тили тууралуу.** Дегеле, I–IV кылымдардагы Чыгыш Азия элдеринин тилинин мүнөзү жөнүндөгү маселе, В.В.Бартольд белгилегендей, акыркы мезгилдерге чейин эле ачык бойдон калууда, анткени илимде аларга тиешелүү реалдуу эстеликтер жок[4]. Ал эми кытай транскрипциясындагы айрым сөздөр, жеке аттар же титулдар аркылуу байыркы түрк тилин так мүнөздөө мүмкүн эмес.

---

[1] **Сруб** *м* 3. кереге, көтөрмө. Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я, 2012, 235-б.

[2] Наконечники м уч (бир нерсенин учуна кийгизүү, сайып коюу үчүн керектелүүчү бөлүк). Орусча-кыргызча сөздүк К–О, 2012, 369-б.

[3] **Плужн/ый -ая**, **-ое** соконун, соко… соко менен иштеле турган. Орусча-кыргызча сөздүк. П–Р, 2012, 114-б.

[4] *Н.А.Баскаков.* 1960, 33-б.

## БАЙЫРКЫ ТҮРК ДООРУ, ТҮРК ДООРУНДАГЫ КЫРГЫЗДАР

**Түрк доору.** Түрк тилдеринин өнүгүшүндөгү кийинки (үчүнчү) этап – байыркы түрк доору болуп саналат. IV кылымдын башталышында түрк урууларынын активдешүүсү башталган. Енисей суусунун башкы жана ортоңку агымындагы Алтайга чейинки, Байкалдын алдындагы (Прибайкалье) жана азыркы Тыванын түштүк бөлүгүндөгү территорияда ар түрдүү этностук группалардын орун которуштуруусу болуп, бири келип, бири кетип, башкаруучу уруулардын улам алмашып турганына карабастан, алардын ортосундагы биринен-бирине өтүүчү маданий жана тилдик байланыш сакталган. Группалардын тилдин тектештиги боюнча биригүүсү жана калыптануусу өзүнөн өзү эле боло койгон эмес, бул түрк элдеринин тарыхый аренада пайда болушунан бир топ мурун эле башталган. Эгерде Борбордук Азияда түрк доорунун башталышы VI кылымга таандык деп эсептелсе, бул түрк уруулары ушул мезгилде түзүлгөн экен дегендик эмес[1].

И.А.Батманов, З.Б.Арагачи жана Г.Ф.Бабушкиндин маалыматтарында Енисей суусунун боюнда жашаган айрым уруулар самодий этностук элементтерин өздөрүнө сиңиришкен. Көптөгөн түрк уруулары IV кылымга чейин жужандардын протекторатынын (аварлар, обрлар («обров») алдында болушкан, IV кылымдын аягында алар алтайлык урууларга[2] кезигишкен, андан соң согуштук-саясий уруулук союз түзүшкөн жана алардын башында каган турган.

Кытай маалымат булактарында түрк уруулары VI кылымдын башында Алтай менен Сыр-Дарыянын ортосуна, ал эми византиялыктардын маалыматы боюнча – Азовдун алдына (Приазовья) чейин жетишкендиги айтылат. VI кылымдын ортосунда алар жужандардын үстөмдүгүнөн, кийинчерээк авар-

---

[1] *И.А.Батманов, З.Б.Арагачи, Г.Ф.Бабушкин.* Современная и древняя Енисеика. Изд-во АН Кирг ССР. – Ф., 1962, 5-б.

[2] Алтайлык уруулар – бул Алтайда негизделген Ашина уруусунун тегерегине топтолгон түрк уруулары.

лардын бийлигинен бошонушкан жана өз алдынча каганат түзүшкөн (Аталган эмгекте, 6). Бул Түрк каганаты болгон.

**Түрк империясынын жаралышы.** Түрктөрдүн тарыхы 430-жылдардан башталат. Ушул мезгилде Кытайда биринчи жолу аталган элдин элчилиги ачылат. Жужандарга багынган жана Алтайда жашаган бул элге кытайлыктар кандайча көңүл буруп калгандыгы түшүнүксүз дейт Л.Н.Гумилев. Ал эми ашина уруусу 439-жылдан баштап Алтайда негизделген, ал Хэсидеги эң ири уруу болгон жана айланасына анын тегерегиндеги уруулар баш кошушкан. VI кылымдын ортосуна чейин алар жужандардын бийлиги астында болгон.

546-жылы түрктөрдүн биринчи ханы Түмөн (Тумынь) өзүнүн сюзерени[1] жужан ханы Анахуанга каршы согушуп жаткан уйгурларды талкалап, өзүнүн аймагына 50 миң түтүн уйгурларды[2] кошуп алган. Ал хан Анахуандын вассалы болуп туруп, уйгурларды жеңгендигин белгилөө керек. Мындай жеңиштен эрдемсинип, «он обратился к хану Анахуаню с просьбой дать ему в жены царевну». Анахуандын терс жообу алардын ортосундагы согушка алып келген.

Бул согуштан жужандар жеңилген жана Кытайга качышкан. 555-жылы алар биротоло талкаланган. Ушул эле мезгилдин аралыгында кидандар, кыргыздар жана эфталиттер баш ийдирилген. 556-жылы Тогон мамлекети түрктөр менен эсептешүүгө аргасыз болгон. 60-жылдарда согуш Кытайда башталган, натыйжада эки түндүк империя – Ци жана Чжоу – түрктөргө көз каранды болушкан, т.а., «стали тюркскими данниками. В 571 г. поход на Иран стабилизирует границу на Джейхуне, а в 576 г. тюрки отнимают у Византии Боспор и в 582 г. вторгаются в Лазику» (Л.Н.Гумилев, Др. тюрки, 1, 124).

Албетте, бул түрк бийлигинин көтөрүлүүсүнүн эң жеткен чеги болгон. Л.Н.Гумилев бул мезгилде Түрк державасынын ичинде ыйкы-тыйкылык болбогондугун белгилейт. Ушуну өзү

---

[1] **Сюзерен** *м. ист.* сюзерен (Орто кылымдарда Батыш Европада: өзүнө көз каранды вассалдардын үстүнөн бийлик жүргүзгөн ири феодал). Орусча-кыргызча сөздүк, С–Я, 2012, 320-б.

[2] Бул кезде уйгурлар жужан ханы Анахуанга каршы күрөшүп жатышкан эле.

да алардын жеңиштеринин себептеринин бири болгон десек жаңылышпайбыз. Алар абдан биримдикте болуу менен ушундай эбегейсиз бийликке жетишишкен. Түрк уруулук союзунун ичинде башка уруулар менен кошо кыргыздар да болушкан. Албетте, алар өз көз карандысыздыгы үчүн түрктөргө каршы согушушкан. Бирок, багынууга аргасыз болушкан. Кыргыздардын аскерге жарамдуу адамдарын түрктөр согуш жортуулдарына пайдалангандыктары шексиз. Демек, кыргыздар түрк каганатынын күчтүү мамлекет болушуна өз салымдарын кошушкан деп айтууга толугу менен болот.

Түрк державасынын бийликтин бийиктигине жетишишине алардын биримдүүлүгү түздөн-түз себептердин бири болгондугу жогоруда айтылды. Кийин бул империянын ыдырашына жана кулашына аталган державанын ичинде пайда болгон ыйкы-тыйкылык, саясий жана диний карама-каршылыктар негизги себептердин бири болгон десек да жаңылышпайбыз. Булар тууралуу өз учурунда сөз болот.

**Готикалык империялар.** Варвардык империяларды К.Маркс «готикалык» деп атаган. Мындай мамлекетти түзүү оңой болгон, бирок узак мезгилге чейин сактоо кыйындыкка турган. Адатта, балдары, балдары болбосо неберелери улуу империянын бүткөн мезгилин гана көрүп калышкан. Мына ушундай готикалык империяларга Улуу Карлдын (Карл Великий), Чынгысхандын державасы жана андан мурунку саясий көчмөн уюмдардын көпчүлүгү кирген (Л.Н.Гумилев, 21). Ал эми түрк державасы кандай болгон? Төмөндө сөз мына ушул тууралуу болмокчу.

**Түрк империясы жана кыргыздар.** Ошентип, VI кылымдын аягында Ашина династиясынын улуу Түрк державасы пайда болгон.

Башка «готикалык» империялар сыяктуу эле Түрк империясы бат эле – 30 жылда максималдык кеңдикке жетип, Сары деңизден Кара деңизге чейин жайылган. Биринчи түрк хандарынын оор куралданган атчан аскерлери («тяжелая конница») начар куралданган жана жаман уюшулган коңшу көчмөндөрдү бат эле талкалап, ал түгүл «нанесла жестокие

удары даже высококультурным соседям: «Китаю, Ирану, Византии» (Л.Н.Гумилев. Древние тюрки, 21).

Түркүттөр 546-жылы уйгурларды багындырган. 552-жылы Тогон королдугуна сокку урган жана бүлүнткөн, **560-жылы** кидандарды жана **кыргыздарды өзүнө караткан** (*белгилеген – Г.Ж.*).

Ошентип, түркүттөрдүн жери чыгышта Сары деңизге чейин, ал эми батышта Жогорку Енисейге чейин жеткен. Түштүктө перстер менен союздаш болуп түркүттөр 563–567-жж. эфталиттерди талкалаган жана Аму-Дарыяга чейин жетишкен, ал эми 576-жылы Боспорду курчап алышкан. Эки жолу кол салуу менен Ци империясын эң оор салык төлөөгө мажбур кылышкан. 582-жылы Нету-Шаболо-хан 400 000 аткычтарды мобилизация кылган. 30 жылдин ичинде эле анча чоң эмес алтай уруулары Азиянын гегемону болуп калган (Л.Н.Гумилев. Древние тюрки. 1, 199).

Ошентип, Түрк каганаты аз убакытта эле Азиядагы гегемон өлкөгө айланган, ошону менен катар эле бул бийлигин абдан көп мезгилге чейин сактай алган. Б.а., түрк каганаты отуз-кырк жыл эмес, 200 жыл жашаган.

Түрк империясынын күчү эмнеде эле? Алар эмне үчүн ушундай кыска убакыттын аралыгында эбегейсиз аймакты багынтып алган?

**Түркүттөрдүн күчү – оор куралданган атчан аскерлеринде. Кыргыздар.** Түркүттөрдүн күчү – алардын оор атчан аскерлеринде эле. Анткени, түрк аскерлери башкалардан уюштуруучулук жагынан гана эмес, жаңы киргизилген оор атчан аскерлери менен да айырмаланышкан.

Туюк-Мазар деген жерден табылган статуэткалар[1] белгилери боюнча мына ушул VI–VIII кк. аскерлерге туура келет,

[1] 1932-жылы этнография музейинен Мамлекеттик Эрмитажга тапшырылган бул статуэткалар Туюк мазардан табылган. Коллекция жөө жана атчандардан турат. Кийимдери атчандарга ылайыкталган, бул «указывает на то, что пехотинец является сошедшим с коня всадником, а не особым родом войск». Алардын кийимдерин аскердик униформа деп атоого деле болбойт. Бирок башына кийгендери «островерхая шапка, сзади ниспадающая на плечи и спину». Баш кийим металл пластинкалары менен каптал-

«т.е. было тюркским по происхождению, горным, восточноазиатским по культуре, регулярным и совершавшим далекие походы» (Древние тюрки, 1, 200). Бул тууралуу Л.Н.Гумилев мындай дейт: «Это «фули» – «волки» китайских источников, непобедимая гвардия тюркских ханов. На вооружении их состояли «роговые луки со свистящими стрелами, латы[1], копья, сабли и палаши. Знамена с золотой вольчьей головой», – деген (Древние тюрки, 1, 200).

Ошентип, түркүттөрдүн аскерлери негизинен атчандардан турган. Өзгөчө оор курал-жаракчан, башынан аягына чейин соот калкандуу атчандардын («тяжелая панцирная[2] конница») атагы чыккан. Мындай отряддар «бөрүлөр» деп аталган.

Техникалык жактан мыкты куралданган түрк аскерлери башкаларга абдан коркунуч туудурган. Анткени: «Сотни тысяч стрелков из лука не могли сделать того, что сделали несколько тысяч панцирных копьеносцев». Чындыгында, алар-

---

ган. Аскерлери тик жакалуу (жакасы ээгине чейин жетет) жана узундугу шыйрагынын жарымына чейин жеткен халат кийишкен («по видимому халат был личной одежды, а не частью униформы» – Л.Н.Гумилев). Халаттын үстүнөн металл пластиналарынан панцирь кийишкен, ал тизеге чейин жеткен, белинен ичке кур менен курчалган, жеңи кыска, чыканакка жеткен эмес. Буттарында кара тактары бар сары шаровара (илбирстин териси болуу керек деп болжолдойт Л.Н.Гумилев) кызыл ашыкка чейин жетип, өтүктүн кончуна киргизилген. Аттары «крупны, с широким крупом, тонконогие, короткошеие, с тяжелой головой. Грива, расчесанная и подстриженная». Аскерлердин каштары «приподняты, глаза роскосые, прямой и низкий нос. Скулы не очень широки, но выпуклы, лица широкие. Редкие усы, висящие вниз или подкрученные, и скудная растительность на подбородке». Бир статуясында аскердин чачы артка таралган. Бул – «несомнено, монголоидный тип народности – не монгольский, но ближе стоящей к монголам». Караңыз: *Н.Гумилев.* Древние тюрки, 1, 190-б.

[1] «Латы» термини жөнүндө Л.Н.Гумилев мындай түшүндүрмө берет: «Термин «латы» – cuirasse (Жюльен) возбуждает сомнения, но китайские слово «цзя» означает вообще панцирь, а не только латы, причем в «Цы-Юань» (т.II, с. 58) указывается, что в это понятие входят различные роды вооружения; характерно что в этом описании упомянут панцирь, тогда как в описании уйгурского вооружения панцирь отсутствует». Бул маалыматты берүүдө автор төмөнкү эмгекке таянат: Собр. св., 1950, I–II, с. 251.

[2] **Панцир/ь** *м* 1. соот, калкан, чопкут; 2. калкан. Орусча-кыргызча сөздүк. П–Р, 2012, 12-б.

га теңелүү кыйын эле, оор куралчан, соотчон («панцирный») атчан аскерлер алдына келгендерди мойсоп турган.

Л.Н.Гумилев бул тууралуу мындай деген: «Конечно, ни держава жуань-жуаней представлявшая собой просто разросшуюся разбойничью банду, ни разрозненные и технически отсталые орды огоров, тюргешей, киргизов, киданей, ни миролюбивые китайские крестьяне, руководимые конфуцианскими философами, ни разложившиеся позднесасанидские войска не могли равняться с этой грозной, упорядоченной и рвавшейся к добыче армией» (Древние тюрки, 1, 201).

Ырас, бул мезгилде түрк аскерлери биримдикте болуп, күчтөнүп турган мезгили эле. Аларга эч ким тең келе албай турган мезгил эле.

Ошентип, түркүттөрдүн биримдиги, мыкты уюшула алгандыгы жана мыкты оор куралданган, соотчон атчандардан турган аскерлери алардын жеңишин камсыз кылган.

Мындай биримдик бузулганда түркүттөр да жеңилүүлөргө туш келишкен. Маселен, кийин мына ушул аскерлердин жарымын бөтөн элдик (инородец) Ли Шимин Тай-цзун аттуу адам өз жагына тартып алып, аларды башка бөлүккө каршы койгондо түркүттөрдүн артыкчылыгы жоголуп, натыйжада Чыгыш-түрк державасы кулаган (Древн.тюрки, 201).

Жогорку мисалдардан күчтүү жана биримдиктеги кошун эбегейсиз зор күчкө ээ болору жана көптөгөн жеңиштерге жетишери, ал эми алардын бөлүнүп-жарылышы жана кошундун ичиндеги ыйкы-тыйкылыктар, келишпестиктер жеңиштерди алып келбестен, бүлүнүүгө, жеңилүүгө алып келерин көрсөтүп турат.

Ошентип, адегенде эле түрк кагандары оор куралданган, соотчон атчан аскерлери менен өзүнүн тегерегиндеги начар куралданган жана начар уюшулган урууларды бат эле багындырган.

**Түрктөр – темир өндүрүүчүлөр.** Түркүттөрдүн мыкты темир өндүрүүчүлөрдөн экендигин Л.Н.Гумилев белгилейт. Ал түркүттөрдүн мурун эле V к. 439-жылы чек арада жашаган ашина уруусунун көчмөн княздарынын бири жужандарга качып барып, Алтай тоолорунун түштүк жагына жайгашып,

жужандар үчүн темир өндүрүп тургандыгын эскертет. Буга чейин темир Борбордук Азияга Кытайдан, балким Ирандан алынып келинген болсо, эми түркүттөр өздөрү өндүрө баштаган дейт Л.Н.Гумилев[1].

Түркүттөрдүн темирди мурункудай башка жактан алып келбей, өздөрү өндүрө баштагандыгы да алардын артыкчылыгы эле. Л.Н.Гумилев жогоруда сөз болгон стауэткаларда металлдан, анын ичинде темирден жасалган буюмдар негизги ролдо тургандыгын белгилейт. Түрк аскерлеринин техникалык жактан мыкты жабдылгандыгынын себеби дагы – алардын темирди өздөрү өндүргөндүгүндө болуу керек.

**Үлүштүк-баскычтык (удельная-лествичная[2]) система.** Түркүттөрдүн готикалык империялар сыяктуу аз эле убакыт бийликте турбастан, дээрлик 200 жыл бийликтин башында турушкандыгын жогоруда айткан элек.

Анан себеби эмнеде? Анын себеби, түрк кагандарынын бийликтин үлүштүк-баскычтык системасын түзгөндүгүндө эле. Бул – империянын биримдигин жана бүтүндүгүн сактоого багытталган система болгон. Бул тууралуу учурунда сөз болот.

## ТҮРК КАГАНАТЫ – КӨЧМӨН ИМПЕРИЯ (552–744-жж.)

**Биринчи түрк каганы – Бумын[3].** Ошентип, V жана VII кылымдарда түркүт[4] урууларынын турган эң чоң жана күчтүү мамлекет түзүлгөн.

---

[1] Темирден курал-жарактарды жасоодо кыргыздар белгилүү болушкан. Бул кытай жазма булактарында кездешет. Анда кыргыздар темирден курал-жарактарды жасашары жана аларды түрктөргө берип турушары, алар жасаган курал-жарактар кытайлыктарга чейин белгилүү болгондугу айтылат.

[2] Кыргызча *үлүштүк-баскычтык* система деп берилди.

[3] Н. Я. Бичуринде, А.Н.Бернштамда *Тумынь,* В.В.Бартольддо, Л.Н.Гумилевдо, Б. Урстанбеков менен Т.Чороевде – *Бумынь,* «Ханзу» жазмаларында *Тумөн* деп берилет. Биз *Бумын* деп алдык.

[4] В.В. Бартольддо түрктөр, Менгесте түркүттөр деп берилген, Л.Н.Гумилевдо түркүттөр деп берилген. Биз дагы түркүттөр деп бердик. Л.Н.Гумилев алгачкы түрк урууларын түркүттөр деп берүүнү туура деп эсептейт. Бул тууралуу сөз болот.

А.Н.Бернштамда Түрк каганаты тууралуу мындай маалыматтар орун алган. VI кылымдын ортосунан баштап, Монголиянын территориясында Түрк каганаты түзүлө баштайт. Башкача айтканда, түрк урууларынын биригүүсү 545-жылдан башталган. Бул учурда түрк уруулары жужандардын бийлиги астында эле. Алтай түрктөрү жужандарга каршы көтөрүлгөн, империянын негиздөөчүсү Бумын ушундан пайдаланып, жужандарды таптакыр талкалаган[1]. Ошентип, бийлик түркүттөргө өткөн. VI кылымда Орто Азияда жаңы көчмөн империясы пайда болгон. Бумын түркүттөрдүн биринчи каганы болгон. Бул империянын территориясы Монголиядан Кара Деңизге чейин жеткен.

**Муюй Исиги-хан (Яньду) жана кыргыздар.** VI кылымдын 80-жылдары, Яньдунун тушунда Түрк империясы аябагандай кең мейкиндикке ээ болгон жана өзүнүн курамына этностук жактан көптөгөн ар кошкон урууларды камтыган. Түрк империясынын ээлеген жерлери Хингандан Кара Деңизге чейин, Кытайдын түндүк чектеринен Енисейге чейин созулган.

Эгерде Бумын Түрк империясын негиздесе, анын уулу Муюй (же Яньду) өзүнүн согуштук жеңиштери менен Түрк каганатынын атагын чыгарган. Муюй жужандардын акыркы каганы Дыншыцзы жетектеген жужандарды биротоло талкалаган. VI кылымдын 60-жылдарында батышта эфталиттер кыйратылган, түндүктө кыргыздар баш ийдирилген. Бул тууралуу А.Н.Бернштамда мындай маалымат бар: «На западе были разгромлены эфталиты в 60-годах VI века, а **на севере покорены кыргызы** (*белгилеген – Г. Ж.*). Силу тюркского оружия испытал и Китай, в котором рушилась в это время династия Юань-Вэй» (А.Н.Бернштам, Изб. труды, II, 254–255). Ошентип, түрктөр аябагандай күчтүү каганатка айланган.

---

[1] **БУМЫН** – каган, Түрк кагандыгынын (552–744) негиздөөчүсү. 552- ж. түрк уруулары Б-дын жетекчилиги м-н жуан-жуандарды талкалап, көчмөндөрдүн Түрк каганатын түзүшкөн. Б. 553-ж. өлгөн. Караңыз: *Б.Урстанбеков, Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы, 33-б.

[2] Бул тууралуу төмөнкү китепти караңыз: *А.Н.Бернштам.* Жужане и Тюрки. История СССР... ч. IV, стр. 87.

Ээлеген жерлери. В.В.Бартольд кытай жазма булактарына жана айрым батыш (өзгөчө византиялык) эмгектерге таянып: «VI в. произошло выступление первого по времени народа, называвшего себя турками»,[1] – дейт. Бул Алтайдан чыккан жаңы басып алуучулар, б.а., түрктөр аз убакыттын ичинде эле «Улуу океандан Кара деңизге чейин бардык элдерди өзүнө баш ийдирген» (102). Империянын негиздөөчүсү Или-хан Бумын болгон.

Түрктөрдүн башында эки бир тууган – бири, биз жогоруда белгилегендей, Бумын (Тумынь) экинчиси – Истеми (Шэдеми[2]) турган. Аталган бир туугандар Кытайдын чек арасынан тартып Византиянын жана Персиянын чек арасына чейинки бардык талааларды жана маданий аймактарды багындырышкан. Бумын чыгышта калып, ал эми Истеми батышка кеткен. Бумын 553-жылы, ал эми Истеми – 576-жылы каза болгон. Алар каза болгондон кийин алардын ордуна келген укумтукумдары башкарышкан. Тобо ханы каза болгондон кийин (581) бул империя экиге – чыгыш жана батышка бөлүнгөн. Батышынын борбору усундардын мурунку жери, б.а., Жети-Суу болгон (В.В.Бартольд, 184).

Б.Урстанбеков, Т.Чороевдин «Кыргыз тарыхы» аттуу сөздүгүндө аталган каганат тууралуу мындайча маалымат берилет: **ТҮРК КАГАНДЫГЫ (Тюркский каганат)** – 552–744-ж. Түндүк Кытай, Борбордук ж-а Орто Азия аймактарын ээлеген мамлекет. Аны Борбордук Азиядагы түрк элдерин бүт каратып алган Бумын каган 555-ж негиздеген. Т.к. 6-к-дын акыркы чейрегинде батышы Түндүк Кара деңиз боюна ж-а чыгышы Түндүк Кытайга чейинки аймактардагы чакан мамлекеттерди өзүнө караткан. 581-ж. Т.к. Батыш Түрк ж-а Чыгыш Түрк кагандыктарына бөлүнүп кеткен. Орто Азия аймагында Батыш Түрк кагандыгы, Борбордук Азияда Чыгыш Түрк кагандыгы түзүлгөн (178).

---

[1] *В.В.Бартольд.* Избр., 1996, 184-б.

[2] <аз. транскрипция – Сэдими же Шидяньми.> Караңыз: *В.В.Бартольд.* Аталган эмгекте, 184-б.; Кыргызча котормосунда Шэдеми (Истеми) деп берилет. Караңыз: Кыргыздар. 1993, II, 124-б., Которгон: Д.Сулайманкулов; Б.Урстанбеков, Т.Чороевде Истеми деп берилген. Биз да Истеми деп алдык.

Жогоруда белгиленгендей, Батышынын борбору усундардын мурунку жери, б.а., Жети-Суу болгон. В.В.Бартольддун маалыматы боюнча Жети-Суу аймагы түрктөрдүн бийлиги жүрүп турган мезгилде абдан чоң мааниге ээ болгон. Көчмөн империянын борбору катары ар түрдүү мамлекеттердин соодагерлерин өзүнө тартып турган. Өзгөчө көчмөндөргө Кытай тараптан, ошондой эле Батыш Азия тараптан келген товарлар, өзгөчө кездемелер жакшы өтүп, соодагерлер жакшы пайда көрүшкөн (184).

Түрктөрдүн аты кытай жазма булактарында Ту-Гуя же Түркүт деп берилген. Алар чоң уруу конфедерациясына биригишип, ал эки чамалаш топтон (чыгыштагысы Дун-ту-гуя, батыштагысы Син-ту-гуя) турган. VI кылымдын жарымынан VII кылымдын жарымына чейин бул топтор Борбордук Азиянын түндүгүндө Амур дарыясынан, ал тургай кээде Сары деңизден тартып Иртышка чейин үстөмдүк кылып турушкан, кийинчерээк алар өз бийлигин батышка чейин жайылтып, түштүктө Борбордук Азияны Сибирь токойлорунан ажыратып турган бийик тоо кыркаларына дейре кеткен. VI кылымда теги монгол жуан-жуандардын, кийинчерээк аварлардын бийлигинен кутулган соң түрктөрдүн күч-кубаты укмуштай ашыпташып, батыш жакка каптап чачылган. Алар Тохаристан аймагында, Аму дарыянын (грек жазма булактарында – Оксос, Авестада – Вахшу) башатында жашаган байыркы Бактриянын чегине чейин жеткен. Хорасанда сасанилер империясына кабылып, аны менен каршылашып турган. Түркүттөрдүн шоораты көп өтпөй Константинополго угулган[1].

Түрктөр мына ушундай аябагандай күчтүү, атагы дүңгүрөп турган улуу каганатты түзүшкөн. Алардын территориясы эбегейсиз зор мейкиндиктерди ээлеген.

Ушундай атактуу түрк урууларынын кыргыздар менен кандай байланышы, карым-катышы бар? Төмөндө ушул суроолорго жооп издеп көрөлү.

---

[1] *К.Г.Менгес*. Түрк элдери жана алардын тилдери. – Б., 2000, 67-б.

**Түрктөрдүн теги.** «Ханзу жазмаларында»: «Түрктөр – гундардын дагы бир тукуму, теги ашна (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) уруусунан келип чыккан. Кийин өзүнчө эл болуп кетти», – деп айтылат[1].

Н.Я.Бичуринде түрктөрдүн келип чыгышы кеңири маалымданат. Андагы маалымат боюнча Тюгу үйү, монголчо, Дулга [Тукюе] деп аталат. Батыш Европанын ориенталисттери «пренебрегли уверением китайской истории, а обратили внимание на созвучность *тюгу с тюрки*, и приняли в основание, что *монголы, известные под народным названием дулга, были тюрки; а как предки дулгаского Дома происходили из Дома хуннов, то и хунны были народ тюркского же племени»* (*китепте курсив менен берилген – Г.Ж.*) (Собр.св., 1998, I, 224).

Монголдор менен түрктөрдү мындай аралаштыруу батыш Европадагы окумуштууларда байыркы мезгилдеги Орто Азияда жашаган монгол уруусундагы элдер жөнүндө туура эмес түшүнүктөрүн туудурган дейт Н.Я.Бичурин.

Тюкуе үйүнүн бабалары «обитали от западного моря на запад и одни составляли аймак. Это и есть отдельная отрасль Дома Хунну, по прозванию Ашина» (Собр.св., 224).

«Ханзуда» да ушундай маалымат орун алган: «Түрктөрдүн ата-бабалары Батыш деңиздин оң жагында (батышында) өзүнчө бир уруу аталып келет. Гундардын дагы бир тукуму эсептелет» («Түндүк сулала тарыхы». Түрктөр. 171-бет).

Жогорудагы маалыматтар түрктөрдүн гун уруусунун тукумдарынан болорун, теги ашина уруусунан экендигин жана алар батыш деңизинин оң жагында жайгашкан өзүнчө бир аймакты түзөрүн баяндайт.

## Кыргыздардын тарыхы – түрк тарыхында

А.Левшиндин билдирүүсү боюнча кыргыздардын т.а., анык, нагыз, нукура Кыргыздар же Кара-Кыргыздардын (Жапайы Кыргыздар, Буруттар) пайда болуу мезгили түрк тары-

---

[1] *«Ханзу жазмалары»,* Жовнаама. Бул Түндүк Жое сулаласы тарыхын баяндаган китеп болуп, Таң сулаласынын Жингуан жыл санагынын 10-жылы (636-жылы) жазылып бүткөн. Шиңжаң эл басмасы, 2004, 158-б. Которгон: Кармыштегин Макелек Өмүрбай.

хынын эзелки, тээ байыркы түпкүрүнөн башталат. Левшиндин маалыматы боюнча Огуз хандын неберелеринин бири Кыргыз деп аталган. Ошондуктан кыргыздар анын тукуму болуш керек деген пикирди Абулгазы Багадур айткан. А.Левшин бул маалымат тарыхый чындык болбосо да, кыргыздардын түпкү теги кандай болгон күндө да, кыргыздар Азиядагы элдердин эң байыркыларынын бири дейт[1].

Кыргыздардын Чыңгыз хандан алда канча мурун эле күчтүү эл болгондугун, алардын ханы Урус Чыгыштын багындыруучуларына өз ыктыяры менен өткөндүгүн Абулгазы эскерип, алар Селенга жана Икар Мурань дарыяларынын ортосун мекендешкен деп болжолдогондугун Алексей Левшин маалымдайт (Китепте: Кыргыздар. 1993, II т. 253-б.).

Ошентип, жогорку маалымат боюнча нукура кыргыздардын (кара кыргыздардын) пайда болуу тарыхы түрк тарыхынын тээ байыркы түпкүрүнөн башталган жана Огуз хандын неберелеринин бири Кыргыз деп аталган. А.Левшин кыргыздар анын тукуму болуу керек деп божомолдойт.

Бул пикир – түрктөрдүн келип чыгышы тууралуу уламыштардан улам келип чыкса керек деген ой пайда болот. Анткени ал уламыштарда түрктөр менен катар эле кыргыздар да аталат (Эмгекте бул легендаларга орун берилет).

А.Н.Бернштам түрк урууларынын ичинде кыргыздар өз алдынча группа катары жашагандыгын маалымдайт.

Окумуштуунун маалыматы боюнча кытайлык Вэйшу жана Чжоушу жылнаамалары түрктөрдүн келип чыгышы тууралуу легендаларды камтыйт (А.Н.Бернштам, II, 1998, 200).

**Кыргыздар – түрктөрдүн келип чыгышы жөнүндөгү уламыштарда.** Түрк элдеринин келип чыгышы боюнча уламыштар айтылып келет. Бул уламыштардын кыргыздарга да тиешеси бар. Ошондуктан төмөндө мына ушулар тууралуу сөз козголот.

Н.Я.Бичуринде Тукюе үйү Ашина деп аталган Хунну үйүнүн бир бутагы (отрасль) деп берилген. Жогоруда айтылгандай,

---

[1] *А.Левшин.* Кыргыз-кайсактар же кыргыз-казактар тууралуу маалыматтар. Китепте: Кыргыздар, II том. – Ф., Кыргызмамбас, 1993, 252–253-бб.

алардын бабалары батыш деңиздин батышында өзүнчө аймак болуп жашашкан (Собр. св., I, Алматы, 1998, 225). Кийин бул уруу коңшу мамлекеттин башкаруучусу («владетель») тарабынан талкаланган жана кырып жок кылынган. Он жаштагы бир гана бала калган. Аскерлер (ратники) анын жаш бала экендигин көрүп, ага ырайым кылышат. Аны өлтүрбөй, колу бутун кесе чаап, чөп калың өскөн көлгө таштап коюшат. Аны карышкыр көрүп, эт менен бага баштайт. Баланын тирүү экендигин билип, коңшу мамлекеттин башкаруучусу аны өлтүрүү үчүн кайрадан адамдарды жиберет. Алар баланы карышкырдын жанынан көрүшүп, аны өлтүрө турган болушат. Мына ушул учурда, кытай жазма булактарындагы маалымат боюнча «волчица эта появилась в стране на восток от западного моря, в горах, лежащих от Гао-чан на северо-запад»[1]. Ал тоолордо үңкүр болгон, ал үңкүрдүн ичинде айланасы бир нече жүз ли болгон калың чөп өскөн жайык талаа (равнина[3]) бар эле. Үңкүрдүн төрт тарабы тоолор менен курчалган. Карышкыр бала менен ушул жерге жашынган жана 10 бала төрөгөн. Алар чоңоюп, үй-бүлө күтүп, балалуу болушат. Натыйжада, кийин алардын ар бири өз-өзүнчө урууну түзүшкөн (605-жылдан баштап). Алардын арасында Ашина да болгон. Ал эмгекте «эң улуу жөндөмдүүлүгү бар адам» («человек с великими способностями») берилет, аны падыша (государь) кылып алышкан. Ашина өзүнүн ата-тегин эстеп туруу үчүн турак-жай кылган жеринин дарбазасына карышкырдын башы тартылган тууну илип койгон. Анын уруусу акырындап бир нече жүз үй-бүлөгө көбөйгөн. Бир нече муун өткөндөн кийин Асянь-ше деген наамдагы бир киши бүт аймагы (аймак) менен үңкүрдөн чыгып, өзүн Жужан ханынын вассалы деп билдирген (Собр. св., I, Алматы, 1998, 225).

---

[1] Бул Алтай тоолорунун борбору дегенди түшүндүрөт, «т.е., узел их». Алтайдын түндүк-батыш жагында Чүй агат. Караңыз: Собр. св., I, Алматы, 1998, 224-б.

[2] **Равнина** *ж*. түз талаа, тегиздик, түзөң, өрөөн. Орусча-кыргызча сөздүк. П–Р, 2012, 500-б.

Н.Я.Бичуринде түрктөрдүн келип чыгышы тууралуу башка дагы маалыматтар бар. Ал маалымат боюнча түркүттөр Үйү гундардан түндүккө карай жайгашкан мурастык бийликти ээлөөчү Со үйүнөн тарашат. Аймактын ак сакалы («старейшина») Апанбу деп аталган. Алар 70 ага-инилүү экен. Биринчиси – Ичжини-нишыду, ал карышкырдан туулган («родился от волчицы»). Апанбу башка аги-инилери менен табиятынан акылсыз болушкан экен, ошондуктан алардын Үйү бүт бойдон жок болуптур. Ал эми Нишыдунун кереметтүү (сверхестественный) касиеттери болуптур, ал шамалды, жаанды жаадыруучу булутту («т.е. дождевые тучи») пайда кыла алчу экен. Анын эки аялы болуп, бири «была дочь духа лета, другая – дочь духа зимы». Биринчиси 4 бала төрөптүр «из коих первый превратился в Ивиса; **другой царствовал между реками Афу и Гянь, под наименованием Цигу** (*белгилеген – Г. Ж.*); третий царствовал при реке Чуси; а последний жил при горах Басычусиши. Это был старший сын» (Собр. св., Алматы, 1998, I, 226).

Мында «башкасы Афу жана Гянь сууларынын ортосунда Цигу деген ат менен падышачылык кылган» деген маалыматты – кыргыздар жөнүндөгү маалымат деп түшүнүү керек.

Демек, кыргыздар бул уламыш боюнча түрктөр менен тууган болуп эсептелет жана кыргыздар аталган уруулар «түрк уруусу» деп атала электе эле, ошондой эле түрктөрдүн башчысы Ашина пайда боло электе эле жашашкан.

Бул легенда Н.А.Аристов тарабынан эң сонун талданган. Ал Чыгыштүрк каганатын түзгөн тектеш түрк урууларынын ичинде Абакан менен Енисейдин ортосунда жашаган кыргыздар да (цигу транскрипциясы) болгондугун айткан. **Легенда боюнча цигу уруусу Енисей жана Алтайдагы түрктөргө тектеш уруу болуп** саналат (*белгилеген – Г.Ж.*).

Ушундан улам IV кылымда, т.а., «ко времени бытования легенды, – этнические связи племен Саяно-Алтая, Тянь-Шаня и Центральной Азии не только были свершившимся фактом, но приобрели характер легендарного повествования, в котором все эти племена якобы происходят от одного и того же «прародителя». **Этим общим «праотцом» было единство их**

**исторического формирования и политическая связанность, обеспеченная в прошлом ролью гуннов и сяньби»** (А.Н.Бернштам, II, 1998, 200).

Н.Я.Бичуринде Апанбу уруусу тоодо жашашкандыгы, ал жактын көп жерлери муздак шүүдүрүмдүү экендиги айтылат. Анын улуу баласы аларга жылуулук берип, элди сактап калгандыгы, ошондуктан жалпы элдин каалоосу менен аны Тукюе деген ат менен өздөрүнө башкы башчы кылып алышкандыгы айтылат. Бул – Надулу-ше (ше-шад) болгон. Анын 10 аялы болуп, бардык балдары апаларынын наамын алышкан («прозывались по дому матерей»). Ашина кичүү аялынын баласы болгон. Надулу каза болгондо анын ордуна уулдарынын бирин коюу керек болот. Ошондо бир чоң дарактын алдына келип, мындай шарт коюшкан: ким ушул дарактан бийик секирсе, ошол башчы (старейшина) болот. Кичүү болгондугуна карабай Ашина эң бийик секирген, ошондуктан агалары аны Ахянь-ше деп атап, башчы (старейшина) коюшкан (Собр. св., 1998, Алматы, I, 226).

Уламыштар ар кандай болгону менен аларда тукюе уруусунун карышкырдан келип чыгышкандыгы ар биринде кайталанат.

«Ханзу жазмаларында» да кыргыздардын аты түрктөрдүн пайда болушуна байланышкан уламыштарда эскерилет. Ушундай уламыштардын биринде түрктөрдүн теги сак элинен болгондугу айтылат, алар гундардын түндүк жагында жайгашкан. Бул элдин баш билги кишиси Абам бек болуп, 17 агаинилүү экен. Анын бирөө Игил Нишачор деп аталыптыр. Ал Бөрүдөн туулган имиш. Абам бектин калган балдары акылсыз болуп, мамлекети ойрондолот. Нишачор бөтөнчө акылдуу экен. Ал шамал чыгарып, жаан жаадыра алган экен. Анын эки аялы болуп, анын бири төрт эгиз уул төрөптүр. Ошол балдарынын бири аккуута (*китепте ушундай берилет – Г.Ж.*) айланып кеткен имиш; **бирөөсүнүн мамлекети Абакан суусу менен Кем суусунун арасында жашап, кыргыз аталыптыр** (*белгилеген – Г. Ж.*), дагы бири Чулум суусунун бойлорунда экен; дагы бирөө Башчулум тоосун жергелеп калыптыр. Бул

тоодо Абам бектин тукумдары жердешкен экен. Ал жер аябай суук, катаал келет имиш. Мына ушул уулу улуу от чыгарып, элин жылуу-жумшак багып, жалчытып койгон экен. Ошондон улам аны эл ээ тутунуп, аны түркүк этип, атагын «Түрүк» коюшуптур. Анын аты Нур Түркшад экен. Андан төрөлгөндөрдүн баары эне жагынан тек атын уруна турган болушуптур. Нур Түркшад каза болгондо анын он баласынын бирөө такка отурушу керек болот. Ошондо он бала тең бир чоң теректин түбүнө келип, мындай токтомго келишет, ким ушул чоң теректин башына мурда чыга алса, ошол такка отурат. Ашна кичүү экенине карабай, эң биринчи бакка секирип чыгат. Ошондон улам Нур-түркшад каза болгондо, Ашна такка отурган экен («Ханзу», Жовнаама, 159–160).

Жогорку уламышта да кыргыздар түрктөрдү Ашина башкарган мезгилге чейин эле, т.а., түрк уруулары уруу катары түзүлө электе бар болгондугу кабарланат. Бул маалыматта **«бирөөсүнүн мамлекети Абакан суусу менен Кем суусунун арасында жашап, кыргыз деп аталыптыр»** деп ачык эле айтылган. Маалымдалган уламыштардын мазмуну дээрлик бирдей. Баарында тең кыргыздар түрктөрдүн бир тууганы катары берилет.

Н.А.Аристов мындай уламыштын «Вэй династиясынын тарыхында» да учурагандыгын белгилейт. Анда түрк элинин бабасы (праотец) Хунн өлкөсүнүн түндүгүндө жайгашкан Со (So) аймагындагы элдин уруусунан экендиги айтылат. Анын кийинки укум-тукумдарынын бири Ичжини-нишыдунун (I-tchi – ni / sse – tou) табийгаттан тышкары, кереметтүү касиеттери бар экен. Анын эки аялы болуптур: «дочь духа лета, дочь духа зимы». Биринчи аялынан төрт уулу болгон, анын бири ак куута айланып кетет: **экинчисинин аты Ги-гу (Ki-ko) экен, ал Абу (A-pou) жана Гянь (Kien) сууларынын ортосунда мамлекетти негиздеген** (*белгилеген – Г. Ж.*); үчүнчүсү Чуси (Tchou-tche) суусунун жээгинде падышачылыкты негиздеп, ал эми төртүнчү, улуу уулу – Надулуше Басы-чуси-ши деген тоодо жашаган экен. Ал жерде жалпы түрк бабасынан келип чыккан ордо жашаган. Аталган аймак абдан суук жана ката-

ал болгондуктан, эл абдан кыйналып жашаган. Нудулуше аларды от чыгарууга үйрөткөн жана баккан. Ордонун кишилери аны башчы кылып алышкан жана «ту-киюе» деп аташкан. Тумынь – Нудулишенин урпагы болгон, ал тукиюелердин биринчи мамлекет башчысы болгон. Ал VI кылымдын биринчи жарымында Кытай менен алака кылган (Н.А.Аристов. Аталган эмгекте, 139-б).

Жогорудагы «ал Абу (A-pou) жана Гянь (Kien) сууларынын ортосунда мамлекетти негиздеген Ги-гу (Ki-ko)» деген маалыматта алардын кыргыздар экендиги айтылган эмес, бирок алардын кыргыздар экендиги түшүнүктүү болуп турат. Бул «Ханзу жазмаларындагы» «бирөөсүнүн мамлекети Абакан суусу менен Кем суусунун арасында жашап, кыргыз деп аталыптыр» деген маалыматка окшош («Ханзудагы» маалыматты караңыз). Гянь (Гянь (Kien), Кем) суусунун ар кандай аталыштары тууралуу мурунку бөлүмдөрдө сөз болгон эле. Кыргыздар ошол жерде жашашкан.

Мындан кыргыздар да гунн тукумунун бир бутагы болгон теги ашина уруусундагы түрк уруулары менен тукумдаш болуп чыгат. Ал түгүл түрк уруулары уруу катары пайда боло электе, ал түгүл Ашина такка отура электе эле кыргыздар Абакан суусу менен Кем суусунун арасында жашап, кыргыз деп аталган экен. Бул уламыштардын бардыгы түрк урууларынын тектеш экендигинен, ал эми кыргыздардын түрк уруулары деп аталган мезгилден да алда канча байыркы экендигинен кабар берет.

Ошентип, түрктөрдүн келип чыгышы тууралуу уламыштар, негизинен, бири-бирине окшош экендигин белгилөөгө болот. Бул уламыштар боюнча кыргыздар тукюелердин түрк уруулары катары түптөлө элегинде эле бар болушкан. Мындан түрк тилдүү кыргыздардын тарыхы түрк урууларынын түпкү, эзелки тарыхы менен байланыштуу деген маалыматтын чындыкка жакын экендигин көрүүгө болот. Башкача айтканда, бул уламыштар боюнча түрк тилдүү кыргыздар – тукюелердин түпкү уруулары менен эле тең катардагы, тең укуктагы урууларынын бири. Жогоруда айтылгандай, кыргыздар Ашина бийликке келе электе эле жашашкан.

Кыргыздар түрк каганатынын карамагында болгон. Түрктөрдүн согуштук жүрүштөрүнүн баяндалышында кыргыздар тууралуу маалыматтар да орун алган. Бул мезгилдеги кыргыздар тууралуу маалыматтар ошол мезгилге тиешелүү түрк жазма эстеликтеринде сакталып калган.

**Ашина беш жүз түтүнү менен Алтайда.** Адегенде тобалар Түндүк Кытайды багындырганда жеңилгендердин арасында Шэньсинин батыш жагында жайгашкан, IV кылымда кытайлыктардан хунндар жана сяньбилер тарабынан тартып алынган «Ашинанын беш жүз түтүнү» (пятьсот семейств Ашины) бар эле. Ашина Хэсини (Ордостон батышка карай, «между излучиной Хуанхэ и Наньшанем») ээлеген хунн князы Мутанга баш ийген. 439-жылы тобалар хунндарды жеңип, Хэсини Вэй империясына кошушкан, князь Ашина беш жүз түтүнү менен жужандарга качып, Алтай тоолорунун түштүк жагына жайгашышкан жана жужандарга темир өндүрүп турушкан (Л.Гумилев. Древние тюрки, 1, 231).

Бул жерде Н.Я.Бичуриндин эмгегиндеги тукюе үйү жана Ашина уруусу тууралуу төмөнкүдөй маалыматты келтире кетүүнү да туура көрөбүз. Бул маалыматта тукюе үйү Пьхинлянда көчүп жүрүшкөн ар кошкон уруулардан тургандыгы айтылат; ал Ашина деп аталган. Вэй үйүнөн чыккан император Тхай-ву (440–451) Цзюйкюяны[1] 439-жылы жок кылганда, Ашина 500 түтүн үй менен жужандарга качкан жана Алтай тоолорунун түштүк жагына жайгашып, жужандар үчүн темир өндүрүп турган (225).

Бул тексттер дегеле байыркы түрктөрдүн келип чыгышы тууралуу эмес, анын бийлөөчү уруусу (правящий клан)[2] жөнүндө гана сөз козгоп жатат.

---

[1] Түндүк Лян падышачылыгынын акыркы падышасы Цзюйкюй (433–439).

[2] *Л.Н.Гумилевдун* божомолу боюнча: «Ашина был вождем небольшой дружины, состоявшей из удальцев, почему-либо не ужившихся в многочисленных сяньбийских и хуннских княжествах». Мамлекет деп атоого мүмкүн болбой турган мындай майда согуштук биримдиктер («военные единицы» – Л.Н.Гумилев) бул мезгилдеги тынчы жок доордо, т.а. III–V кылымдарда пайда болуп жана изи калбай жоголуп турган. Караңыз: Л.Н.Гумилев. Древние тюрки, 1, 231-б.

**Түркүттөр Или-хан[1] Бумындын тушунда.** В.В.Бартольд Орхон жазмалары боюнча биринчи түрк кагандары болуп Бумынь (Буман деп да окууга болот, башка авторлордо Түмөн, Тумынь) жана Истеми эсептелет дейт.

Түмөн түрктөрдүн биринчи каганы болгон. Анын тушунда түрктөр кандай жашашкан жана кандай ири окуялар болгон?

Иль-хан[2], т.а., эл башкаруучусу Бумын – Нудулишенин урпагы жана түркүттөрдүн биринчи каганы (мамлекет башчысы) болгон.

Бумындын тушунда түрк уруулары башка көптөгөн урууларды баш ийдирип, эбегейсиз жерлерди ээлешкен. Мисалы, Н.Я.Бичуринде Бумындын тушунда түрктөр ээлеген аймак бир кыйла көбөйгөн, кебезден жасалган (хлопчатка) жана жибек кездемелерди сатып алуу үчүн чек арага (Кытайдын) келип турушкан жана Бумын «таким образом вступил в сообщение с Срединным государством»[3] – деп айтылат (Собр.св., Алматы,1998, I, 226).

«Ханзудагы» маалыматтар боюнча Бумындын[4] тушунда эли биртике жалчый баштайт. Чек арага келишип, жибек кездеме алып турушат. Түмөн Жунго (*Кытай – Г.Ж.*) менен карым-каттоо жасоону баштагысы келген. Датуңдун 11-жылы (545-жылы) Тайзу падыша элчи жиберген. 12-жылы Түмөн да элчи жиберип, мал-мүлк тартуу кылган. Түмөн телиттерди кыйратып, жоржандардан (*жужандар – Г.Ж.*) кыз алууга жуучу жиберет. Алардын башчысы жуучулардын башын алдыртып таштайт. Түмөн 11-жылы (545-жылы) Тайзу падышага жуучу жиберет, Тайзу падыша аны эп көрүп, 17-жылы 6-айда ага Вий бүлөсүнөн Ли ханыш кызды берет. Түмөн жоржандарга дүмөк салып, аларды кыйратат. Өзүн эл каган деп атайт, бул илгерки теңиркут менен барабар эле. Аялын катын деп атайт, ал илгерки канышка тең болгон («Ханзу», 161).

---

[1] *Н. Я. Бичуринде* Иль-хан, Или-хан деп да берилген.

[2] Биринчи түрк каганы Түмөн (же Бумын) Иль-хан деген титул алган. Иль-хан деген сөздүн түздөн-түз мааниси – «эл башкаруучу» («правитель народов») дегенди билдирет дейт *Л.Н.Гумилев.* Караңыз: Древние тюрки, 1, 323-б.; Собр. св., 1998, I, 231-б.

[3] Срединное государство дегенди Кытай деп түшүнүү керек.

[4] *«Ханзу жазмаларында»* Түмөн деп берилген.

Мындай маалымат Н.Я.Бичуринде да бар. Анда мындай деп айтылат. Батыш Вэй үйүнүн падышачылыгынын тушунда Да-тхундун башкаруусунун он биринчи жайында, 535, Вынь ди чет элдик Цзю-цюандык көчмөн Ань-Нопань-тону Бумын (Китепте Тумынь деп берилет) элчи кылып жиберет. Ордодогулар бизге улуу державадан элчи келди, эми биздин мамлекеттин мартабасы көтөрүлөт деп бири-бирин куттукташат. Тумынь 536-жылы «отправил посланника для представления местных произведений». Мына ушул учурда тйелестер («тйелесцы» – Н.Я.Бичуринде, «телиттер» – «Ханзуда») Жужанга каршы согуш баштапшат. Тумын өзүнүн аскерлери менен аларга капталынан кол салып, талкалап, 50 000 түтүн аймакты багындырат. Өзүнүн күчүнө жана көптүгүнө таянып «он просил брака у жужаньского государя». Анахуань аябай каарданып, мындай жооп менен чабарман жиберет: «Ты мой плавильшик[1]: как же осмелился сделать такое предложение?» (232).

Тумын дагы каарданып, чабарманды өлтүрөт: андан соң хан менен байланышты үзүп, «просил брака у западного Дома Вэй». Вынь-ди макул болуп, 551-жылы ага Чанлэ канышаны берет. Ошол жылы Вынь-ди[2] дүйнөдөн кайтат. Бумын «отправил посланника для утешения, и послал 200 голов лошадей для вспоможения в похоронах» (232).

Бул маалыматта Бумындын күчтөнүп турган кези чагылдырылат. Ал күчүнө манчыркап, жужан ханы менен кудалашууну, ошону менен мамилени чыңдоого аракет жасайт. Бул жужан ханына катуу тиет, каарданып терс жооп берет, анын пикиринде түркүттөр – эрки жок, кол алдындагы көз каранды элдер. Анахуандын терс жообу Бумынды да каардантат. Бул алардын ортосундагы согуштун башталышын шарттайт.

Бумын ушундай эле сунуш менен Вынь-диге кайрылып, андан оң жооп алат. Бул түркүттөр менен Кытай мамлекетинин ортосундагы мамилелердин жакшы өнүгүшүнө өбөлгө

---

[1] Дулганын (Тукюе) бабалары уруудан урууга Алтайдын түштүк жагында жашап, жужан ханы үчүн темир өндүрүп турушкан: ошондуктан хан «ты мой плавильный невольник» деп айткан (*Собр.св.,* 232).

[2] Вей батыш Үйүнөн (*Собр.св.,* 232).

түзөт. Алар бири-бири менен өкүлчүлүк аркылуу карым-катышта болуп турушат.

Ошентип, Бумын жужандарга каршы согушка аттанат. 552-жылы Фэй-ди падышасынын биринчи жайында, биринчи айында Бумын Жужанга аскерлерин жиберет жана Хуаймандын түндүк жагындагы жужандарды таптакыр талкалайт. Жужандардын башчысы Анахуань өзүн-өзү өлтүрөт, анын уулу Яньлочен Ци үйүнүн карамагындагы жерге качат. Калган эл Анахуандын аталаш бир тууганы Дыншуцзыны падыша кылып алышат. Мындан кийин Бумын Или-хан[1] деген наам алат; *Хан* деген байыркы Шанүй (Шаньюй) дегенди билдирет; аялын *Хатунь* деп атайт, бул байыркы *Яньчжы* дегенди билдирет. Бумын мурункудай эле Ци Үйү менен өкүлчүлүк аркылуу байланышып турат. Бумын каза болгондон кийин анын ордуна уулу Коло[2] отурган, ал Исиги-хан деген наам алган (Собр.св., 232).

Көрүнүп тургандай, бардык маалыматтарда баяндалган окуялар, негизинен, бирдей эле.

Жужандарды жеңип, түркүттөр эми өзүнүн коңшуларына каршы аракеттерди башташат. 554-жыл – княздык империяга айланган, б.а., княздыктан империя түзүлгөн жыл катары эсептелет. Түндүктө Цигу кыргыз мамлекети багындырылат (Бул тууралуу учурунда сөз болот).

Жыйынтыктап айтканда, адегенде түрк уруу башчылары жужандарга көз каранды болуп турган жана алар менен жакшы мамиледе болушкан. Жужандар күчүнө кирип турганда ортодогу мамилени чыңдоо, жакындашуу максатында кудалашуу сунушу менен түркүттөргө кайрылышкан. Андан натыйжа чыкпаган соң, алар жужандар менен байланышын үзүп, аларга кол салып, талкалап, жерлерин ээлешкен.

---

[1] *Н.Я.Бичуринден:* «По *Ганму* Тубин-хан. Или-хан зн. хан с реки Или» деп берилген (Собр.св., II. – Алматы, 232). Мындан аталган сөздүн мааниси тууралуу бирдей пикирдин жок экендигин көрөбүз.

[2] *А.Н.Бернштамда* Муюй (же Яньду) деп берилген (Избр.тр., II, 255-б.); Хандын бир туугандары (братья) жана уулдары Дэлэ деп аталган (*Собр.св.,* 232).

Бумындын тушунда түркүттөр Кытай менен жакшы мамиле курууга жетишишкен. Алардын ортосунда соода байланышы болгон. Андан тышкары ортодогу мамилелерди бекемдөө максатында Бумын кытай бийлигинин макулдугу менен кытайлык падыша кызына үйлөнгөн. Бул түркүттөр менен кытай мамилелерин бекемдеген. Алар элчилик аркылуу бири-бири менен байланышып турушкан. Ошентип, Бумындын тушунда түркүттөрдүн ээлеген жерлери кеңейип, күчтүү мамлекетке айланган.

Бул тууралуу кытай жазма булактарында да маалыматтар бар. Маселен, «Ханзу жазмаларында» түрктөр Алтай тоонун күнгөйүн мекендеп, жоржандарга будун болуп, көктөп-шактагандыгы айтылат. Түмөндүн тушуна келгенде түрктөр күчтөнүп, эл башчысы Гун теңиркутуна барабар болгон каган деген наам менен аталган, зайыбы катун делген. Түмөндүн тушунда «алардын жеринин үч бурчу деңизге (Бохайга) тирелип, түштүгү кумдак чөлгө жеткен». Башка уруктарынын кол баштагандары шад, уулдары менен инилери тегин деп аталган. Улуктарынан яабгу, кутлучор (чоро), аба, элтебер, тудун, иркин, яагунда, таркан сыяктуу 28 даражага бөлүнгөн. Бул даражалар атадан балага мурас калган, саны чектелбеген. Жасакчылары бөрү делген. Каган ордосун Отукен тоосуна тиккен. Ордо эшигинин алдына бөрү башы алтын сайма менен түшүрүлгөн туу сайылган. Чыгышты беттеп отуруу салт болгон («Ханзу», 193).

Мында да Бумындын тушунда түрк уруулары «көктөп-шактап» жакшы жашашкандыгы, алар Кытайдын чек арасына чейин келишип, алар менен соода жүргүзүшкөндүгү, түрктөрдүн ээлеген территориясы аябагандай кеңейгендиги, Кытай менен алаканын жакшыргандыгы, эл башчысы гунн шанүйүнө тете болгон каган деген наам алгандыгы айтылат.

**Муйюй-хан Кигинь (Яньду) жана Кыргыз мамлекети.** Бумындын баласы Исиги-хан деп аталган Коло Лайшань тоолорундагы Во-йе жеринин түндүк жагында Дыншуцзыны (жужандардын Анахуандан кийинки падышасы) талкалайт, көп өтпөй өзү каза болот. Анын ордуна баласы Нйету эмес, кичүү иниси Кигинь такка отурат. Ал Муюй-хан деген наам алат.

Аны дагы Яньду деп аташчу («Ханзуда» Кигинь эмес «Иркин» деп, дагы бир аты – Жанчор деп берилген). Ал мындайча сүрөттөлөт: «Лице его было около фута длиною, и притом чрезвычайно красное; глаза как стеклянные. Он был тверд, жесток, храбр и много ума не имел; // занимался только войною» (233). Ал аскерлери менен жужан ханы Дыншуцзыга барып, аны биротоло талкалайт. Дыншуцзы өзүнүн Сарайындагы калган-каткан адамдары менен батыш Вэй үйүнө качат.

Кигиндин андан аркы согуштук жортуулдары уланат. Ал башка уруулар менен кошо кыргыздарды да багынтат. Бул мындайча баяндалат: «Кигинь еще на западе разбил Иду, на востоке прогнал Кидань; **на севере покорил Цигу** (*белгилеген – Г.Ж.*) и привел в трепет все владения, лежащие за границею»[1].

Бул маалыматта Муюй-хан Кигинь башка уруулар менен кошо кыргыздарды да басып алган.

Л.Н.Гумилевдун маалыматы боюнча түркүттөр кидандарды жана кыргыздарды 560-жылы басып алган.

А.Н.Бернштам бул тууралуу мындай дейт: «...кыргызы упоминаются в качестве побежденных восточнотюркским каганом Кигинем (другие имена этого кагана Муюй и Яньду), причем, территория кыргыз фигурирует как северная граница побед восточнотюркского кагана» (Избр.тр., II, 203).

Муюй-хан Кигиндин тушунда тукюелердин ээлеген жерлери «С востока от Корейского залива на запад до западного моря до 10 000 ли, с юга от Песчанной степи на север до Северного моря[2], от пяти до шести тысяч ли, – все сие пространство земель находилось под его державою. Он сделался соперником Срединному царству. Впоследствии, соединившись с Западным Домом Вэй против Ци, доходил до Бин-чжеу» (Собр. св., 1998, I, 233).

Ошентип, Муюй-хан Кигиндин тушунда түркүттөргө кыргыздар да багынган. Алардын ээлеген жерлери болуп көрбөгөндөй кеңейген. Бул мезгилде түркүттөр батыш Вэй үйү менен биригип, Кытай менен теңтайлашып турган.

---

[1] *Н. Я. Бичуринде* мындайча түшүндүрмө берилет: «Т.е. от Великой стены на север». Соб.св., 1998, I, 233.

[2] «Т.е. далеко за Байкал к Ледовитому морю». Собр. св., 233-б.

Ушул эле маалымат «Ханзуда» төмөнкүдөй берилет.

«Ханзудагы» маалыматтар боюнча Бумын каза болгондон кийин анын баласы Кара такка отурат. Кара өзүн экинчи каган деп атайт. Ал Мура тоосунда Теңчүкөздү[1] жеңип чыккан. Ал өлөрүндө өзүнүн уулу Шатону такка отургузбай, өзүнүн иниси Иркинди[2] такка отургузат. Иркиндин дагы бир аты Жанчор[3]) экен. Ал согушту укса кубанып турчу экен. «Ханзу» жазмаларында ал алдына келгенин мойсоп салма баатыр катары сыпатталат. Ал Теңчүкөздү жеңет, батыш жагындагы абдалдарды, чыгыш жагындагы кытандарды жеңет, **түндүк жагындагы кыргыздарды (***белгилеген – Г.Ж.***) кошуп алат.** Теги чек аранын тышындагы барча мамлекеттерди коркутуп-үркүтүп, багындырат. Түрктөрдүн жери чыгыш жагы Лиявхай деңизинин батышынан тартып, батышы Ши Хай деңизине чейин узундугу түмөн чакырым келет. Түштүк жагы Чөлдүктүн түндүгүнөн, түндүк жагы Түндүк Деңизге чейин кеңдиги 5–6 миң чакырым келе турган жерлердин бардыгы түрктөргө карайт. Жунго (*Кытай – Г. Ж.*) менен теңтайлаш турган. Кийин Батыш Вий менен бирге Батыш Чиге чабуул жасап, Бин Жов аймагына жете барган («Ханзу», 176).

Ошентип, «Ханзудагы» маалыматтарда түркүттөр түндүк жагындагы кыргыздарды өзүлөрүнө кошуп алгандыгы жазылат.

Ошентип, Муюй-хан Кигиндин тушунда түркүттөр ээлеген аябагандай кең аймакта башка мамлекеттер менен кошо Кыргыз мамлекети да болгон жана түркүттөрдүн карамагына кирген.

**Түрк доорунун гүлдөгөн мезгили.** Жогоруда айтылгандай, алардын ээлеген жерлери VI кылымдын ортосунан жана VII кылымдын жарымына чейин Борбордук Азиянын түндүгүндө Аму дарыясынан, ал тургай кээде Сары деңизден тартып Иртышка чейин үстөмдүк кылып тургандыгы айтылат. Кийинчерээк түркүттөр бийлигин батышка чейин жайылтып, түш-

---

[1] *Н.Я.Бичуринде* Дыншуцзы деп берилген. Собр. св., 233-б.

[2] *Н.Я.Бичуринде* Кигинь деп берилген. Собр. св., 233-б.

[3] *Н.Я.Бичуринде* Муюй хан деп берилген. Собр. св., 233-б.

түктө Борбордук Азияны Сибирь токойлорунан ажыратып турган бийик тоо кыркаларына чейин кеткен. Ошентип, VI кылымда жужандардын, андан кийин аварлардын бийлигинен бошонгон түрктөрдүн күч-кубаты ашып-ташып, батыш тарапка карай чачылган. Алар Тохарстан аймагында, Аму дарыянын башатында жашаган байыркы Бактриянын чегине чейин жеткен. Түрк уруулары Хорасанда сасанилер империясына кабылып, аны менен каршылашып турган.

«Ханзуда» Түмөндүн тушунда түркүттөрдүн «гүлдөп-шактаганы», алардын жеринин үч бурчу деңизге (Бохайга) тирелип, түштүгү кумдак чөлгө жеткендиги» айтылат («Ханзу», 176).

К.Г.Менгестин маалыматында убакыттын өтүшү менен түркүттөр зор аймакта – азыркы Казакстандан Волгага чейинки талаада үстөмдүк кылгандыгы жана өзүнүн журтун батышка карай дагы кеңейтип, Волганын төмөнкү агымына жеткендиги баяндалат. Алар ал жерде булгарлар, хазарлар, ар түрдүү гун уруулары менен жакын мамилелешип турушкан. Хазарлар түркүттөрдүн батыш конфедерациясына кирген (67).

Жогоруда түркүттөрдүн 546-жылы уйгурларды багындыргандыгын, 552-жылы Тогон королдугуна сокку уруп, аны бүлүнткөндүгүн, 560-жылы кидандарды жана кыргыздарды багындырып, натыйжада, түркүттөрдүн жери чыгышта Сары деңизге чейин, ал эми батышта жогорку Енисейге чейин жеткендигин тууралуу айтылган эле. Ошондой эле түштүктө перстер менен союздаш болуп түркүттөр 563-567-жж. эфталиттерди талкалаган жана Аму дарыяга чейин жетишкен, ал эми 576-жылы Боспорду курчап алышкан. Эки жолку сокку менен Ци империясын өтө чоң жана басмырлоочу салык төлөөгө аргасыз кылышкан. 582-жылы Шету-Шаболо-хан[1] 400 000 аткычтарды мобилизациялаган. Ошентип, 30 жылдын ичинде анча чоң эмес алтай уруусу Азиянын гегемону болгон (Л.Н.Гумилев, Др.тюрки. 1, 199).

---

[1] *Н.Я.Бичуринде* Шаболио-хан Нйету деп берилет. Караңыз: Собр. св. – Алматы, I, 1998, 239-б. Эмгекте авторлордо кандай берилсе, ошол сакталды.

А.Н.Бернштамда да Бумындын уулу Муюй каган жужандарды биротоло талкалагандан кийин VI кылымдын 60-жылдарында батышта эфталиттерди талкалап, түндүктө кыргыздарды багындыргандыгы маалымдалат. Ал: «Силу тюркского оружия испытал и Китай, в котором рушилась в это время династия Юань-Вэй» (255), – дейт.

Ошентип, түркүттөр болуп көрбөгөндөй көтөрүлүүгө ээ болушкан.

Түркүттөрдүн бул көтөрүлүүсү тууралуу Л.Н.Гумилев мындай деген: «Они (*түркүттөр – Г. Ж.*) создали огоромную державу от Желтого до Черного моря, успешно воевали с Китаем, Ираном, Византией и терроризировали окружающие их ключевые племена, пока не погибли сами» (Др.тюрки, 89).

**Түрк-Византия дипломатиялык мамилелери.** Ошентип, түркүттөр чамгарактап, эбегейсиз жерлерди ээлеп, дүркүрөп турган. А.Н.Бернштам окумуштуулардын эмгектерине таянып, мындай маалымат берет: «Разгром Китая и торговля награбленными ценностями сильно укрепили могущество родоплеменной знати кочевников. Они захватывают в свои руки торговые пути из Китая на запад и с помощью согдийских купцов завязывают тесные торговые связи с Византией»[1]. Түрктөр[2] өздөрүнүн атаандашы болгон эфталиттерди талкалаган. Сасанилик Иран (Сасанидский Иран), көпкө болбосо дагы, түрктөр менен союздаш болгон. Көп сандаган согдулардын колониялары түрктөрдүн колунда болгон. Сооданын, ошондой эле кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүндө согдулардын колониялары[3] олуттуу роль ойногон (225).

Түрктөрдүн даңкы көп өтпөй Константинополго угулган. К.Менгестин айтуусу боюнча ал кезде Византия Хосров Ануширван башкарып турган өтө күчтүү Иран мамлекетине каршы союздаш издеп жүргөн эле. 568-жылы несторий (христиан) дининдеги Земаркос жетектеген византиялык делегация түркүттөргө жөнөтүлгөн. Делегация төрт ай жол жүрүп, Кара де-

[1] Караңыз: *А.Н.Бернштам.* Избранные труды... II, 1998, 255-б.

[2] *А.Н.Бернштамда* «түрктөр» деп берилгени сакталды.

[3] *А.Н.Бернштам.* Согдийская колонизация Семиречья. КСИИМК, вып. VI, 1940.

ңиз менен Каспий деңизин түндүк жагынан айланып өтүп, түркүттөрдүн батыштагы каганы менен Түштүк Алтайда, Эктаг жайлоосунда жолугушкан. Андан көп өтпөй эле түркүттөр өз өкүлүн Константинополго жөнөтүшкөн. Буга жооп кылып 576-жылы Византия Эктел каганга Валентинос жетектеген экинчи делегациясын жөнөткөн. Византия жазма булактары түркүттөр «скиф» менен жазылган» документ алып келишкенин эскертет, бирок ошол расмий документтин кайсы тилде, кандай мазмунда жазылгандыгы айтылбайт (К. Менгес, 7, 68-бб.).

Ошентип, Византия түркүттөр менен дипломатиялык карым-катнашта болушкан. Жогорку мисалдан улам түрктөрдүн күчөп турган маалында Түрк мамлекети менен башка мамлекеттер да эсептешип турушкандыгын белгилөөгө болот.

## Түрк коомундагы кул ээлөөчүлүк түзүлүш. Түркүттөрдүн көтөрүлүшү, кытай бийлигинин алмашуусу

**Кул ээлөөчүлүк түзүлүштүн орной башташы. Түрк коомундагы саясий кризис.** Жогоруда Сасанилик Иран (Сасанидский Иран), көпкө болбосо дагы, түрктөр менен союздаш болгондугун, көп сандаган согдулардын колониялары түрктөрдүн колунда болгондугун айткан элек. Көчмөн ак сөөктөр менен согдулук жер иштетүүчүлөрдүн жалпы кызыкчылыктарынын базасында «түрктөрдүн жана ирандыктардын бийлик төбөлдөрүнүн кызыкчылыктарынын айкалышуусу болуп өтөт». Ушундан улам Борбордук жана Орто Азияда кул ээлөөчүлүк түзүлүштүн примитивдүү формасы калыптана баштайт (А.Н.Бернштам, 225).

Борбордук жана Орто Азияда кул ээлөөчүлүк түзүлүштүн орной башташы – көчмөн элдин жашоосунда эки лагердин пайда болушуна алып келген. Биринчиси – Түрк каганаты болсо, экинчиси – оппозициялык маанайдагы катардагы көчмөндөр болгон. Түрк каганатынын башкаруучу төбөлдөрү согду шаарларынын башкаруучу катмарлары менен биримдикте болгон, ал эми оппозициялык маанайдагы көчмөндөрдүн

таянганы – катардагы көчмөндөр жана шаардык плебейлер[1] эле (225).

А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча Муюй Кигинь каза болгондон кийин (569), анын иниси Тобо-хан такка отурган. Ал өзүнөн мурунку башчылардын саясатын уланткан. Ал Түрк каганатына официалдуу түрдө буддизм динин кабыл алган (255).

Карама-каршылык VI кылымдын 80-жылдарында чегине жеткен. Түрк каганатына каршы оппозицияны Кигиндин (Муюй каган) күндөн төрөлгөн баласы Далобянь жетектеген. Анын апасынын теги начар болгондуктан жана өзү күң болгондуктан, анын баласы Далобянь мураскерлик тизмеден чийилип калган эле (А.Н.Бернштам, Изб.тр., II, 1998,255).

Төмөндө мына ушулар тууралуу сөз болмокчу.

**Арслан Тобо-хан.** Арслан Тобо-хан өзүнүн бийлигин күчтөй баштаган. Анын тушунда түркүттөр күчтүү болушкан жана байый башташкан. «Он имел намерение разгромить Срединное государство; но Двор (Дом Чжеу [Северный]) поспешил заключить с ним союз мира и родства, и ежегодно давал ему 100 000 кусков шелковых тканей. Тукюесцы, проживающие в столице, содержимы были с отличными почестями» (Собр.св., I, 1998, Алматы, 237). Алар жибектен кийим кийишкен, эт жешкен. «Дом Ци страшился их набегов и грабительств, и также истощал свои казнохранилища для платы им» (Собр.св., I, 1998, Алматы, 237-б.).

Арслан Тобо-хан Түрк каганатына официалдуу түрдө буддизм динин киргизген. Бул мындайча болгон. Ци падышачылыгында Шамынь Хой-линь деген адам болгон, ал тукюелерге колго түшкөн. Ал Тобого диний жактан таасир эткен, б.а., Ци үйү Будда мыйзамын кармангандыктан бай жана күчтүү экендигин айткан, «при сем изъяснил хану естественный порядок нравственного возмездия [буддийская карма]». Тобо-хан ага ишенип, Будда динин тутунган жана Галань (Будда храмы) курган (Собр.св., I, 1998, Алматы, 238-б).

---

[1] **Плебей** *м* 2. буржуазиялык дворяндык чөйрөдө: дворяндан эмес, төмөнкү катмардан чыккан адам. Орусча-кыргызча сөздүк. П–П, 2012, 106-б.

Ци үйү жок кылынганда анын губернатору Гао Шао-и Тобого качып барган. Тобо хан «признал Гао Шао-и государем в Ци, и приглашал к себе принявших сторону князя, под предлогом для отмщения» (Собр.св.,1998, I, 238).

Тобо-хан 578-жылы Ю-чжеуну күч менен басып алган. Ошол эле жылы кышында Тобо экинчи ирет чек арага кол салган, Цзю-цюанды курчап алган жана талап-тоноп туруп кетип калган. 579-жылы «Тобо опять просил о мире и родстве» (Собр.св., I, 1998, 238). Император ага князь Чжаонун кызын Цянь-гинь падыша кызы деген ат менен берүүнү дайындаган жана чабарманга князь Гао Шао-ини Сарайга алып келүүнү тапшырган. Буга Тобо-хан макул болбой койгон жана Бин-Чжеуга кол салган. 580-жылы ал биринчи ирет падыша кызын алып келүү үчүн элчини жиберген «с дарами и купно для принятия царевны» (Собр.св., I, 1998, 238). Бирок Гао Шао-ини Сарайга жибербей дагы кармап турган. Император бул маселе боюнча сүйлөшүү үчүн ага Хэ Жо-ини жиберген, натыйжада, Гао Шао-и «был препровожден»[1]. Тобо-хан сыркоолоп, 581-жылы каза болгон (238).

Арслан Тобо-ханга Кубандан Хинганга чейинки 8 үлүш (удель) баш ийген. Бирок аларды башкаруучулардын ортосундагы мамилелер абдан татаал болгон. 581-жылы Арслан Тобо-хан каза болгон соң, анын ордуна анын уулу Яньло (Л.Н.Гумилевдо – Амрак) такка отурган. Бирок ал көп өтпөй эле өзүнүн ордун Нйетуга[2] (Шетуга) бошотуп берген. Ал Шаболио деген ат менен белгилүү болгон (Собр.св., I, 1998, Алматы, 239; Древ. тюрки, 1, 328).

**Шаболио-хан Нйету.** Шаболио Нйету башчылык кылып турганда хандык төрт бөлүккө бөлүнгөн. Шаболио Нйету Ду-

[1] Бул тууралуу *Н.Я.Бичуринде* мындай деп айтылат: «Хэ Жо-и подкупил Тобо хана выдать Гао Шао-и, претендента на престол династии Ци. Тобо взял Шао-и с собою охотиться на южных пределах Монголии и здесь посланник [Хэ Жой] схватил Шао-и, и препроводил в Чан-ань». Караңыз: Собр.св., I, 1998. – Алматы, 238-б.

[2] Нйету (*Л.Н.Гумилевдо* – Шету деп берилген) жана Чулохоу – Кара Иссик хандын балдары болушкан.

тинь[1] тоосунун алдында жашаган. Яньло үчүнчү хан катары Дуло суусунун боюнда жашаган. Шаболио ойлонуп туруп, Далобянды Або-хан деген ат менен өзүнүн аймагын башкаруу үчүн кайра жөнөткөн (Собр.св., 239).

Шаболио абдан эр жүрөк болгондугу үчүн элдин жактоосуна ээ болгон. Түндүк көчмөн элдердин баары ага баш ийишкен. Түштүк Кытайда 581-жылы (официалдуу түрдө 589-жылы Чэнь династиясы кулаган, бирок, чындыгында, 581-жылы түндүк Чжоу жок кылынгандан кийин), **Суй династиясынын биринчи падышасы Выньди 581-жылы такка отургандан кийин, ал «очень пренебрегал им, чем северные иноземцы крайне огорчились»** (*белгилеген – Г.Ж.*). Ушул учурда Ин-чжеунун губернатору Гао- Бао-нин[2] козголоң чыгарган. Шаболио алардын аскерлерине кошулуп, алар Линь-юйчжень сепилин алышкан (Собр.св., I, 1998, 238).

Л.Н.Гумилев Гао-Бао-нин 582-жылы Суй империясына каршы чыккандыгын, анын союздаштары түркүттөр болгондугун айтып: «Обновременно его союзники тюркюты, перебросив все свои силы через Гоби, ворвались в застойный Китай», – дейт (Древние тюрки, 1, 331). Түркүттөр демилгени колго алып, «лишили китайцев возможности использовать численный перевес. Китайские пограничные войска были разбиты и укрылись за Великой стеной. Тюркюты форсировали ее через проходы Мухя и Шиминь, в Ганьсу[3], где она выстроена наиболее небрежно» (Древние тюрки, 1, 331).

Түркүттөр басып алган жерлерин талап-тоношкон. Түндүк-Батыш Кытайдын бай алты областында малдан эч нерсе калган эмес. Бирок бул талап-тоноочулук түркүттөрдүн өзүн абдан кыйын ахыбалга алып келген. Тартып алынган малдын

---

[1] Дугинь тоосу Татань жерлеринде жайгашкан. Ганьму, 581. Байыркы Татань жерлери азын Халха деп аталат. *Соб.св.* I, 1998. – Алматы, 239.

[2] Ин-чжеу чек арасынын башкаруучусу Гао Бао-нин – Ин-чжеуда суверендүү падыша (суверенный государь) болгон. Собр.св., I, 1998, 237-б.

[3] *Собр. св.,* 1950, т. I, 236-б. Жакырланган областтар азыркы Ганьсу жана Шаньси провинцияларында жайгашкан эле.

бир бөлүгү түндүккө айдалып кетип, бир бөлүгү тамак-аш катары желгенден кийин түркүттөр ачарчылыкка дуушар болушкан. Анткени бул согуштан корккон эл тоого жашынышкан, түркүттөр талаада тамак-ашсыз калышкан.

Түркүттөр менен бир эле мезгилде тогондор да 561-жылы Лянчжоуга кол салышкан, бирок алардын да мизи кайтарылган, андан ары алардын аракеттери чек арадагы кагылышуулар менен гана чектелген (Др. Тюрки, 331).

Н.Я.Бичуринде бул тууралуу мындай маалыматтар берилген.

Шаболио каршылаштарына Або жана Тань-хань менен бирге чыккан. Бирок алар талкаланып, артка качышкан. Ошол мезгилде алардын душмандары жакта ачкачылык болуп, оорулар күчөгөн, көптөгөн адамдар каза болгон.

Бул согушта Або өзүнүн баатырдыгын жана эрдигин көрсөткөн. Шаболио аны жактырбай, келери менен капысынан Абонун аймагына кол салып, талкалап, анын энесин өлтүргөн. Або өз аймагынын абалын көрүп, батышка Дату-ханга качкан. Дату (аты – Дянь-го) Абого ата жагынан бир ата өтүшкөн (двоюродный дядя по отцу) тууган эле. Дату – батыш тараптын ханы болгон. Ал Абого аскерлерин берип, чыгышка жөнөткөн. Абого анын мурунку аймагынан дагы 100 000 атчандар кошулган.

Ошентип, Дату Шаболиого каршы согуш баштаган. Аларга Шаболиого наразы болгондор кошулган. Мисалы, Шаболио Танхан-хандан анын аймагын алып, хан деген даражасын да алып койгон. Ал дагы Дату-ханга качып барган. Шаболионун ата жагынан бир ата өтүшкөн тууганы Дилэча дагы өзүнчө аймакка ээ болгон, бирок Шаболио менен каршылашып жүргөн, ошондуктан ал Абого кошулган. Або менен Шаболионун ортосундагы согуш тынымсыз болуп турган, ар бири Сарайга жардам берүүнү сурап чабармандарды жиберип турушкан. Падыша аларга жардам берүүдөн баш тарткан (Соб. св., I, 1998, Алматы, 240)

Шаболио[1] Суй династиясынан жардам суроого мажбур болгон (А.Н.Бернштам, 256).

## Түркүттөрдөгү кризистин башталышы

Бул мезгилдеги түркүттөрдүн аракети тууралуу маалыматтар түрк булактарында кездешкендигин Л.Н.Гумилев маалымдайт. Ал өзүнүн эмгегинде кагандын (Кара-Чурин Тардуш-хан) Маврикия императоруна жазган катын мисалга келтирет. Ал кат боюнча 582–583-жылдары түркүттөр Кавказ аркылуу Византияга кирүүгө аракет кылышкан, бирок ийгиликке жетишкен эмес. Тардуш-хан өзү «был на востоке, где шла война с Китаем. Участие в этой войне не принесло ему славы, и он отвел свои войска» (Древние тюрки, 1, 329).

Бул катта Тардуш-хандын 576-жылдан 583-жылга чейин Византия менен согушкандыгы айтылат, бирок ал өзү эмес, ал бул согушту башкарууну өзүнүн бир ата өтүшкөн иниси (двоюродному брату) Бури-ханга тапшырган. Л.Н.Гумилевдун пикири боюнча, катта түркүттөрдүн жеңиштери тууралуу маалыматтар калтырылып кеткен, б.а., бул жерде дипломатиялык сыпайылык сакталган (330).

Түркүттүк-византиялык согуш 584-жылы бүткөн, бирок ошол эле жылы каганатта граждандык согуш башталган. Түркүттөрдүн Крымга кол салуусу ийгиликсиз аяктаган соң, алар Кавказ менен чектелишкен. «Северная граница Лазики, или царства Эгриси, проходила по Кавказскому Хребту; Абхазия составляля часть этого царства». Л.Н.Гумилевдун пикиринде мына ушул жерлерде түркүт княздарынын согуштук аракеттери болгон, алар андан ары түштүккө кирип бара алышкан эмес болуу керек. Бул жерде 300 миң адамдын өлтүрүлгөндүгү, алардын денелери 166 км узундукта жолду бойлой жаткандыктары айтылат. Л.Н.Гумилев: «Это похоже на убийство пленных, которых отступающая армия не могла увести с собой», – дейт. Ушундан улам түркүттөрдүн Крымга жана Кав-

---

[1] Тогон ханы Куалюй Шаболионун жан жолдошу болгон. Шаболионун аялы Бэй-Чжоу Үйүнүн падыша кызы (царевна) болгон. *Л.Н.Гумилев* белгилегендей, «именно она была ниточкой, связывавшей сяньбийскую знать Северного Китая со ставкой тюркютского хана» (Древние тюрки, 1, 331).

казга жасаган согуштары ийгилик алып келген эмес деп айтууга болот. Бул тууралуу Л.Н.Гумилев: «Наступление тюркютов на Крым и Кавказ захлебнулось и война была проиграна. И в самом деле, в 558-г. Византия вернула Боспор, чем было восстановлено исходное положение», – дейт (330).

Кытайда болуп өткөн төңкөрүштөн кийин түркүттөр менен кытай бийлигинин ортосунда дипломатиялык мамилелер токтолгон. Ян Цзянь түркүттөр менен дипломатиялык мамилелерди үзгөн. Бирок, ошол эле учурда жибек менен тышкы соода жүргүзүү «сводилась основном к обмену подарками между посольствами кочевых ханов и двором императора» (331).

К.Менгес 578–588-жылдары Константинополь жана хазарлар колдогонуна карабай, түркүттөрдүн Сасанилер империясына каршы жапырыгы оңунан чыкпай калгандыгын маалымдайт (68).

Ошентип, 80-жылдарда Түрк каганатынын абдан күчтөнүп келаткан темпи басаңдаган.

Бул учурда каганаттын кризисин, биринчиден, Суй династиясынын бийликке келиши, экинчиден, Шаболио Нйетунун тушунда Або каган деген ат менен Далобяндын[1] бийликке келиши шарттаган.

Ал эми Далобянь кандайча бийликке келген?

**Або кагандын (Далобяндын) бийликке келиши**. Жогоруда айтылгандай, Шаболио Нйетунун тушунда Або каган деген ат менен Далобянь аймактарды башкаруу үчүн коюлган. Або каган Далобянь Суй династиясына каршы күрөшүүдө баатырдыкты көрсөтүп, жогорку каган Шаболиого бийлик жагынан тең келе алган абалга жеткен. Шаболио Або хандан чочулап, аны куралсыздандырып, ага каршы чыккан. Бийликсиз, куралсыз калган Або каган түндүккө Дага каганга[2] качкан. Ал жерден Або хан шаардык «плебейлердин» кыймылын жетектеген жана оппозициялык элементтер менен союзга биригип, 581–584-жылдары Шаболиого качырып кирип барган. Шабо-

---

[1] *Л.Н.Гумилевдо* Торэмен деп берилген (328-б.).

[2] Китептеги маалымат боюнча Дага каган Або каганга тууган (дядя) болот.

лио Суй династиясынан жардам суроого мажбур болгон (А.Н.Бернштам, 256).

Бул жерде эмне себептен Або хандын Шаболиого каршы чыккандыгы толук айтылган эмес. Л.Н.Гумилевдун маалыматы боюнча чалгынчы Чжан-сунь Шэн «сумел поссорить Шаболио и Або-хана» (Др.тюрки, 332). Натыйжада, Шаболио Або-хан жокто анын ордосуна кол салып, ал согушта Абохандын энеси каза болгон. Або-хан батышка Кара-Чурин Тарку-тардуш-ханга[1] качып барган. Кара-Чурин Далобянга (Л.Н.Гумилевдо Торэмен деп берилген) аскерлерди берген, ал аскерлерге дагы анын мурунку аймагынан 100 000 адам кошулган, андан тышкары аларга Турксанф (Таньхан-хань) жана Тегин-шад үлүштүк хандары кошулган. Анын иниси Чулохоу да көтөрүлүшчүлөрдүн катарында болгон, ал эми кидандар оорукта көтөрүлүш чыгарышкан (Древние тюрки, 1, 333). Албетте, мындай күчкө Шаболио туруштук бере алмак эмес. Ошондуктан ал Суй династиясынан жардам сураган.

Суй династиясы эмне үчүн Шаболиого жардам берген? Төмөндө сөз – мына ушул тууралуу.

**Шаболио, Цянь-гинь падыша кызы жана император Вынь-ди[2] (Янь Цзянь).** Шаболионун аялы Цянь-гинь падыша кызы Түндүк Чжоу үйүнөн чыккан эле. Ошондуктан 584-жылы Шаболионун аялы[3] Цянь-гинь падыша кызы падышадан (государь) ханды (*Шаболиону – Г.Ж.*) уулу катары көрүүнү суранган. Шаболио императорго ушул өтүнүч менен кат жазып, элчи жиберген. Анын катында мындай саптар бар эле: «В лето Чень[4]

---

[1] *Л.Н.Гумилевдо* батышка Кара-Чурин Тюрку-тардуш-ханга качып баргандыгы айтылат (333), А.Н.Бернштамда Або кагандын түндүккө Дада каганга (дядя) качкандыгы айтылат (256).

[2] *Л.Н.Гумилевдо* Суй үйүн негиздөөчү Ян Цзянь, император Вэньди деп берилгени сакталды. Караңыз: *Л.Н.Гумилев.* Древние тюрки, т.1, 367-б.; Н.Я. Бичуринде Выньди деп берилгени сакталды. Собр.св., I, 1998. – Алматы, 241.

[3] Шаболионун аялы Цянь-гинь падыша кызы Түндүк Чжоу үйүнөн чыккан эле, ал «просил императора признать ее своею дочерью и дать ей прозвание Ян». Император ага *Да-и* падыша кызы (Да-и царевна) деген титул берген. *Собр.св.,* I, 1998. – Алматы, 241-б.

[4] «По китайскому месяцеслову год под названием Гя-чень соответствует 584 году». *Собр.св.,* 1998, 241-б.

в десятый день девятого месяца рожденный Небом великий Тукюе, мудрейший и святейший в поднебесной Сын Неба Или Гюйлу-ше Мохе Шыболо-хан посылает грамоту императору великого Дома Суй. Мне известно сообщенное [Кайфу] прибывшим сюда страноначальником Сюй-Пьхин-хо. Император, отец моей жены, следовательно отец и мне; я муж его дочери, следовательно и сын его. Сии две стороны, хотя различны, но внутреннему чувству и справедливости составляют одно. Ныне если вдвойне сложить родственную давность, то последование сыновей и внуков и до десяти тысяч колен не пресечется. Да будет верховное Небо свидетелем, что никогда не пойду вопреки. Все овцы и лошади моего царства суть скот императора, так как его шелковые ткани суть мои. Здесь нет взаимной разности» (Собр.св., I, 1998, Алматы, 241).

Император Выньди бул сунушту кабыл алган. Ал мындай деп жооп жазган: «Сын Неба великого Дома Суй посылает грамоту Велико-Тукюескому Или Гюйлу Ше Мохэ Шаболио хану. Из полученной грамоты усматриваю твое вполне доброе расположение ко мне. Став отцом Шаболиовой супруги, ныне считаю и Шаболио своим сыном; и потому сверх обыкновенных посольств, по давнему родству, ныне особенно посылаю высшего сановника Юй Кин-цзе увидеть там дочь, и еще увидеть Шаболио» (Аталган эмгекте, 241).

Шаболио Юй Кин-цзени кабыл алган. Бул мезгилде Шаболио Дату тарабынан кысылып, бир жагынан чыгыштан кидандардан чочулап турган эле (241).

Ал эми бул учурда Далобянь каганаттын бир кыйла жерлерин тартып алган: «Ему принадлежали не только среднеазиатские владения, но также оседлые поселения Восточного Туркестана вплоть до И-ву и Кучи» (А.Н.Бернштам, Избр.тр., II, 256). Алардан Далобянь социалдык жардамды тапкан.

Бул мезгилде Ян Цзянь (Выньди) империянын бүт күчтөрүн мобилизациялаган. Бул узак убакытты талап кылган. Кытай армиясы крестьяндар менен, интеллигенция менен куралган. «Армия была малоподвижна, большая часть ее состояла из пехоты, на вооружении были боевые колесницы, а конница составляла ничтожное количество. ...Однако недостатки ар-

мии были с лихвой восполнены дипломатической службой» (Древние тюрки, 1, 332). Жогоруда Або-хандын аскерлеринин курамы тууралуу айтылган эле. Аларга туруштук берүү үчүн күчтүү армия керек болчу. Мына ушундай жагдайда дипломатиялык кызмат бул ишке кандайча пайдаланылган?

Л.Н.Гумилевдун маалыматы боюнча мурун Шаболио үлүштүк князь болуп турганда 578-жылы элчиликтеги чалгынчы Чжан-сунь-Шэндун жаа менен шамдагай аткандыгына куштар болгон, ошондо экөө жакын жолдош болуп калган эле (Древние тюрки, 1, 332). Чжан-сунь-Шэн түркүт князьдары менен болгон мына ушундай жакшы байланыштарын пайдаланып, аларды бири-бирине кайраштырган. Л.Н.Гумилев чалгынчы Чжан-сунь-Шэндун түркүт хандарынын ортосуна жаңжалдын үрөнүн сепкендигин белгилейт (332).

Натыйжада, Шаболио Або-хан жокто анын ордосун кыйраткан, бул согушта Або-хандын энеси каза болгон. Ушундан баштап Шаболио менен Або-хан бири-бирине кас душмандардан болуп калышкан.

Або-хан Шаболиого каршы күч топтогон. Алардан жеңилерин билген Шаболио Суй династиясынан жардам сураган. Кытай бийлиги менен Шаболионун ортосуна анын аялы түшкөн. Шаболионун аялы Цянь-гинь падыша кызы Түндүк Чжоу Үйүнөн эле. Бул Шаболиого Суй династиясынын жардамын камсыз кылган.

Ал эми үлүштүк (удельный) князьдардын эң күчтүүсү Кара-Чурин Тардуш-хан Кытай менен сепараттык тынчтык келишимин түзүп, өз аскерлерин Кытайдан алып чыгып кеткен[1].

Кытай армиясы Шаболиого жардамга келген. 582-жылы[2] Кытай армиясы батышта Абону талкалап, бүт согуштан түшкөн олжону Шаболиого кайтарып берген. Шаболио өзүнүн каршылаштарын жеңген.

---

[1] *Л. Н. Гумилев.* Аталган эмгекте, 332-б. Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгектин материалдарына таянган: Jilien S.Dokumentc... P. 365; *Г.Е. Грумм-Гржимайло.* Западная Монголия… С.229.

[2] *Л. Н. Гумилев.* Аталган эмгекте, 332-б. Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгектин материалдарына таянган: Бичурин (Иакинф). История Китая.

583-жылы Линтаого кол салган тогондор талкаланганды-гын, анын артынан Або-хан да кыйратылгандыгын айтып, Л.Н.Гумилев: «Победа Шаболио спасла от разгрома тюркют-скую армию», – дейт (332).

Шаболио бул жеңишине абдан кубанычта болгон, «почему в договоре положил Великую песчанную степь границею». Император Выньдинин указында мындай деп айтылган: «хотя Шаболио пред сим и заключил мир, но мы считались двумя независимыми владетелями. Теперь считаемся государем и вассалом; и конечно составляем одно тело. ...Отселе впредь в указах и ответах по делам, в отличие, не называть его по имени; супругу его Хатунь Цянь-гинь царевну из Дома Чжеу жалую прозванием Ян, повелеваю внести ее в царскую родословную книгу, и переименовать Да-и царевною; а Куханьчженя проивесть в Чжу-го, пожаловать княжеским достоинством»[1] (Собр.св., I, 1998, Алматы, 242).

Ошентип, Шаболио Кытайга вассал абалында болгон жана алардан бардык жардамдарды алып турган. Өзү болсо аларга жыл сайын салык төлөп турган.

Кытай империясынын түркүттөргө жардам берип жана аларды колдогону тууралуу А.Н.Бернштам мындай дейт: «Помощь, которую оказал Китай, была вызвана желанием получить в союзники себе наиболее близкого соседа – кочевников Шаболио, и, вместе с тем, проникнуть на территорию Средней Азии для восстановления непосредственных связей с западом» (Избр. труды, II, 256).

Шаболио 587-жылы жергиликтүү буюмдардан («из местных произведений») салык (дань) төлөө үчүн уулун жиберген жана аңчылык кылуу үчүн уруксат сураган. Бул суроосу канааттандырылган. Ал «в одинь день из своих рук убил 18 оленей, отрезал у них задки и головы, и представил Двору» (Собр.св., I, 1998, 243). Кайра келатканда Цзы-хэ-чжень сепилине келген, бул жерден анын ордосу өрттөнүп кеткен. Ал бир айдан кийин каза болгон. Анын өлүмүнүн себептери түшүнүксүз бойдон калган.

---

[1] Ань-го-гун. *Собр.св.*, I, 1998. – Алматы, 242-б.

Анын ордуна анын иниси Чулохэу Шеху-хан деген ат менен такка отурган. Падыша ага литавраны, музыканы жана тууну тартуулаган (243).

## Түрк каганатынын экиге бөлүнүшү

**Шеху-хан Чулохэу. Далобяндын жеңилиши.** Чулохэу Суй үйүнөн тууну жана литавраны[1] алгандан кийин батышка Абого каршы согушуу үчүн жөнөгөн. Душмандары Чулохэунун Кытай тараптан келген жардамчы аскерлери бар деп ойлошкон, ошондуктан алардын ичинен көпчүлүгү ага өтүп кетишкен. Ал эми Або туткунга алынган (Собр.св. I, 1998, 243).

А.Н.Бернштамдын маалыматында 584–587-жылдары кытай аскерлери Шаболионун бир тууганы Чуло Хэйдин[2] жетекчилиги менен Далобянды колго түшүрүп, ал баштаган кыймылдын таш-талканын чыгаргандыгы айтылат. Кайрадан Түрк каганатынын территориясы – Кытайдын түндүк чегинен Аму-Дарыяга чейин – түрк ак сөөктөрүнүн жана согду жер иштетүүчүлөрүнүн бийлиги ордуна келтирилген. Оппозиция кыймылы болуп өткөн жер – Бухарада «власть была снова возвращена дихканству, которое бывших участников снова превратило в своих «слуг и кедиверов»[3].

Түрк каганаты 80-жылдардагы саясий кризистен, ошондой эле 583-жылкы жазындагы ачкачылыктан зыян тарткан. Саясий кризисти жеңип чыккан Чуло Хэй түрктөрдүн экономикалык күчүн Кайра калыбына келтирүү максатында хазарлар жана Византия менен биргеликте (союзда) Иранга жортуул уюштурган.

Бирок бул согуштук жортуул аларга ийгилик алып келген эмес. Алар 588-жылы иран аскерлери тарабынан талкаланган, бул согушта Чуло Хэй өзү каза болгон. Түрктөр Иранды

[1] **Литавры** *мн.* (*ед.* **литавра** *ж*) литавра (башына булгаары оролгон таякча менен уруп ойнолуучу музыкалык аспап). Орусча-кыргызча сөздүк. 2012, К–О, 202-б.

[2] *А.Н.Бернштамда* Чуло Хэй деп берилген.

[3] Бул маалыматты берүүдө *А.Н.Бернштам* төмөнкү эмгекти пайдаланган: Нершахи. История Бухары, пер. А.Лыкошина. – Ташкент, 1897, стр. 13.

багындыра алган эмес, демек, Иран түрктөрдүн протектораты болуудан калган. Түрк урууларынын бир кыйла бөлүгү Балх жана Тохарстан территориясында калып калышкан; мисалы, Батыш түрк каганаты урууларынан – карлуктар. Ал учурда алардын негизи ордолору Чу-Или сууларынын ортосунда болгон (А.Н.Бернштам. Избр.тр., II, 1998, 256).

Ошентип, Түрк каганатындагы кризис – анын бүтүндүүлүгүнүн бүлүнүшүнө алып келген. Түркүттөр Кытайга көз каранды болууга аргасыз болгон. Түрк каганаты экиге – Чыгыш түрк каганаты, жана Батыш түрк каганатына бөлүнгөн.

**Түркүттөр жана Кытай бийлиги. Түрк каганатынын экиге бөлүнүшү.** Суй династиясынын тушунда (580–618) Кытай оңоло баштаган. «518-жылы[1] алар түркүттөрдүн урууларын талкалаган, көп өтпөй 582-жылы (же 583-жылы) Чынгызханга чейинки мезгилдин эң эле чоң талаа империясы болгон Түрк кагандыгы эки мамлекетке ажыраган. Батыш түркүттөрдүн ордосу Таласта (азыркы түштүк Казакстан), чыгыш (көк) түркүттөрдүн ордосу Түндүк Монголияда (империянын мурунку борборунда) болуп калган. Тактап айтканда, көк түркүттөрдүн бул мамлекети Орхондо жайгашып, ордосу Кара-Баласагун (кийинчерээк Кара-Корум) деп аталган», – дейт К. Менгес (68).

Н.Я.Бичуринде Тукюе үйү: «...почти при начале своем разделился на два: восточный и западный», – деген маалымат бар (Собр.св., 1998, I, 231).

Л.Н.Гумилев VI кылымдын экинчи жарымында «тюркюты, обитавшие до тех пор на склонах Хангая, захватили и восточную, и западную половины Великой степи, объединив их в одну державу. Однако уже второе поколение – дети завоевателей – раскололи Великий каганат на Восточный и Западный...», – дейт (Этносфера... 274).

**Чыгыш Түрк каганаты. Чуло-хан жана анын иниси Кат Иль-хан (Буле-ше же Хйели).** Чыгыш Тукюе үйүн 535–745-жылдарда жыйырма бир хан башкарган.

619-жыл – Чыгыш түрк каганаты жана Кытай үчүн кризистин жана бурулуштун жылы болгон (Древние тюрки, 1, 405).

---

[1] *К.Менгес.* Эмгекте 518-жыл деп жылы туура берилбей калган болуу керек, туурасы 581-жыл болуу керек. Караңыз: Аталган эмгекте, 68-б.

Л.Н.Гумилев так ушул жылы «определилась расстановка сил и неизбежность столкновения между табгачами[1] и тюркютами», – дейт (Др. тюрки, 405).

Чек арадагы табгач помещиктери түркүттөр сыяктуу эле согушчан (воинственные), чыдамкай болушкан жана «оказались гораздо более опасным противником, чем природные китайцы» (Др.тюрки, 405). Муну Чуло-хан деген титул менен такка отурган Шибир-хандын иниси түшүнгөн. Ал өзүн Суй династиясынын жактоочусу деп жарыялап, агасынын тапшыруусу менен кызматка турушкан (ставленники брата) Лян-Ши-ду жана Лю У-чжоуну колдоп, кытай «патриоту» Ван Ши-чун, Цзинчэнгуандын башкаруучусу (Лояндан түндүккө карай жайгашкан) менен жана Хэбэ, ошондой эле Шаньдун- Хэнань чек ара районун колуна кармаган Доу Гян-дэ[2] менен мамиле түзгөн (Др.тюрки, 1, 405).

Ал Суй династиясын калыбына келтирүүнү максат кылган. Ал Суй үйүнөн И-чен падыша кызына үйлөнгөн, «предоставил убежище императрице и признал за претендентом, князем Ян Чжен-дао, титул «ван» (Собр. св., I, 1998, Алматы, 250).

Суй династиясынын жактоочулары түркүт ханына келишкен жана эмигранттык өкмөт түзүшкөн, резиденциясы Шаньси-

---

[1] **ТАБГАЧ**, тамгач – Караханийлер сулалесинини айрым өкүлдөрүнө берилүүчү наам. Караханийлерде «Тамгач буура хан» сыяктуу титулдар жолугат. **Бул титул 7–8-к-да Түндүк Кытайды** (386–535-жж.) **бийлеп турган байыркы тоба (табгач) элинин атынан пайда болгон** (*белгилеген – Г.Ж.*). Кийинки кылымдарда табгач эли толук кытайлашып (ханзу элине сиңип) кеткен, ошондуктан Т. түрк элдеринде ханзу элинин мамлекетинин аты катары эскерилип калган. Орхон-Эне-Сай жазма эстеликтеринин эң байыркысы болгон Онгин эстелигинде (690-693) Т-тар түштүк тараптагы эл болгондугу баяндалат. Ал эми Күл-Тегинге арналган эстеликте (732) Т. каны жиберген бедизчилер, үй куруучулар, Исйи-Ликең тууралуу айтылат. Кийинчерээк Т. конкреттүү бир этносту гана көрсөтпөстөн, «Чыгыш аймактары» деген шарттуу географиялык аталышты да туюнтуп калгандыктан, Теңир-Тоодогу түрк кагандарынын титулу катары да колдонулуп калган. Караңыз: *Б.Урстанбеков, Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. – Ф., 1990, 166-б.

[2] Тан династиясына каршы күрөшкөн, князь Ся титулун алган көтөрүлүшчүлөрдүн башчысы (Др. тюрки, 418).

деги Датунфунун жанындагы Динсян шаарында болгон (Др. тюрки, 406).

Согуштун башталыш моменти түркүттөр үчүн оңтойлуу учур болгон. Ли Ши-минь 621-жылы эң мыкты аскерлери менен Лояндын алдында Ван Ши-чун жана Доу Гянь-дэ менен согушуп жаткан. Император да ушул моментте түркүттөр менен болгон конфликттен корккон.

Император Гаоцу (Ли Юань) баарынан да так ушундай моментте түркүттөр менен конфликттен корккон. Ошондуктан ал достук байланыш түзүү үчүн Кат Ил-ханга[1] 100 миң кесинди (кусок[2]) жибек кездеме жиберген. «Хан усмотрел в этом слабость и трусость и заключил в узилище танских послов. В ответ на это в Чанъани арестовали и бросили в тюрьму двух знатных тюркутов – Жехая и Ашидэ-тегина[3], чем дали повод к началу войны» (Др. тюрки, 413).

2 миң түркүттөрдүн жардамы менен Лю У-чжоу согуштук жортуулга жөнөгөн. Таң империясы «была зажата в клещи» (Др. тюрки, 1, 405). Лю У-чжоу түндүк Шаньсиге басып кирген (406). Ошентип, түркүттөр Шаньсиге кирип киришкен жана Май сепилин (крепость) басып алышкан. Табгач аскерлери талкаланган, аскер башчылары туткунга түшкөн (413).

Н.Я.Бичуринде Чуло-хандын кичүү иниси Були-Ше[4] 2 миң атчандары менен келип Лю Ву-чжуга Бин-чжеуда кошулгандыгы айтылат. «В продолжении трех дней он забрал в городе всех женщин и девиц, и ушел» (Собр.св., I, 1998, 251). Баш-

---

[1] *Л.Н.Гумилевдо:* «Новое китайское чтение имени Цзели принято Грумм- Гржимайло» деп жазылган. Н.Бичуринде – Хйели, Шаванндa – Hie li, Жюльенде – Kie-li; Кальгренде – iet-lji, Радловдо – Катли (кат – очень). М.Ф. Хван Кат Ил-хан деп окууну сунуш кылат. М.В.Хвандын пикири боюнча бул атты билдирген кытай иероглифи «имеют оскорбительный смысл: ищущий выгоды, выгадывающий, что отражает враждебное ему отношение» (М.Ф.Хвандын расшифровкасы). Караңыз: Древние тюрки, 1, 418-б.

[2] **Кусок** *м* 1. бөлөк-бөлөк, кесим, сындырым, бүкүлү, үзүм. Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2012, 167-б.

[3] Автор төмөнкү авторго таянат: Liu Mau-Tsai. Die chinesischen Nachrichen... S. 395, 420.

[4] *Л.Н.Гумилевдо* Бури-шад деп берилген (406).

кы башкаруучу Ли чжун-вынь[1] аны токтото албай койгон, анткени Цзюйлянь Дэлэ жардамга келген (Собр. св., I,1998, 251). Лю У-чжоу түркүттөрдүн жардамы менен Бинчжоуну[2] басып алган, бирок ошону менен анын согуштук ийгиликтери токтогон. Түркүттөр Цзинян шаарынан бардык жаштарды туткунга алышкан жана «отступили с добычей в степи» (Др. тюрки, 406).

Ал эми Тан аскерлери Лояндын алдындагы согушту жеңип алышкан. Бирок жеңилген аскерлер жаңы башчыны – Лю Хэйданы шайлап алышкан жана согушту улантышкан. Түркүттөрдүн жардамы менен көтөрүлүшчүлөр 622-жылы Шаньдунга кирип барышкан, Яймынды алышкан, Фынчжоу жана Лучжоу областтарын кыйратышкан жана 50 миң туткунду (аялдардан жана эркектерден) талаага алып кетишкен (413).

Союздаштары таштап кеткен Лю У-чжоу Ли-Ши-миндин табгачтары тарабынан 620-жылы талкаланып, түркүттөргө качып барган, түркүттөр аны өлтүрүшкөн. Бул тууралуу Л.Н.Гумилев мындай пикирин билдирет: «но те убили его, по-видимому, сочтя его сотрудничество для себя компрометантным. Ведь теперь они стали «защитниками законного правительства», и им не следовало связываться с преступником» (Др.тюрки, 1, 406).

Ли-ши-минь Ван Ши-чунду талкалаган, ага Доу Гянь-дэ жардамга келген эле, 621-жылы Лояндын тегерегинде катуу согуш болуп, натыйжада, эки полководец тең колго түшкөн. Чуло-хан болсо каза болгон.

Ошентип, бардык күчүн мобилизациялагандан кийин гана Тан аскерлери түркүттөрдүн чабуулдарын токтото алышкан. Ли-Ши-минь жана анын улуу агасы Ли Гянь-чэн бир нече чектен чыккан түркүт отряддарын талкалашкан жана алардын негизги күчүн чегинүүгө мажбур кылышкан, ошол эле

---

[1] *Л.Н.Гумилев* аны «танский правитель области» деп берген. Караңыз: Древние тюрки, 1, 406-б.

[2] Шаньсидеги Тайюань округу 607-жылдан баштап Бинчжоу генерал губернаторствосу деп аталган. *Н.Я.Бичурин.* Собрание сведений по исторической географии… С.52–53.

убакта түркүт ханына кымбат белектерди беришкен. Бул аларды жарашууга көндүрүүгө алып келген (413).

Ошентип, Чуло-хандын максаты ишке ашпай калган.

Анын уулу Юеше-ше «по причине своего слабого сложения был обойден». Дуба хандарынын кичүү иниси (младший брат ханов Дуби) Хйели-хан (Л.Н.Гумилевдо – Кат Иль-хан Тугбир)[1] деген ат менен такка отурган (ал тууралуу сөз болот).

## Көтөрүлүш.
## Яглакар уруусунун жетекчилик ролу

Түрк урууларынын ичинде да абал тынч эмес эле. Чыгыш түрк ханынын жарандарынын көпчүлүгүн Гоби чөлүнөн түндүккө көчүшкөн теле[2] уруулары түзгөн. Алардын жалпы саны, кытайлыктардын маалыматы боюнча, 100 миң адам жана 15 миң тандалган аскерлер эле (*китепте Яглакар деп берилгени сакталды – Г.Ж.*) (Древние тюрки, 1, 407).

Түркүттөр телелердин бытырандылыгынан пайдаланып, аларга оор салыктарды салышкан жана күч менен өз катарына кошуп алып турушкан. Өзгөчө мындай көрүнүш Шибир хандын[3] тушунда болгон. Ал эми Чуло-хандын тушунда уйгур, буту, тонгра жана байырку биригишип, Яглакар (Йоло-

---

[1] *Н. Я. Бичуринде* «младший брат ханов Дуби наследовал престол под наименованием Хйели-хана» деп (1998, 251), *Л.Н.Гумилевдо* «наследник Чуло-хана, его брат Кат Иль-хан Тугбир...» деп берилген (Др.тюрки, 407).

[2] Телелер жужандар менен катар жашашкан, бирок аларга эч бир жагынан окшошкон эмес. Алар Хунну империясынан эрте эле бөлүнүшкөн жана примитивдүү көчмөн турмушун, патриархалдык түзүлүшүн сакташкан. Кытайлаштыруу (китаизация) дагы аларды четтеп өткөн. Телелерде жалпы уюшкандык жок эле, ар бир 12 урууда өзүнүн уруу башчысы (старейшина) болгон. Телелер талаада көчүп-конуп жашашкан, көчкөндө бийик дөңгөлөктүү арабалар менен жүрүшкөн. Алар согушчан, эркиндикти сүйгөн, бирок уюшууга таптакыр жөндөмсүз болушкан. Телелердин укум-тукумдары – якуттар, теленгиттер, уйгурлар ж.б. Караңыз: *Л.Н.Гумилев,* Древние тюрки, 1, 222-б.

[3] Кижиндин уулу Дуги Хиби-хан деген ат менен 608-жылы такка отурган. Собр.св., 249-б.

гэ) уруусунун (кийин Уйгур каганатынын башында турган) жетекчилиги менен көтөрүлүшкөн (405).

Түркүттөр үчүн бул кыйынчылык жараткан. Алар мурункудай Кытайга таяна алышкан эмес, анткени бул мезгилде «новорожденная империя Тан получила передышку» (405).

Түркүттөр оор абалда калган. Чуло-хандын иниси – анын мураскери Кат Иль-хан Тугбир өзүнүн ордосун Хангайга көчүрүүгө аргасыз болгон, анткени чыгыш талаалары көтөрүлүшчүлөрдүн бийлиги астында калган (405).

**Уйгур биримдиги.** Көтөрүлүшкө чыккандар ордолорду түзүшкөн эмес, алар «составили союз племен, более похожий на республику, чем на монархию» (Древние тюрки, 1, 407). Көтөрүлүштү жетектеген Яглакар уруусу менен катар (параллель) эле «народ еще Шигянь-сыгиня объявил своим государем», андан кийин ушул эле жол менен бийлик анын уулу Пусага өткөн. Пуса мындай сыпатталат: «был храбр и умен», «умел травить зверей и побеждать врагов, и «родовичи, уважавшие Пусу, поставили его государем» (407).

Бул жерде аталган башчылардын «каган» дебей «падыша» («государь») деп аталгандыгына көңүл буруу керек. Бул тууралуу Л.Н.Гумилев мындай дейт: «термин «государь» в контексте источника звучит как условное обозначение лица, облеченного властью, а не соответствует термину «хаган» (Др.тюрки, 1, 407). Пусанын мураскери «хойху башчысы» деп гана аталган жана бул атоо реалдуу абалды билдирген.

Ошентип, уйгур биримдиги түркүттөрдөн айырмаланган. Л.Г.Гумилев бул тууралуу: «Мы должны рассматривать уйгурское объединение не как подобие тюркютского эля (*эль – Г.Ж.*), а как племенной союз и дальнейшую борьбу тюркютов и уйгуров интерпретировать как столкновение двух систем, имеющих диаметриально противоположные направления развития» (407).

**Түркүттөр жана уйгурлар.** Түркүттөр жана уйгурлар көчмөндүк жашоосу жагынан бири-бирине окшош болгон. Түркүттөр жана уйгурлар бир тилде сүйлөшкөн, малдары менен көчмөндүк жашоону башынан өткөрүшкөн «смотря по достатку в траве и воде». Бирок, алардын бири-биринен айырмаланышкандыгы да белгиленет.

VI–VII кк. бардык түрк урууларынын ичинен эң эле монголоиддик эл түркүттөр болушкан. Ал эми уйгурлар «были народом европеоидным, подобно своим предкам – рыжеволосым ди»[1]. Л.Н.Гумилев археологиялык материалдарга таянып: «Раскопки уйгурских погребений окончательно подтвердили европеоидность этой этнической группы»,[2] – дейт.

Түркүттөр жана уйгурлар бири-биринен мүнөздөрү боюнча да айырмаланышкан. Алар абдан согушчан болушкан, бирок түркүттөр өздөрүнүн хандарынын жана тархандарынын артынан тартип сактоо менен жүрүшкөн, ал эми телелер уюшкандыкка жөндөмдүүлүгүн көрсөтүшкөн эмес, жеңиштерден кийин ар ким өз мал оторлоткон жерлерине (кочевья) тарап кетишкен «давая врагу возможность продолжить оправиться и перестроиться. Именно это обстоятельство позволило Кат Иль-хану (Хйели-хан) долгое время игнорировать их отпадение и продолжать войну против династии Тан» (Др.тюрки, 1, 408).

## Түркүттөрдүн жеңилиши

**Хйели-хан (Кат Иль-хан). Анын жеңилиши.** Ошентип, Чулохандын ордуна такка отурган Хйели-хан[3] (Л.Гумилевдо – Кат Иль-хан) «взяв за себя И-чен царевну»[4], Суй үйүн колдогон, ошондуктан ал жыл сайын Кытайга кол салып турган. 621-жылы ал бир топ жерлерге кол салган (Собр. св., 1998, I, 252). Аны менен согушкан аскер башчылары бир дагы адамды колго түшүрө алышкан эмес.

---

[1] Караңыз: *Л.Н.Гумилев.* Аталган эмгекте, 408; Л.Н.Гумилев. Динлинская проблема. с 21.

[2] Караңыз: Аталган эмгекте, 408; М.К.Археологические экспедиции 1959 г. С. 18.

[3] *Н.Я.Бичуринде:* «Хйели-хан был братом Чуло-хану и Шиби-хану, все они были сыновьями Кижинь хана, Тули-хан был сыном Шиби-хана» деп айтылат. Собр.св., 1998, I. – Алматы, 257-б.; Н.Я.Бичуринде – Хйели-хан деп, *Л.Н.Гумилевдо* – Кат Иль-хан деп берилген (Др.тюрки, 1, 433). Биз Хйели-хан деп бердик.

[4] Падыша кыз И-чен князь Ян Хайдын кызы болгон.

Тан[1] династиясы борбордо дивизия түзгөн. Алардын саны 16 дивизияга жеткен. Алардын бир бөлүгү Сарайдын ичине, бир бөлүгү Сарайдын жанына жана борборго, бир бөлүгү шаардын дарбазасынын жанына, дагы бир бөлүгү мамлекеттик мекемелердин жанына коюлган.

621-жылдан баштап Хйели (Кат Иль-хан) кытайлыктарга улам-улам кол салып тургандыктан, алардын ортосунда дайыма согуш болуп турган. 627-жылы «отложились от хана поколения Сйеяьнто, Хойху и Баегу» (258). 629-жылы Сйеяньто мууну өзүнүн ханын жарыялаган. 630-жылы башкы (верховный) аскер башчы Ли Цзин[2] Ву-ян-лин тоосунун алдына жайгашкан жана түн ичинде Хйелиге кол салган. Хйели Я-цзикхеуга чегинген. Акырында Хйели колго түшкөн.

Бирок Кытай бийлиги Хйелиге «возвратили всех его домашних, поместили его в Тхай-пху». Ал бөлмөдө жашаган эмес, «а всегда ставил для себя орду»[3]. Ал абдан ойлуу жана кайгылуу болгон, анын көз жашы тыйылган эмес. Император аны ошол областтын (Ху-Чжеу) башкаруучусу («правитель») кылып дайындаган, бирок ал андан баш тарткан. Ал анын ордуна «помещен был в гвардии, и получил военный чин, дом и лучшие пашенные земли». 634-жылы каза болгон. Өлгөндөн кийин ага Хуан деген князь даражасы берилген (Собр. св., 1998, I, 261).

Ошентип, түркүттөр[4] жеңилген. Алардын жеңилген жылы – 630-жыл деп эсептелет. Жеңилген түркүттөрдүн бир бөлүгү Сеяньтого, калгандары Батышка (Западный край) кетишкен,

---

[1] *Н.Я.Бичуринде* Тхан деп берилген. Караңыз: Собр. св., 1998, I, 252-б.

[2] Бул тууралуу *Н.Я.Бичуринде* мындай деп айтылат: «Назначено шесть главнокомандующих со 100 000 войска под верховным начальством полководца Ли Цзин». Караңыз: Собр.св., I, 1998, 259-б.

[3] Т.е. ханский шатер или палатку. Собр. св., 1998, I, 261-б.

[4] *Л.Н.Гумилев* Пеллионун эмгегине таянып: «Пеллио восстановил звучание слова, переданного иероглифами ту-цзиу, как тюркут т.е. «тюрк» с суффиксом множественного числа монгольского языка. Ввиду того, что, что термин «тюрк» изменил свое значение, а двойное название «тюркитугю» очень громоздко, я считаю целесообразным ввести чтение «тюркут» для турок, основавших Первый Тюркский каганат», – дейт (Pelliot, 1915, отд. оттиск). *Л.Н.Гумилев.* Древние тюрки, 1, 52-б.

ошондой эле Кытайга өткөндөрдүн саны жүз миңге чейин жеткен (Собр. св., 1988, I, 261-б.).

Кытайга багынган түркүттөр тууралуу Сановник Вынь-Яньбо мындай деген: «Ныне тукюесцы поражены и уничтожены. Остальные роды пришли к нам искать спасения» (Собр.св., 1998, 262).

**Түркүттөрдүн жеңилиши Күл-Тегин жазуусунда.** Күл-Тегин жазуусунан (из малой надписи Кюль-Тегина) келтирилген акыркы үзүндү Чыгыш Түрк каганатынын тарыхына арналып, анда 630-жылы Хйели кагандын Кытайга протекторат[1] болгондугун моюнга алгандыгы жана түрктөр, чындыгында эле элүү жыл (630-жылдан баштап 680-жылга чейин) Кытайдын кол астында болгондугу айтылат (А.Н.Бернштам, Избр. тр., II, 269).

**Түркүттөрдүн жеңилиши жана андан аркы тагдыры.** Эми алардын тагдыры кандай болмок? Аларды андан ары кандай жайгаштыруу тууралуу Кеңеш болгон жана анда ар кандай пикирлер айтылган. Император ал пикирлердин ичинен Вынь Янь-бонун пикирине макул болуп «обратил внимание на земли в Шо-фан. От Ю-чжеу до Лин-чжеу учредил четыре округа: Шунь-чжеу, Ю-чжеу, Хуа-чжеу и Чан-чжеу, и составил из них губернаторства» (263). Мурунку Хйели жерлеринен чыгышта Дин-сян губернаторлугу, батышта – Юнь-чжун губернаторлугу түзүлүп, аларга бир башкаруучу коюлган. Беш жүз кишиге бир башкаруучу (старейшина) коюлуп, алардын алдында майда чиновниктер болгон. Тули-хан Шунь-чжеунун башкаруучусу болуп дайындалган.

К.Г.Менгес Суй династиясынын акыркы жылдарында Кытайда ич-ара уруш жүрүп, анда түркүттөр Суй династиясынын каршылаштарына, т.а., Тан династиясынын (618–907) бийликке келишине жардам беришкендигин, бирок Тан-Тай-Сзун түркүттөрдүн күчөп баратканынан чочулап, аларды Кытайдын ишине кийлигиштирбегенге аракет кылгандыгын, ич ара со-

[1] **Протекторат** *м полит.* протекторат 1. алсызыраак өлкөнүн формалдуу түрдө өзүнүн мамлекеттик түзүлүшүн сактоо менен күчтүү империалисттик державага көз каранды болуусу; 2. Ушундай көз карандылыктагы өлкө). Орусча-кыргызча сөздүк, П–Р, 1012, 470-б.

гуштар маалында бир жолу (624-жылы) түркүттөр Кытай ордосу Ло-Жандын өзүнө чейин кирип барышкандыгын, бирок 630-жылы кытайлардан жеңилип, аларга аргасыздан баш ийгендигин маалымдайт (68).

Ошентип, түркүттөр жеңилген. Бул тууралуу А.Н.Бернштам мындай дейт: «Китайскому государству стали они рабами со своими сильными сыновьями и со своими чистыми дочерьми. Тюркские беги сложили с себя свои тюркские титулы и, приняв, как китайские знатные беги, китайские титулы, подчинились китайскому кагану. Пятьдесят лет отдавали они ему свои труды и силы» (Избр.тр., II, 1998, 269).

**Түркүттөрдөгү «кул» (раб) түшүнүгү.** Бул жерде «кул болуу» деген сөздүн мааниси ачык эмес экендигин белгилөө керек. А.Н.Бернштам бул тууралуу мындай дейт: «Не вполне ясной остается роль рабов. Но и по этому поводу есть косвенные указания. Когда тюрки хотят выразить максимум своего социального падения, они говорят, что «стали они рабами»[1]. Ошондой эле, тескерисинче, «периоды своего подъема они характеризуют словами «наши рабы стали рабовладельцами, а наши рабыни – рабовладелицами» (Аталган эмгекте, 269).

Мына ушундай кыйыр көрсөтмөлөрдөн улам А.Н.Бернштам түрк каганатындагы экономикалык базада кулдардын (раб) ролу чоң болгондугун белгилеп, алар «представляли серьезную силу в качестве союзника оппозиционно настроенных к элю (*эль – Г.Ж.*) масс кочевников» (269) – дейт.

«Кул» деген түшүнүк бул жерде экономикалык жана саясий көз карандылык деген мааниде колдонулгандыгы ачык көрүнүп турат.

## Чыгыш Түрк каганатынын жоюлушу

Ошентип, жогоруда айтылгандай, 630-жылы Түрк каганаты менен Кытайдын согушу аяктаган. Кытай жеңип, Чыгыш түрк каганаты жоюлган. Жеңилген түркүттөр ар кайсы

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 269-б.; *П.Мелиоранский.* Памятник в честь Күл-Тегина.

жактарга тароого аргасыз болушкан. Бул тууралуу Н.Я.Бичурин: «По падении Хйелиевом из подданных его иные пошли к Сйеяньто, другие ушли в Западный край, и при всем том число поддавшихся Китаю еще простиралось до ста тысяч» – деп айтылат (261). Бирок бир кыйласы бошонуп чыгышып, Чыгыш Алтайдын тоолуу өрөөндөрүнө жашырынышкан. Аларды Ичжу-Чеби-хан деген титул алган Хубо башкарган (Л.Н.Гумилев, Древние тюрки, 1, 41).

Ал эми 630-жылдардан баштап Чеби-хан бийликке келгенче түркүттөрдө бир нече хандар болгон. Алар түздөн-түз Кытай бийлиги менен байланышта болгон. Алар кимдер эле жана алардын тагдыры кандай болгон?

Алар – Тули-хан, Хэлолу жана Иминишу Сылихан би-хан Сымо болгон. Төмөндө сөз мына ушул хандар тууралуу болмокчу. Алар түркүт элине эмне кызмат кылышкан?

**Тули-хан, Хэлолу.** Тули-хан[1] Хйелинин (Кат Иль-хандын) кичүү иниси болгон. Хйели хан болуп турганда аны «поставил правителем поколений Кидань и Мохэ. Народы восточной стороны все были под его властью» (264). Ал эми чыгыш түркүт аскердик-саясий системанын чыгыш канатында төлөстөр жашаган. Тули-хан элден салыктарды мыйзамсыз алып турган, «и подчиненные вышли из повиновения ему; по сей причине Сйеяньто, Хи и Си поддались Китаю» (264).

Хйели-хан аларга каршы аскерлерин жиберген, бирок алар талкаланган. Хйели-хан Тулини камакка алган, «наказал палкою, и по прошествии довольного времени простил его. Тули некогда лично заключил союз с государством Тхай-цзунь [ал кезде ал хан боло элек эле, князь гана болчу]». Хйели алсызданып, Тулиден жардам сураганда, ал жардам бербей койгон, ушундан улам «произошла война между ними» (Собр. св., 1998, 264).

Тули Сарайга келген. Император аны жакшы кабыл алган. «Он удостоен царского стола, получил военный чин, княжеское достоинство с 700 семейств для содержание» (264).

---

[1] *Н.Я.Бичуринде* Тули-хан, *Л.Н.Гумилевдо* – Шибоби – төлөстөрдөн ханы деп берилген. Биз Н.Я.Бичуриндин эмгегинде берилгендей Тули-хан деп бердик.

Бирок ал Бин-чжеу аркылуу Сарайга келаткан жолдо каза болгон. Анын ордун Хэлолу мурастаган.

Император Гу-чен-гунга саякат кылууну пландаган. Тулинин гвардияда кызмат өтөгөн кичүү иниси Гэшешуай "тайно условился с своими родовичами произвести бунт, отнять Хэлолу и возвратиться на север, почему и решился напасть на путевый лагерь государя» (Собр.св., 1998, 264–265). Гэшешуай бул тымызын келишим (заговор) ачылып калбасын деп кыйкырып, орто лагерди[1] (средний лагерь) ата баштаган жана бир нече кишилерди өлтүргөн. Жан сакчылар аны кармоого ашыгышкан. Хэлолу ат багуучулардын башчысын өлтүрүп, Вэй суусунан өтүп кетүү үчүн аттарды уурдаган, бирок күзөтүүгө бараткан сакчылар тарабынан кармалып, өлтүрүлгөн. Гэшешуай тоодон (Ордостон ары) ары качып кеткен[2]. Ушул окуядан кийин «чины снова представили государю, что не должно селить тукюесцев внутри Китая» (265).

Император кайгырган, Ашина Сымону Иминишу Сылибихан деген ат менен хан койгон, ага Ли ысмын берген. «Назначил ему иметь орду по северную сторону Желтой реки[3], и всех тукюесцев возвратил на прежние земли» (Собр. св., 1998, I, 265).

Ошентип, түркүттөр Кытай бийлигине вассал болгон, бирок мурунку жерлерине кайрадан ээ болушкан.

**Иминишу Сылихан би-хан Сымо.** Сымо Хйелинин (Кат Ильхандын) алыс туугандарынан болгон. Мурун Кижинь Суй үйүнө качканда Сымо анын ордуна хан болгон, Кижинь кайрылып келгенде ордун бошотуп берген. 618–626-жылдары Кытайга эки жолу элчи болуп келген. Гао-цзу анын ак пейилдүүлүгү үчүн князь даражасын берген.

Башка муундар Кытайга өтүп кетишкенде, Сымо жалгыз Хйелинин жанында калган жана аны менен кошо кармалган.

---

[1] Бул лагерде падышанын ордосу жайгашкан.

[2] Бул *Ганму* боюнча 693-жыл жайында болгон деп берилген. Караңыз: *Собр.св.,* 265-б. Бирок бул туура эмес берилип калган болуу керек, туурасы 639-жыл болуу керек, анткени мындан кийинки окуялар, т.а., Иминишу Сылихан би-хан Сымонун тушундагы окуялар 641-ж., 644-ж. болгондугу айтылат.

[3] *Н.Я.Бичуринде* «За Ордосом» деген түшүндүрмө берилген (265).

Тхай-цзунь анын ишеничтүүлүгү, туруктуулугу («считая его верным») үчүн «дал ему важный военный чин (Ю-ву-хэу-Дагянь-гюнь) и губернаторство в Хуа-чжеу с управлением бывшего Хйелиева аймака» Ал Хэ-нанда (Ордосто – Н.Я.Бичурин) жайгашкан жана княздык даражасы көтөрүлгөн (Собр. св., 1998, I, Алматы, 265).

Сымо Сйеяньтодон чочулаган жана өз аймагынан чыкпоого аракеттенген.

Ошондой эле падыша **аскер башчысы Ашина Чжунду чыгыш Чжуки князы** (*белгилеген – Г.Ж.*), аскер башчысы Ашина Нишуну батыш Чжуки князы деп атап, аларды Сымонун жардамчылары кылып дайындаган.

Сйеяньто түркүттөрдүн түндүккө көчүп келишкенин угуп, элибиз аларга ооп кетишпейби деп чочулаган.

Сымо 641-жылы 100 000 эли, 40 000 катар аскерлери («строевого войска»[1]) жана 90 000 баш аттары менен Сары деңиз аркылуу өтүп, туусун Дин-сян-чен[2] эски шаарына койгон. Бул өлкөнүн түштүгүндө чоң суу, түндүгүндө Ак жол («Белая дорога»), жайыттар кеңири, жердин кыртышы эң мыкты болгон (267).

Сымо бул жерде үч жыл жашаган, бирок өз жагына элдерди тарта албай койгон. Анын жарандарынын көпчүлүгү түндүккө кетишкен.

Ал тууралуу Н.Я.Бичуринде: «Ему совестно было; почему возвратился к Двору, и просил оставить его в корпусе телохранителей», – деп баяндалат. Бул 644-жылы (*Ганму* боюнча) болгон. Императордун артынан Ляого согушка барып жаанын огунан жарадар болгон. «Император высасывал кровь из раны; так он жалел его» (Собр.св., 1998, I, 267). Борборго келери менен каза болгон.

Ал өлгөндөн кийин Аскер палатасынын президентинин, Хя-чжеунун башкы башкаруучусунун (главноначальствующий) титулдары берилген, Чжао-лин падышалык көрүстөнүнө

---

[1] *Н.Я.Бичуринде:* «Строевое войско в числе 100 000 народа» деп берилген. 267-б.

[2] Ордостун чыгыш жагында, Хуху-хота шаарына жакын. Собр. св., 1998, I, 267.

коюлган жана сиңирген кызматтары жазылган таш эстелик коюлган.

Батыш Чжуки-князь Ашина-Нишу Кытайга өтүп кеткен. Император ага өз Үйүнөн «княжнаны» берген жана ага Чжун деген наам койгон.

Ал эми Сымо хандыктан баш тартканда калгандары Сары деңизден түштүккө өтүп, Шен-чжеу областтарына жайгашышкан.

Сымо хандыктан баш тартып, анын эли түштүккө кетишкен соң, «то Чеби-хан силою занял прежние земли его»[1].

Ал эми Чеби-хан деген ким болгон?

**Ичжу Чеби хан жана кыргыздар.** Чеби-хан Ашина уруусунан («из рода Ашина»), Тули аймагынан, аты – Хубо болгон. Н.Я.Бичуринде: «Он был наследственно малым ханом. Когда пал Хйели[2], то поколения хотели поставить Хубо государем над собою: но в это время Сйеяньто объявил себя ханом, и они поддались ему», – деп айтылат (Соб.св., I, 1998, 268).

Чеби абдан чечкиндүү болгон, ошондуктан эл анын ээрчиген. «Сйеяньто боялся его, и шел к нему, чтобы убить его. Чеби с своим народом уклонился». Бир канча миндеген атчандар анын артынан калбай «преследовали, но не могли одержать поверхности [верха]» (268).

Н.Я.Бичуринде Чебинин Алтын тоонун түндүк жагына кетип калгандыгы тууралуу мындай деп айтылат: «Чеби ушел на северную сторону Золотых гор[3]. Золотые горы с трех сторон состоят из отвесных утесов; только с четвертой есть проход, по которому можно проехать конному и на телеге. Земли ровные, и Чеби занял их. Он, имея 30 000 строевого войска объявил себя Ичжу Чеби ханом; кочевал в 10 000 ли от Чанань. **Он покорил на западе Гэлолу, на севере Гйегу** (кыргыздар) (*белгилеген – Г.Ж.*); часто выезжал для похищения людей и скота у Яньто (Собр.св., 1998, I, Алматы, 268).

---

[1] Бул жерлер: «Вдоль Великой стены между Калганом и Ордосом» деп берилген. *Собр. св.,* 1998, I, 268-б.

[2] Чуло-хандан кийин Хйели такка отурган.

[3] Т.е. Алтая, главного узла Алтайских гор. Караңыз: *Собр.св.,* I, 1998, Алматы, 268-б.

Бул маалыматтарда Чеби-хандын батышта – уйгурларды, түндүктө – кыргыздарды багындыргандыгы айтылат.

Л.Н.Гумилев «на северную сторону Золотых гор» дегенди мындайча чечмелейт: «Северные склоны Алтая покрыты лесом (чернь), и там нет возможности жить скотоводам, какими были тюркюты. Кыргызы жили на верхнем Енисее, и если бы Чеби-хан в самом деле перевалил Алтай, то они были бы от него не к северу, а к востоку. Карлуки занимали верхнее течение Иртыша и были бы от него не к западу, а к югу. То, что местность была окружена со всех сторон горами, а внутри «земли ровные», т.е. степные, показывает, что Чеби-хан занял долины Внутренного Алтая, а единственный проход туда – это Сайлюгем. Значит, основная часть владений Чеби-хана была расположена между Телецким озером и р. Катунь, но на востоке он, вероятно, владел частью бассейна Кобдо»[1] (Др. тюрки, 1, 458).

Чеби-хандын аскерлери, кытай маалыматтары боюнча, «исчислялось в 30 тыс.человек раздела толос[2], когда как южное «ханство», составленное китайцами из захваченных тюркутов, насчитывало лишь «несколко сот разоренных юрт» (Л.Н.Гумилев, Др.тюрки, 1, 41).

Бул маалымат Чеби-ханга багынган элдер дээрлик төлөстөр экендигин кабарлайт.

Л.Н.Гумилев Ашина хан уруусунун дээрлик бардык мүчөлөрү түштүктө кытайлык туткундар же душман тарапка качып өткөн адамдар абалында болуп калышкандыгын белгилейт (41).

Чеби-хан Алтайды табигый коргонуч (цитадель) катары колдонгон жана ал өзүнүн эзелтеден берки душмандары болуп эсептелген – сеяньтолуктар, Кара Иртышта жашаган карлуктар, Батыш Саяндын эңкейишинде жашаган **кыргыздар менен согушуп турган** (*белгилеген – Г.Ж.*) жана Кытай менен кагылышканга чейин ийгиликтерге ээ болушкан.

---

[1] *Грумм-Гржимайло.* Западная Монголия и Урянхайский край.т. II. – Л., 1926, 277-б.

[2] Төлөстөр деп түркүт согуштук-саясий системанын чыгыш канаты аталган. Караңыз: *Клюкин* Новые данные о племени телесов и тардушей // Вестник Дальневосточного Отдела Ан СССР. № 1–2, 1932, 97-б.; *Л.Н.Гумилев.* Древние тюрки, 1, 53-б.

Бул маалыматтар кыргыздардын Чеби-ханга багынып бере койбогондугун, алар менен согушуп турушкандыгынан кабар берет. Бул кыргыздар өздөрүнүн көз карандысыздыгы үчүн дайыма күрөшүп келишкендигин дагы бир жолу далилдейт.

**Чеби-хандын жеңилиши жана бардык чыгыш түркүттөрүнүн Кытайга вассал болушу.** Яньто күчтөн тайыганда Чебинин абалы «еще лучше сделалось» (Собр.св., I, 1998, 268). 647-жылы Чеби-хан өзүнүн уулун – Дэлэни Сарайга жиберет «для представления местных произведений[1], причем просил дозволение лично явиться к Двору» (268). Император аны кабыл алуу үчүн аскер башчыларын («военачальников») – Тьхяо- чже жана Хань Хуаны жиберген. Андан аркы окуялар Н.Я.Бичуринде мындайча баяндалат: «По прибытии их в орду Чеби пришел в затруднение, потому что он не имел желания ехать к Двору. Хань Хуа тайно условился с Гэлолу схватить его. Чеби усмотрел его. Хуа умер в драке с сыном Чебиевым Чжиби Дэлэ; Тьхяо-чже убит. Император прогневался и отправил военного сановника[2] Гао Кхань, чтоб он «с войсками ойхоров [уйгуров] пугусцев напал на Чеби» (I, 1998, Алматы, 269).

Мындай кол салууга туруштук бере албаган Чеби бир канча жүздөгөн атчандардын коштоосу менен качкан. Анын артынан Алтын тоого (Золотые горы) чейин кууп барышкан жана аны кармап, борборго алып келишкен.

Бирок Чеби «пожалован высшим военным чином и получил дом для житья», ал эми анын эли Юйдугань[3] тоосунун алдында жайгаштырылган, «а в управление поручен главноначальствующему у гор Гяньлян». Бул окуя Ганмуда 650-жыл деп берилген (269).

Ошентип, Чеби-хан жеңилген. Ошондон баштап түркүттөр Кытайдын вассалдарына айланышкан. Бул тууралуу Н.Я.Бичу-

[1] **Произведение** *ср* 2. чыгарма. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк, П–Р, 2012, 438-б.

[2] Ю-ки вэй Лан-гян. Гао Кхань отправлен в 649-году. Караңыз: *Собр.св.,* I, 1998. – Алматы, 269-б.

[3] Юйдугань тоосуна дегенди Л.Н.Гумилев Чыгыш Хангайга деп чечмелейт. Караңыз: *Л.Н.Гумилев.* Древние тюрки, 1, 41.

ринде: «Сим образом все тукюесцы сделались пограничными вассалами Китая» (269), – деп берилген.

## Түркүттөр Тай-цзундун тушунда. Тай-цзун

Ошентип, Тай-цзун императору бүткүл көчмөндөрдү багындырып, кол алдында кармап турган. Дээрлик бардык көчмөндөр ага вассал абалында болушкан. Бирок, ал аларга өз жерлеринде өз алдынча жашоосуна тоскоол болгон эмес. Бул тууралуу Л.Н.Гумилев мындай дейт: 631-жылы император Тай-цзун[1] Улуу талаанын (Великая степь) кожоюну болгон. Эгерде ал кааласа Батыш каганаттагы козголоңду (смута) пайдаланып, бүткүл Азиянын гегемону болмок. Бирок бул даанышман полководец андай кылган жок (Др. тюрки, 1, 451).

Талкаланган түркүттөрдөн башка дагы талааны көп сандаган элдер: батышта 70 миң боз үй сеяньто (кибиток сеяньто), түндүк-чыгышта 100 миң жан уйгурлар («душ уйгуров») болгон. Бардыгын талдап көрүп, Тай-цзун мындай деген: «Если мы не можем истребить их, то нам ничего не остается, кроме политики брака» (Древние тюрки, 1, 451, Собр.св., I, 339).

Жогорудагы баяндан байкалгандай, Кытай императору түркүттөргө абдан жакшы мамиле жасаган. Өзүнө каршы согушкандарды да кечирген. Бул тууралуу Л.Н.Гумилев мындай дейт: «Предоставив племенам и оазисам самоуправление и подарки, Тайцзунь приобрел в степи такой авторитет, который помог его империи справиться со всеми затруднениями, возникшими как сразу после падения Восточного каганата, так и последующие полвека» (Собр.св., I, 1998, 434).

Империяга багынган түркүттөргө карата Тай-цзундун алган чечимин да белгилөөгө болот. Түркүттөр жеңилгенден кийин алардын андан аркы тагдыры атайын кеңеште каралган. Тай-цзунь бул боюнча айтылган пикирлердин үчүнчүсүн кабыл алган. Ал чечим боюнча Тай-цзунь эки аскер губернаторлугун: чыгышта Динсян, батышта – Юньчжунду түзүп, аларга бир башкаруучу (наместник) койгон.

[1] *Л.Н.Гумилевдо* Тайцзун деп, *Н.Я.Бичуринде* Тай-цзун деп берилген.

Император Тай-цзунга багынган түркүттөрдүн саны 190 миңге жеткен. Тай-цзун түркүттөргө өздөрүнүн жашоо-шартын, үрп адатын сактоосуна эч тоскоол болгон эмес. Тай-цзун: «Царствующий не должен никого подозревать», – деген. Тан династиясы «могла себе позволить милосердие и терпимость» (Др. тюрки, 464). Бирок, чындыгында, Л.Н.Гумилев белгилегендей, «Народы Китая и Великой степи в VII в., как мы видим выше, желали жить в мире и порознь» (433).

Империянын чек арасы Гоби чөлү болгон. Анын түндүк жагында Алтаин-Нур тоо кыркаларынан Байкалга жана Чоң Хинганга чейин эч бир каршылыксыз сеянто князы Инань басып алган. Көпчүлүк түркүттөр сеяньто тарапка өтүп кетишкен (Инань тууралуу сөз болот) (Др.тюрки, 434).

649-жылы жазында император Тай-цзун өзүн жаман сезип, 649-жылы жайында каза болгон, анын ордуна уулу Гаоцзун отурган жана атасынын жолун уланткан (464).

Тай-цзундун башкаруу мезгилинде ал үчүн өзүнүн катарында түрктөрдү кармап туруу абдан маанилүү болгон, анын Ашина каганына жана анын ордосуна болгон мамилеси төмөнкүдөн эле көрүнгөн: «случайно раненному стрелой на охоте, сам император стал отсасывать кровь» (Древ. тюрки, 1, 201).

Бирок мындай мамиле андан кийинки бийликке келгендер тарабынан сакталган эмес. Л.Н.Гумилев Тай-цзундун ордуна келген мураскеринин туура эмес саясаты түрктөрдүн көтөрүлүшүнө алып келген дейт: «Пока Танское правительство располагало тюркскими контингентами, оно побеждало повсюду, но как только недальновидная политика преемников Тай-цзуна вызвала в 681-году всеобщее восстание тюрок, то Танское правительство не нашло сил ни для подавления восстания, ни для продолжения агрессивной политики, ни для защиты собственных границ от возрастающего могущества тибетцов» (Древ. тюрки, 1, 201).

Кытай императору Тай-цзундун артына калтырган мурасы тууралуу Л.Н.Гумилев мындай дейт: «Подобно тому как Александр Македонский пытался слить воедино Элладу и Восток, Тайцзунь Ли Ши-мин хотел примирить Китай и кочевой мир. Хотя оба замысла протерпели неудачу, они оставили после

себя в первом случае эллинизм, а во втором – блестящую культуру Тан, подарившую человечеству шедевры искусства, литературы и мысли» (Древние тюрки, 1, 433).

**Кытайдын түркүттөргө тийгизген таасири.** Кытайдын жакындыгы түркүттөргө өзүнүн таасирин тийгизген. Муну түркүттөр өздөрү да белгилешкен. Мындай таасирлер булар: «У народа табгач, дающего без ограничения столько золота, серебра, спирта и шелка, была речь сладкая, а драгоценности мягкие (изнеживающие); прельщая сладкой речью и роскошными драгоценностями, они столь сильно привлекали к себе далеко жившие народы»[1].

«Тюркские правители сложили с себя свои тюркские имена и, приняв титулы табгачские, подчинились кагану народа табгач. Пятьдесят лет они отдавали ему труды и силы».

Л.Н.Гумилев кытайлыктардын түркүттөргө тийгизген таасири тууралуу мындай деген: 630–679-жылдар аралыгындагы 50 жыл ичинде Ордосто жайгашкан көчмөндөрдө «произошли такие изменения, что они из тюркютов превратились в голубых тюрок, мало похожих как на своих северных собратьев – телесов, так и на своих предков – тюркютов» (Древние тюрки, 1, 435).

**Чыгыш түрк каганатынын кыргыздар үчүн мааниси.** Чыгыш түрк каганатынын кыргыздар үчүн мааниси чоң болгон. Түркүттөрдүн маданияты кыргыздарга таасирин тийгизген. Ал түгүл алардын экономикага да таасирин тийгизгендиги айтылат.

Мисалы, А.Н.Бернштам түркүт көчмөндөрүнүн таасири кыргыздардын маданиятына, болжолу, экономикасына да тийген дейт. Ошондой эле «происходил процесс проникновения тюркской речи, несомненно в это же время проникает и письменность. Происходит втягивание кыргыз в тюркский этногенетический процесс бурно развивающийся в степях Центральной Азии» (204).

---

[1] *С.Е.Малов.* Памятники... 1951, 34-б.; *Л.Н.Гумилев.* Древние тюрки, 1, 435-б.

[2] Жогоруда аталган эмгектерде.

**Чыгыш түрк кагандары жана кыргыздар – түрк-жазма эстеликтеринде.** Чыгыш түрк кагандарына арналган эстеликтерде – Күлтегиндин жана Могилян-хандын эстеликтеринде – кыргыздар да эскерилет. А.Н.Бернштам бул тууралуу мындай дейт: «В надгробных стелах восточнотюркских каганов, в памятнике Кюль-Тегина и Могилян-хана, в числе соболезнующих племен, **в связи со смертью основателя тюркского царства кагана Бумына, или Тумына – упоминаются кыргызы»** (*белгилеген – Г.Ж.*) (Избр.тр., II, 203). А.Н.Бернштамдын маалыматында бул окуя VI кылымдын 60-жылдарына, тагыраак айтканда, 553-жылга тиешелүү. «Среди пришедших были племена, не являющиеся тогда данниками восточных тюрок и вообще не бывшие им покорными»[1] (Избр.тр., II, 203 б.).

Кыргыздардын андан кийин чыгыш **түрк каганы Кигинь (Муюй, же Яньду) тарабынан багындырылгандыгы** (*белгилеген – Г. Ж.*) эскерилет (бул тууралуу айтылган эле). Кыргыз территориясы чыгыш түрк каганынын жеңиштеринин түндүк чеги катары берилет (А.Н.Бернштам, Избр.тр., II, 1998, 203). Л.Н.Гумилевдун маалыматы боюнча түркүттөр кидандарды жана кыргыздарды 560-жылы басып алган.

Түрк жазма эстеликтеринин көпчүлүгү VIII кылымдын экинчи жарымына таандык. Бул тууралуу дагы сөз болот.

## Сеяньто үйү жана кыргыздар

Жогоруда жеңилген түркүттөрдүн жарымы кытайлыктарга, бир бөлүгү Сеяньтого жана башка теле урууларына багынышкандыгы айтылган эле.

Ал эми Сеянтолордун өзүнчө бөлүнүп кетишкендиги Н.Я. Бичуринде мындайча баяндалат: «В первое лето правления Чжень-гуань, 627, отложились от хана поколения Сйеяньто, Хойху и Баегу», – деп айтылат. Ошондой эле 628-жылкы түркүттөрдөгү окуялар баяндалып жатып, «в следующем году поколение Сйеяньто объявило своего хана и прислало посланника» деген маалымат бар (Собр.св., 1998, I, 258 б.).

[1] Мисалы, «племена Тибет, Кытая и др.». Караңыз: Собр. св., 1998, 203 б.

Н.Я.Бичуринде алардын эмне үчүн түркүттөрдөн бөлүнүп кетишкендиги да айтылат. Мисалы, элдердин чыгыш тарабы Тули-хандын бийлиги астында болгон. Тули законсуз салыктарды чогулткан, ошондуктан «подчиненные вышли из повиновения ему; по сей причине Сйеяньто, Хи и Си поддались Китаю» (1998, I, 258 б.).

Кытайлыктардын маалыматы боюнча мурунку Хягас мамлекети Сеяньто мамлекетине көз каранды болгон жана аларга жогорку жакта көзөмөл үчүн гелиф дайындалган. Гелиф деген сөз – башка транскрипция боюнча сылиф, муну – кийин орхон жазмаларында кездешкен эльтебер[1] деген түрктөрдүн титулу деп далилдеп келишет.

В.В.Бартольддо Чыгыш Монголияда Сеяньтонун өтө күчтүү болуп турган мезгили биринчи адам болуп турган – Инандын (645-жылга чейин башкарган) башкаруу учуруна туш келет, алардын кыргыздарды баш ийдирип турган мезгили да – ушул мезгил деп белгиленет (В.В.Бартольд, 186). Төмөндө Инань тууралуу өзүнчө сөз козголот.

Сеяньто үйүнүн бийик көтөрүлүшү – батыш-түрк каганы Дулунун бийлигинин күчөп турган мезгилине туура келерин да белгилеп коюу керек. В.В.Бартольддун пикири боюнча бул убакта кыргыздар бир эле учурда түрк-огуздардын эки бутагынан – чыгыштан да, батыштан да кол салуусуна туш болушкан эле (В.В.Бартольд, 186).

Батыш-түрк каганы Дулу тууралуу да өзүнчө сөз кылабыз.

Ал эми Сеяньто үйү жөнүндө В.В.Бартольд: «Дом Сеяньто принадлежал к числу турецких владетельных домов», – дейт (185). Ал эми Бичуринде: «поколение Сеяньто составилось из двух родов, Се и Яньто», – деп берилген (Бичурин, Собр.св., 1951, I, 426-б).

**Кыргыздар жана тардуштар.** VII кылымдын биринчи жарымына «относится подчинение кыргыз племенам сиртардуш («сеяньто по-китайски»), жившим в районе Хангая» (А.Н. Бернштам. 1998, II, 203). 628–638-жылдардын ортосунда

[1] Эльтебер – «каган» деген титулдан төмөн деп эсептелет, саясий жактан өз алдынчалыкка ээ болбогон анча чоң эмес элдин баштоочусу (предводитель).

тардуштардын бийлиги кеңейген. Тардуштардын территориясынын кеңейиши 630-жылдардан кийинки мезгилге, Чыгыш түрк каганы Хели[1] (Л.Н.Гумилевдо – Кат Иль-хан) Кытай протекторатына кирүүгө аргасыз болгон мезгилге таандык. Бул мезгилде, мурунку хунндардын жерин бүт ээлеп, түндүктө ээлеген территориясы Байкалга чейин жеткен тардуштардын ханы Инань күчтөнүп турган эле (203).

Бул жерде Байкалдын эске алынышы түндүк чек араны билдирген трафареттик формула катары эсептелет. Бул областтарда, Байкалдын батыш жагында («но на его параллели») кыргыздар жайгашкан, демек, алар тардуштардын мамлекетине кирген. «Во всяком случае, в сообщении о кыргызах китайская история отмечает подчинение кыргыз племенному союзу тардушей до 648 г»[2].

Бирок, VII кылымдын биринчи жарымында кыргыздар Монголиянын түндүк-батышында жашаган түрк уруусу - тардуштардын бийлиги алдында болгон деген кытай булактарынын версиясы күмөн туудурат дейт А.Н.Бернштам. Бул мезгилде тардуштардын күчү эң бийик чекке жетип турса да, алардын түндүккө Саяндан ары өтүшү күмөн. Тардуштар жеткен Байкал алар менен кыргыздардын чеги болушу мүмкүн (506).

Бернштамдын пикиринде тардуштардын бийлиги күчөп, ээлеген жерлеринин кеңейгендигинен улам кыргыздарга да тардуштар саясий жактан үстөмдүк кылган деп болжошкон болуу керек кытайлык авторлор.

Чындыгында, жогоруда тардуштардын ээлеген территориясы Байкалга чейин жеткендиги айтылат. Мына ушул областтарда кыргыздар жайгашкан. Ушундан улам кытай маалымат булактарында тардуштардын кыргыздарды багындыргандыгы тууралуу айтылат. Бирок, кытай булактарында кыргыздардын жерин басып алды деген конкреттүү маалымат берилген эмес. Ошондуктан кыргыз тарыхын изилдөөчүлөр тара-

---

[1] *А. Н. Бернштамда* Хели, *Н.Я.Бичуринде* Хйели деп берилгени сакталды.

[2] *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгекте, 203-б. Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгектерге таянган: Таншу, гл. 140б.; *Собр.св.,* 1950, ч.1, 448-б.

бынан А.Н.Бернштамдын божомолу эске алынууга тийиш деп эсептейбиз.

Тардуштар кол алдындагыларга өздөрүнүн башкаруучуларын (наместниктерин) – сылифтерди коюшкан. Ал түрк титулу – эльтеберге барабар болгон. Эльтебер деген термин качан колдонулган? Түрк текстеринде өздөрүндө каганы болбогон элдер наместниктер – элтеберлер – сылиф тарабынан башкарылган. Кыргыздар – башында жергиликтүү башкаруучулар (бектер) турган айрым уруулардын группаларынан турган. Бул тууралуу А.Н.Бернштам мындай дейт: «Таковы, видимо, были геси, гюйшабо и ами беги, на которых опирался тардушский сылифа» (204).

645–646-жылдар тардуштар кытайлыктар тарабынан талкаланат. Ошондон кийин кыргыздар Кытайга өз алдынча биринчи жолу элчи жөнөтүшөт. Мына ушул биринчи элчилер жөнүндө Бегре рун жазуусу маалымдайт[1].

**Инань. Инандын жеңилиши. Бачжо.** Жогоруда айтылгандай, Инандын аскерлеринин саны 30 миң болгон. Ал түндүктө кыргыздарды, батышта карлуктарды багындырууга жетишкен.

Сеяньто ханы Инань менен император Тай-цзундун ортосундагы мамиле бузулган. Л.Н.Гумилевдун маалыматы боюнча (Др. тюрки, 1, 456) алардын мамилеси «Хуанхэден түндүктө түркүт хандыгы калыбына келди» деген кабар жеткенден кийин бузулган. Инань баарынан мурун түркүттөрдү талкалагысы келген, бирок аларды кайтаруу үчүн атайын аскер кызматкери (чиновниги) дайындалгандыктан, аларга кол салуу – империя менен конфликтке баруу дегендик эле.

Инань 641-жылы түркүттөргө кол салуу үчүн ыңгайлуу учур келди деп эсептеген, анткени император Тайшань тоосуна курмандык чалуу салтын аткаруу үчүн жөнөгөн, этикет үчүн аны бүт аскерлер коштогон. Императордун аскерлери түркүттөргө жардамга келүүгө үлгүрүшпөйт деген ой менен Инань

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгекте, 203-б. Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгектерге таянган: W.Radloff. ATIM, стр.317; Таншу, гл. 140б.; Собр. св., 1950, ч.1, 448-б.

өзүнө баш ийген бардык урууларды – тонгра, бугу, уйгур, татаб ж.б. чогултуп жана душмандарды жок кылуу үчүн бул армияны Гоби аркылуу башка жакка которгон. Кошунду анын уулу (ал тардуштардын шады болгон) башкарган. Анын ар бир аскери төрттөн ат жана аттарды кароочу бир аскер (коневод) менен камсыз кылынган (Др.тюрки, 1, 456).

Бирок Ашина Сымо согушпай туруп, Хуанхеден ары Ордоско өтүп кеткен жана бул кол салуу тууралуу Чанъанга кабар берген, ал жактан тез аранын ичинде жардамга атчандардын сокку берүүчү отряды келген (Др.тюрки, 457; Собр.св., 1950, т. 1, с. 341).

Жардамга келген атчан отряд түркүттөр менен биригип Инанга каршы согуштук жортуулга жөнөшкөн жана Ночьжен жеринде (641) согуш болгон. Согуштун башталышында сеянтолуктар түркүттөрдүн аттарын мээлеп атышкан, анткени алардын ок өтпөс калканычы жок эле. Түркүттөр дүрбөлөңгө түшүп, артка чегине башташкан. Сеянтолуктар алардын артынан түшүшкөн, ошентип өз катарын бузуп алышкан. Ушундан пайдаланып, табгач полководеци Ли Цзи кытай жөө аскерлерин жүз кишилик колонналарга тизип, «и, ударив в образовавшиеся интервалы, остановил неприятеля» (457).

Л.Н.Гумилевдин маалыматы боюнча түркүт атчандары аттарды караган аскерлерге сокку урган жана 15 миң атты бөлүп алып кетишкен. Бул сеянтолуктарды дүрбөлөңгө салган. Алар артка качышкан. Бул декабрда болгондуктан, түркүттөрдөн качкан сеянтолуктар чөл аркылуу артына кайтканда, жолдо сууктан кырылышкан. Ошентип, сеянтолуктар 80% жоготууга учурашкан. Мындай оор жоготуудан кийин Инань Кытайдан тынчтык келишимин түзүүнү суранган жана аны нике менен бекемдегиси келген.

Тай-цзун Инандын өзүн калың[1] катары көптөгөн мал менен келишин талап кылган. Буларды чогултуу үчүн Инань элге салык салган, бул элдин нааразычылыгын туудурган.

[1] Л.С.Гумилевдо: «в виде брачного подарка» деп берилген (457).

Анын үстүнө малды чөл аркылуу айдап өтүү мүмкүн эмес болчу, анткени кыргын башталган («открылся падёж»[1]). Бул Инанды күчтөн тайдырган. Тайцзун ага кытай падыша кызын берүүдөн баш тарткан жана аны менен мамилени үзгөн (457).

Инань дагы кол салууга аракет жасаган, бирок империянын аскерлерине туш келип, согушсуз эле артка чегинген. Ошентип, Инань өзүнүн бардык максаттарын ишке ашыра алган эмес. Ал 645-жылы каза болгон.

Андан соң сеянтолук төрөлөр анын никесиз туулган уулу Иманды хан коюшкан. Бирок анын никелүү уулу Бачжо өзүнүн жактоочулары менен Иманга кол салган жана өзүн хан деп жарыялаган. Тай-цзундун Кореяда согушуп жаткандыгынан пайдаланып, ал негизги армиясынын коштоосунда Кытайга кол салган. Бирок ал чек ара аскерлери тарабынан талкаланган.

Ордодо Бачжого каршы партиянын төрөлөрү козголоң чыгарышкан. Империя аскерлери жакындап кирип келгенде анын ордосу туш-тушка тарап кетишип, ал жалгыз калган (457).

Көп өтпөй Бачжо уйгурлар тарабынан өлтүрүлгөн.

## Сеяньтонун талкаланышы. Уйгур башчысы – Тимуду. Кыргыздар

Көтөрүлүшчүлөрдү уйгур башчысы (старейшина) Тимуду жетектеген. Ал сеянтолуктарды талкалагандан кийин башка жол башчылар менен кошо Тан императоруна баш ийген.

Бирок Тимуду кутумчулар тарабынан өлтүрүлгөн, анын уулу уруунун башчысы болуп дайындалган жана аскердик чин алган, «после чего уйгуры стали лояльными подданными империи и участвовали во всех войнах, которые она вела» (Л.Н.Гумилев, Др.тюрки, 1, 458).

В.В.Бартольддун маалыматы боюнча Кытайларга номиналдуу гана баш ийип турган уйгур башчысы Тимуду 648-жылы

---

[1] **Падёж** *м* өлөт, кыргын. Орусча-кыргызча сөздүк, А–И, 2012, 4-б.

өзүнүн аталаш иниси Угэ тарабынан өлтүрүлгөн. Бирок Угэ жана анын ордун басуучулар мурункудай күчкө ээ болгон алган эмес. Ошондуктан бул учурда кыргыздар өз алдынча аракеттене алышкан.

Ал эми 646-жылы Сеяньто ордосунан калгандары «настигнутые имперскими войсками, были частью изрублены, частью захвачены в плен, частью рассеялись, чтобы никогда больше не соединиться» (Др.тюрки, 1, 457; Бичурин (Иакинф). История Китая). Ошентип, Сеянто жок болгон.

**Борбордук Азияда түрктөрдүн кыргыздар менен согушу (VII кылымдын аягы).** VII кылымдын аягында Борбордук Азияда **«идут войны тюрок по всем четырем странам света: «с Китаем, киданями, Средней Азией и кыргызами»**[1] (*белгилеген – Г.Ж.*).

Бул маалыматта түрктөр төрт тарап менен согушуп турушкандыгы маалымдалат. Кыргыздардын Кытай, кидандар, Орто Азиянын катарында аталгандыгы – алардын түрктөр үчүн оңой жоо болбогондугунан кабар берип турат. Түрк жазма эстеликтерде да түрктөрдүн кыргыздарга болгон жортуулу кеңири сүрөттөлгөн.

Жолдун татаалдыгына карабастан түрктөр ашууларды ашып барып, кыргыздарга капысынан кол салышкан. Мындан кыргыздарга каршы согуш түрктөр үчүн өтө маанилүү болгондугун баамдоого болот (бул тууралуу сөз болот).

Ошондой эле жазма эстеликтердеги маалыматтарда кыргыздардын абдан күчтүү каганы болгондугу да белгиленет. Бул тууралуу өз учурунда сөз болот.

**Кыргыздар – Түрк каганатынын күчтүү жоосу.** Кыргыздар Түрк каганаты үчүн күчтүү жоо болгон. А.Н.Бернштам VI кылымда Монголиянын территориясында пайда болгон Түрк каганаты өзүнүн биринчи күнүнөн баштап эле кыргыздарды каганаттын жашоосуна коркунуч келтирген күчтүү жоо деп эсептешкенин белгилейт.

Кыргыздардын Түрк каганатынын күчтүү жоосу экендиги түрк жазма эстелигиндеги төмөнкү тексттен эле көрүнүп турат:

---

[1] *В.В.Бартольд.* Избр.тр., II, 1998, 205-б. Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгекке таянган: W.Radloff, ATIM, стр. 243 и сл.

«табгач каган жообуз эле, он ок каганы жообуз эле, **артыкча кыргыз күчтүү каган жообуз эле**» (*белгилеген – Г.Ж.*).

**Кыргыздар – эркин эл (Түрк каганатынын тушунда).** Байыркы түрк (древнетюркские) тексттери жана кытай жазма булактары VI кылымдын ортосунда кыргыздарды түрктөрдүн «данниктери» деп эсептешкендигине карабастан, А.Н.Бернштам: «Все же достоверных свидетельств об их покорении нет, и в перечне народов, которые приходят к тюркскому кагану с изъявлением своих дружественных чувств, киргизы (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) упоминаются наряду с теми народами, которые никогда тюрками не были покорены, например, тибетцы или китайцы» (Избр... II, 1998, 506), – дейт.

Ошондой эле VII кылымдын биринчи жарымында кыргыздар түрк уруулары – тардуштардын бийлиги астында болгон деген версия да күмөндүү деп эсептейт А.Н.Бернштам. Анткени ошол мезгилде тардуштар саясий жактан абдан бийиктикке жетишсе да, алардын үстөмдүгү Саяндан ары түндүккө өтпөшү да мүмкүн. А.Н.Бернштам бул пикирин мындайча жыйынтыктайт: «Вероятней всего предпологать, что Байкал, куда дошли тардуши, оставался границей между ними и киргизами» (506).

Кытайлык авторлор тардуштардын күчтөнүшүнөн жана алардын территориясынын кеңейишинен улам алар кыргыздарга үстөмдүк кылып турушкан деп болжолдошкон дейт А.Н. Бернштам.

Ошентип, А.Н.Бернштам кыргыздар Түрк каганатынын «данниктери» болбогондугун, ал түгүл кыргыздар тардуштардын тушунда алардын бийлигинен да эркин болгондугуна жол берет.

Кытайлыктар тардуштарды талкалагандан кийин, кыргыздар өз алдынчалыкка ээ болушкан. 648-жылы кыргыздар Кытайга элчи жиберишкен.

Кытайга кыргыздар элчини сейрек жиберген. Көп өтпөй ал да кыскарып калган. Анткени VII кылымдын аягында (682-жылы) кайрадан Чыгыш Түрк каганаты калыбына келген.

**Жаңы династиянын негиздөөчүсү Элтерис каган**[1] **менен кыргыздар достук мамиледе болгон** (*белгилеген – Г. Ж.*). Демек, бул мезгилде кыргыздардын түрктөргө көз карандылыгы формалдуу түрдө гана болгон десек болот.

Бирок анын мураскери Мочжо кыргыздарга каршы согуш баштаган. Бул VIII кылымдын башына (710–711-жж.) туура келет.

710–711-жылдары түрк каганы Мочжо менен кыргыздардын ортосунда катуу салгылаш болгон. Түрктөрдүн кыргыздарга каршы согуштук жортуулунун жолдун татаалдыгына карабай кыштын кычыраган суугунда болушу да – тынч жаткан элди капысынан басып алуу максатында болгон (бул тууралуу айтылган).

Түрк жазма эстелигинде: кыргыз каганын өлтүрдүк, элин багындырдык деп айтылат. Кыргыз каганынын балбалы түрк каганынын бейитине коюлган.

Түрктөр Маньчжурияда (Кытай) же Жети-Сууда (дулу жана нушиби уруулары) согушкан бардык элдердин ичинен кыргыздар өтө күчтүүсү деп айтышкан: «преимущественно киргизский сильный каган врагом нашим был» (507).

Бирок түрктөрдүн согуштук жортуулу кыргыздарды күчтөн тайдырган эмес. VIII кылымдын биринчи жарымында кыргыздардын саясий жактан өз алдынчалыгы тууралуу кайрадан маалыматтар орун алат. Бул тууралуу өз учурунда сөз болот.

**Кыргыз-кытай дипломатиялык мамилелери.** 630-жылы Чыгыш түрк каганаты Кытай тарабынан талкаланып, жоюлгандан кийин, күчүнө кирген Кытай – талаага, тактап айтканда, Түштүк Сибирге кирип барган. «Старейшина (сылифа) кыргыз по имени Шибокюй Ачжань отправился в Китай для личного установления связей с императорским Двором» (А.Н. Бернштам. 204; Собр.св., 1950, ч. 1, 448). Кытай императору Тайцзун Шибокюйга кытай аскер башчысы («китайский военный начальник») деген титул берген жана аны кыргыз урууларынын үстүнөн башкаруучу (главноначальствующий) кылып

[1] Айрым авторлордо Гудулу каган деп да берилген. Мисалы: *А.Н.Бернштамда* Гудулу каган деп берилгени сакталды (Избр.тр., II, 1998, 507).

дайындаган «с подчинением китайскому наместнику над северными областями, носившему названия Яньчжаньское наместничество» (А.Н.Бернштам, 204).

Ошол мезгилде Кытайлык император үйү Ли Линдин тукумдары болгон (аларды кытайлыктар кыргыздар менен байланыштырышкан). Ошондуктар кытай Сарайы «относился к кыргызам несколько лучше, по сравнению с другими кочевыми народами» (А.Н.Бернштам, 204).

Бул маалыматтан кыргыздарга кытай бийлиги өзгөчө мамиле жасагандыгы көрүнүп турат. Анткени алар кыргыздар менен туугандык байланышыбыз бар деп эсептешкен. Муну төмөнкү мисалдар да ырастап турат.

Кытай жылнаамасы боюнча кытай императорлорунун бири Чжун-Чзун бир жолу кыргыз элчисин чакырып ага мындай деген: «Ваш царствующий дом происходит из одного со мною рода и я отличаю его от прочих вассалов» (А.Н.Бернштам, 204; Собр. св., 1950, ч.1, 449).

Бирок, ушундай «туугандык байланыштарга» (родственные связи) карабастан, кыргыздар Кытай Сарайына сейрек катташкан.

Жогорудай айтылгандай, кытай жазма булактарында VII кылымдын биринчи жарымында, 648-жылга чейин кыргыздар тардуштардын уруулук союзунун карамагында болгондугу тууралуу маалымат бар (бул тууралуу жогоруда сөз болгон)[1].

645-646-жылдары тардуштар талкалагандан кийин, кыргыздар 648-жылы Кытайга биринчи жолу өз алдынча элчилик жиберишкен.

А.Н.Бернштам 33 жылдын ичинде (650-жылдан 683-жылга чейин) кыргыздар Кытайга эки жолу гана барышкандыгын,

---

[1] Мурун да айтылгандай, тардуштардын ханы Инань мурунку хунндар ээлеген бардык жерлерди, түндүктө Байкалга чейинки жерлерин ээлеп алган. Мына ушул жерлерде, т.а., Байкалдын батыш жагында («но на его параллели» – А.Н.Бернштам) кыргыздар жашаган. Караңыз: А.Н.Бернштам. Избр.тр., 1998, II, 203-б. Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгектерге таянат: Таншу, гл. 140б; *Н.Я.Бичурин.* ч. 1, 448-б.

андан кийин дагы 13 жыл катташпагандыгын белгилейт (Изр.тр., 204).

683-жылы Чыгыш Түрк каганаты өзүнүн мурунку күчүнө кайрадан ээ болгон. Чыгыш түрк каганатын кыргыздар менен жакшы мамиледе болгон Элтерис-каган (*Бичуринде – Гудулу каган деп берилген*) кайрадан калыбына келтирген.

Ал эми 713–755-жылдары кыргыздардан Кытайга төрт жолу элчилик барган (А.Н.Бернштам, 508).

**Түрк каганаты жана андагы тартип.** Ошентип, бир далай согуштук ийгиликтери менен Ашина хандары «создали VI в. каганат, объединивший все степные народы Евразии в оазисные княжества Согдианы» (Др.тюрки, 1, 77). Бул жеңиштер түрк элдеринин толук консолидациясын талап кылган, ошондуктан ал – эл-аскерлердин (народ-войско) пайда болушуна алып келген. Алар дайыма курал-жарактары менен согушка даяр турушкан, анткени аларга аскердик күч менен багындырылган уруулук жана княздык (княжество) конгломерат[1] качан болбосун көтөрүлүш чыгарып же бөлүнүп кетүүгө даяр эле (Др. тюрки, 1, 76).

Түркүттөрдүн бийлиги учурунда түрк ордосу өзгөрүүгө учураган: «создалось военно-чиновная знать, закрепившая свое привилегированное положение передачей титулов и должностей по наследству, а рядовые воины компенсировались за службу военной добычей» (77). Олжону мал жана кездемелер менен кошо кулга айланган туткундар да түзгөн. Бирок көчмөн турмушта кул жумушу аз колдонулгандыктан, «то женщин брали в наложницы, а мужчин сажали на землю и облагали податью – продуктами ремесла и сельского хозяйства» (77). «Кул» (раб) деген түрк сөзү кытай тилинде «вассал» болгон.

Түркүт ордосунун ичинде темирдей тартип болгон. Уурулук, чыккынчылык жана никесиз мамилелер өлүм жазасына тартылган (77). Ашина үйүнүн княздары «нуждались в преданности своего народа». Бул алар багындырган жана талап-

---

[1] **Конгломерат** *м* конгломерат (1. бири-бири менен ыпташкан ар түрдүү кошунду). Орусча-кыргызча сөздүк, 2012, 89-б.

тоногон уруулардын жек көрүүсүнөн бирден-бир калканыч болмок. Жалпы коркунуч – княздар менен аскерлерди бир башкаруучу катмарга (прослойкага[1]) бириктирип турган.

## ЧЫГЫШ ТҮРК КАГАНАТЫ 630–682-ЖЫЛДАРДА. КЫРГЫЗДАРДЫН ЧЫГЫШ ТҮРКТӨРГӨ КАРШЫ КҮРӨШҮ – ТҮРК ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИНДЕ

**Чыгыш Түрк каганаты – 630–682-жылдарда.** Ошентип, 630-жылдан 682-жылга чейин Чыгыш Түрк каганаты өз алдынчалыгынан толук ажыраган. 681-жылы акырындап кол курап, түрк элин бириктирип, Элтерис-каган Кытай империясына каршы согушуп, жеңишке ээ боло баштаган. 682-жылы Элтерис-каган Экинчи Түрк каганатын курган[2]. Төмөндө сөз мына ушулар тууралуу болмокчу.

### Экинчи Чыгыш Түрк каганаты. Элтерис-каган жана кыргыздар

**Кыргыздардын чыгыш түрктөргө каршы күрөшү – түрк жазма эстеликтеринде.** VIII кылымдын башы – кыргыздардын өзүлөрүн курчап турган чыгыш түрктөрү менен согушкан мезгили болуп эсептелет. Бул согуш 710–711-жылдары кышында болгон жана ага байыркы түрк моло таштарындагы бир нече «пассаждар»[3] арналган. Булар – биринчи кезекте Билге-каганга (Могилян-ханга), Күл-Тегинге жана Тонукукка[4] арналган моло таштар (стелы).

---

[1] **Прослойка** *ж* 4. катмар, топ. Орусча-кыргызча сөздүк. П–Р, 2012, 463-б.

[2] *А.Абдыразаков.* Орхон-Енисей байыркы кыргыз-түрк жазуулары жана рух башаттары. – Б., 2004, 54-б.

[3] **Пассаж** *м* пассаж 3. *уст.* тексттин, макаланын ж.б. терип алынган айрым үзүндүлөрү, бөлүктөрү. Орусча-кыргызча сөздүк, П–Р, 2012, 22-б.

[4] А.Н.Бернштамда – Тоньюкук (Избр.тр., II,205), Н.Я.Бичуринде – Тоньюгу (Собр. св., 1998, I, 281), Л.Н.Гумилевдо – Тоньюкюк (Др.тюрки. 1, 312), Б.Урстанбеков менен Т.Чороевде – Тоң-Йокук (173), А. Абдыразаковдо – Тонукук (53) деп берилген. Биз Тонукук деп алдык.

Аталган эстеликтерде Түрк каганаты, аны калыбына келтирүү үчүн болгон күрөш, экинчи Түрк каганатын орноткон Элтерис-каган, Түрк каганатын бириктирүүгө, чындоого жана анын мурункудай күчтүү каганат болушуна түздөн-түз салымын кошкон Элтерис-каган, Капаган-каган (Мочжо), Билге-каган, Күл-тегин жана Тонукуктар тууралуу баяндалат. Так-тап айтканда, эстеликтерде VI–VIII кылымдардагы окуялар ташка чегилип жазып калтырылган.

А.Абдыразаков И.В.Стеблеванын пикирине таянып отуз циклден, алты аңгемеден турган бул тарыхый-баатырдык дастан түрк элдеринин VI–VIII кылымдардагы тарыхынан маалымат берген баатырдык баба мурасы болуп эсептелет дейт (41).

Бул үч эстеликтеги жазуулар өз алдынча баяндоо стилине ээ сюжеттүү баатырдык поэмалар катары эсептелет. Аларда жазуунун баяндоо ыкмаларында өзгөчөлүктөр болгону менен негизинен андагы сүрөттөлгөн тарыхый окуялар бири-бирин кайталайт (А.Абдыразаков, 37).

Л.Н.Гумилев Күл-тегин жана Тонукук эстеликтери тууралуу: «Мында эки эстелик бар: эки кичине жана чоң жазуусу бар Күл-тегиндин мүрзө ташы жана Селенганын боюндагы Тонукуктун жазуусу. Ошол жерде эле Орхондун жээгинде түбөлүккө эскерүүгө калтырылган. Күл-тегинге жана Билге-ханга (*китепте ушундай берилген – Г. Ж.*) кытайлык эпитафиялар катарлаш тексттер болуп саналат», – дейт. Л.Н.Гумилевдун маалыматы боюнча Күл-тегиндин чоң жазуусунда эстеликтин курулушунун так мезгили көрсөтүлгөн: «Маймыл жылы (732-жыл), жетинин айынын жыйырма жетинчи күнү».

Кытай эпитафиясы да так эле ушул убакытты көрсөткөн. Кытай тексти да сөөктү коюуга жана күмбөздү куруу учуруна байланыштуу түзүлгөн. Жазууда баян 716-жылга чейин гана жеткирилип, эң кызык жерине келгенде үзүлүп калган. Л.Н.Гумилев жазуулардын тексти 719-жылдан кеч эмес түзүлгөн дейт, анткени 720-жылдагы улуу жеңиштер сүрөттөлгөн эмес. Демек, 732-жылы ташка түшүрүлгөн текст 716–720-жылдардын ортосунда, тагыраак айтканда, 717–718-жылдарда түзүлгөн[1].

---

[1] *Л.Н.Гумилев.* Байыркы түрктөр. Китепте: Кыргыздар. 2, 1994, 208-б. Которгон: Д. Сулайманкулов.

**Чыгыш Түрк каганатынын калыбына келиши. Экинчи Чыгыш Түрк каганаты. Элтерис-каган[1] жана кыргыздар – түрк жазма эстеликтеринде жана кытай жазма булактарында.** 680-жылы чыгыш түрктөрүнүн кытайлык эзүүдөн бошонушу жана Чыгыш-түрк каганатынын кайра калыптанышы түрк жазма эстеликтеринин мазмунун түзөт. Мында кагандар катары аз убакыттын ичинде өзүнүн бийлигин алыскы батышка чейин тараткан Капаган (Н.Я.Бичуринде – Мочжо), анын бир тууганы, каганатты кайра калыбына келтирген Элтерис (Н.Я.Бичуринде – Гудулу) жөнүндө айтылат. Анын көптөгөн душмандарынын арасында кыргыздар жөнүндөгү да баян бар.

Түрк жазма эстеликтеринин көпчүлүгү VIII кылымдын экинчи жарымына таандык. Л.Н.Гумилевдун пикири боюнча бул эстеликтер «представляет полемику двух течений политической и исторической мысли – Йоллыг-тегина и Тоньюкука. Надписи композиционно почти копируют друг друга, но комментируют события с диаметриально противоположной направленностью» (Л.Н.Гумилев. Др. тюрки.1, 312).

Элтерис-кагандын тушунда кыргыздар менен келишим болгон, ал келишим боюнча **кыргыздардын башчысы каган деп таанылган** (*белгилеген – Г.Ж.*), Элтерис-каган кызын Барс-бекке турмушка берген. Элтеристин жана анын ордуна келгендердин башкы кеңешчиси – Тонукуктун атынан жазылган жазууларда Элтерис-кагандын түндүктүн, чыгыштын жана түштүктүн коалициялары менен күрөшү айтылат, негизги душман катары түндүктөгү огуздардын башка бир бөлүгүнүн башында турган Боз-Каган болсо, ал эми Капаган (Мочжо) падышалык кылып турган убакта кыргыздар жана Барс-бек менен болгон кармашка чоң маани берилген.

Түрктөрдүн салты боюнча хандардын бейитинде алар өлтүргөн душмандын сүрөтү (изображения) коюлган. Элтерис-

---

[1] В.В Н.Я.Бичуринде – Гудулу-хан, А.Н.Бернштамда – Гудулу-каган, Бартольддо – Ильтерес, Томсенде – Эльтериш, Б. Урстанбеков жана Т.Чороевде – Элтерис каган, А.Абдыразаковдо – Элтерис каган, А.Эркебаевде Ильтериш-каган деп берилген. Биз да Элтерис-каган деп алдык.

кагандын бейитинде Боз-Кагандын, Капагандын (Н.Я.Бичуринде – Мочжо) бейитинде – кыргыз каганынын сүрөтү коюлган (В.В.Бартольд, 187).

А.Н.Бернштам Чыгыш түрктөрдүн 683-жылы өз бийлигин калыбына келтиргендиги тууралуу: «возвращает себе былую мощь Восточнотюркский каганат. Восстанавливает его некто Гудулу-каган (*Элтерис-каган – Г.Ж.*), находящийся еще в хороших отношениях с кыргызами», – дейт (204).

Кыргыз жазууларында (Уйбат) Гудулу-хан (Тачам деген ат менен) менен коштошуу жазылган жана каза болгон кыргыз жоокеринин Гудулунун аскерлери менен болгон согуштук байланышын көрсөткөн анча даана эмес түшүндүрмөлөрү орун алган: кыргыз жоокеринин түрк урууларына каршы согушкандыгы жана бир түрк ханын өлтүргөндүгү, бейитине анын (*ошол хандын – Г.Ж.*) элеси түшүрүлгөн балбал коюлгандыгы айтылган[1]. А.Н.Бернштам кыргыздар Гудулунун (Элтерис) түргөштөргө каршы согушуна катышкан болуу керек деп болжолдойт (Избр.тр., 1998, II, 205).

Ошентип, түрк жазма эстеликтеринде Элтерис-каган тууралуу маалыматтар сакталып калган.

Элтеристин Гудулу деген ат менен ким болгондугу жана Чыгыш түрк каганатын кандайча кайтарып алгандыгы Н.Я. Бичуринде кеңири баяндалат.

Элтерис (Гудулу) Хйелинин алыс тууганы болгон жана «глава поколения Ханьли-Юаньин в губернаторстве в Юньчжун. Он наследственно получил достоинство Тутуня. После падения Фунянева все рассеялись» (Собр.св., 1998, 271).

Н.Я.Бичуринде андан ары Элтерис (*Н.Я.Бичуринде Гудулу деп берилген – Г.Ж.*) жөнүндө мындай баяндалат: «После падения Фунянева[2] все рассеялись: осели у гор Цзун-цай-шань и построили городок Хэй-ша-чен». Алардын саны 5 000 адамга чейин жеткен. Гудулу тогуз урууну («девять родов»[3]) та-

---

[1] *А.Н.Бернштам,* Избр.тр., II, 204; Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгекке таянат: W.Radloff. ATIM, стр. 243.

[2] Хйелинин тукумдары.

[3] *Н.Я.Бичуринде:* «собственно ойхорского [хойху] поколения» деп берилген. Соб. св., I. – Алматы, 1998, 271-б.

лап-тоногон, «и мало по малу очень разбоготел лошадьми: почему объявил себя ханом» (271).

Юн-Шундун башкаруу мезгилинде, 682-жылы ал козголоң (бунт) чыгарган. Бул Н.Я.Бичуринде мындайча баяндалат: «Ашидэ Юань-чжень был взят под стражу правителем дел Ван Бэнь-ли. Случилось, что Гудулу произвел набег. Юань-чжен просил дозволение внушить поколениям откупиться от вины. Это было дозволено. Как скоро поколения покорились, то Гудулу составил с ними заговор, в следствие которого все, и // Або, и Дагани, поверстаны в число рядовых. И так они произвели набег на северные пределы Шаньюева правления; потом напали на Бин-чжеу, в Лань-чжеу, убили губернатора Ван Дэмэу, и, разделившись, ограбили Дин-чжеу»[1] (1998, I, 272).

Алар дагы Гуй-чжеуга, андан кийин Юй-чжеуга кол салышкан, Цуй Чжи-бянды басып алышкан. 684–989-жылдары Шо-чжеу, Дай-чжеуга кол салышкан. Чиновниктерди[2] жана ратниктерди тоношкон. Кытай аскер башчылары аларга каршы чыгышкан, бирок ийгиликке жетишкен эмес. «Китайцы отчаянно дрались, и были совершенно разбиты. Бао-би[3] обратно бежал, а корпус весь погиб» (Собр.св., 1998, I, 272–273).

Император аял Бао-бини жазалаган. Ал эми Гудулуну Буцзулу деп атаган. Ашидэ Юань-чжень Туцишиге кол салган жана согушта каза болгон. 693-жылы Гудулу каза болгон.

**Ошентип, Элтерис (Гудулу) баштаган түркүттөр Кытай аскерлерин сүрүп чыгарган, түркүттөр кайрадан көз карандысыздыкка жетишкен.**

Элтерис каган 682-жылы Экинчи түрк каганатын курган (А.Абдыразаков, 55).

Түркүттөр уйгурлар басып алганча Улуу Кытай дубалынын түндүгүндө Сары деңизден Иртышка чейин созулган та-

---

[1] Бул жана кийинки окуялар Ганмуда 683-жыл деп берилет. *Собр.св.,* 1998, 272-б.

[2] **Чиновник** *м.* 1. чиновник; 2. *перен.* төрө, бюрократ, төрө пейил кызматкерлер. Орусча-кыргызча сөздүк, С–Я, 606-б.

[3] Бао-би – военоначальник (Ю-лань-мынь Вэй Чжун-лан гян). Собр.св., 1998, I, 272-б.

лааларда ээлик кылып турушкан (К.Г.Менгес, 68). Түрктөр уйгурлар аларды басып алганга чейин эркиндикте жашашкан.

А.Абдыразаковдун маалыматы боюнча Элтерис каган 684-жылы Могилян, 685-жылы дагы Күл-тегин аттуу уулдуу болгон. Элтерис 682–692-жылдары Чыгыш Түрк мамлекетинин башында турган күчтүү каган болгон. 691-жылы Элтерис каган дүйнөдөн кайтып, анын ордуна анын иниси Капаган каган бийликке келген (Аталган эмгек, 49-б.).

Айрым авторлордо даталардын берилишинде да анча мынча айырмачылыктардын учурашы байкалат.

Мисалы, Н.Я.Бичуринде, жогоруда көрсөтүлгөндөй, Гудулунун (Элтеристин) 693-жылы каза болгондугу: «В первый год правления Чан-шеу, 693, Гудулу умер» (Собр.св., 1998, I, 272–273), ал эми А.Абдыразаковдун эмгегинде Элтеристин 691-жылы каза болгондугу айтылат (Орхон-Енисей байыркы... Б., 2004, 54-б.). Даталардын мындай дал келишпегендиги башка маалыматтарда да учурайт.

Б.Урстанбеков жана Т.Чороевдин «Кыргыз тарыхы» аттуу сөздүгүндө Элтерис кагандын (Элтерис каган, Илтерис, Илтериш, Ышбара Элтериш Шер каган) 634–639-жылдарда Батыш Түрк каганатын бийлегендиги айтылат. Анын учурунда акимдик реформа жүргүзүлүп, Батыш Түрк кагандыгы он аймакка бөлүнүп, ар бир аймактын башына «шад» наамын алган феодал төбөлдөр коюлган. Шадга ок тапшырылгандыктан, мамлекеттин калкы «он ок бодун» («он ок эли») деп аталган. Бул реформа борбордошкон саясий бийликти начарлатып, феодалдык бытырандылыкка өбөлгө түзгөн[1].

Элтерис-каган каза болгондон кийин бийликке Капаган-каган деген ат менен анын иниси Мочжо отурган. Капаган-кагандын (Мочжо) Чыгыш Түрк каганатынын күчтөнүшүнө кошкон салымы абдан чоң. Төмөндө сөз Капаган-каган (Мочжо) тууралуу болмокчу.

---

[1] Караңыз: *Б.Урстанбеков, Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. Мектеп окуучулары үчүн. – Ф.: КСЭ, 1990, 204-б.

## Капаган-каган (Мочжо) – кытай жазма булактарында

Элтеристин (Гудулунун) уулу кичине болгондуктан, ал такка отура алмак эмес. Капаган (Мочжо)[2] – Элтеристин (Гудулунун) кичүү иниси болгон (Собр.св., 1998, I, 271).

Ал өзүн хан деп жарыялаган жана бир нече жылдан кийин Лин-чжеуга кол салган. Ал көптөгөн аскерлерди жана элди туткунга алып кеткен. Ву-хэу он сегиз башчыны (предводитель) шайлаган «которые выступили за границу с пехотою и конницею из китайцев и заграничных кочевых и все возвратились, не видав неприятеля» (Собр.св., 1998, I, 273).

Көп өтпөй кидандык Ли Цзиньчжун козголоң чыгарган. Капаган (Мочжо) козголоңчуларга каршы чыгууга уруксат сураган (273). Уруксат алган соң, Капаган-каган (Мочжо) кидандарга аскерлери менен жөнөгөн. Ли Цзиньчжун каза болуп калган. Капаган-каган Сунмок аймагына кол салып, «захватил все семейство и обоз Ли-Вань-жуна» (273). Башчылары (старейшины) тарап кетишкен. Император айым (*эмгекте императрица деп берилген – Г.Ж.*) буга ыраазы болуп, Капаганга (Мочжого) Чжи Вэйди жиберген «с бунчуком и грамотою на высший новый титул»[1]. Бирок булар Капаган-каганга жете электе эле, ал Лин-чжеуга жана Шен-чжеуга кол салып, адамдарды өлтүрүп, талап-тоногон. Чек ара гарнизонунун башчылары аларды талкалаган.

Капаган кечирим сурап, «просил, чтобы императрица усыновила его, ... требовал отдать ему покорившиеся семейства

---

[1] *Н. Я. Бичуринде* Мочжо деп берилген. Ал эми кытай маалымат булактарында Каптаган деген ат менен белгилүү дейт А.Н.Бернштам (Караңыз: *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 206); В.В.Бартольддун эмгегинде анын эки ысмы тең берилген: «Мочжонун же Капаган-кагандын бейитинин башына кыргыздардын каганынын сүрөтү коюлган». Ошондой эле В.В.Бартольддо «...ага (Мочжого) жазуулардын биринде Капаган каган деген титул берилгендиги айтылат» деген маалымат бар. Караңыз: *В.В.Бартольд.* Кыргыздар. Китепте: Кыргыздар. 2, 1993, 137-б.; *А.Эркебаевде* (Аталган эмгек, 61), *А.Абдыразаковдо* (Аталган китеп, 37) Капаган-каган деп берилген. Көрүнүп тургандай, маалымат булактарында Мочжо, Каптаган, Капаган деп учурайт. Биз Капаган-каган деп алдык.

[1] Дэ-цзинь Гйетйедиши Да Шаньюй. Собр.св., 1998, I,273-б.

шести округов», ошондой эле анын кыздары бар экендигин, алар княздарга турмушка чыгууну каалашкандыгын айтып, император айымга (императрица) элчи жиберген[1] (Собр. св., 1998, I, 274). Андан тышкары ал төмөнкүлөрдү сураган: «100 000 ху проса на посев, 3 000 земледельческих снарядов [орудий], несколько десятков тысяч гинов железа» (274).

Император айым (императрица) аларды берүүдөн баш тарткан. Капаган (Мочжо) элчи Тьхянь Гуй-даону кармап алган. Ошондуктан сановник Яо-шеу император айымдан («императрица») Капагандын суранычын аткарууну өтүнгөн. Натыйжада, Капагандын суроосу канааттандырылган, б.а., таруу, дыйканчылык шаймандары жана буларга кошумча «несколько тысяч кибиток покорившихся тукюесцев» берилген (274). Ушундан баштап түркүттөр күчтөнө баштаган.

Капаган-каган (Мочжо) 100 000 атчандары менен Гуйтханды курчап алган. Капаган-каган Юй-чжеуну жана Фэй-жуну талкалаган, Дин-чжеуну талап-тоногон, Сунь Янь-гао губернаторун өлтүргөн.

Император айым каарданып, Капаганды (Мочжону) ким өлтүрсө, ага Чжан-чжо деген наамдагы «1-даражадагы князь» даражасын берүүгө убада кылган. Бирок Капаганды (Мочжону) кармоо аракеттерине карабастан, ал колго түшкөн эмес. Анткени ал абдан күчтөнүп алган эле. Бул тууралуу Н.Я.Бичуринде мындай деп айтылат: **«Войско его было столь же многочисленно как и в Хйелиево** (*Кат Иль-хандын убагындагыдай – Г.Ж.*) **время. Земли его содержали и вдоль и поперек до 10 000 ли пространства. Все иностранные владетели повиновались его повелениям»** (*белгилеген – Г.Ж.*) (275).

Капаган-каган (Мочжо) Лун-юдан жайытта багылган 10 000 ат (пастбищных лошадей) алып кеткен, андан көп өтпөй чек араны талап-тоной баштаган. Чыгыш өлкөлөрүнүн улуу башкаруучусу (наместниги) Сян-ванга «указано быть верховным вождем небесных [императорских] войск. Но войско еще не тронулось в поход, как Мочжо уже ушел». Кийинки, 702-жылы Капаган-каган (Мочжо) Янь-чжеу жана Хя-чжеудан 100 000 ат жана кой карактап алган, Шилин тоосуна чабуул жасаган, анын артынан Бин-чжеуну курчап алган (276).

[2] Ганму боюнча бул 697-жыл деп берилет (Собр.св., 1998, I, 273).

703-жылы Капаган-каган өзүнүн кызын тактын мурасчысынын уулуна берүү өтүнүчү менен элчи Мохэ-Даганды жөнөткөн. Император айым Чжун-цзунь жана Чжун-мин княздарын Сарайдагы салтанатка сый кийим (церемониальная одеяние) менен келүүсүн буйруган. Капаган-каган «опять прислал большого старейшину Или Таньханя, и с ним 1 000 лошадей в благодарность за брак» (277). Император айым ал элчини урмат менен кабыл алган.

Чжун-цзун такка жаңы гана отурганда 706-жылы Капаган каган (Мочжо) Мин-шага басып кирген: Лин-вудагы башкы аскер башчысы Шачи Чжун-и Капагандын аскерлери менен согушкан, бирок ийгиликке жетишкен эмес, он миңдеген аскерлери каза болгон (Собр.св., 1998, II, 277). Андан кийин алар Юань-чжеуга кирип барышкан жана жайыттагы аттарды алып кетишкен. Император[1] «указал отказать в браке и того, кто убъет Мочжо, обещал сделать князем 1-й степени и начальником гвардейских корпусов» (277). Мочжо кытай саякатчысы Цзан Сы-Янды өлтүргөн. Чжан Жин-данга Шофан жолундагы аскерлерди башкарууга жана чек арага жайгашууга буйрук берилген. Кийинки жылы, т.а., 708-жылы ал согуштук жортуулдардын жолун жабуу үчүн Сары деңизден ары Шеу-сян-чен деген наамдагы үч шаарды курган (277).

710-жылы Жуй-цзун такка отурганда дагы Мочжо андан тынчтык жана тууганчылык тууралында өтүнгөн. Князь Ченцинин кызын Гин-шань падыша кызы (Гин-шань царевна) деген ат менен берүү буйрулган (277). Ушул мезгилде аскер башчысы Сунь Цюань башкалары менен кошо туткунга түшүп калган жана аларды Капаганга (Мочжого) алып келишкен. Капаган (Мочжо) алардын бардыгын өлүмгө буйруган. 714-жылы Юань-цзун такка отурары менен «прервал мир и родство» (277).

Капаган-каган (Мочжо) өзүнүн уулу Янвочжы Дэлэни Сарайга кызмат кылууга жиберген «и настоятельно просил о браке. За него выдали дочь князя, под названием княжны Ниньхьхян-чжу, а хану послана милостивая грамота» (277).

---

[1] Китепте ушундан баштап *императрица* эмес, *император* деп бериле баштайт.

Кийинки жылы Капаган-каган (Мочжо) өзүнүн уулу Ине ханды, аны менен Тунво Дэлэни жана Хоба Гйелифа Шишибуну жиберген «с отборною конницею напасть на Бэйтьхин. Наместник Го Кянь-хуань отразил их, и под стенами города убил Тунво. Неприятели рассеялись» (277). Хоба үйбүлөсү менен Кытайга качкан, ал жактан сарайга кызматка алынган, аскердик кызмат (чин) жана князь даражасын алган, аялына Гинь-шань падыша кызы (титул Гинь-шань царевны)[1] деген титул берилген.

Бул учурда түркүт ханы «вторично в представлении просил о браке». Император жооп берген эмес. 710-жылы Цзинюндун башкаруу мезгилинде Капаган-каган (Мочжо) батышта Могэнин ээликтерин талкалаган, андан кийин Кидан жана Хи Үйлөрүн өзүнө баш ийдирген жана жарандарына өтө катаал мамиле жасаган, ал эми карыганда акылсыз жана кызуу кандуу болгон.

Он уруунун ичинен чыгыш беш Дулу жана батыш беш Нушиби[2] Сарайдын жарандары болууну суранышкан («просили Двор принять их в подданство). Три поколения Гэлолу, Хувушу и Ниши, главноначальствующий в Дамо Дэуцзиньчжус, главноначальствующий при Ин-шань Мулофуги, главноначальствующий при Сю-ань-чи Ташили Хуби с своими подчиненными поддались Китаю» (278). Аларды Алтайга жайгаштырууга буйрук берилген.

Капаган (Мочжо) бир нече ирет Гэлолуларга кол салган. Капаган-каган (Мочжо) «при усмирения девятиродов дал сражения по северную сторону Великой песчаной степи». Тогуз уруу тарап кетишкен. Капаган (Мочжо) «еще ходил для ус-

---

[1] *Н.Я.Бичуринде:* «Что значит: алтайская царевна», – деген түшүндүрмө берилет. Собр. св., 1998, II, 278-б.

[2] 6–8-кк.Теңир-Тоонун түндүк аймактарын мекендеген урууулар бирикмеси. Батыш Түрк кагандыгынын «он ок будун», б.а., «он ок элинин» бир бөлүгү. Н-лер (кытай даректеринде ушундай аталган, түрк тилдеринде кандай аталары белгисиз) беш уруудан туруп, Чүй дарыясынын батыш жагында көчүп-конуп жашаган. Алардын чыгышын «он ок будундун» беш уруудан турган дулу бирикмеси ээлеген, 8-к-дын башында Батыш Түрк кагандыгы кулагандан кийин Н. Түргөш кагандыгына карап калган. *Б.Урстанбеков, Т.Чороев.* Аталган эмгекте, 130-б.

мирения девяти родов». Байегу Дулэ суусунун алдындагы согушта талкаланган. Талкаланган байегулуктар[1] кайсы бир токойдо Капаганга (Мочжого) кол салып, аны өлтүрүшкөн. Капаган-кагандын (Мочжонун) ордуна такка Могилян[2] отурган (Могилян-хан тууралуу өзүнчө сөз болот).

А.Абдыразаковдун эмгегинде Капаган-каган каза болгондон кийин анын уулу Беги кан өзүн каган деп жарыялайт. Буга нааразы болгон Элтеристин уулу Күл-Тегин өзүнүн аскерлери менен ордону басып алып, Беги каган менен Инель каганды жана Капаган-кагандын жан-жөкөрлөрүн бүт кырып салат. Капаган-кагандын дагы бир уул, кызы Кытайга качып, араң кутулат. Ал эми Күл-Тегин өз агасы Могилянды такка отургузат. Бирок Могилян (Билге каган) кагандыкты Күл-Тегинге сунуш кылат. Күл-Тегин кагандыктан баш тартып, аскер башчылык орунду ээлейт (54).

Капаган-каган (Мочжо) тууралуу түрк жазма эстеликтеринде маалымат сакталып калган.

## Барсбек-каган – кыргыз элинин көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн баатыр

**Капаган-каган (Мочжо) жана кыргыздар түрк жазма эстеликтеринде. Барсбек.** Капаган-каган (Мочжо) падышалык кылып турган убакта кыргыздар жана Барс-бек менен болгон согушка чоң маани берилген.

Түрктөрдүн салты боюнча хандардын бейитинде алар өлтүргөн душмандын сүрөтү (изображения) коюлган. Ильтерес кагандын[3] бейитинде Баз Кагандын[4], Мочжонун бейитинде –

---

[1] *А. Абдыразаковдо* байыркулар деп берилген. 54-б.

[2] *Б.Урстанбеков, Т. Чороевде* жана *А.Абдыразаковдо* Могилян Элтерис кагандын уулу деп (119-б.), *А.Абдыразаковдо* да Могилян жана Күл-тегин – Элтерис кагандын уулдары деп берилген (54-б.).

[3] *В.В.Бартольддо* Ильтерес-каган деп берилген, Кыргыздар, Китепте: Кыргыздар, 1993, 137-б.

[4] Огуздардын башка бир бөлүгүнүн башында турган түндүктүн акими Баз-каган башкы душман катары эсептелген.

кыргыз каганынын түспөл-балбалы (изображение) коюлган (В.В.Бартольд, 187).

А.Абдыразаков 693–706-жылдары Кытайдын түндүк жактагы аймактарына Капаган-кагандын аскерлери алты жолу чабуул жасап, бет келгендердин баарын талкалап, чоң олжого карк болуп турушкандыгын, 706–707-жылдары Капаган-каган-байыркы[1] жана Огуз урууларынын аскерлерин талкалап, өзүнө баш ийдиргендигин маалымдайт. 709–710-жылдары чик, аз, 710–711-жылдары Енисей кыргыздарын, түргөштөрдү басып алып, өз бийлигин орноткон (65).

Капаган-кагандын ийгиликтүү согуштарынан кийин анын бейитине кыргыз каганынын балбалы коюлган. Балбалдын ээси – Капаган (Мочжо) менен согушкан уруунун башчысы болгон.

Огуздардын башка бир бөлүгүнүн башында турган түндүктүн акими Баз-каган түрктөрдүн башкы душманы катары эсептелген. Ошол эле убакта Мочжонун акимдик кылып турган убагында кыргыздарга жана Барсбекке каршы күрөшкө зор маани берилген (В.В.Бартольд. Кыргыздар. Китепте: Кыргыздар. 2, 1993, 137).

А.Н.Бернштам бул жерде түрктөрдүн кыргыздар менен согушунун маанилүүлүгүн мындайча белгилейт: **«Важность борьбы с кыргызами подчеркнута тем обстоятельством, что балбал кыргызского кагана поставлен первым в ряду балбалов у могилы Мочжо»** (*белгилеген – Г. Ж.*) (206).

Бул түрк жазууларынан түрктөр үчүн кыргыздар күчтүү жана негизги душман болгондугу көрүнүп турат. Анда кыргыздарга барчу жол жана андан өтүүдөгү кыйынчылыктар кеңири баяндалган. Кыргыздарды багындыруу үчүн алар кыштын ызгаардуу суугунда абдан татаал жолду басып өтүшкөн.

Ошентип, кыргыздар өз эркиндиги үчүн Түрк каганатын чыңдоого жана түрктөрдүн бийлигин кеңейтүүгө кызмат кыл-

---

[1] Китептин 65-бетинде *байыркы* (*уруунун аты – Г.Ж.*) деп берилип калган. *Байырку* болуу керек эле. Байырку – уруунун аты. Ушул эле китептин 54-бетинде *байырку уруулары* деп туура берилген. Караңыз: *А.Абдыразаков.* Аталган эмгек, 54, 65-бб.

ган атактуу баатыр Капаган-каганга (Мочжого) каршы күрөшүшкөн.

А.Н.Бернштам түрктөрдүн кыргыздардын үстүнөн болгон бийлигин «нельзя признать основательной», – дейт. Түрктөрдүн капысынан кол салгандыгынан кыргыздар жеңилип калышкан. Бул тууралуу А.Н.Бернштамда мындай деп айтылат: «Дойдя до реки Аны, войско село на коней и быстро отправилось в сторону кыргыз; ему удалось застигнуть врага врасплох»[1].

Түрк жазма эстеликтеринде кыргыздар түрктөрдүн бийлиги астында канча мезгил болгондугу тууралуу айтылбайт.

**Кыргыз каганы Барсбек – түрк жазма эстелигинде. Барсбек каган – кыргыз элинин эркиндиги үчүн күрөшкөн баатыр.** В.В.Бартольддо Элтеристин (В.В.Бартольддо Ильтерес деп берилген) же Капаган-кагандын (Мочжонун) убагында келишимге жетишип, буга ылайык кыргыздардын акими Барсбекке кагандык наам берилип, ал Элтеристин кызына үйлөнгөндүгү маалымдалат (Кыргыздар. Китепте: Кыргыздар, 1993, 2,137).

Жогоруда айтылгандай, Элтерис-каган Барс-бекке кызын турмушка берген. В.В.Бартольд Элтерис-кагандын кызын кыргыздардын каганына бергендиги жөнүндө факты жок экендигин белгилейт, бирок түрктөрдүн падышалык кылган тукуму адатта өзүнүн кыздарын кыргыздардын уруу башчыларына берип тургандыгы жөнүндө кытай жазууларында баяндалгандыгын маалымдайт (В.В.Бартольд, Китепте: Кыргыздар, 140).

Ал эми биз жогоруда сөз кылган Күл-Тегин текстеринде Барсбек жөнүндө маалымат бар. Анда: «...был Барс бег. **Мы в то время дали ему имя, титул кагана и дали ему младшую сестру – княжну»** (*белгилеген – Г.Ж.*), – деп айтылат (П.Мелиоранский. 2–3).

Бул маалымат тууралуу С.Ю.Худяков: «Таким образом, кыргызское государство было уравнено с Тюркским кагана-

---

[1] *В.В.Бартольд.* Киргизы. – Ф., 1927, 13-б.; *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., 1998, II, 205-б.

том», – дейт[1]. Кыргыз каганы активдүү түрдө тышкы саясий иштерди жүргүзгөн.

Күл-Тегин тексттеринде андан ары Барсбек жөнүндө: «Сам он (Барсбег) изменил. Кагана умертвили. Народ его стал рабом (попал в рабство). Когменская вода и земля пусть не останется без хозяина, сказали мы, и завели порядок в немногочисленном народе кыргызов» (П.Мелиоранский. 2–3), – деп жазылат.

Ушул эле текст кыргызча мындай берилген: «Барсбек эле, каган атагын мында биз бердик, сиңдимди жар кылып бердим. Өзү жаңылды, каны өлдү. Эли күң, кул болду. Көгмөн[2] жер-суусу ээсиз калбасын деп, аз кыргыз элин (журтун) курап келдик».[3]

Бул текст Барсбектин каган экендигин жана анын түрк каганынын кызына үйлөнгөндүгүн далилдеп турат.

Жогорудагы маалымат, А.Абдыразаковдун айтуусу боюнча, Күл-тегиндин эстелигиндеги көлөмдүү жазуунун Капаган-каган бөлүгүндө берилген. Ал эми ошол эле эстеликтин Күлтегин бөлүмүндө аталган жортуул мындайча берилген: «Күлтегин жыйырма алты жашында кыргызга карай жортулдадык. Сүңгү (Найза) бою карды жиреп, көгмен (*китепте ушундай берилген*) жерин ашып, кыргыз журтун уйкуда бастык. Каны менен Суңа черинде сайыштык. Күл-тегин Байыркудан алынган ак айгырды минип опуруп тийди, бир эрди ок менен учурду, эки эрин даа сайды, ал чабышта Байыркунун ак ай-

---

[1] *С.Ю.Худяков.* Кыргызский каганат. Китепте: Кыргыздар. 10-том, 2011, 274-б.

[2] **КӨГМӨН ТООСУ (Кёгменские горы)** – Эне-Сай дарыясы башталган тоонун (Саян тоолору) алгачкы феодализм доорундагы түркий тилде аталышы. Орхон-Эне-Сай даректеринде К.т. кыргыздардын ж-а алардын союздаштарынын аймагы катары баяндалат. Гардизинин (11-к.) маалыматтарында да кыргыздарга байланыштырылып жүрөт. Караңыз: *Б.Урстанбеков, Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. КСЭнин башкы редакциясы. – Ф., 1990, 86-б.

[3] Караңыз: *А.Абдыразаков.* Аталган эмгекте, 79-б. Автор бул маалыматты төмөнкү эмгектен келтирет: Кляшторный С.Г. Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. – М., 1964, с.20.

гырынын жамбашы сынды. Кыргыз канын өлтүрдүк, элин алдык»[4].

Ал эми ушул эле окуя Билге-кагандын эстелигиндеги жазууда: «Жыйырма жети жашымда кыргызга карай жортуулдадым, найза батымынча карды жиреп, Көгмөн жыш тоосуна чыгып, кыргыз элин уйкуда бастым. Каны менен Суңа жышта (жыш токойлуу тоо) согуштум. Каганын өлтүрдүм, элин анда алдым» (Аталган эмгекте, 79-б.; 66–67-бб.), – деп берилген.

710–711-жылдар аралыгындагы Түрк мамлекетинин кыргыздарга капысынан кол салган согуштук жортуулу Күл-тегиндин эстелигинде эки жерде, Билге-кагандын жана Тонукуктун эстеликтериндеги жазууларда кеңири берилип, бирибирин толуктап турат.

Ошентип, түрк жазма эстеликтеринде 710–711-жылдары түрктөрдүн кыргыздарга капысынан кол салгандыгы, кыргыз каганынын өлтүрүлгөндүгү жана түрктөрдүн кыргыздарды каратып алгандыгы баяндалат. Кыргыздар түрктөрдүн карамагында болгон, бирок А.Н.Бернштам белгилегендей «правда, на весьма непродолжительное время» (А.Н.Бернштам, 206).

Кыргыздардын Түрк каганатынын күчтүү жоосу экендиги төмөнкү тексттен көрүнүп турат: «табгач каган жообуз эле, он ок каганы жообуз эле, **артыкча кыргыз күчтүү каган жообуз болду»** (*белгилеген – Г.Ж.*).

А.Абдыразаковдун маалыматы боюнча кыргыздар VII кылымдын башында бир кыйла күч алган. Чыгыш Түрк каганатынын Енисейге жасаган чабуулдары кыргыздардын чек арасынан ары өтө албай калат. Кыргыздардын күчүн байкаган Капаган-каган кыргыздар менен жоолашууну токтотуп, тынчтык келишимин түзөт да, Барсбектин кагандык титулун официалдуу түрдө тааныйт. Мындан ары касташпоо максатында карындашын, Элтерис-кагандын кызын Барсбекке аялдыкка берет. Бирок, Барсбек Түрк мамлекетин кулатып, анын ордуна тектеш түрк урууларынан куралган эгемендүү кыргыз мамлекетин орнотууну көздөйт. Кытай, түргөштөр ж.б. менен бир-

---

[1] Китептегидей берилди. Караңыз: *А.Абдыразаков.* Аталган эмгекте, 64, 79-бб.

гелешкен согуштук келишим түзүү аракетин баштайт. Бирок анын бул аракеттери Капаган-каган менен Тонукуктун тыңчылары кабарлап, Тонукукка дайын болуп калат. Ошондуктан кыш чилдесине карабай кыргыздарды талкалоо планы түзүлүп, ал тез аранын ичинде ишке ашкан (81).

Мына ушундай эле маалыматтар Ө.Осмоновдун (2012, 98–100-бб.) эмгегинде да бар. Анда кыргыз каганы Барсбектин жетекчилиги менен түрктөрдүн бийлигине каршы үч тараптуу коалиция түзүлө баштагандыгы айтылат. Ага Тан династиясы, Енисейдеги Кыргыз каганаты жана Түргөш каганаты кирген (100). Алар түрктөргө каршы согуштук жортуулду 711-жылга пландашкан. Бирок муну билип калган Капаган-каган алардан озунуп, жашыруун жалгыз аяк жол менен Саяндан ашып түшүп, кыштын кычыраган суук мезгилинде кыргыздар бейкапар жаткан жеринен басып калган.

Ошентип, кыргыз каганы Барсбек башында турган кыргыз эли түрктөр үчүн күчтүү жоо болгон. Барсбек кыргыз элинин көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн баатыр катары тарыхта калды. Ал кыргыз элинин эркиндигин эңсеген, бирок бул оюн ишке ашыра албай калган.

Барсбекке (Ынанчу Алп билге-каган) (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) арнап кыргыз эли да ташка жазылган эстелик орноткон. А.Абдыразаковдун маалыматы боюнча бул эстеликтеги жазуу жогорку эстеликтердегидей сюжеттүү поэма эмес, жоктоо мотивиндеги кошокко окшойт. Н.Е.Астафьев тарабынан 1889-жылы Миң-Сууда көчүрүлгөн жазманы таап, С.Г.Кляшторный аталган эстеликти кайрадан изилдөөгө алган. Ал 1977-жылы Минусинск музейине барып, түп нускасын окуган. С.Г.Кляшторный Алтын-Көлдөгү эки эстеликти окуп, бири – Барсбек-каганга, экинчиси – Барсбектин кеңешчиси, чет өлкөлөргө төрт жолу барып келген кыргыз элчиси Эрен-Улукка арналып жазылган таш эстеликтер экендигин аныктаган. А.Абдыразаков бул эстеликтердеги жазуулар бүгүнкү күнгө чейин сакталып келген кошок жанрын эске саларын, анда, өзгөчө арман, жоктоо мотиви күчтүү экендигин маалымдайт (82-б.).

## Кыргыз элчиси – Эрен-Улуг

Эстеликте жазылган маалыматтар кыргыз элинин мурунку тарыхынан баалуу маалыматтарды берет.

Барсбек-каган 708–709-жылдары кытай, тибет, түргөштөр менен келишим түзүү үчүн сүйлөшүүлөргө өз элчиси Эрен-Улугду[1] жиберген.

Барсбектин кеңешчиси – чет мамлекеттерге көп каттаган кыргыз элчиси тууралуу маалымат – түрк каганатынын тушунда кыргыздардын тышкы мамлекеттер менен дипломатиялык мамилелеринен кабар берет. Барсбек-кагандын тушунда кыргыздардын эркиндиги үчүн түрктөргө каршы коалициянын түзүлүшүндө кыргыз элчиси Эрен-Улугдун эмгеги зор. Ал бул сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн чет өлкөгө төрт жолу чыккан.

Бул дипломатиялык сүйлөшүүлөрдүн ийгиликтүү болгондугу Орхон эстеликтериндеги жазууларда сакталып калган. Текстте: «Мен элимден төрт жолу четке чыгып, төрт жолу кайра кайттым. Ошол эрдигиме Ынанчы Алп аябай сыйлады», – деген жазуу бар (Караңыз: А.Абдыразаков, 83). Бул тексттеги жазуу жогорудагы сүйлөшүүлөрдүн жемиштүү болгондугунан кабар берет.

Мындан кыргыз элинде ошол учурда эле билимдүү, маданияттуу элчилердин болгондугу жана алардын кыргыз элинин башка элдер менен тынчтыкта жана ынтымакта жашоосу үчүн, ошондой эле кыргыз элинин саясий жактан өз алдынчалыгы үчүн жан аябай кызмат кылгандыктарын билүүгө болот. Демек, Түрк каганатынын доорунда кыргыздар үчүн актуалдуу маселе – кыргыз элинин эркиндиги, көз карандысыздыгы үчүн күрөшү болгон.

Барсбекке арналган кыргыз эстелигиндеги жазуулар дагы – кыргыз элинин тарыхы, тили, адабияты, маданияты үчүн баалуу мурас.

---

[1] *«Кыргыз тарыхы» сөздүгүндө* Эрен-Улуг (24-б.), *А.Абдыразаковдо* Эрен улук (83-б.) деп берилген. Биз Эрен-Улуг деп бердик.

## Билге-каган (Могилян)

Ошентип, Капаган-кагандан кийин Элтерис-кагандын уулу Билге-каган (Могилян) мыйзам ченемдүү мурасчы катары 716-жылы такка отурган. Ал Дэлени чыгыш Чжуки-князь кылган жана аскерлерди башкарууну тапшырган. Капаган (Мочжо) каза болору менен Кюе Дэле анын тушунда кызмат кылган адамдардын баарын өлтүрткөн. Бир гана Тонукукту алып калган, анткени анын кызы Пофу Билге-кагандын (Могиляндын) аялы (Собр. св. 1998, I, 279) болгон.

Могилян Тонукукту кеңешчи кылып алган. Н.Я.Бичуринде Тонукук Билге-каганга (Могилянга) кеп-кеңеш берип тургандыгы айтылат. Ал 70 жашта болгон. Эмгекте Билге-кагандын (Могиляндын) түштүккө баргандыгы баяндалат «чтобы произвести нападение на укрепленную линию» (279). Бирок Тонукуктун кеңеши менен бул оюнан баш тарткан. Билге (Могилян) тынчтык келишимин түзүү үчүн элчини жиберген. Император бул өтүнүчтүн чын жүрөктөн экендигине көзү жетпей, келишим түзүүгө макул болгон эмес жана бир аз убакыт өтпөй согуш жарыялаган. Чек ара князьдарына 300 000 бүт кытай жана чек ара аскерлери менен согушка чыгууга буйрук берген. 720-жылы күзүндө бардыгы Гило суусунун жанына чогулушмак болгон. Басими, кидан, хи башкаруучулары ар башка жолдор менен Ордого барып, Билге-каганды (Могилянды) кармашмак.

Тонукуктун кеңеши менен Билге-каган (Могилян) бул согушта жеңишке ээ болгон. **«После сего тукюесцы сделались страшными и покорили весь народ, бывший под державою Мочжо»** (*белгилеген – Г. Ж.*)(280).

Кийинки, 721-жылы тукюе ханы «настоятельно просил о мире, и обещался почитать Сына Неба как сын отца». Император макул болгон. Хан катары менен тынбай бир нече жыл «отправлял посланника для представления местных произведений и просил о браке» (280). Бирок император макул болгон эмес. 731-жылы Кюе Дэле каза болгон. Император «приказал изсечь надпись на каменном памятнике, построить храм и поставить  статую его; на все четырех стенах написать виды сражений» (282).

Билге-каган (Могилян) «не оставлял просить о браке, и, наконец, император согласился» (282). Хан ыраазылык билдирүү үчүн жана үйлөнүү датасын коюу үчүн элчи жиберген. Бирок, Мэйлучжо[1] тарабынан хан ууландырылган. Хан өлөрүнүн астында Мейлучжону өлүм жазасына тарткан, анын уруусун (род) кырып жок кылган, андан соң өзү да каза болгон (282).

Император Билге-каганга (Могилянга) арнап храм курган. Окумуштуу Ли Жунга «указано сочинить надпись на памятник» (282). Анын ордуна уулу Ижань хан деген ат менен такка отурган.

Ошентип, Билге-каган (Могилян) мурун Элтерис-каган менен Капаган-кагандын аскер башчысы жана кеңешчиси болуп келген 70 жаштагы Тонукуктун жана иниси Күл-Тегиндин жардамы менен түрк мамлекетин чыңдайт. Түрк жазма эстеликтеринде «түрк билге каны» деген ушул Билге-каган болуп саналат (А.Абдыразаков, 54).

Ал тууралуу аталган жазма эстеликтин Билге-каган баянынын бешинчи аңгемесинде мындайча берилген: «Теңири түрк элдин аты, даңкы жок болбосун деп өзүмдү Теңири кандыкка отургузган эле, эң бай журтка (элге) кан болбодум, ичи ашсыз (кардында тамагы жок), тышы тонсуз (кийимсиз) басынган жарды элге кандыкка отурдум. Иним Күл-Тегин менен сүйлөштүк ата-бабабыз курган (түзгөн) элдин аты, даңкы жок болбосун деп, түрк эли үчүн түн уктабадым, күндүз олтурбадым, иним Күл-Тегин менен, эки шад менен өлүп-житип, жоголуп бара жаткандарды жыйнап курадым, мынча жыйнап, курап бириккен элдерди от-суу кылбадым (касташтырбадым). Мен өзүм кандыкка отурганымда (жер сайып, тоо-ташта жүргөн) барган эл өлүп-житкенден калгандары жөө-жалаң эл кайра келишти (бирикти, чогулду). Элди ирдентейин деп, оңго (Түштүккө) огуз элине чейин, илгери (чыгышка) кытан, кара кытай, татабы элине чейин, сол жакка табгачка чейин улуу (чоң) кол алып, он эки... (салгылаштык), андан кийин Теңири

---

[1] Мэйлучжо жөнүндө Н.Я.Бичуринде мындай деп айтылат: «Сын Неба похвалил его (*Могиляна – Г. Ж.*), и посланника его, Мэйлучжо угостил столом в тронной Цзы-чен-дянь». Бул маалымат боюнча Мэйлучжо – Могиляндын элчиси болгон. Караңыз: *Собр.св.,* 1998,I, 282-б.

жалгап, кутум бар үчүн, үлүшүм бар үчүн өлүп бара жаткан элди тирилтип, ирденттим, жылаңач элди тонуу (*тондуу болуу керек – Г.Ж.*), жарды элди бай кылдым. Аз элди көп кылдым»[1].

Бул текстте Билге-кагандын түрк элине кылган кызматы толук чагылдырылган.

Тактап айтканда, 717-жылы уйгур, огуз урууларына, 718–720-жылдары татабы, карлук, басмыл, кидандарга каршы жортуулдарды жасап, жеңишке ээ болгон (*китептегидей берилди – Г.Ж.*) (А.Абдыразаков, 68).

Ошондой эле, жогоруда баяндалгандай, 720–721-жылдары кытайлардын 300 миң жана чек ара аскерлери тарабынан даярдалган согуштук пландарында Тонукуктун жардамы менен Билге-каган жеңишке жетишкен.

Ошентип, Билге-каган Элтерис жана Капаган-кагандардын баштаган иштерин андан ары улантып, Түрк каганатын чыңдап, мурунку Мочжонун державасына тиешелүү жерлердин бардыгына кайрадан ээ болгон. Өзү айткандай, чачылганды жыйнаган, бүлүнгөндү бүтөгөн, жарды элин бай кылган.

## Билге-каган (Могилян) жана кыргыздар

**Билге каганга (Могилянга) арналган эстеликтеги жазуулар жана кыргыздар.** А.Н.Бернштам белгилегендей, байыркы түрк тексттери түрктөрдүн кыргыздар менен болгон бир эле согушун баяндоо менен чектелбейт (Избр.тр., 206).

Бул эстеликтердеги жазуулар Түрк каганаты мезгилиндеги түрк элдеринин тарыхын  чагылдырат десек жаңылышпайбыз. Бул тууралуу  А.Абдыразаков мындай дейт: «Бул эстеликтердеги жазууларды чечмелесек, түрк элдеринин VI–VII–VIII кылымдардагы тарыхына түздөн-түз байланышы бар экени даана көрүнөт» (52).

---

[1] Текст өзгөрүлбөй берилди. Караңыз: *А.Абдыразаков.* Аталган эмгек, 67-б. Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгекке таянат: *С.Г.Кляшторный* Древнетюркские  рунические памятники как источник по истории Средней Азии. – М., 1964, с. 56–57.

Орхон-Енисей эстеликтериндеги жазуулардын көлөмдүүлөрү деп Күл-Тегин, Билге-каган, Тонукуктун эстеликтериндеги жазуулар эсептелет. Аталган эстеликтерде Күл-тегин, Билге-каган, Тонукуктар катышкан окуялар ташка чегип жазылган.

Билге-каганга (Могилян)[1] арналган эстеликтеги жазуулар Күл-тегиндин эстелигиндеги жазуулардын мазмунун көбүнчө кайталайт (74). Анткен себеби, Күл-тегин да, Билге-каган да өз учурунда болуп өткөн бардык тарыхый окуялардын түздөн-түз катышуучулары (А.Абдыразаков. 74).

Күл-тегин эстелиги менен Билге-кагандын эстелигиндеги мазмундук ж.б. окшоштуктар тууралуу А.Эркебаев мындай дейт: «В Малой и Большой надписях в честь Кюль-тегина ...безраздельно господствует внешне спокойное нейтральное эпическое повествование. В этом же ключе написаны **«Отрывок из надписи в честь Бильге-кагана» и «Онгинский памятник»** (*китепте кара шрифт менен белгиленген – Г.Ж.*), напоминающие опять-таки сюжетно-композиционный строй и круг персонажей первых надписей. Кроме того, во всех этих памятниках есть много общего в области стиля, в приверженности фольклорно-мифологическому восприятию мира и т.д.»[2]

А.Эркебаев бул жазууларда байыркы түрктөрдүн Тенгри, Умай, «көк асман» («голубое небо»), «күрөң жер» («бурая земля»), «ыйык жер-суу» («священная земля-вода») деген сыяктуу мифологиялык персонаждары жана түшүнүктөрү (представления) бар экендигин маалымдайт (62).

---

[1] *Б. Урстанбеков* жана *Т.Чороевдин* «Кыргыз тарыхы» сөздүгүндө: «**МОГИЛЯН**, Билге кагандын (683–735) – 716–734-жж. Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгынын каганы, Элтерис кагандын уулу. 1889-ж. Орхон дарыясынын боюнан табылган Орхон-Эне-Сай жазма эстелигинде (эстеликти 735-ж. Йоллыг тегин деген адам ташка чегип жазган) М. «Билге каган» деген ат м-н берилген ж-а анын жортуулдары, кантип такка отурганы айтылган. Ошондой эле М. 26 жашында кыргыз ж-а чик элдеринин аскердик союзун жеңгендиги, 27 жашында Көгмөн жыш тоосун ашып, кыргыздарды уктап жатканда басып калганы, каганын өлтүрүп, элин каратканы айтылган» (119) деп берилген (*текст өзгөртүүсүз берилди – Г.Ж.*).

[2] *А.Эркебаев.* Малоизученные страницы истории кыргызской литературы. – Б.,1999, 62-б.

А.Абдыразаковдун пикиринде Билге-каган менен Күл-тегин эстеликтериндеги жазуулардын бири-бири менен байланышы баяндоо ыкмаларынан да байкалат. Мисалы, Күл-Тегин жөнүндөгү көлөмдүү жазуудагы аңгеменин айрым баяндоо ыкмасы Билге-кагандын эстелигинде да колдонулган: «он жети» жашымда тангутка карай жортуулдадым», «Жыйырма жети жашымда кыргызга карай жортуулдадым» деген сыяктуу даталар жана өмүр баяндары айтылат. Кагандык бийликке «Теңир колдоо жолу менен келүү» ж.б. бир катар көрүнүштөр экөөндө тең окшош берилет (75).

А.Абдыразаков Билге-каганга арналган эстеликте бүткүл баяндоолор Билге-каган тарабынан жүргүзүлгөндүгүн маалымдайт. Билге кагандын эстелигинде Күл-Тегиндин эстелигинен белгилүү болуп калган тарыхый окуялар, б.а., бүткөрүлгөн иштер, жортуулдардагы бардык жеңиштер Билге-кагандын образын идеализациялоо жана кагандык зоболосун бийик көтөрүү максатында жекелик түрүндө ага гана таандык болуп баяндалат.

Күл-тегиндин эстелигинде биринчи жактын көптүк түрүндө «жортуулдадык», «жеңдик» деп берилген окуялар Билге-кагандын эстелигинде биринчи жактын жекелик түрүндө «жортуулдадым», «жеңдим» деп айтыла берет (43).

Ошентип, Билге-каган түрк жазма эстеликтеринде кыргыздарды багынтуу үчүн Көгмөн тоосун кыйынчылыктар менен ашып өтүп, капысынан кыргыздарга кол салып, аларды өз карамагына алган түрк баатыры катары баяндалат.

Бул эстеликтердеги жазууларда кыргыздар тууралуу тарыхый маалыматтар берилет. Мисалы, 710–711-жылдар аралыгында түрктөрдүн кыргыздарга капысынан жасаган жортуулу Күл-тегиндин эстелигинде эки жерде, ошондой эле Билге-кагандын жана Тонукуктун эстеликтериндеги жазууларда да кеңири берилген, алар бири-бирин толуктап турат (79).

Бирок, албетте, Билге-кагандын эстелигиндеги жазууларда Күл-тегиндин эстелигинен учурабаган маалыматтар да орун алган.

## Тонукук жана кыргыздар түрк жазма эстеликтеринде

Түрк кагандарынын белгилүү кеңешчиси болгон Тонукукка[1] арналган моло ташта согуштук жортуулдар эң эле тыкыр сүрөттөлгөн[2]. Тонукуктун баяны боюнча түрк каганынын душмандары бир эле мезгилде кытай императору, «он ок түрктөр» («десятистрельные тюрки») жана **«преимущественно кыргызский сильный каган»** (*белгилеген – Г. Ж.*) болгон (Караңыз: А.Н.Бернштам, 205, Тонукук текстинен).

Тонукуктун эстелигиндеги жазууда деле негизинен Күлтегиндин эстелигиндеги дастандын окуялары кайталанат (А.Абдыразаков, 43).

Ия Стеблева да Тонукуктүн (үч кагандын аскерлеринин жол башчысы жана кеңешчиси) урматына багышталган жазуу дагы (мунун автору белгисиз, бирок текст Тонукуктун өзү тарабынан чыгарылган болуу керек деген божомол бар) негизинен ошол эле Күл-тегин менен Билге-каганга арналган жазуулардагы окуяларды баян этерин, бирок автордун ой-санаасы Тонукуктун (китепте – Тон-ёкук) мамлекет, түрктөрдүн уруу бирдиги (*китепте ушундай берилип калган, биримдиги болуу керек – Г.Ж.*) алдында сиңирген эмгегин баяндоого көбүрөөк көңүл бурулгандыгын маалымдайт[3]. Тонукуктун эстелигиндеги жазууда Тонукук мамлекеттик деңгээлде ой жүгүрткөн акылдуу, даанышман, кайраттуу, күчтүү каарман катары сүрөттөлөт.

А. Эркебаев: «Надпись в честь Тоньюкука» в общем и целом напоминает основную композиционную ось и сюжетную линию Малой и Большой надписей в честь Кюль-тегина, дублирует еще раз ряд их эпизодов. Да и главные герои тоже подчас те же: Ильтериш-каган, Капаган-каган, Бильге-каган»

---

[1] Тонукук – Элтерис каган, Капаган каган, кийин Билге каганга (Могилянга) кеңешчи жана кол башчы болгон (А.Абдыразаков, 37).

[2] Тонукуктун тексти толугу менен Радловдун эмгегинде берилген: W.Radloff, ATIM, Zweite Folge.

[3] *Ия Стеблева.* Түрк тилиндеги байыркы адабият. Китепте: Кыргыздар. 4-том, 2011, 624-б.

(61). А.Эркебаев белгилегендей, бул жердеги чоң айырмачылык – эр жүрөк аскер башчысы Күлтегиндин ордуна даанышман кеңешчи жана аскерлердин жол башчысы Тонукук пайда болот. Мында баяндаманын мазмуну же структурасы өзгөрбөйт, акцент өзгөрөт: биринчи планга идеалдуу карман Тонукук чыгат: «Мен, даанышман Тонукук!» (61).

В.В.Бартольддун маалыматы боюнча Тонукуктун жазууларында чыгыш түрктөрүнө каршы үч «кагандын»: кытай, батыш-түрк (ал убакта батыш-түрктөрүнүн башында түргөштөрдүн уруусу турган) жана кыргыз кагандарынын коалициясы жөнүндө айтылган. Бул жолу аталган коалицияга кытайлыктардан тышкары батыштын элдери да катышкан. Тонукук кыргыздарга кол салмак болгон (В.В.Бартольд, Жогоруда аталган эмгек, 137).

Тонукук[1] тексттеринде түрктөр негизги соккуну кыргыздаргаургандыгы маалымдалат. Эстеликтеги жазуу боюнча бул согуш 710–711-жылдардын кышында болгон. Бул жазууда согушта түрктөрдүн кыргыздарды жеңгендиги кыскача баяндалган. Көгмен (*В.В.Бартольддо ушундай берилген – Г. Ж.*) тоосу, т.а., Саян тоо кыркалары аркылуу өтүүнүн кыйынчылыгы кеңири баяндалган. Бул тоо аркылуу бир эле жол болгон, ал эми бул согуш учурунда аны кар басып калган эле. Аз элдеринин биринен Тонукук бир гана ат жүрө турган дагы бир кууш жол бар экендигин, ал жолдо бир гана атчандын

---

[1] *Б. Урстанбеков* жана *Т.Чороевдин* «Кыргыз тарыхы» аттуу сөздүгүндө: **ТОҢ-ЙОКУК (Тон Йокук)** – Экинчи Түрк кагандыгынын (682–744) кол башчысы; Күл-Тегиндин (Билге кагандын) иниси, насаатчысы. Толо өзөнүнүн боюна Орхондогу түрк уруулары орноткон таштагы жазууларда Т.Й. ж-дө айтылат. Бул ташта Чыгыш Түрк кагандыгынын аскерлери 711-ж. кыргыздарга жортуулга чыккандыгы, Т.Й. Көгмен (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) чытырманынан өтүп барып, Эне-сай (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) кыргыздарын баш ийдиргендиги, анын колу 712-жылы Түргөш кагандыгынын аскерлерин жеңип, айтылуу Темир капкага (Жызак менен Самаркандын ортосунда) жеткендиги айтылат. Т.Й. башкарган Экинчи Түрк кагандыгынын колу 720-жылы кагандыкка каршы козголоң чыгарган урууларды, аларды пайдаланууга аракеттенген кытай кошуундарын талкалаган. «Йокук» кыргызча «асыл таш», «бермет» дегенди түшүндүрөт» (Караңыз: Аталган сөздүк, 173–174-бб.).

артынан улам кийинкилери биринин артынан бири чубап өтүү керек экендигин, ал жол Ана суусунун жээги менен өтөрүн билет. Тонукук ушул жол менен жүрүүнү чечет. Кошун Ак Термел жеринде чогулуп, ошол жерден жолго чыгышат: «Люди шли сначала верхами, потом вверх по реке пешком, таща лошадей за собой и держась за деревья (или, что более вероятно, за деревянные палки». Алдыңкы отряд карды жиреп жол салган, алардын артынан аскерлер жүрүшкөн. Ошентип, алар ашууну ашышкан, андан кийин дагы он сутка ушундай эле кыйынчылык менен карды жиреп төмөн түшүшкөн. Жол көрсөтүүчүнүн алдагандыгын билишип, аны өлтүрүп салышкан.

Аны суусуна (река) жетишкенде кошун аттарга минип, кыргыздар жашаган жерге жөнөшкөн. Кыргыздарга капысынан кол салышкан жана басып алышкан (В. В. Бартольд, Киргизы, Ф., 1927, 138-б.).

Дагы бир жазууларга караганда, салгылашуу Сонга (же Сунга) тоолорунда болгон, түрктөр кыргыздардын каганын өлтүрүп, алардын мамлекетин каратып алган. Башка ийгиликтери сыяктуу эле Каптаган-каган (Мочжо) бул жеңип алган жерлеринен бат эле ажыраган (В.В.Бартольд, Киргизы,Ф., 1927, 138-б.).

В.В.Бартольд Аны деген сөз бул учурда Енисейди түшүндүрүшү мүмкүн дейт (Кыргыздар, Китепте: Кыргыздар. 2, 1993, 137).

Ошентип, Орхондон табылган жазууларда Тонукуктун экинчи Түрк кагандыгынын кол башчысы болгондугу, анын жетекчилиги менен түрктөрдүн кыргыздарга жасаган согуштук жортуулу жана андан кийинки согуштук жүрүштөрү да баяндалган.

Тонукук дастанында негизинен төрт орчундуу окуяга басым жасалат: Алар: 1) Тонукук менен Элтерис-кагандын биригиши, Экинчи Түрк каганатын орнотуу жана чыңдоо; 2) Огуздар менен согуш; 3) Кыргыздар менен согуш; 4) Түргөш (онок) элине жортуул (А. Абдыразаков, 44).

Тонукуктун бүткүл түрк элинин түбөлүктүү биримдигин ойлогон чыныгы патриот, күчтүү тарыхый инсан болгондугун белгилейт А.Абдыразаков. Тонукук: «Бүткүл түрк калкына жарактуу, куралдуу жоо келтирбедим, токулган атты (атчан

аскерди) жолотподум, Элтерис-каган курбаган болсо (чындабаса), андан кийин мен өзүм курбаган болсом (чындабасам) мамлекет дагы, эл дагы жок болот эле. Эл курганы үчүн, өзүм курганым үчүн мамлекет кайра мамлекет болду, журт кайра журт болду»,[1] – деген Тонукук.

Бул үзүндүдөн Тонукуктун Түрк каганатынын биримдиги, чыңдалышы, күчтөнүшү үчүн кылган кызматы көрүнүп турат.

Тонукук эстелигиндеги жазууларда 712-жылы түргөштөрдүн көтөрүлүшүн басып, аларды жеңгендиги да баяндалган.

## Күл-Тегин жана кыргыздар түрк жазма эстеликтеринде

Ушул эле согуш Күл-Тегин[1] эстелигинде кеңири баяндалган. Башкача айтканда, Кытайга болгон көз карандылыктан бошонгон Көк түрк империясы (чыгыш түрктөрү) тууралуу маалыматтар байыркы түрк жазмаларында, т.а., Орхондогу Күл-Тегин эстелигинде (732–735) сакталып калган.

Абдыразаковдун маалыматы боюнча Күл-Тегин көптөгөн согуштук жортуулдарда эрдик көрсөткөн, элге кеңири белгилүү

---

[1] Караңыз: *А.Абдыразаков,* Аталган эмгекте, 46-б. Автор бул маалыматты төмөнкү эмгектен келтирет: Орхон-Енисей текстери. – Ф.: 1982, 90-б.

[2] Күл-Тегин 731-жылы 27-февралда 47 жашында дүйнөдөн кайткан. Күл-Тегинге анын агасы Билге каган 732-жылы эстелик тургузган. А.Абдыразаков Билге кагандын айткандарын Йоллыгтегин жазган дейт. Анын пикиринде Йоллыгтегин мүмкүн учурундагы атактуу жазуучулардан болуп, Билге кагандын (*китепте ушундай берилген – Г. Ж.*) сөздөрүн түгөл жазып, ташка чеккен болуу керек. Тарыхчылардын маалыматында Йоллыгтегиндин аты Күл-Тегин менен Билге кагандын эстеликтериндеги жазуулардан бөлөк эч бир тарыхый булактарда, ал тургай ошол учурдагы кытай булактарында учурабайт экен (74–75). Билге кагандын эстелигинде: «Билге кагандын жазуусун Йоллыгтегин жаздым. Мынча күмбөздү, оймо-чиймени, коодзукту (түрк) Билге кагандын тууганы, Йоллыгтегин, мен бир ай төрт күн олтуруп жаздым, оймо-чиймени салдырдым», – деген жазуулар бар. Караңыз: *А.Абдыразаков.* Аталган эмгекте, 56-б. Ошондой эле: А.Н. Бернштам, Аталган эмгекте, 203-б. Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгектерге таянган: Таншу, гл. 140б.; Собр.св., 1950, ч.1, 448-б.

болуп калган кол башчы болгон. Жогоруда айтылгандай, Билге-кагандын айткандарын анын тууганы Йоллыгтегин жазган жана оймо-чиймени салдырган. Ал эстеликтеги жазууда баяндалып жазылган окуялар кадыресе бүткөн бир поэманы элестетет жана түрк элдеринин байыркы VII–VIII кылымдардагы тарыхын дээрлик, мүмкүн болушунча өз ичине толук камтыган көркөм формадагы десе да боло турган эстелик болуп калган (56).

Күл-тегиндин эстелигиндеги жазуулар кичине жазуу жана көлөмдүү жазуу болуп экиге бөлүнөт да, анда түрк урууларынын VI–VIII кылымдардагы тарыхый турмушунда болуп өткөн маанилүү маалыматтар, орчундуу окуялар ыктуу курулган композициялык ырааттуулукта, көркөм формада, көтөрүңкү баатырдык пафосто баяндалат (38).

Күл-тегиндин эстелигиндеги көлөмдүү жазуунун алгачкы бөлүмү Биринчи Түрк мамлекетин орноткон жана чыңдап, чыгышы Корей булуңунан батышы Каспий деңизине чейин аймагын кеңейткен Бумын каган, Истеми кагандардын иш-мердигин баяндайт (А.Абдыразаков, 58). Күл-тегиндин согуштук иш-аракеттери көлөмдүү жазууда белгиленгендей, 710–711-жылдары кыргыздарга, 711-жылы түргөштөргө, 712-жылы согдаларга (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) каршы түрктөрдүн жортуулдарынан даана көрүнөт. 720–721-жылкы түрк-кытай согушунда, 723–724-жылдары огуздар менен болгон кыргын согуштарда Күл-тегин аскер башчы катары өзүн көргөзө алган (74).

Ия Стеблева Орхон жазууларынын айрым бөлүктөрүнө элдик кошоктордун күчтүү таасири тийгендигин белгилейт. Мисалы, бул Күл-тегинге арналган Чоң жазуунун корутунду бөлүгүндө байкалат: «Күл-тегин эгер болбосо баарыңар набыт болмоксуңар. Күл-тегин иним көз жумду, азага башым малынды. Айнектей көзүм кашайып, акылымдан кол жуудум, азага башым малынды» (Китепте: Кыргыздар, 2011, 4, 624).

Баатырларды эпикалык жактан идеализациялоо – Орхон жазма эстеликтериндеги тексттерге мүнөздүү көрүнүш. Билге-кагандын заманындагы мурдакы аскер башчысы Күл-тегин жазууларда жекече аскердик күч-кайраттын үлгүсү катары көр-

сөтүлгөн. Анын согушка катышуусу, Ия Стеблева белгилегендей, бир түрдүү ыкма менен сүрөттөлгөн. Мисалы, Күл-тегин атка ыргып минет (аттын тукуму, түсү сөзсүз көрсөтүлөт), душманга качырып тиет, бет келгенин тындым кылат, душмандар кыргынга учурайт (627). Ошентип, Күл-тегин кармашуудан качпаган, жалтанбаган баатыр катары көрсөтүлөт.

Күл-Тегин эстелигиндеги жазууларда түрктөрдүн кыргыздарга болгон согуштук жортуулу кеңири баяндалган.

Күл-тегиндин кыргыздарга каршы согуштук жортуулу эстеликте мындайча берилген: Күл-Тегинге 26 жаш болгондо алар кыргыздар менен согушкан. «Проложив дорогу через снег, глубиною в копье, и поднявшись в Кегменскую чернь, мы разбили и обратили в бегство кыргызский народ. С их каганом мы сражались в черни Сунга. Күл-Тегин сел на белого жеребца Байыркуна, бросился в атаку. Однако мужа он поразил стрелою, двух мужей он зарубил в схватке». Мындай чабуулда ал Байыркун деген атын камчылап жатып, анын кабыргасын сындырган. «Кыргызского кагана убили и племенной союз (эль) его покорили»[1].

Күл-тегинге арналган эстеликтеги көлөмдүү жазуунун жарымынан көбүн Күл-тегиндин согуштагы эрдиктерин баса көрсөткөн көлөмдүү эпикалык баян ээлейт.

А.Абдыразаков: «Эстеликтеги жазуу Билге-кагандын атынан баяндалат. Поэманын башкы каармандарынын бири да мына ошол Күл-тегиндин агасы – Билге-каган экени белгилүү (39).

Билге-каган өзүнүн карамагындагы каганаттын аймагы тууралуу мындай маалымат калтырган: «Чыгышка Шантуң жайыкка чейин жортуулдадым, деңизге кичине жетпедим, түштүккө Тогуз-Арсенге чейин жортуулдадым, Тибетке аз тийбедим. Батышка Инчү-Өгүз (Сыр-Дарыя) кечип, Темир-капкага чейин жортуулдадым. Түндүккө Жер Байырку жерине дейре жортуулдадым»[2].

---

[1] *П. Мелиоранский.* Памятник в честь Кюль-Тегина. ЗВОРАО, т. XII, в. 2–3.

[2] *А.Абдыразаков.* Аталган эмгекте, 40-б. Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгекке таянган: Орхон-Енисей тексттери. – Ф., 1982, 60-б.

Бул жазууда Билге-кагандын жортуулдары даана, так баяндалган. Мындан Билге-кагандын Түрк каганатынын ээлеген жерлерин аябагандай кеңейтип, бийлигин жайылтууда жана күчтөндүрүүдө ролу чоң экендигин билебиз.

## Элчи – Чур Тардуш Инанчу

А.Н.Бернштам 732-жылы түрк элинин атактуу жоокери Күл-Тегинди бейитке коюу каада-салтына (на похороны) кыргыз каганынын атынан Чур Тардуш Инанчу келгендигин маалымдайт: «В 732 г. во время похорон тюркского знаменитого воина Кюль-Тегина, в качестве соболезнующего от кыргызского кагана пришел некто Чур Тардуш Инанчу»[1].

А.Н.Бернштам бул жерде элчинин аты-жөнү да кызыгууну туудурат дейт. Анткени ал кыргыздын Ынанчу жана тардуштун «Чур» деген титулдарынан турат. Бул болсо кыргыздардын тардуштар менен болгон уруулук байланыштарын көрсөтүп турат.

Рун жазууларында кыргыздар менен уйгурлардын урушу Сонга (же Сунга) тоолорунда болгондугу, уйгурлар кыргыз каганын өлтүрүп, алардын мамлекетин багындыргандыгы айтылат. В.В.Бартольд: «Как и другие завоевания Мочжо, это завоевание скоро было утрачено; в 731 г. на напоминки по царевиче Кюль-тегине, сыне Ильтерес-кагана и брата царствовавшего в то время Бильге-кагана (у китайцев Могилянь), явился, среди прочих, посол киргизского кагана Тардуш-Ынанчу-чур (чур – часто встречающийся турецкий титул»), – дейт[2].

Жогорудагы маалыматтардын негизги мазмуну бирдей болгону менен жылдарында айырмачылык бар. Бул маалыматтар Күл-Тегин каза болгон мезгилде кыргыздардын өздөрүнүн каганы болгондугун далилдеп турат. Анткени жогорудагы окуяга («похороны» же «поминки») кыргыз каганынын атынан элчи Тардуш-Ынанчу-чур келген.

Кийин Күл-Тегиндин эстелиги тургузулгандан кийин көп

[1] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 206; Автор төмөнкү эмгекке таянат: Памятник Кюль-тегину.

[2] *В.В.Бартольд.* Киргизы. Китепте: Кыргыздар. – Б., 10-том, 2011, 98- б.

өтпөй эле 745-жылы Түндүк Монголиядагы Көк түрк империясын (чыгыш түркүттөрдү) уйгурлар каратып алышкан.

**Түрк жазма эстеликтеринин тарыхый мааниси.** Орхон-енисей жазма эстеликтериндеги жазууларда Түрк каганатынын мезгилиндеги тарыхый окуялар баяндалат. Анда Түрк каганатынын башында турган Бумын, Элтерис-каган, Капаган-каган, Билге-каган, Күл-Тегин жана Тонукуктардын Түрк каганатын курушу, көз карандысыздыгы, биримдиги үчүн болгон күрөштөрү баяндалат.

В.В.Бартольд: «Главное содержание надписей – события, связанные с освобождением после 680 г. восточных турок от китайского ига и восстановлением восточно-турецкого каганства», – дейт (Киргизы, Китепте: Кыргыздар. 10-том, 2011, 96-б.).

Ия Стеблева: «Ал жазууларда тексттин автору түрктөрдүн кандайдыр бир «түпкү тарыхы» катары сүрөттөгөн Түрк каганатынын мезгилинен тартып, VIII кылымдын үчтөн бирине чейинки тарыхый мезгил баяндалат»,[1] – дейт. Окумуштуу VI кылымдын ортосунда Түрк каганаты Борбордук Азиянын эле эмес, Орто Азиянын да саясий турмушунда негизги ролду ойной баштагандыгын белгилейт. Монгол тилиндеги кидандар (*китепте ушундай берилген – Г. Ж.*) менен түрк-кыргыздар багынтылган. Орто Азиядагы эфталиттер талкаланган, Киммерий Боспору басып алынган; түндүк кытайлык мамлекеттердин экөө тең түрктөргө алым-салым төлөп турушка мажбур болушкан. VI кылымдын акырында Түрк каганаты Византия, Иран жана Кытай империясы менен саясий, экономикалык карым-катышта болгон. Дал ушул учур Орхон тексттериндеги элдин «түпкү тарыхына», өткөн доордун идеалдуу образына негиз болуп берген (625).

Ия Стеблева жанрдык мүнөздөмөнүн көз карашынан алганда Күл-тегиндин, Билге-кагандын жана Тонукуктун эстеликтериндеги жазууларды кошун эпосторунун салттары менен

[1] *Ия Стеблева.* Түрк тилиндеги байыркы маданият. Китепте: Кыргыздар (которгон – К.Эдилбаев), 4-том, 2011, 624-б.

байланышкан же анын таасиринде жаралган тарыхый-баатырдык дастандар деп эсептөөгө болот дейт.

Жогорудагы эстеликтерди үйрөнүүнүн мааниси чоң. Анткени анда баяндалган тарыхый окуялар менен кошо эле ошол мезгилдеги (VI–VIII кк.) жалпы эле түрк элинин тагдыры, саясий абалы, экономикасы, башка өлкөлөр менен карым-катышы, алакасы, саясий жана экономикалык байланышы, бийлик жана территория үчүн болгон согуштары, ошондой эле Түрк каганатынын ичиндеги абал (ыйкы-тыйкылыктар) ж.б. тууралуу маалыматтар менен кеңири таанышууга болот.

Мына ушул окуялардын ичинде Түрк каганатынын кыргыздар менен болгон согушу өзгөчө орунда турат. Түрк каганатына кыргыздар чоң коркунучту туудурган. Алардын эң негизги душмандарынын бири – кыргыздар болгон. Ошондуктан алар кыргыздарга каршы согушту кыш мезгилине пландаштырышкан жана алар кыргыздарга капысынан кол салышкан. Бул дагы бекеринен болгон эмес. Мындан алардын кыргыздар менен бетме-бет келип согушкандан кооптонушканы билинип турат.

Алардын кыргыздарды жеңгендиги – согуштагы, салгылаштагы жеңүү болгон эмес, кыргыздар кышында кам санабай уйкуда жатканда капысынан кол калып, үстүнөн басып калышкандыгынан улам болгон.

Бирок, түрктөр кыргыздарга капысынан кол салып багындырышканы менен, В.В.Бартольд белгилегендей, мындай абал көпкө созулган эмес. Көп өтпөй, т.а., 831-жылы Күл-тегиндин ашына кыргыз каганынын атынан элчи Тардуш Ынанчу чур келген. Демек, бул мезгилде кыргыздын каганы болгон, ал эми каган – орто кылымдарда көпчүлүк түрк элдериндеги мамлекет башчысына берилүүчү наам (титул) болгон[1].

---

[1] **КАГАН** – орто кылымдарда көпчүлүк түрк элдериндеги мамлекет башчысына берилүүчү наам (титул). К. термини биринчи жолу кытайлык жылнаамаларда 312-жылдагы окуяларга байланыштуу эскерилет. 6-к-дын ортосунан тартып Түрк кагандыгынын бийлик ээлери да К. наамын алышкан. Кийин аварлар, Эне-Сай кыргыздары, печенегдер, хазарлар, караханийлер ж.б. түркий элдер мамлекет башкаруучуларын К. деп аташкан. 8-к-дын акыры – 9-к-дын башынан 13-к-га чейин киевдик князьдар да К. титу-

Ошентип, орхон-енисей жазуулары кыргыздардын тарыхы тууралуу да баалуу маалыматтарды камтыйт.

Бирок, жогорудагы баяндардан көрүнүп тургандай, түрктөр карамагындагы түрк урууларын белгилүү деңгээлде эркин кармашкандарын байкоого болот. Бул жогоруда биз мисалга келтирген Тонукуктун: «Бүткүл түрк калкына жарактуу, куралдуу жоо келтирбедим, токулган атты (атчан аскерди) жолотподум, Элтерис каган курбаган болсо (чындабаса), андан кийин мен өзүм курбаган болсом (чындабасам) мамлекет дагы, эл дагы жок болот эле. Эл курганы үчүн, өзүм курганым үчүн мамлекет кайра мамлекет болду, журт кайра журт болду» (А.Абдыразаков, 77-б.), – деген сөзүнөн эле байкалып турат.

Ал эми Түрк каганатынын карамагына көптөгөн түрк уруулары киришкендигин эске алсак, Тонукуктун айткандары мына ошол бардык түрк урууларына тиешелүү болуп айтылып жатат, мындан анын иш-аракеттерин Түрк каганатына кирген бардык түрк урууларынын бүтүндүгү, биримдиги үчүн жасалган аракет деп түшүнүүгө болот. Анткени Тонукук ошол эле сөзүн мындайча улантат: «Өзүм кары болдум нечен жердеги кандуу (каны бар) элге улук болдум» (77).

Ошондой болсо да кыргыздар өздөрүнүн көз карандысыздыгы үчүн күрөшүшкөн. Кыргыздар – түрк каганатынын күчтүү жоосу болгон.

## Орхон-енисейдеги ташка жазылган эстелик жазуулар – түрк элдеринин орток мурасы

Байыркы түрк жазууларына байланыштуу А. Эркебаев: «Древнетюркская литература – наше общее духовное наследие», – дейт (Малоизученные страницы… 1999, 54).

---

лун пайдаланышып, саясий жактан өздөрүн Хазар кагандарына тең экендиктерин көрсөтүүгө аракет кылышкан. Феодализм доорундагы түрктөр К. терминин «хакан», «хан» түрүндө да пайдаланышкан. Монголдордун жапырыгынан кийин К. термини «хан» болуп биротоло өзгөргөн. *Б.Урстанбеков, Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. 1990, 67–68-бб.

Ия Стеблева да байыркы замандарда жана орто кылымдардын баштапкы мезгилинде Борбордук, ошондой эле Орто Азиянын учу-кыйырсыз мейкининде ар түркүн уруулардан турган эл жашагандыгын жана бул мезгилдин адабий эстеликтери түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин орток мурасы экендигин белгилейт (622–623).

Орхон-енисейдеги ташка жазылган эстелик жазуулар, андагы тарыхый баатырдык поэмалар жалпы түрк элдеринин руханий маданиятына тыгыз байланышы бар орток мурасы дейт А.Абдыразаков (78).

Биз бул пикирлерге толугу менен кошулабыз. Жогоруда аталган таш эстеликтердеги жазуулар – VI–VIII кылымдардагы, т.а., Түрк каганаты доорундагы жалпы эле түрк урууларынын тарыхы, коомдук түзүлүшү, маданияты, алардын башка элдердин арасындагы ээлеген орду, жашоо-турмушу, үмүттилеги, салт-санаасы, өз элинин биримдиги, эркиндиги үчүн күрөшүн чагылдырган баалуу мурас. Бул тарыхый даректүү маалыматтар – түрк тилдүү элдердин тарыхын, тилин, географиясын, этнографиясын, саясий жана экономикалык таржымалын, маданиятын, салт-санаасын, каада-салтын ж.б. билүүдө табылгыс кенч.

Биз жогоруда сөз кылган эстеликтеги жазуулар Орто Азиянын тарыхын билүүдө да табылгыс баалуу булак болуп эсептелет.

Бул даректүү жазууларда Түрк каганаты доорундагы кыргыздардын өз эркиндиги үчүн күрөшү чагылдырылган.

Биз аталган тарыхый эстеликтердеги жазуулар аркылуу кыргыз элинин Түрк державасына коркунуч туудурган күчтүү мамлекет болгондугун билебиз.

Эстеликтерде түрктөрдүн кыргыздарга болгон жортуулу абдан кеңири баяндалат.

Албетте, бул баалуу маалыматтар кытай жазма булактары менен толукталып турат, натыйжада биз Түрк каганаты мезгилиндеги кыргыздар, алардын жашоо-турмушу, маданияты, салт-санаасы ж.б. тууралуу толугураак маалыматтарга ээ болобуз.

**Кыргыз элчилигинин Кытайга катташы.** Н.Я. Бичуринде: «В двадцать второе лето правления Чжен-гуань, 648, по-

лучив известие, что тйелэские поколения поддались Дому Тхан, из Хягаса отправили посланника с местными произведениями» (363) деген маалымат бар. Андан ары уруу башчысы (старейшина) Сылифа Шибокюй Ачжандын жеке өзү Сарайга келгендиги айтылат. Тхай-Цзун ага сый-тамак берет. Сый-тамак үстүндө «...сылифа изъявил желание держать Хубань[1]. Император переименовал его владения областью Гянь-Гунь» (363).

Сылифа аскердик чин (Цхо-тхунь-вэй Да-гян гюнь) алат жана өзүнүн областына башкы командачы болот. Өзүнүн областы болсо яньжан наместнигине баш ийет (Собр. св., II, 1998, Алматы, 363).

Император Гао-цзундун башкаруу учурунда, 650–683, кыргыздар Сарайга эки жолу келишкен.

Цзин-лундун башкаруусу учурунда, 706-711, «представлены были местные произведения» (363). Цжун-цзун элчини чакырып алып, мындай деген: «Ваш царствующий Дом происходила из одного со мною рода [танская династия происходила из степного тюркского рода], и я отличаю его от прочих вассалов» (363).

Сюань-цзун падышанын тушунда, 713–755, «были четыре посольства с местными произведениями» (363).

Бул маалыматтар Кыргыз мамлекетинин Кытай Сарайы менен болгон байланышын ачык-айкын көрсөтүп турат.

## ТҮРК ДООРУНДАГЫ КЫРГЫЗДАР ЖАНА АЛАРДЫН КОҢШУЛАРЫ ЖАШАГАН ЖЕРЛЕР

**Кыргыз жергеси – VII–VIII кылымдарда.** Л.Н.Гумилев[2] көчмөндөр талаасы – жашоо үчүн абдан жайлуу жер деген. Талаанын борбордук бөлүгүн токой каптаган тоо кыркалары кесип өтүп, ар түрлүү чарбаны өнүктүрүүгө бай мүмкүнчүлүк берет. Бирок түндүктө тайга турмуш үчүн аз жарамдуу жай келет. Мында талаалар тилке-тилке болуп, аны аралай түндүк жакка созулуп, бул жай – Енисейдин жогорку бөлүгү – VII–

[1] Т.е. быть вассалом.

[2] *Л.Н.Гумилев.* Байыркы түрктөр. Китепте: Кыргыздар, 2, 1993, 187-б.

VIII кк. өзүнүн мааниси боюнча зор болгон. Ал жерде түрктөрдүн да, уйгурлардын да маданиятына окшобогон кыргыздардын чет жака маданияты түзүлгөн (Байыркы түрктөр. Китепте: Кыргыздар. – Б., 1993, 2, 187).

Ошентип, кыргыздар Енисейдин жогорку бөлүгүндө жашашкан. Л.Н.Гумилев бул жерди жогоруда ажайып сүрөттөгөн жана кыргыздардын түрктөргө да, уйгурларга да окшобогон маданиятынын болгондугун белгилеген.

Кыргыздар түндүктө, чыгышта жана түндүк-батышта Ортолук Азия менен эч жалпычылыгы болбогон элдер менен, тагыраак айтканда, уруулар менен чектешип турган.

Л.Н.Гумилев белгилегендей, Кыргыз террриториясынын Сибирь тайгасынын урууларына өтө жакындыгы жаратылыш шарттары менен катар Кыргыз державасынын өнүгүшүнүн мүмкүнчүлүгүн жана багытын аныктаган (187).

С.В.Киселевдун изилдөөлөрүнө ылайык Кыргыз хандыгы бир канча уруунун биримдиги болгон жана анын башында каган турган.

Л.Н.Гумилев кыргыздардын түндүк, чыгыш чек аралары тууралуу төмөнкүдөй маалыматтарды берет (187–188-бб.).

Кыргыздардын түндүк чек арасы: «Түндүк-батышта Гэлолуга чейин», б.а., карлуктарга чейин (демек, кыргыздар Томь менен Бийдин жогору жагында Салаир тоо кыркасына чейин үстөмдүк кылган); чыгышта Гулиганга чейин (б.а., жогорку Ангарада жашаган курыкандарга чейин); түндүктө алар менен саны боюнча кыргыздардан бар болгону үч эсе аз болгон бома же йелочжи деген көп сандуу эл менен «көп убакта салгылашып» турган.

Кыргыздардын чыгыш чек арасы экөө болгон: негизги биринчи чек ара – Чыгыш Саяндын этеги боюнча, ал эми экинчиси – Оканын (Ангаранын куймасы) жана Ангаранын суу бөлүгү аркылуу өткөн. Бул эки чек аранын ортосунда үч уруу: дубо, б.а., тувалыктар, меркиттер жана эчжилер жашаган. Мына ушул токой урууларына кыргыздар жортуул жасап, колго түшкөндөрдү кулга айландырышкан. Токой уурулары эзүүчүлөргө түнкүсүн кол салуу менен жооп беришкен, бирок ийгиликке жетишкен эмес.

Кыргыздар Ангарада жашаган курыкандардан тийиштүү каршы сокку алып турушкан. Кытай даректери курыкандарды уруулардын төлөс тобуна кошот. Курыкандардын искусствосу кыргыздардыкына окшош, кийим-кечеси жана жазмасы – түркчө болгон (188).

В.В.Бартольддун маалыматы боюнча дубо деген эл, кытай маалыматтарына караганда, кыргыздардан чыгыш тарапта жана уйгурлардан түндүк тарапта анчалык чоң эмес көлдүн (Косогол) түштүгүндө жашаган. Балким, бул уруулар ошол убакта эле түрктөшүп кетиши мүмкүн. Гянь-хай көлүнүн жээгинде (Иакинфтин пикири боюнча Байкалдын) кыргыздар менен тутумдаш дахань жана гюй элдери жашаган.

Кыргыз мамлекети чыгышта гулигань элинин аймагына чейин жеткен, бул эл орхон жазууларында курикан деп аталат. Иакинфтин которгонуна жана түшүндүргөнүнө караганда куримандар Байкалдын түндүгүнөн тартып Муз океанына чейин, Шавандын котормосу боюнча чөлдөн түндүктү карай жана Байкалдан түштүккө карай кеткен жерде жашаган.

В.В.Бартольддо:[1] «Кыргыздар менен кошо аза (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) эли бир канча жолу айтылган, бир жерде азалар түргөштөр (тергештер – В.В.Бартольд) менен бирге жашайт, демек, кыргыздардан түштүк-чыгыш тарапта, Саян тоо кыркалары менен Алтайдын ортосунда жашаган», – деп айтылган. Түргөштөргө каршы согуштук жортуулга чыгуудан мурун Тонукук өзүнүн кошуну менен кыргыздардын жергеси аркылуу Саян тоо кыркаларынын түштүк тарабына кайрадан өткөн.

Кыргыздар менен кошо чик эли жөнүндө да айтылган, түрктөр кыргыздарга каршы согуштук жортуулга чыгардын астында 709-жылы эле бул элге каршы жортуул жасаган, мында Саян тоо кыркалары аркылуу эмес, Кем дарыясы аркылуу өткөндүгү жөнүндө сөз бар. Демек, чиктер бул тоо кыркасынан түштүк тарапта, Енисейдин куймаларында жашаган болуу керек.

Эмнеси болсо да кыргыздардын жашаган жери Байкалга чейинки аймакта болгон, ошондуктан кыргыздар түрк-огуздар күчүнө келип турган доорунда атаандаша алган болуш керек (140-б.).

---

[1] *В. В. Бартольд.* Кыргыздар. Китепте: Кыргыздар, 1993, 2, 140-б.

## МАЗМУНУ

Кириш сөз ........................................................ 3
**Улуу көчтүн издери** .......................................... 6
Байыркы элдердин талаа турмушу жана аларга кыргыздардын катышы ........................................ 9
Алгачкы көчмөндөр же номаддар доору, аларга байыркы кыргыздардын жана Кыргызстандын территориясынын катышы ................................ 14
Байыркы көчмөндөр доору. Кыргыздар байыркы көчмөндөр доорунда ............................ 26
Миң-Суу (Минусинск) ойдуңундагы байыркы малчылар жана (цзянь-кундар) кыргыздар .............. 36

**Алтай доору, алтай доорундагы жалпы тил биримдиги** .... 68
Алтаистика – илимий изилдөөлөрдө ............................ 72
Байыркы алтайлыктардын ата-конушу жөнүндө ............. 73
Алтай тилдеринин тобу, алтай тилдеринин башка тилдерге жакындыгы тууралуу гипотезалар ................................................ 77

**Хунн доору жана хунн доорундагы кыргыздар** ............... 82
Хунндардын түрк тилдүү экендиги .............................. 101
Хунн тили– байыркы түрк тили ................................ 102
Байыркы түрк-хун тили – байыркы түрк рун (кыргыз рун жазуусунун) башаты ......................... 103
Хунндар, гэгунь (байыркы кыргыздар), динлиндер жана усундар, алардын өз ара байланышы жана тилдеринин айырмачылыгы ......................... 105
Кыргыз урууларынын түрк тилдүү болуп түзүлүүсү .......... 109
Хунндар. Шанүй Модэ. Кыргыздар ............................. 110
Гэгунь (Кыргыз) мамлекети биринчи жолу жазма булактарда ..........................................211

Шанүй Чжичжи жана кыргыздар ........................................ 125
Сян-би, хунндар жана кыргыздар.
Хунн империясынын кыйрашы.
Хунндардын батышка көчүүсүнүн күчөшү ................ 128
Хунндардын жеңиштери жана жеңилиши.
Тарыхтагы ролу .......................................................... 132
Хунндардын адаттары, салттары ................................ 141
**Гунндар I–V кылымдарда** ............................................ 149
Батыш Гунн союзу ........................................................ 149
Атилла ........................................................................... 165
**Этногенез. Гунндер жана тарых. Кыргыздар** ................... 175
**Хунн доорундагы кыргыздар** ......................................... 181
**Байыркы кыргыздар – эң алгачкы тарыхый
жазма булактарда. Байыркы Кыргыз
мамлекетинин (Гэгунь, Гяньгунь) аталышы** ........... 183
Енисей жана Тянь-Шань кыргыздары тууралуу
ар кандай пикирлер ...................................................... 200
**Дагы бир жолу кыргыздардын эң байыркылыгы
тууралуу** ........................................................................ 217
Гяньгундардын (байыркы кыргыздардын)
коңшусу – динлиндер ................................................... 221
Байыркы кагастардын (кыргыздардын) жана
динлиндердин теги тууралуу ...................................... 230
Байыркы кыргыздардын расогенези тууралуу ................ 245
Ли Лиң баяны жана байыркы кыргыздар ........................ 254
Байыркы кыргыздардын чарбачылыгы,
товар алмашуусу ..............................................................
**Усундар – батыш Тянь-Шандык кыргыздардын
эң байыркы бабаларыбы?
(Н.А.Аристовдун версиясы)** ....................................... 263
**Енисей – Тянь-Шань байланышы** .................................. 289
**Кыргыздардын аталышы жөнүндө** ................................. 290
**Кыргыздар б.з. I–V кылымдарында (Түрк дооруна
чейинки кыргыздар тууралуу маалыматтар** ......... 302
Сяньбилер жана кыргыздар ............................................ 302
Тоба уруусу. Көчмөндөрдө башталган ассимиляция ......... 307

Кыргыздар Жужан каганатынын тушунда ........ 308
Кыргыздардын Енисей кыргыз-түрк уруулары деп атала башташы (IV к.) ........ 334
Таштык маданияты жана кыргыздар ........ 342
**Байыркы түрк доору, түрк доорундагы кыргыздар** ........ 345
Түрк каганаты – көчмөн империя (552–744-жж.) ........ 351
Кыргыздардын тарыхы түрк тарыхында ........ 355
Түрк коомундагы кул ээлөөчүлүк түзүлүш. Түркүттөрдүн көтөрүлүшү, кытай бийлигинин алмашуусу ........ 371
Түркүттөрдөгү кризистин башталышы ........ 376
Түрк каганатынын экиге бөлүнүшү ........ 382
Көтөрүлүш. Яглакар уруусунун жетекчилик ролу ........ 387
Түркүттөрдүн жеңилиши ........ 389
Чыгыш Түрк каганатынын жоюлушу ........ 392
Түркүттөр Тай-цзундун тушунда. Тай-цзун ........ 399
Сеяньто үйү жана кыргыздар ........ 402
Сеяньтонун талкаланышы. Уйгур башчысы Тимуду. Кыргыздар ........ 407
**Чыгыш Түрк каганаты – 630–682-жылдарда. Кыргыздардын чыгыш түрктөргө каршы күрөшү – түрк жазма эстеликтеринде** ........ 413
Экинчи Чыгыш Түрк каганаты. Элтерис-каган жана кыргыздар ........ 413
Капаган-каган (Мочжо) кытай жазма булактарында ........ 419
Барсбек-каган – кыргыз элинин көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн баатыр ........ 423
Кыргыз элчиси – Эрен-Улуг ........ 429
Билге-каган (Могилян) жана кыргыздар ........ 432
Тонукук жана кыргыздар түрк жазма эстеликтеринде ........ 435
Күл-Тегин жана кыргыздар түрк жазма эстеликтеринде ........ 438
Элчи – Чур Тардуш Инанчу ........ 441
Орхон-енисейдеги ташка жазылган эстелик жазуулар – түрк элдеринин орток мурасы ........ 444
Түрк доорундагы кыргыздар жана алардын коңшулары жашаган жерлер ........ 446

*Илимий басылма*

**ЖАМАНКУЛОВА ГҮЛЖАМАЛ ТӨЛӨГӨНОВНА**

# КЫРГЫЗДАРДЫН ЖАНА КЫРГЫЗ ЖАЗУУСУНУН ТАРЫХЫ

*(Байыркы замандан б.з. X к. чейин)*

# I

Тех. редактору *Моңолов Р.*
Мукабанын дизайнери *Ибраимова П.*
Корректор *Жумашева Л. М.*
Компьютердик калыпка салган *Терибаева Р.*

Терүүгө 04.02.13-ж. берилди.
Басууга 01.05.14-ж. кол коюлду.
Форматы 84x108 $^1/_{32}$. Кагазы офсет № 1.
Көлөмү 28,25 басма табак. Нускасы 500. Заказ № 975.